# Хазрети Мухаммед алейхиссаламдын өмүрү

**«Алтын мурас» фонду**
**altynmuras.kg@gmail.com**

Бишкек 2014

**УДК 29**
**ББК 86.38**
**А 37**

**Проф. Др. Рамазан Айваллы**
**Хазрети Мухаммед алейхиссаламдын өмүрү. - Бишкек, 2014. - 584 бет.**

**ISBN 978-9967-27-388-7**

Бул китеп, сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын ыйык өмүр баянын баяндайт. Китепти көңүл коюп окугандардын жүрөгүндө Аллаху тааланын Элчисине карата таңдануу менен сыймык сезими орун алып, ааламдын мырзасына деген махабаты артып, анын адамзатка үлгү болгон жашоосунан үзүр алаары сөзсүз.

Бул китеп улуу-кичине, бардык окурмандардын кызыгып окуй турган тарыхтын алтын доорлорунан кабар берет. Ал бир гана мусулман окурмандарга эмес, башка диндердин өкүлдөрү менен диндин тарыхын изилдегендерге да Мухаммед алейхиссаламдын өмүрдүк жолун, пайгамбардык касиеттерин билүүдө баалуу маалымат булагы боло алат.

Руханий дүйнөбүздүн өркүндөөсүнө чоң салымын кошо турган бул китеп, үйүңүздүн кубанычына айланат.

**А 0403000000-14** **УДК 29**
**ISBN 978-9967-27-388-7** **ББК 86.38**

**© Рамазан Айваллы, 2014**

# Алгы сөз

Аллаху таалага хамд (мактоо) жана берген ниматтарына, жакшылыктарына чексиз шүгүрлөр болсун... Анын сүйүктүү Пайгамбары, адамдардын ар тараптан эң сулуусу, эң жакшысы, эң жогорусу болгон Мухаммед алейхиссаламга жана анын сулуу жүзүн көрүү, пайдалуу сөздөрүн тыңдоо сыймыгына ээ болгон, ошентип, бардык адамдардын эң мыктылары болгон сахабаларынын баарына жана алардын жолунда болгондорго да дуба жана саламдар болсун...

Тарыхта «Жахилия доору» деп аталган бир доор бар. **Ал доордо Аравия жарым аралында адамдар буттарга сыйынып, ичкиликке жана кумар оюндарга берилип кеткен эле.** Күчү барлардын сөзү өтүп, аялдар бир буюм катары алынып-сатылчу жана кыз балдар тирүү бойдон жерге көмүлчү. Бир гана Аравия жарым аралында эмес бүткүл дүйнө караңгылыкка көмүлгөн болчу. Азия, Африка жана Европада дагы абал мындан айырмасыз эле. Албетте, буларды жактырбаган, көңүлү ыраазы болбогон акл-и салим ээси адамдар аз да болсо бар болчу жана алар Аллаху таалага дуба кылып, ушул караңгы доордун бүтүшү үчүн жалбарышчу.

Адамдарга мээримдүүлүк көрсөткөн Аллаху таала түрдүү кылымдарда жана түрдүү географиялык аймактарда жашап жаткан адамдарга көп пайгамбарларды жибергендиги сыяктуу, соңку наби жана расул болгон Хазрети Мухаммедди да ошол караңгылыкты нурдандыруу үчүн соңку пайгамбар катары милдеттендирди.

Аллаху таала мээрими менен бизди Ага үммөт кылуу аркылуу ниматтардын эң чоңун берди. Ага моюн сунуу, баш ийүү зарыл экенин ачык билдирди. Аллаху таалага ушул чоң ниматына канча көп мактоо айтып, шүгүр кылсак аз.

Ахли сүннөт аалымдары айтышат: "Ар бир Пайгамбар өз доорунда, өз мекенинде, өз элинин бардыгынан ар тараптан жогору болушат.

Мухаммед (алейхиссалам) болсо – ар доордо, ар мамлекетте, б.а., дүйнө жаратылган күндөн кыямат күнүнө чейин келген, келе турган бардык нерселердин ар тараптан эң жогорусу болуп саналат. Эч ким эч бир жагынан Андан жогору эмес..."

Аллаху таала бардык нерсени жаратуудан мурда Мухаммед алейхиссаламдын ыйык нурун жаратты. Курани керимде Пайгамбарыбыз алейхиссаламга карата: "Сени ааламдарга ырайым кылып жибердик", - деп айтылды. Хадиси кудсиде да: "Сен болбогондо, сен болбогондо эч нерсени жаратпайт болчумун", - деп билдирилген.

Ыймандын негизги шарты – "Хубби филлах жана бугди филлах", б.а., Аллаху тааланын досторун сүйүү, душмандарын сүйбөө. Бул болмоюнча эч бир ибадат кабыл болбойт, ээсинин бетине урулат. Ошондуктан, "Ааламдардын Мырзасын сүйүү фарз жана Анын ыйык махабатын жүрөгүбүзгө орнотуубуз жана көркөм ахлагы менен ахлактануубуз буйрук кылынган.

Бул махабаттын туруктуу болуусу үчүн кылымдардан бери сүйүктүү Пайгамбарыбыздын ыйык өмүрүн баяндаган китептер жазылган болуп, азыркыга чейин да жазылууда. Ага болгон сүйүүнүн жүрөктөрүбүздө толуп ташуусу үчүн Ахли сүннөт аалымдарынын китептеринен узакка чейин изилдөө жасап, Ааламдардын Султаны, Расулуллах алейхиссаламдын ыйык өмүр баянын жазууга аракет кылдык.

Аллаху таала баарыбыздын жүрөгүбүздү сүйүктүү Пайгамбарыбыздын махабаты менен толтуруп, бизди Ахли сүннөт аалымдары билдирген туура жолдон айырбасын! Амин.

**Проф. Др. Рамазан Айваллы**

# МАЗМУНУ

**Алгы сөз.................................................................................3**
**ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН НУРУ.........................................9**
Ыйык нурунун жаратылуусу..................................................10
Нурунун таза маңдайлардан өтүүсү......................................11
Пайгамбарыбыздын ата теги.................................................12
Чоң атасы Хазрети Абдулмутталиб......................................13
Абдуллахты курмандыкка чалуу талабы..............................15
Атасы Хазрети Абдуллах.......................................................17
Касиеттүү нурунун энесине өтүүсү.......................................19
Пил окуясы..............................................................................20
Сүйүнчү кабарлар..................................................................21
Жахилийа (наадандык) доору...............................................23

**ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ДҮНҮЙӨГӨ КЕЛҮҮСҮ..................25**
Туулган түнү болгон окуялар.................................................29
Мавлид түнү............................................................................31
Сүт энеге берилүүсү...............................................................31
Көкүрөгүнүн жарылуусу........................................................35
Энесинин кайтыш болуусу....................................................37
Чоң атасынын жанында.........................................................38
Нажрандык поп.......................................................................39
Чоң атасынын кайтыш болуусу............................................40
Абу Талибдин камкорлугунда...............................................41
Динбашы Бахиранын айткандары........................................42

**ЖАШТЫК ЧАГЫ ЖАНА ҮЙЛӨНҮҮСҮ..................................44**
Кербен......................................................................................46
Үйлөнүүсү................................................................................50
Зейд бин Хариса.....................................................................52
Доо-жаңжалдарды чечүүгө калыс болуусу..........................54

**ПАЙГАМБАРЛЫГЫ ЖАНА ДИНГЕ ЧАКЫРУУСУ...............56**
Оку...........................................................................................57
Исламга чакыруу буйругунун келүүсү..................................59
Алгачкы мусулмандар............................................................60
Жакын туугандарын динге чакыруу......................................65
Күндү оң колума койсоң да...................................................69
Кордук, душмандык жана зулумдук.....................................71

Сахабалар көргөн азаптар....................................................................80
Темирден көйнөк..............................................................................82
Эстен танганча кыйноолор...............................................................84
Дар-ул Аркам...................................................................................85
Алгачкы шейит.................................................................................86
Абу Зарр-ил-Гифаринин мусулман болуусу......................................87
Каабада ачык түрдө Курани каримдин окулуусу..............................91
Туфайл бин Амрдын мусулман болуусу...........................................92
Жарманкелерде динге чакыруу........................................................94
Мушриктердин Курани каримди угуулары.......................................98
Халид бин Саиддин ыйманы...........................................................103
Мусаб бин Умайрдын мусулман болуусу........................................105

**ХАБАШСТАНГА КӨЧҮҮ...............................................................106**
Хазрети Хамзанын мусулман болуусу.............................................107
Хазрети Омардын мусулман болуусу..............................................110
Хабашстанга экинчи көч................................................................117
Курчоодогу кайгылуу жылдар........................................................124
Айдын экиге бөлүнүүсү..................................................................130
Раббим силерге туура жолду насип кылсын!..................................132
Кайгылуу жыл...............................................................................133
Хазрети Хадича энебиздин кайтыш болуусу..................................135
Колу кыймылдабай калды..............................................................137
Таифтиктерди ыйманга чакыруу....................................................138
«Ла илаха иллаллах» деп кутулгула...............................................141

**МИРАЖ.......................................................................................145**
**ХИЖРАТ.....................................................................................163**
**Биринчи Акаба анты жана Мадинадан чыккан күн.....................164**
Экинчи Акаба анты........................................................................168
Хижрат..........................................................................................171
Сурака бин Малик..........................................................................178
Сүйүнчү! Сүйүнчү! Ааламдын султаны келе жатат!........................180

**МАДИНА-И МУНАВВАРА ДООРУ...............................................183**
Ансар менен мухажирлердин тууган болуулары.............................184
Пайгамбар мечити «Масжид-ун-Наби»...........................................187
Курма багынын муңу.....................................................................188
Хазрети Айшага үйлөнүүсү...........................................................189
Мухаммед алейхиссаламдын азаны................................................190

Сахабаларым көктөгү жылдыздардай.............................................191
Асхаб-ы Суффа.........................................................................................193
Жибрил окуясы.........................................................................................195
Салман Фарисинин мусулман болуусу...........................................198
Периштелер тыңдаш үчүн келишчү...................................................203
Хижраттын биринчи жылы орун алган кээ бир окуялар................206
Алгачкы жазуу келишими.....................................................................207
Эй, сүйүктүү кулум! Капаланба!...........................................................208
Алгачкы аскерлер....................................................................................210
Масжид-ул-Кыблатайн...........................................................................212

**БАДР СОГУШУ..........................................................................................213**
Периштелердин көмөккө келүүлөрү.....................................................219
Абу Жахлдын өлтүрүлүшү....................................................................231
Жеңиш ыймандуулардыкы.....................................................................233
Хазрети Али менен Хазрети Фатиманын үйлөнүүсү.......................241
Кааб бин Ашрафтын өлтүрүлүүсү.......................................................248
Бани Кайнука яхудилери.........................................................................250

**УХУД СОГУШУ..........................................................................................252**
Хазрети Алинин баатырлыгы................................................................266
Талха бин Убайдуллахтын баатырлыгы.............................................270
Хамра-ул асад сапары..............................................................................281
Ражи окуясы................................................................................................282
Бир-и Маъуна окуясы................................................................................288
Бани Надр яхудилери................................................................................289
Хазрети Фатима бинти Асаддын кайтыш болуусу...........................290
Бани Мусталык согушу............................................................................291

**ХАНДАК СОГУШУ...................................................................................292**
Бани Курайза яхудилери.........................................................................311
Саад бин Муаздын шейит болуусу.......................................................315

**ХУДАЙБИЙА КЕЛИШИМИ.....................................................................318**
Рыдван анты...............................................................................................324
Куткарыңыз мени, Йа Расулаллах!........................................................328

**ЧАКЫРУУ КАТТАРЫ...............................................................................334**
Бийлөөчүлөргө жиберилген каттар.......................................................334

**ХАЙБЕРДИН АЛЫНУУСУ......................................................351**
Хазрети Алинин эрдиги.........................................................357

**УМРАТУЛ-КАЗА САПАРЫ......................................................363**
**МУТА СОГУШУ.......................................................................368**
**МЕККЕНИН АЛЫНУУСУ......................................................379**
Кимде ким Масжид-ул-Харамга баш калкаласа.............................382
Хак келди, жалган жоюлду.........................................................387

**ХУНАЙН СОГУШУ..................................................................390**
**ТАИФ САПАРЫ.......................................................................393**
**ТАБУК САПАРЫ.....................................................................395**
Тузак.......................................................................................399
Дырар мечити..........................................................................401

**ВАДА (КОШТОШУУ) АЖЫЛЫГЫ.............................................402**
**ВАДА ХУТБАСЫ.....................................................................404**
**КАЙТЫШ БОЛУУСУ..............................................................407**
Динден чыгуу аракеттери..........................................................423

**КАБЫР ӨМҮРҮ.......................................................................426**
Кабырда тирүү болуусу..............................................................426
Пайгамбарыбызды көрүү...........................................................429
Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылуу...............................434
Тавассул....................................................................................443
Салават айтуунун маани менен артыкчылыгы..............................450

**ХИЛЙА-И СААДАТ.................................................................455**
Ысымдары.................................................................................455
Хилйа-и саадат..........................................................................457
Пайгамбырыбыздын сулуулугу..................................................463

**АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ............................................................468**
Көркөм мүнөзү..........................................................................468
Фазилаты (Үстөмдүктөрү)..........................................................478
Истигфары................................................................................484
Шапааты...................................................................................486

**МУЖИЗАЛАРЫ.......................................................................492**
**АХЛИ БАЙТ...........................................................................498**

Мубарек жубайлары....................................................................498
Балдары..................................................................................505
Ахли байты...............................................................................507
Расулуллахтын сахабалары..........................................................511

**РАСУЛУЛЛАХТЫН КЭЭ БИР ЗАВАИД СҮННӨТТӨРҮ......514**
Мубарек сакалы менен чачтары.....................................................514
Расулуллахтын жатуусу, уктоосу...................................................517
Расулуллахтын отурушу..............................................................519
Расулуллахтын тамактануусу........................................................520
Расулуллахтын үй ичиндеги жана сырттагы абалдары..................531
Пайгамбарыбыздын кийген кийимдери..........................................537
Кааб бин Зухайрга берген чепкени................................................542
Нажаши жиберген алтын шакек....................................................544
Пайгамбарыбыздын төшөгү...........................................................546
Расулуллахтын аса таягы.............................................................547
Пайгамбарыбыздын алып жүргөн жети нерсеси............................548
Тартипке, ирееттүүлүккө чоң маани берчү.....................................549
Пайгамбарыбыздын кылычтары....................................................550
Пайгамбарыбыздын жаалары, калкандары.....................................552
Расулуллахтын туулары менен желектери.....................................553
Пайгамбарыбыздын минген аттары...............................................554
Расулуллахтын төөлөрү.................................................................555
Пайгамбарыбыздын ыйык үйү.......................................................556
Расулуллахтын вакфка салган мүлктөрү.......................................557

**ИСЛАМ ДИНИ...................................................................................559**
Ыйман.......................................................................................560
Ибадаттар..................................................................................573
Ахлак........................................................................................575
Мухаммед алейхиссаламга баш ийүү.............................................576
Хронология..................................................................................582
Колдонулган адабияттар...............................................................584

# ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН НУРУ

Мухаммед алейхиссалам – Аллаху тааланын хабиби (сүйүктүү кулу), жаратылган бүткүл адамдар менен башка макулутардын бардык жагынан алып караганда эң жогорусу, эң сулуусу жана эң кадырлуусу. Аллаху таала мактаган, бүткүл адамзат менен жиндердин пайгамбары катары тандап жиберген соңку жана эң жогору пайгамбары болуп эсептелет. Ал ааламдарга ырайым катары жиберилген, бардык нерсе анын урматына жаратылган. "Кайра-кайра макталган", "өтө көп макталган" деген маанини билдирүүчү **Мухаммед** алейхиссаламдын **Ахмед, Махмуд, Мустафа** сыяктуу ыйык ысымдары да бар. Атасынын аты Абдуллах. Өзү хижраттан 53 жыл мурда Рабиуль-аввал айынын он экисинде дүйшөмбү түнү, таңга жуук Мекке-и Мукаррамада дүйнөгө келди. Тарыхчылар бул күндүн милади жыл санагы боюнча 571-жылдын апрель айынын 20-сына дал келе тургандыгын айтышат.

Туулардан бир нече ай мурда атасы Абдуллах, алты жашында энеси Амина кайтыш болгон. Ошондон улам Пайгамбарыбызга **Дурр-и йетим** деген лакап берилген. Сегиз жашына чейин чоң атасы Абдулмутталибдин, ал кайтыш болгондон кийин агасы Абу Талиптин жанында болду. Жыйырма беш жашында Хатижатул Кубра энебизге үйлөндү. Андан туулган туңгуч уулунун аты Касым болчу. Араптарда адамдын атын туңгуч уулунун аты менен кошуп айтуу адат болчу. Ошондуктан, пайгамбарыбыз Абул Касым, б.а., Касымдын атасы деп аталды.

Кырк жашында ага бүткүл адамзатка жана жиндерге пайгамбар болгондугу Аллаху таала тарабынан билдирилди. Үч жылдан кийин бардык адамдарды ыйманга чакыра баштады. Элүү эки жашында Мираж окуясы болду. Милаттын 622-жылы 53 жашында Меккеден Мадинага көчтү. 27 ирет согуш өткөрдү. 11 (м.632) жылы Рабиуль-аввал айынын 12-синде дүйшөмбү күнү таңга жуук 63 жашында Мадина-и Мунавварада кайтыш болду.

Аллаху таала бардык пайгамбарларды ысымдары менен атаган болсо, Аны **хабибим** (сүйүктүүм) деп илтифат кылган. Аллаху таала бир аятта: **"Сени ааламдарга ырайым кылып жибердик"** (Анбия сүрөсү, 107) жана бир кудси хадисте: **"Сен болбогондо, сен болбогондо эч нерсени жаратмак эмесмин"**, - деген.

Ар бир пайгамбар өз заманында, өз мекенинде, өз коомунан бардык жактан жогору турат. Ал эми, Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам болсо дүйнө жаратылган күндөн баштап кыяматка чейин бардык заманда, бардык жерде, келген-кеткен жана келе турган бардык жаратылгандардын эң кадырлуусу, эң жогорусу болуп саналат. Эч ким эч бир жактан Андан жогору боло албайт. Аллаху таала Аны ошондой жараткан.

## Ыйык нурунун жаратылуусу

Аллаху таала бардык нерседен мурда, б.а., эч нерсени жарата электе сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын ыйык нурун жаратты. Тафсир жана хадис аалымдарынын көпчүлүгү: "Аллаху таала өз нурунан латиф жана чоң жавхар жаратып, андан бүткүл ааламды кезеги менен жаратты. Бул жавхар **"Нур-и Мухаммеди"** деп аталат. Бардык рух жана нерселердин башталгычы жана түбү – мына ушул жавхар", - деп айтышкан. Сахабалардан Жабир бин Абдуллах бир күнү: "Эй, Расулуллах! Аллаху таала бардык нерседен мурда жараткан нерсе эмне?" - деп сураганда: **"Баарынан мурда сенин Пайгамбарыңдын б.а., менин нурумду өзүнүн нурунан жаратты. Ал кезде; лавх, калем, Бейиш, Тозок, периште, самават (асмандар), арз (жер бети), күн, ай, инсан жана жиндер жок болчу"**, - деп айтты.

Нур-и Мухаммеди Адам алейхиссаламдын көңүлү жана ыйык денеси жаратылганда анын эки кашынын ортосуна конду. Адам алейхиссалам өзүнө рух берилгенде маңдайында чолпон жылдызы сыяктуу жаркырап турган бир нурдун бар экенин байкады.

Адам алейхиссалам жаратылганда Аллаху таала ага; Абу Мухаммед, б.а., Мухаммеддин атасы деп айткандыгын илхам аркылуу түшүндү жана: **"Эй, Раббым! Мага эмнеге Абу Мухаммед ысымын бердиң?"** - деп сураганда Аллаху таала: **"Эй, Адем! Башыңды көтөр!"** - деди. Адам алейхиссалам башын көтөрүп караганда Арш-ы аалада сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) нурдан жазылган Ахмед ысымын көрдү. Ошондо: "Эй, Раббим! Бул ким?" - деп сурады. Аллаху таала: **"Бул - сенин тегиңен чыга турган бир пайгамбар. Анын ысымы көктөрдө Ахмед, жерде болсо Мухаммед. Эгер Ал болбогондо сени жаратмак эмесмин. Жерлерди жана көктөрдү да жаратпайт болчумун"**, - деп жооп берди.

## Нурунун таза маңдайлардан өтүүсү

Адам алейхиссалам жаратылганда маңдайына сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын ыйык нуру конду. Ал нур маңдайында жаркырай баштады. Курани каримде билдирилгендей Адам алейхиссаламдан баштап таза аталар менен таза энелерден өтүп, Пайгамбарыбыз алейхиссаламга чейин келди. Бул тууралуу Аллаху таала аятта мындай мааниде билдирген:

**“Сен, б.а., сенин нуруң ар дайым сажда кылуучулардан өтүп, сага жетип келген.”** (Шуара, 219)

Хадиси шарифте: **“Аллаху таала адамдарды жаратты. Мени адамдардын эң мыкты бөлүгүнөн жаратты. Анан, алардын эң мыктысын** (Арабстанда) **тандады. Мени алардан пайда кылды. Анан, үйлөрдөн, үй-бүлөлөрдөн эң мыктысын тандап, мени алардан пайда кылды. Андай болсо, менин рухум жана денем жаратылгандардын эң жакшысы. Менин силсилем, ата-бабаларым эң жакшы адамдар”**, - деп билдирилген.

Башка бир хадиси шарифте болсо: **“Аллаху таала бардык нерсени жоктон бар кылды. Бардык нерсенин ичинен адамдарды жакшы көрдү, кадырлуу кылды; адамдардын ичинен дагы тандагандарын Арабстанга жайгаштырды. Арабстандагы тандалгандардын арасынан да мени тандады. Мени ар доордогу адамдардын тандалгандарынын арасынан кылды. Андай болсо, Арабстанда мага моюн сунгандарды жакшы көргөндөр мен үчүн жакшы көрүшөт. Аларга кастык кылгандар мага кастык кылган болуп саналат”**, - деп билдирилди.

Жаратылган алгачкы адам болгон Адам алейхиссалам Мухаммед алейхиссаламдын зерресин алып жүгөндүктөн маңдайында Анын нуру жаркырап турчу. Бул зерре Хазрети Хаввага, андан Шит алейхиссаламга жана ушинтип таза эркектерден таза аялдарга жана таза аялдардан таза эркектерге өттү. Мухаммед алейхиссаламдын нуру да зерре менен бирге маңдайлардан маңдайларга өттү. Периштелер качан Адам алейхиссаламдын жүзүнө карашса маңдайында Мухаммед алейхиссаламдын нурун көрүшчү жана Ага истигфар айтышчу.

Адам алейхиссалам кайтыш болоор алдында уулу Шит алейхиссаламга айтты: “Балам! Маңдайында жаркырап турган бул

нур - акыркы Пайгамбар Мухаммед алейхиссаламдын нуру. Бул нурду момун жана намыстуу, таза аялдарга тапшыр жана уулуңа да муну осуят кыл!" Мухаммед алейхиссаламга жетип келгенге чейин бардык аталар уулдарына ошол осуятты айтышты. Бардыгы бул осуятты орундашып, эң таза жана эң асыл кыздарга үйлөнүштү. Нур, аял-эркек, таза маңдайлардан өтүп өз ээсине жетип келди. Расулуллах алейхиссаламдын ата-бабаларынын биринин эки уулу болсо же бир уруу экиге бөлүнсө пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын ыйык нуру эң абийирдүү, жана кайырлуу болгон тарапта болчу. Ар кылымда Анын чоң атасы болгон зат жүзүндөгү нурдан улам белгилүү болчу. Анын нуруна ээ болгон тандалган бир уруу болгондуктан, ар кылымда ошол уруудан болгон заттын жүзү өтө сулуу жана нурдуу болоор эле. Бул нур менен бир туугандарынын ичинен тандалчу жана ал ичинде болгон уруу башка урууларга караганда өтө жогору, өтө абийирдүү болчу.

Ал эми, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам бир хадиси шарифинде мындай деп айтты: **"Менин аталарыман эч бири зина кылган эмес. Аллаху таала мени таза, мыкты аталардан, таза энелерден дүйнөгө алып келди. Аталарыман биринин эки уулу болсо мен алардын эң жакшысында, эң кайырлуусунда болчумун."**

Адам алейхиссаламдан бери атадан балага өтүп келген бул нур Тарухка, андан уулу Ибрахим алейхиссаламга, анан уулу Исмаил алейхиссаламга өткөн. Анын да маңдайында күн сыяктуу жаркырап турган нур балдарынан Аднанга, андан Меадга, андан да Низарга өткөн. Низар туулганда атасы Меад уулунун маңдайындагы нурду көрүп кубанып, чоң той кылып: "Мындай уул үчүн бул сыяктуу той аздык кылат" дегендиги үчүн уулунун аты Низар, б.а., "аз бир нерсе" деген маанисинде калган. Андан кийин ал нур кезеги менен өтүп, чыныгы ээси болгон сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга жеткен.

## Пайгамбарыбыздын ата теги

Пайгамбарыбыз хадиси шарифинде мындай дейт:

**«Мен – Абдуллах, Абдулмутталиб, Хашим (Амр), Абду Менаф (Мугира), Кусай (Зейд), Килаб, Мүрре, Кааб, Лүвей, Галиб, Фихр, Малик, Надр, Кинане, Хузейма, Мудрика (Амир),**

**Ильяс, Мудар, Низар, Меад, Аднан уулу Мухаммедмин. Араоарында мен болгон жамаат качан экиге бөлүнсө, Аллаху таала мени сөзсүз алардын эң жакшысы болгон тарапта болтурган..."**

Башка бир хадиси шарифте: **"Аллаху таала Ибрахим уулдарынан Исмаилди тандады. Исмаил уулдарынан Кинане уулдарын тандады. Кинане уулдарынан Курайшты тандады. Курайштан Хашим уулдарын тандады. Хашим уулдарынан Абдулмутталиб уулдарын тандады. Абдулмутталиб уулдарынан да мени тандады"**, - деп айткан.

## Чоң атасы Хазрети Абдулмутталиб

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Курайш уруусунун Хашим уулдарынан болот. Атасы - Абдуллах. Анын атасы болсо - Шейбе. Пайгамбарыбыздын чоң атасы болгон Шейбе Мадинада туулган. Шейбе атасы Хашим кайтыш болгондо али кичине бала болчу. Бир күнү Мадинада тай акелеринин үйүнүн алдында достору менен ок атууну үйрөнүшүп жаткан болчу. Аларды карап турган улуулар Шейбенин маңдайында жаркырап турган нурдан улам анын кадырлуу бир кишинин уулу экенин болжоп, таң калышты. Ок атуу кезеги Шейбеге келгенде жаасын тартып, бутага атты. Ок анык тийгенде ал толкунданып: "Мен Хашимдин уулумун. Албетте, ок бутасын табат!" - деди. Анын бул сөздөрүнөн Меккелик Хашимдин уулу экендигин түшүнүштү. Ал учурда Хашим көз жумган эле. Абду Менаф уулдарынан бири Меккеге кайтып барганда Хашимдин бир тууганы Мутталибге: "Мадинадагы жээниң Шейбе өтө акылдуу бала. Маңдайында болсо бүт элди таң калтырган бир нур жаркырап турат. Мындай кадырлуу бир баланы жаныңыздан айырууңуз туура болобу?" - деди. Ошентип, Мутталиб дароо Мадинага барды жана жээни Шейбени Меккеге алып келди. Мекkенин көчөлөрүндө: "Бул бала ким?" - деп сурагандарга: **"Кулум"**, - деп жооп берчү. Ошондон кийин Шейбенин аты Мутталибдин кулу деген маанини билдирген **Абдулмутталиб** болду.

Абдулмутталиб агасы Мутталиб кайтыш болгонго чейин анын жанында калды. Абдулмутталибдин ыйык денеси миск жыттанчу. Маңдайында Аллаху тааланын сүйүктүүсү Мухаммед

алейхиссаламдын нуру жаркырап, тегерегине береке-жакшылык чачып турчу. Качан Меккеде жамгыр жаабай, кaатчылык болсо Меккеликтер Абдулмутталибдин колуна жармашып, өзүн Себир тоосуна алып барышып, дуба кылуусун суранып жалбарышчу. Ал болсо эч кимди таарынтпачу. Аллаху таалага жамгыр берүүсүн суранып, дуба кылчу. Аллаху таала да Абдулмутталибдин маңдайындагы жаркырап турган сүйүктүү Пайгамбарыбыздын нурунун берекеси үчүн дубасын кабыл кылып, мол жамгыр жиберчү. Мына ошентип, Абдулмутталибдин күндөн күнгө кадыры-баркы арта берди. Меккеликтер аны өздөрүнө башчы кылып тандашты. Ага каршы чыккан болчу эмес жана ага багынгандар ырахат, тынчтык табышчу. Ал доордун өкүмдарлары дагы Абдулмутталибдин кадыр-баркын, абийирин жана улуулугун тастыкташчу. Жалгыз гана Иран кисрасы ага көрө албастык кылып, ага ачык жана жашыруун душманчылык кылчу.

Абдулмутталиб Ханиф динин карманчу, б.а., мусулман эле. Бул дин аталарынан Ибрахим алейхиссаламдын дини болчу. Ошондуктан, эч качан бутка сыйынган эмес, жада калса, аларга жакын жолободу. Каабанын айланасында Аллаху таалага дуба кылып, ибадат кылчу.

Бир күнү түшүндө бир киши: “Эй, Абдулмутталиб! Тур, Тайиибени каз!” - деп көздөн кайып болду. Эртеси күнү: “Тур, Беррени каз!” - деди. Үчүнчү күнү да ошол киши: “Тур, Меднунени каз!” - деп буйрук берди. Ошол түштү кайра-кайра көрүп жаткан болчу. Төртүнчү күнү болсо дагы ошол киши: “Эй, Абдулмутталиб! Тур, Замзам кудугун казы!” - дегенде, Абдулмутталиб: “Замзам эмне? Кудук кайда?” - деп сурады. Ал зат болсо: “Замзам ушундай бир суу, эч качан азайбайт жана түбүнө жетүүгө болбойт. Дүйнөнүн төрт тарабынан келген ажыларга жетет. Жабраил алейхиссаламдын канаты менен урган жерден чыккан. Аллаху тааланын Исмаил алейхиссалам үчүн жараткан суусу. Суусагандарды кандырат. Ачкаларды тойгузат. Ооруларга шифаа болот. Жерин сага билдирейин. Курмандык чалганда калдыктарын бир жерге төгүшөт. Сен ошол жерде болгондо кызыл тумшуктуу карга келет. Тумшугу менен жерди казат. Карганын казган жеринде кумурсканын уюгун да көрөсүң. Мына ошол жер - Замзамдын орду”, - деди.

Абдулмутталиб эртең менен жанына уулу Харисти алып, Каабага барды жана толкунданып күтө баштады. Бир учурда

түшүндө билдирилгендей кызыл тумшуктуу карга келип, ошол жердеги бир чуңкурга конду жана тумшугу менен жерди чаба баштады. Астынан кумурсканын уюгу чыкты. Абдулмутталиб менен уулу Харис дароо ошол жерди каза башташты. Бир канча убакыт казгандан кийин кудуктун оозу көрүндү. Абдулмутталиб аны көргөндө: “Аллаху акбар, Аллаху акбар!” - деп текбир келтире баштады.

Башынан бери кудуктун казылуусуна көңүл салып байкап турган Курайштыктар ага кайрылышып: “Эй, Абдулмутталиб! Бул - ата-бабаларыбыздан болгон Исмаилдин кудугу. Ага биздин да акыбыз бар. Бизди бул ишке шерик кылууң керек!” - деп айтышты. Абдулмутталиб болсо дароо каршы чыкты жана: “Жок! Бул иш жалгыз мага гана ихсан кылынган милдет”, - деп жооп берди. Ал эми Курайштыктар: “Сен жалгызсың. Жалгыз уулуңдан башка эч кимиң жок. Минтип бизге каршы чыгууң да мүмкүн эмес!” - деп айтышты. Ошол учурда ичи зыркырап, муңга батты. Себеби, өзүн эч кими жок деп айыптап жатышкан болчу. Колдорун бийик көтөрүп: “Эй, Раббым! Мага он бала ихсан кыла көр. Эгер бул дубамды кабыл кылсаң алардын бирин Каабада курмандыкка чалам!” - деп жалбарды.

Абдулмутталиб казуу ишин коркунучтуу абалга айланып жатканын, натыйжада айыгышкан күрөштөргө себеп болушу мүмкүн экенин ойлоп калды. Аягында казууну токтотуп, келишим жолун тутту. Маселенин бир калыс тарабынан чечилүүсүн каалады. Натыйжада Шамда отурган бир көзү ачыктын буга бир чара таба тургандыгына чечим чыгарышты. Курайштын мартабалуу кишилеринен турган бир топ менен жолго чыгышты. Жолдо суусуздуктан жана ысыктан айласы кеткен кербен кыймылдай албай калды. Керек болсо бир тамчы сууга жанын берүүгө даяр болуп калышты. Жалгыз калоолорунун ушул экенине карабастан куйкалаган чөлдүн ортосунда суу табуу мүмкүн эмес болчу.

Бардыгы үмүтүн үзүп турган кезде Абдулмутталиб аларга: “Келгиле, келгиле! Чогулгула! Силерге дагы, жаныбарларга да жете турган суу таптым!” - деп кыйкырды. Маңдайында Мухаммед алейхиссаламдын ыйык нурун алып жүргөн Абдулмутталиб суу издеп жүргөндө төөсүнүн буту чоң бир ташка тийип, таш ордунан жылганда түбүнөн суу чыккан болчу. Бардыгы чуркап келишти, сууга канып, кайра тирилгендей болушту.

Абдулмутталибдин бул улуулугун көрүп, уялып калган Курайштыктар: “Эй, Абдулмутталиб! Эми сага айта турчу сөзүбүз калбады. Замзам кудугун казууга эң ылайык адам сенсиң. Бул маселеде мындан кийин сени менен талашып-тартышпайбыз. Ортомчу калыска да барууга кажет калбады, артка кайтабыз”, - деп, Меккеге карай жол тартышты. Абдулмутталиб маңдайында жаркырап турган нурдун урматына Замзан кудугун казып, суусун чыгаруу аброюна ээ болду.

## Абдуллахты курмандыкка чалуу талабы

Абдулмутталибдин Замзам кудугун казгандан кийин атак-даңкы андан бетер көтөрүлдү. Арадан жылдар өттү. Аллаху таала анын көңүлүнүн тереңдиктеринен кылган дубасын кабыл кылып, Абдулмутталибге Харистен башка он уул жана алты кыз перзент ихсан кылды. Уулдарынын ысымдары: Кусем, Абу Лахаб, Хажл, Мукаввим, Дырар, Зубейр, Абу Талиб, Абдуллах, Хамза жана Аббас. Кыздары: Сафиййа, Атика, Умму Хаким Бейда, Берре, Умейме жана Эрва болчу. Абдулмутталиб балдарынын арасында эң көп Абдуллахты жакшы көрчү. Себеби, маңдайындагы нур анда жаркырай баштаган болчу.

Абдулмутталибге бир күнү түшүндө: “Эй, Абдулмутталиб! Убадаңды орунда!” - деп айтылды. Эртең менен Абдулмутталиб бир кочкорду курмандыкка чалды. Түндө түшүндө: “Андан да чоңун курмандыкка чал!” - деген буйрук берилди. Эртең менен бир уйду курмандыкка чалганына карабастан кайра түшүндө: “Андан да чоңун курмандыкка чал!” - деген буйруктан кийин: “Андан да чоңу эмне?” - деп сурады. Жооп катары: “Уулдарыңан бирин курмандыкка атаган элең. Убадаңды орунда!” - деп айтылды.

Эртеси күнү Абдулмутталиб балдарын чогултуп, бир нече жылдар мурда кылган дубасын айтып берди. Анан, уулдарына ичиңерден бириңерди курмандыкка чалуум зарыл деп айтты. Балдарынын арасынан ага каршы чыккан болбоду. Тескерисинче алар: “Эй, ата! Убадаңызды орундаңыз! Каалаганыңызды жасаңыз!” - деп макул болушту. Абдулмутталиб кура тартып, курмандыкка чала турган уулун тактап алды. Кура баарынан көп сүйгөн уулу, маңдайында Аллаху тааланын хабиби Мухаммед алейхиссаламдын нуру жаркырап турган Абдуллахка чыкты. Абдулмутталиб өзүн

жоготуп койду жана көзү жашка толду. Аллаху таалага берген сөзүн орундоосу керек эле. Бир колуна бычакты, бир колуна сүйгөн уулун кармап, Раббине берген убадасын орундоо үчүн Каабага барды. Көзү жаш менен толгон ата Абдуллахты курмандыкка чалууга даярдана баштады.

Ал арада Курайштын алдыңкылары таң калып, болуп жаткан окуяга көз салып турушту. Абдуллахтын таекеси: "Эй, Абдулмутталиб! Токто! Биз сенин бул уулуңду сойууңа эч макул эмеспиз. Эгер мындай иш кыла турган болсоң мындан кийин Курайштыктардин арасында бул нерсе адат болуп калат. Ар ким уулун курмандыкка атап союшат. Мындай нерсеге себепчи болбо! Сен Раббиңди башка жол менен ыраазы кыл!" - деди. Анан: "Бир кахинден сурап көр! Сага жол көрсөтсүн" – деп сунуш айтты.

Абдулмутталиб бул сунуштан кийин Хайберде турган Кутба (же Сежак) аттуу кахинге барды жана абалды түшүндүрүп берди. Кахин: "Силерде бир адамдын куну канча?" - деп сурады. "Он төө", - деп жооп алгандан кийин: "Он төө жана уулуңдун арасында кура тарт. Кура уулуңа чыкса үстүнө он төө кошуп кайрадан кура ташта. Кура төөлөргө чыкканга чейин санын ушинтип көбөйтө бер", - деп сунуш кылды.

Абдулмутталиб дароо Меккеге кайтты жана кахин айткандай кылды. Он төөдөн көбөйтүп, бир нече жолу кура тартты. Ар тарткан сайын Абдуллахка чыкты. Төөнүн саны жүзгө жеткенде гана кура төөлөргө чыкты. Этияттуу болсун деп, эки жолу таштап көрдү. Экөөндө тең төөлөргө чыкты. Абдулмутталиб: "Аллаху акбар! Аллаху акбар!" - деп, такбирлер менен төөлөрдү курмандыкка чалды. Эттерин өзү жана уулдарынан эч бири албады. Баарын жакырларга таратып берди.

Адем алейхиссаламдан бери мындан башка Исмаил алейхиссаламдын курман кылынуу окуясы бар. Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын теги Исмаил алейхиссаламга таянгандыктан **"Мен эки курмандыктын уулумун"**, - деп айткан.

## Атасы Хазрети Абдуллах

Эки дүйнө мырзасы болгон Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын нурун маңдайында алып жүргөн Абдуллах туулганда китеп ахли бири-бирине; "Акыр заман пайгамбарынын атасы Меккеде дүйнөгө келди", - деп кабар беришти.

Исраил уулдарынын жандарында жүндөн өрүлгөн бир чапан бар эле. Бул чапан Яхйа алейхиссаламдыкы болуп, шейит болгон кезде үстүндө эле жана ыйык каны бул чапанга жуккан болчу. Китептеринде да: “Качан гана бул кан жаңы болуп, тама баштаганда акыр заман пайгамбарынын атасы дүйнөгө келет”, - деп жазылган болчу. Мына ошондуктан ахли китаб бул белгини көрүп, Абдуллахтын туулганын түшүнүштү. Бирок, көралбастык кылып канча жолу өлтүрүүгө аракет кылышкан болсо да Аллаху таала Абдуллахты маңдайындагы нурдун берекети менен коргоду.

Абдуллах балакат жашына жеткенде көркөм ахлагы, сулуулугу менен адамдардын арасында өрнөктүү киши болду. Алыстан жакындан бардыгы ага кыздарын берүү үчүн жарыша башташты. Канчалаган бийлөөчүлөр Абдулмутталибге келип, кыздарын уулуна алуусун сунуш кылышты жана бул үчүн ар нерсеге даяр экендиктерин билдиришти. Бирок, Абдулмутталиб ар бирине ылайыктуу тил менен жооп берип, артка кайтарчу.

Абдуллах он сегиз жашка толгондо сулуулугу элдердин арасында дастан болду. Маңдайындагы нур күн сыяктуу жаркырап, көргөн кыздардын каалаauthor да каалабаса да көңүлү ага бөлүнчү. Сулуулугу жана атагы Мысырга чейин жетип, эки жүзгө жакын кыз аны менен үйлөнүү үчүн Меккеге чейин келип, үйлөнүүнү сунуштаган болчу. Абдулмутталиб болсо уулуна заманынын эң асылзат, эң тарбиялуу, сулуу, Ибрахим алейхиссаламдан бери карманган Ханиф динине бекем момун бир кызды издеп жаткан эле.

Китептеринде билдирилген акыр заман Пайгамбарынын өз коомунан болбой тургандыгын түшүнгөн Исраил уулдары көралбастыктан улам Абдуллахты өлтүрүүгө ант беришти. Бул иш үчүн куралдуу жетимиш кишини Меккеге жиберишти. Бир мүмкүнчүлүк таап, ошол убакытты күтө башташты. Акыры Абдуллахтын тоо этектеп чыккан бир күнүндө эчким көрбөйт деп ойлошуп, кылычтарын чыгарып, ага чабуул жасашты. Ал күнү Аллахтын хикматы менен Абдуллахтын туугандарынан Вахб бин Абд-и Манаф да бир канча достору менен аңга чыгышкан болчу. Алар Абдуллахка кол салайын деп турган Исраил уулдарын көрүп калышты. Туугандык кайраты менен Абдуллахты куткаруу үчүн жардам берүүгө аттанышты. Бирок, тиги тараптагылар көпчүлүк эле. Бул кагылышта жеңилип калуулары белгилүү болчу.

Акыры насаат жолун тондоону ылайык көрүштү. Аларга карай жакындашканда бул дүйнөдө эч кимге окшобогон, кара аттарга минген, колдорунда кылычы менен өтө көп кишилерди кайыптан чагылган сыяктуу жетип келишкендигин, текбирлер менен Исраил уулдарына чабуул жасашканын жана баарына кылыч уруп, көздөн кайым болушту. Вахб бул окуяны көрүп туруп абдан таңыркады, Абдуллахтын кандайча корголгондугун жана Аллаху тааланын алдындагы баркын түшүндү. Үйгө келгенде окуяны аялына айтып берди. Экөө тең кызынын теңи болгон жигиттин Абдуллах экенин кабылдап, Аминаны ага берүүгө чечим чыгарышты.

Абдулмутталиб да Бани Зухра уруусунун чоңу Вахбдын кызы Аминанын сулуулугун, ар –намысын жана динине бекемдиги тууралуу уккан болчу. Бир жактан тууган да болчу. Бир канча атада биригишчү. Уулу Абдуллахка бул кызды алуу үчүн Вахбдын үйүнө барды. Абдулмутталиб Вахбдын кызын уулу Абдуллахка сураганда, Вахб; “Эй, тууган! Биз бул сунушту сизден мурда алдык”, - деди жана мурда күбө болгон окуяны айтып берди. Анан мына ушуну да кошумчалады: “Аминанын апасы бир түш көрүптүр. Айтып бергенине караганда үйүбүзгө бир нур кириптир, жарыгы асман менен жерди каптаган экен. Мен дагы бүгүн түшүмдө атабыз Ибрахим алейхиссаламды көрдүм. Мага: “Абдулмутталибдин уулу Абдуллах менен кызың Аминанын никесин мен кыйдым. Сен дагы аны кабыл кыл!” - деди. Бүгүн таңдан бери бул түшүмдөн таасирленип жүрөм. Качан келишет болду экен деп тынчсызданып турдум эле.” Бул сөздөрдү угуп турган Абдулмутталибдин тилинен “Аллаху акбар! Аллаху акбар!” - деген сөздөр чыккан эле. Акыры уулу Абдуллахты Вахбдын кызы Амина менен үйлөндүрдү. Амина менен Абдуллахтын үйлөнүүсү тууралуу башка риваяттар да бар.

## Касиеттүү нурунун энесине өтүшү

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) ыйык нуру энесине өткөн кезде айбанат-куштар бири-бирине: “Ааламдардын Мырзасынын дүйнөгө келүүсү жакындады. Ал жер бетинин эмини, мезгилдин күнү”, - деп сүйүнүчтүү кабар беришти. Ал түнү Каабадагы бардык буттар бети менен жерге жыгылды. Ал кездерде ыйык Мекке шаарында жут болгон эле. Көп жылдап жамгыр жаабай, бактарда бир дагы жашыл жалбырак жок эле жана

түшүмдүн кандай изи да жок эле. Адамдар аябай кыйналып, эмне кылаарын билбей калышкан болчу. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын ыйык нуру Хазрети Абдуллахтан Хазрети Аминага өткөндөн кийин ушунчалык мол жамгыр жаап, ушунчалык көп түшүм болгондуктан ошол жылды молчулук жылы деп аташты.

Амина энебиз боюнда болгон кезде күйөөсү Абдуллах соода үчүн Шамга кеткен болчу. Кайтып келе жатканда ооруп калды. Мадинага келгенде таекелери Нажжар уулдарынын жанында он сегиз же жыйырма беш жаштагы кезинде көз жумду. Бул кабар Меккеде угулганда чоң шаар кайгыга батты. Сахабалардан Абдуллах ибн-и Аббас (радыйаллаху анх) мындай деп билдирген: "Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын атасы Абдуллах уулу дүйнөгө келе электен мурда кайтыш болгондо периштелер: "Эй, Раббибиз, Расулуң жетим калды", - дешти. Аллаху таала: **"Анын коргоочу жана жардамчысы менмин"**, - деп буюрду."

## Пил окуясы

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) дүйнөгө келүүсүнө эки айдай убакыт калган болчу. Бул тапта Пил окуясы орун алды. Адамдар ар тараптан топ-топ болуп Каабаны зыярат кылууларына тоскоол болууну каалаган Йемен башкаруучусу Абраха Византия императорунун да жардамы менен Санада чоң бир чиркөө салдырды. Адамдардын бул чиркөөнү зыярат кылууларын каалады. Арабдар болсо эскиден бери Каабаны зыярат кылгандыктан Абраха салдырган чиркөөгө эч маани беришкен жок. Акарат көзү менен караашты. Жада калса, араларынан бирөө чиркөөнү булгады.

Бул окуяга ачууланган Абраха Каабаны жыгууга чечим чыгарды жана ушул максат менен чоң кошуун даярдап, Каабага карай багыт алды. Абраханын кошууну Меккеге жакындаганда Курайштын мал-оокаттарын талап-тоной баштады. Абдулмутталибге таандык болгон эки жүз төөнү дагы тартып алышты. Абдулмутталиб Абрахага барып, төөлөрүн сурады. Абраха: "Мен силердин ыйык Каабаңарды жыгууга келген болсом, сен эмне үчүн аны коргоону каалабай, анын ордуна төөлөрүңдү сурап жатасың?" - деди. Абдулмутталиб: "Мен өз төөлөрүмдүн ээсимин. Каабанын, албетте, ээси бар. Аны Ал коргойт", - деди. Абраха: "Мага каршы аны коргой турган эч ким жок!" - деди жана Абдулмутталибге төөлөрүн

кайтарып берди. Анан жоокерлерине Каабага карай чабуулга буйрук берди. Абраханын кошуунунун алдыда жүргүзүлгөн жана ошентип жеңишке жеткизет деп ишенишкен “Мамуд” деп аталган бир пил бар эле. Абраха Каабага карай багыт алганда бул пил жерге чөктү жана баса албай калды. Ал эми Йеменге бурулганда чуркап кетип жаткан эле.

Ошентип, Меккеге жакындап чабуулга күчү жетпеген Абраханын кошуунунун үстүнө Аллаху таала Абабил, б.а., Тоо чабалекейи деп аталган куштардын бир тобун жиберди. Бул куштардын ар бири нокот чоңдугунда болгон үчтөн таш көтөрүшкөн болчу. Бирөө оозунда, экөө эки чеңгелинде болчу. Бул таштарды Абраханын кошуунунун үстүнө ташташты. Таштар жоокерлердин баштарынан кирип, таманынан тешип чыгып жатты. Таш тийген жоокерлер дароо өлүп жатышты. Аяттарда билдирилгендей аскер чабылган эгин жалбарагындай эле болду. Бул абалды көргөн Абраха далбас түшүп качкысы келди. Бирок, кача албады. Таштар негизи ага багытталган. Качкан сайын эттери бөлүк-бөлүк болуп жыртылып өлдү. Бул окуя Курани каримдеги Пил сүрөсүндө мындайча баяндалат:

“(Эй, Расулум! Кабаны бузгусу келген) **пил ээлерине** (пилдер менен куралданган Абраханын аскерине) **Раббиңдин кандай мамиле кылгандыгын көрбөдүңбү? Алардын** (Каба-и муаззаманы талкалоо деген) **куулуктарын бошко чыгарбадыбы? Алардын үстүнө үйүр-үйүр куштарды жиберди. Ал куштардын ар бири алардын үстүлөрүнө баткактан жасалган жана отто бышырылган таш ыргытышты. Акыры Аллаху таала аларды күбө жеген эгиндин жалбырагындай жок кылып жиберди.** (Карышкырлар тарабынан кемирилип, тууралган эгин жалбырагына айлантып жиберди.)”

## Сүйүнчү кабарлар

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгы Адам алейхиссаламдан баштап бардык пайгамбарларга жана алардын үммөттөрүнө билдирилген болуп, дүйнөгө келе турган убакыты жакындаган сайын боло турган окуялар тууралуу сүйүнчү кабарлар берилген.

Муса алейхиссаламга келген, кийин өзгөртүлгөн Тооратта мындай деп жазылган: “Ал химматы бийик, жардамы көп ыйык зат.

Жакырлардын сүйүктүүсү, байлардын табыбы. Ал сулуулардын сулуусу, тазалардын тазасы. Сүйлөшкөндө жумшак, бөлүштүргөндө адилеттүү, ар мамиледе чынчыл. Капырларга каршы катуу жана катаал. Улууларды урматтайт, кичүүлөргө мээримдүүлүк кылат. Азга шүгүр кылат. Туткундарга ырайым кылат. Дайыма жылуу жүздүү. Күлгөндө жылмайып, каткырып күлбөйт. Үмми, б.а., окууну, жазууну билбесе дагы Ага бардык нерсе билдирилген. Ал - Аллаху тааланын расулу. Жаман мүнөздүү, ташбоор эмес. Базарларда кыйкырып сүйлөбөйт. Анын үммөтү жакшы мүнөздүү. Алар бийик жерлерде Аллаху тааланын ысымын эстешет. Азанчылары мунараларда калкты намазга чакырышат. Даарат алып, намаз окушат. Намазда саптарды түздөшөт, бир катарда турушат. Түндөрү алардын тасбих айткан үндөрү бал аарысынын үнү сыяктуу угулат. Меккеде туулат. Мадинадан Шамга чейин ар жер Анын башкаруусунда болот. Ысымы - Мухаммед, Ага мутаваккил деген ысым бердим. Бузулган диндерди жоюп, акыйкат динди жаймайынча Аны дүйнөдөн чыгарбаймын. Ал адамдарды Хакка чакырат, Анын берекеси менен сокур көздөр ачылат, көрөт, укпаган кулактар уга баштайт. Көңүлдөрдөн гафилдик кетет...”

Давуд алейхиссаламга келген, бирок, кийин бузулган Забурда:

“Ал - өтө жоомарт адам. Эч качан ачууланбайт. Өтө жумшак. Көркөм мүнөздүү, таттуу сөздүү, нур жүздүү. Адамдардын табыбы. Көп ыйлап, аз күлөт. Аз уктап, көп ойлойт. Жаратылышы жагымдуу жана кооз. Сөздөрү көңүлдөрдү алат, рухтарды тартат... Эй, Хабибим! Химмат кылычын сыйырып, бардык кубатың менен каармандык майданында капырлардан өч аласың. Көркөм тил менен менин хамд жана санамды бардык жерге жайасың. Бардык капырлардын баштары сенин кереметтүү колдоруңдун астында ийилет...”, - деп жазылган.

Иса алейхиссаламга келген, бирок, кийин бузулган Инжил китебинде да:

“Ал көп жебейт, сараң эмес. Куулук кылбайт, эч кимди жамандабайт, эч качан шашпайт. Өзү үчүн өч албайт. Жалкоо эмес. Эч кимди ушактабайт...”, - деп билдирилүүдө.

Дагы Инжилде мындай жазылган:

“Раб тарабынан чыгып келе турган Ал Мунхаменна, Раб тарабынан чыгып келе турган Ал Руху’л-кудс келген болгондо Ал мага шахадат кылмак. Силер дагы шахадат кыласыңар. Себеби, көптөн бери мени менен биргесиңер. Мен буларды силерге шекке кабыл-

багыла жана жаңылып калбагыла деп айтып жатам.” Бул жерде аталган Мунхаменна сөзү суряни тилинде Мухаммед дегенди билдирет.

## Жахилийа (наадандык) доору

Пайгамбарыбыздын дүйнөгө келүүсүнөн мурда бүткүл аалам руханий жактан зулумдук, өтө коркунучтуу караңгылык ичинде эле. Адамдар абдан бузулган болчу. Аллаху таала жиберген диндер унутулган болуп, илахий өкүмдөрдүн ордун адамдар өздөрү ойлоп тапкан пикирлер, ойлор алган болчу. Бардык макулуктар адамдардын жырткычтыгынан жана зулумдугунан улам аябай жүдөгөн болчу.

Жер бетиндеги бардык элдерде Аллаху таала унутулган болуп, бейпилдиктин, бакыттуулуктун жана сүйүнүчтүн булагы болгон Тавхид ишеними жоюлган болчу. Куфур бороону көңүлдөрдөн ыйманды жулуп таштаган, көңүлдөрдө Аллаху таалага ишенүүнүн ордуна буттарга ишенүү пикири орношкон болчу.

Муса алейхиссалам алып келген дин унутулган, Таорат бузулган эле. Исраил уулдары бири-бирине каршы эле. Иса алейхиссалам алып келген христиандык да толугу менен бузулган болуп, дин менен эч кандай байланышы калбаган болчу. Таслис, б.а., үч кудай пикири кабыл кылынган болчу. Инжилдин түп нускасы жоголуп, поптор аны өздөрү каалагандай бурмалап салышкан болчу. Экөө китеп тең Аллахтын сөзү болуудан чыккан болчу.

Мысырда бузулган Тоораттын өкүмү, Византияда болсо бурмаланган христиандык бар эле. Иранда отко сыйынышчу, отко сыйынуучулардын оту миң жылдан бери өчүрүлбөй жаткан эле. Кытайда конфуцийчилик, Индияда буддизм сыяктуу ойлоп табылган диндер өкүм сүрүп жаткан эле.

Арабстандын элдери андан бетер адашкан болчу. Алар Аллаху таала ыйык кылган Каабага 360 бутту жайгаштырышкан болчу. Ыйык Кааба болсо Аршта периштелер тарабынан зыярат кылынуучу Байт-и Ма’мурдун чоңдугундагы үлгүсү эле. Ким Каабага урматсыздык кылган болсо Аллаху таала аны кыска убакытта жазаландырган.

Журхум уруусу да зина менен фухушта чектен ашкан болчу. Бул уруунун өтө жаман жоруктарын көргөн бийлөөчүлөрү аларга:

“Эй, Журхумилер! Аллаху тааланын Харем-и шарифин жана Харемди (Каабаны) сыйлап, өзүңөргө келгиле. Силерден мурда келген Худ, Салих жана Шуйбдын (алейхимуссалам) үммөттөрүнөн ар биринин башына келген жагдайларды жана алардын кандай куруганын билесиңер. Бири-бириңерди жакшылыкка чакыргыла, жамандыктардан тыйгыла. Убактылуу күчүңөргө ишенип, алданып калбагыла. Меккеде Хак таададан баш тартуудан жана зулумдан сактангыла. Себеби, зулум адамдардын куруусуна себеп болот. Аллаху таалага ант берип айтамын, бул аймакта жашаган адамдар зулумдук кылып, Хак таададан баш тартканда Аллаху таала алардын тегин курутуп, ордуна башка элдерди алып келген эмеспи? Туура жолдон тайып, Хак таададан баш тарткан Меккенин эли үчүн бул жерде туруктуу жашап калуу жок. Силерден мурда бул аймакта жашаган, силерге караганда узак өмүрлүү, силерден күчтүү, силерден көп жана бай болгон Тасм, Жадис жана Амаликалыктардын башына келгендерди билесиңер. Алардын Харем-и шарифти көзгө илбегендиктери, Хактан баш тартып, зулумга берилгендиги, бул ыйык жерден чыгарылууларына себеп болду. Аллаху таала алардын айрымдарына кичинекей кумурскаларды жиберип, айрымдарын жут аркылуу, айрымдарын кылыч менен чыгаргандыгын көргөнсүңөр жана уккансыңар!” - деп, аларга насаат кылышты.

Бирок, алар насаатты уккан жок. Натыйжада Аллаху таала аларды да ушул азгырыктарынан улам жер менен бир кылды...

Мына ушундай бир заманда жер бетинин борбору болгон ыйык Меккеде куфур сел сыяктуу агып, Байтуллахтын ичи Лат, Узза, Менат сыяктуу жүздөгөн буттар менен толтурулган болчу. Зулумдук чектен ашып, ахлаксыздык аброй болуп эсептеле турган болду. Арабстан диний, руханий, коомдук жана саясий жактан караңгылыктын, жахилдиктин, кутургандык жана бузукулуктун ичинде эле. Жахилия доору деп аталган ал кезде адамдар жалпысынан көчмөн болуп жашашчу жана урууларга бөлүнгөн болчу. Токтоосуз бири-бири менен согушуп жүргөн араб уруулары каракчылык жана талап-тоноону өздөрү үчүн күндөлүк тиричилик куралы деп эсептешчү. Зулум менен каракчылык жайылган Арабстанда саясий, коомдук тартип дагы жок болчу. Айрыкча ичкилик, кумар, зина, уурулук, зулумдук, жалган жана ахлаксыздыкка байланыштуу эмне бар болсо туш тарапка жайылган эле. Күчтүүлөр алсыздарга

каршы аёосуз түрдө зулумдук кылып, аялдар колдон колго мал-оокат сыяктуу аланып-сатылчу. Айрымдары кыздуу болууну жамандык, жүзүкаралык деп эсептешчү. Бул зулумдуктары ушунчалык чектен ашкан эле, чуңкур казып, кыздарын “Атаке, атаке!” деп кыйкырып, моюндарына жабышып жалынууларына, көз жаштарына карабастан, тирүүлөй көмүп салышчу. Бул кылган иштеринен улам көңүлдөрү кымындай болсо да сыздачу эмес. Жада калса, бул иштерин элдик деп эсептешчү. Натыйжада ал замандын адамдарынын арасында мээрим, жакшылык жана адилеттүүлүк сыяктуу жакшы мүнөздөр жок болгон сыяктуу эле.

Бирок, ал доордо Араб элдеринин арасында көңүл буруууга тете бир жагдай бар эле. Ал - адабият жана чечендиктин аброю артып, өтө жогору даражага чыгуусу эле. Акындарга жана ырларга чоң маани берип, муну сыймыктанууга себеп кылышчу. Күчтүү бир акын өзү үчүн жана уруусу үчүн дагы чоң аброй деп эсептелчү. Белгилүү убакыттарда жарманкелер уюштурулуп, ыр менен чечендикте жарыштар өткөрүлчү. Биринчиликти жеңип алгандардын ырлары жана чечен сөздөрү Каабанын дубалына илинип коюлчу. Жахилия доорунда Каабанын дубалына илинген эң белгилүү жети ыр **“ал-Муаллакату’с-Саб’а”** деп аталчу.

Ал замандарда Арабстанда элдер ишеним жагынан да бир канча топторго бөлүнгөн болчу. Бир бөлүгү такыр ишенимсиз болуп, дүйнө жашоосунан башка бир нерсени моюндашчу эмес. Бир бөлүгү болсо Аллаху таалага жана акырет күнүнө ишенгендиктери менен адамдардан бир Пайгамбардын келе тургандыгына ишенишчү эмес. Дагы бир бөлүгү болсо Аллаху талага ишенсе да акыретке ишенишчү эмес. Башка чоң бөлүгү да Аллаху таалага ширк кошуп, буттарга сыйынышчу. Мушриктердин ар биринин үйүндө бир бут турчу.

Анын сыртында Хазрети Ибрахим билдирген динди карманган жана **“Ханифтер”** деп аталган адамдар да болгон. Алар Аллаху таалага ишенишчү жана буттардан узак болчу. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын атасы Абдуллах, чоң атасы Абдулмутталиб, энеси жана айрым кишилер ушул динде болчу.

Ханифтерден башка бардык топтор бузуку жолдо болуп, чоң зулумдук менен караңгылыктын ичинде эле.

# ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ДҮЙНӨГӨ КЕЛҮҮСҮ

Дүнүйөнү караңгылык басып, зулумдук каптап турган бул доордо адамдар бардык нерсенин жаратуучусу болгон Аллаху Таалага ыйман жана ибадат кылууну ташташкан эле. Жаратылыш кубулуштарын жана өз колдору менен таштан, жыгачтан жасап алган буттарды «кудай» деп таанып, ошолорго сыйынышчу.

Аалам түнөрүп, көңүлдөр муңайып, жүздөр күлүүнү унутушкан эле. Аллаху таала башка макулуктардан жогору кылып жараткан адамдардын Тозоктон кутулууларына себеп боло турчу бир каарман зат керек эле. Анын дүнүйөгө келүүсүнө өтө аз мезгил калган эле. Аалам Адем алейхиссаламдан азыркы күнгө чейин таза маңдайлардан таза маңдайларга өтүп келген нурдун ээсин тосууга даярданып жаткан эле. Адамдарга жана жиндерге түбөлүк бактылуулуктун жолун көрсөтө турган теңдеши жок Инсан келе жаткан!.. Шапаат жана мээрим булагы, Раббисинин ахлагы менен ахлактанган улуу инсан келе жаткан!..

Макам-ы Махмуддун ээси, шапаатчылардын баш таажысы келе жаткан!.. Каинаттын устазы, барлыктардын өзү, адамдардын мырзасы келе жаткан!.. Махшар күнү жардамга келүүчү, пайгамбарлардын султаны келе жаткан!... Аллаху тааланын хабиби, сүйүктүүсү, урматы үчүн жаратылган ааламдарга рахмат болгон сүйүктүү Пайгамбарыбыз келе жаткан!... (Саллаллаху алейхи ва саллам)

Жети кабат жер, жети кабат асман, кыскасы, бардык аалам сүйүнүч ичинде Сеййидул-Мурсалиин, Хатамул-Энбия, Хабиб-и Худа болгон улуу мырзаны күтүп жаткан. Бардык макулуктар өз тилинде: “Кош келдиң, йа Расулаллах!” деш үчүн даярданган. Хижраттан 53 жыл мурда, пил окуясынан эки айдан кийин, Рабиул-аввал айынын он экинчи, Дүйшөмбү күнү таңга жуук Меккенин Хашимуулдары махалласында, Сафа дөбөсүнө жакын жерде бүткүл аалам чыдамсыздык менен күтүп жаткан Аллаху тааланын нуру Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) жарык дүйнөгө келди. Анын төрөлүүсү менен аалам жаңы жашоо тапты. Караңгылыктар дароо «Нур» менен жаркырады.

**«Медарижун-нубувва»** деген китепте минтип айтылат: «Эң улуу урматка ээ болгон бактылуу эне Хазрети Амина кош

бойлуу кезин мындайча баяндайт: «Ал сарвар боюмда бар кезде эч кыйналбадым. Кош бойлуу экендигимди сезчү эмесмин. Алты айдан кийин гана бир күнү уйку-соонун ортосунда турганымда мага бирөө келип:

– Сенин боюңдагы бала ким, билесиңби? – деп сурады.

– Жок, билбеймин, – деп жооп берсем, ал:

– Андай болсо билип ал! Пайгамбарлардын акыркысы боюңа бүттү! – деген кабарды берди. Төрөт маалы жакын калган кезде баягы зат кайрадан келип мындай деди: «Эй, Амина! Бала төрөлгөндө атын Мухаммед деп кой! Башка бир риваятта: «Эй, Амина! Бала төрөлгөндө атын «Ахмед» деп кой», – делген.

Хазрети Амина энебиз төрөт убагын мындайча баяндайт: «Толгоо учурунда абдан сүрдүү үн уктум. Корко баштадым. Ошол учурда ак куш көрдүм. Ал мага жакын келип, канаты менен сылады. Ошондо менде коркуу сезими калган жок. Бирок, аябай суусап, кудум ысыкта күйүп жаткандай болуп жаттым. Жанымды сүттөй ак, бир кесе толо шербет туруптур. Аны «ичкин» деп мага сунушту. Алып ичтим, балдан таттуу, муздак эле. Ичкенден кийин суусунум канган эле. Кийин чоң нур көрдүм, үйүм ушунчалык нурдангандыктан андан башка эч нерсени көралган жокмун.

Ошол учурда мени тегеректеп кызмат кылып жаткан көптөгөн аялдарды көрдүм. Бойлору узун, жүздөрү күн сыяктуу жаркылдап турду. Булар Абду Манаф уруусунун кыздарына окшоп жатты. Булардын күтпөгөн жерден дароо пайда болууларына айран таң калып жаттым. Арасынан бири: «Мен Фараондун аялы Асиямын! Башка бирөөсү: «Мен болсо Мариям бинт-и Имранмын. Булар болсо Жаннат хурилери», - деди.

Ошол эле учурда көктөн жерге карай суналып турган узун ак жибек кездеме көрдүм. «Аны адамдардын көзүнөн жашыргыла», - дешти. Ошол маалда бир бөлүк куштар пайда болду. Оoздору зумруддан, канаттары жакуттан эле. Коркконумдан тердей баштадым. Жерге тама баштаган тер тамчыларынан миск жыт айланага тарай баштады. Ошол кезде көз алдыман парданы ачышты. Бүткүл жер жүзүн чыгыштан батышка чейин көрдүм. Айланамда периштелер курчашкан эле.

Мухаммед алейхиссалам төрөлөр замат ыйык башын саждага койду, шахадат сөөмөйүн көтөрдү. Асмандан аны калкалаган ак булут түштү. Бир үн уктум: «Аны батыштан чыгышка чейин

бардык жерди кездиргиле! Бүткүл аалам аны заты менен да, ысым-сыпаты менен да көрүшсүн. Анын ысмы Махи болгондугун, б.а., Аллаху таала Аны менен ширктин бардык түрүн өчүрүп жок кыла тургандыгын билишсин», - деп жатты. Ал булут дагы көздөн кайым болду жана Мухаммедди (саллаллаху алейхи ва саллам) ак жүндүү кездеме ичинде оролуу абалда көрдүм. Ошол учурда жүздөрү күн сыяктуу нур чачкан үч киши келди. Биринин колунда күмүш кумган, экинчисинин колунда зумруддан илеген, бирөөнүн колунда болсо жибек бар эле. Кумгандан миск тамчылап жаткандай болду. Мубарек уулумду илегендин ичине салып, мубарек башы менен буттарын жууп, жибекке орошту. Кийин мубарек башына жыпар жыт сүрүштү, мубарек көздөрүнө сурма тартып көздөн кайым болушту».

Мухаммед алейхиссалам төрөлгөн кезде Хазрети Амина энебиздин жанында Абдуррахман бин Авфтын энеси энеси Шифа Хатун, Осман бин Абул-Астын энеси Фатыма Хатун жана Пайгамбарыбыздын эжеси Сафия бар эле. Алар да өздөрү көргөн нурду жана башка окуяларды дагы айтып кетишкен.

Шифа Хатун мындай дейт:

«Мен ал түнү жардамдашайын деп Аминанын жанында жүргөм. Мухаммед алейхиссалам төрөлөр замат дуба жана нияз кылгандыгын уктум. Кайыптан: **«Йархамука Раббука» деп айтылды.** Кийин чыгыш менен батыш даана көрүнө тургандай нур пайда болду...»

Мындан башка бир канча окуяларга күбө болгон Шифа Хатун: «Качан Ага Пайгамбарлыгы билдирилгенде эч тайсалдабастан дароо ыйман келтиргендердин бири мен болдум», – деген.

Сафиййа Хатун дагы мындай деген:

«Мухаммед алейхиссалам төрөлгөн кезде ар тарапты бир нур каптады. Төрөлөр замат сажда кылды, мубарек башын көтөрүп ачык-айкын тил менен «Лаа илаха иллаллах, инни расулуллах», - деди. Аны жуунтайын дегенимде «Биз аны жуунган абалда жибердик» деген үн угулду. Киндиги кесилген, сүннөт кылынган абалда эле. Төрөлөр замат сажда кылды. Ошол маалда акырын добуш менен бир нерселерди сүйлөп жаткан эле, кулагымды мубарек оозуна жакындатканымда «Уммати», «Уммати! (Үммөтүм, үммөтүм)» деп жаткан экен». Сүйүктүү Пайгамбарыбыз төрөлгөн кезде чоң атасы Абдулмутталиб Каабанын жанында Аллаху таалага жалбарып

дуба кылып жаткан эле. Ошол учурда ага неберелүү болгондугун сүйүнчүлөшөт. Мухаммед алейхиссалам төрөлгөн күнү бир нече окуяларды көргөн Абдулмутталиб кубанычы койнуна батпай: «Бул уулумдун мартабасы улук, кадыры жогору болот», - деди.

Абдулмутталиб Мухаммед алейхиссаламдын төрөлгөнүнө жети күн болгондо Меккеликтерге үч күн той берет. Ошону менен катар шаардын ар бир махалласына төө сойдуртуп адамдарга дагы, айбанаттарга дагы сунду. Той маалында «Атын ким койдуңар» дегендерге кубануу менен **«МУХАММЕД»** (саллаллаху алейхи ва саллам) деген ысымды койдум дейт. «Эмне үчүн ата- бабаларынын ысымдарынан койгон жоксуңар?» деп сурагандарга болсо: «Аллаху тааланын жана адамдардын аны мактап-даңазалоосун каалагандыгым үчүн», - деп жооп берди.

Башка бир риваятта «Мухаммед» деген ысымды Амина Хатун койгондугу айтылат.

## Туулган түнү болгон окуялар

Расулуллах алейхиссалам дүйнөгө келүүсүнүн алдында жана туулганда Анын келе тургандыгын сүйүнчүлөгөн бир катар окуялар орун алган. Ошол кездин таанымал инсандары Пайгамбарыбыз дүйнөгө келүүдөн мурда таң калаарлык түштөрдү көрүшкөн. Түштөрүн түш жоругучтар менен ошол кездин атактуу аалымдарына жорутканда алар бул түштөрдү Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгына жорушкан. Пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдулмутталиб мындай деди: “Бир жолу уктап жатып түшүмөн чочуп ойгонуп кеттим. Дароо эле бир түш жоругучка барып, жорутайын деп ойлодум. Ага барганымда жүзүмдү карап: “Эй, Курайштын башчысы! Сага эмне болду? Жүзүңөн башка нерсе көрүнүп турат. Же бир нерсе болдубу?” - деп сурады. “Ооба, түш көрдүм, муну эч кимге айта элекмин”, - деп ага айтып бердим: “Бүгүн түшүмдө өтө чоң дарак көрдүм. Бир учу асманга жетип турат, бутактары чыгыш менен батышка жайылып турат. Ал дарактан чачыраган нурдан күн анын жанында жөнөкөй нерсе болуп калат. Бир көрүнүп, бир көрүнбөй калат. Адамдар ага бет бурган эле. Барган сайын нуру арта түштү. Курайыш уруусунун айрым адамдары ошол дарактын бутактарына жармашууда, айрымдары болсо даракты кесүүгө аракет кылып жатышкан эле.

Бир жаш адам ал даракты кескиси келгендерге тоскоол болду. Ал адамдын жүзү өтө сулуу, бүт денесинен жагымдуу жыт тарап турчу. Андай адамды мен өмүрүмдө көргөн эмесмин. Мен дагы жанагы дарактын бир бутагынан кармагым келди, бирок, колум жетпеди", - дедим. Түшүмдү айтып бүткөндөн кийин анын өңү бозоруп: "Ал сага буюрбайт", - деди, мен: "Кимге буюрат?" - деп сураганымда: "Ошол дарактын бутагынан кармагандарга", - деп жооп берди. Анан: "Сенин тегинен бир пайгамбар келет, туш тарапка болот, адамдар Анын динине кирет", - деди. Анан жанымда турган уулум Абу Талипти карап: "Бул анын агасы болуп калаар", - деп айтты. Абу Талип бул окуяны пайгамбарыбызга пайгамбардыгы билдирилгенде айтып берген болчу жана "Мына ошол дарак – Абул Касым Ал-Эмин Мухаммед алейхиссалам" деген.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам дүйнөгө келген түнү бир жылдыз чыкты. Муну көргөн яхуди аалымдары Мухаммед алейхиссаламдын туулганын түшүнүштү. Сахаба Хассан бин Сабит (радыйаллаху анх) айтат: " Мен сегиз жашта болчумун. Бир күнү эртең менен бир яхуди: "Эй, яхудилер!" - деп кыйкырып, жүгүрүп жүрдү. Яхудилер: "Эмне болду, эмне кыйкырасың?" - деп анын жанына жыйналганда ал: "Кабарыңар болсун! Ахмеддин жылдызы ушул түнү чыкты. Ахмед ушул түнү дүйнөгө келди", - деп жооп берди".

Расулуллах туулган түндө Каабадагы буттардын бардыгы бети менен жерге жыгылды. Урватуб-нуз Зубейр риваят кылат: "Курайштан бир жамааттын бир буту бар болчу. Алар аны жылда бир жолу таваф кылып, төө союп, шарап ичишчү. Дагы ошондой бир күнү буттун жанына барган кезде анын жерде кулап жатканын көрүшөт. Аны тургузса, ал кайрадан кулайт. Бул жагдай үч жолу кайталанат. Анан анын бүт жерине тирек коюп, сүйөп коюшканда бир үн угулат: "Бир адам туулду, жер бетинде бардык нерсе кыймылга келди. Канча бут болсо бардыгы кулады. Падышалар коркунучтан титиреди". Бул окуя дал Мухаммед алейхиссаламдын туулган түнүнө туш келет.

Медаин шаарындагы Иран кисрасынын сарайынын он төрт мунарасы жыгылды. Ошол түнү күрүлдөгөн добуштан чочуп ойгонгон кисра менен эли көргөн коркунучтуу түштөрүн жорутканда мунун чоң бир нерсенин белгиси экенин түшүнүштү.

Ошондой эле, ал түнү мажусилердин (отко сыйынгандардын) миң жылдан бери жанып турган чоң оттору өчүп калды. Алар

оттун өчкөн күнүн белгилеп коюшту. Ал кисранын сарайынын мунараларынын жыгылган күнүнө туура келет.

Ошол кезде ыйык деп саналган Саве көлүнүн суусу да ошол түнү бир заматта тартылып соолуп калган.

Шам жакта миң жылдан бери суусу акпай турган жана кургап калган Самава дарыясы ошол түнү толуп ага баштады.

Мухаммед алейхиссалам туулган түндөн баштап шайтан менен жиндер эми Курайш төлгөчүлөрүнө окуяларды кабарлай албай турган болушту, төлгөчүлүк токтоду.

Пайгамбарыбыз дүйнөгө келген түнү жана андан кийинки күндөрдө ааламда ошол күнгө чейин болбогон окуялар орун алды. Алардын бардыгы соңку пайгамбар Мухаммед алейхиссаламдын туулгандыгынын белгилери болчу.

## Мавлид түнү

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) төрөлгөн түн «мавлид түнү» деп аталат. «Мавлид» – туулган убакыт дегенди билдирет. Кадыр түнүнөн кийинки эң ыйык түн жана ал түнү сүйүктүү Пайгамбарыбыз туулгандыгы үчүн сүйүнгөндөр кечирилет. Ал түнү Пайгамбарыбыз туулган маалда болгон абал жана мужизаларды окуу, тыңдоо, үйрөнүү өтө сооптуу. Бул тууралуу Пайгамбарыбыз өзү да баяндачу.

Асхабы кирам дагы бул түнү бир жерге жыйналышып ал түндү эстешип, окуп баян кылышчу. Дүйнөнүн ар тарабындагы мусулмандар бардык момун-мусулмандар ар жылы бул түндү «мавлид түнү» деп майрамдашууда. Ар тарапта мавлид касыйдалары окулуп, ааламдын султаны болгон Сүйүктүү Пайгамбарыбыз эскерилүүдө.

Ар пайгамбардын үммөтү өз пайгамбарларынын төрөлгөн күнүндө майрам кылышкан. Бул күн дагы мусулмандарын майрамы катары кубанычтуу күн болуп саналат.

## Сүт энеге берилүүсү

Нур жүздүү уулун койнуна алган Амина энебиз күйөөсү Абдуллахтан ажыроонун ыздырабын унуткандай болду. Тогуз күн эмизгенден кийин Абу Лахабдын күңү болгон Сувайба Хатун

бир канча күн эмизип, кызматында болду. Сувайба Хатун мурда да Хазрети Хамзаны, андан кийин Абу Саламаны эмизген болчу. Хафиз ибни Жазри айтат: «Абу Лахаб түштө көрүлүп, кандай абалда экендиги суралганда “кабыр азабын тартуудамын. Бирок, ар жылы Рабиул-аввал айынын он экинчи түндөрү азабым жеңилдөөдө. Эки манжамын арасынан чыккан серин сууну эмип азабымдан жеңилдеп калам. Бул түнү Расулуллах дүйнөгө келгенде Сувайба деген күңүм муну мага сүйүнчүлөп келген болчу. Мен ошондо кубанганыман аны азат кылып, ага сүт эне болуусун айттым. Ошондуктан, бул түндөрү азабым жеңилдөөдө», - деди.

Ошол учурларда Меккеликтерде адат катары төрөлгөн бөбөктөрдү сүт энеге беришчү. Абасы таза, суусу таттуу болгон жайлоолорго жиберилген наристелер бир топ убакытка чейин сүт энелери менен бирге калчу. Буга Мекканин ысык абасы себеп болуучу. Ар жылы ушул максат менен Меккеге көптөгөн аялдар келишчү, эмизип чоңойтуп берүү үчүн бирден бала алып кетишчү. Балдарды чоңойтуп кайра тапшырып берген кезде көрсөткөн кызматтары үчүн көптөгөн сыйлык-акыларды алышчу.

Пайгамбарыбыз туулган жылы да жайлоолордо жашаган Бани Са’д уруусунан бир топ аял сүт эне болуу ниети менен Меккеке келишти. Ар бири эмизгенге бирден бала алышты. Бани Са’д уруусу Меккеге жакын уруулардын арасында аброй, жоомарттык, марттык, кичи пейилдик жана араб тилин таза сүйлөө жаатында таанылган болчу. Курайш уруусунун абройлуу үй-бүлөлөрү балдарын көбүнчө ушул урууга берүүнү каалашчу. Ал жылы Бани Са’д уруусунун журтунда катуу кургакчылык жана жут болду. Ушул уруудан Халима айым ал жагдайды мындайча баяндайт:

“Мен ошол жылы кыр-этекти кыдырып, чөп жыйнап, тапканыма Аллаху таалага шүгүр кылчумун. Кээде үч күнгө чейин эч нерсе жечү эмесмин. Ошентип жүрүп, бир балалуу да болдум. Бир жактан ачкалык, экинчи жактан төрөөнүн кыйынчылыгы бар эле. Ачкалыктан улам жер менен асманды, күндүз менен түндү айырмалай албаган кездерим дагы болчу. Бир түнү чөлдө уктап калыптырмын. Түшүмдө бирөө мени сүттөн ак бир суунун ичине батырып: “Бул суудан ич!” – деди. Мен суудан канып ичтим. Анан дагы ич деп кайрадан кыйнады. Кайра-кайра ичтим, балдан таттуу эле. “Сүтүң мол болсун, эй, Халима! Мени тааныдыңбы?” –деп сурады. “Тааный албадым”, – дедим. “Мен сенин кыйналып жүргөн кездериңде кылган хамд жана шүгүрүң боломун. Эй,

Халима! Меккеге бар. Ал жерде сага бир “Нур” жолдош болуп, берекетке толосуң. Бул түшүңдү эч кимге айтпа!” – деди. Ойгонуп карасам, көкүрөктөрүм сүткө толуп, кыйынчылык жана ачкалык менден кеткенин көрдүм”.

Каатчылыктан улам акчага бала эмизип, кыйынчылыктардан кутулуу үчүн башка жылдарга караганда көбүрөөк сүт эне Меккеге келген болчу. Баары бай үй-бүлөлөрдөн бала алууга тырышып жаткан эле. Эрте келген аялдар бирден бала алышкан болчу. Бирок, Пайгамбарыбызды жетим болгондуктан эмизүү акысына аз акча алып калабыз деп, Аны алуудан тартынып жатышкан эле. Ал аялдардын ичинде намысы, тазалыгы, жумшак мүнөзү, уяттуулугу жана көркөм ахлагы менен таанылган Халима Хатун да бар эле. Минип келген жаныбар алсыз болгондуктан Меккеге кечигип келишти. Бирок, бул кечигүү аларга күткөнүнөн да чоң бакытка себеп болду. Күйөөсү менен Меккени кыдырып, бай үй-бүлөлөрдүн балдарынын бөлүштүрүлүп бүткөнүн көрүштү. Бирок, үйгө куру кол кайткысы келбеди. Жалгыз тилектери журттарына бир бала менен болсо дагы кайтуу болчу.

Акырында, сый-урматтуу, жылуу жүздүү бир затка жолугушту. Бул киши Меккенин башчысы Абдулмутталиб эле. Каалоолорун билгенден кийин небересин алууларын, ушул аркылуу чоң дөөлөт жана бакытка ээ боло тургандыктарын айтты. Абдулмутталибдин сүйкүмдүүлүгү жана жакындыгы аларды өзүнө тартты. Сунушун дароо кабыл алышты. Анан улуу карыя Халима Хатунду Хазрети Аминанын үйүнө ээрчитип барды. Халима Хатун айтат:

“Бөбөктүн баш жагына барганымда бешикте жашыл жибектен жасалган бир кездеменин ичинде магдырап уктап жаткан эле. Айланасы миск жыттанып турган эле. Таң калып, Аны ушунчалык ысындым, ойготууга көңүлүм кыйбады. Колумду көкүрөгүнө койгондо ойгонду жана мени карап жылмайды. Мен болсо бул жылмайуудан өзүмдү жоготтум. Анан энеси ушундай керемет жана ыйык баласын мага бербей коёт деген ой менен бетин жаап, дароо кучагыма көтөрүп алдым. Оң көкүрөгүмү бердим, эме баштады. Сол көкүрөгүмдү берсем эмген жок. Абдулмутталиб мени карап: “Сага сүйүнчү болсун! Аялдардын ичинде сен сыяктуу ниматка жеткен болгон жок”, – деди.

Амина Хатун дагы мага сүйүктүү баласын бергенден кийин: “Эй, Халима! Үч күн мурда: “Сенин балаңа сүт бере турган аял Бани Са’д уруусунун Абу Зуайб тукумунан болот” деген бир

үн уктум", – деди. Муну уккандан кийин ага: "Мен Бани Са'д уруусунан болом жана атамдын аты Абу Зуайб", – дедим. "Халима Хатун дагы да мындай деген:

"Амина Хатун мага дагы көптөгөн окуяларды айтып берди жана насаат кылды. Мен болсо Меккеге келүүдөн мурда көргөн түшүмдү жана келе жатканымда оңуман, солуман: "Сага сүйүнчүлөр болсун, эй, Халима! Ал көздөрдү нурданткан жана ааламдарды жарыкка бөлөгөн нурду эмизүү сага насип болот", – деген үндөр угулганын айтып бердим".

Халима Хатун айтат:

"Мухаммед алейхиссаламды алып, Хазрети Аминанын үйүнөн чыктым. Күйөөмдүн жанына келдим. Ал дагы кучагымдагы наристенин жүзүн карап таң калды жана: "Эй, Халима! Бүгүнкүгө чейин мындай нурдуу жүздү көргөн эмесмин", – деди. Аны алар-албас келген берекеттерди көрүп: "Эй, Халима! Билип койгун, сен өтө Ыйык жана кадыр-баркы жогору бир баланы алыптырсың", – деди. Мен дагы: "Аллахка ант берип айтамын! Мен дайым ошентип каалоочумун, тилегиме жеттим", – деп айттым".

Халима Хатун күйөөсү менен бирге Мухаммед алейхиссаламды алып, Меккеден жолго чыккандан баштап Анын берекетин көрө баштаашты. Сүйрөлүп араң жүргөн эшектери эми желдей жортуп баратты. Өздөрү менен бирге келген кербендер алардан мурдараак жолго чыгып, өтө алыстап кеткенине карабастан, аларга жетип, жада калса, алардан өтүп кетишти. Бани Са'д журтуна барганда кийин аларды мурун болуп көрбөгөндөй молчулук менен береке каптады. Аз сүт берген малдарынын желиндери сүткө толду. Муну көргөн кошуналары таң калып, бул берекеттин сыры эмизүүгө алып келген наристеде экенин байкашты.

Бир мезгилде алардын журтунда өтө катуу кургакчылык болду. Суусуздуктан катуу кыйналган эл жамгыр дубасына чыкты. Мухаммед алейхиссаламды дагы өздөрү менен бирге алып чыгышып, дуба кылышты. Анын урматына мол жамгыр жана берекетке ээ болушту.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам сүт энеси Халима Хатундун оң көкүрөгүн эмип, сол көкүрөгүн эмчү эмес. Аны болсо сүт бир тууганына калтырчу. Эки айлык болгондо жөргөлөй баштады. Үч айлык болгондо буттарына туруп, төрт айлыкта дубалга жөлөнүп жүрчү. Беш айлык болгондо басты, алты айлыгында ылдам баса

баштады. Жети айлык болгондо ар тарапка бара ала турган болду. Сегиз айында түшүнүлө турчудай, тогуз айлык болгондо так сүйлөй баштады. Он айында ок ата баштады. Халима айым мындай деген болчу: "Биринчи сүйлөй баштаганда "Ла илаха иллаллаху валлаху акбар. Валхамдулиллахи раббил алемин" деди. Ал күндөн кийин Аллаху тааланын атын айтпай эч нерсеге колун узаткан жок. Сол колу менен бир нерсе жечү эмес. Басып баштаганда балдар ойноп жаткан жерден узак турчу жана аларга: "Биз бул үчүн жаратылган эмеспиз", – дечү. Күндө Аны күндүн жарыгы сыяктуу бир нур каптап, анан кайра ачылчу. Ай менен сүйлөшчү, ага ишарат кылганда ордунан козголчу.

Халима Хатун дагы айтат:

"Мухаммед алейхиссалам эки жашка толгондо Аны эмчектен чыгардым. Анан энесине тапшыруу үчүн күйөөм менен Меккени карай жол алдык. Бирок, Анын ушундай көп берекеттерине жеткен элек. Андан айрылуу, ыйык жүзүн көрө албоо бизди абдан кыйын болду. Анын таң калыштуу абалдары тууралуу энесине айтып бердим. Амина айым: "Менин уулумдун чоң атагы бар", – деди. Мен: "Аллахка ант болсун, мындан да ыйык эч кимди көргөн эмесмин!" – дедим. Анан Амина Хатунга түрдүү шылтоолорду айтып, дагы бираз биз менен бирге болуусун өтүндүм. Бизди таарынткысы келбей, биз менен бирге болуусуна уруксат берди. Аны менен кайра уруубузга кайттык. Аны себеби менен үйүбүз берекетке толду. Мал-мүлкүбүз, шаан-шөкөтүбүз артты. Эсепсиз ниматтарга ээ болдук".

## Көкүрөгүнүн жарылуусу

**Халима Хатун айтат:**

"Сарвар-и аалам "саллаллаху алейхи ва саллам" бир күнү: **"Күндүз эмне себептен бир туугандарым көрүнбөйт?"** – деп сурады. "Кой багууга кетишти. Үйгө түндө гана келишет", – деп жооп бердим. Ал: "Мени дагы алар менен бирге жибериңиз. Мен дагы кой багайын", – деди. Ар кандай шылтоолорду айттым. Акыры көңүлү ыраазы болсун деп: "Макул", – дедим. Эртеси күнү ыйык чачтарын тарадым. Кийимдерин кийгизип, сүт бир туугандары менен бирге жибердим. Бир нече күн барып келип жүрдү. Бир күнү сүт бир тууганы Шайма жайлоодон келгенде: "Көзүмдүн нуру

уулум Мухаммед кайда?" – деп сурадым. "Чөлдө жүрөт", – деп жооп берди. "Ысыкта кантип чыдап жүрөт?" – деп сурасам: "Эй, апакем! Ага эч кандай зыян келбейт. Анткени, ыйык башынын үстүндө дайым бир булут Аны менен бирге жүрөт. Ошентип, күндүн ысыгынан коргонууда", – деп жооп берди. "Эмнени айтып жатасың? Ушул айткандарың чынбы?" – деп сурасам ал ант берди. Ошондо гана көңүлүм тынчтанды. Бир күнү чак түштө сүт бир тууганы Абдуллах мага келип: "Апакем! Тез чуркаңыз!... Курайштык бир тууганым менен бирге кой кайтарып жүргөнбүз. Капыстан жашыл кийимчен үч киши келди. Бир тууганымды тоонун башына алып кетишти. Чалкасынан жаткызып, курсагын бычак менен жарышты. Кабар берейин деп келгенимде алар ал жерде болчу. Бир тууганымдын соо калдыбы же жокпу билбейм", – деди. Ошол маалда кан мээме чыкты. Чуркаган бойдон ошол жерге бардык. Аны көрдүк. Дароо ыйык жүзү-башын өөп: "Эй, көзүмдүн нуру! Эй, ааламдарга ырайым болгон уулум! Бул эмне деген шумдук? Сага эмне болду? Сени ким капалантты? – деп сурадым. Ал болсо: "Үйдөн чыккандан кийин жашыл кийимчен эки кишини көрдүм. Биринин колунда күмүштөн бир кумган, биринин колунда болсо зумруттан бир илеген бар эле. Илеген кардан аппак бир нерсеге толгон эле. Мени тоо башына алып барышты. Бири чалкаман жаткызды. Мен карап турсам көкүрөгүмдү курсагыма чейин жарды, бирок, менин эч бир оору чезбедим. Колу менен ичимде эмне бар болсо чыгарышты. Ошол ак нерсе менен жууп ордуна коюшту. Бири башкасына: "Тур, мен дагы милдетимди аткарайын!" – деди жана колу мене жүрөгүмдү чыгарды. Эки бөлүк эт эле жана ичинен кара бир нерсени алып салды. Жана: "Сенин денеңде шайтандын насиби ушул болчу. Чыгарып таштадык. Эй, Аллаху таланын сүйүктүүсү! Сени васвасадан жана шайтандын куулугунан коопсуз кылдык", – деди. Анан жүрөгүмдү өздөрүндөгү жумшак бир нерсе менен толтурушту. Нурдан бир мөөр менен мөөрлөштү. Алиге чейин ошол мөөрдүн салкынын бүт денемде сеземин. Алардын бири колун жарылган жериме койгондо, жарам сакайды. Кийин мени үммөтүмөн он киши менен тартышты, мен оор бастым. Миң киши менен тартышты, дагы мен оор бастым. Ушундан кийин алардын бири экинчисине: "Аны тартууну ташта. Аллахка ант болсун, Аны үммөтүнүн бардыгы менен тартсак да оор басат", – деди. Ошондо баары колуман жүзүмөн өөп мени ушул жерде калтырып кетишти", – деди. Жарылган жер ыйык көкүрөгүндө билинип турган эле.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын башынан өткөн жана Курани каримдин “Инширах” сүрөсүнүн биринчи аят-и каримасында билдирилген бул окуя **“Шакк-ы садр”,** б.а., көкүрөгүнүн жарылышы деп аталат.

Мухаммед алейхиссаламга пайгамбардыгы билдирилгенден кийин сахабалардан айрымдары: “Эй, Расулуллах! Бизге өзүңүз тууралуу айтып бересизби?” – деп сурашканда: **“Мен бабам Ибрахимдин дубасымын. Бир тууганым Исанын сүйүнчүсүмүн! Апамдын болсо көргөн түшүмүн. Ал мага кош бойлуу болгондо Шам сарайларын жаркыраткан бир нурдун өзүнөн чыкканын көргөн эле... Мен Са’д бин Бакр уулдарынын жанында эмизилип, чоңойтулдум”**, – деп жооп берди.

Халима Хатун төрт жашка толгондон кийин Аны Меккеге алып барып энесине тапшырды. Чоң атасы Абдулмутталиб Халима Хатунга көптөгөн сыйлык берип ихсан кылды. Халима Хатун Аны Меккеге калтырып кеткенде Андан бөлөк калуунун кайгысын: “Жаным жана көңүлүм да Аны менен бирге калгандай болду”, – деген сөздө менен айткан эле.

## Энесинин кайтыш болуусу

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” алты жашына чейин энесинин жанында чоңойду. Алты жашында энеси жана Үммү Айман деген күң менен бирге туугандарын жана атасы Абдуллахтын мазарын зыярат кылууга Мадинага барышты. Ал жерде бир ай калышты. Пайгамбарыбыз Мадинада Нажжар уулдарына караштуу хавузда сууда сүзгөндү үйрөндү. Ал тапта бир яхуди биларманы Андагы пайгамбардык белгилерин көрдү. Жанына келип атын сурады. “Ахмед” – деп айтканда ал биларман: “Бул бала акыр заман пайгамбары болот!” – деп кыйкырды. Айрыкча ал жердеги яхуди аалымдарынын айрымдары дагы Андагы пайгамбардык белгилерин көрүшкөн жана пайгамбар боло турганын өз-ара сүйлөшүп билишкен болчу. Алардын бул сөздөрүн угуп калган Умму Айман жагдайды Хазрети Амина энебизге кабар бергенде сүйүктүү энеси бир зыян келбесин деген кабатыр менен Аны алып Меккени карай бет алды. Абва деген жерге келгенде Хазрети Амина энебиз ооруп калды. Оорусу барган сайын күчөп, улам-улам өзүн жоготуп жатты. Жанында турган

сүйүктүү уулу Мухаммед алейхиссаламды карап: “Эй, атылган өлүм окунан Аллаху тааланын жакшылыгы менен, жүз төө куну менен аман калган заттын уулу! Аллаху таала сени мубарек кылсын. Эгер көргөн түшүм туура чыкса, сен жалал жана жакшылыгы мол Аллаху таала тарабынан адамзатка халал менен харамды билдирүү үчүн жиберилгенсиң. Аллаху таала кылымдардан бери улуттар менен бирге уланып келген буттардан дана бутпарастыктан коргойт”, – деди жана мына бул бейттерди айтты:

Жаңы эскирет, жашаган өлөт,
Түгөнөт көп болгон, барбы жаш бойдон калган?
Мен дагы өлөмүн, бир гана айырмам ушул:
Сени мен төрөдүм, мартабам ушул.
Артыман калтырдым кайырлуу перзент,
Көзүмдү жумдум, ичим рахат.
Менин наамым калат дайым тилдерде,
Сенин сүйүүң жашайт дайым көңүлдөрдө.

Анан көз жумду. Ошол жерге көмүлдү. Амина энебиз көз жумганда жыйырма жашта болчу.

Үммү Айман ааламдардын мырзасын жанына алып, бир нече күн созулган жолчулуктан кийин Меккеге алып барып, чоң атасы Абдулмутталибдин жанына таштады.

## Чоң атасынын жанында

Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” эне-атасы Ибрахим алейхиссаламдын education динине эле, б.а., момун болушкан. Ислам аалымдары алардын Ибрахим алейхиссаламдын udininде болушканын жана Мухаммед алейхиссаламга пайгамбардыгы билдирилгенден кийин да Анын үммөтүнөн болуулары үчүн тирилтирилип, калима-и шахадатты угуп тилдери менен айтышканын, ошентип, бул үммөттөн болгондуктарын билдиришкен.

Мухаммед алейхиссалам сегиз жашына чейин чоң атасынын жанында чоңойду. Чоң атасы Абдулмутталиб Меккеде абройлуу жана түрлүү иштерди башкарган бир зат болуп, айбатуу, сабырдуу, ахлактуу, дурус, март жана жоомарт эле. Кедейлерди тойгузуп, жада калса, ачка жана суусуз калган жан-жаныбарларга да тамак берчү. Аллаху таалага жана акыретке ишенчү. Жамандыктардан

сактанып, жахилия доорунун ар түрлүү жаман адаттарынан узак турчу. Меккеде зулумдуктарга, адилетсиздиктерге тоскоол болуп, келген мусапырларды конокточу. Рамазан айында Хира тоосуна чыгып ибадат кылуу адаты болчу. Балдарды жакшы көргөн жана өтө мээримдүү болгон Абдулмутталиб сүйүктүү небересин кучагына алып, күнү-түнү жанынан чыгарчу эмес. Ага өзгөчө сүйүү жана мээрим көрсөтчү. Каабанын көлөкөсүндө өзүнө гана таандык орунга Аны менен бирге отурчу. Ага тоскоол болгусу келгендерге: "Тим койгула, Анын мартабасы бийик!" – дечү. Пайгамбарыбыз алейхиссаламды баккан аял Умму Айманга Ага жакшы кароосун кайра-кайра дайындап: "Уулумду жакшы кара! Ахл-и китаб менин уулум тууралуу бул үммөттүн пайгамбары болот деп айтышууда", – дечү. Умму Айман мындай деген: "Анын балалык кезинде курсагым ачты, суусадым деп айтканын эч качан уккан эмесмин. Таңда бир жутум замзам иччү. Ага тамак берейин деген кездерде: "Кереги жок, токмун", – дечү".

Абдулмутталиб уктап жатканда жана бөлмөсүндө жалгыз отурганда Андан башка эч кимге жанына кирүүгө уруксат берчү эмес. Аны мээрим менен бооруна кысып, сөздөрүнөн жана кыймыл-аракеттеринен өтө ырыхаттанчу. Дасторкондо аны жанына алып, тизесине отургузуп, тамактын эң жакшысын, эң даамдуусун Ага берчү жана Ал келбестен дасторконго отурчу эмес. Ал тууралуу өтө көп түштөрдү көрдү, бир топ окуяларга күбөө болду. Бир жолу Меккеде кургакчылык жана жут болду. Абдулмутталиб көргөн түшү менен Мухаммед алейхиссаламды колунан кармап Абу Кубейс тоосуна чыгып "Аллахым, бул баланын акысы үчүн бизди берекулүү жамгыр менен сүйүндүрө көр!" деп дуба кылды. Дубасы кабыл болуп мол жамгыр жаады. Ошол кездеги акындар бул окуяны ырлар менен баян кылышкан.

## Нажрандык поп

Күндөрдүн биринде Абдулмутталиб Каабанын жанында отурганда жанына Нажрандык поп келип сүйлөй баштады. Поп: «Биз Исмаил уулдарынан эң акыркы келе турган пайгамбардын өзгөчөлүктөрүнүн китептерде жазулуу экендигин окудук. Мекке – анын туулган жери. "Өзгөчөлүктөрү мындай-мындай" деп бир-бирден санап баштады. Бул маалда Сүйүктүү Пайгамбарыбыз

жандарына келет. Нажрандык рахиб аны дыкаттык менен карай баштады. Кийин жакындап көздөрүн, далысын, буттарын карап толкундануу менен:

- Ал зат мына ушул! Бул бала сенин тукумуңанбы? – деп сурады.

- Уулум.

- Китептерде окугандыгыбызга караганда анын атасынын тирүү болбоосу керек, - деди.

- Бул бала менин неберем болот. Атасы ал төрөлө электе, энесинин боюнда бар кезде көз жумган, – дегенде поп:

- Мына, эми туура айттың – дегенде Абдулмутталиб уулдарына:

- Бир тууганыңардын уулу тууралуу айтылгандарды уккула да, ага жакшы көз салып коргогула, - деди.

## Чоң атасынын кайтыш болуусу

Чоң атасы Абдулмутталиб көз жумуусуна жакын уулдарын жыйнап: "Эми дүнүйөдөн акыретке көчүү мезгилим келди. Бир гана оюм бул жетим тууралуу болууда. Атаганат, өмүрүм узун болгондо бул кызматты сүйүү менен уланта алсам кана. Бирок, колдон эмне келмек эле. Азыр болсо буга өмүр жетпейт, көңүлүм бул кайгы-касырет отуна күйүүдө. Бул жалгызымды ичиңерден бирөөңөргө аманат кылууну каалайм. Кимиңер анын акысын сактап ылайыгы менен кызматында кемчилик кылбастан карай алаар экенсиңер?" - деди.

Абу Лахаб чөгөлөп "Эй, араптын кожоюну, эгер бул аманатты тапшыруу үчүн акылыңыздан өткөргөн бирөө бар болсо сөз жок, болбосо бул кызматты мен аткарайын", - деди. Абдулмутталиб ага: "Сенин дүнүйөң көп болгону менен сен таш боор, мээримиң аз. Жетимдин көңүлү жаралуу жана ичке болот. Дароо ирээнжийт. Башка балдарынан кээ бирлери дагы ошол эле сунуштарын кайталашты. Абдулмутталиб ар биринин өзгөчөлүктөрүн айтып, кабыл кылбады. Кезек Абу Талибге келгенде "Мен муну баарынан көп каалап турам, бирок, улууларыбыз турганда алдыга өтүү туура эмес. Дүнүйөм аз, бирок, менин чынчылдыгым бир тууганарыман артык", - деди. Абдулмутталиб: "Туура айтасың, бул кызматка ылайык болгон сенсиң. Мен ар ишимде аны менен акылдашып, ал каалагандай кыймылдаймын. Ошого жараша ишимден туура

натыйжа алып келе жатам. Бул маселени эми неберемдин өзү менен кеңешейин. Киминдердин карамагыңарда болууну тандаса мен дагы ошону кабыл кылган боломун", - деди. Кийин Сүйүктүү Пайгамбарыбызга кайрылып: "Эй, көзүмдүн нуру! Сага болгон касырет менен акыретке бет алдым. Бул агаларыңдан кайсы бирин тандайсың?" – деп сурады. Пайгамбарыбыз ошондо туруп: Абу Талибдин мойнун кучактап, тизесине отурду. Абдулмутталиб ошондо ушунчалык санаасы тынч алып: "Аллаху таалага хамд болсун. Мен да ушундай болушун каалаган элем. Абу Талибди карап: "Эй, Абу Талиб, бул таза наристе эне-ата мээримин көргөн жок. Ошого жараша өтө сак болуп карооң керек! Сени башка балдарыма караганда адамдык сапаттарыңды жакшы билем жана жакшы көрөм. Бул улуу, ары кымбат аманатты сага тапшырдым. Анткени, анын атасы экөөңөр тең бир энеден болосуңар. Аны өз жаныңдай коргой көр. Бул керээзимди, осуятымды кабыл кылдыңбы?" – деп сурады. Ал дайыг "кабыл кылдым" дегенде Абдулмутталиб жандай көргөн небересин кучактап, ыйык маңдайынан, көзүнөн, жүзүнөн өөп-жыттады да балдарына кайрылыа: "Баарыңар күбө болгула, мен мындан да жагымдуу жытты жыттабадым, мындай сулуу жүздү эч бир жерден көргөн жокмун!

## Абу Талибдин камкорлугунда

Чоң атасы Абдулмутталиб дүйнөдөн кайткандан кийин ааламдардын мырзасы Мухаммед алейхиссалам агасы Абу Талибдин жанында сегиз жаштан тарта жашай баштады жана анын кол астында чоңойду. Ал кезде Абу Талиб өзүнүн инсандык бийик касиеттеринен улам атасы Абдулмутталиб сыяктуу Меккелик курайш уруусунун билерманы, өзү абройлуу, сөзү өтүмдүү зат эле. Ал дагы Пайгамбарыбызды өтө чоң сүйүү-мээримин көрсөттү. Өз балдарынан артык жакшы көрүп, аны жанына албастан уктабас, бир жерге барбас эле жана "Сен ушунчалык кайырлуу, ушунчалык мубарексиң" дей турган. Дасторконго отурганда ал колун узатпастан мурда андан озунуп тамакка кол созчу эмес. Биринчи болуп анын баштоосун каалачу. Кээде Пайгамбарбызга арнап атайы өзүнчө дасторкон даярдатаар эле. Эртең менен ойгонгондо жүзүнүн ай сыяктуу жаркырагандыгын, чачтарынын таралгандыгын көрүшчү. Абу Талибдин дүнүйө малы көп эмес эле, үй-бүлөсү дагы көп эле.

Сүйүктүү Пайгамбарыбызды карамагына алгандан тарта молчулук жана берекетке ээ болду. Меккеде болгон кургакчылыктан улам эл кыйын абалга туш келгенде Абу Талиб аны Каабанын жанына алып барып дуба кылды. Анын берекеси менен мол жамгыр жаады. Кургактыктан жана жутчулуктан кутулушту.

## Динбашы Бахиранын айткандары

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз 12 жаштарында бир күнү Абу Талибди соода-сатык максатында узак сапарга камданып калганын көрөт. Бирок, агасынын бул сапарга өзүн бирге алып баруусун түшүнгөндө Абу Талибге: «Мени бул шаарда кимге таштап кетип жатасың? Же атам болбосо, же мага күйөр бирөө болбосо!...» - деди. Анын бул сөздөрү Абу Талибге катуу таасир калтырды, сапарга аны да алып кетүүгө белсенет. Узун сапардан келген соода кербени Бусрада христиандарга тийиштүү монастырдын жанында конуш алат. Бул монастырда **Бахира** атуу бир поп турчу. Мурда яхуди аалымдарынан болуп, кийин христиан болгон бул билимдүү поптун жанында колдон колго өтүп сакталып келген бир китеп бар болчу. Суроо сурагандарга ошого карап жооп берчү. Курайштын кербени мурдагы жылдарда бул жерден канча ирет келип-өткөн болсо дагы эч байланышы болгон эмес эле. Ар таңда монастырдын чатырына чыгып, кербендердин келген тарабына карап, тынчсыз абалда бир нерселерди издеп күтөөр эле. Бул жолу бир абал басып, толкундануу менен ордунан атып турган эле. Анткени, Курайш кербени алыстан көрүнгөндө үстүндө бир булуттун алар менен бирге калкылдап келе жатканын байкаган эле. Бул булут Сүйүктүү Пайгамбарыбызды көлөкөлөп турган эле. Кербен конор замат Бахира Пайгамбарыбыз отурган бактын талдары Анын үстүнө карай ийилгендигин көрүп ого бетер толкууга баткан эле. Дароо дасторкондорду жайдырып, киши жиберип Курайш кербенинде болгондордун бардыгын тамакка чакырды. Кербенде бирге келгендер Сүйүктүү Пайгамбарыбызды мал-жандарынын жанына таштап, поптун жанына барышат. Бахира кирип келгендерге дыкат салып карап: “Эй, Курайш калкы, араңарда тамакка кошулуп келбеген барбы?” – деп сураганда “Ооба, бир киши бар” дешти. Себеби, Курайштыктар жанына келсе дагы баягы булут алиге чейин эски ордунда калгын эле. Муну көргөндө кербенде бирөөнүн

калгандыгын түшүнгөн эле. Поп Бахира анын дагы келүүсүн айтты. Келер замат ага дыкат салып карай баштады. Абу Талибге: “Бул тестиер сенин урпагыңбы?” – деди.

- Ооба, уулум болот.

- Китептерде бул баланын атасынын тирүү эместиги жазылуу эле. Бул сенин балаң эмес.

- Туура айтасың, бала менин бир тууганымдын уулу болот.

- Атасына эмне болгон?

- Атасы уулу төрөлөргө жакын кайтыш болгон.

- Туура айтып жатасың. А энеси эмне болгон?

- Ал да көз жумган.

- Туура айттың, - деген Бахира берилген жооп менен Пайгамбарыбызга карап буттардын атына ант ичти. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Бахирага: “Буттардын ысымы менен ант ичпе, дүнүйөдө мага алардан чоң душман жок, мен аларды жек көрөмүн”, - деди. Бахира бул жолу Аллаху тааланын атына ант ичип:

- Сен уктайсыңбы?

- Көздөрүм уктайт, бирок, көңүлүм уктабайт.

Бахира мындан башка көптөгөн суроолорду сурап, жоопторун алды. Алган жжоптору мурда окуган китептерине төп келип отурган эле. Анан Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын ыйык көздөрүн карап Абу Талибге: “Бул кызылтыңдык ыйык көздөрүндө дайым болуп турабы?” – деп сурады. Ал: “Ооба, кеткенин көрбөдүк”, - деди. Бахира бул белгинин дагы төп келип турганын көргөндө көңүлүнүн йакин пайда кылуусу үчүн пайгамбарлык мөөрүн көрүүнү каалады. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз адебинен далысын ачууну каалашпады. Абу Талиб: “Эй, көзүмдүн нуру, бул өтүнүчүн да орунда”, - дегенде ыйык далысын ачты. Бахира «пайгамбарлык мөөрдү» үңүлө карап, толкундоо менен өөп эки көзүнөн жаш селдей акты. «Мен Сенин Аллаху Тааланын Расулу экендигиңе Шахадат кыламын” - деди да, көтөрүңкү үн менен мындай дейт: «Мынакей, ааламдардын мырзасы... Мына ааламдардын Раббинин Расулу... Мына Аллаху тааланын ааламдарга рахмат катары жиберген улуу Пайгамбар..”, деди. Ал жерде турган Курайштыктар аң-таң калышып, Мухаммеддин бул поп жанындагы кадыры кандай гана бийик экен”, - дешти. Бахира Абу Талибге кайрылып: “Бул Пайгамбарлардын акыркысы жана эң кадырлуусу. Мунун дини бүткүл жер бетине жайылып, эски диндерди сүрүп чыгарат. Бул

баланы Шамга алып барба. Анткени, Исраил уулдары ага душман. Анын ыйык денесине зыян берүүлөрүнөн коркомун. Бул тууралуу өтө көп «ахд жана мисак» болгон деди. Абу Талибдин «ахд жана мисак» тууралуу суроосуна болсо мындай жооп айтат:

- Аллаху таала бардык пайгамбарлардан жана акыркы болуп Иса алейхиссаламдан үммөттөрүнө акыр заман пайгамбарынын келе тургандыгын билдирүүлөрү тууралуу сөз алган, - деди.

Абу Талиб Бахиранын бул сөздөрүнөн кийин Шамга баруудан баш тартты. Мал-оокатын ушул жерде сатып кайра Меккеге кайтты. Бахирадан уккан нерселер өмүр бою Абу Талибдин кулактарында жаңырды. Пайгамбарыбызды андан бетер сүйдү. Аны өлгөнгө чейин коргоду. Ар бир ишинде жардамчы болду.

Ар кыймыл аракетинде фазилат жана сулуулук ээси жана өзгөчө инсан болгон Сүйүктүү Пайгамбарыбыз чоңоюп, 17 жашка кирген эле. Бул убакта Йеменге соода үчүн барган агасы Зубейр соодасынын берекелүү болуусу үчүн Аны дагы өзү менен бирге алып кетти. Бул жолкусунда да канчалаган кадимкиден башкача кызыктарга күбө болду. Меккеге кайтышкан кезде анын бул абалдары баяндалды жана Курайш уруусу арасында мунун атак-даңкы өтө бийик болот деп айта баштады...

## ЖАШТЫГЫ ЖАНА ҮЙЛӨНҮҮСҮ

Бардык тарабынан адамдардын эң жогорусу болгон Мухаммед алейхиссалам жаштык жылдарында Мекке элинин арасында курдаштарына караганда чоң кабыр-баркка ээ болгон. Жакшы мүнөзү, адамдарга мурда болуп көрбөгөндөй жакшы мамиледе болуусу, оор басырыктуулугу, жумшактыгы жана башка жогору касиеттери менен адамдардын көңүлүнөн орун алган болчу. Адамдар ушул касиеттеринен улам Ага таң калышкан болчу. Мекке эли ушул көргөн таң калаарлык даражадагы чынчылдык жана ишеничтүүлүктөн улам Ага Аль-Амин, б.а., өзүнө ар дайым ишенүүгө болгон киши деген лакапты берген эле. Ушинтип, жаштык жылдарында ушул ысым менен таанымал болду.

Пайгамбарыбыздын жаштык жылдарында араптар өтө жахилдик (караңгылык) доордо жашап турушкан. Бутка сыйынуу, аракечтик, кумар, зина, пайыз жана бир топ жаман иштер кеңири

тараган болчу. Мухаммед алейхиссалам алардын бул бузук абалын абдан жек көрүп, ар жамандыктан дайыма алыс турчу. Бүткүл Мекке эли Анын бул жагдайын билчү жана таң калчу. Буттарды ушунчалык жек көрүүдөн эч качан аларга жакын жолочу эмес. Буттар үчүн союлган курмандыктардын этинен эч качан жеген эмес. Бала кезинде жана жаштык жылдарында өзүнө таандык койлорду Жияд тоосу жана айланасына жайып, оокатын ушул жол менен камсыз кылчу. Мына ушинтип, абдан бузулган коомдон узак турчу. Бир күнү сахабаларга: “**Кой бакпаган эч бир пайгамбар жок”, -** деп айткан болчу. “Эй Расулуллах! Сиз дагы баккан белеңиз?” - деп сурашканда: “**Ооба, мен дагы бактым”, -** деп жооп берди.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз жыйырма жашка чыгып калган кездерде Меккеде тынчтык абдан бузулган эле. Зулумдук жайылып, мал-оокат, жан жана намыс коопсуздугу калбаган болчу. Меккенин жергиликтүү калкы соода жана Каабаны зыярат кылууга келген чет өлкөлүктөргө адилетсиздик жана зулумдук кылчу. Зулумдукка дуушар болгон кишилер акыларын кайтарып алуу үчүн кайрыла турган жер таппай жатышкан эле. Ал учурда соода максатында Меккеге келген Йемендик бир соодагердин буюмдары Ас бин Ваил деген бир Меккелик адам тарабынан зордук менен тартып алынган болчу. Бул окуядан улам Йемендик киши Абу Кубейс тоосуна чыгып, ызы-чуу салып, акысын кайтарып алуу үчүн уруулардан жардам сурады. Акыры зулумдук өтө жайылып, чектен ашкандыгына байланыштуу Хашим жана Зухра уулдары башка уруулардын чоңдору Абдуллах бин Жудандын үйүндө чогулушту. Жергиликтүү болсун, чет өлкөлүк болсун эч кимге зулумдук жана адилетсиздик кылынбашына, зулумдукка тоскоол болууга жана адилетсиздикке дуушар болгондордун акыларын алууга чечим чыгарышты. Ушул максат менен бир **адилет коомун** курушту. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жаш кезинде катышкан жана курулушунда да өтө чоң таасирин тийгизген бул коом «**Хылфул Фудул»** деп аталды. Андан мурда Фадл деген эки киши жана Фудайл деген киши тарабынан дагы ушул сыяктуу бир коом түзүлгөн болчу. Алардын мурда курган коомуна атап бул ысым берилген эле. Бул коом зулумдуктун алдын алып, Меккеде бузулган тынчтыкты кайрадан орнотту. Таасири көпкө чейин уланды. Расулуллах алейхиссалам өзүнө пайгамбардык билдирилгенден кийин сахабаларга түшүндүрүп

жатып: **“Абдуллах бин Жудандын үйүндө кылынган ант берүү анттаашууда мен дагы болгонмун. Мага ал ант берүү мааракеси кызыл төөлөргө** (байлыкка) **ээ болуудан дагы сүйкүмдүү. Азыр дагы мындай бир жыйналышка чакырылсам макул болом”, -** дечү.

## Кербен

Меккеликтер мурдатан эле соода менен алектенип, тиричилигин ушул жол менен камсыз кылчу. Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васалламдын агасы Абу Талиб да соода менен алектенчү. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз жыйырма беш жашка келгенде Меккеде тиричилик кылуу абдан оор эле. Ушул себептен Меккеликтер Шамга баруу үчүн чоң кербен даярдай башташты. Ошол күндөрү Абу Талиб Пайгамбарыбызга келип: “Эй, кадырлуу жээним! Жакырчылык абдан артты. Каатчылык менен өткөрүп жаткан ушул акыркы жылдар колубузда эч нерсе калтырган жок. Мына, Курайш кербени даярдалыптыр, Шамга карай жол алайын деп турат. Хадича Хатун дагы кербен менен мал жиберет. Сөзсүз ушул иштиаткара ала турган ишеничтүү адамдарды издеп жатса керек. Албетте, сен сыяктуу ишеничтүү, таза жана опаалуу бир кишиге муктаж. Барып бир сүйлөшүп көрсөк, сени өкүл катары жиберүүсүн камсыз кылсак абдан жакшы болот. Сөзсүз башкалардын арасында сени тандайт. Негизи мен сени Шамга барууңду каалаган жокмун. Себеби, ал жердеги яхудилер сага бир зыянын тийгизип коёбу деп коркуп турам. Бирок, башка чара да таппай жатамын”, - деди. Пайгамбарыбыз алейхиссалам ага: **“Сиз кандай кааласаңыз ушундай кылыңыз”, -** деп жооп берди.

Хазрети Хадича сулуулугу, байлыгы, акылдуулугу, намыскөйлүгү, уяттуулугу жана адептүүлүгү менен Арабыстанда чоң атакка ээ аял болчу. Ошондуктан, ар тараптан жактырып, колун сурап келген кишилер көп эле. Бирок, көргөн бир түшүнө байланыштуу эч кимге макулдугун бербеген болчу. Түшүндө көктөн ай түшүп койнуна кирген, айдын нуру колтугунан чыгып, бүткүл ааламга жарык чачкан болчу. Эртең менен бул түшүн туугандарынан Варака бин Навфалга айтып берди. Варака: “Акыр заман пайгамбары дүйнөгө келиптир. Сен менен үйлөнөт жана сенин заманыңда Ага вахий түшөт. Дининин нуру ааламды толтурат. Эң

алгач ыйман келтирген адам сен болосуң. Ал Пайгамбар Курайштан жана Бани Хашимден болот", - деди. Хазрети Хадича бул жоопко аябай кубанды жана ал Пайгамбардын келишин күтө баштады.

Хазрети Хадича соода менен алектенип, макулдашкан кишилер менен ортоктош иш кылчу. Абу Талиб Хазрети Хадича энебизге жагдайды айтып берди. Анан Хазрети Хадича Расулуллах алейхиссаламды көрүп, сүйлөшүп алуу үчүн үйүнө чакырды. Пайгамбарыбыз келгенде чоң урмат-сый көрсөттү. Пайгамбарыбыздын сылыктыгын, жөнөкөйлүгүн, нурдуу дидарын көрүп таң калды. Расулуллах алейхиссаламга кайрылып: "Чынчыл, ишеничтүү, өзүнө бекем жана жакшы мүнөздүү экениңизди билемин. Бул иш үчүн эч кимге бербеген кызмат акысынан көп эсесин беремин..." Андан соң кызматта керек боло турган кийимдерди берип, көңүл тынчтыгы менен узатып койду.

Хазрети Хадича энебиз илимдүү бир христиан болгон агасынын уулу Варака бин Навфалдан пайгамбардык белгилерин үйрөнүп, билип алган болчу. Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын бул зыяратында да пайгамбардык сыпаттарын көргөн болчу. Ошондуктан, Майсара деген кулуна: "Кербен Меккеден айрылган кезде төөнүн ноктосун ага кармат, анткени, Меккеликтер бир ушак таратпасын. Шаардан алыстап көздөн уза кеткенге чейин бул кымбат кийимдерди Ага кийгиз", - деди. Анан төөлөрүнүн эң сулуусун падышаларга даярдагандай кылып жабдыктады. Майсарага: "Аны ушул төөгө чоң урмат менен мингизип, ноктону колуңа ал, өзүңдү ал Хазреттин кызматкери деп бил. Анын уруксатысыз эч нерсе кылба жана Аны коргоо үчүн жаныңды аяба. Барган жерлериңерде көпкө калып кетпей, тезирээк кайтып келгиле. Антпесе, Хашим уулдарынын жанында уят болуп калабыз. Эгер ушул айткандарымды так аткарсаң сени азат кылып, өзүңө канча кааласаң ошончо байлык беремин", - деди.

Кербен даярдалды, Меккеликтер жакындары менен коштошуу үчүн топ-топ болуп жыйнала баштады. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын тууганы, агалары жана Хашим уулдарынын чоңдору дагы ошол жерге жыйналды. Пайгамбарыбыздын таежеси, Аллаху тааланын Расулун (саллаллаху алейхи васаллам) жумушчу кийими менен төөнүн ноктосун колуна кармаган абалда көргөндө өзүн кармай албай, тизелеп отуруп калды. Ыйлап-сыздады, көздөрүнөн жаш агызып: "Эй, Абдулмутталиб! Эй,

Замзам кудугун казган улуу зат! Эй, Абдуллах! Мазарыңан туруп, башыңды бул тарапка буруп бул кишинин абалын карачы!" - деп кайгыларын айтып ыйлады. Абу Талиб дагы ошол сезим жана кайгынын ичинде эле. Расулуллахтын Хакты көргөн ыйык көздөрүнөн берметтей жаштар төгүлө баштады жана: "Мени эч качан унутпагыла. Бөтөн өлкөлөрдө кайгы жана кыйынчылык тартканымды эскергиле", - деп айтты. Бул сөздөрдү уккандардын баары ыйлады. Көктөгү периштелер дагы бул абалга орток болду жана: "Эй, Раббибиз! Бул Өзүңө хабиб (сүйүктүү) кылып, эң чоң мартабаны берген Мухаммед алейхиссалам го. Бул абалдын сыры эмнеде?" - дешти. Аллаху таала аларга: **"Ооба, Ал менин хабибим. Бирок, силер махабаттын сырын биле албайсыңар. Сүйүктүү менен сүйгөндүн арасындагы сырларга жете албайсыңар. Бул мартабаны эч ким биле албайт. Бул сырдуу иштен эч ким эч нерсени түшүнө албайт", -** деди.

Акырында кербен жолго чыгып, Меккеден көрүнбөй калганда Майсара алган буйругуна ылайык кымбат кийимдерди сүйүктүү Пайгамбарыбызга кийгизди. Түрдүү-түрдүү кездемелер менен кооздолгон төөгө мингизди. Ноктосун да өзү колуна алды.

Бул жолчулукта кербендегилер ааламдарга ырайым катары жиберилген сүйүктүү Пайгамбарыбыздын үстүндө Аны көлөкөлөп бараткан бир булутту жана куш сүрөтүндө эки периштенин сапардын аягына чейин Аны менен бирге жүргөнүн көрүштү. Жолдо алдан тайып, баса албай кербендин артында калып кеткен эки төөнү буттарын колдору менен сылаганданда төөлөрдүн ылдам басып кеткени сыяктуу бир топ керемettерди көрүшкөндөн кийин Аны аябай сүйүп, даражасынын өтө бийик боло турганын түшүнүштү. Бусра деген жерге келишкенде дагы ошол жердеги монастрдын жанында токтошкон эле. Көргөн бир канча белгилерден улам Анын акыркы пайгамбар боло турганын көрүп айткан рахиб Бахира өлүп, анын ордуна Настура деген башкасы келген эле. Чиркөөгө жакын жерге келип токтогон Курайш кербенин карап турган рахиб Настура жакын жердеги бир кургап калган бактын астына бир кишини барып отурганда ошол замат бак жашылданып кеткенине күбө болду. Майсарадан: "Ал бактын астында отурган зат ким?" - деп сурады. Майсара: "Ал киши - Курайш уруусунун Харем элинен бир зат болот", - деди. Рахиб: "Азыркыга чейин бул бактын астына пайгамбарлардан башка эч ким отурган эмес", - деди.

Анан: “Анын көздөрүндө бир аз кызгылтың барбы?” - деп сурады. Майсара: “Ооба бар жана көздөрүнөн эч качан жок болбойт”, - деди. Настура: “Иса алейхиссаламга Инжилди түшүргөн Аллаху тааланын акысы үчүн бул зат пайгамбар болот. Кана, мен дагы Анын пайгамбардыгы билдириле турган заманга жеткенимде”, - деди...

Мухаммед алейхиссалам Бусра базарында Хадича Хатундун товарларын сатып турганда Аны менен соодалашкан бир яхуди ишенбегендиги үчүн “Лат жана Узза деп аталган буттарга ант бер, анан ишенейин” дегенде, Мухаммед алейхиссалам: **“Мен ал буттардын атына эч качан ант бербеймин! Алардын жанынан өтүп баратканда да бетимди башка тарапка бурамын”, -** деди. Андагы башка белгилерди да көргөн яхуди: “Сөз сенин сөзүң. Аллахка ант болсун бул зат пайгамбар боло турган киши”, - деди жана: “Аалымдарыбыз китептерде мунун сыпаттарын табышкан”, - деп таң калганын жашырбады.

Майсара Расулуллахта көргөн жана Ал тууралуу уккандарынын баарын жакшы эстеп калды жана Ага таң калуусу барган сайын көбөйө берди. Майсаранын жүрөгүндө Ааламдардын мырзасына карата чоң махабат пайда болгон эле. Эми Ага чын жүрөктөн жана чоң урмат менен кызмат кыла баштады. Эң кичинекей бир ишаратын чоң сүйүү менен орундап жаткан эле.

Алып кетилген товарлар сатылып, Пайгамбарыбыздын берекеси менен ар дайымкыдан да көп киреше табылган болчу. Кербен артка кайтууга даярдана баштады. Мерруззахран деген жерге келишкенде Майсара сүйүктүү Пайгамбарыбызга Меккеге сүйүнүчтүү кабар жөнөтүүнү сунуштады. Пайгамбарыбыз да макул болуп, кербенден айрылып, Меккени карай төөсүн ылдам айдай баштады.

Нафиса бинти Мунийийа Хатун айтты: “Кербендин келе турган убагы жакындап калган эле. Хадича Хатун ар күнү кызматкерлери менен үйүнүн чатырына чыгып, кербенди күтө баштады. Ошондой бир күндө Хадичанын жанында элем. Кокустан алыстан төө минген бир киши көрүндү. Үстүндө бир булут жана куш сүрөтүндө эки периште Аны көлөкөлөп турган болчу. Пайгамбарыбыздын ыйык маңдайындагы нур ай сыңары жаркырап турчу. Хадича Хатун келе жаткан кишинин ким экенин түшүнгөндө көңүлү тынчтанды. Бирок, билбегенсип: “Бул ысык күндө келген киши ким болушу мүмкүн?” - деп сурады. Кызматкерлер: “Бул келген

киши Мухаммедге (алейхиссалам) окшоп турат", - дешти жана көргөндөрүнөн улам аябай таң калышты. Бираздан кийин Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Хадича энебиздин үйүнө келди жана жагдайды айтып берди. Айткан сүйүнүчтүү кабары менен аны аябай кубантты.

Бир канча убакыттан кийин кербен Меккеге кирип келди. Майсара Хазрети Хадича энебизге сапарда Пайгамбарыбызга бир булуттун көлөкө кылып турганын, рахиб Настуранын айткандарын, алсыз төөлөрдүн кандай ылдам басып кеткенин жана ушул сыяктуу өзү күбө болгон канча-канча таң калыштуу окуяларды бирөөнү да калтырбай айтып берди. Сүйүктүү Пайгамбарыбызды тили чарчаганча мактады. Хазрети Хадича буларды билчү. Бирок, бул айтылгандар анын ишенимин андан да арттырды. Майсарага: "Ушул көргөндөрүңдү эч кимге айтпа!" - деп эскертти.

Хадича энебиз ушул уккандарын тез кабар берүү үчүн Варака бин Навфалга барды. Айтылгандарды өтө таң калуу менен угуп турган Варака: "Эй, Хадича, бул айткандарың чын болсо Мухаммед алейхиссалам бул үммөттүн пайгамбары болот", - деди.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам он эки жашында агасы Абу Талиб менен соода үчүн Бусрага чейин, он жети жашында агасы Зубейр менен Йеменге, жыйырма жашында Шамга жана жыйырма беш жашында да Хазрети Хадичанын товарларын сатуу максатында дагы Шамга баруу менен төрт жолу саякатка чыкты. Бул саякаттарынан башка эч бир жерге саякатка чыккан эмес.

## Үйлөнүүсү

Хазрети Хадича энебиз Варака бин Навфал берген сүйүнчүлүү кабарынан кийин жана сүйүктүү Пайгамбарыбыздын көркөм сыпаттарын көргөндө Анын жубайы болуп, кызматын кылуу аброюна ээ болууну каалады. Нафиса бинти Муниййа бул жагдайды сезип, ортомчу болду. Бул ниет менен Расулуллах алейхиссаламка келип: "Эй, Мухаммед! Үйлөнүүңүзгө тоскоол болуп турган нерсе эмне?" - деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Үйлөнүү үчүн колумда жетиштүү өлчөмдө акчам жок", -** деп жооп берди. Нафиса Хатун: "Эй, Мухаммед! Намыстуу-уяттуу жана абройлуу, бай жана сулуу бир аялга үйлөнүүнү кааласаң кызматыңа даярмын", - деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **"Ал аял ким?" -** деп сураганда:

“Хадича бинти Хувейлид”, - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз: **“Бул ишке ким себепкер болот?” -** дегенде: “Бул ишти мен орундаймын”, - деп чыгып кетти. Хазрети Хадичага сүйүнчү кабарды жеткизди. Хазрети Хадича тууганы Амр бин Асад менен Варака бин Навфалды чакырып, жагдайды түшүндүрдү. Айрыкча Расулуллах алейхиссаламга кабар жиберип, белгилүү бир саатта келүүсү үчүн чакыртты. Абу Талиб жана ага-инилери да даярдыгын көрүп, Пайгамбарыбыз менен бирге барышты. Хазрети Хадича энебиз үйүн коздоп тосуп алды. Бул күндүн шүгүрчүлүгү катары бардык кооздук буюмдарын кызматчыларына белек кылды. Кийин эркиндикке чыгарды. Расулуллах алейхиссалам Хадича энебиздин үйүнө агалары менен келишти. Абу Талиб: “Жаратканыбызга хамд болсун! Бизди Ибрахим алейхиссаламдын урпагынан жана Исмаил алейхиссаламдын урпагынан кылды. Адамдардын кыбыласы жана ааламдар таваф кылган ал ыйык Үйүн, ар жамандыктан коргогон харем-и шарифти бизге сыйлык кылды. Тууганым Абдуллахтын уулу Мухаммед Курайштан ким менен салыштырыла турган болсо жогору болчу зат. Чындыгында, дүнүйөсү аз, бирок, мал-мүлккө этибар бербейт. Анткени, байлык көлөкө сыяктуу. Колдон колго өтүп жок болот. Жээнимдин чоң кадыр-баркы бардыгыңыздарга маалым. Азыр Хадича бинти Хувайлидди халалдыкка талап кылат. Малыман канча махр берилүүсүн каалайсыңар? Ант беремин, Мухаммеддин мартабасы жогору болсо керек. Варака бин Навфал бул сүйлөшүүлөрдү тастыктады. Хадича энебиздин абасы Амр бин Асад: «Баарыңыздар күбө болуңуздар! Хадича бинти Хувейлидди Мухаммед алейхиссаламга жубайлыкка бердим”, - деди. Ошентип, нике келишими аяктады. Бир риваятка караганда Хадича энебизге 400 мыскал алтын, башка риваятка караганда 500 дирхам, дагы бир риваятка караганда 20 төө махр берилген. Абу Талиб той тамагы катары бир төө союп ал күнгө чейин болуп көрбөгөн сый-сыяпат берди. Ошентип, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) үй-бүлөлүү болду. Хадича энебиз болсо болгон байлык-мүлкүн Пайгамбарыбызга белек кылып: «Менин бүт мүлкүм бийик даражаңызга тийиштүү! Мен дагы сага муктажмын жана кызматыңыздын алдындамын», - деди. Ошо күндөн өмүрүнүн акырына чейин Хазрети Хадича энебиз Расулуллахка (саллаллаху алейхи васаллам) дайыма кызмат кылып жардамчысы болду. Хазрети Мухаммеддин (алейхиссалам)

үй-бүлөлүгү Хазрети Хадича энебиздин көз жумуусуна чейин жыйырма беш жыл уланды. Мунун он беш жылы бисеттен мурда, он жыйылы бисеттен (пайгамбарлыгынын билдирилүүсүнөн) кийин болду. Пайгамбарыбыз алейхиссалам алгачкы жубайы Хазрети Хадича тирүү кезде башка бирөө менен эч үйлөнгөн эмес. Экөө эркек, төртү кыз болуп, алты балалуу болушту. Булар: Касым, Зейнеп, Рукаййе, Үммү Гүлсүм, Фатима жана Абдуллах (Таййиб же Тахир). Пайгамбарлыгы маалында үйлөнгөн Хазрети Мариядан Ибрахим атуу бир уулдуу болгон. Калган жубайларынан балалуу болбоду. Зейнеп кыздарынын эң улуусу, кенже кызы Фатима атасынын сүйүктүүсү эле. Фатима хижраттан 13 жыл мурда төрөлдү. Уулдарынын баары наристе кезинде көз жумуп, Хазрети Фатимадан башка кыздарынын баары андан мурда кайтыш болушкан. Фатима энебиз Пайгамбарыбыздан алты айдан кийин кайтыш болду. Хазрети  Али менен үйлөнгөн эле. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын урпагы Хазрети Фатиманын балдары менен уланды. Пайгамбарыбыз Хадича энебиз менен үйлөнгөндөн кийин соода менен алектенди. Тапкандары менен конок күтүп, жетимдерге жана кедейлерге жардам беришчү.

## Зейд бин Хариса

Зейд бин Хариса бала кезде апасы Суда менен бирге туугандарын зыярат кылууга барышкан эле. Бул учурда башка бир уруунун кысымына дуушар болушту. Зейдди туткунга алышты.  Меккеге сук-и указ деп аталган базарга алып келип сатууга коюшту. Хазрети Хадичанын жээни Хаким бин Хизам Зейдди 400 дирхамга сатып алды. Хаким бин Хизам Зейд бин Харисаны эжеси Хазрети Хадичага, ал болсо Пайгамбарыбызга хадия кылды. Пайгамбарыбыз Хазрети Хадича менен үйлөнгөн эле. Пайгамбарыбыз аны дароо боштондукка чыгарып өзүнүн жанында калтырды. Себеби, азаттыкка жеткен Зейд бин Харисанын бара турчу жери болбогондуктан Расулуллахтан дагы аны жакшы карай турчу эч кими жок болчу. Ал дагы кубануу менен Расулуллахтын жанында калды. Зейд бин Хариса пайгамбарлыгы билдирилүүдөн мурда да адилеттик, ынсаптуулук, мээримдүүлүк, адамкерчилик, жарык жүздүүлүк, керем, жоомарттык, сөзгө

бекемдик, аманатка бекемдик, жардамчылдык, ишеничтүүлүк, зулумдукка учурагандарды, кедейлерди коргоо, балдарга сүйүү жана мээрим көрсөтүү, чынчылдык, жумшактык, жөнөкөйлүк, оор басырыктуулук, адамдар менен жакшы мамиледе болуу, эр жүрөктүк, сүрдүүлүк сыяктуу көрүнөр-көрүнбөс, билинер-билинбес ар түрдүү көркөм ахлакты толуктоо үчүн жаратылган, ар тараптан келген жана келе турчу бардык жаратылгандардан жогору болгон, бардык адамдардын ишенимин таап эль-эмин лакабын алган Пайгамбарыбыздан көргөн жакшы мамиледен улам атасынан жана энесинен артык сүйүп, жанынан эч алыс калгысы келчү эмес. Ата-энеси болсо Зейд тууралуу эч кабарсыз калышкан эле. Атасы Хариса бала деген азап менен дубан-дубан кыдырып, уулун издеп жүргөн эле. Йемендеп түрдүү өлкөлөргө барган туугандарына жана тааныштарына бекем тапшырып, уулу Зейдден бир кабар болсо да алып келүүлөрүн өтүнүп, ырлар менен арманын айтып көз жашын төкчү. Акыры Исламият келүүдөн мурда Бени Келб уруусунан Каабага зыяратка келгендерден кээ бирлери Хазрети Зейдди көрүп таанып, Хазрети Зейд аларга үй-бүлөмдүн мен үчүн азап тарта тургандыгын билем, мына бул саптарды аларга айтып баргыла деп:

Жүрөгүм жанууда, узакмын мен журтуман
Коңшумун Каабага узак болсом да эне-атаман
Кайгыңар көңүлүңөрдү күйгүзбөсүн
Мен үчүн ыздырап үнүңөр Аршка чейин чыкпасын
Хамд болсун Мевлага, ушундай бир уядамын

Көргөн жакшылыгыман дайым дубадамын – деген маанидеги ыр саптарын айтат. Хариса бул кабарды алып сүйүнүп, дароо тууганы Кааб менен бирге жанына көп акча алып, Меккеге келди. Меккеге барар замат Пайгамбарыбыздын үйүн сурап билип барып мындай деди: "Эй, Курайш коомунун кожоюну, эй, Абдулмутталибдин небереси, эй, Бени Хашим тукумунун уулу, Сиз Харем-и шарифтин коңшусусуз. Конокторго сый берип, туткундарга жакшылык кылып, аларды туткундуктан куткарасыңар. Кулуңуз болгон уулумун кутулуусу үчүн канча акча сурасаң аны берели. Уулумду бошот, бул тилегимди кайтарба", - деп өтүндү. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Зейдди чакырып, өзүнө айталы, аны эркин кылалы, эгер сиз менен кетүүнү тандаса сиз эч акча бербестен аны алып кете аласыз. Эгер мени тандап, жанымда калгысы келсе Аллахка ант беремин, мени

тандаганды эч кимге бербейм, жанымда калат", - деп буюрду. Хариса менен бир тууганы Пайгамбарыбызды бул жообуна абдан ыраазы болушту. "Сен бизге өтө адилеттүү жана ынсаптуу мамиле кылдың", - дешти. Ошентип, Пайгамбарыбыз Зейдди жанына чакырып сурады:

- Буларды тааныйсыңбы?

- Ооба, бул атам, тиги агам.

- Эй, Зейд, сен мени тааныдың, сага болгон мээримимди, мамилемди көрдүң, булар сени алууга келишиптир. Эми сен же мени тандап жанымда кал, же аларды тандап бирге кет, - деди. Атасы менен агасы "Зейд бизди тандайт, алып жолго чыгабыз" деген үмүт менен күтүп турушкан эле. Зейд: "Мен эч кимди Сиздин ордуңузга тандабайм, Сиз менин агамдын, атамдын ордундасыз. Сиздин жаныңызда калгым келет", - деди. Атасы менен агасы таң калып туруп калышты. Атасы ачууланып, Зейдге: "Демек сен кулдукту эркиндиктин, энеңдин, атаңдын, агаңдын ордуна тандап жатасыңбы?" – деди. Зейд болсо атасына: "Ата, мен бул адамдан ушундай жакшылык менен мээрим көрдүм, аны эч кимге алмашпайм", - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз Зейдди өтө сүйчү. Өзүнө болгон ишенимин, бекемдигин көргөндө аны Кааба-и муаззамага хижрге алып барып, ал жердегилерге: "Күбө болгула, Зейд менин уулум, ал менин варисим, мен ага варисмин", деди. Харис менен Кааб бул абалды көргөндө ачуулары тарады. Сүйүнүч менен мекенине кайтышты. Асхабы кирам мындан кийин Зейдди "Зейд бин Мухаммед" (Мухаммеддин уулу) деп атай башташт. Кийин Аллаху тааланын Ахзаб сүрөсүнүн 5-чи жана 40-чы аяттарындагы: **"Балдарыңарды аталарынын аты менен чакыргыла. Ушул Аллах алдында дагы да туура."**

**"Мухаммед** (алейхиссалам) **силерден эч бир эркектин** (Зейд сыяктуу) **атасы эмес" деген буйруктары менен бала асыроо токтотулганда Хазрети Зейд атасынын аты менен, б.а., Харисанын уулу (Зейд бин Хариса**) деп атала баштады.

## Доо-жаңжалдарды чечүүдө калыстыгы

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) отуз бешке келгенде Ыйык Каабада каабада калыстык кылат. Ошол жылы жамгыр менен селден Кааба дубалдары абдан зыян тарткан эле. Айрыкча, кокустуктан тутанган өрт да Каабага бир топ зыян

алып келген эле. Ошол себептен имаратты кайрадан оңдоп чыгуу зарыл болот. Курайш уруусу демилге көтөрүп Каабаны Ибрахим пайгамбар түптөгөн пайдубалга дейре жыгып, жаңылап курууну колго алышат. Ашарга келген уруулар да дубалдарды өз ара бөлүшүп көтөрүшөт. Негизинен бул иштин абдан берекелүү, ары намыс иши экенин билген уруулар «Хажарул асвад» ташын өз жайына коюга келгенде уруулар ортосунда келишпестик чыгып, талаш кызыйт. Ташты ордуна жайгаштырууну ар бир уруу өз колу менен койгусу келип тирешип туруп алышат. Абдуддар уулдары өздөрүнөн башка уруу бул ташты ордуна коё турган болсо кан төгүлөөрүн айтып, өз ара антташып, ачык сес көрсөтүүгө өтүшөт. Бул тиреш төрт-беш күнгө чейин созулат. Бул учурда Абдулмутталибдин улгайган тайкеси Хузайфа бин Мугира аксакалдык пикирин айтат. «Эй, Курайш эли! Канча күндөн бери бул маселени чече албай жатабыз, биргелешип мындайча чечилүүсүнө макул бололу, мынабу эшиктен эң алгач ким кире турган болсо ошол адамды калыс тутуп, ошонун өкүм берүүсү менен иш кылалы", - деп Каабага карай ачылган Бени Шейбе эшигин көрсөттү. Ал жерде тургандар бул сунушту кабыл кылышты. Айланада заматта жымжырттык өкүм сүрүп, баарынын көзү Бани Шайба эшигине тигилет. Бул учурда ар кимиси ар кандай ойго жетеленип, эми мындай зобололуу ишке калыс боло турган ким бар биздин элде, буга жарай турган көрөгөч бирөө жарым келер бекен дегендей ойго батышат. Акырында көпчүлүк күткөн инсан, өздөрү ыйгарган "Эль-Эмин" (Ишенимдүү, чынчыл, акыйкатчыл) деген Мухаммед алейхиссаламдын кирип келатканын көрүшөт. «Ишеничтүү адамыбыз келатат. Анын бере турчу өкүмүнө ыраазыбыз», - дешти. Жагдай Хазрети Мухаммедге (алейхиссалам) маалым болгон соң ал төрт чарчы кездеме сурады. Кездеме алынып келинген соң аны жерге жая салып Хажарул асвадды кездеменин үстүнө коёт. Ар уруудан бирден өкүлү кездеменин төрт бурчунан көтөрсүн", - деп буюрду. Ташты коюла турчу жерге чейин көтөртүп барды. Кийин өзү ташты кучактап ордуна койду. Мына ушундайча тутанып кете турчу чоң чырдын алдын алган уруулар бул ишинен ыраазы болушту. Дубалдарын токтогон жерден улантып бүтүрүштү.

## ПАЙГАМБАРЛЫГЫ ЖАНА ДИНГЕ ЧАКЫРУУСУ

Ааламдын мырзасы (саллаллаху алейхи васаллам) отуз жетиге толгондо кайыптан «Йа, Мухаммед!» деп өзүн чакырган үндөрдү укчу. Отуз сегиз жашка келгенде бир нече нурларды көрүп баштады. Жагдайын бир гана Хазрети Хадича энебизге айтып берер эле. Мухаммед алейхиссаламга Пайгамбарлыгынын билдирилүүсү жакындаган кезде ошол убактын атактуу сөзмөрлөрүнөн Кусс бин Саиде Указ базарында төө үстүндө калың журка карата окуган хутбада Анын келе тургандыгын сүйүнчүлөгөн эле. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз дагы бул хутбаны угуп тургандардын арасында эле. Кусс бин Саиде бул атактуу хутбасынын бир бөлүгүндө мындай деген: "Эй, адамдар, келгиле уккула, күткүлө, мындан сабак алгыла!  Тирүү өлөт, өлгөн фена табат, болор нерсе болот. Кулак салып жакшылап уккула. Көктө кабар бар, жерде ибрет боло турчу нерселер бар. Аллахтын алдында бир дин жана келе турчу Аллахтын бир пайгамбары бар. Келүүсү өтө жакын. Көлөкөсү башыңардын үстүнө түштү. Ага баш ийген жана ага ыйман келтиргендер кандай гана мубарек. Ага каршы чыгып, тоскоолдук кылган бетпакка кандай гана жазык, кандай гана кейиш!» Бул мезгилде Арабыстанда адамдар илахий өкүмдөрдөн алыстап, бай-кедей, күчтүү-алсыз, кожоюн-кул сыяктуу жиктерге бөлүнүшкөн эле. Мурдагылар кийинкилерди эзип, аларды адам ордуна коюшчу эмес. Алсыздардын мал-мүлкү колдорунан кыйнап тартылып алынып, буга кедерги боло турчу бирөө табылбай жаткан эле. Аллаху таалага ыйман келтирүү берген уят-сыйыт, коркуудан куру калып, фазилаттан таптакыр алысташкан эле. Ар түрдүү ахлаксыздык уят-намысты тебелөө сыяктуу одоно иштер ээн-эркин кылынып, кумар, ичкилик, оюн-зоок ааламдарды эч көзгө алчу эмес. Токтобогон адам өлтүрүү, зина менен каракчылык тегеректи басып карапайым калктын азап тарткан үнү жана ачуу кыйкырыгы Аршка угулуп жаткан эле. Ахлаксыздык чектен чыгып, түркөйлөр наадандыктын караңгы  деңизинде чөмүлүп жаткан эле. Аялзаты арзан  буюм  катары  алынып-сатылып, кыз наристелер тирүүлөй жерге көмүлүп жаткан эле. Баарынан  жаманы – ырайымсыз таш боор,  мээримсиз бул адамдар  өз  колу менен жасаган пайда-зыяны жок буттарга табынууну өтө чоң аброй деп билишчү эле. Адем алейхиссаламдан бери адамзат тарыхында мындай жырткычтык,

мындай бузукулук, мындай ахлаксыз жашоо, капырчылык жана напсикорлук көрүлгөн эмес эле. Адамдар кудум жырткыч сымал абалга жеткен эле. Элдер, уруулар ортосундагы келишпестик мындай турсун, бир тууган бир тууганга душман болгон заман эле. Мындай алаамат караңгылыктан, түркөйлүктөн жалпы адамзатты куткара турган бактылуулук күнүнүн чыгуусу керек болчу. Аны менен капырлыктын ордун ыйман, заалымдыктын ордун адилеттүүлүк, түркөйлүктүн ордун илим ээлеп, эл түбөлүк бакыттын босогосуна кадам коёр эле.

Акыры сүйүктүү Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) алгач түшүнө садык (акыйкат) түштөр көрсөтүлө баштады. Хадиси шарифте вахий адегенде садык түштөр аркылуу келе баштагандыгы билдирилген. Түштө көргөндөрү дал ошондой болууда эле. Бал абал алты ай уланды. Вахий келүүсү жакындаган кезде “Йа, Мухаммед” деген үндөр көбөйө баштады. Мындан кийин жалгыздыкты жактырып, адамдардан алыстап Хира тоосундагы үңкүргө барып, тафаккурга чөмүлө баштады. Кээде Меккеге келип Каабаны таваф кылып үйүнө барар эле. Үйдө бираз убакыт болуп, жанына бираз азык алып кайрадан Хира тоосундагы үңкүргө барып, тафаккур жана ибадат менен алек болор эле. Кээде бир нече күндөп ошол жерде калган маалдары болчу эле. Ал кезде дагы Хазрети Хадича тамак-аш жиберип же өзү алып келер эле.

## Оку

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кырк жаштагы кезинде Рамазан айында Хирада үңкүрө кирип тафаккурга чөмүлгөн эле. Рамазандын он жетинчи Дүйшөмбү түнү түн жарымынан кийин атынан чакырган бир үн укту. Башын көтөрүп айлананы караганда экинчи жолу ошол эле үндү укту. Айлананы дароо бир нур каптаганын көрдү. Аркасынан Жабраил алейхиссалам келип «Оку!» деди. Пайгамбарыбыз: «Мен окуганды билбейм!» - деди. Periште кармап чыдамы кеткенге чейин кысып “Оку!” – деди. «Мен окуганды билбейм!» - деп жооп берди. Дагы кысып «Оку!» - деди. «Мен окуганды билбейм!» деген жоопту алган Жабраил алейхиссалам үчүнчү жолу кысып койо берди.

**“(Эй, Мухаммед!) Жараткан Аллахтын аты менен оку! Ал инсанды коюу кандан жараткан. Оку! Аллах бийик керем**

**ээси. Ал калем менен үйрөтөт, билбегендериңди үйрөтөт" деген маанидеги** Алак сүрөсүнүн алгачкы аяти каримасын алып келди. Мухаммед алейхиссалам дагы аны менен бирге окуду. Биринчи вахий ушул таризде келди жана бардык ааламга нур чачкан Ислам Күнү ушундайча атты. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) абдан чоң толкундануу менен Хира тоосундагы үңкүрдөн чыгып төмөн карай түшүп баштады. Тоонун ортосуна келген кезде бир үн укту. Жабраил алейхиссалам: "Йа, Мухаммед, Сен Аллаху тааланын Расулусуң, мен болсо Жабраилмин" деп согончогун жерге урду. Урган жеринен суу чыкты жана андан даарат алып баштады. Пайгамбарыбыз кунт коюп аны карап турду. Жабраил алейхиссалам дааратын бүтүргөндө Пайгамбарыбызга кандай көргөн болсо ошондойчо даарат алуусун айтты. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз дааратын бүтүргөндөн кийин Жабраил алейхиссалам имам болуп эки рекет намаз окушту. Намаз бүткөндө Пайгамбарды карап: «Йа, Мухаммед, Раббиңдин сага саламы бар. "Сен Менин жин жана адамзатка дайындаган Расулумсуң, андай болсо аларды тавхидге даават кыл", - деп буюргандыгын айтып, Расулуллахтын жанынан айрылып көккө көтөрүлдү. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ушундайча Жабраил алейхиссалам менен көрүшүп, ары сүйлөшкөн болду. Пайгамбарыбыз үйүнө жеткенче жолдогу таштар менен бактардын "Ассаламу алейке йа Расулулах" деп тургандыгын ишитти. Үйүнө барып "менин үстүмдү жапкыла, менин үстүмдү жапкыла" деп үрөйү басылганча оронуп демалып жатты. Анан көргөндөрүн Хадича энебизге айтып берди. "Жабраил алейхиссалам көзүмөн кайып болду, бирок, анын айбаты менен коркунучу али менден кеткен жок. Элдин мени жинди деп, тил тийгизип макзактоолорунан корктум", - деди. Ушул абалды жана ушул күндү көптөн күткөн Хазрети Хадича: "Аллаху таала сактасын, Хак таала сизге жакшылык берет жана кайырдан башка эч нерсе тилебейт. Кудай үчүн ушул үммөттүн Пайгамбары боло тургандыгыңызга ишенемин. Анткени, сиз конокту жакшы көрөсүз, чындыкты айтасыз. Ишенимдерди актагансыз. Ар качан алсыздарга көмөк болуп, жетимдерди коргойсуз. Мүнөзүңөз жакшы. Бул касиеттердин ээсине коркунуч болбойт", - деди.

Ушинтип бул жагдай тууралуу суроо үчүн Варака бин Навфалга барды. Варака Расулуллахтын айткандарын тыңдагандан кийин: "Сүйүнчү, эй, Мухаммед алейхиссалам. Аллаху таалага ант

кыламын, Сен Хазрети Иса кабар берген акыркы пайгамбарсың. Сага көрүнгөн периште Сенден мурун Муса алейхиссаламга келген Жабраил алейхиссалам. Аттиң, жаш болгонумда коомуң Сени Меккеден кысып чыгарган кезеңге чейин жетсем, Сага көмөк берсем кана. Кыска убакыт ичинде Сага вааз кылуу жана жихад кылуу буйругу келет" деп Пайгамбарыбыздын колун өптү. Көп убакыт өтпөй Варака бин Навфал кайтыш болду.

## Исламга чакыруу буйругунун келүүсү

Пайгамбарыбызга пайгамбарлыгы келген алгачкы вахий ушундайча келген эле. Вахий ушундай кийин токтоп үч жылга чейин келбеди. Ушул арада Исрафил алейхиссалам деген периште келип көп нерселерди үйрөттү. Булар вахий эмес эле. Ушул кездерде кээ бирде Пайгамбарыбызды кайгы басар эле. Пайгамбарыбыз кайгарган кезде Жабраил алейхиссалам көрүнүп "Эй, Хабибаллах" Сен Аллаху тааланын Пайгамбарысың деп көңүлүн жибитер эле. Пайгамбарыбыз мындай дейт: **"Вахий токтогон кез эле. Хира** тоосунан түшүп келе жатканда кокустан көктөн бир добуш уктум. Көктү карадым. Жабраил алейхиссаламды көрдүм. Ал жер менен көктүн арасындагы бир орунда отурганда мен корктум. Үйгө барып "мени бир нерсе менен жапкыла" дедим. Хак таала вахий жиберди. "Эй, оронгон пайгамбар. Тур дагы (Коомуңду Аллаху тааланын азабы менен) коркут. (Ыйман келтилбесе азапка учурай тургандыктарын кабарла). Раббиңди такбир кыл. Кийимиңди таза карма" (деген маанидеги) Муддасир сүрөсүнүн алгачкы аяттарын жиберди. Мындан кийин аяттар үзүлбөдү".

Пайгамбарыбыз адамдарды Исламга чакырып, Аллаху тааланын буйруктары менен тыюу салган нерселерин түшүндүрө баштады. Жабраил алейхиссалам вахий алып келгенде кээде адам кейпине кирип сахабалардан Дыхйа Келбинин түрүндө келчү. Кээде Пайгамбарыбыздын жүрөгүнө билдирчү. Пайгамбарыбыз аны көрчү эмес. Кээде түшүндө, кээде кокунучтуу доол менен келчү. Вахийдин эң оору ушул болчу. Бул маалдарда суук күндөрдө да Пайгамбарыбыздын маңдайынан тер шорголоп акчу. Төөнүн үстүндө болсо вахйдин оорлугунан төө жерге жата калчу. Жанындагы сахабалар дагы вахийдин оор болуп кеткенин сезишер эле. Жабраил алейхиссалам бир нече ирет өзүнүн

кейпинде келди. Аллаху таала периштесиз жана пардасыз, б.а., эч кандай аралык куралсыз дагы Пайгамбарыбызга вахий айткан. Бул Мираж окуясында орун алды. Алгачкы вахийдин келүүсү менен Пайгамбарлык кызматын баштаган Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи ва саллам) Исламды таблиг кылууну 23 жыл улантты. Анын 13 жылы Меккеде, 10 жылы Мадинада өттү.

Курани карим 22 жыл, 2 ай, 22 күн мезгил арасында түшүп бүткөн.

Мухаммед алейхиссалам Умми эле. Б.а., китеп окубаган, жаза албаган, эч кимден сабак албаган. Меккеде туулуп, белгилүү адамдардын арасында өскөн. Ошондой болуп туруп Ал Тоорат менен Инжилде грек жана римдиктер маалында жазылган китептердеги маалыматтарды берген. Исламды тартуу үчүн Хижраттын алтынчы жылы Кичи Азия, Иран жана Хабашстан өкүмдарларына жана башка да арап падышаларына каттарды жиберди. Ага алтымыштан ашуун чет ээдик элчилер келген. Бул абал Курани каримде: “Сен бул Курани карим келүүдөн мурда бир дагы китеп окуган жоксуң. Жазуу жазбадың. Окуп-жаза ала турган болгонуңда башкалардан үйрөндүң дешмек”, - деп кабарлаган. (Анкебут сүрөсү 48). Хадиси шарифте: **“Мен үммү пайгамбар Мухаммедмин, менден кийин пайгамбар келбейт”,** - деген. О.э., Курани каримде мындай делинген: **“Ал** (Мухаммед алейхиссалам) өзүнөн эч нерсе айтпайт. Анын сөздөрү Ага вахий менен билдирилет, үйрөтөлөт”. (Нажм сүрөсү 3-4)

## Алгачкы мусулмандар

Пайгамбарыбызга алгачкы вахий келгенден кийин алгач ыйман келтирген Хазрети хадича энебиз болду. Эч кандай ишенимсиздик көрсөтпөстөн Исламды дароо кабылдап, алгачкы мусулман болуу урматына ээ болду. Расулуллах Хазрети Хадичага Жабраил алейхиссалам үйрөткөндөй кылып даарат алууну үйрөттү. Кийин Пайгамбарыбыз имам болуп эки рекет намаз окуду. Хазрети Хадича Пайгамбарыбыздын ар сөзүн, ар буйругуна толугу менен баш ийди. Ушундайча Аллаху тааланын даргахында үлкөн даражаларга көтөрүлдү. Пайгамбарыбыз кайгырса, каршы чыккандарга капаланча аны жибитип, кайгысына ортох боло турган. Ал мындай дечү: “Йа, Расулуллах, эч капа болбоңуз,

кайгырбаңыз, акыры динибиз кубанттанып, мушриктер куруйт. Коомуңуз сизге багынат.” Хадича энебиздин ушундайча колдоо көрсөтүүсүнүн сыйы иретинде бир күнү Жабраил алейхиссалам келип: “Йа, Расулуллах, Хадичага Аллаху таала салам айтып жатат”, - дейт. Пайгамбарыбыз: **“Эй, Хадича, мына Жабраил алейхиссалам сага Аллаху тааланын саламын алып келди”,** - дейт. Пайгамбарыбыз бир жолу: **“Аллаху таала Хадичага Жаннаттан берметтен бир үй бергени тууралуу сүйүнчүлөөмдү буюрду. Ал жерде оору, муң жана баш оорусу жок”,** - деген.

Хазрети Хадичадан кийин жетелип келаткандардын арасында алгач мусулман болгон киши Расулулахтын жакын жолдошторунун бири Хазрети Абу Бакр эле. Хазрети Абу Бакр 20 жыл мурда бир түш көргөн эле: “Асмандан толгон ай түшүп, Каабага келген экен. Бөлүнүп, ар бөлүгү Меккедеги ар үйдүн төбөсүнө түшүп, кийин бул айдын бөлүктөрү кайрадан жыйналып, биригип көккө көтөрүлүптүр. Ал эми Абу Бакрдын үйүнө түшкөн бөлүмү көккө көтөрүлбөй калат. Муну көргөн Абу Бакр дароо үйдүн эшигин жаап бул айдын кетүүсүнө кедерги кылат. Абу Бакр радыйаллаху анх ойгонуп таң эрте дароо бир яхуди аалымына барып, ага түшүн айтып берет. Ал аалым: «Бул чаташкан түштөрдүн бири, ошондуктан, аны жорууга болбойт», - дейт. Бирок, бул түш Абу Бакрдын радыйаллаху анх оюнан кетпей, яхудинин жообуна канааттанбайт. Дагы бир жолу соода кылууга барганда жолу динбашы Бахиранын өлкөсүнө түшкөн болот. Көргөн түшүн Бахирадан жоруп берүүнү суранганда Бахира «Сен кайдансың» деп сураганда Хазрети Абу Бакр «Курайштанмын» дегенде Бахира «Ошол жерден бир пайгамбар чыгат жана туура жолунун нуру Меккенин бардык жерине таралат. Сен анын вазири, кайтыш болгондон кийин халифасы болосуң» деди. Абу Бакр (радыйаллаху анх) бул жоопко катуу таңыркады. Бул түшү тууралуу ал Расулуллхатын пайгамбарлыгы билдирилгенге чейин эч кимге айтпады. Мухаммед алейхиссалам пайгамбарлыгын жарыялаган кезде Хазрети Абу Бакр (райыяллаху анх) дароо пайгамбарыбызга жүгүрүп барып: «Пайгамбарлардын өздөрүнүн пайгамбар экендигине далил болот, сенин далилиң эмне?» - деп сурады. Расулуллах: «Бул пайгамбарлыгыма далил – сенин көргөн түшүң, ал түштү сен яхуди аалымына жорутууну каaладың. Ал аалым «Чаташкан түш жорулбайт» деди. Анан динбашы Бахира

дурус жоруп берди» деп Хазрети Абу Бакрды кара: «Эй, Абу Бакр, сени Аллахка жана Расулуна чакырамын», - деди. Ошол кезде Абу Бакр: «Күбөлүк кыламын, сен Аллаху тааланын Расулусуң, сенин Пайгамбарлыгың акыйкат жана ааламды жаркыраткан нур» деп мусулман болду.

Дагы бир риваят боюнча Хазрети Абу Бакр Расулуллахка пайгамбарлыгы билдирилүүдөн мурда соода максатында Йеменге барган. Ошол сапарында Йемендеги Азд тайпасынан көп китеп окуган бир карыя кишиге жолугат. Бул карыя Хазрети Абу Бакрга каап: «Сен Мекке калкынан болот чыгарсың?» - деди. Хазрети Абу Бакр: «ооба, ошондой», - деп экөө аңгемени мындайча улантат.

- Сен Курайштансыңбы?
- Ооба.
- Бени Тамимденсиңби?
- Дагы бир белги калды.
- Ал эмне?
- Ичиңди ач, көрөйүн...
- Максатыңыз эмне, айтыңыз.
- Китептерден окудум, Меккеден бир пайгамбар чыгат. Ага эки адам көмөктөшөт. Бири жаш, экинчиси кары адам. Жашы канчалаган кыйынчылыктарды жеңилдетет. Көптөгөн балээ-жалааларды кетирет. Ал эми кары адам болсо ак куба, ичке билдүү болуп, курсагында бир кара меңи бар болот. Мен ошол адамды сен деп ойлоймун. Ичиңди ач көрөйүн.

Ошондон кийин Хазрети Абу Бакр ичин ачат. Киндигинин үстүндөгү кара меңди көргөндө “Валлахи, ошол адам сенисиң” деп Абу Бакрга көп насыяттарды айтат. Хазрети Абу Бакр жумушун бүтүргөндөн кийин коштошуу үчүн жанагы адамга барат. Пайгамбарыбыз тууралуу ыр окууну суранат. Ал киши он эки саптан турган ыр окуду. Хазрети Абу Бакр аларды жаттап алат.

Хазрети Абу Бакр сапардан Меккеге кайтканда Укба ибн Муайд, Шейбе, Абу Жахл, Абул Бухтари сыяктуу Курайштын алдыңкы катардагы адамдары анын үйүнө барышат. Абу Бакр аларга бир жагдай болдубу деп сурайт. Алар: “Мындан өткөн маскаралык болбос, Абу Талибдин жетими пайгамбармын деп жар салууда. Силер жана ата-бабаларыңар ката дindенсиңер дейт. Эгер сен болбогонунда аны бул кезге чейин тирүү калтырбайт болчубуз. Сен анын жакын досусуң, бул ишти сен өзүң чеч”, - дейт. Хазрети

Абу Бакр аларды жиберип Расулуллахтын Хазрети Хадичанын үйүндө экендигин сураштырып билди. Барып эшигин какты. Пайгамбарыбыз аны тосуп алганда: "Йа, Мухаммед, Сен тууралуу айтылып жүргөндөр эмне?" – деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Мен Хак тааланын пайгамбарымын, сага жана бүткүл адамзат баласына жиберилдим. Ыйман келтир, ошондо Аллаху тааланын ыраазылыгын аласың жана жаныңды Тозоктон коргойсуң",** - деди. Хазрети Абу Бакр: "Буга далилиң барбы?" – деп сурады. Расулуллах: **"Тиги Йеменде көргөн кары адамың тууралуу окуя менин далилим",** - деди. Хазрети Абу Бакр: "Мен Йеменде көптөгөн кары жана жаш адамдарды көрдүм", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Ал кары сага он эки саптан турган ырды аманат кылып мага жиберди",** - деп ошол ырларды айтты. Хазрети Абу Бакр: "Муну сага ким айтты", - деп сураганда: **"Менден мурунку пайгамбарларга келген периште айтты",** - деди. Ушуну уккандан кийин Хазрети Абу Бакр: "Колуңду берчи", - деп Пайгамбарыбыздын колдунан кармап: "Ашхаду ан лаа илаха иллаллах, ва ашхаду анна мухаммеден абдуху ва расулуху" деп мусулман болду. Өмүрүндө алгачкы жолу сезилип турган кубаныч сезими менен үйүнө мусулман болуп кайтты. Бир хадиси шарифте: **"Кимге ыйман тууралуу айтсам бетин тыржыйтып ишенимсиздик менен карашчу, бирок, Хазрети Абу Бакр Сыддык (радыйаллаху анх) ыйманды кабыл кылууда эч ишенимсиздик кылбастан кабылдады",** - делген.

Пайгамбарыбыз бир күнү Хазрети Хадича экөө намаз окуп турганда аларды Хазрети Али көрдү. Ал кезде ал 10-12 жаштарда болчу. Намаздан кийин бул эмне деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Бул Аллаху тааланын дини, сени дагы ушул динге чакырамын, Аллаху таала бир, шериги жок, сени бир болгон, теңдеши жок Аллахка ыйман келтирүүгө чакырамын",** - деди. Хазрети Али: "Алгач атам менен акылдашайын" дегенде Расулуллах ага: **"Исламга кирбесең бул сырды эч кимге айтпа",** - деди. Хазрети Али эртеси таң эрте пайгамбарыбызга барып: **"Йа, Расулуллах, мага Исламды үйрөтүңүз"** деп мусулман болду. Хазрети Али – мусулман болгондордун үчүнчүсү. Зейд бин Хариса дагы (радыйаллаху анх) алгач ыйман келтиргендердин бири. Хазрети Хадича, Хазрети Абу Бакр жана Хазрети Алиден (радыйаллаху анхум) кийин төртүнчү азат болгон кулдардын ичинде алгачкы

болуп мусулман болду. Аны менен бирге аялы Үммү Айман дагы мусулман болду.

Хазрети Абу Бакр мусулман болгондон кийин дароо жакшы көргөн жолдошторуна барды. Аларды дагы мусулмандыкка чакырды. Сахабалардан Осман бин Авфан, Талха бин Убайдуллах, Зубайр бин Аввам, Абдуррахман бин Авф, Саад бин Абу Ваккас сыяктуу улуу заттар Хазрети Хадичадан кийин мусулман болгондор эле. Бул сегиз киши Сабикуни Ислам, б.а., алгачкы мусулмандар деп аталды.

Хазрети Осман кандайча мусулман болгондугун мындайча баяндайт: "Менин бир кахин таежем бар болчу. Бир күнү ага бардым. Мага: "Сага бир аял насип болот. Бирок, сен андан мурда эч кандай аял көрбөйсүң, ал да сенден мурда башка эркек көрбөйт. Ал сулуу, такыбаа аял жана улуу пайгамбардын кызы болсо керек", - дейт. Мен таежемдин бул сөзүнө таң калдым. "Таеже мындай нерсе тууралуу калаада айтылып жаткан жок, бул тууралуу ачып айтып бер", - дедим. Ошондо таежем: "Мухаммед бин Абдуллахка пайгамбарлык келди. Жакында ал калкты динге чакырат, кыска убакыттын ичинде аалам анын дини менен нурданат жана ага каршы келгендердин башы чабылат", - дейт.

Таежемдин бул сөздөрү мага катуу таасир калтырды. Аландай баштадым. Хазрети Абу Бакр экөөбүздүн арабызда жакын достук катнаш бар болчу. Бири-бирибизден ажырачу эмеспиз. Ушул маселени талкуулоо үчүн эки күндөн кийин Хазрети Абу Бакрга бардым. Таежемдин айткандарын айтканымда ал мага: "Йа, Осман, сен акылдуу адамсың. Эч көрбөй турган, укпай турган, эч нерсеге пайдасы да, зыяны да жок таштар кандайча теңир боло алат?" – деди. Мен: "Туура айтасың, таежемдин сөзү туура", - дедим."

Хазрети Абу Бакр Хазрети Османга (радыйаллаху анх) Исламды түшүндүргөндөн кийин аны Пайгамбарыбыздын алдына ээрчитип барды. Расулуллах Хазрети Османга мындай деди: **"Йа, Осман, Хак таала Жаннатка конокко чакырат, сен бул чакырууну кабыл кыл. Мен бардык адамдарга хидаят жолун көрсөтүүчү катары жиберилдим".** Хазрети Осман Расулуллахтын таң ажайып абалдары менен жылуу жүз жана таттуу сөздөрүнө таасирленип чексиз кубаныч менен: "Ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху" деп мусулман болду. Расулуллах пайгамбарлыктын алгачкы үч жылында адамдарды

Исламга жашыруун түрдө чакырды. Адамдар аста-аста бирден-бирден мусулман болуп жаткан эле. Бул учурда мусулмандардын саны отузга араң жеткен эле. Алар да ибадаттарын үйлөрүндө тыгылып орундашчу, Курани каримдин түшкөн аяттарын жашырып окуп, жатташчу.

## Жакын туугандарын динге чакыруу

Пайгамбарыбыз **"Муддессир"** сүрөсүнүн түшүүсү менен адамдарды Ислам динине даават (чакыра) баштаган эле. Бул чакыруу ишин жыйырма түрдө жүргүздү. Бираз убакыттан кийин "Жакын туугандарыңды Аллаху тааланын азабы менен коркутуп, аларды хак динге чакыр" ("Шуара" сүрөсү - 214) деген маанидеги аят түштү. Ошондуктан, Мухаммед алейхиссалам туугандарын динге чакыруу максаты менен Хазрети Али аркылуу кабар салып, бардыгын Абу Талибдин үйүнө чакырды. Алдыларына бир адамга жете тургандай тамак жана сүт койду. Алгач өзү "бисмиллах" деп баштап, келген туугандарына сунду. Келгендердин саны кырк адам болчу. Бирок, коюлган тамак баарына тең жетип, азайган жок. Келгендер бул мужизага таң калышты. Тамактан кийин Пайгамбарыбыз туугандарын Исламга чакыруу үчүн сөзүн баштайын деп турганда агасы Абу Лахаб душмандык кылып: "Биз сыйкырдын мындай түрүн көрбөгөн элек. Эй, Курайш тайпасы, мынабул тууганыбыз баарыбыздын оозубузду ачырып сыйкыр көрсөтүп жатат. Эй, бир туугандарымдын уулу! Мен өмүрүмдө сен сыяктуу жамандык баштаган бир дагы адам көргөн эмесмин", - деп Пайгамбарыбызга жаман сөздөрдү айта баштады. Расулуллах Абу Лахабга карата: **"Мага Курайш менен бардык арап тайпалары жасай албай турчу жамандыгын сен жасадың", -** деди. Жыйналгандардын эч бириси Исламды кабылдабастан үй-үйлөрүнө тарап кетишти. Ушул окуядан кыска убакыт өткөндөн кийин Расулуллах кайрадан туугандарын Хазрети Али аркылуу конокко чакыртты. Мурункудай эле алдыларына тамак коюлду. Пайгамбарыбыз тамактан кийин ордунан туруп: **"Ар түрдүү хамд мактоо бир гана Аллаху таалага таандык. Ар түрдүү көмөктү дагы бир гана Аллахтан сураймын. Ага ишенип, Ага таянамын. Аллаху тааладан башка илах жок экендигине күмөнсүз ишенемин жана тастыктаймын. Аллах бир. Анын**

**шериги менен теңдеши жок”,** - деди дагы сөзүн мындайча улантты: **“Силерге кымындай дагы жалган аралашпаган чындыкты айтып турамын. Силерди өзүнөн башка кудай илах болбогон жалгыз Аллаху таалага ыйман келтирүүгө чакырамын. Мен анын силерге жана бүткүл адамзатка жиберген пайгамбарымын. Валлахи** (Аллахка ант беремин)**, баарыңар мезгили келгенде уйкуга жаткандай өлөсүңөр жана бир күнү уйкудан ойгонгондой болуп тирилесиңер. Жасаган ар ишиңер үчүн ошол күнү эсеп бересиңер. Жакшылыктарыңар үчүн сыйланасыңар, жамандыктарыңар үчүн жазаланасыңар. Сыйлыгыңар – Жаннатта түбөлүк калуу, ал эми жазаларыңар – Жаханнамда түбөлүк күйүү болмокчу. Адамдар арасында акырет азабы менен эң алгачкы болуп коркуткан адамдарым - силерсиңер”. Абу Талиб бул сөздөрдү тыңдагандан кийин:** “Эй, кымбаттуу иним! Мен үчүн сага көмөктөшүүдөн артык милдет жок. Насыяттарыңды жактырып, кабылдадык, сөздөрүңдү чын жүрөк менен моюндадык. Азыр бул жерде жыйналгандар – атаң Абдулмутталибдин урпактары. Мен дагы аладан биримин. Сен каалаган нерсеге биринчи болуп мен жүгүрөмүн. Сени коргоодон качпай турандыгыма убада беремин. Сен өзүңө буйрук кылынган милдеттерди аткара бер. Бирок, эски динимди таштоо маселесинде напсим мени тыңдачудай эмес”, - деди. Абу Лахабдан башка ошол жердеги туугандарынын бардыгы жылуу сөздөрдү айтышты. Бирок, Абу Лахаб: “Эй, Абдулмутталиб уулдары! Ага башкалар тоскоол боло электе силер тоскоол богула. Эгер бүгүн анын айткандарын кабылдай турган болсоңор кордук менен зордукка тап болосуңар. Аны коргоого аракет кыла турган болсоңор баарыңар өлтүрүлөсүңөр...”, - деп күрсүлдөдү. Абу Лахабга Пайгамбарыбыздын эжеси: “Эй, иним! Бир тууганыбыздын уулун жана анын динин жардамсыз калтыруу сага жарашабы? Аллахка ант беремин, заманыбыздын даанышмандары Абдулмутталибдин тегинен бир пайгамбардын чыга тургандыгын айтышууда. Ошол пайгамбар – мына ушул”, - деди. Абу Лахаб бул сөздөргө дагы маани бербей Пайгамбарыбызды жамандоону улантты. Ошондо Абу Талиб Абу Лахабга ачууланып: “Эй, коркок! Ант беремин, биз көзүбүз тирүү болсо өмүрүбүздүн акырына чейин аны колдоп, коргойбуз”, - деди. Мухаммед алейхиссаламды карап: “Эй, бир боорумдун уулу! Адамдарды Раббиңе ыйман келтирүүгө

чакырууну качан баштай тургандыгыңды айт, куралданып сени менен бирге чыгалы", - деди. Кийин Пайгамбарыбыз кайрадан сөз алып: **"Эй, Абдулмутталиб уулдары! Аллахтын аты менен ант беремин, араптардын ичинде өз коомумдун дүнүйөсү менен акырети менин алып келгенимден** (бул динден) дагы артыгын жана пайдалуусун алып келген адам болгон эмес. Мен силерди тилге жеңил, мизанда (таразада) оор баса турган эки сөздү айтууга чакырамын. Ал – Аллахтан башка илах жок экенине жана менин Анын кулу жана Расулу экендигиме күбөлүк кылууларыңар. Аллаху таала силерди ушуга чакыруумду буйрук кылды. Андай болсо кайсы бириңер менин бул чакыруумду кабылдап, мага ушул жолдо көмөкчү болосуңар?" - деди. Эч ким үн чыгарбай баштарын салып отуруп калышты. Пайгамбарыбыз бул сөзүн үч жолу кайталады. Ар бир айтканында Хазрети Али ордунан турду. Үчүнчү жолкусунда: "Йа, Расулаллах! Жыйналгандардын ичинде эң кичүүсү мен болсом да сизге өмүр бою жардамчы болууга даярмын", - деди. Пайгамбарыбыз Хазрети Алинин колунан кармады. Калгандары таңыркаган абалда таркап кетишти.

Аллаху тааланын хабиби (сүйүктүүсү) (саллаллаху алейхи ва саллам) туугандарынын бул кылыктарына абдан капа болду. Бирок, аладын Тозоктон кутулуулары, түбөлүк бакытка ээ болуулары үчүн ыйманга чакырууну токтотподу.

Пайгамбарлыгынын төртүнчү жылында "(Эй, Хабибим - Сүйүктүүм) Сага буюрулгандарды (буйрук менен тыюу салынгандарды) баяндап жеткир, акыйкат менен жалгандын арасын ажырат. Мушриктерден бетиңди бур!" деген **"Хижр"** сүрөсүнүн 94-чү аяты түшкөндө пайгамбарыбыз Меккеликтерди Исламга ачык түрдө даават кыла баштады. Бир күнү Сафа чокусуна чыгып: **"Эй, Курайш калкы! Бул жерге жыйналып, сөздөрүмдү уккула!"** – деди. Тайпалар жыйналгандан кийин: **"Эй, коомум! Менден бир жолу болсо да жалган сөз уккан белеңер?"** – деди. Алардын бардыгы бир ооздон: "Жок, уккан эмеспиз", - деди. **"Аллаху таала мага пайгамбарлык берди жана мени силерге пайгамбар кылып жиберди",** - деди. Кийин: "(Эй, Сүйүктүүм) Аларга айт: Эй, адамдар! Мен силердин баарыңарга жиберилген Аллаху тааланын элчисимин. Ал Аллаху таала жер менен көктүн эси, бийлөөчүсү. Андан башка ибадатка ылайыктуу эч ким жок. Бардык жандууну өлтүрө турчу дагы, тирилте турчу дагы Ал..."

деген маанидеги **“Араф”** сүрөсүнүн 158-чи аяти каримасын окуду. Муну тыңдап тургандардан байкеси Абу Лахаб ачууланып: “Мына бул бир тууганымдын уулу жинди болгон! Эй, калайык, биздин буттарыбызга сыйынбаган, динибизден чыккан адамдын сөзүн эмнеге угуп турасыңар?!” – деп кыйкырды. Бул кыйкырыкты укккандар Пайгамбарыбыздын чынчыл, жакшы мүнөздүү экендигин билип туруп ыйман келтирбей тарап кетишти жана бардыгы Аллах элчисинин душманына айланды.

Дагы бир күнүАллаху тааланын “Сага буюрулган нерсени түшүндүр” деген буйругун орундоо максаты менен кайра Сафа чокусуна чыкты. Үн салып: “Йа, сабахах! Бул жерге келгиле! Жыйналгыла! Силерге маанилүү кабарым бар!”- деп жар салды. Адамдар жыйналды. Бардыгы таңыркап күтүп турушту. Келбегендер дагы киши жиберип, эмне үчүн жыйналып жатканын билгилери келди. Келгендердин бир тобу: “Эй, Мухаммедул эмин! Бизди бул жерге эмнеге жыйнадың? Эмне айтайын дедиң эле?” – дешти. Ал: **“Эй, Курайш тайпалары! Менин силердин жагдайыңар жоону көрүп, үйүнө кабар берүүгө шашылган жана жоонун өзүнөн мурда бала-чакасына жетип, зыян берүүсүнөн коркуп “Йа, сабахах (жоо курчады! Таң атты. Дароо согушууга даярдангыла) деп кыйкырган адамдын жагдайына окшойт. Эй, Курайш коому! Мен силерге мына бул тоонун ары жагында жоонун аскери бар, силерге чабуул жасаганы турушат” десем мага ишенесиңерби?”** – деди.

Кийин Курайш тайпаларынан ар бирин “Эй, Хашим уулдары! Эй, Абдуманаф уулдары!” – деп жеке-жеке атап: **“Мен силердин Башыңарга албетте келе турган оор азаптын кабарчысымын. Аллаху таала мага эң жакын туугандарымды акырет азабы менен коркутуумду буюрду. Силерди: “Лаа илах иллаллаху вахдаху ла шарикалах** (Аллах жалгыз, Андан башка илах жок)” деп ыйман келтирүүгө чакырамын. Мен Анын кулу жана пайгамбарымын. Эгер ушул айткандарыма ыйман келтирсеңер Жаннатка барасыңар. Силер “Лаа илаха иллаллах” демейинче менин силерге дүнүйөдө да, акыретте дагы эч кандай пайдам болбойт”, - деди. Угуп тургандардын ичинен кайра эле Абу Лахаб: “Бизди эмне ушул үчүн жыйнадыңбы?” – жерден таш алып Пайгамбарыбызга ыркытты. Башкалар ал бетпакты ээрчибесе дагы өз араларында кобуранышып, эч бири ыйман келтирбей тарап кетишти.

## Күндү оң колума койсоң да...

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ушул дааваттарынан кийин жолуккан адамына, же бир жерде чогулган элди көрсө тайманбай барып Ислам дини тууралуу айта баштады. Чыныгы бакытка жетүү үчүн напсиге моюн сунбоону, заалымдыктан, адилетсиздиктен жана ар кандай жаман иштерден оолак болууну, ошондой эле, Аллаху таалага чын дилден ишенүү менен эки дүйнө бакытына жетсе болоорун түшүндүрөт. Көрпенделик кылып напсиге жана азгырык каалоолорго алдангандар, алсыздарды кордоп, бузукулукту зарылдык деп эсептеген эссиздер ага каршы чыгып, каяша сүйлөшөт. Жедеп турмуштун бир бөлүгү, зарылчылык катары жасалып жүрсө да, акыры бир күн бул бузуку иштердин баарын бул дин жок кылаарын сезген мушриктер бирдиктүү душманга айланышат. Ободу аны келекелеп, шылдың кылышат. Анын артка чегинбешин көрүп кысым көрсөтүп, коркутууга, кордоого өтүшөт. Ыйман келтирген момун-мусулмандарга болгон жек көрүү күчөп, каршылык күч алат. Мушрик душмандардын башындагылар төмөнкү адамдар эле: Абу Жахл, Утба, Шейбе, Абу Лахаб, Укта бин Абу Муайт, Ас бин Ваил, Асвад бин Мутталиб, Асвад бин Абди Яагвас, Велид бин Мугира жана башкалар…

Дин душмандары саналган Утба, Шейбе жана Абу Жахл күндөрдүн биринде Абу Талибге келип талапты катуу коюшат:
- Сен биздин арабыздагы абройлуу жакшылардын бирисиң. Ар дайым сени сыйлап, урмат кылып келебиз. Сөздүн кыскасы, Абдуллахтын Мухаммеди жаңы динди чыгарып, элдин башын айландырып жатат. Аталарыбыздан калган кудайларыбызга тил тийгизип, бизди капырсың деп жатат. Иниңе айтып анын бул аракетин тый, эгер тыңдабаса аны кантип жөнгө саларыбызды биз жакшы билебиз….

Эптеп амал кылып карөзгөй мушриктерди Абу Талиб артка кайтарат. Көңүлү ооруп калбасын деп жагдайды Пайгамбарга (алейхиссалам) билдирбейт. Арадан бир нече күндөн кийин Абу Талибге жанагы мушриктер кайра келишет. Бул ирет албууттанган немелер: “Биз өткөн күндөрү сага келип, маселени толук түшүндүргөндөй болдук эле. Сенин иниң буттарыбызга сөз тийгизгенин койбоду. Мындан ары чыдай албайбыз! Керек болсо

экөөңдү менен тең кашык каныбыз калганча согушабыз. Меккеде же ал жашашы керек, же биз жашашыбыз керек!” - деп, ачыктан коркутууга өтүшөт. Абалды жөндөгөнгө

канчалык аракет кылбасын мушриктердин сөзгө келээр түрү жок. Эки оттун ортосунда калган Абу Талиб каршы чыгып Расулаллахтын көңүлүн ооруткaнга дили барбай, ошол эле маалда уруулаш туугандардын ортосундагы тирештин тутанып кетишинен чочулайт. Ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп акыры Пайгамбарга барат да жагдайды жай түшүндүргөнгө аракет жасайт: - Мухаммед, сага келгенимдин себеби, бардык уруулар сага каршы чыгып, жада калса, сага душман болууда биригишкендей түрү бар. Бүгүн алар мага келип, бизди «капырсың, бузуку жолдо жүрөсүңөр деп айтпасын, буттарга сыйынышыбызга кийлигишпесин» деп талап коюп кетишти.

Агасы Абу Талибге бекем ыйманы жана каармандыгы менен мындай дейт: **-** Эй, Агам**!** Бир нерсени жакшы билип алыңыз: Ала менин оң колума **К**үндү, солколума Айды алып беришсе да чакырыгымдан баш **т**артпаймын**!** Же Аллаху таалам бул динге Өзү жар болуп бүт ааламга жаят**, же** мен ушул жолдо жанымды беремин**!** – деп, ордунан турду. Мубарек көздөрү жашылданып кеткен эле. Пайгамбарыбыздын капалануусун көргөн Абу Талиб айтканын өкүнүп, аны кучактап: «Эй, инимдин уулу! Милдетиңди улант, каалаганыңды кыла бер. Мен тирүү болсом ар качан сени коргоп, колдой берем», - деди. Акыркы эскертүүгө карабай Пайгамбарды дале канатына калкалап турган Абу Талибге мушриктер башка сунуш менен келишет. Алардын айтуусунда Меккедеги жүрүм-туруму жакшы, күчкө толуп турган Омара аттуу жигитти Хазрети Мухаммедге алмашуу. Мушриктердин сунушу Абу Талибге оор акарат болчу. Ачууланып:

- Силер оболу, өз балдарыңарды мага бергиле, мен аларды өлтүрөйүн. Андан кийин

Мухаммедди берейин. Макулсуңарбы ушуга?!

- Биздин балдарыбыз сенин иниңдей болуп жаман жолго чакырган жок, биздин жолубуз менен жашап жатат.

- Эй, туугандар! Угуп койгула, менин иним баарыңардын балдарыңардан өйдө турат. Каймал төө да өз баласын өзгөгө карматмак түгүл жанына жакын жолотпойт. Силердин сунушуңарды чектен ашкандык деп билем! Бул иш жакшылык менен бүтпөйт.

Киминер менин иним Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) душмандык кылса, билип койгула, мен ошонуңардын душманы боломун! Айткандарымды жакшылап акылыңарга түйүп алгыла!

Абу Талиб дароо Абдулмутталиб жана Хашим уулдарын жыйнап кырдаалды ортого салат. Туугандарын көндүрүп Пайгамбарыбызды коргоого убадаларын алат. Керек болсо алар менен чабышабыз деген бүтүмгө келишет. Бул биригүүгө дин душманы Абу Лахаб гана катышпайт. Эртеси, жоо жаракты тагынып Абу Талибдин үйүнөн жолукмай болуп тарашат.

Тилектештер келген соң, Абу Талиб Пайгамбарыбыздын үйүнөн чакырып чыгып, экөө шаар аралап жайбаракат басып Каабанын жанында турган жоон топ мушриктерге келип: - Эй, Курайштын алдыңкылары! Менин бир тууган инимдин баласын өлтүрөбүз деп өз араңарда чечим кабыл алыптырсыңар. Мобу артымдагы куралчан жигиттер менин бир гана ишааратымды чыдамсызык менен күтүп турушат. Кудай атына ант этип туруп айтайын, Мухаммедди өлтүрө турган болсоңор эч бирөөңөрдү соо койбойм! – деп, Пайгамбардын артыкчылыгын, асыл сапатын мактап ыр окуйт. Абалдын курчуп кетишинен чочулаган мушриктер үйлөрүнө тарашат.

## Кордук, душмандык жана зулумдук

Курайштын тың чыкма мушриктери Пайгамбарыбызды жалгыз кезиктирген кездеринде түрткүлөп, тил тийгизип, жада калса, кол тийгизүүгө да аракет кылышчу. Муну менен жөн калбастан ыйманга келген мусулмандарды да кордой баштайт. Алар муну менен өч алып, коркутуу аркылуу мушриктикке кайтарууну көздөшөт. Капырлардын мыкаачылыгы өкүм сүрүп турган ошол күндөрдүн биринде Курайштын зөөкүр мушриктери Каабанын жанында өз ара Аллахтын Элчисин сөз кылып: «Мынчалык эч бир ишке чыдаган эмеспиз. Ал бизди мушриксиңер деп, кудайларыбызды чанып, -ата-бабадан калган динибизди жаманатты кылып, журтубузду касташтырса да чыдап келе жатабыз», - деп сүйлөшүп жатышкан. Аңгыча тавааф кылуу максатында Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Каабага келет. «Хажарул асвадды» өөп таваф кылып баштайт. Каабаны айланып алардын

жанынан өтөөрдө мушриктер жаман сөздөр менен акаараттарды мөндүрдөй жаадыра башташат. Дили сүттөй таза Пайгамбарга мушриктердин жагымсыз сөздөрү абдан катуу тиет, унчукпастан ибадатын улантат. Тавафтын үчүнчү айлампасында алардын жанына токтоп мындай дейт: «Эй, Курайштар! Мени тыңдагыла, кудурети менен напсимди кармап турган Аллаху таалага касам ичем, мага силердин карып болооруңар билдирилди...» Бул сөздү уккан мушриктердин оозунан сөзү түшүп селейе түшөт. Жүрөк үшүткөн мындай кабардан кийин эч кимиси даап сөз айталбайт. Бир гана Абу Жахл: - Эй, Абул Касым! Сен бизге бөтөн эмессиң, биздин орой мамилебизге көңүл бурбастан ибадатыңды кыла бер. Бизге теңелгидей сенин деңгээлиң пас эмес го...» - деп жалынып, Расулуллахтын көңүлүн алууга аракет кылды.

Мунун эртеси Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Каабага кайра барат. Дал ошол маалда мушриктер Пайгамбарды жамандап, Ислам динин жек көрүшөөрүн кеп кылып олтурушкан. Эч нерседен кооптонбой, Исламдын усул эрежесине жараша Раббине сыйынып баштаган Пайгамбарды көргөндө мушриктер ага атырылып, асылышат. Укба бин Муайт аттуу карөзгөй Пайгамбарыбызды жакадан ала улкуп-жулкуп, муунта баштайт. Дал ошол учурда Абу Бакр (радыйаллаху анх) жетип келип, мушриктерди каарып: «Менин Кудайым Аллаху таала дегенди өлтүрөсүңөрбү?! Бул адам Ааламдардын Эгесинен аяттарды алып келип жатат...», – деп арачалай баштайт. Айоону билбеген мушриктер Абу Бакрдын мубарек бетин бут кийим менен уруп, канжалатышат. Утба бин Рабиа башка-көзгө койгулап Абу Бакрды эстен тандырат. Муну угуп заматта чогулган Абу Бакрдын уруусу бир туугандары аны мушриктердин колунан куткарып калышат. Кыжырданган туугандары Каабанын жанындагы мушриктерге барып сөөмөй кезей, эгер Абу Бакр өлө турган болсо, Утбадан өч аларын эскертип үйлөрүнө кайтышат.

Эсине келе албай жатып күүгүмдө гана көзүн ачкан Абу Бакр: «Расулаллах кайда, анын абалы жакшыбы? Мыкаачылар аны жакалап муунтуп жатышкан эле...» - деп Расулаллахты эстейт. Энеси оозуна алып барган тамакты жегенге дарманы жетпесе да, Расулаллахты сурап жаткан эле. Пайгамбардын кайда экендигинен санааркап, энесин Хаттабдын кызы Умму Жамилге жөнөтөт. Себеби, Хазрети Омардын карындашы Умму Жамил мусулмандардын катарында эле.

- Уулум Мухаммеддин (алейхиссалам) абалын билгиси келип жатат. Ал азыр кайда, абалы дуруспу? – деп сурап уулунун абалын айтып даттанат Уммул Хайр. Умму Жамил да жүрөгү түтпөй бир чети кооптоно туюк жооп берет: - Мен Мухаммед (алейхиссалам) тууралуу да, Абу Бакр тууралуу да кабарым жок. Макул көрсөңүз чогуу барып уулуңуздан кабар алалы?

Экөө ээрчише Абу Бакр жаткан жерге киришет. Мубарек сахабанын бети-башы жарылган, шишик тарткан аянычтуу абалын көргөн Умму Жамил чыдабай ыйлап: «Сени мындай абалга алып келгендер жеткен наадан, зөөкүрлөр. Бул кылмышы үчүн аларды Кудайга койдум, Кудай Өзү жазасын берээр» - деп мыкаачыларга наалат айтат. Жаралуу Абу Бакр андан Пайгамбардын абалын сурайт.

-Жанымда энең турат. Анын кайда экенин айтсам, угуп коёт, – дейт, Умму Жамил.

-Энем бизге эч качан карасанабайт. Сырыбызды эч кимге айтпайт, – дейт Абу Бакр. Умму Жамил:

-Расулаллахтын абалы жакшы. Ал ушу тапта Эркамдын үйүндө.

-Кудайга шүгүр! Бирок, аны өз көзүм менен көрбөсөм тамагымдан эч нерсе өтпөс. Мен барып келейин, - деп турганга аракет жасайт.

-Уулум, өзүңдү аясаң боло! Жок дегенде, бираз чыдап тур. Эл-журт уктасын. Анан барарсың, - дейт. Эл аягы тыйылып, үйлөрдө чырактар өчүп баары уйкуга кеткенде гана бир жагынан энеси, бир жагынан диндеш бир боору Умму Жамил жөлөп-таяп Абу Бакрды Расулаллахка алып барышат. Пайгамбарды аман көргөнүнө кубанып кучактап ыйлайт. Калган диндештери менен да кучакташа саламдашкан соң Раббине хамд-шүгүр кылат. Жан досунун токмоктолгон абалын көрүп Пайгамбардын (алейхиссалам) жүрөгү сыздайт. Муну сезе койгон сахаба анык достугун билдирип мындай дейт: «Эй, Аллахтын Расулу! Сен үчүн ата-энем, жаным курман болсун! А тиги зөөкүрлөргө мени сабап, тепкилегени үчүн гана капамын, башка эч кандай маселе жок. Мен бул жерге энем Салма менен келдим. Пайгамбарым сенден суранарым, энем үчүн бир дуба кыл. Раббим сенин урматыңа энемди Тозоктон куткарар».

Досунун өтүнүчү менен Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) Аллаху таалага жалбарат. Пайгамбарынын тилегин

орундатып Аллах Салма энеге ыйман насип кылат. Ошентип, Уммул Хайр келиме айтып алгач болуп ыйман келтирген момундардын катарынан орун алат.

Хазрети Пайгамбарыбыздын үйү Абу Лахаб менен Укба бин Муайт сыяктуу ашынган заалым мушриктердин үйүнүн дал ортосунда болгон. Алар ар мүмкүндүк туулган кезде Пайгамбарыбызды кордоого аракет кылышчу. Жада калса, малдардын өлүгүн Расулуллахтын эшигинин алдына ташташчу. Агасы Абу Лахаб муну менен гана чектелбей кошунасы Адыйдын үйүнөн ага таш ыргытып, кастандык жасачу. Умму Жамил да күйөсүнөн калышпай тикендүү чырпыктарды чогултуп Расулуллахтын баскан жолуна чуурута төгүп кетчү. Күндөрдүн биринде Пайгамбардын босогосуна ыплас нерселерди төгүп жаткан Абу Лахабды Хазрети Хамза көрүп калат да, жетип барып колундагы ыплас нерсенин баарын Абу Лахабдын башынан ылдый куюп салат. Аялы менен Абу Лахабдын мындай жосунсуз жоругуна Аллаху тааланын да каары келип, **«Абу Лахабдын колдору курусун! Ансыз да куруду»** - деген аяттарды камтыган «Таббат» сүрөсүн жиберет. Сүрөнүн түпкү маңызын түшүнө бербеген арсыз аял долуланып Хазрети Пайгамбарды издеп жөнөйт. Бул учурда Пайгамбар (алейхиссалам) Каабанын жанында бир нече сахаба менен Ислам тууралуу сукбат куруп жаткан. Шашкан тейде колуна таш кармап келе жаткан Абу Лахабдын аялы Умму Жамилди Абу Бакр көрөр замат Пайгамбарга кайрылат: «Пайгамбарым, Умму Жамил келе жатат. Колунда чоң таш бар. Баамымда сизди издеп келе жатат. Сиз бир жерге жашырына турсаңыз, сизге зыяны тийип калбаса экен». «Ал мени көрө албайт», - дейт Расулуллах. Түз эле жулкунуп Абу Бакрга келген Умму Жамил: - Эй, Абу Бакр! Сенин досуң кайда жүрөт? Ал күйөөм экөөбүздү жамандап ыр айтыптыр. Аның акын болсо, мына, биз күйөөм экөөбүз тең акынбыз! Мен да аны сындап, жамандап ырдаймын! Биз мындан ары ага каршыбыз, аны пайгамбар деп кабыл албайбыз! Ал жар салган динди да жек көрөбүз! Эгер азыр колума түшчү болсо, мобу таш менен башын жара чапмакмын...! деп, анык капыр экендигин дагы бир ирет тастыктап, дагы бир канча дооматтарды айтат, да, жолуна түшөт. Ал кеткен соң Абу Бакр (радыйаллаху анх) таң кала сурайт:

-Йа, Расулаллах, ал сизди көрдүбү?

-Ал мени көргөн жок. Аллаху таала ал учурда анын көзүн тосуп, мени көрө албас кылып койду, - дейт, Пайгамбар (алейхиссалам).

Абу Лахаб Утайба жана Утба аттуу эки уулуна Хазрети Пайгамбарыбыздын Умму Гүлсүмдү жана Рукия аттуу эки кызын кудалап койгон эле. Бирок, экөө тең баш кошо элек болчу. Мазмуну айбаттуу «Таббат» сүрөсүнүн түшүшү Абу Лахабдын үй-бүлөсүнүн душмандыгын ого бетер күчөтөт. Курайш мушриктери аларга: «Силер экөөң тең анын кыздарына талапкер элеңер. Эми баш кошуудан баш таркыла, ошентип, аны мүңкүрөтөбүз. Андан кийин Курайш уруусунан кимдин кызын кааласаңар, ошону алып беребиз!» - деп, Утайба менен Утбаны ачык көкүтүшөт. Экөө тең бул сунушка макулдугун билдирип, Пайгамбардын кыздарына үйлөнүүдөн баш тартышат. Утайба муну менен эле тим калбастан Расулаллахка (саллаллаху алейхи васаллам) кезигип: «Мухаммед! Мен сени да, сенин диниңди да таанибаймын! Кызыңа да үйлөнбөймүн! Эми мындан ары сен да мени жек көр, мен да сени жек көрөмүн! Сен да мага келбе, мен да сага барбаймын!» сыяктуу көңүлгө оор тийе турган сөздөрдү айтат. Буга да алымсынбаган заалым Утайба Пайгамбарыбызды жакалап көйнөгүн жыртат. Мындай орой мамилеге капаланган Пайгамбарыбыз. «Эй, Раббим! Муну жырткычтарга туш кыл!» - деп баддуба кылды. Эрдемсип үйүнө барган Утайба атасына кылган кылыгын, Пайгамбардын ага айткан каргышын айтып барат. Муну уккан Абу Лахабдын өңү кубарып: «Мухаммеддин уулума карата айткан каргыш дубасы мени санаага салды, эми мунун кесепети тийеби деп корком», - дейт.

Ошондон көп өтпөй Абу Лахаб соода иштери менен уулу Утайбаны Шамга жөнөтөт. Күн бою жол тартып чаалыккан кербен Зерка деген жерге жетип түнөп калат. Ар кимиси ар жерде өз ара кобурашып ортого жагылган отту тегерете олтурган маалда бир арстан жакындайт аларга. Арстан жакындаган сайын Утайба өңүнөн кетип калчылдай:

«Эми эмне кылам?! Мухаммеддин каргышы тийди. Бул жырткыч мени жок кылат! Мухаммед өзү Меккеде туруп менин жанымды алганы калды!» - дейт. Баары элеңдеп топтоло калганда арстан заматта көздөн кайым болот. Жатаар алдында өз ара кеңешип Утайбаны бийик жерге жаткырышат. Арстан түн жарымында кербендин  жанында кайрадан пайда болот. Адамдарды бирден жыттап өтүп Утайбаны табат да кардын жара тартат. Өлөр алдында: «Мен силерге баарыбыздан Мухаммед чынчыл инсан дебедим

беле!» - деп чындыкты мойнуна алып аянычтуу жан берет. Суук кабар Абу Лахабга жеткенде ал да: «Мен силерге Мухаммеддин тетири батасынан корком дебедим беле» - деп ыйлайт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) тааныган-таанытбагандын баарын түбөлүк бактылуу болууга чакырып, талыкпастан вазыйпасын улантат. Анын Улуу чакырыгынын маңызы – Аллаху тааланы жалгыз деп таануу жана ыйман келтирүү, ахлактуу жашап, боорукер болуу, Тозок отунан кутулуу үчүн Жараткандын буйруктарына моюн сунуу эле. Мушриктер болсо аталарынын дининен кайтпай көктүк кылышкан. Бирок, Пайгамбар (алейхиссалам) талыкпастан аларды тек гана адам болууга, ар-намыстуу, абийирдүү болууга, капырчылык баткагынан арылып Кудай астында таза болууга үндөп келген. Өчөшкөн мушриктер тирешкенин койчудай эмес. Катуу айтып, мыкаачылык кылгандардын башында агасы Абу Лахаб турган. Качан болбосун Расулуллахты көлөкөдөй ээрчип, ал сүйлөгөн жерде шайтандай пайда болуп, элге терс үгүт жүргүзчү. Эл көп жыйналган жайларда же белгилүү жармаңкелерде Пайгамбар алейхиссалам калайыкка кайрыла турган болсо, узактан болсо да жетишип, Пайгамбарды акылдан азган катары көрсөтүп, элди ага ишенбөөгө чакырчу.

Бир жолкусунда Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Каабанын жанында намаз окуп жаткан эле. Андан бираз ыраакта Абу Жахл менен санаалаштары топтошуп турган. Андан бир күн мурда мушриктерден бирөө төө союп, ичеги-кардын ошол жакын айланага ыргыткан болот. Муну көргөн Абу Жахл арам ниеттигин баштап:

- Мухаммед саждага башын койгон кезде тигинде жаткан төөнүн карынын ким анын моюнуна төгө алат? – дейт.

Чогуу турган мушриктердин арасынан ашынган акмагы союлган төөнүн ичеги карынын Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) саждага баш койгон кезде мойнунан ылдый төгүп ийет. Жакын жерде карап турган мушриктер мазактап күлүшөт. Бул окуяга узактан күбө болгон Абдуллах бин Масуд окуяны мындайча эскерет: «Мен алардан бираз узак жерде бул окуяны өз көзүм менен көрүп турдум. Каңырыгым түтөдү. Эгер менин сөзү өтүмдүү, коргоп алар аркамда адамым болгондо заматта барып анын мойнун тазалап салар элем. Расулаллах (саллаллаху

алейхи васаллам) саждадан башын көтөргөн жок. Бул окуяны көрүп турган бирөө Хазрети Фатимага кабар берген көрүнөт, жаш болсо да чыйрак Фатима чуркап келип ардактуу атасынын мойну-башын тазалап, зээни кейип мушриктерге каргыш айтты. Хазрети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) намазын окуп болгон соң үч жолу:

«Аллахым! Курайштын мынабул тобун Сага тапшырдым! Аллахым! Абу Жахл Амр бин Хишамды Сага тапшырдым. Аллахым! Укба бин Рабианы Сага тапшырдым. Аллахым! Шейбе бин Рабианы Сага тапшырдым. Аллахым! Укба бин Муайтты Сага тапшырдым. Аллахым! Валид бин Утбаны Сага тапшырдым. Аллахым! Умаййа бин Халефти Сага тапшырдым. Аллахым! Умара бин Валидди Сага тапшырдым», - деди.

Бул баддубаны уккан мушриктер күлкүлөрүн токтотуп, корко баштаышты. Анткени, Байтуллахта жасалган дубанын кабыл боло тургандыгына бардыгы ишенишчү. Пайгамбарыбыз Абу Жахлге: «Валлахи, же сен мындан баш тартасың, же Аллаху таала башыңа балээ жиберет», - деди. Аллаху таалага ант кыламын, Расулуллах аттарын атап айткан бул адамдардын Бардыгынын Бадр согушунда өлтүрүлгөнүн, ысыкта сасыган өлүктөрүнүн Бадр чуңкуруна ташталганын көрдүм».

Наадандыктын доору сүрүп турган ошол күндөрдүн биринде Каабага келген мушриктерге Абу Жахл мындай дейт:

- Эй, туугандар! Өзүңөр көрүп тургандай, Мухаммед биздин динди жектеп, сыйынып жүргөн буттарыбызга, ал тургай ата-бабаларыбызга да, бизге да тил тийгизгенин токтотподу. Мени айтты дээрсиңер, эртең ал намаз окуп жаткан учурда чоң ташты башына таштап жибербесем атым өчсүн. Ошондон кийин кааласаңар мени Абдулмутталибдин балдарынан коргоп калгыла, кааласаңар колдоруна салып бергиле. Мен аны өлтүрөм, андан кийин урук-тууганы мени эмне кылса да кайылмын!

- Эч нерседен кабатырланба, сени ушул жердегилер жапатырмак коргойбуз. Сен коркпой максатыңды ишке ашыра бер! – дешет баары бир ооздон Абу Жахлди колдоп.

Ошонун эртеси Абу Жахл күшүлдөп чарадай ташты кучактап Каабага келет. Ары жакта турган мушриктердин катарынан орун алып, күтө баштайт. Адаттагыдай салмактуу басып келген Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам)

Каабанын жанына келип намазын окуй баштайт. Бул учурду табылгыс мүмкүнчүлүктөй сезген карөзгөй Абу Жахл чарадай ташты араң көтөрүп Пайгамбарга карай басат. Алыстан тургандар эмне болор экен деп жымжырт карап турушту. Ташын көтөрүп эми жеткенде Абу Жахл жин урган немедей калчылдап титирей баштайт. Алдастап колунан ташы түшөт. Айбаттуу жаныбардан качкандай артка кетенчиктеп жабалактап тургандардын арасына жетип жашырынат.

- Амр бин Хишам! Сага эмне болду, анчалык эмнеден корктуң? – дешет, эч ким эч нерсе түшүнбөй.

- Мухаммедди өлтүрүш үчүн ташты эми гана бийик көтөрө бергенимде айбаты арстандан бетер кирген буура чыкты алдымдан. Мен өмүрүмдө андай алп, азуусун айга кайраган айбаттуу бууранын көрбөгөм, укпагам да. Эгер дагы бираз жакындаганымда мени чайнап, жутуп коймок... – дейт калчылдаган Абу Жахл.

Валид бин Мугира, Абу Жахл, Асвад бин Мутталиб, Умаййа бин Халаф, Асвад бин Абдиягвас, Ас бин Ваил, Харис бин Кайс өңдүү дили бузук мушриктер Расулаллахты (саллаллаху алейхи васаллам) көргөн сайын: «Ай бечара, бул өзүн пайгамбар кылып алган, Жабраил алейхиссалам келет имиш мунун жанына», - деп, шылдың кылышар эле. Эл ичиндеги сөзү өтүмдүү деген ыймансыздардын бул жоругу Пайгамбарга оор тийчү. Ошол күндөрдүн биринде Жабраил (алейхиссалам) келип бир нече аяттарды вахий кылат: **«Сенден мурун да пайгамбарларды шылдыңдашкан. Ошентип, аларга келекелегендиктеринен улам азап түшкөн»** (Энам сүрөсү, 10-аят).

**«Мушриктерден жүз үйрү. Акыйкатта, Биз сени шылдыңдоолордон коргойбуз! Алар Аллаху тааланын ордуна башка кудайларды коюшкан (сыйынкан) немелер. Башка келээр (балээни) кесепетти алар жакында билишет. Чындыгында, билип койгула, алардын сөздөрүнө (ширк кылганына, Куранга тил тийгизгенине жана сени дайым шылдыңдаганына) көңүлүң чөгүп, жүрөгүн ооруп жүрөт»** (Хижр сүрөсү, 95-аяттар).

Аллахтын Сүйүктүү Элчиси Мухаммед алейхиссалам Каабаны тавааф кылып жатканда Жабраил алейхиссалам келип: «Сени шылдыңдагандарды жазалоо үчүн Жараткан Аллах мени жөнөттү», - дейт. Экөө ушинтип сүйлөшүп жатканда Валид бин Мугира өтүп калат ары жактан. Жабраил сурайт:

- Мынабу өтүп бараткан кандай адам?

- Ал Аллаху тааланын эң жаман кулдарынын бири, - дейт, Пайгамбар (алейхиссалам). Жабраил алейхиссалам Валиддин бутуна ишаарат кылган соң: «Ал эми өз сазайын тартат», - дейт. Көп өтпөй Ас бин Ваил көрүнүп калат. Ал тууралуу сурап, ошол эле жоопту алгандан кийин, курсагына ишаарат кылып: «Эми, өзүнүн кесепети өзүнө тийет», - дейт. Андан соң Пайгамбарды жаман көзү менен карап өткөн Асвад бин Мутталибдин көзүнө, Абдиягвастын башына ишаарат кылат. Булардан кийин топко келип кошулган Харис бин Кайстын курсагына ишаарат кылган Жабраил (алейхиссалам): -Мухаммед! Ушуну менен Аллаху таала сени булардын жамандыгынан куткарды. Бул мушриктердин ар бири жакында ар кандай балээге дуушар болушат, - дейт.

Аллаху тааланын эң акыркы Пайгамбары, эң сүйүктүү кулу, ааламга ырайымдуулук катары жиберилген Хазрети Мухаммедге жана ыйманга келген момун- мусулмандарга миң түркүн кордукту чектирген бул мыкаачылар ошентип, бир четинен Аллахтын азабына кабылышат. Ас бин Ваилдин бутуна тикен кирет. Жаналакетке түшүп дарылатса да шыпаа таба албайт. Төөнүн мойнундай болуп шишиген буту анын өлүмүнө себеп болот. Өмүрүнүн ошол азаптуу акыркы көз ирмемдеринде: «Мухаммеддин Кудайы мени каарына алды...» - деп жан берет.

Асвад бин Мутталибдин көздөрү такыр көрбөй калат. Жабраил алейхиссалам аны даракты сүздүрүп өлтүрөт.

Бад-и Самумга барган Абдиягвастын бети-башы жана көкүрөгүн Аллаху тааланын каардуу назары капкара кылып, түсүн өзгөртүп салат. Таанылгыс абалга жеткен Абдиягвасты үй-бүлөсү үйгө киргизбей, босогодон кууп чыгышат. Ызасына чадабай жер сүзө берип мээсине кан кетип, ал да кылганынын кесепетин тартат.

Харис бин Кайстын ооруга чалдыгуусуна туздалган балык себеп болот. Ысытмасы кан кайнаткыдай абалга жетип, канчалык муздак суу ичсе да жардам бербейт. Аягында курсагы жарылып өлөт.

Дагы бир дин душманы Валид бин Мугиранын балтырына темир кадалат. Кан кетип, жарасы ырбап: «Мухаммеддин Кудайы мени каарына алды!» - деп боздоп жатып азаптуу өлүмгө учурайт. Натыйжада динге бут тоскон, аянбай каршылык кылган дин душмандарынын баары кылганын мойну менен тартышат. Ал

тургай мушриктердин Тозокто да түбөлүк кала тургандыктары жиберилген аяттар аркылуу айкын болот.

Күндөрдүн биринде Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) Абул Аска кезигип, аны менен коштошуп артына бурулуп кеткен соң Абул Ас Расулаллахты мазактагансып оозу-мурдун кыйшыңдатат. Далысындагы пайгамбарлык мөөрү аркылуу байкаган Расулаллах анын жоругуна капаланат. Пайгамбарды капаланткандын жазасы катары Аллаху таала аны өмүр бою оозу-мурду кыйшайган абалда жашоого тап кылган.

## Сахабалар көргөн азаптар

Мушриктер Пайгамбарга эле эмес, аны ээрчиген жоро-жолдошторуна да зордук зомбулук көрсөтүшкөн. Араб элинде уруучулук, өз тууганын коргоо маселеси күчтүү болгондуктан, мушриктер көбүнесе урук тууганы жок кембагал сахабаларга үстөмдүк кылышчу. Ошондой кембагал сахабалардын бири Билал Хабаши эле. Билал Хабаши Умай бин Халаф аттуу мушриктин кулу болгон. Ал Абу Бакр Сыддык аркылуу Исламды кабыл алып мусулман болгон. Умаййа он эки кулунун ичинен Билалга ишенгендиктен, аны бутканасына кароолчу кылып дайындаган. Мусулман болгон Хазрети Билал бутканадагы буттардын баарын сажда кылып жаткандай кылып жерге жыгып коёт. Бул кабарды уккан Умаййа көзүнөн каары чачырап Билалды суракка ала баштайт:

- Угушума караганда сен мусулман болгон турбайсыңбы, туурабы?

- Туура, Улуу жана Кудуреттүү Аллаху таала үчүн башымды саждага коёмун, - дейт, Билал Хабаши башын тик көтөрүп тайманбастан. Мушрик кожоюну аны дининен кайтышы үчүн түрдүү кордукту көрсөтөт. Бирок, ал жан чыдагыс кыйноонун баарына чыдайт. Аптап, кызып турган кумдун үстүнө Билалды жылаңачтап жаткырып үстүнө оор ташты бастыртат. Кээде Меккенин көчөлөрүнө чыгарып, жипке байлап атка сүйрөткөн күндөрү да болгон экен. Хазрети Билалды бир күн, бир түн суу бербестен байлагандан кийин темирден жасалган кийим кийгизип, кайнаган аптапка чыгарып, кызыган кумдун үстүнө, майы ээрип, тамганга чейин кармаган.

Исламдан баш тарттыруу үчүн эки колун артына карыштыра кайрып, көкүрөгүнө оор ташты бастырып кыйнаганда да ал: «Ахад! Ахад! (Аллах жалгыз! Аллах жалгыз!)» дегенинен жазбай: «Оо, Жараткан! Сенден келген миң түркүн акыбетке ыраазымын! Аллахым, сенин жазганыңа ыраазымын!» - деп дубасын тилинен түшүргөн эмес. Ал башынан өткөргөн кордукту ушинтип эскерген: «Заалым Умаййа мени чөлдүн кайнаган аптабына кууруп, колу бутумду таңып түнү да чеччү эмес. Төбөдөн тийген күн ушучалык ысык эле. Бир күнү мушрик кожоюн адаттагыдай кыйноону баштады. Мени динимен кайтаруу үчүн: - Билал! Биздин кудайларыбызга табын! Мухаммеддин кудайы болгон Аллахты чан, ага деген ишенимиңден кайт! – деп камчылаган сайын: - Аллах жалгыз! Аллах жалгыз! Аллах жалгыз! – деп жаттым. Өчөшкөн неме ого бетер кыжырданып казандан чоң ташты көкүрөгүмө бастыртып салды. Бир тараптан кызыган кумдун, кайнаган аптаптын ысыгына, бир тараптан көкүрөгүмдү кыскан таштын оордугуна чыдабай, дем жетпей эстен таныптырмын. Эсиме келсем, үстүмдөгү ташты алып коюшуптур, күн болсо булутка жашынып көлөкө болуп калыптыр. Мен бул жеңилдик үчүн Аллаху таалага шүгүр келтирип алкыш айтып жаттым. Ичимден күбүрөнүп: «Көрдүңбү Билал, Аллаху Тааладан келгендин баары жагымдуу, баарында чоң сыр бар», - деп жаттым.

Жан чыдагыс кыйноолордун дагы бирине күбө болгон пайгамбарыбыз Абу Бакрга Билалды кожоюнунан сатып алып куткаруусун өтүнөт. Соодалашуу учурунда көнбөгөн Умаййа: «Дүнүйөңдүн баарын берсең да аны сага сатпайбыз. Бирок, сенин кулуң Амирге алмашканга макулбуз, - деп шартын коёт. Мушриктер көз арткан Абу Бакрдын кулу Амир анын соода-сатык иштерин жүргүзгөн, иштин көзүн мыкты билген соодагер адам болгон. Кул болсо да анын өзүнө тийиштүү мүлкү болгону айтылат. Ал адамгерчилиги дурус, ишин орундуу жасап Абу Бакрга кол кабыш кылганы менен Исламды кабыл алган эмес. Хазрети Абу Бакр: «Жарайт, өзүнө таандык бардык мүлкү менен кошо Амирди силерге бердим, силер мага Билалды бергиле!» - деп мунасага келишет. Дароо үстүндөгү чокчо үйүлгөн таштарды туш тарапка ыргытып Билалды бошотуп алат. Канчалаган күндөр бою суусуз, ит чыдагыс кордукту тарткан Хазрети Билалдын дарманы калган эмес эле. Колун мойнуна арта салып колтугунан сүйөп момундуктун чыныгы үлгүсү, майтарылбас ыймандын

каармany Хазрети  Билалды Пайгамбарга алып барат. Бул окуяга Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) абдан сүйүнүп, Абу Бакрга ыраазылыгын билдирет. Ошол мезгилде Абу Бакрдын Бейишке кирээрин сүйүнчүлөгөн аятты Жабраил алейхиссалам алып келет. Бул кабар «Лайл» сүрөсүнүн 17-18-аяттарын алып келди. Аяти карималардын мааниси:

«(Хазрети Абу Бакр сыңары) **чоң такыбаа ээси болуп,** (**ширктен жана күнөөдөн сактанып**) **Аллаху тааланын даргахында таза болуу үчүн мал-мүлкүн сооптуу, пайдалуу жолдорго сарптаган адам андан (тозоктон) алыстатылды»**.

## Темирден көйнөк

Мындай оор кысымга жаңы гана Исламды кабыл алган Хаббаб бин Арат да кабылган.

Хаббабдын колдоор тууган-туушканы да жок, Умму Анмар аттуу мушрик аялдын кулу болгон. Жакалашар жакыны жок экенин билген мушриктер ыйманга дили байланган Хаббабды жылаңачтап алып тикендүү өсүмдүктөрдүн паясына (шагына) жаткызган. Кээде атайын адамды жазалоо үчүн темирден жасалган соотту кийгизип мээ кайнаткан ысыкта байлап коюшкан. Кээде кызыган ташка бастырып: «Диниңен кайт! Лат менен Уззага сыйын! – деп кысташкан. Денеси куйкаланып жаткан Хаббаб: «Лаа илаха иллаллах Мухаммедун расулуллах» - деп ыйманынан кайткан эмес. Ага жазалардын эң чоңу кызыган чокко ыргытылгандагысы болгон. Көзү канталаган мыкаачы мушриктердин бири туруп кетпесин деп тээп жыгып, буту менен көкүрөктөн басып турган. Бирок, дили сокур мушриктер Аллаху тааланын момун пендесине ар дайым жар болоорун билишкен эмес да.

Арадан көп жылдар өткөндөн кийин бул окуяны эскерген Хазрети Хаббаб, далысындагы күйүк іздерин көрсөтүп: «Мушриктер алоолонтуп от жагышты. Андан соң мени ошол отко салышканда менин денем аны өчүргөн эле», - деген.

Зордук-зомбулуктарга чыдамы кеткен сахабалар Пайгамбарыбызга келип, мушриктердин зулумдуктарынан кантип кутулушарын, Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) Аллахтан жардам сурашын өтүнүшөт. Пайгамбарыбыз чыдамы кетип, чөгүп турган момундарга дем берүү иретинде

мурдагы пайгамбарлардын тарыхын, алардын кайратынан кабар берет: «Силерден мурда жашап өткөн үммөттөр да ушундай оор кыйынчылыктарга кабылышкан. Алардын айрымдарынын терисин капырлар темир тарак менен тараса да, эти бөлүк-бөлүк болуп сыйрылса да, ал момундар динден кайтышкан эмес. Айрымдарын араа менен бөлгөн чакта да, ыймандарынан ажыраган эмес. Сабыр кылгыла, Аллаху таала, албетте, Исламды ийгиликке жеткирет, башка диндердин алдында бул диндин зоболосун көтөрөт! Буюрса келечекте, адамдар карышкырдан башка эч нерседен чочулабастан койлорун жайып салып Санадан Хадрамавтка чейин Аллаху тааладан башка эч нерседен коркпой төөчөн-атчан жалгыз жол тарта турган күндөр келет. Бирок, силер ашыгып жатасыңар...»

Көзүнөн жаш кылгыра Хаббабдын далысынан сылай жакшы тилектерин билдирет. Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) жанга жагымдуу, көңүлгө дабаа болор, ары кашкайган чындык сөздөрү Хаббабдын көрүнөө жана көмүскөө дарттарын жеңилдетет. Ыйманы курчуп жалгыз Аллахтан үмүт менен тайманбай заалым кожоюнуна кайтып барат.

Хазрети Хаббабдын кээ бир мушриктерден аласасы да бар эле. Аласасын доолап барганда мушриктер ага:

-Оболу Мухаммедден баш тарсаң, аласаңды дароо аласың! - деп шарт коюшат. Убактылуу дүнүйөнүн арзыбас баасына кол шилтеп:

- Мен Аны эч убакта танбаймын да, чанбаймын! Мен Аны менен чогуумун!.. - дейт. Башынан өткөн дагы бир оор окуяны мындайча баяндайт: «Бир күнү аласамды алуу үчүн Ас бин Ваилге барсам:

- Мухаммеддин жолунан кайтпачу болсоң акчаңды бербеймин, - деди. Мен кыжырданып:

- Сен өлүп кайрадан тирилсең да, Мухаммеддeн баш тартпаймын! - дедим.

- Демек мен азыр өлөмүн, анан кайрадан тирилемин, ушундайбы?! - деп кекетип кирди.

- Ооба! - дедим.

- Андай болсо, кайрадан тирилгенимде мал-мүлктүү болом, аласаңды ошондо кайтарып берем! - деди

Ас бин Ваилдин ушул сөздөрүнө байланыштуу Аллаху таала Курани каримде «Мариям» сүрөсүнүн 77-79-чу аяттарында мындай деди: «(Эй, Хабибим!) **Аяттарыбызды танганды**

**жана «Албетте, мага (кыямат күнү) мал менен бала берилет» деген адамды** (Ас бин Ваилди) **көрдүңбү? Ага кайыптан бир кабар келиптирби же болбосо Рахмандын алдында бир убада алыппы? Жок, андай эмес! Биз анын айткандарын жазабыз**. (Кыямат күнү ошого карата азапка тартабыз) **жана азабын үстү-үстүнө көбөйтөбүз»**.

## Эстен тангыча кыйноолор...

Мушриктер мусулмандарга аял-эркек, жаш-кары дебестен зулумдук кылышкан. Мушриктердин зомбулугуна дуушар болгон Зиннура Исламды алгачкы кабыл алган

мусулман аялдардан бири. Анын мусулман болгонун уккан мушриктер кармап алып «Лат» менен «Узза» деген буттарга табынууга мажбурлап кыйноого алышат. Бети-башы көк ала болуп, бүт денеси зыркырап ооруп турса да мушриктердин кудайын жээрип ыймандан кайтпайт. Зулумдуктун айынан Зиннуранын көзү көрбөй калат. Абу Жахл аны келекелеп:

- Көрдүңбү! Лат менен Узза сенин көзүңдү көр кылды, – дейт. Ыймандын күчү менен Зиннура башын тик көтөрүп:

- Эй, Абу Жахл, ал сенин наадандыгың. Сен табынып жаткан бул таш айкелдер эч бир ишке жарабайт. Жада калса, өзүнө сыйынып жаткандарды да тааныбайт. А менин Кудайым болсо көзүмдүн нурун жаңылап, өз калыбына келтирүүгө Кудуреттүү Зат!

Абу Жахл анын аял болсо да мындай эрдигине аргасыздан башын чайкап таң калат. Жараткан Аллаху таала Зиннуранын тилегин кабыл кылып, көзү умачтай ачылат. Мына ушундай улуу акыйкатты көз менен көрүп турса да Абу Жахл жана башка Курайш мушриктери ыйманга келишкен эмес. Дат баскан жүрөктөрү акыйкатты сезип турса да, алардын напсине кишенделип калган чолок акылы тетири басып: «Мунусу деле жанагы Пайгамбар болумушунун бир сыйкыры да. Мухаммедди ээрчиген ушул тексиздерге ишенелиби? Эгер бул кембагал, тексиздердин жолу акыйкат жана пайдалуу болгондо эң оболу биз ээрчийт элек го... Акыйкатты табыш ушу кулдарга калыптырбы?! – деп өздөрүн ушундай негизсиз сөздөргө ишендирип алышкан. Ошол себептен, Аллаху таала Ахкаф сүрөсүнүн 11-аятын түшүрдү**: «Ал**

**капырлар ыйман келтиргендер тууралуу «Эгер анда** (Исламда) **бир кайыр бар болсо бул маселеде алар** (кедейлер, байкуштар) **биздин алдабызга чыгып, бизден мурда ага жете алмак эмес», - деди. Бирок, алар аны менен** (Курани карим менен момундар сыяктуу) **туура жолго кирбегендиктен** (Курани каримди терске чыгаруу үчүн) **«Бул Курани карим** (Мухаммед чыгарган) **эски мезгилдерден калган жалган нерсе», - дейт.»**

## Дар-ул Аркам

Мушриктердин мусулмандарга карата жасаган айоосуз зулумдугуна Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) катуу капаланчу. Ислам динин дагы да кеңири жайылтуу жана жаңы мусулман болгондорго үйрөтүү, окутуу үчүн коопсуз жай керек болчу. Пайгамбарыбыз мындай касиеттүү ишке Хазрети Аркамдын үйүн тандады. Анын үйү Сафа дөбөсүнүн чыгыш тарабында тар көчөнүн төрүндө тектир сыяктуу бийик жерде жайгашкан. Аркамдын үйүнөн Ыйык Кааба алаканга салгандай даана көрүнө турган. Үйдүн жайгашкан жери келип кеткендерди көзөмөлдөп турганга да абдан ыңгайлуулугу менен айырмаланат. Асыресе, Хазрети Аркам Мекkенин алдыңкы абройлуу адамдарынын бири болгондуктан анын үйүнө ниети бузуктар даап кире алчу эмес. Ошентип, улуу максат менен алгачкы сабактар башталат. Пайгамбар (алейхиссалам) арасына жаңы кошулгандарга Ислам тууралуу кеңири маалыматтарды үйрөтө баштайт. Зулумдуктан кордук көрүп, жабыр тарткан көңүлдөрү Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) сөздөрү дабаа болуп келген. Алар Пайгамбарыбыздын мубарек сөздөрүн башына конгон бакыт кушун учуруп албайлы дегендей этияттык ынтаа менен тыңдашкан. Анын маңыздуу ар бир сөзүн сая кетирбей баарын жатташат. Пайгамбардын сөздөрү куурап бараткан дилдерге жамгыр сыяктуу сиңип, адамдардын жүзүнөн, көзүнөн ыймандын нуру көрүнө баштайт. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз убактысын үгүт насаат үчүн бөлүп, эртеден кечке чейин Хазрети Аркамдын үйүндө ысмы кыяматка чейин эскериле турган мубарек сахабаларын жетилдирүү менен алек болгон эле. Бул үй мусулмандардын алгачкы илим борбору, б.а., алгачкы Дар-ул Ислам болгон эле. Анткени, алгачкы мусулмандар мына ушул үйгө чогулуп, илим үйрөнүп, мушриктердин ар түрдүү жамандыктарынан коргонушкан эле.

Аммар бин Ясер (радыйаллаху анхума): «Дар-ул Аркамга Расулуллахка барып Исламды кабыл алгым келип жүрдү. Эшиктин алдында Сухайбды (радыйаллаху анх) жолуктурдум. Анын келген жайын сурасам ал да мага окшоп мусулман болуу үчүн келиптир. Уруксат сурап Пайгамбарыбызга кирдик. Ал бизге Исламды түшүндүрдү. Биз болсо кубануу менен мусулман болдук».

Аммар бин Ясер мусулман болгонун тайманбастан ачык айткан баатырлардын бири эле. Ошонун айынан мушриктердин балээсине кабылат. Күчкө салып далай ирет кыйнашат. Темир көйнөктү кийгизип коюп чөл ысыгында күнгө какташкан, от жагып чокко жаткызышкан. «Аммар! Исламдан кайт! Лат менен Уззадан кечирим сура! Сени дароо коё беребиз, сага жакшылык кылабыз!» - деп азапташкан. Жан чыдагыс кыйынчылыкка чыдап, мушриктердин шаабайын суутуп: «Раббим Аллах, Пайгамбарым Мухаммед (алейхиссалам)!» дегенинен жазбаган.

Аммар бин Ясер бир күнү Расулуллахка келип: «Мушриктердин кордугу чектен ашып кетти», - дейт. Пайгамбар (алейхиссалам) Аммардын урулган, алсыраган абалын көрүп аргасы түтөйт: «Яхзандын атасы, сабыр кыл бираз!» - деп, көнүлүн жуутуп:

«Йа, Рабби! Тозогуңдун азабын Аммардын бүлөсүнөн эч кимге таттыра көрбө!» - деп дуба кылат.

## Алгачкы шейит

Хазрети Аммардын атасы Ясер, энеси Сумаййа, бир тууганы Абдуллах болуп бүтүндөй үй-бүлө Исламды кабыл алышат. Муну уккан мушриктер алсыз бүлөөнү мыкаачылык менен кыйнашат. «Терибизди тирүүлөй сыйрысаң да, этибизди майдалап туурасаң да, биз капырлыкка, мушриктикке кайтпайбыз, динибизди сатпайбыз! Лаа илаха иллаллах, Мухаммедур Расулуллах!» - деп тике карашкан.

Ошентип, кыйнап, мыкаачылык менен Хазрети Ясер менен уулу Абдуллахты уруп шейит кылышат. Карөзгөй заалым Абу Жахл болсо Хазрети Сумаййанын буттарынан жипке байлатып, эки жактан эки төөгө тарттырып шейит кылат. Ошентип, Ислам тарыхында双 дининен кайтпай, Аллах жолунда алгачкы шейиттик даража Ясердин үй-бүлөсүнө буюрган.

Бул суук кабар Расулаллахты (саллаллаху алейхи васаллам) жана бардык сахабаларды терең кайгыга салат. Ясер үй-бүлөсүнө

жасалган зулумдук башка мусулмандардын бири-бирине дагы да жакын болушуна, ынтымактын жана биримдиктин чыңалышына зор өбөлгө түзөт.

Мубарек сахабалар намаз окуй турган маалга жакын шаардан чыгып, көздөн оолак жерде жашыруун ибадаттарын орундашчу. Күндөрдүн биринде Саад бин Абу Ваккас, Саид бин Зейд, Абдуллах бин Масуд, Аммар бин Ясер, Хаббаб бин Арат аттуу мусулмандар Меккенин Абу Дууб колотунда жашырынып намаз окуп жатышкан. Бирок, артынан акмалаган бирөөлөр бар экенин сезишкен эмес. Ахнас бин Шерик жанына бир топ мушрикти ээрчитип намаз окуп жаткан момундардын маңдайына келип, мазактап башташат. Канчалык сабыр кылган менен ибадат учурундагы мындай адепсиздикке каршылык көргөзбөө мүмкүн эмес болчу. Баары жапатырмак туруп мушриктер менен кагылыша кетет. Хазрети Саад бин Абу Ваккас колуна тийген төөнүн сөөгү менен бирөөсүнүн башын жара коёт. Мушриктер качып кутулушат. Ошентип, Ислам тарыхындагы эң алгачкы бул кагылышуу мусулмандын дин эркиндигин жана адамдык ар- намысын коргоо үчүн аргасыздан жасалган кадам болуп эсептелет. Капырдын каны дагы алгач ирет ушул кагылышууда төгүлгөн.

## Абу Зарр-ил-Гыфаринин мусулман болуусу

Улам мезгил өткөн сайын Исламды кабыл алгандардын саны арта баштайт. Мушриктер канчалык тоскоол болбосун Аллаху тааланын кудурети менен алардын аракети шамалга айдалган камгак сымал болуп кала берет. Кабар Гыфар уруусуна да жетет. Ислам тууралуу бүдөмүк кабарды кулагы чалган Абу Зарр-ил-Гыфари жаңы диндин чын-бышыгын тактап, терең изилдеп келүү үчүн иниси Унайсты Меккеге жөнөтөт. Унайс Меккеге келип Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) берекелүү сухбатын тыңдап, купулана толуп айылына кайтат. Абу Зарр-ил-Гыфари:

- Кана айтчы, эмне кабар алып келдиң? – деп кызыгып сурайт.

- Сиз айткандай, Пайгамбарды өз көзүм менен көрүп келдим. Пайгамбар жүзү нурдуу, алибеттүү, акыйкат сөздөн башканы сүйлөбөгөн, элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарган касиеттүү киши экен.

- Шаар эли аны кандай кабыл алып жатышыптыр?

- Элдин көбү акыйкатты түшүнбөй аны сыйкырчы, көз боёмоочу жана сөзүндө сыйкыры бар акын деп, ар кандай айыптарды тагышат экен. Мен өз кулагым менен анын сөздөрүн угуп келдим. Анын айткандары сыйкырга да, көз боёмоочунун жалган сөздөрүнө да түк коошпойт. Билесиз, өзүм акын болгон соң араб элинин акындык өнөрүнүн бир топ түрүн өздөштүргөм. Анын айткандары биздин салттуу акынчылык өнөрдөн алда канча бийик, биздикине такыр окшобойт. Мен ушул жашка келип анын сөзүндөй уккулуктуу, ары таасирлүү сөзгө арбалган эмесмин. Аллаху Тааладан келген аят деп айтып жаткан маңыздуу сөздөрүн эч нерсеге теңеп болбос. Мухаммед акыйкатты жана чындыкты даңазалап жатат, мен ага ишендим. Ошондой кашкайган акыйкатты көрүп туруп тескери баскан адам жалганчы, көөдөнү сокур бузуку - дейт, эл ичинде акынчылыгы менен кадыр- баркка ээ болгон Унайс.

Сезиминде Пайгамбар элеси жетелей Абу Зарр азыгын артынып Меккеге карай жол тартат. Меккеге жетип Расулуллахты тааныбагандыктан бирөө жарымдан сурагандан бир чети кооптонуп, бир чети тартынат. Каабага барып, зам-замдан кангыча ичип, бир топко айланага көз чаптырып күтүп олтурат. Кеч кирип көчөнүн бир бурчунан түнөк издеп жатканын көргөн Хазрети Али аны үйүнө ээрчитип барат. Ичиндеги сырын айтпаган Абу Зарр эртеси да Расулуллахты издеп Каабага барат. Кечке чейин күтөт. Өтүп бараткан Хазрети Али дагы жолуктурган жолоочуну үйүнө ээрчитип кетет. Бирок, маселе дале сыр бойдон. Күндөгүдөй эле Абу Зарр Каабага барып көчө бурчундагы ордунан пайгамбарды күзөтүп баштайт. Дагы жолуктурган Хазрети Али үйүнө ээрчитип барып маселенин чоо-жайын сурайт. Туура маалымат берүүгө сөз берген соң гана Абу Зарр, бул чөлкөмдө бир пайгамбар чыкканын, ага жолукканы келгенин айтат. Хазрети Али кубаныч менен аны коштоп, мына азыр өзү да пайгамбардын жанына барарын айтып: «Мени ээрчий басыңыз, мен кирген үйгө сиз да кириңиз. Эгер кооптуу нерсе байкасам бут кийимимди түздөмүш болуп турам, а сиз түз өтүп кетиңиз», – дейт.

Ошентип, Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) барган Абу Зарр абдан толкундануу менен: «Ассаламу алайка йа Расулуллах!» - деп салам берди. Ислам тарыхындагы алгачкы ирет

мына ушундай Пайгамбарыбыз менен Абу Заррдын саламдашуусу саламдашуунун үлгүсү катары күнүбүзгө жетти.

- Аллаху тааланын мээрими сага да төгүлсүн! – деп Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) саламга алик алат да;

- Сен ким болосуң? – деп сурады.

- Мен Гыфар уруусунан болом.

- Меккеге келгениңе канча күн болду?

- Үч күн, үч түндөн бери Меккеде жүрөм.

- Үч күн бою сага ким тамак берди?

- Өзөк жалгаганга зам-замдан башка эч нерсе таба албадым. Бирок, зам-замды ичкен сайын курсагымдын ачканын сезген жокмун, – деди Абу Зарр.

- Туура, зам-зам башкача суу. Ач курсакты тойгузат, – деп коштоду Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам. Көксөп келген Абу Зарр дароо:

- Мага Ислам дини тууралуу маалымат бер. Ислам менен таанышкым келет, – деди. Ошентип, Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васалламды ээрчий шахадат келимесин айтып, пайгамбардын оозунан Ислам тууралуу маалымат алган соң Абу Зарр-ил-Гыфари мусулман болот.

Абу Зарр-ил-Гифари мусулмандыкты кабылдагандан кийин Пайгамбарыбызга: "Йа, Расулаллах! Сизди Пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, мен ыйман келтиргенимди мушриктердин арасында ачык түрдө айтамын», - деди. Каабанын жанына барып: «Эй, Курайш эли! Ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулуху – Аллахтан башка илах жок, Мухаммед алейхиссалам Анын кулу жана Расулу экенине күбөлүк кыламын», деп кыйкырды. Муну уккан мушриктер жабалактап колуна таш, таяк алып ур токмокко алып киришет. Хазрети Аббас жетип келип:

- Токтоткула! Өлтүрөсүңөр! Силердин эртең соода кербениңер өтчү эл Гыфар уруусу эмеспи, эми ал жерден кантип өтөсүңөр? - деп куткарып калат.

Абу Зарр мусулман болгондугуна кубанып, бир жерде тура албады. Эртеси дагы Каабага барат. Эл алдына чыгып мусулман болгонун кыйкырып жар салат. Мушриктер аны дагы сабашат. Хазрети Аббас дагы жете келип арага түшүп куткарып калат.

Абу Зарр-ил-Гыфари хазреттерине Пайгамбарыбыз алейхиссалам элине кайтып, адамдарды Исламга чакырууну тапшырды. Пайгамбарыбыздын бул тапшырмасы менен ал өз журтуна барып, Аллаху тааланын бир экендигин, Мухаммед алейхиссалам Анын Расулу экендигин түшүндүрдү. Айкандарынын акыйкат нерселер экендигин алар сыйынган буттардын бош, маанисиз нерселер экендигин айтты. Тыңдап тургандардын кээ бири каршы чыгып, тетири сүйлөп башташат. Уруу башчысы Хаффаф жабалактагандарга: - Баскыла үнүңөрдү! Аягына чейин жакшылап угуп туруп, айтаар сөзүңөрдү анан айтпайсыңарбы! – деп тынчытат.

Абу Зарр-ил-Гыфари чын ыкласы менен сөзүн улайт:

- Мен мусулман боло электе бир окуяга күбө болгом жана ал окуя менин мусулман болушума түрткү берген. Бир күнү мен салтка ылайык Нухем деген буттун алдына сүт койдум да, узактан ойлонуп олтурдум. Ошол маалда бир ит келип сүттү ичти да, бутка заара ушатып, аны булгап басып кетти. Мен ошондо биз сыйынып жүргөн жансыз буттар жада калса өзүн коргой алгыс таштар гана экенин түшүндүм. Эми өзүңөр ойлонгулачы туугандар; ит булгап кеткен ушул буттарга сыйынууга кантип дитиңер барып жатат? Бул акылсыздык эмеспи? Силер азыр ушундай нерсеге табынып жатасыңар?!

Көпчүлүк жымжырт, баары башын жерге салып үнсүз тыңшап отурду. Арасынан бирөө туруп:

- Сен айтып жаткан Пайгамбар эмнелерди айтып жатат? Анын туура экенин, сөздөрүнүн акыйкат экенин кантип билдиң? – деп сурайт. Элдин көңүлүн өзүнө буруп бийик үн менен Абу Зарр сөзүн улап:

- Оо, калайык! Ислам Пайгамбары Аллаху тааланын жалгыз кудайлыгын, сыйынууга татыктуу Андан башка кудайдын жоктугун, бардык нерсенин жаратуучусу жана ээси кудуреттүү Аллаху таала экенин айтып, коомду Аллаху таалага ишенүүгө үгүттөп жатат. Анын сөзүнүн маңызында туура жол, адеп-ахлактуулук, өз ара камкор, кайрымдуу болуу сымал бардык жакшы сапаттар камтылган. Ошондой эле, наристе кыздарды көмүү, жапайы жырткычтай мыкаачылык, жагымсыз, уятсыз жорук-жосундардан арылуу жатат. Ал адилетсиздикке, заалымдыкка жана кан төгүүгө караманча каршы, - деп, Ислам дининин ишенич негиздеринен,

турмуштук жана адептик эрежелеринен сөз кылып, ошол учурдагы калк арасында көрүлүп жаткан терс көрүнүштөрдөн мисал келтирет. Айтылган сөздөргө конок берип, астейдил тыңдап отурган эл башы Хаффал, аны менен бирге өзүнүн бир тууганы Унайс жана бир топ адам Исламды кабыл алышат.

## Каабада ачык түрдө Курани каримдин окулуусу

Сахабалар күндөрдүн биринде далдоо жерге жыйналып: «Валлахи, Расулуллахтан башка мынабу Курайштык мушриктерге Курани каримди ачыктан-ачык окуп, угуза ала турчу адам чыкпады. Алардын арасынан Абдуллах бин Масуд: «Мушриктердин жанына барып Курани карим окуганга мен даярмын! – дейт. Ал жерде отургандардын кээ бири:

«Эй, Абдуллах, аркаңда коргой ала турган тууганың жок. Сага мушриктердин зыяны тийип калуусунан коркобуз. Биз керек маалда өзүн мушриктерден коргой ала турчу тайпасы менен коому бар адамды каалайбыз», - дегенде: «Силер мага уруксат бериңиздер, барып көрөйүн. Хак таала мени коргойт», - деп тайманбастыгын көрсөттү. Эртеси Абдуллах бин Масуд хазреттери шашке маал Каабанын маңдайындагы «Макам-ы Ибрахимге» барды. Мушриктер ошол жерде жыйналып турушкан эле. Абдуллах бин Масуд (радыйаллаху анх) «Бисмиллах» айтып, «Рахман» сүрөсүн окуй баштады. Муну көргөн мушриктер: «Умуу Абддын уулу эмнелерди айтып жатат? Мунун айткандары Мухаммеддин айткандарына окшош го», - дешип кыжырланган немелер ибн Масудду басып жыгылышат. Ташбоорлор айоосуз сабашат. Сахаба ур-токмокко карабай касиеттүү Курандын аяттарын токтобой окуй берет. Көзү-башы көгөрүп сахабаларга кайтып барат. Ибн Масуддун канга боёлгон кийимин, көгөрүп, жарылган бети-башын көргөн сахабалар анын абалына абдан кейишет. Бирок, Ибн Масудда эч кандай кайгыруу же өкүнүүнүн изи жок. «Аллаху тааланын душмандарын мен азыркыдай алсыз көргөн эмесмин. Алардын токмогу мен үчүн түккө арзыбайт. «Уруксат этсеңер, эртең дагы барып ошончо угузам аларга» - дейт. «Жок, сага ушу да жетиштүү. Сен ошол зөөкүр капырларга жакпай турган эң көркөм, эң мыкты сөздөрдү угуздуң» - деди.

## **Туфайл бин Амрдын** (радыйаллаху анх) **мусулман болуусу**

Хазрети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарлыгынын алгачкы жылдары Исламды жаюу үчүн күн-түн тыным албай, ар бир адамга жекече жолугуп, насаат айтып, туура жолго үгүттөөр эле. Меккелик мушриктер болсо жаналакетке түшүп, тоскоол болууга бардык күчүн жумшашат. Пайгамбарды ээрчиген момун-мусулмандарды кыйнап, кордук чектирип, айрымдарын мерт кылгандан кайра тартышпайт. Хазрети Мухаммед менен (саллаллаху алейхи васаллам) учурашкан, жолугуп сүйлөшкөн адамды мушриктер көрсө дароо Пайгамбардан алыстатуу үчүн жан далбас урган. Сырттан келген чоочундарга да Пайгамбарды жамандап, андан узак болууга алдын ала эскерте беришчү. Мына ушундай мусулмандарга ар тараптан кысым, кыйноо жүрүп турган ошондой оор күндөрдө Туфайл бин Амр аттуу адам Меккеге келет.

Жолун тосуп чыккан жоон топ мушриктердин тобу адаттагыдай дароо: «Эй Туфайл! Меккеге кош келипсиң! Биздин элде илгерки айтылуу Абдулмутталибдин небереси акылынан адашты. Сөздөрү сыйкырдын дал өзү. Атаны баладан, бир тууганды бири-биринен, аялын эринен айырып, коомго жайган андагы түшүнүк коомчулукта бөлүнүүнү пайда кылып жатат. Коркконубуз сени менен сенин элиңдин башына да келбесин! Аны менен сүйлөшпө, кебине кулак салба. Бул жерде көпкө калбай дароо жериңе кайт!» - деп пайгамбарды каралап киришет.

Окуянын мындан аркы өнүгүшүн Туфайл бин Амр өзү мындайча эскерет: «Бул сунуш мага жасалган ашкере камкорчулуктай сезилди. Мушриктердин кебине муюп Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) сөзүнө кулак салбоо, Аны менен сүйлөшпөө үчүн өзүмө сөз бердим. Жада калса, Каабага барган кезде Хазрети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) сөзүн угуп калбоо үчүн эки кулагыма кебез тыгып алдым.

Ушундай күлкүлүү жоруктарым үчүн кайра ойлонуп көрүп: « Мен жакшы менен жаманды ажырата албай турчу адам эмесмин. Ары акынмын. Мунун сөздөрүн тыңдоонун эмнеси бар экен. Жакшы болсо кабылдайм, жаман болсо баш тартам!» - деп, ичимден бир чечимге келген соң ыңгайлуу учурду күттүм. Расулаллах үйүнө келген кезде артынан акмалап келип:

-Йа, Мухаммед алейхиссалам, сен тууралуу кээ бир адамдар мага ушундай сөздөрдү айтып мени абдан коркутушту. А мен болсо сенин сөздөрүңдү угуп зыянга учурап каламбы деп кулактарыма кебез тыгып алдым. Бирок, Аллаху таала сенин сөздөрүдүн биразын мага угузду. Алар өтө жакшы сөздөр экен. Эми сен мага эмне айтасың? Кабыл кылууга даярмын», - дедим. Пайгамбарыбыз мага Исламды түшүндүрүп, Курани каримди бираз окуду. Ант кылам, өмүрүмдө андан бийик сөз уккан эмесмин, Дароо келиме айтып, мусулман болдум.

Ошол кезде: «Йа, Расулаллах! Мен өз тайпамдынсөзү өткөн, беделдүү кишисимин. Эч ким менин сөзүмдүжерге таштабайт. Барып, аларды дагы Ислам динине чакырайын. Дуба кылыңыз, Аллаху таала мен үчүн керемет жасасын. Ушундайча ошол керемет тайпамды Исламга чакырганда мага оңолук, көмөк алып келсин». Бул өтүнүчүмө Расулаллах: «Эй, Аллахым! Ал үчүн бир керемет жарат», - деп дуба кылды.

Ошондон кийин өз жериме кайттым. Караңгы түндө тайпам турчу жердеги суунун башына караган чокуга чыкканымда маңдайымда бир чырак сыякту нур пайда болуп жарык бере баштады. Ошолкезд дуба кылы: «Эй, Аллахым! Давс тайпасынын наадандары көрүп: «Туфайл атадан калган динден кайтканы үчүн Кудай аны жазалап маңдайы ушинтип калыптыр» - деп түшүнбөсүн деген ойдо маңдайымда жанган нурду башка жерге которуусун Аллахтан тиледим. Тилегим орундалып маңдайымдагы нур дароо камчынын учуна келип, чырак сыяктуу илинип турду. Тайпамдын мекенине карай ылдый түшүп бараткынымда мени карап тургандар камчыма ишаарат кылып жатканын көрдүм. Ошентип, үйгө бардым. Барарым менен жаныма басып келген атам мени көрдү. Мени жакшы көргөндүктөн мойнуман кучактады. Атам абдан карып калган эле. Мен создуктурбай маселени ток этер жеринен баштап: -Атаке, эгер ушул жолуңдан кетсең мен сага уул, сен мага ата эмессиң, – дедим кескин сөздөрүм менен. Катаал сөздөрүмө бир чети таң кала себебин сурады. Мен Ислам дини тууралуу, Пайгамбар тууралуу, Пайгамбардын жупуну, бирок, ток пейил турмушу тууралуу кеп салдым. Айтылгандын баарын ынтаа коюп угуп турган атам таасирленип:

-Уулум, мен да сен кабыл алган динди кабыл алдым! Сенин дининди мен өзүмө дин катары тутунайын! – деди да,

айткандарымды кайталап келиме айтып мусулман болду. Усулу менен жуунуп, таза кийимдерин кийди. Андан соң аялыма да Ислам динин түшүндүрдүм. Ал дагы каршы чыкпай мусулман болду.

Эртелеп туруп бекем ниет менен эл аралададым. Уруулаштарымдын баарын Исламга чакырдым. Исламдын өзөк маңызын колдон келишинче түшүндүрдүм. Тилекке каршы, журтташтарыман мени ээрчигендер болгон жок. Көпкө дейре каршылык көрсөтүштү. Көндүм болгон күнөө иштерден кайтышпады. Айрымдары мени шылдыңдап кеп кылышты. Мага алардын жоругу жана мамилеси күнөө иштен кайтпачудай сезилди.

Арадан бир топ мезгил өткөндөн кийин кайрадан Меккеге бардым. Коомум тууралуу Пайгамбарыбызга дартымды төгүп: -Йа, Расулаллах, менин туугандарым Аллахтын астында күнөөгө батып калышты. Менин чакырыгымды кабыл кылбады, - дедим. Бардык адамдарга мээримдүү болгон Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кыблага карап алакан жайып мындай деп дуба кылды: «Йа, Рабби! Давс калкына Өзүң туура жолду көрсөт! Аларды Ислам динине кгизе көр!» Мага кайрылды да: "Сен коомуңа кайт. Аларга жылуу, жумшак мамиле кыл. Элдин алдында Исламды түшүндүрүп жатканда жылмайып сүйлө, сылык бол! Үгүт ишиңди аксатпа! – деп, мени жолума салды. Дароо элиме кайтып барып, Давс калкын Исламга чакыруудан эч чарчабадым».

## Жарманкелерде динге чакыруу

Жыл сайын Арабстандын ар кайсы аймактарынан адамдар белгилүү бир күндөрдө Каабаны зыярат кылуу үчүн Меккеге келишчү. Бул күндөрү Мекеде бир катар жарманкелер уюштурулчу. Пайгамбарыбыз келгендерди күтүп алып, аларга Исламды түшүндүрүп, Аллаху тааланын бир, Өзүнүн хак пайгамбар экендигин жана кутулуу жолунун Исламда экендигин айтып түшүндүрчү. Күндөрдүн биринде Валид бин Мугира мушриктерди чакырып: -Эй, Курайш эли! Мына, Каабаны зыярат кыла турган мезгилдин босогосунда турабыз. Буга чейинки биздин тоскоолдуктарыбызга карабай Мухаммеддин үнү, анын дини коңшулаш элдерге чейин жайылып жатыптыр. Бул жолу да жайына коё турган болсок ар жактан келген адамдар анын сөзүнө кирип динине өтүп кетиши толук ыктымал. Силерди чакырганымдын

себеби, буга тезирээк чара көрүшүбүз керек. Ар кимибиз ар кайсы сөздү сүйлөп жалганчы болбой сөзүбүз бирдей болгудай, баарыбыз бир пикирге келип алалы, – дейт.

Чогулгандардын көбү: -Валид сен арабыздагы эң эле амалкөй адамсың. Сен эмне десең, биз ошого макулбуз, – дешет.

-Жок, силердин айтканыңарды талкууга алалы. Кимиңерде кандай пикир бар, айткыла, мен угайын? Көпчүлүк:

-Анда, аны көзачык деп айталы.

-Жок, болбойт! – деп, Валид каршылыгын билдирет: -Андай дегенибиз туура болбой калат. Ант этип туруп айтайын; ал көзачык эмес. Биз көзачыктын көбүн көрдүк. Алар чын-төгүнүн аралаштырып айта берет да. Мухаммеддин айткандары болсо көзачыктардын сөздөрүнө такыр коошпойт. Кала берсе биз ушуга дейре Мухаммедден бир дагы жалган сөздү уктукпу? Эгер аны көзачык дей турган болсок аныбызга эч ким ишенбейт.

-Андай болсо, акыл эсинен адашкан жинди деп айталы...

-Жок, ант беремин, ал жинди эмес, эсинен адашкан да эмес. Анын акылы ушу жерде отурган баарыбыздын акылыбыздан тунук да, жогору да турат. Жиндинин кандай болоорун элдин баары билет. Ал акылы кемдерге окшоп дөөрүбөйт да. Мындай дечү болсок, өзүбүз жалганчы болобуз.

-Акын-ырчы деп айтсакчы?

-Ал акын эмес! Акындык өнөрдүн түркүн түрүн жакшы билем. Ал айтып жаткан сөздөр акындын ырына түк окшобойт.

-Сыйкырчы десекчи?

-Сыйкырчынын кандай болоорун билбеген адам жок болсо керек. Баарыңар сыйкырчыларды, алардын көз боёмойлорун көрүп -угуп жүрөсүңөр да. Айткылачы, анын жүрүм-туруму же сөздөрү сыйкырчылыкка окшойбу деги?! Мухаммеддин сөздөрүндө бүт ааламга тең келчү касиет бар. Айрыкча, күн сайын туш тарапка таанымал да болуп бара жатат. Араб элинин көркөм сөз өнөрүнө салыштырганыбызда деле анын маанилүү сөздөрү баарынан жогору, асман жердей айырма болуп жатпайбы. Андай керемет уйкаштыкты жана терең маанилүү айтымдарды эч ким айта албайт. Бул айтылгандарга элди ишендириш мүмкүн эмес, тескерисинче, өзүбүз жалганчы болуп калабыз.

-Арабыздагы эң эле аксакал, эң эле тажрыйбалуу көрөгөч адам өзүң экенсиң. Сен кандай чечим кабыл алсаң, баарыбыз ошого

ыраазыбыз, - дешет, акырында чыдамы кеткен мушриктер. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, акырында Валид бин Мугира: «Эң жакшысы биз элге аны сыйкырчы, көз боёмоочу деп жарыя кылалы. Ойлонуп көрсөк акылга жатыгы эле ушул болуп турат. Анткени, ал таасирлүү сөзү менен эл ичине жик салып, тууганды тууганда, аганы иниден бөлүп, достордун ортосундагы ажырымга себепкер болду, - деп, акыркы сөздү айтты. Отургандын баары анын чолок акылына таянып туш тарапка тарашат. Ары-бери өткөндөргө тетири үгүттү башташат: «Мухаммед сыйкырчы!» - дешип, жарманкеге же жөн гана зыяратка келгендерди атайлап шаар астанасынан тосуп алып, Пайгамбарга жолукпоону эскертип, кокус кезигип калчу болсо, анын сөзүнө ишенбөөгө үндөп жатышты. Анткени, Пайгамбар (алейхиссалам) кимге кезикпесин жалгыз Аллахка ишенүүгө, буттарга сыйынуудан баш тартууга, арамдан кол үзүп адал жолдо жашоого, зулум, зина, сүткорлук, наристе кыздарды тирүүлөй көмүү сыяктуу кеңири тамыр жайган күнөө иштерден оолак болууга чакыра турган. Мушриктердин бул аракетинин айынан Ислам дини бардык араб элдерине, узак аймактарга чейин угулду. Ошону менен бирге элдин аң-сезиминде жансыз буттар, айкелдерге карата шектүү суроо, түкшүмөл ойлор пайда болду.

Аллаху таала Валид бин Мугирага оор азаптарды бере тургандыгын билдирген аяттарды түшүрдү. Муддассир 11-чи аятынан баштап «(Эй, Расулум!) **Ал жалгыз башына жаратылган адамдын** (байлыктан куру калып туулган Валид бин Мугира сыяктуу капырдын) **ишин** (жазасын) **мага тапшыр.** (Андан өч алууга өзүм жетем. Ал ыймансызды Мен жараттым) **жана ага көм мал бердим.** (Эч нерсеси жок ал ачкөздү көп ниматтарга жеткиздим. Бакчаларды, мал-мүлктөрдү ихсан кылдым). **Жанында** (өзү менен бирге Меккеде өмүр сүргөн) **оозун карап турган уулдарды бердим.** (Баары бирге молчулукта өмүр сүрүштү.) **Өмүрүн созуп, атагын өз коомунун арасында таанымал кылдым.** (Меккеде бийликке жетти. Мекке менен Таиф арасында түрдүү-түрдүү бакчаларга кол жеткизди. Ошонун аркасында «Райханат-ул-араб» деген атакка ээ болду. Ал өзүн коомуна тандалган адам катары таанытты. Бардык ушул ниматтарга шүгүрчүлүк кылуу керек эмес беле? Ушуларды берген Аллаху тааланы тастыктап, Ага ишенү керек эмес беле?) **Ошондо да** (ал

ачкөз, нанкөр адам) **бергенибизди** (малы менен бала-чакасын) **дагы да көбөйтүүбүздү каалайт,** (колундагы ниматтардын кадырын билип, шүгүрчүлүк кылууну ойлоп да койбойт. Бул эмне деген дүнүйөгө берилгендик, бул эмне деген ачкөздүк?) **Жок!** (Ал ачкөз, тойбостун бул тилеги кабыл кылынбайт. Анын малы менен бала-чакасын көбөйтүлбөйт.) **Анткени, ал биздин аяттарыбызга** (Курани каримге) **каршылык көрсөттү, жокко чыгарды.** (Расулумдун чынчыл экендигин, пайгамбар экендигин көңүлдөн билип турса да өжөрлүгүнүн кесепетинен ага каршы чыгууга, ишенбөөгө бел байлады. Бул кандай гана оңбогон адашуучулук!) **Ал мункир ыймансызды «сауд» азабына дуушар кыламын...** (Ушул аятта келген сауд азабына байланыштуу хадиси шарифте мындай делинген: «Сауд» - Тозоктогу бир тоо. Ага капыр жетимиш жылда гана чыга алат. Кийин ал жерден кулайт. Бул ушундайча улана берет.») **Кийин ал мункир адам** (Расулуллахтан уккан Курани каримге кандай тил тийгизсем деп) **ойлойт.** (Өзүнчө бир) **өлчөм койду** (айта турчу сөз дайындады.) **Ага лаанат болсун,** (Курани карим тууралуу) **кандайча өз акылы менен таразага салып, өкүм чыгарды. Ага кайра-кайра лаанаттар болсун, кандайча өлчөм койду. Кийин** (коомундун жүзүнө же Курани карим тууралуу айта турчу сөз таппай) **кашын керип, бетин тырыштырды. Кийин** (Аллаху таалага жана Расулуна ыйман келтирүүдөн) **баш тартып, текеберленди. «Бул** (Мухаммеддин айтканы) **тек сыйкырчылардан үйрөнүп көрсөткөн бир сыйкыр гана. Чынында, бул Кудайдын эмес, адамдын сөзү», - деди.** (Болбосо ал адам Курани каримдин укмуштай керемет сөз экенин, адам менен жиндердин сөзүнө окшобой тургандыгын оболу өз коомунун арасында моюндаган эле. Кийин ал мункир адам коомунун көңүлүн табуу үчүн сөзүн өзгөртүп, Курани каримге ылайык келбей турчу жалаа сөздөрдү айтты. Ушундайча, өзүн илахи азапка дуушар кылды. Аллаху таала:) **Мен аны Секарга, Жаханнамга таштаймын. Секардын, Жаханнамдын эмне экендиги тууралуу сага эмнени билдирди. Жана ал Жаханнам денесинен эч нерсе калтырбайт** (курутат), **ары мурунку калыбына келтирип,** (ошол азапты) **улантат».**

## Мушриктердин Курани каримди угуулары

Мушриктердин беделдүү адамдары ар түркүн айла-амал менен, зулумдуктары менен адамдардын ыйман келтирүүлөрүнө кедерги болушчу. Мекке калкына Мухаммед алейхиссалам окуган аяттарды тыңодолоруна кедерги болушчу. Ал эми өздөрү болсо түндөсү жашыруун түрдө Мухаммед алейхиссалам турчу үйдүн жанына барып, бир бурчка тыгылып, Пайгамбарыбыз окуган аяттарды тыңдашчу Таң атып, айлана жарык боло баштаганда ар кайсысы тыгылып отурган жерлеринен бири-бирин көрүп коюп, «Мусулман болбойбуз дейсиңе, а өзүңөр жашырынып Куран тыңдоого келесиңер», - деп айыпташчу. Кийин: «Эмкиде мындай кылбайлы, кайталанбасын» деп убадалашчу. Бирок, эртеси кеч карайган кезде кайра эле чыдай албай бири-бирине байкатпастан барып тыңдашчу. Таң атканда тыгылып отурган орундарынан бири-бирин көрүп «бизге эмне болду өзү» дегендей таңданышчу. Ар бири эми мындай ишти кайталабоого ант беришип, таркашчу, бирок, баары бир мындан баш тарта алышчу эмес. Ошондой болгонуна карабастан ар напсилерин ээрчип, текеберленип, башка мушриктердин айыптоолорунан коркуп, дагы башка бош убайымдарга берилип ыйман келтирбеди. Башкалардын да ыйманга келүүлөрүнө тоскоол болушту. Бул аз келгенсип көчөлөрдө: «Мухаммед сыйкырчы» деп жар салышчу.

Бир күнү кечинде мушриктер Каабанын жанында жыйын курушат. Ары тартышып, бери тартышып, натыйжада, Расулуллахты чакырып, маселени маңдай-тескей олтуруп чечүүгө чечим кылышат. Киши жөнөтүп Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) кабар беришет. Айтылган убакытта Расулаллах Каабага барат. Пайгамбарлык сүрү мушриктерди бир топ апкаарытат. Капырлардын башчысы сылык сүйлөп кеп баштайт: «Эй, Мухаммед, биз сени менен сүйлөшүп, келишип алуу максатында чакырдык. Ушу кезге чейин араптан сен сыяктуу өз коомуна мынчалык кыйынчылык түшүргөн адам болгон эмес! Сен биздин динибизди четке кактың! Кудайларыбызга тил тийгиздиң! Эл жакшыларын, алардын акылмандыгын теңсинген жоксуң! Ынтымакты ыдыратып, элди бөлүп-жардың. Тууганды тууганга душман кылдың! Сенин айыңан башыбызга далай мүшкүл иш келди! Ушинтип эле көшөрүп эмне тапмакчысың, максатың эмне?

Эгерде байыгың келип, дөөлөт күтүп жаткан босоң, каалашыңча дүнүйө-мүлк берели. Көп уруунун ичинен эң байыбыз сен бол! Эл бийлегиң келип жатса сени дароо башчы кылып алалы, Меккенин акими бол! Эгерде ниетиң асылзат бир аялга үйлөнүү болсо, өзүң каалаган Курайштын эң сулуу кызын алып берели! Эгер жин-шайтан жармашып, бир балээге кабылган болсоң, табыптарга алып барып эмдетели. Сени куткаруу үчүн бүт нерсени жасаганга даярбыз. Эмнени кааласаң аткарганга даярбыз! Болгону ушул чакырыгыңды ташта! - деп бал тилин салышат. Хазрети Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) өздөрүндөй ойлоп мал- мүлк, байлык-бийлик менен жолунан кайтарып алабыз деген мушриктердин акыркы үмүтү эми чындап таш кабат.

Алар адамды уулоо үчүн эң ийги каражат катары колдонуп жүргөн ушул үч сунушка «жок!» дей албас деген түшүнүккө өздөрүн ынандырып алышкан эле. Анткени, байлык, мансап жана шакыбат адампендени көбүнесе жолдон чыгарган, адамдын эркин бийлеп, напсиге чүлүк салып алган тузак болуп саналат.

Ааламдардын мырзасы аларды сабыр менен тыңдагандан кийин мына мындай ибраттуу бир жоопту берди: «Эй**,** Курайш эли**!** Бул айтканыңардын эч бири оюмда да жок. Силерге алып келген бул дин аркылуу мен силерден мал**-м**үлк**,** мансап же бийликке умтулууну көздөгөн жокмун. Мен бул нерселер үчүн келген жокмун. Тескеричинче, Аллаху таала мени силерге пайгамбар кылып жиберди жана мага бир Китеп түшүрдү. Силерди (кабыл кылганыңарды) Жаннат менен сүйүнчүлөөчү жана (кабыл кылбаганыңарды) Жаханнам менен коркутуучу болуумду буйрук кылды. Мен силерге Раббимдин ушул буйругун үгүттөп, насыят кылып жеткиздим. Эгер алып келген нерсемди кабыл кылсаңар ал силерге дүнүйөдө дагы, акыретте дагы насип менен азык болот. Эгер кабыл кылбай, жокко чыгара турган болсоңор Аллаху таала силер менен арабызды бир өкүм бергенге чейин менин милдетим Хак тааланын буйругун орундоо үчүн бардык кыйынчылыкка чыдоо...»

Абу Жахл, Умай бин Халаф жана башка мушриктер: «Эй, Мухаммед! Биздин элдин жашоо шарты өтө оор экенин өзүң жакшы билесиң. Сен чындап эле Пайгамбар болсоң, Раббиңен бизди кысып, курчап турган мынабул тоолорду жок кылуусун тилечи! Журтубузду кеңейтип, Шам менен Ирактын дайраларындай кең

дарыяны биздин жердин ортосунан агызып койсун! Анан, Кусай бин Килаб баш болгон чоң аталарыбызды тирилтип берсин! Өзүң деле уккандырсың, чоң атабыз Кусай бин Килаб түз жүргөн, туура сүйлөгөн калыс адам болгон экен. Сенин үгүт- чакырыгыңдын чын-бышыгын ошолордон сурайлы. Эгер Кусай бин Килаб сага оң баа берсе жана сен биздин азыркы талаптарыбызды орундасаң, сенин артыңдан ээрчийли, диниңди туталы. Ушундай жол менен Кудай алдындагы сенин мартабаңды да биле алабыз. Эгер талаптарыбызды аткара албасаң, анда, Кудайыңдан сөзүңдү эки кылбай турган жана бизди сенден коргой ала турган сакчы периште сурап ал! Айтмакчы, ушинтип жарды болуп жүрө бербей көз жоосун алган гүлзары, багы бар жасалгалуу хансарай, бай казына сурап албайсыңбы! Биздей болуп тиричилик үчүн базар аралап машакат чегип жүрө бербей…, - деп какшыктоого өтөт. Пайгамбарыбыз аларга болгону өз милдетин түшүндүрүп: «Мен силерге булар үчүн жиберилген эмесмин. Аллаху таала мени эмне менен жиберсе мен бир гана Хак таала тарабынан силерге ошону алып келдим. Силерге ошону айттым. Мен (мал-мүлк берсин деп) Раббимен тилек тилей турчу адам эмесмин... Аллаху таала мени (алып келгендеримди кабылдагандарды Жаннат менен) сүйүнчүлөөчү жана (кабылдабай жокко чыгаргандарды Жаханнам менен) коркутуучу кылып жиберди. Эгер алып келген нерсемди кабыл кылсаңар ал силерге дүнүйөдө жана акыретте насиби менен азык болот. Эгер кабылдабай жокко чыгарсаңар Аллаху таала силер менен арабызда бир өкүм бергенге чейин менин милдетим Хак тааланын буйругун орундоо үчүн бардык кыйынчылыкка чыдоо...», - деди. Анда мушриктер бул жолу: «Эгер Раббиңдин каалаган нерсесин кыла ала тургандыгы чын болсо мынабул асманды бөлүп үстүбүзгө жаадыруусун сурачы, көрөлү.... Сен ушуну кылмайынча из сага ишенбейбиз», - деди. Пайгамбарыбыз: «Бул ишАллаху таалага таандык. Ал силерге муну кылгысы келсе арийне кылат», - дейт. Мындан кийин мушриктен андан бетер чектен ашып: «Эй, Мухаммед! Сенин Раббиң бизди сени менен отурганыбызды, сенден эмне сурай тургандыгыбызды, сенден талап кыла турчу нерселерибизди билбедиби, эмне үчүн сага алдын ала кабар берип, акыл үйрөтпөдү? Сенин бизге үгүт кылган нерселериңди биз кабылдабаган кезде бизге эмне кыла тургандыгын эмнеге билдирбеди?... Сөздөрүңдүн чын экендигине периштелерди

күбөкөр катары бизге жибермейинче биз сага ишенбейбиз... Эми сенин алдыңда эч кандай жоопкерчилигибиз жок... Ант кылабыз, эми биз сени бекер эле жибере салбайбыз. Же биз сенин көзүңдү тазалайбыз, же сен биздин...», - деди. Алардын мамилеге келип, ыймандуулукка бет буруунун ордуна караманча баш тартып, бут тиреп тургандыктарын көргөн Пайгамбарыбыз ал жерден басып кетти.

Мушриктердин бул акыркы кадамынан соң Аллаху таала Элчисине Жабраил алейхиссалам аркылуу вахий жиберип, аяти каримала менен жооп берди. Алардын тарта турчу оор азаптарын билдирди. Энам сүрөсүнүн 4-чү аятынан 11-чи аятына чейинки жеринде мындай делинди: **« Раббилеринин аяттарынан аларга качан бир аят келсе** (Курани каримдин аяттарынан бир аят, далилдеринен бир далил же мужизаларынан бир мужиза келсе) **баарына мункир болуп баш тартты. Мына ошолор Хак** (Курани карим) **өздөрүнө келген кезде жокко чыгарышты. Бирок, жакында аларга эмнени мазактагандыктарынын кабары** (жазасы) **келет.** (Мекке калкы) **өздөрүнөн мурда канчалаган несилдерди жойгондугубузду көрбөдүбү? Билбедиби? Аларга силерге бербеген бардык мүмкүнчүлүктөрдү берген элек. Көктөн үстүлөрүнө мол жамшыр жиберген элек.** (Бакчаларынын жана сарайларынын) **астынан өзөндөрдү агыздык. Кийин алардын** (ушул ниматтарга шүгүрчүлүк кылбагандары үчүн) **жана күнөөлөрү үчүн көздөрүн жойдук. Алардын одуна башка-башка несилдерди жараттык.**

**Эгер биз сага жазылуу даяр бир китеп түшүргөнүбүздө, алар дагы өз колдору менен кармап көрүшкөн болгондо баары бир ал капырлар тетирленип: «Бу барып турган сыйкырдан башка эч нерсе эмес» дешмек. Ошондой эле алар: «Ага** (Мухаммед алейхиссаламга биз да көрө ала турган) **бир периште жиберилсе** (ал периште бизге анын пайгамбар экендигин айтса) **эмне болр эле», - деди. Эгер биз бир периште жибергенибизде** (алар дагы эле ыйманга келбесе) **арийне иш бүткөн болор эле** (баарынын курутулууга кетүүлөрүнө өкүм берилген болор эле.) **Ошентип ларга бир саат убакыт дагы берилбес эле. Эгер аны** (пайгамбарды) **периште кылып жибергенибизде арийне аны аларга ар адам** (кейипинде) **көрсөтүп, өздөрү түшкөн күмөнгө дагы түшүрөр элек. Ант болсун, сенден мурунку пайгамбарлар**

**дагы мазак кылынды, мазак кылгандарынын жазасы болгон балээ менен азап аларды (мазак кылгандарды) курчап алды.** (Аларга) **айт: «Жер бетин аралагыла, кийин карагыла. Пайгамбарларды жалганга чыгаргандардын соңу эмне болуптур?»**

**Фуркан сүрөсүнүн 7-чи жана 10-чу аяттарында: «Капырлар: «Бул кандай Пайгамбар? Биз сыяктуу ичип-жейт, көчөлөрдө басат. Пайгамбар болсо ага периште келмек. Көмөкчүлөрү болуп, алар бизге да кабар берип, Жаханнам менен коркутушар эле. Же Раббиси акча жибермек, бакчалары, эгин-тегини болмок, каалаганын жемек», - деди. Ал заалымдар бири-бирине мындай деди: «Эгер силер буга баш ийсеңер сыйкырланган адамды ээрчиген болосуңар. (Эй, Хабибим!) Назар сал, сен тууралуу кандай жаман мисалдарды берип, туура жолдон тайды, адашты. Эми алар адашуучуулктарынан чыгып туура жолду таба албайт. Аллаху тааланын кудурети кандай күчтүү, Ал кааласа сага (бул дүнүйөдө) булардан да артык кылып астынан өзөндөр ага турчу бакчаларды берип, сен үчүн сарайларды салдырат», - делинди.**

21-чи аяти каримасында: **«Бизге жетүүнү үмүт кылбагандар: «Бизге периштелер түшүрүлсө** (Мухаммеддин айткандарынын туура экендигин ырасташса) **же Раббибизди көрсөк болбойт беле» деди. Ант болсун, алар напсилерин жогору коюп, азгындоодо шектен чыкты....»,** - деп буюрулду.

**Саба сүрөсүнүн 9-чу аяти каримасында: «Эгер биз кааласак аларды (ачык аяттарыбызды көрүп жалганга чыгаргандары үчүн Карун сыяктуу) жерге батырмакпыз же көктөн чокуларынаот жаадырмакпыз», - деп буюрулду.**

**Исра сүрөсүнүн 97-чи аяти каримасында: «Биз аларды Кыямат күнү сокурлар, тилсиздер, дүлөйлөр кылып, эт-бети менен тирилтебиз! Алардын бара турчу жери – Жаханнам, анын оту басаңдаганда биз анын отун алоолонтобуз», -** деп буюрулду.

Мушриктер өздөрү тууралуу акыйкатты даршан кылган мына ушул аяттар келип, бул кабар албетте, аларга жакпагандыктан динге болгон душмандыктары дагы бир тепкичке жогорулаган. Убай бин Халаф менен анын бир тууганы Умаййа Расулуллахты (саллаллаху алейхи васаллам) көп капа кылып, көңүлүн оорутчу

болот. Бир күнү жедеп чирип бүткөн сөөктү көтөрүп Пайгамбарга барат Убай. Анан:

-Эй, Мухаммед, сенин Кудайың мобу чириген сөөктү кайра тирилтет имиш, ошондойбу? Демек, ушул сөөк чиригенден кийин кайра ал тирилет деп ойлойсуң да ээ, туурабы?! – деп кекетип, кайра сөөктү упалап жатып Пайгамбарыбызды карай үйлөйт да: - Мухаммед! Ушул упаланып чаңга айланган сөөктү ким тирилте алат?! – деди.

Сабырдуулук менен тыңдаган Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам):

- Албетте**! Аллаху таала** сени да өлтүрөт**,** аны дагы. Анан сени тирилтип Жаханнамга таштайт**…,** - деди.

Ушул окуяга байланыштуу Аллаху таала мына бул аяти карималарды түшүрдү: «Ал, (мункир) адам өзүн бир уруктан жаратканыбызды көрбөдүбү, билбедиби? Ушундай болуп туруп анык каршылашуучу болду. Өз жаратылышын унутуп бизге: «Чириген бул сөөктү ким тирилтет?» деп мисал келтирди. (Эй, Расулум!) Айт: «Аларды (алар жок кезде) алгач ирет жараткан (Аллаху таала) тирилтет жана Ал (Аллаху таала) бардык жаратылгандарды өздөрүнөн жакшы билет. Ал силерге жапжашыл бактан от чыгарды, силер андан от жагасыңар. Көк менен жерди жараткандын ошолор сыяктууларды жаратууга күчү жетпейби? Албетте, ага күчү жетет. Ал бардык нерсени жаратуучу, бардык нерсени билүүчү...» (Ясин сүрөсү, 77-81)

## **Халид бин Саиддин** (радыйаллаху анх) **ыйманы**

Ислам динине чакыруунун алгачкы жылдарында Халид бин Саид (радыйаллаху анх) **бир түш көргөн эле**. Түшүндө Тозоктун четинде турган учурда атасы аны чуңкурга түртүп салгысы келет. Ошол замат Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) жете келип Халидди белден тартып Тозокко түшүп калуудан куткарып калат. Түшүнөн чочуп ойгонот. «Бул түш чындыкдын дал өзү!» - деп сарсанаа болуп сыртка чыгат. Абу Бакрга (радыйаллаху анх) кезигип көргөн түшүн айтып берет. Жылмаю менен тыңдаган Хазрети Абу Бакр Халидге туура багыт берет: -Түшүң - акыйкат. Сени куткарган адам – Аллаху тааланын Пайгамбары. Убактыңды өткөрбөстөн дароо барып Пайгамбарга кезик да, ыйман келтирип

мусулман бол! Өзүң көргөндөй Пайгамбар сени Тозоктон куткарат. Атаң болсо тилекке каршы Тозокто калат шекилди!

Халид бин Саид дале болсо көргөн түшүнүн таасиринен чыга албай терең ойлонот. Акырында Абу Бакрдын айтканын кылууну чечет. Ал учурда Расулаллах шаар сыртында жүргөн. «Ажйад» деген жерден Пайгамбарды (алейхиссалам) таап: «Йа, Мухаммед! Сен адамдарды эмнеге чакырып жүрөсүң?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Мен адамзатты шериги жана окшошу болбогон Аллаху тааланы таанууга, ыйман келтирүүгө, Мухаммед Аллаху тааланын Элчиси жана кулу деген ишенимге чакырамын. Укпаган жана көрбөгөн, эч убакта пайдасы да, зыяны да болбогон, сыйынгандарды да, сыйынбагандарды да тааныбаган айкелдерге, таштарга табынбоого элди үндөйм», - деди. Ушундан кийин Халид бин Саид (радыйаллаху анх) дароо: «Аллаху тааладан башка сыйынууга татыктуу Кудайдын жок экендигине жана сенин Аллахтын Пайгамбары жана кулу экениңе ыйман келтирдим!» - деп, мусулман болот. Анын мусулман болушу Пайгамбарыбыздын көңүлүн бир топ көтөргөн. Анын артынан жубайы Умаййа Исламды кабыл алып, бактылуу мусулмандардын катарына кошулат. Исламга жан дүйнөсү жылыган Халид (радыйаллаху анх) бир тууган ага-инилерин да мусулман болсо деп аракеттенет. Жигердүү аракетинин натыйжасында бир тууганы Омар бин Саид (радыйаллаху анх) да Исламды кабыл алат. Булардын атасы Абу Ухайха ашынган дин душмандарынан болгон. Халид менен Омардын шаар сыртында жашырынып намаз окуп жүргөнүн байкап калган мушрик атасы уулдарын кашына чакыртат. Балдарын зекип, Исламдан баш тартууга буюрат. Кепке көнбөсүн аңдаган мушрик Абу Ухайха Халидди ур-токмокко алат. Халид бин Саидге каарданат: -Эй, акмак! Сен кантип бизден сурабай туруп Мухаммеддин динин кабыл аласың?! Мухаммеддин биздин элге канчалык бүлүк салып жатканын, биздин ыйык буттарыбызды жектеп, өзүнүн түшүнүксүз динин жайып жатканын билбейт белең?

- Аллах көрүп, угуп турат, мен жалган айтпаймын! Мухаммед (алейхиссалам) акыйкатты айтып жатат. Мен ошол акыйкат үчүн анын жолун тандадым! Эми, өлсөм да анын done динин кайтпаймын! – дейт Халид бин Саид.

Хазрети Халиддин бул сөзүн уккан атасы абдан ачууланат. Колундагы таягы сынгыча сабап чарчаганда: -Кем акыл сенин! Сага нан-суу бербеймин! Кимге барсаң ошого бар! –деп бакырат.

-Атаке, сиз мага эч нерсе бербесеңиз да менин ырыскымды Аллаху таала Өзү берет! – дейт Хазрети Халид. Атасы тиги балдарына да каарданып:

-Мени карагыла, кимиңер муну менен сүйлөшчү же ага жардам берчү болсоңор силерди да өлөөрчө сабайм! –деп, Халидди үйдүн жертөлөсүнө үч күн бою ачка камап коёт.

Үч күндөн соң бир жолун таап жертөлөдөн качып, атасынын кордугунан кутулат. Халидди колдон чыгарганына өкүнгөн мушрик ата катуу ооруга чалдыгат. Жаны сыздап ооруп жаткан учурда да Исламга болгон душмандыгын көргөзүп: - Шашпагыла! Мен айыгып бутума турайын, Меккенин ар бир тургунун биздин буттарга сыйына турган кыламын! – дейт.

Бул кабарды уккан Халид атасынын акыйкат динге каршы душмандыгынан кайтпасына көзү жетет. Мусулман бир туугандарына залакасы тийип калышынан чочулап, Аллахка жалбарып дуба кылат: - Йа, Раббим! Атамды бул дарттан тургуза көрбө!

Аллаху таала Халиддин тилегин кабылдап, оорусу күч алган Ухайха төшөктө жатып өлөт.

## **Мусаб бин Умайрдын** (радыйаллаху анх) **мусулман болуусу**

Мусаб Курайштын тектүү жана бай үй-бүлөсүнөн чыккан адам эле. Хазрети Пайгамбарыбыздын сөздөрүн уккандан кийин анын жүрөгүндө чоң сүйүү пайда болду. Ага тезирээк жетүү деген арман менен күйүп-жанды. Акырында өз алдынча чечимге келет да, Дарул Аркамга барат. Расулуллахка ой-мүдөөсүн айтып мусулман болот. Мусабдын мусулман болушун ата-энеси суук кабар катары кабыл алышат. Анткени, алар мушрик үй бүлөлөрдөн болгон. Ошентип, Мусаб жаштайынан кыйынчылыкты баштан көп кечирет. Миң түркүн жолдор менен кыйнашса да, жада калса сандаган байлыкты кол шилтеп done динин кайткан эмес. Анткени, ал дүнүйөлүк мал-оокаттан айрылганы менен Аллаху тааланы жана Расулуллахты сүйүү дегенчелик чексиз байлык-бакытты тапкан. Ал ыйманы

менен көңүлүн тойгузуп, тирүүлүккө, Расулуллах менен замандаш болуп калганына ыраазы болуп, ушул улуу мүмкүнчүлүккө канимет кылчу. Салтанаттуу үй-бүлөдө төрөлүп, бар-дар турмушта өскөн Мусаб Ислам дини үчүн заматта жакырга айланып калса да тагдырына ыраазы болуп, тескерисинче, ыйманы жанар тоодой оргуштап турган. Аны көрүп көзүнө жаш алган Хазрети Пайгамбарыбыз бир жолкусунда мындай деген: «Жүрөгүн Аллаху таала нурландырган мынабу адамды карагылачы! Эне-атасынын аны эң жакшы даамдар менен, суусундуктар менен бакканын көрдүм. Аллаху таала менен Арсулуна деген сүйүү аны шул абалга жеткизди!» - деди.

## ХАБАШСТАНГА (Эфиопияга) КӨЧҮҮ

Хазрети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбар болгонуна беш жылдын жүзү болот. Мушриктердин бул аралыктагы тынымсыз кордугуна, жан чыдагыс зомбулугуна карабастан мусулмандардын саны күн санап өсө берет. Мусулмандардын катары калыңдаган сайын мушриктердин зулумдуктары чегинен ашып, момундарды түрдүү ыкмалар менен өлтүрө башташат. Сахабаларынын жан чыдагыс кордуктарга дуушар болушуна, буттарынан эки төөгө байланып экиге бөлүнүшүнө, мээ кайнаткан чөл аптабында колу буту таңылып кызыган кумга куйкаланышына Пайгамбарыбыздын мээримге толгон жүрөгү буларга чыдай албай жатты. Бир күнү сахабаларды (радыйаллаху анхум) жыйнап: «Эй, сахабаларым! Эми жер бетине таралгыла. Аллаху таала силерди жакында дагы да бир жерге жыйнайт», - деди. Сахабалар: «Йа, Расулаллах! Кайда барабыз?» - деп сурашты. Пайгамбарыбыз колу менен нускап: «Мына, бул тарапка! Хабаш жерине баргыла! Анткени, ал жерде жанындагыларга эч кандай зулумдук жасабаган бир бийлөөчү бар. Ары ал жерде тууралык бар. Аллаху таала тарткан кыйынчылыктарыңардан кутулуунун жолун ачканга чейин силер ошол жерде болгула», - деп буюрду. Ааламдардын улуусу Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) ошентип сахабаларынын зордук-зомбулуктан кутултууга жана Мекке мушриктери менен болгон күрөштү жалгыз улантууга чечимин кабыл алат. Төрөлгөндө: «Үммөтүм**!** **Ү**ммөтүм» деген мээримдүү Пайгамбарыбыз азыр да сахабаларын куткаруу үчүн

өз жанын бергенге даяр экендигин көрсөтөт. Анын уруксатынын негизинде бир топ сахаба киндик кан тамган мекенин таштап, чоочун өлкөгө көчүшкөн эле. Бирок, Расулуллахтан айрылып бара жатышкандыктары үчүн дагы катуу муңга батып жатышкан эле.

Дин жолундагы алгачкы көчтө Хазрети Осман жана жубайы Хазрети Рукиййа, жубайы Сахла бинти Сухайл менен Абу Хузайфа, Зубайр бин Аввам, Мусаб бин Умайр, Абдуррахман бин Авф, Абу Салама бин Абдуласад бүлөсү менен, Умму Салама, Хатиб бин Амр, Амир бин Рабиа жана жубайы Сухайл кызы Умму Гүлсүм, Сухайл бин Байда, Абдуллах бин Масуд (радыйаллаху таала анхум ажмаин) сапар тартышат. Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) бул көчтө Хазрети Осман тууралуу: «Күмөнсүз, Осман – Лут пайгамбардан кийин аялы менен бирге хижрат кылган (көчкөн) алгачкы адам», - деген. Бир тобу төө-аттары менен, калганы жөө Меккеден жашырынып чыгышат да, соодагерлерге жол акысын төлөп соода кемеси менен Кызыл Деңизден өтүп Хабашстан жээгине чыгышат. Кеч кабардар болгон мушриктер кыйла жол арбытып кеткен сахабалардын артынан кууп жетпей, көксөсү сууп артка кайтышат.

Хабашстан өкүмдары мусулмандарга жылуу мамиле жасап өлкөсүндө өрүш курганга уруксат берет. Өзү көзөмөлгө алып жашоого шарт түзөт. Ошол себептен мубарек сахабалар: «Хабашстанда бизге коңшудай жакшы мамиле кылышты жана карамагына алып коргоду. Динибизге жолтоо болгон, көңүл ооруткан да болбоду. Эч кандай жагымсыз сөз укпадык. Тынчтык ичинде Аллаху таалага кулчулугубузду кылдык» - деп эскеришкен. Мушриктер көчүп кеткен сахабалардын Хабашстанда баш паана кылгандыктарынан үрөйлөрү учуп, коркуп калышты.

## **Хазрети Хамзанын** (радыйаллаху анх) **мусулман болуусу**

Ислам дини күн санап жайылып, Меккенин айланасындагы элдерге да жетип жатты. Курайш мушриктери канчалык бут тоссо да Исламдын жайылуусуна тоскоол боло алышкан жок.

«Далаилун-Нубувва» жана «Маарижун-Нубувва» аттуу эмгектерде мындай деп айтылат:

«Мушриктердин бирөөсүнүн Валид аттуу буту болгон. Алар Сафа тоосуна чыгып бул бутка сыйынышчу. Бир күнү Расулаллах

(саллаллаху алейхи васаллам) жансыз ташка сыйынып жаткан мушриктердин жанына барып, адаттагыдай Исламга чакырат. Ошол замат бир капыр жин береги буттун ичине кирип алып Пайгамбарыбызга акаарат келтирет. Муну көргөн капырлар ого бетер бутка сыйынып маашырланып калышат. Бул окуядан улам Пайгамбарыбыздын көңүлү абдан чөгөт.

Арадан бир топ күн өткөн соң Расулуллахка кайыптан бир үн жаңырат. Аллахтын ысмы менен салам айкан соң: -Йа, Расулаллах! Өткөн күнкү жагымсыз окуяда көңүлүңүз ооруп калган эле. Мен ал жинди өлтүрдүм. Эгер кааласаңыз, эртең мушриктер чогулган маалда Сафа тоосуна дагы чыгып келип, аларды ыйманга чакырыңыз. Мен алар сыйынган буттун ичине кирип алып сизди жактап турайын, - дейт Абдуллах аттуу жин. Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) болжонгон убакытка Сафага чыгып мушриктерди кайрадан ыйманга чакырат. Алардын арасында Абу Жахл да бар эле. Абдуллах аттуу жин бутка кире калып Пайгамбарыбызды жактап сөз сүйлөп, Исламды мактап ыр ырдайт. Муну уккан мушриктер эми эле сыйынып жаткан бутту талкалап салышат. Пайгамбарга да кол салып, ур-токмокко алышат. Расулуллахтын ыйык денеси жабыр тартат. Мубрек жүзү канга боёлот. Расулуллах алардын бул кордуктарына сабырдуулук кылып: «Эй, Курайштыктар, мени уруп жатасыңар. Бирок, мен силердин пайгамбарыңармын», - деди. Ошондон кийин ал жерден кетип үйүнө барды. Бул окуяны бир кызматчы кыз баштан-аяк көргөн эле.

Дал ушул учурда Хазрети Хамза тоодо аң уулап жүргөн эле. Жебени жаасына салып эми гана керип жатканда Аллахтын буйругу менен жейренге тил бүтүп: -Эй Хамза! Сен мени аткандын ордуна агаңдын уулун өлтүргүсү келгендерди атсаң пайдалуу иш кылган болор элең! – дейт.

Хазрети Хамза таңданып жебесин саадагына салып шашыла шаарга кайтат. Ал адатынча уудан кайтканда Каабаны айланып таваф кылган соң гана үйүнө барчу. Ошол күнү да таваф кылып болгон соң окуяны көргөн кыз Хазрети Хамзага жолугуп мушриктердин Расулаллахка кол салганын, аны токмоктогонун айтып берет. Муну угаары менен Хамзанын намысы ойгонуп, тамырлары көөп чыгат. Жоо жарагын кайрадан асынып, мушриктер топтолуп турган жерге барат. «Бир тууганымдын

баласына жаман сөздөрдү айткан, аны капа кылган сенсиңби? Мен да анын дининдемин, анда кантесиң? Колуңан келсе ага кылгандарыңды мага да кылып, көрөлү» деп асынып турган саадак менен Абу Жахлди чаап башын жарды. Мушриктер Абу Жахлге болушуп Хамзаны тегеректей калышат. Жерде онтоп жаткан Абу Жахл жаналакетке түшүп аларды тосуп: -Хамзага тийишпегиле! Ал туура айтат, мен анын тууганына жаман айттым, ага кол салууну мен баштадым... – дейт.

Хазрети Хамза кеткенден кийин Абу Жахл жанындагы суроолуу караган мушриктерге түшүндүрөт: «Менин ага тийишпегиле дегенимдин себеби, ал бизге өчөшүп Исламга өтүп кетиши мүмкүн. Эгер ал мусулман болчу болсо, Мухаммед дагы да күчтөнөт». Хазрети Хамзанын мусулман болбой калышы үчүн ал башынын жарылганына да ыраазы болот. Анын бул сөзү Хазрети Хамзанын канчалык абройлуу жана күчтүү экендигин эске салат.

Хазрети Хамза Аллаху тааланын Расулуна келет. Ал жайын сурап: - Эй, Мухаммед, сага кубанычтуу кабарым бар, Абу Жахилден сенин өчүңдү алдым! Анын сазайын бердим! Эми кайгырба, – дейт.

-Мен мындай нерселерге кубанбайм!

-Сени кубантыш үчүн, сени кайгыдан арылтыш үчүн эмне кылайын? Айт, дароо орундайын! – деген кезде Пайгамбарыбыз:

-Мен бир гана сенин ыйманга келип, куттуу денеңди Тозок отунан куткарганыңа гана кубанамын, - деди. Хазрети Хамза дароо мусулман болду. Ал тууралуу аяти карима түштү. Хазрети Абдуллах ибн Аббастын айтуусуна караганда дал ушул окуя менен Энам сүрөсүнүн 122-аятынын ортосунда тирилтилгени жана нурландырылганы тууралуу айтылган адам – Хазрети Хамза, ал эми ошол аятта караңгылыкта адашканы тууралуу айтылган адам – Абу Жахл.

Хазрети Хамза мушриктерге барып мусулман болгонун, мындан ары жанын кылычтын мизине коюп болсо да Хазрети Мухаммедди (саллаллаху алейхи васаллам) коргоп алаарын жар салат да, мына ушул ырды окуйт. Ырдын мааниси мындай эле: «Менин жүрөгүмдү акыйкатка жана Исламга ачкан Аллаху таалага чексиз мактоо айтам. Ислам дини кулдарынын ар бир ишин кынтыксыз көрүп, көзөмөлдөп турган, мүлдө адамзатка Кудайлык мээрими менен ырыскысын тегиз чачып турган, ааламдагы бүт

нерсеге кудурети жетип турган, ааламдардын Раббиси - Аллаху Таала тарабынан жиберилген. Курани карим окулган кезде жүрөгү ойгоо, акылы толук адамдардын көзүнө жаш келет. Курани карим асем тил менен берилген аяттар түрүндө Мухаммед алейхиссаламга жиберилген. Мухаммед Мустафа (саллаллау алейхи васаллам) биздин арабыздагы сөзү өтүмдүү, кадырлуу, касиеттүү адам. Эй, мушриктер! Эсиңерде болсун, мындан ары Пайгамбар тууралуу жаман сөзүңөрдү, ушак-айың, жалааңарды кулагым чалбасын! Ага карасантайлык кылабыз дегендер биз, мусулмандарды басып өтпөстөн ага эч ким тийише албайт», - дейт.

Хазрети Хамзанын мусулман болгонуна Пайгамбарыбыз катуу кубанат. Мусулмандар өздөрүнүн катарларына анын кошулуусу менен күч-кубатка толушту.

Хазрети Хамзанын (радыйаллаху анх) Исламды кабыл алышы менен абал бир топ өзгөрөт. Анткени, бүткүл Мекке калкы анын эр жүрөк, тайманбас баатыр, колу ачык жоомарт, ошол эле учурда эл ичиндеги абройлуу инсан экендигин жакшы билишчү. Ошол себептен Курайш мушриктери мусулмандарга мурункудай зомбулук кылгандан тартына башташат. Арийне, алар Хазрети Хамзанын (радыйаллаху анх) кылычынын кубатынан да тартынышты.

## **Хазрети Омардын** (радыйаллаху анх) **мусулман болуусу**

Ислам дини күн сайын таралып, Курани каримдин нуру рухтарга жарык чачып, нурлантып жаткан эле. Аллаху тааланын ихсаны менен күнөөкөр пенделер ыйманга келип туура жолду табышат. «Сахаба» болуу кадырына ээ болгон бул мубарек адамдар (радыйаллаху анхум) биригип, бири-бирин колдоп-кубаттап, Пайгамбарыбыздын айланасында жыйналып жатышты. Расулуллахтын кичинекей өтүнүчүн буйрук катары кабыл алып, аны орундоо үчүн жарышка түшүшчү. Ислам жолундагы кандай гана кызмат, кандай гана жоопкерчиликтүү вазыйпа болбосун жан аябай алдыга суурулуп чыгышчу. Мындай өнүгүүгө күбө болгон мушриктердин кызганычы алардын өзөгүн куйкалаган. Анткени, алардын арасындагы көзгө басар Хазрети Хамза Расулуллахтын тарабында ордун табат. Күтүлбөгөн экинчи окуя мушриктерди дагы да алсыратат.

Хаттабдын уулу Омар (мусулман боло электе) жолуккан жерде Пайгамбарды өлтүрүү максатында үйүнөн чыгат. Каабага барат. Дал ошол учурда Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Каабанын жанында намаз окуп жаткан эле. Омар анын намазын бүтүрүшүн күтүп, Расулаллах окуп жаткан сүрөгө кулак салып отурат. Ал окуп жаткан Аль-Хакка сүрөсү эле: «Боло тургандыгы анык кыямат!.. Ал хак болгон кыямат деген эмне? Ал келе тургандыгы белгилүү кыяматты сага кандай нерсе билдирди? Самуд жана Ад (коомдору)**, үрөйүнөн** (коркунучунан) жүрөктөр дирилдей турган кыяматты жокко чыгарды. Самуд коому азгындыктарынан улам (Жабраил алейхиссаламдын каардуу добушу менен) жок кылынды.

Ал эми Ад коому, алар да сызгырган, күүлдөгөн, куюндаган катуу добул менен жок кылынды. Аларга бул добулду Аллаху таала жети түн, сегиз күн үзгүлтүксүз жиберди. (Алар ошондой бир абалга тап болушту, эгер сен ошол жерде болгонуңда) алардын тамырынан жулунуп жерге төшөлгөн ичи бош курма бактары сыяктуу кандай өлүп, кыйраганын көррөр элең! Азыр алардын артында калган бир адамды болсо да көрө аласыңбы?

Фараон да, андан мурункулар дагы жер астын-үстүн болгон мекендердин калкы да (Лут коому)**, бардыгы ошол катаны** (ширк менен каршы келүүчүлүктү) кайталады... Ушундайча, Раббилеринин пайгамбарына (Лут алейхиссаламга жана башка пайгамбарларга) каршы чыкты. Ошондуктан, аларга мурунку үммөттөргө келген азаптан да оор азап түштү... Чынында биз, (Нух топонунда) бардык жерди суу баскан кезде силерге ибрат болсун жана аны уккандар да эсинде сактасын деп, (барлыгыңарга себеп болгон аталарыңарды) кемеде алып калдык.

Сурду бир жолу үйлөгөн кезде жер бети менен тоолор орундарынан козголуп, силкинет. Ошол күнү кыямат болот, көк күчүнөн айрылып, жарылып, ыдырайт жана периштелер көктүн айланасында болот. (Раббилеринин буйругун күтөт) Ал күнү Раббинин аршын сегиз периште көтөрөт. Ал күнү Аллаху таалага эсеп берүүгө келесиңер. Силердин (дүнүйөдө жашырдым деп ойлогон) бардык сырларыңар (Аллаху таалага) жашыруун болбойт.

Мына ошол убакытта китеби оң колуна берилген адам (кубанып) айтат: «Алгыла, китебимди окугула! Анткени, мен эсепке тартыла тургандыгымды билдим.» Мына ал (адам)

ыраазылык билдирилген өмүрдө. Жогору Бейиште... (жемиштери) тез жыйнала турган жакындыкта. (Аларга айтылат:) «Өткөн күндөрдө (дүнүйөдө) кылган салих амалдарыңар үчүн жегиле, ичкиле, аш болсун».

Китеби сол колуна берилген адам болсо: «Аах! Аттиң, ошол (өлүмүм өмүрүмдүн) соңу болгондо кана (тирилбегенимде кана)! Мал-мүлкүм мага пайда бербеди. (Бардык) бийлигим (күч-кубатым, далилим, барым, жогум) менден ажырап жок болуп кетти!...», - деп айтат. (Аллаху таала Тозокто милдет жүктөлгөн периштелерге буюрат:) «Кармагыла, аны да (колдорун мойнуна) байлагыла!.. Кийин аны алоологон отко таштагыла. Андан кийин аны жетимиш аршын узундугундагы чынжыр ичинде ошол жерге (кайрадан) таштагыла!... Анткени, ал Улуу Аллаху таалага ишенчү эмес эле. Колунда жокторго тамак (берүү мындай турсун, башкалардын дагы) бергендигин каалачу эмес. Ошондуктан, бүгүн бул жерге ага (жаны ачый турчу) эч кандай жакыны (жана досу) жок. Гыслинден (тозоктуктардын кан аралашкан ириңдеринен) башка жей турган азыгы да жок. Аны (билип туруп) каталык жасагандардан (капырлардан) башка эч ким жебейт...»»

Хазрети Омар Пайгамбарыбыздын окугандарын таңдана тыңдап турду. Өмүрүндө мынчалык асемдүү сөздөрдү уккан эмес эле. Бул абалды кийин өзү мындайча эскерген: «Мен угуп жаткан бул сөздөрдүн көркөмдүгүнө, чебер уйкаштыгына, маанисинин тереңдигине арбалып калдым. Ичимден «Курайш уруусу айткандай эле, Мухаммед чоң акын экен!» - деп ойлоп койдум. Пайгамбарыбыз дагы мынабу аяттарды окуду ошол кезде: **«Көргөндөрүңөр менен жана көрбөгөндөрүңөр менен ант кыламын, күмөнсүз ал** (Курани карим) **Аллаху тааланын хузурунда өтө кадырлуу бир Расулдун** (Раббисинен) **алып келген каламы** (сөзү). **Ал акындын сөзү эмес. Силер кандай ишенбеген адамсыңар!...».**

Хазрети Омар: «Дагы да өз өзүмө: «Бул көзачык болсо керек. Анткени, менин оюмду билип койду...», дедим. Расулуллах сүрөсүн окуп турган эле: «Ал көзачыктын да сөзү эмес. Силер кандай тайыз ойлонгон адамсыңар!... Ал (Курани карим) ааламдардын Раббисинен (Мухаммед алейхиссаламга Жабраил алейхиссалам аркылуу) түшүрүлгөн. Эгер (пайгамбарыбыз биз айтпаган) кээ бир сөздөрдү бизге каршы өзүнөн чыгарган болсо албетте анын оң колун (күч-кубатын) алып, кийин эч күмөнсүз анын жүрөк тамырын сууруп

(өмүр сүргүзбөйт) элек! Анда силерден эч бириңер буга тоскоол боло албайт элеңер! Күмөнсүз ал (Курани карим) такыбаалар үчүн накта насыят. Ичиңерде аны (тастыктаганыңар бар болгондой эле) жалгандагандардын бар экенин биз албетте билебиз. Акыйкат, ал (Курани карим акыретте аны колдогондорго бериле турчу ниматтарды көрө турган) капырлар үчүн (кутула албай турган) касырет. Акыйка, ал (Курани карим) хаккул йакин. (Өзүнө баш ийиа, буйруктары менен тыйымдарына моюн сунуп аракет кылган адамды хаккул йакин даражасына жеткирет.) Андай болсо, Ал улуу Раббинин ысымын тасбих кыл!» Хазрети Омар: «Расулуллах сүрөнүн бардыгын окуп болгондон кийин жүрөгүмдүн Исламга ийилгендигин байкадым», - деди.

Хазрети Хамза мусулман болгондон үч күндөн кийин Абу Жахл мушриктерди жыйнап: «Эй, Курайш! Мухаммед буттарыбызга тил тийгизди. Биздин ата- бабаларыбыздын Тозокто азап тартып жатканын айтып, ал жерге бизди да барасыңар деп коркутуп жатат. Анын көзүн тазалоодон башка чара калган жок! Баарыңар жакшылап уккула! Ким Мухаммедди өлтүрө турган болсо ага жүз кызыл төө жана көп алтын беремин!..", - деди. Бир кезде Хаттаб уулу Омардын жүрөгүнөн Исламга деген ынтаа жоголуп, ордунан атып туруп: «Бул ишти Хаттаб уулунан башка ким кыла алат!» - деди. Жанындагылар: «Ал, Хаттабдын уулу! Көрөлү сени...», - деп колдоо көрсөтүштү. Ал кылычын асынып жолго түштү. Бара жатып Нуайм бин Абдуллахты (радыйаллаху анх) жолдон жолуктуруп калат. Атайын бир ишке шайланып, шашып бараткөнын баамдаса да, байкамаксанга сала суроо салат:

- Бул каардануу менен кайда баратасың?

- Эл арасына иритки салган, тууганды тууганга душман кылган Мухаммедди өлтүрүүгө бара жатам.

-Эй, Омар! Бул өтө кыйын иш. Сахабалары ага бир нерсе болбосун деп жанынан чыгышпайт. Аларга жкындоо өтө кыйын. Аны өлтүргөн күнүңдө дагы Абдулмутталиб уулдарынан кутула албассың, - деди. Хазрети Омар Нуаймдын бул сөздөрүнө катуу ачууланып: «Же сен дагы ошолордон болуп жүрбө? Андай болсо адегенде сенин ишиңди бүтүрөйүн», - деп кылычына умтулду. «Йа, Омар! Мени жайыма кой! Андан көрө карындашың Фатима менен күйөөсү Саид бин Зейдге бар, алар дагы мусулман болду...», - деди. Хазрети Омар бул сөзгө ишенбеди. Ишенбесең барып сура! Ошондо билерсиң чындыкты», - деди Нуайм.

Хазрети Омар бул ишти орундай турган болгондо диний бөлүнүүчүлүк жоюлмак, бирок, араптардын адаты болгон кан куумай чыгып, Курайш экиге бөлүнүп, токтогус кыргындар башталмак. Ошондо жалгыз Омар бин Хаттаб гана эмес, Хаттабдан тарагандын баары жок кылынмак. Омар өз күчүнө ашыкча ишенип, асыресе, ачуу үстүндө болгондуктан бул тууралуу ойлободу.

Карындашы тууралуу ойлоп, дароо алардын үйүнө барды. Ал кезде Таха сүрөсү жаңыдан түшүп, Саид менен Фатима (радыйаллаху анхума) аны жаздырып, Хазрети Хаббаб бин Эрат деген сахабаны үйлөрүнө алып келип окутуп отурушкан эле. Хазрети Омар эшиктен алардын добушун укту. Эшикти катуу какты. Анын кылыч асынган, ачуулуу түрүн көргөн үйдөгүлөр жазууну алып, Хазрети Хаббабды жашырышты. Кийин барып эшикти ачты. Хазрети Омар ичке кирип: «Эмнени окуп отурган элеңер?» - деп сурады. Алар: «Эч нерсе», - деп жоо беришти. Ал андан бетер ачууланып: «Укканым туура болсо силер дагы анын сыйкырына алданыптырсыңар», - деп Хазрети Саидди жакасынан алып жерге урду. Карындашы күйөөсүн куткарам деп умтула бергенде анын да бетине катуу чаап калды. Бетинен кан акканын көргөндө Хазрети Омардын карындашына боору ооруп кетти. Фатиманын бети канга боёлгон эле. Бирок, ыймандын кубаты аны аракетке түртүп, Аллаху таалага сыйынып, Хазрети Омарга: «Эй, Омар! Неге Аллаху тааладан уялбайсың? Аяттар менен, мужизалар менен жиберген Пайгамбарына неге ишенбейсиң? Мына мен күйөөм экөөбүз мусулман болуу мартабасына жеттик. Башыбызды кесип алсаң да бул жолдон кайтпайбыз», - деп келиме айтты. Хазрети Омар карындашынын ушунчалык ыйманын көрүп, дароо басылып жерге отуруп калды. Бааң үн менен:

-Азыр окуп отурган китебиңерди чыгаргылачы», - деди. Фатима: «Сен тазаланмайынча аны сага бербеймин», - деди. Хазрети Омар гусул даарат алды. Андан кийин Фатима (радыйаллаху анха) Курани каримдин беттерин алып келди. Хазрети Омардын кырааты өтө кубаттуу эле. «Таха» сүрөсүн окуй баштады. Курани каримдин чечендик чеберлиги, мааниси анын жүрөгүн элжиретти. «Көктөрдө жана жер бетинде жана алардын арасындагы жана (жети кабат) топурактын астындагы нерселердин бардыгы Аныкы» (Таха сүрөсү, 6) деген аятты окуган кезде терең ойго батты. «Йа, Фатима! Ушул учу-кыйыры жок болмуштардын бардыгы силер табынган

Аллахтыкыбы?» - деп сурады. Карындашы: «Ооба, ошондой! Күмөнүң барбы?» - деди. Хазрети Омар:

-Бизде алтындан, күмүштөн, жезден жана таштан оюп, куюп коозоп жасаган миң беш жүздөй айкел-кудайларыбыз бар. Бирок, биздин кудайларыбыздын кыпындай нерсеси жок - деп таңыркоосун жашыра албады. Дагы да окуду: **«Аллаху тааладан башка кулчулук жасала турчу акыйкат илах, мабуд жок. Эң асем ысымдар Ага таандык» деген аятты окуду. (Таха, 8) «Чыны менен өтө туура айтылган», - деди. Хаббаб бул сөздү уккандан кийин чыдап отура албай жашырынган жеринен чыгып, такбир айтып: «Сүйүнчү, эй, Омар! Расулуллах Аллаху таалага дуба кылып: «Йа, Раббим! Бул динди Абу Жехл же Омар менен күчтөндүр» деген эле. Мына, бул бакыт сага буюрду», - деди. Ушул аяти карима менен ушул дуба Хазрети Омардын жүрөгүндөгү душмандыкты жоюп, тазалап кетти. Ал дароо: «Расулуллах кайда?» - деп сурады. Жүрөгү Расулуллахка берилген эле. Ал күнү Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) Хазрети Аркамдын үйүндө сахабаларга насыят айтып отурган эле. Сахабалр жыйналып, Анын нурлуу жүзүн көрүп, жылуу, таасирлүү сөздөрүн угуп, лаззат алып, рухтарын жай алдырышчу.**

Хазрети Омар (радыйаллаху анх) Аркамдын үйүнө келди. Ал өзү айбаттуу, күчтүү болуп, кылычы менен баргандыктан сахабалар Расулуллахты курчап турушту. Хазрети Хамза: «Омардан тартына турчу эмнеси бар, жакшылык менен келсе кош келиптир. Болбосо кылычын колуна алуудан мурда башын учурамын» деген кезде: «Расулуллах»: **«Жол бергиле, ичке кирсин», - деди.**

Жабраил алейхиссалам алдын ала Хазрети Омардын ыйман келтирүү үчүн келе жаткандыган кабарлап койгон эле. Расулуллах алейхиссалам хазрети Омардын күлүмсүрөп тосуп алды. **«Жибергиле, ага жол бергиле», - деди. Хазрети Омар Расулуллахтын алдына тизелеп отура калды. Расулуллах анын колунан кармап: «Ыйманга кел, йа, Омар», - деди. Омар чын көңүлүнөн ыйман келтирди. Сахабалар кубангандыктарынан такбир айтып, үндөрү асманга тарады.**

Хазрети Омар (радыйаллаху анх) ошол элестүү учурду мусулман болгондон кийин мындайча эскерген: «Мен Исламды кабыл алган учурларда мусулмандар ибадаттарын мушриктерден

жашырынып кылышчу. Ансыз да түркүн кордук көргөн сахабалардын өзүнүн мусулмандык парызын жашырынып жүрүп араң аткарып жүргөнүн ойлоп капа болдум. Пайгамбардан: «Йа, Расулаллах. Биз акыйкат жолдо эмеспизби?» - деп сурадым. «Ооба. Жаным кудурет колунда болгон Аллахка ант кыламын, өлсөңөр да, тирүү болсоңор да хак жолдосуңар», - деди. Пайгамбарыбыздын бул жообуна: «Йа, Расулуллах, эгер биз хак жолдо болсок, мушриктер ката жолдо болсо эмне үчүн динибизди жашырабыз? Валлахи биз Ислам динин куфурлукка каршы үгүттөп, насыяттоого баарынан да ылайыкпыз. Аллаху тааланын дини Меккеде бардык динден эч күмөнсүз үстөм болот. Коомубуз бизге жакшы мамиле жасаса кандай жакшы, а эгер чектен чыга турган болсо алар менен күрөшөбүз», - дедим. Расулуллах: «Биздин саныбыз өтө аз», - деди. «Йа, Расулуллах! Сизди хак Пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, эч тартынбастан жана коркпостон бирөөнү дагы калтырбай бардык мушрик коомуна жеткиземин. Эми элге чыгалы», - дедим. Расулуллах менин сөзүмдү макулдагандан кийин сыртка чыгып эки сап болуп Харам мечитине карай бет алдык. Саптын бирининин башында Хамза, экинчисинде мен бар элем. Бекем кадамыбыз менен Харам мечитине кирип келдик. Курайш мушриктери бир мага, бир Хамзага карап, томсоргон абалда кылт этпей тиктеп турушту. Биздин мусулман болушубуз акыйкатта мушриктер үчүн оор болду. Алар ушунчалык оор кайгы-муңга түшүшкөн эле, балким өмүрлөрүндө мындай абалда болуп көргөн эмес болушса керек.»

Хазрети Омардын мындайча келүүсүн карап Абу Жахл: «Йа, Омар! Бул кандай абал?» - деди. Хазрети Омар эч шашпастан: «Ашхаду ан лаа илаха иллаллах, ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулуху», - деди. Абу Жахл эмне дээрин билбей тили тутулуп, селейип туруп калды. Хазрети Омар мушрик коомду карап: «Эй, Курайш!.. Мени тааныгандар кандай адам экенимди билишет. Таанybагандар бар болсо анда билип алсын, мен Хаттаб уулу Омармын... Аялын жесир, балдарын жетим калтыргысы келген адам бери чыксын! Козголгонуңарды кылыч менен чаап түшүрөмүн...» дегенде Курайштык мушриктер жандарын сактоо үчүн ал жерден дароо туш тарапка тарап кетишти. Расулуллах менен сахабалар сап түздөп, бийик үн менен такбир айтышты. Меккенин асманы сахабалардын «Аллаху акбар!.. Аллаху акбар!..»

деген үндөрүнө тунуп турду. Ушундайча биринчи жолу Харам мечитинде ачык түрдө намаз окулду.

Хазрети Омардын мусулман болуусунан кийин Энфал сүрөсүнүн 64-аяты түштү. Ал аятта: **«Эй, Пайгамбарым! Сага көмөкчү болууга Аллаху таала менен сенин жолуңда жүргөн момундар жетет»,** - деп буюрулду.

Ошол кезге чейин эки анжы ойдо болуп, акыйкатты түшүнүп турса да батынып бара албаган бир топ адам Хазрети Омардын мусулмандыкты кабылдагандыгын көрүп, Исламды тандап, сахаба болуу аброюна ээ болду. Ушул окуядан кийин мусулмандардын саны күн сайын ылдамдык менен өсө берди.

## Хабашстанга экинчи көч

Хабашстанга барган мусулмандар элге аралашып жай турмушка эми гана көнө баштаганда: «Меккеде мушриктер менен мусулмандар келишим түзүшүп, ынтымакка келишиптир!» - деген кабарды угушат. Өз ара кеңешип: «Биз мушриктердин карөзгөй душмандыгынан улам мекенибизди таштап бул жака көчүп келдик эле. Эми корко турган эч нерсе калбаптыр. Андыктан бул жерде турбай мекенге барып Расулуллахтан таалим алып, динибизге кызмат кылалы!» деген чечимге келишет.

Хабаш өкүмдарынан уруксат алып Меккеге келишет. Туулуп өскөн жерге келээри менен айтылган кабардын жалган экендигин түшүнүшөт. Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) жолугуп Хабашстандын тунук суусу, таза абасы жана түркүн мөмө-жемиштердин күч кубат бергенин; ал аймакта төрт ибадаткана бар экенин, жергиликтүү калк күн сайын төөлөрдү, койлорду союп колунда жоктор менен кембагалдарга жакшы карашаарын; ал өлкөнүн өкүмдары качкын мусулмандарды өз көзөмөлүнө алып муктаждыктарын камсыз кылып, жакшы карап жатканын айтып, ыраазы экендиктерин билдирип көпкө дейре баарлашат.

Мекенине келген мусулмандарга мушриктер тараптан кайрадан кысым башталат. Колдоп алаар кожосу жок алсыз момундардын абалын көрүп көңүлү ооруган Хазрети Осман бир күнү Пайгамбардан кеңеш сурайт: -Йа, Расулаллах! Мен Хабашстанды соода-сатык жүргүзгөнгө абдан ыңгайлуу жер экенин байкадым. Бир айлык соода-сатык эле мол киреше алып келээрине көзүм

жетип турат. Аллаху тааладан кабар келгенге чейин момундар үчүн Хабашстанга кайткандан өтөөрү жок болуп турат. Себеби, Хабаш өкүмдары Нажаши бизге камкор мамиле кылып, көптөгөн жакшылыктарын аяган жок. Биз кайрадан көчүп кетүү менен гана Курайш мушриктеринин заалымдыгынан кутула алабыз.

Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Хазрети Османдын сунушун туура көрүп, кайрадан көчүүгө уруксат берет: **“**Хабашстанга **к**айрадан көчкүлө. Аллаху тааланын ысымы менен **к**оргоого алынасыңар”**,** - дейт. «Йа, Расулаллах, эгер сиз ал жерге барсаңыз балким алар да мусулман болуп калат чыгар? Ахли китаб болгондуктан Исламга оңой келишет жана жардамдарын аяшпайт» дегенде Пайгамбарыбыз: «Мага тынчтык менен ырахаттык буюрулган жок. Көчүү маселеси боюнча Аллаху тааланын буйругун күтөм. Эмне буйрук кылынса ошону менен амал кылам», - деди.

Бир риваят боюнча экинчи көчтө жүз бир адам Хабашстанга карай жолго чыгышат. Көч башы болуп дайындалган Жафар бин Абу Талиб мусапыр момундарга жол баштап Нажашинин өлкөсүнө тынч-аман жетишет. Жаңы журттагы айрым маанилүү окуяларды сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жубайы Умму Салама эне мындайча эскерген: «Хабашстан бизге кучагын ачты. Жакшы коңшуларга туш болдук. Журт башчысы Нажаши качкындарды өз журтташтарындай карап, бардык шартын түздүрдү. Ибадаттарыбызды эркин аткардык. Эч кандай кысым же кордук көрбөдүк. Эч кимисинен жаман сөз укпадык».

Көчүп барган момундарга жасалган мындай жогорку камкордукту уккан Мекке мушриктери Хабаш өкүмдарына элчи жиберүүнү ойлоп, атайын Нажашиге арнап сыйлуу, баалуу белектерди даярдашат. Белектердин арасында Нажашиге бөтөнчө жага турган Мекkenин айтылуу ийленген терилери болгон. Өкүмдардан тышкары Хабаш бийлик төбөлдөрүнө, дин көсөмдөрүнө да сыйлуу белектер даярдашат. Абдуллах бин Абу Рабиа менен Амр бин Ас элчи болуп барууга милдеттендирилет.

Бул эки элчиге Нажаши менен кандай сүйлөшүү керек экендиги үйрөтүлөт. Аларга: «Өкүмдар менен сүйлөшүүдөн мурда анын дин башчылары менен кол башчыларына сыйлыктарды бергиле. Кийин Нажашинин сыйлыгын бергиле. Андан кийин ошол жердеги мусулмандарды силерге берүүнү сурангыла. Нажашинин мусулмандар менен кездешип, сүйлөшүүсүнө мүмкүндүк

бербегиле», - делинди. Элчилер Хабашстанга келишет. Мамлекет адамдары менен кезигишип, белек-бечкектерин бергенден кийин аларга: “Биздин арабыздан бир катар адамдар чыкты. Алар силер дагы, биз дагы билбеген жаңы бир дин чыгарышты. Ошол келген адамдарды өз элибизге кайра артка алып кеткибиз келет. Өкүмдарыңар менен алар тууралуу сүйлөшкөндө келген бул адамдар менен сүйлөштүрбөстөн бизге тапшырып берүүсүнө аракет кылыңыздар. Ал адамдар менен эң көп алек боло алчу адамдар - алардын өздөрүнүн ата-энелери менен кошуналары. Алар буларды өтө жакшы билишет», - дешти. Динбашчылар бул сунушту кабыл кылышты. Кийин Меккелик элчилер Нажашинин белектерин сунушту. Нажаши падыша белектерди алып, аларды чакырып сүйлөштү.

Элчилер Нажашиге мындай дешти: “Урматтуу өкүмдар! Бизден бир канча киши сиздин мамлекетиңизге качып келишиптир. Бул келгендер ал жерде өз диндерин таштап, ошону менен катар силердин динге дагы киришкен эмес. Өз ойлорунан чыгарышкан жасалма диндери бар. Бул силер дагы, биз дагы билбейбиз. Бизди булардын урууларынын алдыңкылары силерге жиберишти. Алар бул качып келгендердин өз эне-аталары жана өз бир туугандары болушат. Алар сизден буларды артка кайтарып берүүңүздү өтүнүп жатышат, себеби, булардын абалын эң жакшы түшүнө тургандар ошолор болуп эсептелет». Элчилерден кийин падышанын жардамчылары сөз алып, мындай дешет: “Мартабалуу өкүмдар! Элчилер туура айтып жатышат. Булардын эли бизге көчүп келгендердин ким экендигин, аларды кантип жөнгө салууну эң жакшы билишет. Андыктан, сиз уруксат берсеңиз, келгиндерди өз мамлекетине кайтарып берсек туура иш болор!»

Өкүмдар Нажаши бул сөздөргө катуу ачууланып: «Ант этемин, жообум – «жок!». Мен бул адамдарды булардын колуна бербеймин! Менден башпаанек сураган, өлкөмдө баш калкалаган адамдарга кыянаттык кыла албайм. Булар башканы эмес, менин өлкөмдү тандап келип олтурушат. Калыс болсун десеңер, журт которгон келгиндерди сарайга чакыргыла. Эки тараптын пикирин, дооматын, арыз-муңун угуп туруп, анан жыйынтык чыгаралы. Эгер элчилердин айтканы туура чыкса, анда, качкындарды өз элине кайтарууга туура келет. Акыйкат качкындар тарапта болчу болсо, аларды эч кимге бербеймин, коргоого алып жакшылыгымды аябаймын!

Нажаши акылы тунук, узакты көрө билген парасаттуу падыша болгондуктан ага чейин да Ыйык китептерди көп окуп жүргөн. Мухаммеддин (алейхиссалам) Пайгамбар болуп чыгаар маалы келгенин, ал Пайгамбар болуп келген соң өз эли аны жалганчы деп ишенбей, көпкө каршылык көрсөтөөрүн, жада калса, Меккеден көчүп кетүүгө мажбур болорун да билчү эле.

-Булардын башында ким турат? – деп сурайт элчилерден.

-Мухаммед деген адам.

Бул ысымды укканда Нажаши анын акыйкат Пайгамбар экенин түшүнөт. Бирок, ичиндеги жылуу сезимин, оюн эч кимге билгизбейт:

- Анын дини кандай, кандай жолдо, эмнеге үгүт кылат?

- Анын жолунун кандай экенин билбейбиз.

- Жыйын кургула! Качкындарды да чакыргыла! Буларды маңдай-тескей сурайлы, ошондо акыйкат айкын болот, - дейт Нажаши.

Сарайга мусулмандар да чакырылат. Алар өз ара кеңеш куруп, ал жерде өкүмдардын каарына калбай турган сөздөрдү айталы деген пикирлер айтылды. Хазрети Жафар Пайгамбар (алейхиссалам) үйрөткөндү гана айтып, ал эми андан кандай натыйжа чыкса ошого ыраазы бололу деген пикирин айтат. Ушундан улам жыйында баарынын атынан Хазрети Жафар гана сүйлөмөк болот.

Падышанын чакыруусу менен жыйынга Хабашстандын даанышман билгиндери, аалымдары да келет. Эң акырында сахабалар алынып келинет. Сарайга кирген мусулмандар чоң жыйынга күбө болушат. Баарына салам айтышат. Бирок, падыша үчүн саждага баштарын коюшпайт. Падыша мусулмандарга кайрылып:

-Силер эмне үчүн сажда кылган жоксуңар? – деп сурайт.

-Биз Аллаху тааладан башка эч кимге жана эч нерсеге сажда кылбайбыз. Пайгамбарыбыз Аллахтан башкага сажда кылууга тыюу салган жана сажда Аллахка гана таандык экендигин айткан.

-Айткылачы, менин өлкөмө эмне себептен келдиңер? Абалыңар кандай? Соодагер болбосоңор, өзгөчө талабыңар да жок экен. Өзүңөр азыр айткан Пайгамбардын максаты эмне? Эмнеге мынабу мекендештериңер сыяктуу салам айтпадыңар?

Бир кадам алдыга чыккан Жафар (радыйаллаху анх) жооп бере баштайт:

-Урматтуу өкүмдар! Мен эң оболу үч нерсеге токтолом! Туура айткан болсом кубаттагыла, жалган айткан болсом жалганчы дегиле. Өтүнөөрүм булардын бирөөсүнө гана сүйлөгөнгө уруксат бериңиз! – деди меккеликтерди ишарат кылып.

- Мен сүйлөйүн! – дейт, Амр бин Ас.

-Эй, Жафар! Биринчи сен башта! – деп Нажаши буйрук кылат.

-Менин үч сөзүм бар, мынабул адамдан сураңыз. Биз колго түшүрүлүп, эл бийлегендерге тапшырылып берилгидей кул белек? Нажаши:

-Эй, Амр, кана жооп берчи, булар кулдарбы?

-Жок, алар кул эмес, эркин адамдар, - деп жооп берди.

Хазрети Жафар: «Же биз күнөөсүз бирөөнүн канын төгүп, качып жүргөн адамдарбызбы кармап алып аларга тапшырыла тургудай?» - деди. Нажаши Амрдан: «Булар күнөөсүз жазыксыз бирөөнү өлтүрүштү беле?» - деп сурады. Амр: «Алар бир тамчы да кан төгүшкөн жок, падышам», - деп жооп берди. Хазрети Жафар Нажашиден: «Биз башка бирөөнүн мал-оокатын тартып алып, бирөөгө карыз болуп калдык беле?» - деди. Нажаши: «Эй, Амр! Эгер булардын карыздары канча көп болсо дагы аларды мен төлөп берейин, айткыла», - деди. Амр: «Жок, алардын кымындай да карыздары жок», - деди. Нажаши Амрдан: «Анда силерге булардан эмне керек?» - деп сураганда Амр: «Алар менен биз бир дин жана бир жолдо элек. Булар динибиз менен жолубузду таштап, Мухаммед менен анын динин ээрчип кетишти», - деди. Нажаши Жафардан: «Силер диниңерди таштап, эмне үчүн башка динди кабылдадыңар? Коомуңардын дининен чыксаңар, менин да динимди кабылдабасаңар, анда силердин диниңер кандай? Ушул тууралуу айткылачы?» - деди.

Хазрети Жафар: «Эй, бийлөөчү! Биз жахил караңгы эл элек. Буттарга сыйынчубуз. Арам өлгөн мал-жандыктын этин жеп, ар түрдүү жаман иштерге барганбыз. Тууганчылык мамилеси бузулуп, урук-тууган коңшудан ырк кеткен. Күчтүү алсызды эзип, бакубат жашоо ошого гана таандык болгон. Аллаху таала бизге өз арабыздан теги пакиза, улуу-кичүүнүн ишенимине татыктуу, абийирдүү, чынчыл адамды Пайгамбар кылып жөнөттү. Ал Аллаху тааланын жалгыздыгына ишенүүгө чакырды. Аллахка гана ибадат кылууну үйрөттү. Ата-бабаларыбыздын буттарынан, ахлаксыз жосундарынан куткарууга күрөштү. Кан төгүүгө, кумар

ойноого, ичимдик ичүүгө, сүткорлук кылууга, жалган айтууга, жетимдердин мал-мүлкүнө кол салуудан жана таза намыстуу аялдарга жалаа жабуудан кайтарды. Бизге Аллаху таалага шерик кошпой кулчулук жасоону буюрду. Биз буларды кабылдап, Аллаху тааладан алып келгендеринин бардыгына ишендик жана айткандарын орундадык. Аллаху таалага кулчулук кылдык. Анын бизге харам кылганын харам, халал (адал) эткенин адал деп билип ошондой амал кылдык. Ошол себептен улам коомубуз бизге душман болуп, зулумдук жасады. Бизди динибизден кайтарып, Аллаху таалага кулчулук кылуудан баш тарткызып, бир гана буттарга сыйынуубуз үчүн түрдүү кыйноолорго салып, азап тарттырышты. Бизге зулумдук жасап, катуу кысымга алышты. Бизди динибизден ажыратмакчы болушту. Ушундай зордук зомбулуктардан кийин биз динибизди ыйманыбызды сактап калуу үчүн эли-жерибизди таштап, силдин элиңизге баш пааналадык. Сиздин адилетиңизге жүгүрүп келдик. Сиздин камкорлугуңузга, сиздин жаныңызда зулумдукка, адилетсиздикке дуушар болбой тургандыгыбызга үмүт кылып келдик», - деди.

Хазрети Жафар сөзүн андан ары мындайча улады: «Ал эми салам берүү маселесине келе турган болсок биз сизге Расулуллахтын саламы менен салам бердик. Биз бири-бирибизге дагы ошентип салам беребиз. Жаннаттагылардын дагы ушундайча саламдаша тургандыктарын Пайгамбарыбыз алейхиссалам кабар берди. Ошондуктан, сизге ушинтип салам бердик. Пайгамбарыбыз адамдарга сажда кылбоону буюргандыктан Аллаху тааладан башка бирөөнө сажда кылуудан Аллахка сыйынабыз.» Нажаши: «Сен Аллахтын жиберген буйруктарын аз болсо да жатка билесиңби?» - деп сурады. Хазрети Жафар (радыйаллаху анх): «Ооба» дегенде Нажаши: «Аны мага окучу», - деди. Хазрети Жафар «Мариям» сүрөсүнүн алгачкы аяттарын окуй баштады. («Анкебут» жана «Рум» сүрөлөрүн окугандыгы тууралуу дагы айтылган.) Нажаши аяттарды угуп ыйлап жиберди. Көздөрүнөн аккан жаштан саалы да сууга малынганда болду. Ошол жерде турган христиан поптору дагы өздөрүн кармап тура алышпады. Кыраат үнү тынганда Нажаши менен дин башчылар: «Эй, Жафар! Бул асем сөздөрдөн дагы окучу», - деди. Хазрети Жафар «Кахф» сүрөсүн башынан баштап окуду. «Капырларды эң оор азап менен (Жаханнам менен) коркутуу, салих амалдарды кылган момундарды ичинде түбөлүк

кала турган асем сый менен (Жаннат менен) сүйүнчүлөө, «Аллах ьалалуу болду» дегендерди коркутуу үчүн сөзүндө бир ката, маанисинде бир кайчылык болбогон туптуура китепти (Курани каримди) кулуна (Мухаммед алейхиссаламга) түшүргөн Аллаху таалага хамд болсун! Алардын (Аллаху таала балалуу болду дегендердин) да, аталарынын да (ал сөзгө) катыштуу эч кандай илимдери жок. Ооздорунан чыккан бул сөз чоң куфурлук (ширк) болду. Алар бир гана жалган айтышат.

(Эй, Расулум! Ушул Курани каримге ишенбесе убайым менен кайгыдан алардын артынан өзүңдү дагы курутасыңбы. Биз жер бетиндегилерди (кендерди, айбандар менен өсүмдүктөрдү) жер бетиндегилердин кайгсынын аракети туура (кайсынысы дүнүйөлүк каалоолорун таштаган экен), сынап көрөлү деп коолдодук...» Ушул жерде Нажаши өзүн кармай албай: «Аллахка ант кылам, булардын бардыгы бир чырактан тараган нурдай. Муса менен Иса да алейхимуссалам дал ушу менен келген эле», - деди. Курайштын элчилерин карап: «Баргыла, мен силерге аларды эч качан бербеймин дагы, алар тууралуу жаман ойлобоймун дагы», - деди. Абдуллах бин Аби Рабиа менен Амр бин Ас Нажашинин жанынан чыгып кетти.

Амр Абдуллахка: «Ант кыламын, алардын бир айыбын таап, Нажашинин алдында ачып беремин, аларды түбү менен жок кыламын», - деди. Досу Амрга: «Алар бизге каршылык жасаса да жакшыдыр-жамандыр тууганыдыгыбыз бар, андай кылба!» - деди. Амр: «Алардын Иса алейхиссаламды бир кул деп билгендиктерин Нажашиге айтамын», - деди. Эртеси Нажашиге барып: «Эй, падышам! Булар Марям уулу Иса тууралуу оор сөздөрдү айтып келишет! Кааласаңыз жаныңызга чакырып тыңдап көрүңүз», - дейт.

Мусулмандардын ишениминде Иса (алейхиссалам) тууралуу кандай айтылганын билүү үчүн Нажаши мусулмандарга кабар берип сарайына чакыртат. Нажаши аларга кайрылып:

-Мариям уулу Иса тууралуу көз карашыңар кандай? – деп сурайт. Хазрети Жафар сөз алып:

-Биз Иса (алейхиссалам) тууралуу Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) Аллаху тааладан алган кабарынын негизинде бизге үйрөткөн маалыматтарды гана билебиз. Аны Аллаху тааланын кулу жана Расулу экенин, ошондой эле

дүнүйө менен эркек адамдардан баш тартып, бир гана Хак таалага көңүлдөн берилген абыройлуу кыз Мариямга Аллаху тааланын жибергенин билебиз. Аллаху таала Хазрети Адамды топурактан жараткандыгы сыяктуу Иса алейхиссаламды дагы атасыз жараткан деп айтабыз», - деп жооп бергенинде, Нажаши жерге колун созуп бир чөптү колуна алып: «Ант беремин, Мариям уулу Иса силер айткан немеден артык эч ким эмес. Арада мына бул чөптөй дагы айырмачылык жок», - деди. Нажаши муну айткан кезде жанындагы кызматкерлери менен колбашчылары өз араларында шыбыраша башташты. Нажаша аларга: «Силер эмне десеңер дей бергиле. Ант кылам, мен булар тууралуу бир гана жакшы ойдомун», - деди. Кийин мусулман мухажирлерге бурулуп: «Силерди жана силердин башчыларыңарды куттуктаймын! Мен анын Аллахтын элчиси экендигине ишендим. Биз Аны Инжилден көргөн элек. Ал тууралуу Мариям уулу Иса дагы айткан. Аллах аты менен ант кыламын, эгер Ал ушул жерде болгондо барып анын оокатын ташып, буттарын жууп, Ага кызмат кылмакмын. Баргыла! Элимдин эч кимдин колу тийбеген айматарында зулумдук менен адилетсиздиктен алыста тынчтыкта өмүр сүргүлө. Силерге жамандык кылгандарды жок курутамын. Мага тоодой алтын берсе да силердин эч кайсыңарды таарынтпаймын», - деди. Нажаши ушундан кийин Курайш элчилеринин алып келген сыйлыктарын: «Менин бул нерселерге муктаждыгым жок. Башкалар тоноп алган мына бул мамлекетимди Аллаху таала мага кайтарып бергенде жана калкты мага багындырганда менден акча алган жок», - деп артка кайтарып берди. Курайш элчилери Нажашинин элинен эч нерсе кыла албастан бош кол кайтып кетти. Багы бар падыша Исламды тандап, сахабаларды кубанткан эле.

## Курчоодогу кайгылуу жылдар

Мушриктер Исламдын адамдардын көңүлдөрүнөн орун алуусуна, таралуусуна тоскоол болуу үчүн болгон күчтөрүн жумшап жатышкан эле. Алсыздарды кордоо, кыйноо, бөлөк аймактардан келгендерге эскертүү берүү өңдүү аракеттер улана берет. Мушриктер канчалык жандалбас урса дагы алардын аракети мусулмандардын ого бетер чыдамкай болушуна, бир муштумдай бирдиктүү, ынтымактуу болушуна, ошондой эле

башка аймактарда да Ислам кабарынын жайылышына себеп болду. Эч кайсынысы дининен кайтпай, Расулуллахтын жолунда жандарын курман кылуудан дагы кайтышпады. Муну уккан Меккенин сыртындагы тайпалардын кызыгуучулугу артып, Исламдын нуру алыс жерлерге чейин таралып жаткан эле. Мушриктер Хабашстанга жиберилген элчилери максаттарына жете албай бош кайткандыктарын, жада калса, Нажаши Асхаманын мусулмандыкты кабылдап, мусулмандарды коргоп, алар менен жакшы мамиледе болгонун угуп, ызалангандыктарынан каны баштарына чыкты. Ушул ачуу ызалардын кегин артыгы менен кайтаруу үчүн жана Исламды түп тамыры менен жоюш үчүн алар мындай чечим кабылдашты: «Мухаммед алейхиссаламды ким каерде көрсө өлтүрсүн!..» Капырлар ушул келишимине кайра-кайра ант кылышып, убадалашышты.

Мушриктердин бул келишимин уккан Абу Талиб катуу капаланды. Бир тууганынан калган жалгызынын өмүрү кыл учунда турганы аны санаага салат. Уруулаштарын жыйнап, жагдайды түшүндүрүп, ааламга мээримдүүлүктүн жүзү катары жиберилген Хазрети Мухаммед Мустафаны (саллаллаху алейхи васаллам) Курайштык мушриктерден коргоого буйрук кылат. Хашим уулдары туугандык сезим менен ушул буйрукту орундоого бир ооздон келишишти. Ушул маселеге байланыштуу Расулуллах менен ага ишене турган бардык сахабаларды Меккенин түндүгүндөгү Каабадан үч чакырымдай узактыкта жайгашкан Шиъб-и Абу Талибге, б.а., Абу Талиб дубанына чакырды. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) сахабаларды жыйнап, Шиъбде күтө баштады. Хашим уулдарынын ичинен Абу Лахаб гана туугандарынын чечимине каршы чыгат. Уруулаштарына өчөшүп, мушриктердин катарына кошулуп Расулуллахты колго түшүрүп шейит кылуунун жолдорун издей башташат.

Абу Талибдин конушунда күчөтүлгөн көзөмөл болуп жатканын, мындай шартта максатка жетүү мүмкүн эместигин түшүнгөн мушриктер кайра жыйналыш өткөрүп, берегидей чечим кабыл алышат: «Алар Абдуллахтын уулу Мухаммедди Курайш элине тапшырганга чейин Хашимден тарагандардан кыз алынбасын! Аларга кыз берилбесин! Аларга эч нерсе сатылбасын жана сатылып алынбасын! Алар менен жүз көрүшүлбөсүн жана сүйлөшүлбөсүн! Алардын үйлөрүнө жана конуштарына

барылбасын! Элдешүү сунушу келсе да кабыл алынбасын! Аларга жан тартуу болбосун жана айоо болбосун!»

Бул чечимди Мансур бин Икрима аттуу мушрик кагазга түшүрөт. Андан соң ага мөөр басылып, баары көрсүн үчүн Ыйык Каабанын дубалына асылып коюлат.

Душмандык күткөн тараптын мындай катаал кадамы Расулуллахка маалым болот. Пайгамбар (алейхиссалам) капа болуп, Аллаху тааладан жардам сурап дуба кылат. Аллаху таала Расулуллахтын дубасын кабыл кылып, карөзгөй Мансурдун колдору бир заматта жансыз болуп калат. Мушриктер шашкалакташып бири-бирине: «Карагыла! Хашим уулдарына кылган зулумдугубуздан Мансурдун колдору жансызданып куурап калды», - дешти. Бул окуядан ибрат алуунун ордуна алар андан бетер кутурушту. Шиъбге бара турган жолго күзөтчүлөрдү коюшту. Ал жерге азык-түлүк менен кийимдин жиберилүүсүнө тоскоол болушту. Меккеге келген соодагерлердин да жолун тосуп, конушка киргизбей алардын азык-түлүк жана буюм-тайымдарын кымбатына карабай өздөрү сатып алышат. Алар камоодогулар ачарчылыктан кырыла баштаганда, бушайман болгон Хашим уулдары Пайгамбарды өз колдору менен өткөрүп беришет деп ойлошот. Ошентип, мушриктердин мусулмандарга каршы бул кылыктары жыл бою уланып, Каабаны зыярат кылуу мезгилине чейин уланчу эле. Салт-санаага ылайык бул мезгил аралыгында кан төгүлчү эмес. Ошол себептен Хашим уулдары Меккеге барып, соода кылып, бир жылдык керектөөлөрүн даярдап улууга аракет кылышчу. Капырлар ошондо да: «Бул адам мусулман болуп элден чыккан. Ага кымбатка саткын. Эгер албай кетсе ал жагынан кам санаба, өзүбүз алабыз» - деп соодагерлерди азытышчу. Баанын кымбат экенин уккан мусулмандар бул жолу эч нерсе ала албай артка кайтышат.

Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Хазрети Хадича эне, Хазрети Абу Бакр Сыддык жана башка сахабалар колундагы мал-мүлкүнүн баарын момундарга таратышат. Ачарчылыктын азабын тарткан элдин, жаш балдардын муң-дартын тынчытууга аракет кылышат. Колдогу, кампадагы азык-түлүк түгөнгөндөн кийин чөп-чар, дарактын жалбырагы менен курсак тойгузууга аракет кылышат. Ачкалыктан ыйлаган балдардын ыйын басуу үчүн малдын катыган терисин сууга

жибитип, аны отко бышырып жедиришти. Өзөк жалгаганга эч нерсе таба албаган Пайгамбарыбыз жана сахабалар курсактарына таш байлап жүрүүгө мажбур болушту. Балдарынын ыйын басууга аракет кылган энелердин тери-сөөгү эле калган эле. Мушриктерден бирөө бул абалга боор тартып жашыруун бир нерсе алып келип бергенин билип койгон калган мушриктер буларга да зомбулук көрсөтүп жатышты. Ушундайча сырт менен карым-катнаш үзүлүп, мусулмандар кыйын абалга дуушар болушкан.

Мушриктер ушул айоосуз зулумдугу аркылуу Хашим уулдарынын кепке келип, Абу Талибдин Пайгамбарыбызды колуна салып бере тургандыктарын күтүп турушту. Абу Талиб болсо тескерисинче өз дубанындагы мусулмандар менен Пайгамбарыбызды коргоп, ага зыян тийип калбоосу үчүн бардык чараны көрдү. Абу Талиб күтүлбөгөн абалдын болуп кетүүсүнөн сактандырып, Расулуллах жата турчу жерге кезеги менен күзөтчүлөрдү кщйчу же өз үйүнө жаткызчу. Пайгамбарыбыз эч тартынбастан Аллаху тааланын буйругун орундоо үчүн, Исламды таратуу үчүн бир саатты да бекер кетирбей адамдарды динге чакырып, алардын Жаханнамдан кутулуларына себеп болууга тырышып, ушул жолдо сабырдуулук менен насыяттарын уланта берди. Аны сыйкырчы дешип, айткандарына ишенбеген Курайштык мушриктерге ачкалыктын даамын таттыруу үчүн бир күнү Расулуллах: «Эй, Аллахым! Юсуфтун (алейхиссалам) заманындагы жети жылдык жут сыяктуу жети жуттук азап берип мага жардам бере көр!» - деп дуба кылды. Ушундан кийинки күндөрдө асмандан бир тамчы да жамгыр жаабай койду. Топурак кургап кетти. Жерде бир дагы көгөргөн нерсе табылбас болду. Курайштык мушриктер эмне болгонун билбей калды. Ачтан өлгөн малдын өлүмтүктөрүн, сасыган иттин терилерин жеп өлбөөнөн жолун караштыра баштады. Алардын да балдарынын ачкалыктан чыркыраган үндөрү чыга баштады. Көбү ачкалыктан кырылды. Асманга караса ачкалыктан улам асманды түтүн каптагандай болуп көрчү. Өздөрү да кыйналгандан кийин акылдарына кирип, кылган зулумдуктарынын кандай тэкендигин түшүнгөндөй болушту. Араларында Абу Суфйанды Расулуллахка жибериишти. Абу Суфйан барып: «Эй, Мухаммед! Сен өзүңдүн ааламдарга мээримдүүлүк катары жиберилгендигиңди айтасың, бизге Аллахка ишенүүнү, туугандык катнаты үзбөөнү буйрук кыласың. Ошентсе

дагы коомуң ачкалык менен кургакчылыктан кырылууда. Бул балээден арылуу үчүн Раббиңе бир дуба кыл! Аллах сенин кылган дубаңды кабыл кылат. Эгер ушинтип дуба кыла турган болсоң баарыбыз ыйман келтиребиз...», - деп ант суу ичти.

Ушундайча кылган зулумдуктары менен душмандыктарын бир жерге жыйнаштырып коюп, ачарчылык баштарына түшкөнү үчүн өздөрү Расулуллахка жалына башташкан эле. Пайгамбарыбыз алардын кылгандарын беттерине салбай, «ыйман келтиребиз» деген сөздөрүн угуп, колун жайып Хак таалага дуба кылды. Аллаху таала сүйүктүү кулунун дубасын кабыл кылып, Меккеге жамгыр жиберди, топурак сууга канып, өсүмдүктөр көгөрө баштады. Мушриктер ачкалык менен кургакчылыктан кутулгандан кийин берген сөздөрүн унутуп, куфурлуктарынан кайтышпады...

Аллаху таала аларга жооп иретинде түшүргөн аяти карималарында: «Бирок, алар (Курани карим менен кайра тирилүү маселесинде) күмөндөнүп, (сени) мазак кылды. Андай жагдайда (Эй, Хабибим) көктүн аппачык түтүн алып келе турчу күнүн көзөмөлдө. Ал түтүн бардык адамдарды басат; «Бул өтө жаман азап! Эй, Раббибиз! Бизди бул азаптан куткара көр, ыйман келтире», - дейт. Аларга ибарат алуу кайда? Аларга акыйкатты түшүндүрө турчу бир пайгамбар келсе да тетири бурулду. Ага «үйрөтүлгөн, жинди» деди. Биз бул азапты (түтүн же ачкалыкты) бираз ( же бираз убакыт) алабыз. Бирок, силер дагы да куфурлуктарыңарга кайтасыңар. Катуу азапты (аларга) жибере турган күнү (Бадир күнү) арийне, биз (алардан) кек алабыз.

Жалал сыпатым менен ант кыламын, биз алардан (Курайш коомунан) мурун Фараон коомунан (көп мал-мүлк) берүү аркылуу сынаганбыз. Аларга бизден кадырлуу бир пайгамбар келди (Муса алейхиссалам). Ал аларга мындай деди: «Аллахтын кулдарын (Исраил урпактарын) мага бергиле. (Аларды мени менен жибергиле. Аларды бошоткула, азаптабагыла). Чынында мен Аллаху таала тарабынан силерге вахий менен жиберилген ишенимдүү пайгамбармын. Аллаху таалага куфурлук сөздөрдү айтпагыла. Анткени, мен силерге ишимдин туура экендигин көрсөтө турган далилдер менен, айкын мужизалар менен келдим. Билип койгула, мен мага таш ыргытууларыңардан, өлтүрүүлөрүңөрдөн, менин жана силердин Раббиңер болгон Аллаху таалага сыйынамын, Ал мени коргойт. Эгер мени колдоп ыйман келтирбей турган болсоңор

анда мени өз абалыма таштагыла (Жакшылыктарыңардан кечтим, эч болбогондо зыяныңарды тийгизбегиле. Алар ыйман келтирбегендери, пайгамбарды жалганга чыгаргандыктары жетпегенсип ага бир канча кордук менен зомбулук көрсөтө баштагандарында) Муса (алейхиссалам) Аллахка дуба кылып: «Йа, Раббим! Булар куфурлуктан кайтпай турган бир коом», - деди. Аллаху таала Муса (алейхиссаламга) вахий жиберип: «Кулдарым менен (Исраил урпактары менен) түндө (Мысырдан) чыгып кет! Фараон менен жардамчылары силердин чыгып кеткендигиңерди уккандан кийин артыңардан түшөт (алар милдеттүү түрдө силерди аңдышат.) Коомуң менен деңизден өткөндөн кийин аны ошол абалда калтыр (Аса таякты жерге кайра уруп ачылган суу жолун жаппа, ачыл абалда калтыр). Анткени, Фараон менен аскерлери ошол жолго түшүп, суга чөгөт». (Духан сүрөсү 9-24)

Мушриктер «Ыйман келтиребиз» деген сөздөрүнө турбай, кайрадан зулумдук аракеттерин уланта башташты. Аллаху таала бир күнү Пайгамбарбызга вахий аркылуу Каабада илинип турган баракка бир жыгач куртун жибергенин, ал курттун Аллаху тааланын ысымынан башка бардык жазууларды жеп койгонун билдирди. Пайгамбарыбыз Абу Талибге: «Эй, агам! Менин Раббим болгон Аллаху таала Курайштыктардын барагына жыгач куртун жиберди. Аллаху тааланын ысымынан башка бардык нерсени жойду», - деди. Абу Талиб: «Муну сага Раббиң билдирдиби?» - деп сураганда Пайгамбарыбыз: «Ооба», - деп жооп берди. Ошондо Абу Талиб: «Мен сенин бир гана чындыкты айта тургандыгыңа күбөлүк кыламын», - деди. Дароо кийинип Каабага барды. Ылдам басып шашып келе жаткан Абу Талибди көргөн мушриктер ичинен Мухаммед алейхиссаламды тапшырып бергени келе жатат деп ойлошот.

-Мени уккула, оо, Курайш эли! Өзүңөр билесиңер, эч качан жалган айтпаган Мухаммед жазган барагыңардагы Аллаху тааланын ысымынан башка жазуунун баарын жыгач курту жеп койгонун айтты. Эми, бизди жамандап жазган барагыңарды алып келгиле, көрөлү... Эгер, бул сөз чын болсо, ант кыламын, баарыбыз өлөр өлгүчө аны коргоп өтөбүз. Силер дагы мына бул зулумдуктарыңарды, зордук-зомбулуктарыңарды койгула...», - деди. Мушриктер бул күтүлбөгөн кабарга эс-мас болуп, Каабадагы асылган барактарды алып келишти. Абу Талиб: «Окугула», - деген

кезде баракты ачып окумакча болгон адам «Бисмике Аллахумма» деген сөздөн башка бардык жазуулардын өчүп калгандыгын көрүштү. Мушриктер эмне айтаарын, эмне кылаарын билишпей, өтө шашкалактап калышты. Барзынын көңүлү жибип үч жылдан бери бир дубанга камап азап тарттырган мусулмандарды курчоодон бошотушканы менен баары бир ичтериндеги душмандыктарын коюшкан жок. Исламдын таралуусуна кедерги болуу үчүн ойлоруна келген бардык айла-амалдарды колдонушту. Алардын ушундай аракеттерине карабастан Ислам тез жайылып, Пайгамбарыбыз караңгылыктын зулумдугунан адамдарды бир бирден куткарып, аларды чыныгы бакытка жеткирип жатты. Ушундай бакытка ээ болгондор шүгүрчүлүк кылып, мушриктер көрсөткөн азаптары менен зулумдуктарынын каршысында эч майышпастан турушту. Мухаммед алейхиссаламдын мужизалары менен мусулмандардын диндери үчүн көрсөтүп жаткан сабырдуулук менен чыдамдуулуктарын көргөн канчалаган адамдардын көңүлдөрү Ислам нуруна жетип, караңгылыктан кутула беришти.

## Айдын экиге бөлүнүүсү

Айдын экиге бөлүнүшү Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) мужизаларынын бири болуп саналат. Бир күнү Абу Жахл жана Валид бин Мугира баш болгон жоон топ мушрик Расулуллахка келишип:

-Эгер сен чыныгы Пайгамбар болсоң, айды экиге бөлүп, бир бөлүгүн Куайкиан тоосунун, бир бөлүгүн Абу Кубайс тоосунун үстүнөн – дешет. Расулаллах алейхиссалам: «Эгер айтканыңарды аткарсам ыйман келтиресиңерби?» - деп сурады.

-Ооба, ыйман келтиребиз, - деп сүйлөшөт эки тарап.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) айды экиге бөлүп көрсөтүү үчүн Аллаху таалага дуба кылат. Ошол учурда Жабраил (алейхиссалам) келип: «Эй, Мухаммед! Бул музижа тууралуу Меккеликтерге кабар бер, баары көрүшсүн», - деп билдирет. Пайгамбар (алейхиссалам) талап койгондорго айдын он төртү болуп турган ошол кечте Аллаху тааланын барлыгы жана кудуретинен ибрат алууну каалагандарга бул музижаны көрүп алууларын эскертет. Дал ошол кечте Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мубарек манжасы менен ишаарат

кылганда асмандагы ай экиге бөлүнүп, дал мушриктер талап кылгандай, айдын бир бөлүгү Абу Кубайс, экинчи бөлүгү Куайкиан тоосу тарапка жылат. Кайра ишаарат кылып бөлүнгөн айды калыбына келтирет. Окуяга күбө болгон сахабаларына пайгамбарыбыз:

«Эй**,** Абу Салама бин Абдуласад, Аркам бин Абил Аркам**! Б**ул мужизага күбө болгула**!**» - деп сахабаларын күбөлөндүрөт.

Бул улуу мужизаны көргөн мусулмандардын ыйманы бекемделип, ыкласы артып, Пайгамбарга болгон сүйүүсү кубаттанса, жан дүйнөсүнө кулак салбаган мушриктер тескерисинче капырлыгын арттырып: «Бул Мухаммеддин кезектеги сыйкыры болду! Бирок, элдин баарын алдай албайт. Башка аймактын тургундарынан сурап көрөлү, көргөндөр болсо айтышар. Эгер башка аймактагылар да көргөн болсо Мухаммеддин Пайгамбарлыгы акыйкат», - деп тарап кетишет. Эртеси жол басып келгендерден, анан калса киши чаптырып башка аймактардан да сураттырып көрүшөт. Кимден суратпасын баары айдын экиге бөлүнгөнүн көрүп таң калганын айтышат. Башында Абу Жахл турган мушриктер адаттагыдай: «Абу Талибдин жетиминин сыйкыры асманга да таасир эте алды!» - деп маселени чаргытып, тескери үгүтүн жүргүзүшөт. Мына ушул окуядан улам Аллаху таала төмөнкү аятты жиберет: «Саат (кыямат) жакындады жана ай жарылды (экиге бөлүндү). Алар (Курайш капырлары Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбарлыгына далил боло турган) бир мужиза көрө турган болсо (аны тафаккур кылуудан жана ыйман келтирүүдөн) тетири бурулду жана «үзгүлтүксүз» (биринен соң бири келе турган кубаттуу) сыйкыр» дейт. Жана алар (пайгамбар менен мужизаны**) жокко чыгарды, өз напсилерине** (напсилеринин каалоолоруна жана тилектерине) моюн сунуп кетти. Бирок, (Жаннат ээлерине жакшылыктан, Жаханнам ээлерине жамандыктан тагдыр кылынган) бардык нерсе ишке ашат (Жаннат ээси Жаннатка, Жаханнам ээси Жаханнамга кирет). Ант болсун, аларга (Мекке мушриктерине Курани каримде өмүрдөн өткөн үммөттөр менен акырет абалдары тууралуу өздөрүн куфурлук менен адашуудан катуу түрдө) баш тарткыза турган канчалаган маңыздуу кабарлар келди, кемелдикке жеткен толук хикмат сөздөр. (Эгер аны колдобосо) эскертүүчү (Жаханнам азабы менен коркуткан) расулдар (аларга) эч пайда тийгизе албайт. Андай болсо, (Эй, Хабибим! Аларга

Пайгамбарлыгыңды таблиг кылып жана Хакка чакыргандан кийин) сен дагы алардан терс бурул. Ал чакыруучунун (Исрафил же Жабраилдин капырларды напсилердин) каршы чыккан нерсесине (эсепке) чакырган күнү (оору катуулугунан) көздөрү көр абалда (коркунуч менен үрөйдөн кайда барууларын билбей) таралган чегирткелер сыяктуу кабырларынан чыгышат. Капырлар (баштарын ийип) ошол чакыруучуга карай жүгүргөндөй болуп, «Бүгүн биз үчүн кандай оор, кыйын күн» деп айтат. («Камар» сүрөсү, 1-8)

## Раббим силерге туура жолду насип кылсын!

Мусулмандар үчүн чоң сыноо болгон ачарчылык менен коштолгон мушриктердин азаптуу кысымы үч жыл дегенде аягына чыгат. Ошол күндөрдө Нажран уруусунан жыйырмадай адамдан түзүлгөн топ Меккеге келишет. Булар бир кездерде Хабаш мамлекетине көчүп барган мусулмандардан дин тууралуу угуп, Исламды кабыл алууну жана Пайгамбардын дидарын көрүүнү самап жүрүшкөн эле. Аллахтын Расулу (саллаллаху алейхи васаллам) коноктор менен Каабанын жанында жолугушуу өткөрөт. Бетме-бет олтуруп көп маалыматтарды алып, көп соболдоруна жоопторду алышат. Дин душмандары болсо жолугушууга баштан-аяк узактан назар салышат. Ааламдардын мырзасы Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам) конокторго Курани каримден аяттарды окуп берди. Алар мындан катуу таасирленип, көз жаштарына ээ боло алышпады. Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) чакырыгына жооп кылып коноктордун баары келиме келтирип мусулман болушат. Коноктордун сапары да карыйт. Пайгамбардан уруксат алып жолго камынып калышканда Абу Жахл пайда болуп конокторду азгырууга аракет кылат:

-Биз силер сымал акмактарды көргөн эмеспиз. Бир гана жолу чогуу отуруш менен диниңерден ажырап калдыңарбы?! Анын айткандарынын баарын ойлонбой туруп кабыл кылып, эмне айтса унчукпай моюн сунуп калдыңар. Бул эмне деген акылсыздык?!

-Силерге да туура жолду насип кылышын Аллаху тааладан сурап дуба кылабыз. Бизге карата жасаган мындай түркөйлүгүңөр жана акааратыңар үчүн терикпейбиз, кайым айтышып да

олтурбайбыз. Биз силердин акыңарды тепсеген жокпуз. Акылсыз бир наадандын сөзүнө теригип бизге насип кылынган бул улуу жана акыйкат жолдон кайтпайбыз, андай акмактардан эмеспиз! – деп, мушриктерге жооп кайтарышат.

Аллаху таала ушул окуяга байланыштуу жиберген аяттарында мындай деген: «Мындан (Курани каримден) мурун өздөрүнө китеп берилген канчалаган адамдар бар, алар буга (Курани каримге) ишенет. Аларга (Курани карим) окулган кезде: «Буга ишендик. Күмөнсүз, бул Раббибизден (келген) бир акыйкат. Чынында биз мындан мурда да Исламды кабылдаган адамдар элек», - деди. Мына, ушуларга сабыр менен (чыдамдуулук) көрсөткөндөрү себебинен сыйлары эки эсе болуп берилет. Алар жамандыкты жакшылык менен куушат. Өздөрүнө берген ырыскыларыбызды (жакшылыкка) сарпташат. Алар жаман сөз уккан кезде ага терс бурулат да: «Биздин амалдарыбыз бизге, силердин амалдарыңар силерге тийиштүү. Силерге саламат болсун, биз жахилдерди издебейбиз (достугун да каалабайбыз)», - дейт.» («Касас» сүрөсү, 52-56)

## Кайгылуу жыл

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) туң уулу Касым он жети айлык кезинде чарчап калган. Бул кайгылуу окуядан бир нече жылдан кийин экинчи уулу Абдуллах (радыйаллаху анх) да кайтыш болду. Расулуллах алейхиссалам мубарек көздөрүнөн жаш жылтырап турган абалда тоону карап: «Эй, тоо! Менин башыма түшкөн иш сенин башыңа келгенде чыдай албай кыйрамаксың!» деп кайгысын билдирди. Хазрети Хадича энебиздин: «Йа, Расулуллах! Алар азыр кайда?» - деп сураганда Пайгамбарыбыз: «Алар Жаннатта» - деп жооп берди. Ааламдардын султаны, Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын эки уулунун да кайтыш болгонуна мушриктер катуу кубанышты. Абу Жахл сыяктуу капырлар муну оңтойлуу кез деп эсептеп: «Эми Мухаммед тексиз, анын урпагы кесилди. Тегин улай турчу уул баласы калбады. Өзү өлгөндөн кийин аты да, даңкы да өчөт», - деп жар салды. Ушул жагдайга карай Аллаху таала «Кавсар» сүрөсүн түшүрүп, Расулунун көңүлүн жубатты: «Акыйкатында, биз сага Кавсарды бердик (Кавсар көлүн, көптөгөн жакшылыктарды жараттык). Андай болсо, Раббиң үчүн намаз оку.

Курмандык чал. Туурасы сага (теги кесилди) деп тил тийгизген адамдын өзү кайырсыз жана тексиз» (Сага тексиз деген адамдын өзү тексиз, намыссыз жана анын аты өчөт. Сага келе турган болсоң Хабибим, сенин таза урпагың, атагың менен абыроюң кыямат күнүнө чейин уланат. Акыретте дагы сага ойго келбей турчу керемет даңктар берилет)».

Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) уулдары кайтыш болгондон кийин Абу Талиб ооруп калып, күн сайын ооруусу катуулаай берди. Муну уккан Курайштык мушриктер: «Абу Талиб тирүү кезинде Мухаммеддин камкорлугу үчүн көп күч жумшаган эле. Эми кайта турчу маалы келип калды. Кыркы убактында да болсо барып ал-абалын сурайлы. Анткени, теңдеши жок арап баатыры – Хамза, балбандыгы менен жүрөктүүлүгү жер жарган Омар мусулман болду. Күн өткөн сайын арап тайпаларынан адамдар келип, топтошкон абалда ага багынып жатышат. Ушундайча, мусулмандар күндөн күнгө көбөйүүдө жана үндөрү асманды жарууда. Ушуга байланыштуу же биз аларга баш ийип багынуубуз керек же согушууга даяр болуубуз керек. Абу Талибге барып абалды түшүндүрөлү, ортобуздагы маселени чечип берсин. Анын динине тийишпейли, ал дагы биздин динибизге тийишпесин...» деген ой менен Абу Талибге барды. Укба, Шейбе, Абу Жахл, Умаййа бин Халаф өңдүү таанымал мушриктер Абу Талибдин жанынан тегерете орун алып сөз башташат: - Абу Талиб, биз сенин эл

ичиндеги жана тууган арасындагы бийик мартабаңды билебиз жана сени сыйлайбыз. Ошол себептен буга чейин сенин жеке адамкерчилигиңе жана өзүңө эч кандай дооматыбыз болгон эмес. Сен буга чейин ортобузда жамандыкка жол бербеген, эки жакты тең кармаган данакер элең. Кокус көз жумуп кете турган болсоң Мухаммед менен арабыздагы кастыктын улана беришинен чочулап турабыз. Калыстык кыл, мындан ары бири-бирибиздин динибизге бут тоспойлу, кудайларыбызга тил тийгишизпейли.

Абу Талиб дароо Расулуллахты (саллаллаху алейхи васаллам) чакыртып, мушриктердин сунушун айтат: -Курайштын бардык көсөмдөрү сенден алардын динине аралашпооңду сурап жатышат. Муну кабыл кылсаң сенин буйругуң менен жүрүшөт, сага көмөктөшөт», - деди. Пайгамбарыбыз: «Эй**,** агам**! М**ен аларды бир гана сөздү айтууга чакырамын, ал сөз менен бүткүл араптар

ошологго багынышат. Арап болбогондор жизйа (салык) төлөйт», - деди да Курайштын көсөмдөрүн карап: «Ооба, силер мага бир сөздү айтсаңар бардык араптардын башчылары болосуңар. Арап болбогондор да силерге баш ийишет!» - деди. Абу Жахл: «Албетте, айтабыз, жада калса, он жолу айталы. Ал кандай сөз?» - деди. Расулуллах алейхиссалам: «**"Ла илаха иллаллах"**» десеңер жана Аллаху тааладан башка сыйынып жүргөн буттарыңарды таштасаңар», - деген кезде мушриктер дароо: «Сен бизден мындан башка нерсе сура», - деп жооп кайтарышты. Пайгамбарыбыз: «Силер Күндү алып келип колума берсеңер да мен силерден мындан башка эч нерсе каалабаймын», - деди. Мушриктер: «Йа, Мухаммед! Өтө кызык сунуш кылып отурасың. Биз сенин көңүлүңө карап турабыз, сен биздин көңүлүбүзгө карап да жаткан жоксуң», - дешти дагы орундарынан туруп кетип калышты. Алар кеткенден кийин Абу Талиб Пайгамбарыбызга: «Сенин Курайштардан каалаган нерсең өтө орундуу. Туура айттың», - деди. Агасынын бул сөзү Расулуллахты үмүттөндүрдү. Расулуллах Абу Талибдин ыйман келтире тургандыгын түшүнүп: «Ага! Бир жолу «Ла илаха иллаллах» де! Мен сага кыямат күнү шафаат кылайын», - деди. Абу Талиб: «Элдин өлүмдөн коркуп мусулман болду» деп айыптоолорунан коркомун. Антпесе, сени таарынтмак эмесмин» деп напсине оор тийгенин айтты. Абу Талибдин күн сайын оорусу катуулап, кайтыш болду.

## Хазрети Хадича энебиздин кайтыш болуусу

Расулуллахтын кыйынчылыкта ортоктошу, жыйырма төрт жыл өмүрлүк досу болгон мубарек Хазрети Хадича энебиз да дарт жана кайгылар менен өткөн үч жылдык курчоодон кийин, хижраттан үч жыл мурда Рамазан айынын башында, 65 жашта дүйнөдөн кайтты. Пайгамбарыбыз Хазрети Хадичаны өз мубарек колдору менен жерге берди. Андан айрылганына катуу кайгырды. Ошол жылы Хазрети Хадичанын жана агасы Абу Талибдин кайтыш болуусу Пайгамбарыбызга оор сокку болду. Ошондуктан, бул жыл «сенетул хузн», б.а., кайгылуу жыл деп аталды.

Хазрети Хадича энебиздин өлүмү Хазрети Пайгамбарыбызды катуу кайгырткан эле. Анткени, эң биринчи ыйманга келген жана Пайгамбарыбызды колдогон Хазрети Хадича эле. Айрыкча

Пайгамбарыбыздын эң чоң көмөкчүсү жана кайгысына ортогу эле. Бардык адамдар Ага душман болгон кезде ал көңүлүн Пайгамбарыбызга ачып, мээримдүүлүккө толтурган эле. Болгон мал-мүлкүн, байлыгын Ислам жолуна жумшап, Сүйүктүү Пайгамбарыбызга кызмат кылуу үчүн болгон аракетин жумшаган эле. Расулуллахты эч качан таарынтпаган, жада калса, көңүлүн да калтырып көргөн эмес. Пайгамбарыбыз бул тууралуу анда-санда айтып, мубарек аялдарынын бийик даражаларын эскерчү. Бир күнү. Хазрети Хадича Пайгамбарыбыз сыртта жүргөн кезинде Аны издөө үчүн сыртка чыкты. Жабраил алейхиссалам адам кейпинде Хазрети Хадичага көрүндү. Андан Пайгамбарыбызды көргөн-көрбөгөнүн сурагысы келди, бирок, душмандарынын бир болуп жүрбөсүн деп кайра артка кайтты. Сүйүктүү Пайгамбарыбызды көргөн кезде болгон окуяны айтып берди. Ааламдардын Султаны болгон Пайгамбарыбыз: «Сен көрүп, мени сурагың келген адамдын ким экендигин билесиңби? Ал – Жабраил (алейхиссалам) болчу. Сага саламын айтуумду суранды. Жаннатта сен үчүн маржандардан жасалган бир имарат даярдалганын да айтуумду каалады. Албетте, ал жерде мындай кайгы, кыйындык менен мээнет болбойт», - деди

## Мушриктердин дагы бир амалы

Ошол доордо мубарек сахабалар дүйнөнүн эң бактылуу адамдары болгон жана кыяматка чейин алардын мартабасына эч ким жете албайт. Пайгамбарды жандан артык сүйгөн сахабалар таңдан кечке чейин аны айланчыктап, анын берекелүү сукбаттарынан тарбия алышат. Келген ар бир аятты ар бир сахабасынын түшүнүгүнө жараша зерикпей чечмелеп, Исламды кантип жашоого болорун жана динге мээнет кылуунун зарылдыгын

талыкпай айтат. Муну менен эле чектелбестен мушриктерди да Исламга чакырат. Аллаху тааланын жалгыздыгына, анын кудуреттүүлүгүнө ишенүүгө, жалган кудайлардан баш тартып, адамдын табиятына шай келген таза жолдо жашап өтүүгө үндөйт. Анын мындай жигердүү аракети мушриктердин ансайын кыжырын кайнатат. «Бул нукта кете турган болсок, Мухаммед баарыбызды өз динине киргизип, биздин буттарга табына турган адам калбайт!» деп, көйгөйдөн чыгуунун жолун издешет. Пайгамбарды өлтүргөндөн башка арга жок экенин, андыктан тездетип бул кадамга баруу зарылдыгын айтып, бир чечимге келишет.

Валид бин Мугира менен Абу Жахл Махзумдан тарагандардан бир нече каны кызуу жаштарды жанына алып Каабага келишет. Расулуллахтын намаз окуп жатканын көрүшөт. Чоң ташты көтөрүп Абу Жахл Пайгамбарга карай жөнөп калат. Пайгамбар саждада турганда жетип барып күү менен урам деген ниетте ташты бийик көтөргөндө колу кыймылдабай калат. Канчалык тыбырчылабасын эч нерсе кыла албай кетенчиктеп артка жылат. Мушриктерге жеткенде гана колу кыймылга келет. Бул сапар жерге түшкөн ташты көтөрүп Махзун уулдарынын бири жөнөйт. Жете келгенде таш көтөргөн неменин көзү сокур болуп, эч нерсени көрбөй калат. Ачуу үстүндө Махзун уулдарынын баары жабыла атырылышат. Булар да мына-мына жетип калганда Пайгамбарды көрө албай калышат. Бирок, анын үнүн гана угушат. Айлана кадимкидей көрүнгөнү менен мелжеген адамды көрө алышпайт. Алдыга басса арттан, кайра тартса алдынан үн салат. Эч нерсе кыла албашына толук көзү жеткенде гана артына кайтышат. Бул тууралуу төмөнкүдөй маанидеги аят түшүрүлөт. «...**Алардын көздөрүнө парда тарттык**...» (Ясин, 9-аят).

## Колу кыймылдабай калды

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) адамдардын эң тандалуулары болгон сахабаларына теңдешсиз хикматтуу насыяттарын айтып, алардын жүрөктөрүн нурландырчу. Келген аяттарды түшүндүрүп, эч нерсени түшүнүксүз калтырчу эмес. Ушул арада мушриктердин да жыйналган жерлерине барып, алардын ыйман келтирүүлөрү үчүн талыкпастан даават кылчу. Буга Абу Жахл менен Валид бин Мугира катуу ачууланып: «Мындай кете берсе Мухаммед бардык адамдарды өз динине тартып, бутка табына турчу эч кимди калтырбас», - дечү. Алар бир күнү бул ишти бүтүрүүнүн жалгыз чарасы – Расулуллахты өлтүрүү деген чечимге келди. Абу Жахл Валид бин Мугираны жана Махзум уулдарынан бир нече жигитти ээрчитип Байтуллахка барды. Ошол маалда Сүйүктүү Пайгамбарыбыз намаз окуп отурган эле. Абу Жахл колуна таш алып, алдыга карай умтулду. Расулуллахты урайын деп ташты көтөргөн кезде колдору ошол кейипте абада кыймылдабай катып калды. Ал эч нерсе кыла албай шашкалактады.

Ошол абалда келген жерине кайра кайтты. Ошол ташты Махзун уулдарынын бири алып: «Көрөсүңөр, аны мен өлтүрөмүн...», - деп Пайгамбарыбызга карай басат. Жакындаган кезде көздөрү дароо сокур болуп, тегерегин көрө албай турган болду. Муну көргөн Махзун уулдары Пайгамбарыбызга карай биригип бет алышты. Расулуллахка жакындаган кездеринде Аны көрө албай турган болушту. Анын бир гана мубарек үнүн угушту. Үн чыгып жаткан жерге карай басканда үн аркаларынан, аркаларына бурулганда мурунку чыккан жактан чыга баштады. Ушул абал бир нече ирет кайталанды. Акыры бушайманга түшүп эч нерсе кыла албаган мушриктер ал ежрден кетип калышты. Бул окуяга байланыштуу Аллаху таала аяти карима түшүрүп: «Алардын алдыларына коргон койдук. Көздөрүн пардаладык. Эми көрө албайт», - деп буюрду. (Ясин сүрөсү, 9)

## Таифтиктерди ыйманга чакыруу

Көздөрү менен кашкайган нечен улуу мужизаларды көрүп турса да көңүлдөрү сокур мушриктер душмандыгын уланта беришти. Мусулман болгон өз баласы, бир тууганы же жакын тууганы болсо да, кордоп, өлтүргөндөн кайра тартпаган.

Мекке шаары менен эле чектелбестен Исламды жайууну максат кылган Хазрети Пайгамбар Меккеге жакын Таиф жергесине баруу үчүн Зейд бин Харис менен бирге жол тартышат. Таифке жетип, эл ичиндеги кадыры бар Амр урууcунун Абд-и Йалил, Хабиб жана Масуд сыяктуу билермандарына кезигет. Келген максатын, акыйкат дин тууралуу, Аллаху таалага ыйман келтирүүлөрүн каалагандыктарын айтышты. Алар ыйман келтирүү тургай жаман сөздөрдү айтышып: «Аллаху таала пайгамбар жиберүү үчүн сенден башкасын таппаптырбы? Бул жерден чыгып кет, кайда барсаң анда бар! Бул жерге өз коомуң сенин айткандарыңды кабылдабагандан кийин келип отурасың да, Ант кылабыз, биз да сага жакындабайбыз. Сенин эч кандай каалооңду кабылдабайбыз», - деп Расулуллахка тил тийгизди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) алардын жанынан капалануу менен кетти. Сакиф тайпасын он күн же бир ай бою Исламга чакырды. Бирок, эч кайсынысы ыйман келтирбей аны мазакташып, жабыр тарттырышты. Расулуллах жүргөн жолго

жаш балдар менен жаштарды тизип коюп, Ага таш жаадырышты. Таифтик жаштардын ыргыткан таштарына Хазрети Зейд денесин тосуп, Пайгамбарыбызга зыян келтирбөөгө аракет кылды. Зейд хазреттери Расулуллахты тегеренип, учкан таштардын Ага тийип кетпөөсү үчүн болгон күчүн жумшап жатты. Расулуллахтын мубарек денесине тийбесин деп өз денесине тийген таштарга маани бербеди. Жанын Расулуллахтын жолунда курман кылуу үчүн ушундай мүмкүндүктөрдү издеп жүргөн жок беле? Мына, ааламдардын мырзасына таш ыргытып, зордук-зомбулук көрсөтүп, өз элдеринен чыгарып салууга тырышып жатышты.

Хазрети Зейд Пайгамбарыбызды коргоо үчүн оң жагына бир чыгып, сол жагына бир чыгып жүргөндө таштар өзүнүн башына, денесине, буттарына арты-артынан тийип жатты. Ушул таштардан Хазрети Зейддин бардык жери канга бойолгон эсе. Сүйүктүү Пайгамбарын коргоо үчүн жанталашып жүрүп таш ыргытып турган заалымдарга жан добушу менен: «Токтоткула!... Урбагыла!... Ал – ааламдардын мырзасы. Ал - Аллаху тааланын Элчиси! Менин денемди жанчкыла, бирок, Пайгамбарыма зыян тийбесин!...», - деп кыйкырып жатты. Зейд бин Харисадан өтүп Пайгамбарыбызга тийген таштар Анын да мубарек буттарын канга бойоду.

Пайгамбарыбыз капалуу, чарчаңкы жана жаралуу абалда Утба жана Шейбе деген бир туугандардын багына жакындады. Ал жерде мүлдө мусулман жанын аябай турчу Аллаху тааланын Сүйүктүү Элчиси мубарек буттарынан аккан канды сүртүп, даарат алып, бактын алдында эки рекет намаз окуду. Кийин мубарек колун жайып, Аллаху таалага жалбарды.

Муну бактын ээлери көрүп турушкан эле. Алар Пайгамбарыбыздын башына келген кыйын жагдайга күбө болгон эле. Мээримдүүлүк сезимдери ойгонуп Аддас аттуу кулу аркылуу Ага жүзүм берип жиберишет. Пайгамбарыбыз жүзүмдү жеген кезде «бисмиллах» айтып жеди. Жүзүмдү алып келген кул христиан эле. «Бисмиллах» деген сөздү укканда ал таң ңалды. «Канча жылдан бери ушул аймактамын. Эч кимден мындай сөз уккан эмесмин. Бул кандай сөз?» - деп сурады.

Расулуллах ал кулдан: «Сен кайдан болосуң?», - деп сурады. Аддас: «Ниневаданмын», - деп жооп берди. Расулуллах: «Юнус алейхиссаламдын элинен экенсиң да», - деди. Аддас: «Сиз Юнусту кайдан билесиз? Аны бул жерде эч ким билбейт», - деди. Расулуллах:

«Ал – менин бир тууганым. Ал да мен сыяктуу пайгамбар болгон», - деди.

Аддас: «Мындай жүзү жарык, жумшак сүйлөгөн адам эч качан жалган айтпайт. Сенин Аллаху тааланын Элчиси экениңе мен толук ишендим!» – деп, мусулман болгон соң: «Йа, Расулаллах! Мен көп жылдан бери мынабул заалымдардын колунда кул болуп кызматын кылып келе жатамын. Булар ар кимдин акысын жейт, укугун тебелейт. Элди алдайт, эч кимге жакшылык кылышпайт. Байлык жыйноо жана кумарын кандыруу үчүн ыплас иштин баарына барышат. Мен аларды абдан жек көрөмүн. Сени менен чогуу кетип, сенин шаарыңда сага кызмат кылгым келет. Мыкаачылардын, заалымдардын урган ташына, шилтеген кылычына каршы сенин калканың болоюн. Мени ала кет!» – деп өтүнөт.

Расулаллах (саллаллаху алейхи васаллам) Аддаска жылуу жылмайып: **“А**зырынча кожоюнуңдун жанында кала тур. Аз гана мезгилден соң менин атым даңазалана баштайт**.** Ошондо бизге келсең болот**”,** - деп көңүлүн жайгарат. Ал жерде бираз демалган соң Меккеге карай жол тартышат. Меккеге али эки конуп жетчү аралык калганда чокудан бир булутту көрүшөт. Жакшылап байкаган адам булуттун Аллахтын Элчисин күндүн аптабынан далдоолоп баратканын көрө алмак. Ал булутка айланган Жабраил эле. Окуя тууралуу Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Айша Сыддык (радыйаллаху анха) энебизге айтып берген.

«Сахих-и Бухариде» жана Ахмед бин Ханбалдын «Муснад» атуу китебинде мындай делинген: Бир күнү Хазрети Айша энебиз: «Йа, Расулаллах! Сиздин башыңыздан Ухуд күнүнөн да оор күн өттү беле?» - деп сурайт. Пайгамбарыбыз: «Валлахи сенин коомуңан ушундай катуу жапа чектим, Ухуд согушундагы капырлардан андай жапа чеккен эмесмин. Ибн Абди Йалил бин Кулалга өзүмдү таанытканымда (б.а., пайгамбарлыгымды билдирип, аны динге чакырганымда) ал кабылдабады. Алардын жанынан чыгуудагы ыздырабым ушунчалык болгондуктан тээ Карн-ы Сеалиб деген жерге жеткенге чейин өзүмө келе албадым. Ошол жерде башымды жогору көтөрдүм. Бир булуттун мага көлөкөсүн түшүрүп турганын көрдүм. Булуттун ичинде Жабраил (алейхиссалам) турду. Ал мага мындай деп добуш салды: «Йа, Мухаммед! Хак таала коомуңдун сен тууралуу айткан сөздөрүн жана сени коргогулары келбей тургандыктарын укту. Сага тоолордун буйрукчусу болгон

мынабул периштени жиберди, эмне каалasaң ушул периштеге буйрук кыласың.» Ал периште мага үн салып салам бергенден кийин: «Йа, Мухаммед! Хак таала Жабраилдин айтканындай тоолордун периштеси болгон мени сага жиберди, каалаганыңды айт! Буйругуңду орундаймын. Эгер мына бул эки тоонун (Куанйкиан менен Абу Кубайс тоосу) меккеликтерди жанчып бирибирине жабышуусун (жана мушриктерди толук эзүүсүн) каалasaң буйрук кыл, жабыштырайын» деди. Мен макул болбой: «(Жок, Мен ааламдарга мээримдүүлүк катары жиберилдим.) Аллаху тааланын ушул мушриктердин тегинен тек Хак таалага ибадат кыла турган, Аллаху таалага эч нерсени шерик кылып кошпой турган бир урпак чыгаруусун тилеймин», - дедим».

Пайгамбарыбыз Таифтен Меккеге кайтып келе жатып Нахле деген жерде бираз демалды. Бираздан кийин намаз окууга турду. Нусайбин жиндеринин бир тобу ошол жерден өтүп бара жатып, Пайгамбарыбыз окуп турган Курани карим аяттарын угуп, токтоп тыңдады. Ошондон кийин алар Расулуллах менен жолугуп мусулман болду. Пайгамбарыбыз аларга: «Коомуңарга барганыңарда менин ыйманга чакырганымды аларга да айткыла. Аларды да ыйманга чакыргыла», - деди. Ал жиндердин коомуна барып муну айтканда муну уккан жиндердин бардыгы ыйман келтирди. Бул жагдай Курани каримдин «Жин» сүрөсүндө жана атактуу «Бухари» жана «Муслим» хадис китептеринде көрсөтүлгөн. Ушул окуядан кийин Расулуллах Меккеге карай бет алды.

## «Лаа илаха иллаллах» деп кутулгула...

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Мутим бин Адинин камкордугу менен Меккеге келди. Өзүнүн Пайгамбарлык вазийпасын талыкпай уланта берет. Буга байланыштуу мушриктер мурункудан бетер кутуруп, зордук-зомбулук менен зулумдуктарын көбөйтүштү. Хак таала Расулуллахка Каабаны зыярат кылуу мезгилинде зыяратка келген Арап тайпалары менен кездешип, аларды Исламга чакыруусун буюрду. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ушул буйрук боюнча Мекке айланасында курулган Зулмежаз, Указ жана Меженне жарманкелерине барып, тайпаларга Аллаху тааланын бир экендигин айтып, Ага ибадат кылууга чакырып, өзүнүн пайгамбар экендигин кабылдоосун таблиг кылчу эле.

Айткандарын кабыл кыла турган болсо Аллаху таала аларга Жаннатты бере тургандыгын билдирчү. Пайгамбарыбыздын жалбарып кылган бул дааваттарына тилекке каршы эч ким кулак асчу эмес. Жада калса, кээ бирөөлөрү орой мамиле кылып, жаман кылыктарды көрсөтүшчү, кээ бирлери болсо бети-мурдун тыржыйтып жаман сөздөрдү айтышчу. Курайш мушриктери да аны көзөмөлдөп, келген тайпаларды азгырышчу.

Имам Ахмед, Байхаки, Табарани жана Ибн Исхактын билдиргендери боюнча Рабиа бин Аббад мындай риваят кылган: «Жаш элем. Атам менен бирге Мина тоосуна бардык. Расулуллах Арап тайпаларынын конгон жерлерине барып**:**«Эй**,** баланча уулдары**!** Табынып жүргөн мына бул буттарыңарды таштап, Аллаху таалага эч кандай шерик кошпостон ибадат кылууңарды, мага ишенип, мени тастыктоолоруңарды, Хак таала тарабынан жиберилген милдетимди билдирип, орундаганга чейин мени коргооңорду силерге буюрган Аллаху тааланын элчисимин!...», - деп айтчу. Чалдыр көздүү, чачы өрүлгөн бир адам: «Эй, баланча уулдары! Бул силерге буттарыбыз Лат менен Уззага табынууга тыюу салып, өзү чыгарган динге чакырып жатат!... Сак болгула!... Аны тыңдабагыла, ага баш ийбегиле!..» - дечү. Мен атаман: «Бул адамды көзөмөлдөп турган ким?» - деп сурадым. Атам: «Агасы Абу Лахаб» - деп жооп берди.

Таберани, Тарик бин Абдуллахтан мындай риваят кылган: «Расулуллах алейхиссаламды Зулмежаз жарманкесинен көргөн болчумун. Адамдар уксун деп кыйкырып: «Эй, адамдар! Лаа илаха иллаллах (Аллахтан башка кудай жок) дегиле да кутулгула», - дечү. Ага карап турган бир колуна таш алып анын бутуна ыргытып: «Эй, жамаат! Ишенбегиле!.. Андан сактангыла!... Анткени, ал – жалганчы!...» - дейт. Тийген таштар бутун канатса да Расулуллах тайбай, чарчабай даареатын улантчу. Айланадагылар: «Бул жаш жигит ким?» - деп сурады. Бири: «Убдулмутталиб уулдарынын ичинен чыккан жигит», - деп жооп берди. «Таш ыргыткан ким?» дегенде «Агасы Абу Лахаб», - деди.

Имам Бухаринин «Тарихул-кебир» жана Табаранинин «Мужемул кебир» аттуу китептеринде мындай делинет: «Мудрик бин Муниб атасынан, ал дагы атасынан накыл кылып мындай деген: «Атам менен Мина тоосуна кондук. Ал жерде бир топ адамды кездештирдик. Бир адам аларга: «Эй**,** адамдар! «Лаа илаха

иллаллах» деп айтып кутулгула», - деди. Жанындагы адамдардын биразы анын көркөм жүзүнө түкүрүштү, биразы башына топурак чачты, биразы жаман сөздөрдү айтышты. Бул абал түшкө чейин уланды. Ушул кезде бир кыз бала колундагы суу толо идиш менен ошол жерге келди, алиги адамдын абалын көрүп ыйлай баштады. Ал адам суу ичкенден кийин кызды карап: «Эй, кызым! Атаң тузакка түшүп өлтүрүлөт, кордукка учурайт деп коркпо!» - деди. «Бул адам менен кыз ким?» - деп сурадык. «Бул Абдулмутталиб уулдарынан Мухаммед (алейхиссалам), жанындагы кызы Зейнеп (радыйаллаху анха)», - дешти.

Саид бин Яхия бин Саид ал-Амавий «Мегази» аттуу китебинен атасынан, ал Абу Наимден, Абдуррахман Амириден, ал бир нече адамдан риваят кылат. Алар мындай дейт: «Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бир күнү Указ жарманкесине барды. Амир уулдарынын тайпасына барып аларга: «Эй, Амир уулдары! Силерге силерди баш паана кылган адамдарга кандай колдоо көрсөтүлөт?» - деп сурады. Алар: «Бизге эч ким тийише албайт, байкатпай отубузга да жылына албайт!...» - деди. Пайгамбарыбыз: «Мен Аллаху таалаын элчисимин. Алдыңарга келген кезимде Раббимдин мага тапшырган пайгамбарлык милдетин адамдарга жеткиргенге чейин мени коргойсуңарбы?» - деди. Расулуллах: «Мени терске чыгаргандардын башында ошолор болду», - деди. Амир уулдарынын тайпасы: «Эй, Мухаммед! Биз сени кайтарбайбыз дагы, айткандарыңа ыйман да келтирбейбиз. Бирок, сен пайгамбарлык милдетиңди адамдарга жеткиргениңче биз сени коргойбуз», - деди. Муну уккан Пайгамбарыбыз алардын жанына отурду. Ушул кезде Амир уулдарынын бири Бейхара бин Фарис жарманкедеги соодасын бүтүрүп, ошол жерге келди. Жанындагыларга Расулуллахты көрсөтүп: «Бул ким?» - деп сурады. Алар: «Мухаммед бин Абдуллах», - деди. Бейхара: «Силердин анда кандай ишиңер бар? Ал эмне үчүн жаныңарда отурат?», - деди. «Бизге башпаана кылып келди, Аллахтын элчиси экенин айтты жана пайгамбарлык милдетин адамдарга таблиг кылганга чейин өзүн биздин коргообузду суранды», - деди. Ошондо Бейхара Расулуллахка бурулуп: «Сени коргоо деген сөз – бүткүл араптардын огуна көкүрөгөбүздү тосуу деген сөз», - деди да, коомуна: «Элине дал силердей жаман нерсе алып кайткан коом жок. Демек, силер бардык араптар менен согушуп, алардын

окторуна өз денеңерди тосот экенсиңер да?! Эгер өз коому андан бир жакшылык көргөндө өздөрү коргошмок. Силер өз коомун жалганга чыгарып, кууп чыккан адамды коргоп отурасыңар. Ага жардам бермекчисиңер!... Өтө катуу адашып турасыңар!..» - деди. Кийин Пайгамбарыбызды карап: «Тез бул жерден кетип, коомуңа кайт!... Ант кыламын, коомумдун арасында болбогонуңда ушул жерден мойнуңду сууруп алмакмын!..» - деп бетпактык кылды. Ушул сөздөрдөн кийин Расулуллах катуу капа менен төөсүнө минди. Жанагы бетпак Бейхара Пайгамбарыбызды төөсүнөн кулатты. Муну көргөн сахабалардан (радыйаллаху анхум) Дабаа бинти Амир деген кыйкырып: «Аллаху тааланын хабибине (сүйүктүү кулуна) мындай ишти кантип кылып жатасыңар? Мен үчүн Расулуллахты мына булардын колунан куткарып ала турчу адам жокпу?» - деп туугандарын карады. Туугандарынан үч адам бактысыз Бейхарагаумтулду. Бейхаранын коомунан эки адам ага көмөктөшкүсү келди, бирок, алиги үчөө аларды да жулмалап сабап таштады. Бул жагдайды көрүп турган Пайгамбарыбыз өзү үчүн урушуп жаткан үч адам үчүн: «Йа, Раббим! Бул адамдарга береке ихсан кыла көр!» - деди. Бейхара менен анын жардамчылары үчүн: «Йа, Раббим! Буларды мээримиңен алыстата көр!» - деп дуба кылды. Жакшылык тилеген адамдары мусулмандыкты кабылдады, Бейхара менен жардамчылары капыр болуп жан тапшырды. Амир уулдары тайпасынын өкүлдөрү элдерине кайтканда элиндеги самавий китепти окуган бир карт адамга Меккеде башынан өткөргөн окуяларын айтып берди. Ал карт адам Пайгамбарыбыздын атын уккан кезде: «Эй, Амир уулдары! Силер эмне кылдыңар?! Исмаил уулдарынын эч кайсынысы ушуга чейин пайгамбармын деп жалган айткан эмес. Албетте, ал адам чындык менен акыйкатты айтты. Эми бул кылган каталарыңарды өмүр бою оңдой албайсыңар», - деп аларды айыптады.

# МИРАЖ

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кезиктирген тайпалардын бардыгына Исламды түшүндүрүп жүрдү. Аллаху тааланын буйруктарын жайуу жолунда адамдардан өзүнө камкор жана көмөкчү болууларын сурады. Бирок, тайпалар мусулмандыкты да кабылдабай, ага да колдоо көрсөүшкөн жок. Жада калса, аны мазактап, ага оор сөздөрдү айтышып, тил тийгизишчү. Пайгамбарыбыз катуу чарчаңкы, ач, суусуз, кайгы-капалуу абалда эле. Күндүзгү убакыттар ушундай өтүп, бул абал түн ортосуна чейин уланчу.  Меккелик мушриктер келген адамдардын мусулман болууларына жол бербей жатышканы аз келгенсип Пайгамбарыбызга да канткенде болсо да бир зыян тийгизүүдөн тажашкан жок. Мындан кийин Пайгамбарыбыздын кала турчу жери дагы калбаган эле. Туш-тараптын баары душман эле. Ошол түнү агасы Абу Талибдин кызы Умми Ханинин Абу Талиб дубанындагы үйүнө барды. Умми хани ал кезде ыйман келтирбеген эле. Пайгамбарыбыз келип, эшигин какты. Ичтен: «Ким бул?» деп суралганда Расулуллах: «Агаңдын уулу мухаммедмин. Кабылдасаң конок болуп келдим», - деди.

Умми Хани: «Сизде туура сөздүү, адилеттүү, кадырлуу конокко жаныбыз курман болсун. Келе турганыңызды айтканыңызда бир нерселерди даярдап турар элем. Азыр дасторконго коё тургудай эч нерсе жок», - деди. Пайгамбарыбыз: «Жей турчу эч нерсе керек эмес. Ниетим тамак эмес. Раббиме ибадат кылып, жалбарууга орун болсо мага жетет», - деди.

Умму Хани Расулуллахты (саллаллаху алейхи васаллам) ички бош бөлмөгө киргизип, бир төшөк, чылапчын жана кумган берди. Келген конокту урматтоо, аны душмандан коргоо араптар үчүн эң абыройлуу милдет болуп саналчу. Бир үйдүн коногуна зыян келсе ошол үйдүн ээси үчүн өтө чоң уят, маскаралык болуп эсептелчү. Умми Хани: «Мунун Меккеде душмандары көп. Жада калса, өлтүргүсү келгендер да бар. Уятка калбоо үчүн аны таң атканга чейин күзөтөйүн» деп ойлоду. Атасынын кылычын алып, үйдү тегеренип баса баштады.

Хазрети Пайгамбар ал күнү көңүлү чөгүнкү эле. Даарат алып намаз окуйт, Раббисине жалбарынып  кечирим сурап, кулдарынын

ыйманга келип, бакытка жетүүлөрү үчүн дуба кыла баштады. Катуу чарчаңкы, ач жана жабыркаган эле. Төшөккө жатып уктап кетти.

Ошол кезде Аллаху таала Жабраил алейхиссаламга: «Сүйүктүү **П**айгамбарымды катуу капаланттым. Мубарек денесине, назик жүрөгүнө оору түшүрдүм. Ошондо дагы ал мага жалбарууда. Менден башка эч нерсени ойлогон жок. Бар дагы аны алып кел. Жаннатымды, Жаханнамымды көрсөт. Ага жана аны жакшы көрө тургандарга даярдалган ниматтарымды көрсүн. Ага ишенбегендерге, сөздөрү менен, аракеттери менен, жазуулары менен аны таарынткандарга даярдаган азаптарымды көрсүн. Аны мен жубатам. Анын назик жүрөгүнүн жарасын мен эмдейсин», - деп буюрду.

Жабраил алейхиссалам келип Расулуллахтын чаалыгуудан улам мемиреп уктап жатканын көрөт. Ойготоюн дейт, кыя албайт. Акырында адамга айланат да, анын мубарек таманынан өбөт. Периштенин каны, жүрөгү болбогондуктан, муздак эриндери Пайгамбарды ойготуп жиберет. Ал Жабраил алейхиссаламды дароо таанып: «Эй**, Ж**абраил бир тууганым**!** Беймезгил маалда эмнеге келдиң! Же мен ката бир иш кылдымбы? Раббимди ачууландырдымбы? Мага жаман кабар алып келдиңби?» - деп, Раббисин таарынтып алдым го деген санаа менен катуу коркту.

Жабраил алейхиссалам: «Мүлдө макулуктун, бүтүндөй жаратылгандардын эң шарапаттуу, даңктуу Пайгамбары! Жараткандын эң сүйүктүү Элчиси! Пайгамбарлардын акыркысы, Султаны! Жакшылыктын булагы саналган кадырман Пайгамбар! Аллаху таала сизге салам айтты жана сизди өзүнө чакырууда. Туруңуз, баралы!» - деди.

Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) даарат алгандан кийин Жабраил (алейхиссалам) аппак нурдан селде кийгизди, үстүнө нурдан кийим кийгизди, мубарек белине жакуттан белдик такты. Мубаре колуна төрт жүз маржан менен коздолгон асыл таштан жасалган аса таяк берди. Ар бир маржан Чолпон жылдызындай жаркырап турган эле. Мубарек бутуна асыл таштан бут кийим кийгизди. Кийин кол кармашып Каабага келди. Бул жерде Жабраил алейхиссалам Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын мубарек көкүрөгүн жарып, жүрөгүн алды. Аны замзам суусу менен жууп, хикман менен ыйман толо идиш алып келип, жүрөгүнө куюп, көкүрөгүн жапты.

Кийин Жабраил алейхиссалам Жаннаттан алып келген Бурак деген жаныбарды көрсөтүп: «Йа, Расулаллах мына буга миниңиз! Бардык периштелер жолуңузду күтүп турушат», - деди. Ушул кезде Расулуллахты муң басып, ойго батты. Ошондо Аллаху таала Жабраил алейхиссаламга: «Эй, Жабраил! Хабибимдин эмнеге капалуу экенин сура!» - деди. Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбыздан сураганда Ал: «Мен ушунчалык изаат менен урмат көрдүм. Кыямат күнү алсыз болгон үммөтүмдүн жагдайы эмне боло турганы эсиме түштү. Элүү миң жыл Арасат майданында мынчалык күнөөлөрүн кантип көтөрүп турат жана отуз миң жылдык жол болгон Сыраттан кантип өтөт?» - деди. Ошол кезде Аллахтан: «Эй, Хабибим! Көңүлүң бөлүнбөсүн. Сенин үммөтүң үчүн элүү миң жылдык убакытты бир заматтык убакыт кыламын. Кайгырба!» - деген кабар келди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Буракка минди. Бурак жаныбар бир шилтемде көз көрүп турган мейкиндиктин акыркы чегинен да тээ узактарга сызып жөнөйт. Жолдо Жабраил алейхиссалам Расулуллахка кээ бир жерлерде түшүп намаз окуп алуусун айтты. Пайгамбарыбыз үч жолу түшүп намаз окуду. Жабраил алейхиссалам Расулуллахтан түшүп намаз окуган жерлерин билген билбегенин сурады. Жообун өзү айтып, биринчи түшүп намаз окуган жердин Мадина экенин жана ушул жерге хижрат кыла тургандыгынан кабардар кылды. Калган жерлердин дагы Хазрети Муса Аллаху таала менен багытсыз жана билинбеген бир абалда сүйлөшкөн жери Тур-и Сина тоосу экендигин, акыркысы Иса алейхиссалам дүнүйөгө келген Бейт-и Лахм экенин айтты. Кийин Кудустагы Акса мечитине келди.

Акса Мечитине жеткенде Жабраил алейхиссалам бир ташты манжасы менен тешип Буракты байлады. Өткөн пайгамбарлардын кээ биринин рухтары адам кейпине кирип, жыйналышкан эле. Жамаат менен намаз окуу үчүн Адам, Нух жана Ибрахим (алейхимус салам) пайгамбарларга имам болуу сунуш клынды. Алар кечирим сурап бул сунушту кабыл кылышпады. Жабраил алейхиссалам: «Сиз барда эч ким имам боло албайт», - деп Пайгамбарыбызды алдыга тартты.

Пайгамбарыбыз башка пайгамбарларга имам болуп эки ирекет намаз окушту. Мындан кийинки окуяны Хазрети Пайгамбарыбыз мындайча баяндаган: «Мага Жабраил (алейхис салам) бир кесе

Бейиш суусундугун жана бир идиш менен сүт алып келди. Сүттү алдым. Жабраил (алейхиссалам) мага: «Жаратылышты тандаңыз» (эки дүнүйө бакытын тандаңыз) деди. Кийин дагы эки идиш сунду, бири суу, экинчиси бал болчу, экөөнү тең ичтим. Жабраил: «Бал үммөтүңүздүн кыяматка чейин улана тургандыгына, ал эми суу үммөтүңүздүн күнөөлөрүнөн тазаруусуна белги», - деди. Кийин экөөбүз бирге көккө көтөрүлдүк. Жабраил (алейхиссалам) эшикти какты.

- Сен кимсиң? – деди (эшиктин ары жагынан).
- Мен Жабраилмин (алейхиссалам).
- Жаныңдагы ким?
- Ал – Мухаммед (алейхиссалам).
- Ага (көккө чыгуу үчүн вахий менен Мираж чакыруусу) жиберилдиби?
- Ооба, жиберилди.
- Салам бердик келген адамга. Бул келген адам кандай жакшы жолоочу! – деди. Дароо эшик ачылып, Адам (алейхиссалам) менен кездештим. Мени менен саламдашып, дуба кылды...

Бул жерде көп периштени көрдүм. Баары кыямда (ийилип) хушу жана худу менен (ыклас менен): «Суббухун куддусун раббул малаикати вар рух» зикирин айтып турушту. Жабраилден: «Бул периштелердин ибадаты ушулбу?» - деп сурадым. «Ооба, алар жаратылгандан баштап кыяматка чейин кыямда болушат. Хак тааладан тилеңиз, ушул ибадатты үммөтүңүзгө насип кылсын», - деди. Хак тааладан тиледим, дубамды кабыл кылды. Намаздагы кыям - –шол кыям.

(Ал жакта) бир жамаатты көрдүм. Периштелер алардын баштарын аябай эзишет, (баштары) кайрадан калыбына келет. Дагы урат, дагы да мурунку калыбына келет. «Булар кимдер?» - дедим. Жума менен жамаатты таштап койгондор. Руку менен саждаларды толук орундабагандар», - деди.

Бир жамаатты көрдүм. Алар ач жана жылаңач эле. Тозок периштелери аларды Тозокто оттоого алып барат. «Булар кимдер?» - дедим. «Кедейлерге мээримдүүлүк көрсөтпөгөндөр жана зекет бербегендер», - деди.

Бир жамаатты көрдүм. Алдыларына жакшы даамдар коюлган. Бир жактарында өлүмтүк турат. Алар жакшы даамдарды карабай, ошол өлүмтүктү жеп жатышты. «Булар кимдер?» - деп сурадым.

«Булар халал нерсени таштап, харамга умтулган эркектер менен аялдар. Халал мүлктөрү бар кезде харам жеген адамдар», - деди.

Аркасындагы жүктүн көтүгүнөн кыймылдоого чамалары калбаган бир (топ) адамды көрдүм. Ошондо да калкты карап, үстүнө дагы да жүк салууларын сурап жатты. «Булар кимдер?» - дедим. «Булар – аманатка кыянат кылгандар. Адамдардын акысын жеп, анын үстүнөн дагы да зулумдук жасагандар», - деди.

Өз эттерин кесип жеп отурган бир топ адамды көрдүк. «Булар кимдер», - дедим. Жабраил (алейхиссалам)**: «Булар гыйбат эткендер жана сөз ташыгандар», - деди.**

Беттери кара, көздөрү көк, үстүңкү эриндери маңдайларына жеткен, астыңкы эриндери буттарына чейин салбыраган, оодорунан кан менен ириң аккан бир топ адамды көрдүм. Аларга оттон жасалган идиштер менен Жаханнамда аккан уулуу кан менен ириң ичирилүүдө, ал эми алар эшек сыякуу кыйкырууда эле. «Булар кимдер?» - дедим. «булар арак ичкендер», - деди.

Дагы бир топ адамды көрдүк, алардын тилдери баштарына тартылган, түрлөрү өзгөртүлүп доңуз кейпине киргизилген түрдө азап тартууда эле. Жабраил (алейхиссалам) «Булар – жалган күбөкөр болгондор», - деди.

Дагы бир коомду кезиктирдик. Карындары шиишп, төмөн карай салбыраган, өңдөрү көгөргөн, кол-аяктары байланган, ордуларынан туралбайт. Жабраилден (алейхиссалам) буларды сурадым. «Булар пайыз жегендер», - деди.

Бир топ аялды кезиктирдик. Беттери карайган, көздөрү көк. Оттон кийим кийгизилген. Периштелер аларды оттон жасалган чокмор менен урат. Алар ит менен доңуз сыяктуу кыйкырышат. «Булар кимдер?» - дедим. Жабраил (алейхиссалам): «Булар зинакорлук жасагандар жана күйөөлөрүн таарынткан аялдар», - деди.

Бир жамаат көрдүм. Өтө көп адамдан турат экен. Жаханнам өрөөндөрүндө камалган. От аларды күгүзөт, алар кайрадан тирилет, кайратат күйгүзөт. «Булар кимдер?» - дедим. Жабраил (алейхиссалам): «Булар зинакорлук кылгандар жана күйөөлөрүн таарынткан аялдар», - деди.

Дагы бир жамаатты кезиктирдим. Эгин эгет, ал бир заматта өнүп, машак байлайт. «Булар кимдер?» - дедим. Жабраил (алейхиссалам): «Аллаху таала үчүн ибадат кылгандар», - деди.

Бир дарыяга бардым. Бул дарыянын керемет абалын айтып жеткизүү мүмкүн эмес. Сүттөн ак, толкундары тоодой эле. «Бул кандай дарыя?» - деп сурадым. «Бул дарыянын аты – Өмүр деңизи. Хак таала өлгөндөрдү тирилте турган кезде ушул дарыядан жамгыр жаадырат. Чириген, ыдырап кеткен денелер тирилип, чөптүн өскөнү сыяктуу мазардан турушат», - деди...

Кийин экинчи кабат көккө чыктык. Жабраил (алейхиссалам) дагы да эшикти какты.

- Сен кимсиң? – деген үн чыкты.
- Мен Жабраилмин (алейхиссалам)
- Жаныңдагы ким?
- Ал – Мухаммед алейхиссалам
- Ага (вахий менен Мираж чакыруусу) жиберилдиби?
- Ооба, жиберилди – деди.
- Салам бердик келген адамга. Бул келген адам кандай жакшы жолоочу – деп айтылды да дароо эшик ачылды. Таеже балдары болгон Иса менен Яхия бин Зекериянын (алейхимуссалам) алдыларынан чыктым. Алар мени менен саламдашты жана дуба кылды. ..

Бир топ периштелерди кезиктирдим. Сап болуп турушкан эле. Бардыгы рукуда эле. Өздөрүнө **т**аандык зикирлери бар эле**.** Алар башты жогору көтөрбөстөн дайым рукууда турушкан**.** Жабраил (алейхиссалам): «Бул периштелердин ибадаты ушундай. Хак тааладан бул ибадатты сиз да сураңыз, үммөтүңүзгө насип болсун», - деди. Дуба кылдым. Кабыл болуп, Раббим намаздагы рукуну ихсан кылды.

Кийин үчүнчү кабат көккө көтөрүлдүк. Баштагыдай окшош **с**уроо**- жоо**птон кийин Юсуфту (алейхиссалам) көрдүм. Ага сулуулуктун жартысы берилиптир. Мени менен саламдашты жана дуба кылды...

Көптөгөн периштелерди көрдүм. Сап болуп, баары сажда кылышууда эле. Жаратылгандан бери саждада болуп, өздөрүнө таандык таспихтерди айтышат экен. Жабраил (алейхиссалам): «Бул периштелердин ибадаты ушундай. Аллаху тааладан бул амалды үммөтүңүзгө насип кылуусун сураңыз», - деди. Хак тааладан тиледим. Кабыл болуп, намазда силерге насип кылды.

Төртүнчү кабат көкк көтөрүлдүк. Таза күмүштөн жасалган, нурдуу эшиги бар эле. Нурдан кулпу салынган. Кулпуга «Лаа

илаха иллаллах Мухаммадун расулуллах» деп жазылган. Мурунку кабаттарда суралган суурактар менен жооптордон кийин эшиктер ачылып, алдымда Идристи (алейхиссалам) көрдүм. Мени менен саламдашып, дуба кылды. Аллаху таала ал туурауу: «Биз аны жогору орунга көтөрдүк» деген. (Мариям сүрөсү, 57)

Бир periште көрдүм. Өзү бир такта отурат, капалуу эле. Айлансында өтө көп периштелер бар эле, алардын санын бир гана Хак таала билет. Оң жагында нурдуу периштелерди көрдүм. Жашыл кийинген, жыпар жытуу эле. Алар өтө көрктүү эле. Сол жагында ооздорунан от чачкан периштелерди көрдүм. Алдыларында оттон жасалган найзалар менен камчылары бар. Көздөрүн кароого эч ким батына албайт. Тактын үстүндө отурган периштенин башынан аягына чейин көздөрү бар. Дайым алдындагы дептерин карап отурат. Андан эч көзүн алып койбойт. Алдында бир тал бар эле. Ар жалбырагында бир адамдын аты жазылган. Алдында чылапчын сыяктуу бир нерсе бар эле. Кээде оң колу менен андан бир нерсе алып, оң жагындагы нур периштелерине берет, кээде сол колу менен бир нерселерди алып сол жагындагы зулмат (караңгылык) периштелерине берет. (Бул) периштеге караганымда жүрөгүмө коркуунуч уялады. Жабраилден: «Бул периште ким?» - деп сурадым. «Ал – Азраил, аны карап турууга эч кимдин жүрөгү даай албайт», - деди да анын жанына барып: «Эй, Азраил! Мына бул акыр заман пайгамбары жана Аллаху тааланын сүйүктүү кулу», - деди. Азраил (алейхиссалам) башын көтөрүп күлүмсүрөдү. Ордунан туруп мага таазим кылды: «Салам бердик. Хак таала сенден мартабалуу (кадырлуу) эч кимди жараткан жок. Үммөтүң дагы башка бардык үммөттөрдөн үстөм. Сенин үммөтүңө алардын эне-аталарынан да катуу жаным ачыйт», - деди. «Сенден бир өтүнүчүм бар. Үммөтүм өтө алсыз. Алар менен жумшак мамиледе бол. Рухтарын оңой, ары кыйнабай ал!» - дедим. «Сени эң акыркы пайгамбар кылып жиберген жана өзүнүн сүйүктүү кулу кылган Аллах үчүн айтайын, Аллаху таала күнү-түн жетимиш жолу: «Мухаммеддин үммөтүнүн рухтарын жумшак жана оңой кылып ал жана амалдарына айоочулук мене кара», - деп буюрду. Ошондуктан, мен сенин үммөтүңө өз эне-аталарынан да көп шапаат кыламын», - деди.

Кийин бешинчи кабат көккө көтөрүлдүк. Ал жерде Харун менен (алейхиссалам) кездештик. Мени менен саламдашып, кайырдуу дуба кылды.

Бешинчи кабаттын периштелеринин ибадаттарын көрдүм. Бардыгы өйдө турган абалда бутунун бармактарын карап турушту, башка жерди эч карашпайт. Үн менен таспих айтып турду. Жабраилден (алейхиссалам): «Бул периштелердин ибадаты ушундай кылынабы?» - деп сурадым. «Ооба, Аллаху тааладан тилеңиз, ушундай ибадатты сиздин да үммөтүңүзгө насип кылсын», - деди. Дуба кылдым. Хак таала ихсан кылды.

**Кийин алтынчы кабат көккө көтөрүлдү. Ал жерде Муса** (алейхиссалам) менен кездештик. Мени менен саламдашып, кайырлуу дуба кылды. Кийин жетинчи кабат көккө көтөрүлдүк, дал ошондой суроо-жооптордон кийин Ибрахимдин (алейхиссалам) Бейти Мамурга аркасын сүйөп отургандыгын көрдүм. Ал Бейти Мамурга күн сайын жетимиш миң периште кирет (кезектери экинчи жолу кайра кайталанып келбейт). Ибрахимге (алейхиссалам) салам бердим. Саламымды кабыл алып: «Сага да салам, эй, салих пайгамбар, эй, салих уул!» - деди. (Кийин) Йа, Мухаммед! Жаннаттын жери өтө керемет, жумшак жана топурагы таза. Үммөтүңө айт, ал жерге көп бак тиксин», - деди. «Жаннатка кантип бак тигилет?» - деп сураганымда: «Ла хавла ва ла кувват илла биллах» (бир иваят боюнча «Субханаллахи валхамдулиллахи ва ла илаха иллаллаху валлаху акбар») таспихин окуу аркылуу», - деди. Жабраил (алейхисслам) кийин мени Сидратул-мунтахага алып барды. Анын жалбырактары пилдин кулактары сыяктуу, жемиштери мунаралар сыяктуу эле. Ал Аллаху тааланын кез келген бир буйругуна кезиксе өзгөрүп, көрктөнгөндүгү ошончолук, Аллаху тааланын жараткан мукулуктарынын эч кайсынысы анын кооздугун айтып жеткизе албайт.

**Жабраил** (алейхиссалам) Сидратул-мунтаханын аркы жагына өткөрүп, мени менен коштошту. Мен: «Эй, Жабраил! Мени жалгыз таштап кетесиңби?» - дедим. Жабраил (алейхиссалам) сескенип, Хак тааланын айбатынан коркуп, дирилдеп: «Йа, Мухаммед! Эгер (дагы) бир кадам аттай турган болсом Аллаху тааланын кудурети менен куруймун. Бүткүл денем күйөт, жок болот», - деди.

Расулуллах ушул жерге чейин Жабраил алейхиссалам менен бирге келген эле. Жабраил алейхиссалам ушул жерде өзүнүн жаратылган калыбын, канаттарын ачып, ар канатынан маржандар, жакуттар чачып турганын пайгамбарыбызга көрсөттү. Кийин шооласы күндөн да жарык «Рафраф» деп аталган Бейиштин жашыл

килеми келди. Анын тынымсыз Аллаху тааланы зикир кылганын турган ааламы зикир жаңырыгы менен толот.

Пайгамбарыбызга салам берди. Расулуллах Рафрафтын үстүнө отуруп, бир заматта бийиктерге көтөрүлүп, «Хижаб» деп аталган жетимиш миң пардадан өттү. Ар Хижабдын арасы өтө узак эле. Ар пардада кызматчы периштелер бар эле. Рафраф Пайгамбарыбызды ошол пардалардан ар биринен өткөздү. Ушундайча, күрсү, арш жана рух ааламдарынан ашып өттү.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ар пардадан өткөн кезде «Коркпо! Йа, Мухаммед! Жакында, жакында» деген буйруктарды укту. Жакындагына ошончолук Кабе-кавсейн макамына жетти. Белгисиз, түшүнө албай турган, түшүндүрө албай турган абалда Аллаху тааланын каалаган бийиктиктерине жетти. Мекенсиз, убакытсыз, багытсыз, сыпатсыз түрдө Аллаху тааланы көрдү. Көзсүз, кулаксыз, куралсыз, мекенсиз Рабби менен сүйлөштү. Эч бир макулук биле албай турган, түшүнө албай турган ниматтарга кол жеткизди.

Имам Раббани хазреттери «Мектубат» аттуу китебинде мындай дейт: «Расулуллах алейхиссалату вассалам МИраж түнү Раббини дүнүйөдө көргөн жок. Акыретте көрдү. Анткени, Расулуллах ал түнү убакыт менен мекен ченеминен чыкты. Эзели жана эбеди (башы менен соңу жок) бир мезгилге түштү. Башталыш менен соңду бир чекит сыяктуу көрдү. Ал түнү Жаннатка бара тургандардын миңдеген жылдардан кийин Жаннатка бара жатканын жана Жаннаттагы маалдарын көрдү. Эми ушул даражада көрүү дүнүйөдө көрүү эмес. Акыреттик сыпатта көрдү.»

Пайгамбарыбызга «Раббиңди макта!» деп буюрулганда Ал дароо «Аттахиййату лиллахи вассалавату ваттаййибат» (б.а., бардык тил менен боло турчу мактоолор, дене менен жасала турчу кызматтар менен ибадттар, мал-мүлк менен жасала турчу жакшылыктар менен ихсандар Аллаху таала үчүн болсун) деди. Алгач Аллаху таала хабибине көзсүз, кулаксыз, мекенсиз түрдө: «Ассаламу алейке аййуханнабиййу ва рахматуллахи ва баракатух» (Эй, Расулум! Саламым, берекем менен рахимим сага болсун) деп салам берди. Пайгамбарыбыз: «Ассаламу алейна ва ала ибадиллахиссалихин» (Йа, Раббим! Бизге жана салих кулдарыңа да салам болсун) деп жооп берди. Муну уккан периштелер баары бир ооздон: «Ашхаду ан ла илахе иллаллах ва ашхаду анна

Мухаммадан абдуху ва Расулух» (Аллахтан башка илах жок экенине көзүм менен көргөндөй билемин жана ишенемин, Мухаммед алейхиссалам Анын кулу жана Расулу) деди.

Пайгамбарыбыз: «Ассаламу алейна...» дегенде Аллаху таала: «Эй, сүйүктүү кулум! Бул жерде экөөбүздөн башка эч ким жок. Эмне үчүн «алейна» (бизге) дедиң?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Йа, Илахи! Үммөтүмдүн денелери чынында мени менен бирге эмес. Бирок, рухтары мени менен бирге. Оюм менен жүрөгүм ошолордо. Мага салам бердиң, мени бардык жамандыктардан сактандырдың. Акыр замандын кыйындыгына чалдыккан ошол кедей, дарттуу үммөтүмдү ушундай үлкөн сый менен жакшылыктардан кандайча куру калтырамын? Мындай ниматтан аларды кандайча насипсиз кыламын», - деп жооп берди.

Аллаху таала: «Эй, хабибим! Бул түнү менин коногумсуң. Менден эмне каалайсың?» - деди. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам): «Үммөтүмдү тилеймин» (Йа Раббим)», - деди.

Ривает боюнча ушундайча Хак таала бул суроону жети жүз жолу кайталады. Расулуллах баарына: «Үммөтүмдү тилеймин» деп жооп берди. Аллаху таала: «Ар дайым үммөтүңдү сурайсың», - дегенде Расулуллах: «Йа, Раббим! Тилеген менмин, бере турчу Сенсиң. Бүткүл үммөтүмдү мага тапшыра көр», - деп тиледи. Хак таала: «Эгер үммөтүңдүн бардыгын ушул түнү сен үчүн кечирип жиберсем менин рахимдүүлүгүм менен сенин кадырың, улуулугун билинбей калат. Бир бөлүгүн бүгүн сага багыштадым. Эки бөлүгүн кийинкиге калтырдым. Кыямат күнү сен тилейсиң, мен беремин. Менин рахимдүүлүгүм менен сенин кадырың билинген болсун», - деп буюрду.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бир хадиси шарифинде мындай дейт: «Ошол түнү (Мираж түнү) Аллаху тааладан бүткүл үммөтүмдүн эсебин мага тапшыруусун сурадым. Хак таала мындай деп буюрду: «Йа, Мухаммед! Мындагы максатың – үммөтүңдүн каталыктарын эч ким билбесин дейсиң. Менин максатым – сен шапааттуу пайгамбарсың, башкаларга билинбегени сыяктуу сага да айыптары менен жаман иштери билинбесин. Йа, Мухаммед! Сен алардын жол көрсөтүүчүсүсүң. Мен алардын Раббисимин. Сен аламды эми көрдүң. Мен оболдон түбөлүккө (эвелден эзелге) чейин аларды көрдүм жана көрөмүн. Йа, Мухаммед! Эгер сенин үммөтүң менен сүйлөшүүнү

каалабаганымда кыямат күнү аларды эсепке тартпас элем. Чоңкичи эч бир күнөөлөрүнү сурабас элем.»

Аллаху таала айтты: «Йа, Мухаммед! Мубарек көзүңдү ач, бутуңдун астын кара.» Карадым, бир ууч топурак көрдүм. Аллаху таала мындай деп айтты: «Бардык болмуш – сенин бутуңдун астындагы топурак. Ошол топуракты досуңдун алдына алып келдиңби? Достун этегине жабышкан чаңды кечирүүдөн, мага сенин үммөтүңдү кечирүү оңойураак.»

Пайгамбарыбыз бир хадиси шарифинде мындай дейт: «Хак тааладан бир нече собол сурадым. Жообун уктум. Ошол соболдорду сураганыма өкүндүм. (Ал суроолордун кээ бирлери мына булар:) «Йа, Раббим! Жабраилге алы жүз миң канат бердиң. Мага ушундай бере турчу жакшылыгың эмне?» Аллаху таала мындай деп буюрду: «Сенин бир кылың мага Жабраилдин алты жүз миң канатынан да жагымдуу. Сенин бир кылыңдын урматына мен миңдеген күнөөлөрдү кыямат күнү азаптан бошотомун. Жабраил канатын ачса чыгыш менен батыштын арасын толтурат. Сен шапаат кылсаң чыгыш менен батыштын арасы күнөөкөрлөргө толо болсо да бардыгын сага багыштаймын.» Мен айттым: «Атам Адамга (алейхиссалам) периштелерди сажда кылдырдың. Ушул сыяктуу мага сыйың эмне?» Хак таала айтты: «Периштелердин Адамга сажда кылуулары сенин нуруңдун анын маңдайында болуусуна байланыштуу эле. Йа, Мухаммед! Сага андан артык нерсе бердим. Ысымыңды ысымыма жакын кылдым жана Арши аланын үстүнө жаздым. Ал кезде Адам жаратыла элек эле, аты менен заты да жок эле. Сенин ысымыңды көктөрдүн эшигине, пардалардын үстүнө, Жаннаттардын эшигине, сарайлар менен бактарга, Жаннаттын бардык жерине жаздым. Жаннатта бетине «Ла илаха иллаллах Мухаммадун расулуллах» деп жазылбаган эч нерсе жок. Бул мартаба Адамга берилген мартабадан жогору».

«Йа, Раббим! Нухка (алейхиссалам) кеме бердиң. Ошол сыяктуу мага эмне бердиң?» Аллаху таала мындай деди: «Сага Буракты бердим, бир түндө жрден Аршка көтөрдүм. Жаннат менен Жаханнамды көрдүң. Үммөтүңө мечиттерди бердим, кыямат күнү кемелерге минген сыяктуу үммөтүң ошол мечиттерге минип Сыраттан көз ачып-жумганча өтүп, Тозоктон кутулат.»

Йа, Раббим! Исраил уулдарына Жаннаттан кудурет халвасы менен бөдөнө этине окшогон куштун этин түшүрдүң.» Аллху таала

мындай деди: «Сага жана үммөтүңө дүнүйө менен акыреттин ниматын ихсан кылдым. Исраил уулдарынын түрлөрүн адамдан аюу, маймыл жана доңуз кейпине айландырдым. Сенин үммөтүңдүн эч бирине андай кылбадым. Ошолордун кылгандарын кылса дагы аларды мындай кылбадым. Йа, Мухаммед! Сага бир сүрө бердим, андай сүрө Тоорат менен Инжилде жок. Ал – Фатиха сүрөсү. Кимде-ким ал сүрөнү окуса денеси Тозокко харам болот. Ал адамдын эне-атасынын азабын жеңилдетемин. Йа, Мухаммед! Мен сенден артык (урматтуу, абыройлуу, үстөм) эч кимди жаратпадым. Сага жана үммөтүңө түндө жана күндүз элүү убакыт намазды фарз кылдым.

Йа, Мухаммед! Кимде-ким менин бир экенимди кабылдаса жана мага шерик кошпосо Жаннат ошол адамдыкы. Мындай үммөтүңө Жаханнамды харам кылдым. Сенин үммөтүң үчүн рахматым (мээримим) ачуумду ашып түштү.

Йа, Мухаммед! Менин алдымда бардык адамдан кадырлуусуң, абыройлуусуң. Кыямат күнү сага ошончолук сыйларды кыламын, бүткүл аалам таң калат. Эй, Хабибим! Сен Жаннатка кирмейинче башка пайгамбарлар менен үммөттөрүнө кирүүгө тыюу салынат. Сенин үммөтүң үчүн эмне даярдаганымды көргүң келеби?» «Көргүм келет, йа, Раббим!» - дедим. Исрафилге карап: «Эй, Исрафил! Ишенимдүү кулум жана элчим болгон Жабраилге айт, Хабибим болгон сүйүктүү кулумду Жаннатка алып барып, Хабибим менен үммөтүнө эмне даярдаганымды көрсөтсүн. Көңүлү жайлансын», - деп буюрду.

Ааламдардын мырзасы болгон Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Исрафил алейхиссалам менен бирге Жабраил алейхиссаламга келди. Жабраил алейхиссалам аны Жаннатка алып барды. Periштелер колдоруна Жаннат кийими менен нур толо табактарды кармап күтүп турушкан эле. Жабраил алейхиссалам: «Йа, Расулаллах! Бул периштелер Адам алейхиссаламдан сексен миң жыл мурда жаратылган. Бул периштелер табактагы нурду сага жана үммөтүңө чачуу үчүн чыдамсыздык менен күтүп келишет. Кыямат күнү Аллахтын буйругу менен үммөтүңдү ээрчитип келгениңде табактагы гаухарды үстүңөргө чачышат», - деди. Аларды Жаннатта кызмат кылган Рыдван деге периште күтүп алат. Расулуллахка сүйүнчүлөрдү айтып: «Хак таала эки бөлүгүн сиздин үммөтүңүзгө, бирөөсүн башка үммөттөргө берүү үчүн Бейишти үчкө бөлдү», - деди жана Бейиштин бардык жагын аралатты.

Пайгамбарыз мындай деди: **«Бейиштин ортосунда бир өзөн көрдүм. Арштын жогору жагынан өткөн бул өзөндөн суу, сүт, хамр (Жаннат шарабы) жана бал бири-бири менен аралашпай агат. Ал өзөндүн жээги хризолиттен жасалган. Ичиндеги таштар асыл, баткагы жыпар жыттуу, чөптөрү гүлдөрдөн эле. Айланасына күмүш идиштер коюлган, саны көктөгү жылдыздардан да көп эле. Тегерегинде куштар жүрдү, моюндары төөнүн мойнундай эле. Ким ошол куштардын этин жеп, ошол өзөндүн суусун ичсе Хак тааланын ыраазылыгын алат. Жабраилден: «Бул кандай өзөн?» - деп сураганымда: «Кавсар. Хак таала аны сизге берди. Егиз Жаннатта болгон башкаларга суу ушул Кавсардан агат», - деди. Ал өзөндүн жээгинен чатырларды көрдүм. Бардыгы маржандар менен жакуттардан жасалган эле. Жабраилден сураганымда: «Сиздин аялдарыңыздын орду», - деди. Ал чатырларды хурилерди (Жаннат кыздарын) көрдүм. Жүздөрү күндөй жаркыраган, бардыгы кошулуп басаң добуш менен өлөң айтып отурду. Алар: «Биз кубанычтуубуз. Бизге эч кандай кайгы келбейт. Биз жасанып алганбыз, эч качан көрксүз болбойбуз. Биз жаштарбыз, эч качан картайбайбыз. Биз көркөм мүнөздүүбүз, эч ачууланбайбыз. Биз ар дайым ушундайбыз, эч качан өлбөйбүз», - дешет. Бакыт сарайлары менен талдарына чейин жетип, алардын добуштары бардык жерге таралат. Асемдиги ушунчалык, ал үн эгер дүнүйөгө келсе дүнүйөдө эч кандай өлүм менен кыйынчылык болмок эмес. Жабраил: «Булардын жүздөрүн көргүңүз келеби?» - деп сурады. «Ооба», - дедим. Бир чатырдын эшигин ачты. Карадым. Ошондой сулуу келбеттерди көрдүм, алардын сулуулугун өмүр бою айтып өтсөм да бүтүрө албаймын. Жүздөрү сүттөн ак, беттери жакуттан кызыл жана күндөн да нурдуу эле. Терилери жибектен жумшак, айдай жаркыраган, жыпар жыттуу эле. Чачтары кара, биразыныкы өрүлгөн, кээ бириники жыйналган, кээ бириники бошотулган, отурса чачтары төгүлөт, турса буттарына чейин жетет. Ар биринин алдында бир кызматчы бар эле. Жабраил: «Булар сиздин үммөтүңүз үчүн»**, - деди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам): «Сегиз Жаннаттын бакчасын жана ар түрдүү ниматтарын көрдүм. Жаханнам менен анын кабаттарын да көрсөм деп ойлодум. Жабраил (алейхисслам) колуман кармап, Тозоктун эң чоң периштеси Маликке

алып барды. «Эй, Малик! Мухаммед (алейхиссалам) душмандардын Жаханнамдагы ордун көргүсү келет (Ага Жаханнамды көрсөт)», - деди. Малик Жаханнамдын кабаттарын ачты. Жети кабаттын бардыгын көрдүм. Жетинчи кабат «Хавиа» деп аталат. Анын азабы башка кабаттардан канчалаган эсе оор болот. Маликтен: «Бул кабатта кайсы тайпа азап тартат», - деп сурадым. Малик: «Фараон, Карун жана сенин үммөтүңдүн мунафыктары азап тартат», - деди. Алтынчы кабат «Лази» деп аталат. Ал жерде мушриктер (эч дини болбогондор) азап тартат. Бешинчи кабат «Хутама» деп аталат. Ал жерде отко, уйга сыйынгандар, буддисттер азап тартат. Төртүнчү кабат «Жахим» деп аталат. Ал жерде күнгө, жылдыздарга табынгандар азап тартат. Үчүнчү кабат «Сакар» деп аталат. Ал жерде христиандар азап тартат. Экинчи кабат «Саир» деп аталат, анда яхудилер азапка тартылат. Биринчи кабат «Жаханнам» деп аталат, анын азабы башкалардан жеңил. (Ошого карабастан) ал жерде оттон жасалган жетимиш миң дарыя бар. Дарыялардын чоңдугу ошончолук, жер менен көктү ошол дарыяга таштап, бир периштеге табуу буйрук кылынса миң жыл издесе дагы таба алмак эмес. Зебанилер (Жаханнамда кызмат аткарган периштелер) өтө чоң болушат. Эгер алардын бири жер менен көктү оозунун бир ууртуна салса да билинмек эмес. Ал дарыялар толкундап, коркунучтуу добуштарды чыгармак. Эгер ал добуштан дүнүйөгө кичине гана добуш жеткенде бардык макулуктар жок болмок. «Бул кабат кайсы тайпа үчүн?» - деп сурадым. Малик жооп бербеди. Кайта сурадым. Ал үнсз калды...

Жабраил Маликке: «Сенден жооп күтүп турат», - деди. Ал: «Мени кечириңиз», - деп өтүндү. Мен: «Эмне болсо да айт, эгер бүгүн билүүбүз мүмкүн болсо балким алдын алып үлгүрөрбүз», - дедим. Малик: «Йа, Расулаллах! Сиздин үммөтүңүздүн күнөөкөрлөрүнө арналган, аларга мындай коркунучтуу жерден өздөрүн коргосун деп насыят кылыңыз. Денелерин ушундай азапка тарта турган нерселерден алыс кылсын. Ал күнү мен күнөөкөрлөргө мээримдүүлүк кылбаймын. Ак сакалдуу карыларына да, жаштарына дагы шапаат кылбаймын», - деди.»

Расулуллах ыйлай баштады. Мубарек башынан селдесин чечип, шапаат сурап, Аллаху таалага жалбара баштады. Үммөтүнүн алсыздыгын жана алардын мындай азапка чыдай албай тургандыгын айтып ушунчалык көп ыйлады, Жабраил

алейхиссалам менен башка периштелер дагы кошулуп ыйлай башташты. Ошол кезде Аллаху тааладан добуш келди: «Эй, Хабибим! Сенин урматың менен кадырың менин даргахымда өтө жогору, дубаң кабыл болду. Көңүлүң ырахат болсун. Сени максатыңа жеткиздим. Сага көптөгөн күнөөкөрлөрдү шапаатым менен сен «жетет» дегенге чейин кечире турган макам (даража) беремин. Эй, Хабибим! Кимде-ким бул буйругумду орундаса азап менен жазадан кутулат, рахимдүүлүгүмө ээ болот. Жаннатта мени көрүү урматына ээ болот. Сага жана үммөтүңө күндүз жана түндө элүү убакыт намаз фарз кылдым.»

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) сөзүн улантып мындай деди: «Ал макамдан (кийин) Аршка жеттим. Самаваттан (асмандардан) өтүп, Муса (алейхиссаламдын) макамына бардым. Мага: «Хак таала сага жана үммөтүңө эмнени фарз кылды», - деди. Мен: «Күндө күнү-түнү элүү убакыт намазды фарз кылды», - дедим. «Раббиңе кайтып барып, бираз жеңилдетүүсүн сура. Анткени, үммөтүң муну көтөрө албайт. Мен Исраил уулдарын сынап көрдүм», - деди. Ушундан кийин Раббиме кайрылып: «Йа, Раббим! Үммөтүмө (бул буйрукту) бираз жеңилдете көр», - дедим. Ушундан кийин элүү убакыттан жалгыз беш убакытын кыскртты. Ал: «Раббиңе кайтып барып, бираз жеңилдетүүсүн сура. Анткени, үммөтүң муну да орундай албайт», - деди. Ушундайса Муса (алейхиссалам) менен Аллаху таала арасында бир нече ирет барып келдим. Акырында Аллаху таала: «Бул намазды беш убакытка түшүрдүм. Ар намаз үчүн он сооп жазылат. Орундса бир ишке он сооп жазылат. Бирок, бир күнөө ишти ойлоп, кылбаса эч нерсе жазылбайт. Кылса бир күнөө болуп жазылат», - деп буюрду. Кийин Муса (алейхиссаламга) барып жагдайды айттым. Муса алейхиссалам дагы да: «Барып дагы жеңилдетүүсүн сура», - деди. Мен ага: «Раббимден көп нерсе сурагандыктан эми уяламын», - дедим.»

Аллаху таала ушундайча Расулуллахтын тарткан кыйынчылыктары менен жараланган жүрөгүн жубатты. Эш бир макулугуна бербеген, эч кимдин түшүнө кирбеген, биле албай турган ниматтарды ага ихсан кылды.

Пайгамбарыбыз бир заматта Кудуска, ал жерден Мекке-и Мукаррамага Үммү Ханинин үйүнө келди. Жаткан жери али суубаган, чылапчындагы даарат алган суу али кыймылдап турган

эле. Сыртта жүргөн Үммү Хани уктап калган эле, ошондуктан эч нерсе сезбеди. Пайгамбарыбыз Кудустан Меккеге келе жатканда Курайш кербенин көрдү. Кербендеги бир төө үркүп, кулаган болот. Таң атканда Каабага барып, Миражын айта баштады.

Капырлар «Мухаммед акылынан адашыптыр» деп мазакташты. Мусулман болууну ойлоп жүргөндөр да эки ойлуу болуп калышты. Мушриктердин кээ бири кубанып, Абу Бакрдын үйүнө барды. Анткени, анын акылдуу, тажрыйбалуу соодагер экендигин жакшы билчү. Эшикти ачып сыртка чыккан Хазрети Абу Бакрдан: «Эй, Абу Бакр! Сен Кудуска барып келүүгө канча убакыт кетет?» - деп сурады. Хазрети Абу Бакр: «Жакшы билемин, бир айдан көп убакыт кетет», - деп жооп берди.

Бул сөзгө кубанган капырлар: «Акылдуу, тажрыйбалуу адамдын сөзү ушундай болот», - деди. Күлүп, мазак кылып: «Сенин мырзаң Кудуска бир түндө барып келдим дейт, акылынан абдан алжыды», - деди. Эми Хазрети Абу Бакр да өздөрүн колдойт деген ой менен ага сүйүү урмат көрсөтүштү.

Хазрети Абу Бакр Расулуллахтын мубарек ысымын уккан кезде: «Эгер ал айтса чын! Бир заматта барып келгендигине мен да ишендим», - деп ичке кирип кетти. Капырлар: «Эй, Мухаммед, эмне деген сыйкырчы элең, Абу Бакрды дагы сыйкырлап таштаптыр», - деп артка кайтышты.

Хазрети Абу Бакр дароо Расулуллахтын жанына барды. Көпчүлүктүн арасынан бийик үн менен: «Йа, Расулаллах! Миражыңыз куттуу болсун! Бизге сиз сыяктуу улуу пайгамбарга кызматчы кылуу менен абырой берген жана мубарек жүзүңүздү көрүү менен көңүлдөрдү алган, рухтарды тарткан мубарек сөздөрүңүздү угуу менен ниматтандырганы үчүн Аллаху таалага чейсиз шүгүр кыламын. Йа, Расулаллах! Сиздин сөздөрүңүздүн баары чын! Ишендим. Жаным сизге курман болсун!» - деди. Хазрети Абу Бакрдын сөзү капырларды таң калтырды. Айтаарга сөз табалбай таркап кетити. Хазрети Абу Бакрдын бул сөздөрү күмөндөнүп жүргөн, ыйманы алсыз көп адамдын жүрөгүнө кубат берди. Расулуллах ошол күнү Хазрети Абу Бакрды «Сыддык» деп атады. Ушул атты алуу менен анын даражасы дагы да көтөрүлдү.

Бул жагдайга катуу ачууланган капырлар момундардын кубаттуу ыйманына, Пайгамбарыбыздын бардык сөзүнө дароо ишенгендиктерине, анын айланасында колдоп-коргоп жүргөндүктөрүнө чыдай алышпады. Алар Пайгамбарыбызды уялтып, жеңебиз деген ой менен башташты:

«Йа, Мухаммед! Кудуска бардым дейсиң. Айтчы кана, мечиттин канча эшиги, канча терезеси бар?» деген сыяктуу суроолорду беришти. Расулуллах алардын ар суроосуна бир-бирден жооп берди. Пайгамбарыбыз жооп берип жатканда Хазрети Абу Бакр «Дал ошондой, йа, Расулаллах» деп ырастап жатты. Бирок, Расулуллах алейхиссалам өзүнүн адептүүлүгүнөн, уяттуулугунан алдындагы адамдын бетине дагы карачу эмес. Ал мындай деди: «Акса мечитинде айланама караган жок элем. Алардын сураган нерселерин көргөн эмес элем. Ошол маалда Жабраил (алейхиссалам) Акса мечитин көз алдыма алып келди. (Телеберүү сыяктуу**) Терезелерин көрүп, санап, суроолоруна жооп берип жаттым.» Пайгамбарыбыз жолдо төөлүү жолоочуларды көргөнүн айтып: «Иншаллах, шаршемби күнү келет»,** - деди. Шаршенби күнү күн батарда кербен Меккеге жетти. Кербендегилерден сураганда алар добул соккондой болгонун, бир төөнүн жыгылганын айтты. Бул жагдай мусулмандардын ыймандарын кубаттандырды. Капырлардын душмандыктары арта түштү.

Хижраттан бир жыл мурда, Ражаб айынын 27-си Жума күнүнүн түнү болгон бул мужиза «Мираж» деп аталат. Расулуллах Миражга рух жана денеси менен ойгоо абалда чыкты. Мираж түнү ага көртөгөн илахий акыйкаттар көрсөтүлдү жана беш убак намаз ушул түнү фарз кылынды. Мындай башка Бакара сүрөсүнүн соңку эки аяты ихсан кылынды. Мираж Курани каримде «Исра» жана «Нажм» сүрөсүндө жана кээбир хадиси шарифтерде билдирилген.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Мираждан кийин сахабаларына Жаннат тууралуу айтып отуруп, мындай деди: «Йа, Абу Бакр! Сенин кооз сарайыңды көрдүм. Кызыл алтындан жасалган эле. Сен үчүн даярдалган ниматтарга күбө болдум.» Абу Бакр (радыйаллаху анх): «Ошол сарай менен анын ээси сизге курман болсун, Йа, Расулаллах», - деди. Пайгамбарыбыз Хазрети Омарга бурулуп: «Йа, Омар! Сенин кооз сарайыңды көрдүм. Жакуттан жасалган эле. Анда көп хурилер (Жаннат кыздары) бар эле. Бирок, ичине кирбедим. Сенин кызганычыңды ойлодум», - деди. Хазрети Омар абдан ыйлады. Көз жашы менен: «Ата-энем, жаным сизге курман болсун, Йа, Расулаллах, сизден кызганууга болобу?» - деди. Кийин Хазрети Османга мындай деди: «Йа, Осман! Сени бардык көктөн көрдүм. Жаннатта кооз сарайыңды көрүп, сени ойлодум.» Хазрети Алиге мындай деди: «Йа, Али! Сенин бейнеңди

төртүнчү кабат көктөн көрдүм. Жабраилден сураганымда ал: «Йа, Расулаллах! Периштелер Хазрети Алини көрүүгө ынтызар болду. Хак таала анын сүрөтүндө бир периште жаратты. Ал периште төртүнчү көктө турат, өзгө периштелер ага келип берекеттенишет», - деди. Кийин сенин сарайыңды көрдүм. Бир талдын жемишин искедим. Андан бир хури чыкты, бетин парда менен жапты. «Сен кимсиң жана кимдикисиң?» - дедим. «Агаңдын уулу Али үчүн жаратылдым, Йа, Расулаллах», -деди.»

Мираж түнүнүн эртеси Жабраил алейхиссалам келип Расулуллахка беш убак намазды убакыттары менен өзү имам болуп окутту. Хадиси шарифте мындай делинген: «Жабраил (алейхиссалам) Кааба эшигинин жанында эки күн мага имам болду. Экөөбүз (фажр) таң атканда багымдат намазын, күн төбөдөн оогондо бешим намазын, бардык нерсенин көлөкөсү өз бою менен бирдей болгондо асырды, күн батарда (күндүн үстүнкү бөлүгү көзгө көрүнбөй калганда) шамды жана караңгы түшкөндө куптанды окудук. Экинчи күнү багымдат намазын сырт жарык болгондо, бешимди бардык нерсенин көлөкөсү өз боюнан эки эсе узарганда, асырды мунун артынан, шамды орозо бузулганда (ооз ачар маалда), куптанды түндүн үчтөн бири болгондо окудук. Кийин: «Йа, Мухаммед! Сенин жана өткөн пайгамбарлардын намаз убакыттары – ушу. Үммөтүң беш убакыт намаздын ар бирин ушул окуган эк убакыттын арасында окусун», - деди.»

Намаз убакыттары ушундайча билдирилгенден кийин Хабашстанга да кабар жиберилип, беш убак намаз окуулары жана намаз фарз кылынган кезден баштап ушуга чейинки окулбаган намаздарды да каза кылып окуулары билдирилди.

# ХИЖРАТ

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жыл сайын Каабага зыяратка келген тайпаларды динге чакырып, алардын Тозок отунан кутулуп, түбөлүк бакытка жетүүлөрү үчүн күч жушмап, ар түркүн зулумдук менен азаптарга карабастан пайгамбарлык милдетин арткарууну улантып жүрдү. Тайпалардын, кербендердин конгон жерлерине барып, келгендерге**: «Аллаху тааланын пайгамбарлык милдетин орундап болгонго чейин мага баш-паана болуп, душмандарыман коргоп тура ала турчу жана көмөк бере ала турчу ким бар?** (Ушундайча) ага Жаннат берилсин», - дечү, бирок, коргой алчу да, жардам берчү да эч ким табылчу эмес.

Пайгамбалыктын он биринчи жылы эле. Мадинанын Хазраж уруусунан бир жамаат Каабага зыяратка келип, Расулуллахка туш болот. Пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдулмутталибдин энеси Салма дал ушул хазраж уруусунан эле. Мадинадан келген бул алты жолоочу менен көпкө баарлашып, сөз арасында Ибрахим сүрөсүнүн 35-52-аяттарын окуп, Ислам динин түшүндүрөт. Динибиздин тазалыгын, адамдын акы-укугун коргоорун жана адамгерчилик асыл сапаттарды өнүктүрүүгө үндөөрүн айтып, мусулман болууга чакырган кезде бири-бирин карашты. Кийин: «Яхудилер айткан пайгамбар ушу» деп өз араларында сүйлөшүштү.

Мадинада Авс жана Хазраж уруулары тээ илгертен бери яхудилерге душман болушкан, мүмкүндүк туулар замат бири-бирине кол салышчу. Яхудилерден мурда Пайгамбарды ээрчисек, үстөмдүк кылып аларды Мадинадан сүрүп чыгабыз деген үмүттөрү бар экени да чындык. Ошол себептен Расулуллахтын алдында тизе бүгүп мусулман болушат. «-Йа, Расулаллах, элибиз яхудилер менен тирешип турган учурда биз бул жакка келе бердик. Бул берекелүү бурулуштан кийин Аллаху таала аларды да артыңыздан ээрчитип ыйманга келтирер деген үмүттөбүз. Бараарыбыз менен өз урруубузга сенин кабарыңды айтып, Исламга чакырабыз. Өзүбүзгө буйрулган жакшылыкты аларга да жеткиргенге аракет кылабыз. Эгер Аллах биздин элди сага үммөт кылчу болсо, дүйнөдө эч ким сенден улуу, сенден шарапаттуу боло албайт! – дешет.

Хазраждан келген бул алтоо акыйкатта Аллахтын жалгыздыгына жана Анын Пайгамбарына ыйман келтирип, мусулман болушат.

Расулуллахтан уруксат алып Мадинага кайтышат. Исламды жаңы кабыл алган Мадиналык бул сахабалар: Укба бин Амир, Асад бин Зурара, Авф бин Харис, Рафи бин Малик, Кутба бин Амир, Жабир бин Абдуллах (радыйаллаху анхум) эле.

## Биринчи Акаба анты жана Мадинадан чыккан күн

Өз журттарына кайтып барган бул алты адам тынымсыз элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт. Жолуккан адамга Пайгамбар, Ислам дини тууралуу айтып, мусулман болуштун артыкчылыгын, пайдасын айтышат. Бул иште ушунчалык илгерилешкендиктен Мадинада ичинде Пайгамбарыбыз жана Исламият сүйлөшүлбөгөн бир дагы үй калган жок. Ушундайча Исламият хазраж тайпасы арасында жайылгандай эле авс тайпасынан дагы кээ бирлер Исламды кабыл кылышты.

Акабадагы жолугушуудан бир жыл өткөндөн кийин Асад бин Зурара менен анын Исламды кабылдаган он эки досу Ажылык маалында Меккеге барышты. Ал жылы мушриктер өткөн жылдардагыдан бетер мусулмандарга кысым жасап, жапа чектирип жатышкан эле. Пайгамбардын ар бир кадамын акмалап, аны менен сүйлөшкөн, саламдашкан адамдарды шектүү адам катары эсептешип, мусулман болгонуна адаттагыдай күч колдонушат. Муну уккан Мадиналыктар Пайгамбарыбыз менен түндө Акабада кездешүүгө чечим чыгарышат. Алар түнү кезигишет. Пайгамбарыбызга баш ийгендиктерин билдиришип, бардык буйруктарын орундай тургандыктары тууралуу биат (ант) кылышты. Бул анттатшуу менен Аллаху таалага шерик кошпоого, зинакорлуктан, уурулуктан, жалаа жабуудан сактанууга, айыпталуудан коркуп жана ырыскы жетпейт деп балдарын өлтүрбөй тургандыктарына милдеттенишет. Экөө авс тайпасынын, калгандары хазраж тайпасынын адамдары болгон ушул он эки адамдын башчысы Асад бин Зурара (радыйаллаху анх) эле. Пайгамбарыбыз ушул он эки адамды өз тайпаларына элчи кылды. Алар тайпаларына Исламды түшүндүрүп, алардын атынан Расулуллахка кепил боло турган болушат. Асад бин Зурара (радыйаллаху анх) баарынын атынан өкүл болуп шайланды. Алгачкы Акаба келишимине катышкандар: Малик бин Нажжар уулдарынан Асад бин Зурара, Авф бин Харис, Муаз бин Харис,

Зурайк бин Амир уулдарынан Рафи бин Малик, Зекван бин Абдикайс, Ганм бин Авф уулдарынан Убаде бин Самит, Гусайна уулдарынан Йезид бин Салебе, Ажлан бин Зейд уулдарынан Аббас бин Убаде, Харам бин Кааб уулдарынан Укбе бин Амир, Савад бин Ганм уулдарынан Кутбе бин Амир, Абдулэшхел бин Жушем уулдарынан Абул Хайсам Малик бин Тайййихан жана Амр бин Авф уулдарынан Увайм бин Саида эле.

Ушул келишимден кийин Мадинага кайткан Хазрети Асад менен анын жолдоштору тайпаларына күнү-түнү Исламды түшүндүрүп, аларды хак динге чакырды. Ушул дааваттарынын натыйжасында Ислам Мадинада ушунчалык ылдам тарала баштагандыктан мурда бири-бирине кас душман болгон авс жана хазраж тайпалары биригип, Исламды терең түшүнүү үчүн Расулуллахтан бир (үйрөтүүчү) мугалим сураштты. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) Курани карим менен Исламды үйрөтүү үчүн Меккедеги сахабаларынан Хазрети Мусаб бин Умейрди устаз катары Мадинага жиберди. Хазрети Мусаб (радыйаллаху анх) Хазрети Асад бин Зураранын үйүндө турду. Аны менен бирге үй-үй кыдырып, бардык адамды Исламга чакырды. Расулуллахка деген сүйүүнү жана Аны бардык душмандардан коргоого болгон күчтөрүн жумшоого сөз берүүлөрүн суранды. Аларды Расулуллахка ант берүү ишине дайындады.

Асад бин Зураранын тайпасынын башчысы Саад бин Муаз эле, ал экөө тууган болчу. Ал кезде араптардын арасында тууганга каршы келбөө адат болгондуктанали ыйман келтирбеген Саад бин Муаз Асад бин Зураранын үйүнө барып, бул ишке тоскоол болууга тырышкан жок. Бир тайпанын башчысы катары бул ишти тикелей өзү чечүүгө киришкиси келбеди. Ошондуктан, тайпасынын алдыңкы катарларынын бири болгон Усейд бин Худайрга: «Меккеден келген адамдарды көрүп кел, ага эмне кылсаң кыл. Асад менин бөлөм болбогондо бул ишти сага тапшырбас элем», - деди. Артынан Усейд бин Худайр найзасын алып, Мусаб бин Умейр жатчу үйгө барды. Ал жерге барып үн чыгары: «Бизге эмне үчүн келдиң? Адамдарды алдап жүрөсүң. Өлгүң келбесе бул жерден тез арада кайт», - деди. Анын бул ачуулуу түрүн көргөн Мусаб бин Умейр (радыйаллаху анх) ага: «Бираз отур, сөзүбүздү тында. Максатыбызды түшүн, жактырсаң кабылдарсың. Жакпаса тоскоол кыларсың...», - деп жылуу сөздөрдү айтты. Усейддин ачуусу

басылып: «Туура айтасың» деди дагы найзасын коюп отурду. Ал Хазрети Мусабдын жылуу сөздөрү менен адамдын жүрөгүнө таасир кыла турчу жагымдуу үн менен окуган Курани каримдин аяттарын тыңдады. «Бул кандай керемет нерсе!» дегенин өзү да сезбей калды. Кийин: «Бул динге кирүү үчүн эмне кылуу керек?» - деп сурады. Ага эмне кылуу керек экендиги түшүндүрүлдү. Усейд бин Худайр (радыйаллаху анх) шахадат келимесин айтып, мусулман болду. Кубанып, бир орунда тура албаган Усейд: «Мен барып силерге бирөөнү жиберейин. Эгер ал мусулман болсо Мадинада анын тайпасынан ыйман келтирбеген эч ким калбайт...», - деп дароо ордунан туруп кетти. Усейд түз Саад бин Муазга барат. Элчисинин түрүн көргөн Саад иштин чоо жайын такып сурайт: -Эмне, тапшырманы орундай алдыңбы? Ыймандын даамын таткан Усейд Саад бин Муаздын да мусулман болушун, албетте, каалаган. Аны Мусабдын алдына алып барыш үчүн амалкөйлүк кылып: "Сен айткан адамга бардым. Сүйлөшүп, эч кандай жаман ою жок экенин билдим. Бирок, Хариса уулдары бөлөң Асаддын мындай адамды үйүнө тургузуп жатканына күмөндөнүп, аны өлтүрүүгө бел байлагандыктарын уктук», - деди. Бул сөз Саад бин Муазга катуу тийди. Анткени, бул эки уруу арасында кагылыш болуп, анда Хариса уруусу жеңилип Хайбарга барып жашырынууга мажбур болгон. Бир жылдан кийин гана ортомчулар аркасында эки тарап келишип, журтуна кайта алышкан. Буга карабастан алардын кайрадан кыла турчу бул иштери Саад бин Музды өтө ачууландырды. Бирок, чындыгында мындай эч нерсе болгон жок эле. Усейд бин Худайр ушундай айла-амалды колдонуп туруп Саад бин Муаздын таежесине жана уулу Асад бин Зурарага, андан кийин Мусаб бин Умейрге зыян берүүсүнө тоскоо болмокчу болгон.

Саад бин Муаз Усейд бин Худайрдын (радыйаллаху анх) ушул сөздөрүөн кийин ордунан учуп туруп, Хазрети Асад бин Зурарага барды. Ал жерге барган кезинде Асад менен Мусаб бин Умейрдин (радыйаллаху анхум) тынчтыкта сухбатташып отурганын көрдү. Жандарына барып: «Эй, Асад! Эгер ортобузда тууганчылыгыбыз болбогондо, менден уруксатсыз мындай иштерди өз алдыңча кыла алмак эмессиң!» -дейт.

Мусаб бин Умайр адатынча кылдаттык менен: "Эй Саад, ачууланба, оболу отуруп сөзгө конок бер, эгер туура айтылып, ал сага жакса кандай гана ийгилик, эгер жактырбасаң сага

таңуулабайбыз”, - деп сыпаа жайгарат. Кепке келген Саад олуттуу тыңдап отурат. Хазрети Мусаб бин Умайр оболу Ислам динин, анын негиздерин түшүндүрдү. Андан соң мукам үнү менен Курани карим окуду. Курани каримдин теңдешсиз сөз чеберлигинен жүрөгү элжиреп чоң таасир ичинде калат. Өзүн кармай албай: «Силер бул динге кирүү үчүн эмне кылдыңар?» - деп сурады. Мусаб бин Умейр (рдыйаллаху анх) дароо шахадат келимесин үйрөттү. Саад бин Муаз: «Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулух», - деп мусулман болду. Ал мусулман болуу аркылуу алган бакыты менен кубанычынан бир орунда тура албады. Дароо үйүнө барып, үйрөнгөнү боюнча гусул алды. Кийин тайпасына жыйналууга буйрук берди. Усейд бин Худайрды ээрчитип, калкынын жыйналган жерине барды. Абдулэшхел уулдарына карап: «Эй, Абдулэшхел уулдары! Силер мени ким деп билесиңер?» - деп сурады. Алар бир ооздон: «Сен биздин башчыбызсың, улуубузсуң, биз сага багынабыз», - деп жооп берди. Саад бин Муаз ушул сөздөн кийин: «Андай болсо баарыңа атамын. Мен мусулман болуу кадырына ээ болдум. Илердин дагы Аллаху таалага жана анын элчисине ыйман келтирүүлөрүңөрдү каалаймын. Эгер ыйман келтирбесеңер силердин эч кайсыңар менен сүйлөшпөймүн дагы, көрүшпөймүн дагы...», -деди.

Абдулэшхел уулдары башчылары Саад бин Муаздын мусулман болгонун жана өздөрүн Исламга чакырганын угар замат баары мусулмандыкты кабылдашты. Ошол күнү алар кечке чейин Мадинанын асманын шахадат келимеси менен, такбир менен жаңыртты. Ушул окуядан бираз убакыттан соң бүткүл Мадина калкы авс жана хазраж тайпалары Исламды кабылдашты. Ар бир үйгө Исламдын нуру төгүлдү. Саад бин Муаз менен Усейд бин Худайр (радыйаллаху анхум) тайпаларынын бардык буттарын талкалашты. Бул кабар Сүйүктүү Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) жеткенде ал катуу кубанды. Меккелик мусулмандар кубанычта эле. Ушул себептен ал жыл (м.621) «сенетус-сурур» (кубанычтуу жыл) деп аталды.

## Экинчи Акаба анты

Расулуллах алейхиссаламдын пайгамбарлык милдетин арткарганына 13 жыл болгон эле. Меккелик мушриктердин мусулмандарга жасаган зулумдугу чектен чыгып, чыдагыс абалга келген эле. Мадинада болсо Асад бин Зурара менен Мусаб бин Умейрдин (радыйаллаху анхума) кызматтарынын аркасында авс жана хазраж тайпалары мусулмандарга кучак жайып, аларды боорлоруна басып бардык жардамын көрсөтө тургандай сүйүү менен ынтаада эле. Пайгамбарыбыздын дагы тезирээк Мадинага көчүүсүн сурап, ал үчүн мал-жандарын курман кыла тургандыктарына сөз беришүүдө эле. Ажылык мезгили келген эле. Мусаб бин Умейр менен бирге Мадиналык 73 эркек жана 2 аял мусулмандар Меккеге келишти. Ажылыктан кийин бардыгы дагы да Акабада Пайгамбарыбыз менен кездешишти. Асад бин Зурара менен анын 12 өкүлү тайпаларынын атынан Пайгамбарыбыздын Мадинага көчүүсүн сунуштады. Расулуллах аларга Курани карим менен бираз аяттарды окугандан кийин өз жандарын, өз бала-чакаларын кандай коргосо аны да ошодой коргой тургандыктары тууралуу алардан убада талап кылды.

Али мусулман боло элек агасы Аббас дагы ошол жерде болчу. Ал топко карап: «Эй, Мадиналыктар! Бул – бир тууганымдын улу. Адамдардын ичиндеги эң жакшы көргөнүм да ошол. Эгер аны тастыктап, Аллахтан алып келгендерине ишенип, өзүңөр менен бирге алып кеткиңер келсе мени канааттардыра тургудай сөз берүүңөр керек. Мухаммед алейхиссалам биздин адамыбыз. Биз аны ага ишенбеген адамдардар коргодук. Ал биздин арабызда адакерчилиг менен абырою менен колдоо көрүп келди. Ал ушулардын баарына карабастан силерге кошулуп кетүүгө чечим чыгарды. Эге бардык арап тайпалары биригип силерге чабуул жасаганда аларга каршы тура ала тургудай күчкө ээ болсоңор гана бул ишке киришкиле. Бул тууралуу өз араңарда жакшылап келишип алгыла, кийин бири-бириңерден бөлүнүп кетип жүрбөгүлө. Берген сөздөрүңөргө туруп, аны душмандарыңардан койргой аласыңарбы? Коргой алсаңар жакшы. Жок, Меккеден чыккандан кийин аны жалгыз калтыра турган болсоңор анда азыртан баш тарткыла, ал өз элине абырою менен корголгон абалда өмүр сүрсүн», - деди.

Хазрети Аббастын сөзү Мадиналык момундардын көңүлүнө катуу тийгенсийт. Анын сөздөрү Мадиналыктарга Расулуллахты (саллаллаху алейхи ва саллам) элине алып барып, мушриктерден коргой албай тургандай, кыйналган кезде аны таштап кете тургандай тийди. Асад бин Зурара Пайгамбарыбыздан өтүнөт: -Йа, Расулаллах! Уруксат этсеңиз, бир ооз сөзүм бар. Пайгамбарыбыз уруксат берген соң Хазрети Асад сөзүн минтип баштайт: «Ата-энем сизге курман болсун, йа, Расулаллах! Ар дааваттын жумшак жана катуу жолу, усулу бар. Азыр сиз бизди адамдардын кабылдоолору кыйын болгон нерсеге чакырып жатасыз. Анткени, адамдардын мурунтан табынып келе жаткан буттарын таштап, Исламды кабылдоолору өтө кыйын нерсе. Ушуга карабастан биз Исламды чын көңүлүбүз менен кабылдадык. Жана да мушрик туугандарыбыз менен байланышты үзүүнү буюрдуңуз, чын ниет менен аны да кабылдадык. Муну кабылдоонун да кыйын экенин билесиз. Жада калса, агаларыңыз сиз менен байланышты токтоткондо биз кучак жайып, сизди коргоoo сыяктуу мартабалуу милдетти өз мойнубузга милдет деп билдик. Баарыбыз берген сөзүбүзгө келиштик. Оозубуз менен эмнени айткан болсок жүрөгүбүз менен дагы ошол нерсени ырастоодобуз. Өз бала-чакабызды кандай коргосок сизди дагы кашык каныбыз калганча коргоого ант беребиз. Эгер бул антыбызды бузсак Аллаху таалага берген сөзүбүздө турбай шакилер (тозоктуктар) тобуна кирген бололу. Йа, Расулаллах! Биз ушул сөзүбүзгө бекембиз, сөзүбүздө турабыз. Аллаху таала ишибизди оңосун», - деди. Ошондон кийин «Йа, Расулаллах! Бизден өзүңүз үчүн эмне каалай тургандыгыңызды айтып, шарт коё аласыз», - деп улантты. Пайгамбарыбыз аларды Исламга үндөдү. Курани карим окуду. «Силерге Раббим үчүн коёр шартым Аллаху таалага ибадат кылууларыңжана эч нерсени ага шерик кылып кошпоолоруң, өзүм жана сахабаларым үчүн коё турчу шартым бизди коргоолоруң, мага жана сахабаларыма көмөкчү болууларың, өзүңөр коргонгон нерседен бизди да коргоолоруң», - деди.

Бара бин Марур сөз алып: “Сизди хак дин жана китеп менен Пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, бала-чакабызды коргогондой сизди дагы коргойбуз. Биз менен шарттaшыңыз, йа, Расулаллах!»- деди.

Пайгамбарыбыз менен бирге жетишилген мындай келишимди тастыктоо үчүн Аббас бин Убада Мадиналык жердештерине: “Эй, Хазраждыктар! Мухаммед алейхиссаламды эмне үчүн

кабылдагандыгыңарды билесиңерби?» - деди. Алар: «Ооба», - деп жооп беришти. «Силер аны тынч кезде да, согуш кезинде да кабылдап, ага баш ийесиңер. Эгер мал-мүлкүңөргө бир зыян келип, тууганыңар кырылса, Пайгамбарыбызды таштай турган болсоңор азыртадан айткыла. Эгер мындай кыла турган болсоңор дүнүйөдө жана акыретте куруйсуңар. Эгер малыңар кетип, тууганыңар өлтүрүлсө да ага баш ийе турган болсоңор дүнүйөңөр менен акыретиңер үчүн кайырлуу» дегенде жолдоштору: «Биз Пайгамбарыбыздан малыбызга зыян келсе да, тууганыбыз өлтүрүлсө дагы баш тартпайбыз. Андан эч качан айрылбайбыз. Өлүм бар, бирок, сөздөн тайуу жок», - дешти. Ошону менен бирге алардын арасынан: “Йа, Расулаллах! Ушул убадабызды аягына чыгара турган болсок, бизге эмне берилет?» - деп сурагандарга Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Аллаху тааланын ыраазылыгы менен Бейиш бар» - деди. Алардын бардыгы тайпасынын өкүлү иретинде убада беришти. Алгач Хазрети Асад бин Зурара: «Аллаху тааланын жана Расулунун чакыруусун кабылдадык, тыңдадык жана моюн сундук» деп ыраазылыктарын, баш ийгендиктерин билдирди. Ушундайча Расулуллах үчүн мал-жандарын курман кыла тургандыктарын билдиришти. Аялдар менен ант бир гана сөз менен кылынган эле.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Аллаху таалага эч нерсени ерик кылып кошпоо, уурулук, жалаа жана зинакорлук кылбоо, балдарын өлтүрбөө, жалган айтпоо, жакшы иштерге каршы чыкпоо маселелеринде алардын убадаларын алды.

Мадиналыктар Пайгамбарыбызга ант берген убакта Акаба чокусунан: «Эй, Мадина тургундары! Пайгамбар менен Мадиналык мусулмандар силер менен согушуу үчүн келишишти» деген добуш келди. Пайгамбарыбыз: «Бул Акабанын шайтаны», - деп: «Эй, Аллаху тааланын душманы! Сени жеңермин», - деди. Ант берген Мадиналыктарга: «Силер коно турчу жериңерге баргыла», - деди. Аббас бин Убада: «Йа, Расулаллах! Ант кыламын, кааласаңыз эртең Минадагы капырларга чабуул жасап, аларды кырып салабыз», - деди. Пайгамбарыбыз ыраазылык билдирди, бирок: «Бизге мындай аракет жасоого али буйрук келген жок. Азыр орундарыңарга кайткыла», - деди.

Имам Насаинин Абдуллах ибн Аббастан алган риваяты боюнча Ансардын ичинен Акаба антында болгондор Расулуллахтын жанына келүү аркылуу Мухажирлердин катарында болушту.

## Хижрат

Акабадагы экинчи жолугушуудан соң Мадина шаары мусулмандарга тынчтыктын жана эркиндиктин очогуна айланат. Акаба келишими тууралуу уккан меккелик мушриктердин кеги күч алып, кооп туудура башташты. Мусулмандар үчүн Мккеде туруу мүмкүн эмес жагдайга жеткенинен Пайгамбарыбызга (алейхиссалам) жагдайларын айтышып, көчүүгө уруксат сурашты. Бир күнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) сахабаларына жолугуп кубанычтуу маанайда: «Силер көчүп бара турчу жер мага билдирилди. Ал – Йасриб (Мадина). Ошол жакка көчкүлө. Ошол жерде мусулман бир туугандарыңар менен бириккиле. Аллаху таала силерди аларга бир тууган, ал эми Йасрибди силер үчүн коопсуз кылды», - деди. Расулуллахтын уруксаты менен мусулмандар Мадинага топтошуп көчө башташты. Пайгамбарыбыз көчкөндөргө өтө сак болууну кайта-кайта эскертип жатты. Мусулмандар мушриктердин назарын өздөрүнө оодарбаш үүн чакан топ болуп жолго чыгып, мүмкүн болгончо жашыруун аракет кылып жатышты. Мадина алгачкылардан болуп көчкөн Абу Салама мушриктерден көп азап тарткан эле. Бул ишти байкап калган мушриктер жолго чыккан мусулмандарды жолдорунан адаштырууга, аялдарды күйөөлөрүнөн бөлүүгө, күчү жеткендерин камоого тырышып, түрдүү кастыктарын кылышты. Аларды диндеринен чыгаруу үчүн колдорунан келген жамандыктын баарын жасап чыгышты. Бирок, ич согуштун чыгып кетүүсүнөн коркуп, аларды өлтүрүүгө батына алышкан жок. Ал эми мусулмандар болсо ушуга карабастан бардык мүмкүндүктү пайдаланып, Мадинага карай жолго чыгышты.

Хазрети Омар дагы бир күнү кылычын асынды. Октору менен найзасын алып, бардык адамдардын көзүнчө Каабаны жети жолу таваф кылды. Ошол жердеги мушриктерге кыйкырып мындай деди: «Мен динимди коргоо үчүн Аллаху тааланын ыраазылыгын көздөп көчүп баратам. Аялын жесир, балдарын жетим калтыргысы келген, энесин ыйлаткысы келген адам бар болсо алдыма чыксын.»

Ушундайча Хазрети Омар менен бирге жыйырма чакты мусулман күндүз эч тартынбастан Мадинага карай жолго чыкты. Андан коркуп аларга эч ким тийише албады. Ушундан кийин

көчтөр уланып, сахабалар топтошуп Мадинага карай агыла башташты.

Ушул кезде Хазрети Абу Бакр да көчүү үчүн уруксат сурады. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам): «Сабыр кыл. Аллаху таала мага да уруксат берет деп үмүттөнөмүн. Бирге көчөбүз», - деди. Хазрети Абу Бакр: «Ата-энем сага курман болсун. Мындай мүмкүндүк барбы?» - деп сураганда Пайгамбарыбыз: «Ооба, бар», - деди. Хазрети Абу Бакр (радыйаллаху анх) сегиз жүз дирхам берип, эки төө сатып алып, ошол күндү күтүп жүрдү. Меккеде бир гана Пайгамбарыбыз, Хазрети Абу Бакр, Хазрети Али, кедейлер, оорулуулар, карылар менен мушриктер камоого алган момундар гана калышкан эле.

Аркы жактан Мадиналыктар (ансарлар) көчүп келген меккеликтерди (мухажирлерди) жакшылап күтүп алып, конок кылды. Араларында күчтүү биримдик, тууганчылык орноду.

Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) көчүп кетсе, кайрадан мусулмандардын башына барса, биз үчүн кооптуу күч жаралат деген ой мушриктердин тынчын алат. Бири-бирине кабар берип Дар-ун Надвага жыйын куруп, эмне кыла тургандыктарын акылдашышты. Шайтан «Шейхи Нажди» кейпинде, б.а., Нажддык карыянын кейпине кирип, мушриктердин жыйындарына барган эле. Алардын сөздөрүн, сунуштарын тыңдады. Жыйында ар түрдүү сунуштар айтылды. Бирок, эч кайсынысы колдоо таппады. Мушриктер эмне кылышты, эмне айтаарын билбей отурушканда шайтан сөзгө аралашып: «Айтып отурган нерселериңердин эч кайсысы жарабайт. Анткени, анын жылуу жүзү менен жылуу сөзү бардык чараны бузат. Башка чара ойлонуштургула», - деп өзүнүн пикирин айтты. Курайш башчысы болгон Абу Жахл: «Ар тайпадан бирден-бирден баатыр жигит тандап алалы. Алар куралданып, Мухаммедге бир убакта кол салып, анын канын төксүн. Ушундайча анын өлүмү белгилүү бир тайпанын да, бир адамдын да мойнунда болбойт. Ким өлтүргөнүн биле албагандыктан анын коому эч кайсыбызга кылыч такай албай, бир гана кан үчүн кун төлөтүүдөн башка эч нерсе кыла алышпайт. Биз аларга кунун төлөп, бул кыйынчылыктан оңой гана кутулабыз», - деди. Бул пикир шайтанга да жагып, муну катуу колдоду.

Мушриктер ушул ишке даярданып жатканда Аллаху таала Расулуна көчүү буйругун берди. Жабраил алейхиссалам келип,

мушриктердин камдап койгон кастыктарын кабарлап, ошол түнү төшөгүнө жатпоону эскертти. Пайгамбарыбыз Хазрети Алиге өзүнүн төшөгүнө жатууну, калтырган аманаттарын ээлерине жеткирип берүүсүн айтып: «Бүгүн түнү менин төшөгүмө жат, менин чапанымды жамын. Коркпо, сага эч кандай зыян келбейт», - дейт. Хазрети Али Пайгамбарыбыздын айтканындай жатат. Ал Пайгамбарыбыз үчүн өз жанын курман кылууга даяр эле.

Ошол түнү мушриктерРасулуллахтын үйүнүн тегерегин курчап алышат. Пайгамбарыбыз үйүнөн чыгып, «Ясин» сүрөсүнүн башындагы он аятты окуду да бир ууч топурак алып, капырлардын башына чачты. Башына ушул топурак тийген мушриктердин бардыгынын кийин Бадрда ит сыяктуу өлгөндүгү тууралуу риваят кылынган. Пайгамбарыбыз аман-соо алардын араларынан өтүп, Хазрети Абу Бакрдын үйүнө барды. Мушриктердин эч кайсысы аны көрбөгөн эле.

Бираз убакыттан соң мушриктерге бир адам барып, «Бул жерде эмнени күтүп турасыңар?» деп сураганда алар: «Мухаммеддин үйүнөн чыгуусун күтүп турабыз»,- деп жооп беришти. Ал адам: «Ант кылам, Мухаммед араңардан өтүп кетти. Башыңарга топурак чачты», - деди. Мушриктер баштарын кармап көрүп, чынында эле топурак бар экенин көрүштү. Дароо эшикти ачып ичке киргенде Хазрети Алини Расулуллахтын төшөгүнөн көрүп, Пайгамбарыбыздын кайда экендигин сурашты. Хазрети Али: «Билбеймин, мага аны кайтартып койдуңар беле?» - деди. Алар Хазрети Алини жулкулдатышты. Каабанын жанында бираз камоодо кармап, кийин бошотуп жиберишти. Капырлар сыртка чыгып туш тараптан Пайгамбарыбызды издей баштары.

Алгач Хазрети Абу Бакрдын үйүнө барып, анын кызы Эсмадан (радыйаллаху анха) сурашты. Жооп бербеген соң аны уруп-согушту. Меккеде издебеген жерлери, кирбеген үйлөрү калбаган капырлар аны таба алышпай ызаланышты. Башчылары болгон Абу жахл Мекке менен анын айланасына кабарчыларды жиберип, Пайгамбарыбыз менен Абу Бакрды таап келгендерге же кайда экендигин айткндарга 100 төө бере тургандыгын жарыялады. Анын бул сөзүн уккан кээ бир дүнүйөкор адамдар куралданып, аттарына минип издөө үчүн жолго чыгышты.

Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Бакрдын үйүнө барып: «Хижрат кылуума (көчүүмө) уруксат берилди», - деген кезде Хазрети Абу

Бакр Сыддык (радыйаллаху анх) толкунданып: «Бутуңуздун чаңын бетиме сүртөйүн, йа, Расулаллах! Мен дагы сиз менен биргеби?» - деп сурады. Пайгамбарыбыздын**: «Ооба»** деген жоопту уккан Хазрети Сыддык кубанычынан ыйлап жеберди. «Ата-энем сизге курман болсун. Төөлөр дайын. Кайсынысын каалдасаңыз ошону миниңиз», - деди. Пайгамбарыбыз: «Өзүмдүкү болмоюнча минбеймин, акчасына гана сатып алмакчымын», - деди. Мындай так буйрукка баш ийүүгө мажбур болгон Хазрети Сыддык төөнүн баасын айтты. Хазрети Абу Бакр Абдуллах бин Урайкит деген жол көрсөтүүчүлүгү менен таанылган адамды чакырып жалдап, төөлөрдү үч күндөн кийин Севр тоосундагы үңкүргө алып келүүсүн сурады. «Сафар» 27-не бейшемби күнү Пайгамбарыбыз менен Абу Бакр (радыйаллаху анх) бираз жол азык алып жолго чыгышты. Севр үңкүрүнө бараткан жолдо Хазрети Абу Бакр бирде Пайгамбардын артында, бирде анын алдына өтүп далдаалап баратты. Муну байкаган Пайгамбарыбыз жөнүн сураганда Хазрети Абу Бакр (радыйаллаху анх): «Йа, Расулаллах! Эгер бир зыян келсе мага келсин деп жатам!» - деди. Пайгамбар алейхиссалам: «Абу Бакр**,** менин башыма келе турчу кыйынчылыктын мага эмес өзүңө келүүсүн каалайсыңбы**?**» - деп сураганда Абу Бакр: «Ооба, Сизди хак дин менен пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кылайын, келе турчу кыйынчылыктар сизге эмес мага келүүсүн каалаймын», - деди.

Пайгамбарыбыздын бут кийими тар болгондуктан жолдо жыртылып, буттары жараланды, баса тургудай чамасы калбады. Араң дегенде тоого чыгып, үңкүрдүн оозуна жетип барды. Эми кирмекчи болгондо Хазрети Абу Бакр: «Аллах үчүн, ичке кирбеңиз. Мен кирейин, ал жакта зыяндуу нерсе бар болсо мага тийсин»,- деп ичке кирди. Ичти шыпырып тазалады. Оң жана сол жагында ири-майда тешиктер бар эле. Чапанын жыртып, тешиктерди бүтөдү, бирок, бирөөсүн жабууга чүпөрөк жетпей калды. Хазрети Сыддык ал тешикти согончогу менен жаап, ааламдардын султаны болгон Пайгамбарыбызды ичкери карай чакырды. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ичке кирип, башын Абу Бакрдын тизесине коюп уктады. Ошол кезде Хазрети Абу Бакрдын таманын жылан чагып алды. Пайгамбарыбыз ойгонуп кетпесин деп козголбой отура берди. Бирок, көзүнүн жашы Пайгамбарыбыздын бетине тамган кезде: «Эмне боду, Абу Бакр?» - деп сурады.

Хазрети Абу Бакр: «Бутум менен жапкан тешиктен бир жылан бутумду чагып алды», - деди. Пайгамбарыбыз Абу Бакрдын жарасына түкүрүгүн сүрткөн кезде оорусу басылып, жазылып кетти.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) менен Абу Бакр Сыддык (радыйаллаху анх) ичте болгон кезде мушриктер издерине түшүп, үңкүрдүн алдына чейин келишти. Үңкүрдүн оозуна жөргөмүчтүн желе тартканын жана эки көгүчкөндүн уя салгандыгын көрүп, Күрз бин Алкама: «Ушул жерден из үзүлдү», - деди. Капырлар: «Эгер алам бул жерге киришкен болгондо жөргөмүчтүн желеси жыртылышы керек эле», - дешти.

Кээ бирлери: «Ушул жерге чейин келдик, үңкүргө бир адам кирип көрүп чыксын», - дегенде Умаййа бин Халеф: «Силерде акыл барбы? Ант кылам, бул жөргөмүч бул желе торду Мухаммед туулуудан мурда өргөн», - деди. Мушриктер эшиктин оозунда тартышып турганда Хазрети Абу Бакр ичте отуруп: «Йа, Расулаллах! Өзүм үчүн коркпоймун, сизге бир нерсе болобу деп коркомун. Мени өлтүрүшсө болгону жөнөкөй бир адаммын, эч нерсе өзгөрбөйт. Сизге бир зыян келе турган болсо бүткүл үммөт куруйт, дин кулайт», - деди. Пайгамбарыбыз: «Йа, Абу Бакр! Коркпо. Күмөнсүз, Аллаху таала биз менен бирге», - деди. Абу абкр Сыддык (радыйаллаху анх): «Йа, Расулаллах! Сиз үчүн жаным курман болсун. Алардын бири эңкейип карасачы», - дегенде Пайгамбарыбыз: «Йа, Абу Бакр! Мында ошондой эки адам бар, алардын үчүнчүсү Аллаху таала. Убайым тартпа, Хак таала биз менен бирге», - деди. Мушриктер сыртта өзара сүйлөшүп, ичке кайтып кетишти.

Аллаху таала бул тууралуу Курани каримде мындай дейт: «Эгер силер ага (сүйүктүү кулума) көмөктөшпөсөңөр (ошол убакытты эсиңерге түшүргүлө) капырлар аны (Меккеден) эки адамдын экинчиси катары (Хазрети Абу Бакр менен бирге) чыгарганында (Севр тоосунун чокусундагы) үңкүрдө отурганда Аллаху таала ага (Расулуллахка) көмөктөштү. Ошол кезде жолдошуна (Абу Бакр Сыддыкка): «Муңайба, Аллаху тааланын көмөгү биз менен» деген болчу. Аллаху таала ага тынчтыгын жиберип, аны силер көрбөй турган (руханий) аскерлер менен күчтөндүрдү, капырлардын (куфурлук) сөзүн төмөндөттү. Аллаху тааланын (тавхид) сөзү улуу сөз. Аллаху таала анык жеңиш ээси. Жалгыз гана бийлик менен хикмат ээси.» («Тообо» сүрөсү, 40)

Пайгамбарыбыз менен Хазрети Абу Бакр ушул үңкүрдө үч күн болду. Абу Бакр Сыддыктын уулу Абдуллах киши менен оңой тил табышып кете турган адам болчу. Күндүзү мушриктердин арасында жүрүп, алардын Расулуллах тууралуу айткандарын, кандай тузак куруп жатышканын кечкисин аларга кабарлап турат.

Хазрети Абу Бакр Амр бин Фухайраны азат кылган эле. Фухайра азат болсо да эски кожоюнунан кетпей, анын коюн багып тиричилигин өткөрө турган. Кечинде атайылап койлорунун жүрүшүн жайлатып, жанындагы чабандардын карааны үзүлүп кетери менен үңкүргө жетиштүү сүт саап келип турат. Койлорду Абдуллах келип-кеткен жолдорго айдап, из жашырып чоң кызмат кылат.

Мушриктер үч күн бою издеп таба албай үмүтүн үзүшкөн соң Меккеде жайынча турмуш улана баштайт. Мындан Абдуллах аркылуу кабардар болгон соң даярдалган төөлөрдү алдыртып жолго чыгышат. Пайгамбарыбыз Кусва деген төөгө минет. Бир риваятка караганда Абу Бакрды төөсүнө учкаштырып алат. Экинчи төөгө Амир бин Фухайра менен жолбашчы Абдуллах бин Урайкит минишкен.

Ааламдын мырзасы (саллаллаху алейхи васаллам) Аллаху таала Өзү мактаган, шаарлардын эң шарапаттуусу саналган куттуу Меккени чарасыз таштап кетип бара жаткан эле. Узап баратып төөнүн башын Мекке тарапка буруп кайгылуу абалда:

«Валлахи! Сен Аллаху таала жараткан жерлердин эң жакшысысың, Раббимдин алдында эң кааланганысың. Сен мени чыгарбаганыңда мен сенден кетпес элем. Мага сенден артык жер жок. Коомум мени сенден чыгарбаганда сенден кетпес, сенден башка жерге байырлабас элем», - деди. Дал ошол маалда Жабраил алейхиссалам түшүп: «Йа, Расулаллах! Мекениңди сагындыңбы?» - деди. Пайгамбарыбыз**: «Ооба, сагындым»,** - деди. Жабраил алейхиссалам Меккеге кайта тургандыгын сүйүнчүлөгөн «Касас» сүрөсүнүн 85-чи аятын окуп, көңүлүн жубатты.

Улуу сапар тынч улана берди. Мушриктер канча күчтөрүн салып издешкени менен бул куттуу жолоочулардын изине түшө алышпады. Хак таала сүйүктүү кулун алардын жамандыктарынан коргоп турган эле. Расулуллах Кудейд  деген жерге барган кезде Үммү Мабед деген жоомарттыгы менен таанылган, акылдуу, абыройлуу аялдын чатырына туш келет. Акчасына тамак, курма

менен эт алгысы келди. Үммү Мабед: «Эгер бар болгондо бекер берер элем. Жутка байланыштуу колубузду эч нерсе калбады», - деди. «Сүт барбы»,-  деп сурагандарында: «Жок, койлор кысыр», - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз чатырдын жанында турган арык койду көрсөтүп: «Йа, Үммү Мабед, мына бул кой эмнеге бул жерде байланып турат?» - деп сурады. «Өтө арык жана оору болгондуктан акырдан алып койду», - деди. «Сүтү барбы? Ушул койду сааганга уруксат бересизби?» - дегенде: «Сиз үчүн жаным курман, эч нерсемди аябаймын, сүтү жок, бирок сааңыз, сиз үчүн тоскоол жок», - деди. Расулуллах койдун жанына барып, Аллаху тааланын ысымын айтты. Береке келсин деп дуба кылгандан кийин колу менен койдун желинин кармады. Ошол кезде желинине сүт толуп ага баштады. Дароо идиш алып келип толтуруп алды. Алгач Үммү Мабедге берди. Ал ичкенден кийин Хазрети Абу Бакрга жана башкаларга берип, тойгуча ичкизди. Эң артынан өзү ичип, колун дагы желинге тийгизип, чатырдагы эң чоң идишти сүткө толтуруп, Үммү Мабедге берди. Алар ал жерден кеткенден кийин Үммү Мабедин күйөөсү келип сүттү көрөт. Кубанып:  «Бул сүт кайдан келди?» - деп сураганда Үммү Мабед: «Бир касиеттүү адам келип, үйүбүзгө береке киргизди», - деди. «Аны сүрөттөп бере аласыңбы?» - деп сурайт күйөөсү. Үммү Мабед: «Көргөн адамым өтө келбеттүү, жылуу жүздүү жан эле. Көзүндө кызгылт бар, добушу жумшак болчу. Кирпиктери узун, көзүнүн агы аппак, карасы капкара, чачы кара, сакалы кою болчу. Үнсүз турганда салмактуу, сүйлөгөндө күлүмсүрөп турат. Сүйлөгөндө сөздөрү оозунан маржандай төгүлөт. Алыстан айбаттуу болуп көрүнөт, жакындан көрсөң өтө тартымдуу адам. Жанындагылар анын буйругун аткарууга болгон жанын аябайт», - дегенде күйөөсү: «Бул Курайштыктардын издеп жүргөн адамы. Эгер мен ага жолукканда аны менен бирге кетмекмин», - деди. Риваят боюнча ошол кой он сегиз жыл жанаган. Пайгамбарыбыздын берекеси менен бул кишилер ошол кой менен күн көрүштү. Үммү Мабеддин күйөөсү Пайгамбарыбыздын артынан ээрчип, Рим деген жерде ага жетип, Исламды кабылдап мусулман болгон.

## Сурака бин Малик

Мушриктер тыным албай издешет. Алардын тынчсызданганы Хазрети Пайгамбарыбыздын келечекте Ислам өлкөсүн куруп, өздөрүн кыйрата тургандыгына көздөрү жетти. Ошол себептен мушриктер бардык нерселерин ортого салышты. Пайгамбарыбыз менен Абу Бакрды (радыйаллаху анх) өлтүргөн же кармап алып келген адамга жүз төөгө кошуп сансыз мал, акча сунушталат. Бул кабар Сурака бин Маликтин тайпасы Мудлиж уулдарына дагы жетти. Сурака бин Малик жакшы из кубалачу. Ошондуктан, буга маани берип карады.

Мудлиж уулдарынан майда топтор шейшемби күнү Сурака бин Малик жашаган жердеги Кудейдге жыйналышты. Дал ошол маалда курайш адамдарынан бири Сурaaга келип: «Эй, Сурака! Мен бираз мурда үч кишилик бир топтун тиги жаканы көздөй бараткаңын көрдүм. Ошолор балким Мухаммеддин Асхабы болуулары керек», - деди. Сурака жагдайды түшүндү. Бирок, сый үчүн көп мал берилгендиктен аларды жалгыз өзү гана алгысы келди. Ошол себептен, башка адамдын угуусун каалабады. «Жок, сен көргөн ал адамдар баланчалар. Бираз мурда өтүшкөн болчу. Аларды биз дагы көрдүк», - деп, эч нерсе болбогондой отура берди.

Сурака бин Малик дагы бираз отуруп, көзгө илинбестен үйүнө барды. Кызматчысына атын, курал-жарагын алып, өрөөндүн аркасында өзүн күтүп турууну тапшырды. Өзү найзасын алып, жаркырап көзгө илинбөөсү үчүн учун төмөк каратып, атын чаап акыры алардын изин табат. Жакындаган кездеринде бири-бирин анык көрүштү. Жада калса, Сурака Пайгамбарыбыздын окуган Курани каримин дагы укту. Бирок, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) артын карачу эмес. Хазрети Абу Бакр артын караган кезде Сураканы көрүп шашкалактап калды. Пайгамбарыбыз ага үңкүрдөгү сыяктуу: «Убайым болбо, Аллаху таала биз менен бирге», - деди.

Бухаринин риваяты боюнча ушул кезде Абу Бакр бир атчан адамдын өздөрүнө жетип калганын Пайгамбарыбызга айтканда Пайгамбарыбыз: «Йа, Раббим! Аны кулат», - деп дуба кылат. Башка бир риваят боюнча Сурака жандарына келгенде Хазрети Абу Бакр ыйлай баштайт. Пайгамбарыбыз себебин сураганда: «Өзүм үчүн ыйлабаймын. Сизге зыян келеби деп ыйлаймын», - деди.

Сурака Пайгамбарыбызга жакындады: «Йа, Мухаммед! Сени бүгүн менден ким коргойт?» - деди. Пайгамбарыбыз: «Мени Жаббар жана Каххар болгон Аллаху таала коргойт», - деди. Ошол кезде Сураканын атынын алдыңкы эки буту тизесине чейин жерге кирип кетет. Андан чыгарып дагы да умтулган кезде дагы эле ошондой кайталанат. Канча тырышканы менен атын чыгара албады. Ал эч нерсе кыла албастан акыры мээримдүү Пайгамбарыбызга жалына баштайт. Кемел, көркөм мүнөздүү Пайгамбарыбыз анын бул тилегин кабыл кылат. Сурака: «Йа, Мухаммед! Корголо тургандыгыңды түшүндүм. Дуба кылып мени куткар. Мындан кийин сага зыян келтирбеймин. Сенин артыңан түшкөндөргө да сени айтпаймын», - деди. Пайгамбарыбыз: «Йа, Раббим! Эгер ал сөзүндө тура турган болсо атын куткар», - деп дуба кылганда Аллаху таала бул дубаны кабыл кылды.

Сурака бин Маликтин аты ушул дубадан кийин гана кумдан чыгарылды. Аттын буту кирген жерден асманга карай түтүн сыяктуу бир нерсе көтөрүлүп жатты. Сурака таң калып, ушул окуялардан кийин Мухаммед алейхиссаламдын ар дайым көрүнбөй турган бир кудурет аркылуу корголо тургандыгын түшүндү. Ал көп нерсеге күбө болду. «Йа, Мухаммед! Мен Сурака бин Маликмин. Мага эч кандай күмөнүңүз болбосун. Сизге сөз беремин. Мындан кийин сиздерге жакпай турчу эч нерсе кылбаймын. Коомуңуз сизди жана жолдошторуңузду кармап берген адамга көп сый беребиз деп жатат», - деп курайштыктардын көздөгөн максаттарын айтып берди. Жада калса, ал жол азык жана төө бергиси келет, бирок, Пайгамбарыбыз кабылдабай: «Эй, Сурака! Сен Ислам динин кабылдамайынча мен сенин төөңдү да, уйуңду да кабылдабаймын. Сен бизди көргөнүңдү айтпа, ошол жетет», - деди. Ибн Сааддын накыл кылуусу боюнча: «Сурака Пайгамбарыбыздын эмне каалагандыгын сураганда: «Элиңе бар, бизге эч кимдин жетип келүүсүнө жол бербе», - деген.»

Аллаху таала каалаган бардык нерсе болот. Ага чын көңүлдөн ишенип, Анын ыраазылыгы жолунда жүргөндө таң ажайып окуялар жүзөгө ашчу. Пайгамбарыбызды өлтүрүп, көп табышка ээ болгусу келген Сурака эми тартиптүү, тил алчаак баланын кейпине кирген эле. Бардык нерсеге кудурети жетчү Аллаху таала Пайгамбарыбызга зыян келтирбөө үчүн Сураканын жүрөгүн жумшартты. Албетте, Аллаху таала Сүйүктүү Кулун жалгыз калтырмак эмес. Анткени,

ал адамдарга жакшылык кылуу үчүн, алардын дүнүйөдө дана акыретте түбөлүк бакытка жетүүлөрү үчүн жиберген Сүйүктүү Пайгамбары эле.

Сурака ушундай кийин келген изи менен кайра артка кайтты. Башынан өткөн окуяларды эч кимге айтпады.

## Сүйүнчү, сүйүнчү! Ааламдын султаны келе жатат!..

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Хазрети Абу Бакр, Амир бин Фухайра (радыйаллаху анхум) жана жол башчы Абдуллах бин Урайкит болуп хижраттын 1-жылы Рабиул-аввал 8-не Куба айылына жетишет. Бул күнү мусулмандардын хижри шамси жылынын башы болду. Күлсүм бин Хидм (радыйаллаху анх) деген бир мусулмандын үйүндө турду. Ушул жерде алгачкы мечитти салды. Кубада биринчи жолу Жума намазын окуп, биринчи жолу хутба окуду. Куба мечити аяти каримада «Такыбаалыкка негизделип салынган мечит» деп макталды. («Тообо» сүрөсү, 108).

Ушул кезде Меккеде калган Хазрети Али (радыйаллаху анх) Каабадагы Пайгамбарыбыздын Каабадагы отура турчу жерине отурду. «Расулуллахта кимдин кандай аманаты болсо келип алсын», - деп кабар таркатты. Баары келип, аманаттарын алды. Ушундайча, аманаттар өз ээлерине кайтарылып берилди.

Меккеде калган сахабалар Хазрети Алинин кол астында баш калкалашты. Расулуллахтын үйү-бүлөсү Меккеде болгон мезгил бою Хазрети Али да ошол жерде болду. Бираз убакыттан кийин Расулуллах өзүнүн очогун Мадина Мунаввара алып келинүүсүн буюрду.

Аллахтын арстаны Хазрети Али Курайш капырлары жыйналган жерге барды. «Иншаллаху таала эртең Мадинага кетемин. Айта турчу нерсеңер барбы? Айта турчу нерсеңерди мен ушул жерде турган кезде айткыла», - деди. Бардыгы баштарын ийип, эч нерсе айтышпады. Таң эрте Хазрети Али Расулуллахтын оокат-буюмдарын жыйнап, Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү жана тууганадары менен бирге жолго чыкты. Расулуллах менен Кубада кездешкен кезде буттары канап, шишип кеткен эле. Күндүз жашынып, түнү жөө жүрүү аркылуу өткөн сапарында Пайгамбарыбыз бул абалды угуп, ага өзү барат. Хазрети Алини көргөн кезде ага абдан боор ооруп, колу менен анын буттарын

сүртүп, дуба кылды. Ушул абалга байланыштуу: «Адамдардын ичинде ошондой адамдар бар, алар Аллаху тааланын ыраазылыгы үчүн напсилерин курман кылат» («Бакара» сүрөсү, 207-чи) аятынын түшкөндүгү айтылды.

Мадинага мурунураак көчкөн сахабалар менен Мадиналык мусулмандар Пайгамбарыбыздын Меккеден келе жатканын ушуп, аны чыдамсыздык менен күтүшкөн. Мадинанын сырткы жактарына көзөмөлчөлөрдү коюп, Пайгамбарыбызды күтүп алууга даярданышты. Бир күнү «Келе жатат! Келе жатат!» деген үн чыкты. Үндү уккандар чөлгө көз жүгүртө башташты. Ооба, ооба, алар да ысык чөлдө, күндүн ысык аптабына карабастан айбаттуу түрдө өздөрүнө карай келе жаткан адамдарды көрүшөт. Кубанып бири-бирине: «Сүйүнчү, сүйүнчү! Расулуллах келе жатат! Пайгамбарыбыз келе жатат! Кубангыла, эй, Мадиналыктар. Майрамдагыла, Хабибуллах келе жатат! Баш таажыбыз келе жатат!» - деп кыйкыра башташты. Бул кабар бир заматта Мадинанын көчөлөрүн жаңыртты. Жаш-кары баары ушул кубанычтуу күндү күтүп жүрүшкөн эле. Мадиналыктардын бардыгы эң жакшы кийимдерин кийишип, Ааламдардын Султанын күтүп алууга чыгышты. Такбир үндөрү асманды жаңыртып, кубанычтан адамдардын көздөрүнөн жаш шорголоогон эле. Мадина өз тарыхындагы эң сулуу күндү башынан өткөргөн эле. Бир жакта «эмин» (ишенимдүү, чынчыл) деген лакабы менен таанылган Аллаху тааланын сүйүктүү кулун өлтүрө турган адамга сыйлык койгондор, ал эми экинчи жакта аны жана анын жолдошторун коргоо, боорлоруна басуу жана ошол жолго жандарын курман кылгысы келгендер.

Мадиналыктар Пайгамбарыбыздын нурдуу дидарын тезирээк көрүүгө ашыгышты. Мадина калаасы Мадина болгондон бери мындай кубанычты, мындай касиеттүү убакты башынан өткөрбөгөн эле. Бул ал күнгө чейин болуп көрбөгөн бир майрам эле.

Теңдешсиз бул майрамда балдар менен аялдар минтип ырдап жатышты:

«Тале’ал-бедру алейна,
Мин сානият-ил-ведаъ.
Вежеб-эш-шукру алейна,
Ма де’аллаху даи.
Эййух-эл-мебъусу фина,
Жите бил-эмр-ил мутаъ!...»

«Кош келдиңиз, йа, Расулаллах!», «Биздин үйгө жүрүңүз, йа, Расулаллах» деген сөздөр айлананы жаңыртты. Шаарды бийлеген айрым төбөлдөр Кусванын буйласын талашып, ар кимиси өз үйүн карай жетелейт.

Мадинанын кээ бир алдыңкы катардагы адамдары Кусванын тизгинин кармап, «Йа, Расулаллах! Бизге келиңиз, биздин үйгө жүрүңүз», - деп чакырышты. Аларга: «Төөмдүн тизгинин бош койгула, төөм кимдин үйүнүн алдына барып чөксө, ошол үйгө конок боломун», - деди. Бардык адамдар алаңдап, толкунданып карап турушту. Кусва каерге чөгөөр экен?! Кусва Мадинанын ичине карай кирип, ар үйдүн эшигинин алдынан өткөн кезде үй ээлери: «Йа, Расулаллах! Бизге келиңиз, бизге келиңиз!» - деп жалбарышты. Пайгамбарыбыз аларга күлүмсүрөп: «Төөнүн жолун ачкыла! Каерге чөгө тургандыгы ага буюрулган», - деди. Кусва Пайгамбарыбыздын азыркы мечитинин эшиги орун алган жерге барып чөктү. Пайгамбарыбыз төөдөн түшпөдү. Жаныбар кайрадан туруп баса баштады. Дагы эле ошол жерге барып чөгүп, кайра турган жок. Пайгамбарыбыз Кусвадан түшүп: «Иншаллах, ордубуз ушул жер. Бул жер кимдики?» - деп сураганда: «Йа, Расулаллах! Амрдын уулдары Сухейл менен Сехлдики», - деген жооп алды. Бул балдар жетим эле. Пайгамбарыбыз: «Тууганыдарыбыздан кайсынысынын үйү бул жерге жакын?» - деп сурады. Анткени, Пайгамбарыбыздын атасы Абдулмутталибдин энеси Нажжар уулдарынан чыккан эле. Халид бин Зейд Абу Аййуб аль Ансари кубанып, «Йа, Расулаллах! Менин үйүм жакынырак. Мынабул менин үйүм, мынабул эшиги», - деп көрсөттү. Кийин Кусванын жүгүн түшүрүп, Пайгамбарыбызды үйүнө конок кылды.

Мадиналык мусулмандар менен мухажирлер Пайгамбарыбыздын келгенине катуу кубанышты.

# МАДИНА-И МУНАВВАРА ДООРУ

Пайгамбарыбызга пайгамбарлыгы билдирилгенден кийин 13 жылдан кийин 12-Рабиуль-аввалда, милади 622 жылы Мадинага көчүүсү менен 10 жылган созула турчу Мадина доору башталды.

Халид бин Зейд Абу Аййуб аль-Ансаринин үйүнө конгон Пайгамбарыбыз астындагы кабатта турууну тандап, ошол жерде отурукташат. Ушундайча Ааламдын Султанын конок кылуу урматы ушул сахабага буюрду.

Хазрети Халид мындай дейт: «Расулуллах үйүмө келген кезде астыңкы кабатта турууну тандады. Биз үстүңкү кабатта туруп, бул жагдайдан катуу ыңгайсызданчубуз. Бир күнү: «Бардык нерсем жолуңузга курман, йа, Расулаллах! Сиздин төмөнкү кабатта туруп, өзүмдүн жогоруда тургандыгыма эч көңүлүм тынчтанар эмес. Бул мага оор тиет. Сиз үстүңкү кабатта туруңуз, мен астыңкы кабатта турайын», - дедим. Ал мага: «Йа, Абу Аййуб! Үйдүн астыңкы кабатында туруу биз үчүн ыңгайлуураак», - деди. Келген адамдар менен оңой кездешип, сүйлөшүү үчүн астыңкы кабатты тандаган эле. Бир күнү суу куюлган кумганыбыз сынып, төгүлгөн суунун Пайгамбарыбыздын үстүнө тамып, аны тынчсыздантуудан коркуп аялым экөөбүз жамынган жалгыз жуурканыбызды суунун үстүнө таштадык.» Абу Аййуб Ансари үстүңкү кабатта тургандыгына ктуу кысылчу. Акыры өзү астыңкы кабатка түшүп, Пайгамбарыбызды жогору чыгарды. Абу Аййуб мындай дейт: «Пайгамбарыбызга ар ачан кеч тамак даярдап жиберчүбүз. Калган тамак келген кезде аялым экөөбүз анын тийген жерин издеп ошол жерден жегенге аракет кылчубуз. Бир күнү түндө пияз менен сарымсак кошулган тамакты Пайгамбарыбыз артка кайтарды. Анын жебегенин көрүп ага жүгүрүп бардым. «Йа, Расулаллах! Кечки тамакты кайтарган экенсиз. Анда мубарек колуңуздун изин көрө албадым. Биз аялым Үммү Аййуб экөөбүз сиз жеген жерден жеп, ошондон берекеттенчүбүз», - дедим. Пайгамбарыбыз: «Бул жашылчада бир жыт сездим. Аны жебедим. Мен периште менен сүйлөшөмүн», - деди. «Ал тамак харамбы?» - деп сурадым. «Жок! Бирок, мен анын жытын жактырбадым», - дегенинде: «Сиз жактырбаган нерсени мен да жактырбаймын», - дедим. Пайгамбарыбыз: «Жок, аны жегиле», - деди. Ошентип, биз ал тамакты жедик, бирок, андан кийин ал жашылчадан Пайгамбарыбызга тамак бышырбадык.

Бир жолу Хазрети Пайгамбарыбыз менен Хазрети Абу Бакрга ылайыктуу тамак жасап, экөөнүн алдына алып бардым. Пайгамбарым мага ыраазылыгын билдиргендей баш ийкеп: «Эй, Абаа Аййуб, бул тамакка ансардын аксакалдарынан отуз кишини чакыр!» - деп буюрду. Эч нерсе түшүнбөсөм да ичимден тамактын аздыгына кыжаалат боло отуз адамды чакырып келдим. Биздин азыноолак деген тамагыбыз баарын тойгузду. Ансардын аксакалдары мында бир мужиза бар экенин түшүнүштү. Ыймандары кубаттанып, дагы да баш ийүү антын беришти. Буларды узаткандан кийин: «Алтымыш кишини чакыр!» деди. Жасаган тамагыбыздын азайбастан мурунку калыбында көргөнүмдө бул жерде адамдын аң сезими жеткис бир мужиза бар экенин аңдап, алтымыш кишини чакырып келдим. Пайгамбарыбыздын айтуусу менен он-ондон отуруп, бардыгы тамак жеп тоюшту. Пайгамбарыбыздын мужизасын көрүп, үйлөрүнө кайтышты. Ушундайча, 180 адам тамак жеди. Ал эми тамак эч азайбай, козголбогон сыяктуу турду.

## Ансар менен мухажирдин бир тууган болуулары

Пайгамбарыбыз Мадина-и Мунавварада тыгыз байланыштын орноосу үчүн көчүп келген мухажирлер менен аларды үйлөрүнө конок кылгандарды бири-бирине тууган кылды. Хазрети Али эң акырында калган кезде унутулдум деп ойлоп, «Йа, Расулаллах! Мени унутуп кеттиңизби?» - дейт. Ааламдардын мырзасы Пайгамбарыбыз: «Сен дүнүйөдө жана акыретте менин тууганымсың», - деди. Бул бир боорлоштук материалдык жана руханий көмөк берүү негизине таянчу. Ушундайча мухажирлер элдеринен, мекенинен, тууганадарынан ажыроонун кайгысынан бираз болсо да арылышчу. Ансыз да Мадиналык мусулмандар (радыйаллаху анхум) Аллаху тааланын динин кармануу таратуу үчүн мекенин таштап келген мухажир бир боорлоруна кучактарын ачып, үйлөрүнөн орун берип, аларга бардык жактан жардам берип жатышкан эле. Бул боордоштук аркылуу меккелик жана Мадиналык мусулмандар бири-бирине андан бетер жакындай түшүштү. Пайгамбарыбыз ар бир мухажирди мүнөзүнө шай келе турган бир ансар менен боордош кылды. Бул боордоштугунун деңгээли аталарынан калган мал-мүлктү бөлүшө тургандай жагдайда эле.

Ар бир Мадиналык мулсулман жерин, бакчасын, үйүн, малын, эмнеси бар болсо баарын экиге бөлүп, жартысын мухажир боордошуна кубана-кубана берди. Мухажир Абдуррахман бин Авф минтип эскерген: «Биз Мадинага көчүп барганыбызда Пайгамбар (алейхиссалам) мени Саад бин Рабиа менен бир тууган кылды. Диндешим, боордошум Саад (радыйаллаху анх): “Боордошум Абдуррахман. Мадинанын байларынын бири менмин. Мал-мүлкүмдү экиге бөлдүм, бирөө сеники!” - деди. Мен ага: «Аллаху таала мал-мүлкүңө береке берсин. Менин мал-мүлккө муктаждыгым жок. Мени базарыңарга алып бар, ошол жетет», - дедим.

Мындай бийик даражадагы боордоштук бир гана Ислам боордоштугу аркылуу гана калыпташуусу мүмкүн эле. Адам алейхиссаламдан ошол күнгө чейин адамзат тарыхында элдердин, коомдордун көптөгөн көчтөрү орун алган. Бирок, көчүп келгендер менен жергиликтүү калк арасында мынчалык адал ниетттүү достук орногон мындай улуу көч болбогон эле. Аллаху таала: «Момундар бири-бирине боордош», - деди. («Хужурат» сүрөсү, 10-аят). Ушундайча чыныгы сүйүү менен адалдыктын материалдык пайда менен эмес ыйман жана ишеним аркылуу калыпташа тургандыгына ишарат кылынды. Сахабалардагы бул абал Пайгамбарыбыздын сухбаты менен колго тийип жатты. Пайгамбарыбыздын жүрөгүнөн чыккан парасаттуу сөздөр, фейз-берекелер сахабалардын жүрөгүнө жетип, ушунун натыйжасында боордоштук сезимдери ойгонуп, чын көңүлдөрү менен бири-бирин жакшы көрүп башташкан.

Ансар менен мухажирлер ушул Ислам борборунда бири-бири менен өтө жакын аралашып, бир бүтүн болуп кайнашып, Ислам дининин кубаттануусу үчүн бардык кыйынчылыктарга чыдоого жана ушул жолдо шахадат шербетине жетүүгө убада беришти. Ушундайча Пайгамбардын жанына жыйналып, Ислам дининин негиздерине баш ийишип, жаңы турмуш орнотуп, жаңыдан өмүр сүрүү салтын калыпташтырышты. Эми ислам дини хижрат окуясы аркылуу мамлекет болуу жолуна алгачкы кадамын басты. Мадина-и Мунаввара болсо Ислам дининин бешиги менен борборуна айланды.

Мадинадан сахабалардан башка хрифстиандар, яхудилер жана бутка сыйынган мушриктер дагы бар болчу. Яхудилер Бени Кайнука, Бени Курейза жана Бени Надр деген үч тайпадан турчу. Алар Исламга, айрыкча Пайгамбарыбызга кас душман болушту.

Ушул учурда меккелик мушриктер Пайгамбарыбыздын Мадинада сахабаларды бири-бири менен боордош кылып, тууган кылып жатканын өздөрү үчүн чоң кооп болот деп эсептешти. Кыска убакыт ичинде бул ишке тоскоол коюлбай турган болсо мусулмандар күчтөнүп, Меккеге чабуул жасоолору мүмкүн, калтырып келкен жерлерин, үйлөрүн, мекенин алардан алып койуулары мүмкүн эле. Ушундай ой менен меккелик мушриктерден Мадиналык мусулмандарга кокуткан маанидеги каттар келе баштады. Бул каттардын биринде: «Күмөнсүз, арабызда душмандык бар, бизди эч бир арап тайпасы силер сыяктуу таарынткан жок. Анткени, бизден чыккан адамды бизге кайрып берүүнүн ордуна ага көмөктөшүп, кучак жайып, коргодуңар. Бул силердин эң чоң кемчилигиңер. Эгер анын аракеттери көңүлдөгүдөй болсо ага эң көп сүйүнө турчу биз болобуз. Тескерисинче болсо аны кайтаруу дагы биздин милдетибиз», - делинген эле.

Кааб бин Малик болсо ал катка Хазрети Пайгамбарыбызды мактап баштаган өтө кереметтүү кат жазды.

Меккелик мушриктер Мадиналык мушриктерге да дал ошондой музмундагы каттарды жазышкан эле. Аларга да: «Эгер биздин кишибизди калааңардан чыгарып жибербесеңер же өлтүрбөсөңөр силерге чабуул жасап, өзүңөрдү да өлтүрүп, аялдарыңарды туткунга алабыз», - деп коркутушту.

Ушундан кийин Мадиналык мушриктер Абдуллах бин Убей деген мунафыктын жанына жыйналып, мүмкүндүк болор замат Пайгамбарыбызга зыян берүүгө чечим чыгарышты.

Мусулмандар муну угуп, Пайгамбарыбызды коргоо үчүн бардык чараны колдонуп, дайыма анын айланасында жүрүп, араларынан чыгарышкан жок. Түнү көчөгө чыкпай турган, үйлөрүндө уктабай турган абалга келишет. Убей бин Кааб айтат: «Расулуллах менен сахабалар (радыйаллаху анхум) Мадинага көчүп келгенде мусулмандар мушрик арап тайпаларынын душманына айланды. Сахабалар курал-жарак асынып, таң атканга чейин Пайгамбарыбызды жана мусулман үй-бүлөлөрдү кезектешип күзөтүшчү.» Сахабалар бир ооздон биригип, коркунучтуу абалдарда болгон күчтөрү менен мусулман бир боорлоруна көмөк көрсөтүүгө умтулушчу. Алардын башында Пайгамбарыбыз бардык жакшы мүнөздөрү менен кошо эр жүрөктүктө дагы сахабалардын башында турду. Түндүн кайсы маалында болсо да бир добуш укса

эч бара электен мурда аты менен ал жерге куштай учуп жетип, сахабаларына корко турчу эч нерсе жок экенин айтып, аларды тынчтандырчу.

## Пайгамбар мечити «Масжид-ун Наби»

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Мадинага көчкөн кезде биринчи болуп орундалчу иш катары сахабаларын жетилдире турган, жамаат менен намаз окуй турган мечиттин салынуусун каалады. Ушул кезде Жабраил (алейхиссалам) келип: «Йа, Расулаллах! Аллаху таала сага таштан жана кыштан мечит салууну буюрду», - деди. Пайгамбарыбыз дароо төөсү Кусванын Мадинага келген кездеги чөккөн жерин ээлеринен сатып алмак болду. Ээлери: «Йа, Расулаллах! Биз анын акысын бир гана Аллаху тааладан күтөбүз», - деди. Бирок, Пайгамбарыбыз муну кабылдабай анын акысын ашыгы менен төлөдү. Бир жактан жрди тегиздөө жумушу кылынып жатканда экинчи жакта кыштар куюлуп, таштар алынып келинди. Бардык даярдыктар аяктагандан кийин мусулмандар мечиттин пайдубалын төгүүгө жыйналышты. Пайдубалдын алгачкы ташын Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи ва саллам) өз колу менен койду. Кийин кезек менен: «Абу Бакр ташын мен койгон таштын жанына койсун. Омар ташын Абу Бакр койгон таштын жанына койсун. Андан кийин Осман, кийин Али койсун», - деди. Буйругу орундалгандан кийин ошол жердеги сахабаларга: «Силер да таш койгула», - деди. Алар да таш коюп башташты.

Мечит салуу ишине Пайгамбарыбыздан баштап бардык сахабалар белсене аралашышты. Пайгамбарыбыз таш менен кыш көтөрүп, ташыды. Пайдубалын таш менен бир жарым метрге чейин көтөрүп, үстүнө кыш калашты. Курулуш маалында Расулуллахутын кыш көтөрүп бара жатканын көргөн бир сахаба : «Йа, Расулаллах! Мага бериңиз, кышты мен көтөрөйүн», - дейт. Пайгамбарыбыз ага өтө назиктик менен өзүнүн да мындай сооптуу иштен куру калбоого аракет кылып жатканын айтып, кышты бербеди. Алиги сахабага дагы таш ташуусун сунуштады.

Масжид-ун-Набинин салынуусунда эң көп жумуш кылгандардын бири Пайгамбарыбыз эле. Эң чоң таштарды көтөрүп, усталарга алып барып берчү. Таш-кирпичтерди ташып жүрүп бул иштин маанилүүлүгүн, бериле турчу ниматтар тууралуу айтып, сахабаларына күч берчү.

Пайгамбарыбыздын ушундай кайратын көргөн мусулмандар жан-дилин салып иштешти. Жада калса, Аммар бин Ясер (радыйаллаху анх) башкалар бир кирпичтен ташыса ал болсо бирин Пайгамбарыбыз, экинчиси өзүм үчүн деп эки кирпичтен ташыды. Муну көргөн Пайгамбарыбыз Хазрети Аммардын жанына барып: «Эй, Сумеййенин уулу! Башкалардын бир, сенин эки сыйлыгың бар», - деди.

Мечиттин дубалы кыска убакытта тургузулуп, үстү жабылды. Ошону менен катар мечитке жанаша Пайгамбарыбыз үчүн кирпичтен эки бөлмө салынды. Алардын үстү да курма багы жана бутактары менен жабылды. (Убакыт өтүшү менен дагы бөлмөлөр салынып, бөлмөлөрдүн саны тогузга жетти.) Мечиттин курулушу бүткөндөн кийин Пайгамбарыбыз Хазрети Халид бин Зейддин үйүнөн өзү үчүн салынган үйүнө көчтү.

## Курма багынын муңу

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Жума күндөрү «Ханнана» деген курма багына жөлөнүп хутба окучу. Кийин сахабалар үч тепкичтүү минбар курушат. Ошол жумада Расулуллах хутба окуу үчүн жаңы минбарга чыгат. Ал учурда курма дүмүрүнөн муңканган ыйдын үнү угулат. Бардык сахабалар бул добушту угушат. Добуш токтобостон чыга берет. Ошондо Расулуллах (*саллаллаху алейхи васаллам*) *минбардан* түшүп жанына барып колу менен сылаганда гана басылат. Кургак курма багынын Пайгамбарыбызды ушунчалык жакшы көргөндүгүн көргөн сахабалардын көздөрүнөн жаш аккан эле.

Бул окуя тууралуу Хазрети Энес бин Малик (радыйаллаху анх): «Анын ыйы мечитти да титиретти» - деген.

Ибн-и Абу Вада (радыйаллаху анх): «Курма багы ордунда кыймылдап жатты. Хазрети Пайгамбарыбыз басып барып колун коёр замат үнү басылды» - деген. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Аллаху таалага ант кыламын, эгер аны сылабаганымда мага деген сагынычтан кыяматка чейин ошондой ыйлап турмак», - деген. Андан соң Пайгамбардын буйругу менен курма багы адам сыяктуу жерге көмүлдү. Башка бир риваятта мындай делинген: «Кааласаң сени мурунку бакчаңа берейин. Кайрадан өркүндөп ачып калыбыңа кел. Кааласаң сени Бейишке

отургузайын, Аллаху тааланын достору жемишиңен жесин», - деди. Пайгамбарыбыз анын мындай дегенин ишитти: «Мени Бейишке отургуз, жемишимди Аллаху тааланын достору жесин жана эскирип чирибей турган жерде болоюн». Бактын мындай сүйлөгөнүн Пайгамбарыбыздын жанындагылар дагы угушту. Пайгамбарыбыз ага: «Каалооңду орундаймын», - деп жооп берди. Кийин сахабаларына карап: «Фани (жалган) өмүрдүн ордуна баки (түбөлүк) өмүрдү тандады», - деди.

## Хазрети Айшага үйлөнүүсү

Пайгамбарыбыз менен Хазрети Абу Бакр Мадинага көчкөндө экөө тең балдарын убактылуу Меккеде калтырышат. Расулуллах *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен Хазрети Хадича энебиз кайтыш болгондон кийин бир жылдан соң Хазрети Айша менен Меккеде нишан кылынды. Имам Бухаринин риваят кылган хадиси шарифинде Хазрети Айша мындай деген: «Эй, Айша! Сен мага түшүмдө эки жолу көрсөтүлдүң. Мен жашыл жибек кездемеден сенин сүрөтүңдү көрдүм. Мага: «Бул сенин болочок жарың», - делинди», - деди. Ушундай кийин Пайгамбарыбыз менен Хазрети Айша нишан кылынды. Бирок, той ал кезде кылынган жок, муну Хазрети Айша мындай баяндаган:

«Пайгамбарыбыз Мадинага көчкөн кезде бизди жана кыздарын Меккеге калтырып кеткен эле.Мадинага баргандан кийин азат кулу Зейд бин Хариса менен Абу Рафини эки төө менен керек буюмдарды сатып алуу үчүн 500 дирхам акча менен бизге жиберди. Атам Абдуллах бин Урайкитти эки-үч төө менен ошолордун арасына кошуп, энемди, мени жана сиңдим Эсманы төөлөргө мингизип алып кетүүсүн тууганым Абдуллахка кат жазып буюрду. Мен, энем Үммү Руман жана Расулуллахтын кызы Хазрети Зейнеп баарыбыз жолго чыктык. Кудайд деген жерге барган кезибизде Зейд 500 дирхамга дагы үч төө сатып алды. Бизге Талха бин Убайдуллах да кошулду. Минадан Бейд деген жерге жеткенибизде менин төөм качып жөнөдү. Мен чүмбөттүн ичинде элем. Энем кыйкырып шашкалактап калды. Аллаху таала төөбүздү токтотуп, бизди куткарды. Акыры Мадинага жеттик. Мен атамдын үй-бүлөсү менен бирге түштүм.»

Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү бөлмөлөрүнүн алдында түштү. Хазрети Айша атасы Абу Бакрдын (радыйаллаху анх) үйүндө бираз

убакыт турду. Хазрети Абу Бакр бир күнү Пайгамбарыбызга: «Йа, Расулаллах! Үйлөнбөөңүздүн себеби эмне?» - деп сурады. Расулуллах алейхиссалам: «Махр», - деди. Хазрети Абу Бакр Расулуллахка махрлык акча жиберди.

Ушундайча Хазрети Айша экөөнүн тою болду. Ал кезде Пайгамбарыбыз элүү беш жашта болчу. Хазрети Айша энебиз өтө акылдуу жана зээндүү болчу, болгон окуяларды ошол замат ыр кылып жамактап айта алчу. Үйрөнүп, жаттаган нерсесин эч убакта унутчу эмес. Өтө акылдуу, зээндүү, билимдүү, адептүү, таза, салиха болчу. Эске сактоосу өтө кубаттуу болгондуктан Асхабы кирам көп нерселерди андан сурап үйрөнүшчү. Аяти карима менен макталган.

## Мухаммед алейхиссаламдын азаны

Масжид-ун-Наби салынып бүткөндөн кийин намаз убакыттарында убакыттын киргенин билдирчү жана мусулмандарды мечитке чакыра турчу бир усул жок болчу. Бир гана «Ассалату жамиа» деп айтылчу.

Пайгамбарыбыз бир күнү сахабалары менен кеңешип, намаз убакыттарында момундарды мечитке кандай чакырууга боло тургандыгы тууралуу акылдашты. Бири намаз убакыттарын билдирүү үчүн «христиандар сыяктуу коңгуроо кагалы» десе, экинчиси «яхудилер сыяктуу керней тарталы», - деди. Дагы бири «намаз убактында от жагып жогору көтөрөлү» деген пикирлерин айтышат. Пайгамбарыбыз алардын эч кайсынысын кабылдабады.

Ошол күндөрдө Абдуллах бин Зейд бин Салаба менен Хазрети Омар экөө тең азан айтып намазга чакырууну түшүндө көрүшөт. Хазрети Абдуллах Пайгамбарыбызга (алейхиссалам) түшүн мындай деп айтып берди: «Жашыл шаал менен алжапкыч тагынган, колуна коңгуроо кармаган бир адамды көрдүм. Ага: «Колуңдагы коңгуроону сатасыңбы?» - деп сурадым. Ал мага: «Эмне кыласың?» - деди. «Намаз убакыттарын билдирүү үчүн коңгуроо кагамын», - дегенимде ал адам: «Мен сага андан жакшысын айтайын», - деп, кыбылага карап бийик үн менен «Аллаху акбар, Аллаху акбар» деп баштады. Бүтүргөндөн кийин: «Намаз окуй турчу кезинде» деп азанды кайталап көрсөттү да аяк жагында «Кад кааматис-салату» дегенди кошуп айтты.»

Буга Пайгамбарыбыз: «Түш – акыйкат. Ошол сөздөрдү Билалга үйрөт, окусун», - деди. Бул «азан» деп аталды.

Хазрети Билал (радыйаллаху анх) мечиттин жанындагы бийик тамга чыгып, биринчи жолу азан окуду.

Хазрети Омар азандын үнүн угуп, жүгүрүп Пайгамбарыбызга келди. Хазрети Билалдын айткан сөздөрүн түшүндө көргөнүн айтты. Ошол түнү бир нече сахаба дагы ушундай түш көрүшкөн эле. Мына, ушул кезде «Жума» сүрөсүнүн 9-чу аяты түшүп, вахий менен азан айтылуу билдирилди.

Билал Хабаши бир күнү багымдат намазынын убагында Пайгамбарыбыздын эшигинин алдында «Ас-салату хайрун минаннавм» деп эки жолу айтты. Пайгамбарыбызга бул жагып: «Билал, бул кандай керемет сөз! Таң намазынын азанын окуганда муну да кошуп айт», - деди. Ушундайча багымдат намазынын азанында ушул сөз кошулуп окула турган болду.

Хазрети Пайгамбарыбыз кайтыш болгонго чейин азанчы болгон Хазрети Билалдын (радыйаллаху анх) үнү абдан асемдүү жана таасирдүү эле. Ал азан окуп баштаганда бардык адамдар таасирленип, керемет күүгө бөлөнүшчү. Ал азан окуган кезде адамдардын көздөрүнөн жаш акчу. Сахабалардын (радыйаллаху анхум) бири-бирин намаз убакыттарында мечитке азан аркылуу чакыруулары Мадиналык мушриктер менен яхудилерди ызаландырды. Азан окулуп жаткан кезде алар мазактап оюн катары көрүшчү. Алардын бул кылгандарына каршы Аллаху таала Курани каримде: «Алар намазга азан менен чакырган кезде аны оюн көрүшүп, мазак кылышчу. Бул алардын акылы кем коом болуусунан», - деп буюрду. («Маида» сүрөсү, 58)

## Сахабаларым көктөгү жылдыздардай

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) сахабаларды жетилтүү үчүн Масжиб-ун-Набиде кереметтүү сухбаттарды өткөрүп, Аллаху тааланын өзүнө берген фейз-берекелерди аларга жеткирди. Пайгамбарыбыздын сухбатына катушуу урматына ээ болгондор алгачкы сухбатта эле жүрөктөрүндө чоң өзгөрүүнү сезип, бийик илимий марифаттарга (илимдерге) кол жеткизишкен. Ушул сухбаттар аркылуу сахабалар Пайгамбарыбыздан баштап бардык сахаба жолдошторун жакшы көргөн абалга жетишчү.

Аллаху таала аларды аяттар менен мактаган. Алар Расулуллахтын алдында ушунчалык адептүү болушкандыктан башына куш конуп учуп кетпесин деген адам сыяктуу кыймылсыз, бардык ынтааларын коюп, дыкат тыңдап отурушчу. Ушундайча, сахабалар (радыйаллаху анхум) пайгамбарлардан жана улуу периштелерден кийинки эң жогору жаратылыш деңгээлине жетишкен.

Аллаху таала Курани каримде: «Силер үммөттөрдүн эң жакшысы, эң кайырлуусу болдуңар. Жакшылыкка чакырып, жмндыктан тыясыңар...», - дейт. («Али Имран» сүрөсү, 110)

«Алгач мусулман болгондордон, мухажирлер менен ансарлардын мурда келгендеринен жана алардын жолунда жүргөндөрдөн Аллаху таала ыраазы жана алар да Аллаху тааладан ыраазы. Аллаху таала аларга Бейиштерди даярдады. Бул Бейиштердин астынан өзөндөр агат. Алар Бейиште түбөлүк калышат.» («Тообо» сүрөсү, 100)

«Мухаммед (алейхиссалам) – Аллаху тааланын пайгамбары жана аны менен бирге болгондордун (сахабалардын) бардыгы капырларга каршы күрөштө өтө айоосуз. Бирок, өз араларында өтө мээримдүү, ары жумшак жандар. Аларды ар дайым руку менен саждада көрөсүңөр. Алар Аллаху тааладан бардык адамдарга дүнүйө менен акыретте бир гана жакшылык сурашат. Алар Рыдванды, б.а., Аллаху тааланын аларды жактырганын да каалашат. Көп сажда кылгандыктары жүздөрүнөн билинип турат. Алардын үстөмдүктөрү, абыройлору Тоорат жана Инжилде дагы ушундай хабар берилген. Инжилде айтылганындай алар эгинге окшойт, ипичке көчөттүн жерден өсүп чыгып калыңдап бою өскөнү сыяктуу алар да алсыз жана азчылык болгондуктарына карабай кыска убакытта туш-тарапка тарашты. Чар тарапты ыйман нуруна бөлөштү. Элден жаш көчөттүн абалын көрүп, кандайча бул аз убакытта ушунчалык өсүп-өндү деп таңыркашкандыгы сыяктуу, алардын да атактары ааламга таралып, көргөндөр таңыркашты, ал эми капырлар ызага буулугушту.» («Фатх» сүрөсү, 29)

Пайгамбарыбыз бир хадиси шарифинде сахабалардын (алейхимуррыдван) улуулугун көрсөтүү үчүн: «Сахабаларымдын эч кайсынысына тил тийгизбегиле! Алардын атына жарашпай турган сөз айтпагыла! Аллаху таалага ант кыламын, силерден кимиңер Ухуд тоосундай алтынды садага кылып берсе дагы сахабаларымдын берген бир ууч арпасындай сооп ала албайт» жана «Сахабаларым көктөгү жылдыздар сыяктуу. Кайсынысына баш ийсеңер кутуласыңар», - деген.

## Асхаб-ы суффа

Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Масжид-ун-Набинин түндүк дубалына курманын бутагынан көлөкөлүк асма жасатты. «Бул жерде Меккеден көчүп келген, мал-мүлкү жок бойдок сахабалар турат», - деп буюрду. Саны он менен төрт жүз арасында өзгөрүп турчу бул сазабалар Пайгамбарыбыздын жанынан чыгышчу эмес, сухбаттарынын бардыгына катышышчу. Күнү-түнү Курани карим окуп, илим үйрөнүп, хадиси шарифтерди жаттачу. Күндөрдүн көбүн орозо кармоо менен өткөрүп, ар дайым ибадат кылышчу.

Ушул жерде жетилгенжер жаңыдан мусулмандыкты кабылдаган тайпаларга жиберилишчү, алар барып Курани карим менен Исламды үйрөтүшчү. Өтө парасаттуу, көптөгөн баалуулуктарга ээ болгон бул мубарек сахабалар илимдин дарясы болушкан. Пайгамбарыбыз аларды өтө жакшы көрүп, аларга сухбат кылып бирге тамактанышчу. БУл жерде тургандар Асхаб-ы суффа деп аталды.

Пайгамбарыбыз бир күнү Асхаб-ы суффаны карап, алардын өтө кедей экендигин ойлоду. Алар буга карабастан чын ыкластары менен, ибадат менен алектенишчү. Пайгамбарыбыз аларга мээримдүүлүк кылып: **«Эй, Суффа сахабалары! Силерге сүйүнчү! Эгер үммөтүмөн силер сыяктуу ушундай оор шарттарга ыраазы болгон адам калган болсо, билгиле, ал албетте менин жолдошторумдун бири болот»,** - деди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) эң алды менен ушул сахабалардын муктаждыктарын камсыз кылып, ошондон кийин өз үй-бүлөсүнүн муктаждыктарына көз салчу. Абу Хурайра (радыйаллаху анх) мындай дейт: «Өзүнөн башка илах болбогон Аллаху таалага ант кыламын, мен кээде ачкалыктан ичимди жерге басып, кээде ичиме таш байлап жүрчүмүн. Ушундай жагдайдын биринде Пайгамбарыбыз мечитке бара турчу жолдун боюнда отурган элем. Ошол кезде Пайгамбарыбыз жаныма келип: «Йа, Абу Хурайра! Мени менен бирге бас», - деди. Аны ээрчий бастым. Анын үйүнө бардык, үйүндө бир чыны сүт бар экен. «Ахли суффага барып, аларды чакырып кел», - деди. Жолдо бара жатып «Бардык суффага бир чыны сүт кандай жетет болду экен?» деп ойлодум. Аларды чакырып, баарыбыз Пайгамбарыбыздын үйүнө

бардык. Уруксат сурап үйүнө кирип отургандан кийин Ал: «Абу Хурайра! Сүттү аларга бер», - деди. Мен чыныдагы сүттү алып кезек менен жолдошторума бердим. Алар тойгуча ичип мага кайтарып беришти. Ар бири ичип болгондон кийин караганда сүт ошол бойдон турган экен. Бардыгы ичип болду. Кийин Расулуллах чыныны алып, мага карап күлүмсүрөп: «Йа, Абу Хурайра! Сүт ичпеген экөөбүз эле калдык. Сен отуруп ич!» - деди. Отуруп ичтип. Ал: «Дагы ич», - деди. Истим. Пайгамбарыбыз бир нече жолу ичүүнү буюруп, акырында мен: «Йа, Расулаллах! Тойдум, эми иче албаймын, Аллаху таалага ант кылайын, жакшы тойдум», - дедим. «Андай болсо мага бер», - деп Аллаху тааланын ысымын айтып, сүттү ичти.»

Мечитте Пайгамбарыбыздын бардык сухбатына катышып, билим алган ушул сахабаларды Мадиналык сахабалар жакшы көрүшүп, сыйлашчу. Бир күнү кеч ачкалыктан алсыраган Суффанын бир сахабасы Пайгамбарыбызга барып абалын айтат. Пайгамбарыбыз үйдөгүлөрдөн: «Жей турчу бир нерсе барбы?» - деп сурайт. «Азыр суудан башка эч нерсе жок» деген жооп алгандан кийин ошошл жердеги сахабаларына: «Ким бул ач адамды конок кылат?» - деди. Сахабалардын ичинен Мадиналык бири: «Мен коноктоюн», - дейт. Коногун ээрчитип үйүнө алып барып, аялына: «Пайгамбарыбыздын коногуна бере турчу бир нерсеңди даярда», - деди. Аялы: «Азыр балдар жей турчу тамактан башка нерсе жок», - дейт. «Алгач балдарды уктатып, кийин ошол тамакты алып кел» деген сахаба бир адамга гана жете турчу тамакты алып коноктун бөлмөсүнө кирет. Дасторконду жайып тамакты сунат. Тамакты жей баштаган кезде ордунан туруп, чыракты түздөгөндөй болду да өчүрүп койду. Кийин келип дасторконго оутурп, тамак жеп отургансып көрүнүп, жебестен коноктун тойуусун күттү. Конок тойгондон кийин дасторконду жыйнап алды. Ошол түндү балдары менен ач таң атырды. Таң эрте Пайгамбарыбызга барган кезде Расулуллах алейхиссалам: «Аллаху таала бүгүн түндөгү кылган ишиңе ыраазы болду», - деди. Ушуга байланыштуу Аллаху таала «Хашр» сүрөсүнүн 9-чу аятын түшүрдү: «Алар (ансар) өздөрү кедей, муктаж болсо да (мухажирлерди) өз жандарынан артык көрүшөт».

## Жибрил окуясы

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) сахабаларына динибиздин өкүмдөрүн түшүндүрүп, үйрөттү. Ыймандын, Исламдын шарттары, намаз, орозо, ажылык, зекетке байланыштуу бардык өкүмдөрдүн, аяти кармалардын тафсирлери, халал жана харамдар, ант, назир, каффараттар, соода-сатыкка байланыштуу илимдер, жеп-ичүү, кийинүү, сүйлөшүү, салмдашуу адеби, коңшулук, туугандык жана достук катнаштар, үйлөнүү, нафака, мурас, дубалар, жазалар, келишим шарттар жана шериктештиктер, ден-соолук, душман менен согушуу, согуш укугу сыяктуу бардык маселелерди бардык адам түшүнө ала тургандай кылып түшүндүрүп, маңыздуу маселелерди үч жолу кайтлачу. Аялдарга тийиштүү маселелерди аялдары аркылуу үйрөтчү.

Мусулмандардын имамы, улуу сахаба, чынчылдыгы менен таанылган Омар бин Хаттаб (радыйаллаху анх) мындай дейт:

«Бир күнү бир нече сахаба Пайгамбарыбыздын жанында элек. Ошол күн, ошол убак өтө кадырлуу убак болчу. Ошол күнү Расулуллахтын сухбатына катышып, жанында болуу, рухтарга азык болгон, жандарга лаззат берген дидарын көрүү насип болгон эле. (Бул күндүн кадырын, маанисин жеткизүү үчүн «ошо күн, ошол убак өтө кадырлуу убак эле» деп айтууда. Жабраил алейхиссаламды адам түрүндө көрүү, анын үнүн угуу, кулдарга зарыл болгон маалыматын анык түрдө Расулуллахтын оозунан угуу насип болгон күндөн артык күн болуу мүмкүндү?)

Ошол кезде жүзү айдай бир киши жаныбызга келди. Кийими аппак, чачтары капкара эле. Үстүндө чаң, топурак, тер сыяктуу жол жүрүп келгендиктин белгиси жок эле. Расулуллахтын сахабалары болгон биздин эч кайсыбыз аны таанучу эмеспиз. Б.а., көргөн-билген адамыбыз эмес эле. Ал Расулуллахтын жанына отурду. Тизелерин анын тизесине тийгизип отурду. (Бул келген адам Жабраил алейхиссалам болчу. Ал адам кейпине кирген эле. Жабраил алейхиссаламдын ушундайча отурганы маанилүү нерсени билдирип турган эле. Б.а., динди үйрөнүү үчүн уялуунун туура эместигин жана устазга текебердиктин жарашпай тургандыгын көрсөттү. Бардык адамдын динде үйрөнгүсү келген нерсесин мугалимден эркин, кысылбастан суроо керек экендигин Жабраил алейхиссалам сахабаларга ушундайча көрсөттү. Анткени, динди

үйрөнүүдө уялуу жана Аллаху тааланын акысын өтөөдө, үйрөнүү менен үйрөтүүдө уялууга болбойт.

Ошол киши колун Пайгамбарыбыздын тизесинин үстүнө коюп: «Йа, Расулаллах! Мага Исламды, мусулмандыкты үйрөт», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Исламдын биринчи шарты – калимаи шахадат айтуу», - деди. (Калимаи шахадат айтуу – «Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулуху» деп айтуу. Б.а., акылы толук, балакатка жеткен жана сүйлөй алган адамдын «Жер менен көктө Андан башка ибадат кылууга сыйынууга ылайыктуу эч нерсе жана эч ким жок. Нагыз сыйына турчу кудурет – бир гана Аллаху таала. Ал важиб-ул-вужуд. Ал бардык нерседе үстөм. Анда эч кандай кемчилик жок. Анын ысымы - Аллах» деш жана ушуга чын көңүлдөн ишенүү. Жана да «Ал жаркыраган жүздүү, кара каштуу, кара көздүү, маңдайы жазы, көркөм мүнөздүү, жылуу сөздүү, Хашим уулдарынан чыккан Абдуллахтын уулу Мухаммед деген адам Аллаху тааланын кулу жана расулу, б.а., пайгамбары» деп айтуу.)

«Убакыт киргенде намаз окуу. Мал-мүлктүн зекетин берүү. Рамазан айында күнүгө орозо кармоо. Чамасы жеткен адамдын өмүрүндө бир жолу ажылыкка баруусу». Алиги адам Расулуллахтан ушул жоопту уккандан кийин: «Туура айтасың, йа, Расулаллах», - деди. Бир, тыңдап отургандар «Өзү сурап, өзү тастыктап отурат» деп таңыркадык.

Ал киши: «Йа, Расулаллах! Ыймандын эмне экендигин түшүндүр», - деди.

(Бул хадиси шарифте ыймандын сөздүк маанисин ойлобоо керек. Анткени, сөздүк маанисинин макулдоо, ишенүү экендигин араптын эң сабатсыздары да билет. Ал эми сахабалар эч билбейт деп айтуу эч орунчуз. Жабраил алейхиссалам бул сурагы менен сахабаларга ыймандын маанисин үйрөткүсү келген эле. Бул жерде Исламда кайсы нерселер ыйман делине тургандыгы суралган.) Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) ыймандын белгилүү алты нерсеге ишенүү керек экендигин мындайча түшүндүрдү:

«Алгач Аллаху таалага, периштелерине, китептерине, расулдарына, акырет күнүнө, жакшылык менен жамандыктардын Аллаху тааладан келе тургандыгына ишенүү». Ал киши дагы да «Дурус айтасың» деп тастыктады. Кийин дагы: «Ихсандын

эмне экендигин түшүндүр», - деди. Пайгамбарыбыз**: «Аллаху таалага аны көрүп тургандай ибадат кылуу. Анткени, сен аны көрбөсөң да Ал сени сөзсүз түрдө көрүп турат»,** - деди. Ал ада: «Йа, Расулаллах! Мага кыяматтан кабар бер», - деди. Расулуллах алейхиссалам: «Бул маселеде суроо суралган адам сураган адамдан артык билбейт», - деди. Ал адам: «Андай болсо анын белигилерин айт», - деди. «Күңдөрдүн өз кожоюндарын дүнүйөгө алып келүү, жалаң аяк, жылаңач, кедей чабандардын (байып) бийик имарат салууда жарышка түшүүсүн көрүүң», - деди. Кийин ал адам кетип калды. Расулуллах мага карап: «Эй, Омар! Суроо суралган адамдын ким экендигин билесиңби?» - деди. «Аллаху таала менен расулу баарынан жакшы билет», - дедим. Расулуллах: «Ал Жабраил периште болот. Силерге диниңерди үйрөтүү үчүн келди.»

Пайгамбарыбыз сахабаларына алардын диндеги даражаларына, түшүнө ала тургандай деңгээлдерине карай түшүндүрчү. Сахабалардын эң улууларынын бири болгон Хазрети Омар бир күнү бир жерден өтүп бара жатып Пайгамбарыбыздын Абу Бакр Сыддыкка (радыйаллаху анх) бир нерсе түшүндүрүп жатканын көрдү. Алардын жанына барып угат. Муну башкалар да көрөт, бирок, барып угууга батына алышпады. Эртеси Хазрети Омарды (радыйаллаху анх) көргөн кезде: «Йа, Омар! Расулуллах кече силерге бир нерсе түшүндүрүп жаткан эле. Айтчы, биз д билели», - дешет. Анткени, Пайгамбарыбыз ар дайым: «Менден уккандарыңарды дин бир туугандарыңарга да түшүндүргүлө. Бири-бириңерге кабарлагыла», - дечү. Хазрети Омар: «Кече Хазрети Абу Бакр Курани каримден түшүнбөгөн бир аятынын маанисин сураптыр, Расулуллах ошону түшүндүрүп жаткан экен. Мен бир саат уктум. Бирок, эч нерсе түшүнө албадым, - деди. Анткени, Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Бакрдын жогору даражасына карата түшүндүргөн эле. Хазрети Омар дагы өтө жогору даражада болчу, Пайгамбарыбыз: «Мен акыркы Пайгамбармын. Менден кийин Пайгамбар келбейт. Эгер менден кийин Пайгамбар келе турган болсо Омар (радыйаллаху анх) пайгамбар болмок», - деген. Ошондой даражада болуп туруп, эне тили болгон арап тилин өтө жакшы билип туруп Курани каримдин Абу Бакрга (радыйаллаху анх) түшүндүрүлгөн тафсирин түшүнө албады. Абу Бакрдын даражасы андан да жогору эле. Хазрети Абу Бакр, жада калса, Жабраил алейхиссалам да Курани каримдин маанисин, сырларын

Пайгамбарыбыздан сурачу. Расулуллах алейхиссалам Курани каримдин толук тафсирин сахабаларына үйрөттү.

Пайгамбарыбыз ушундайча сахабаларына динди үйрөткөнү сыяктуу доо иштерди да көзөмөлдөп, күбөлөрдү тыңдап, эң татаал түшүнүшпөстүктөрдү чеччү.

## **Салман Фарисинин** (радыйаллаху анх) **мусулман болуусу**

Күн өткөн сайын Исламдын нуру тарап, Пайгамбарыбыздын касиеттүү ысымы ишитилген жерде жүрөктөрдөн орун ала баштады. Аынн келүүсүн саргая күткөн илим жолундагы адамдар изденүү менен, токундануу менен Мадинага барып, ыйман келтирип жатышты. Ошолордун бири Салман Фариси болгон. Ал мусулмандыкты кандайча кабылдаганы тууралуу мындайча баяндайт:

«Мен Фарстын (Иран) Исфахан калаасынын Жей деген айылынан чыктым. Атам айылдагы эң бай адам эле, жерибиз менен малыбыз көп эле. Үйдүн жалгыз баласы болчумун. Ошондуктан мени кыздай асырашты. Үйдөн чыгарбады. Өздөрү мажуси (отко сыйынуучу) болгондуктан мага мажусиликти үйрөттү. Үйдө ар дайым бир от жанып турчу, биз ага сыйынып, сажда кылчубуз. Атам бир күнү мени сыртка чыгарып: «Балам, мен өлгөндөн кийин мына бул малдардын ээси сен болосуң, ошондуктан, барып малдарың менен, жерлериң менен тааныш», - деди. Мен: «Жарайт», - дедим. Бир күнү эгинди көргөнү бара жатканда жолдо бир чиркөөгө көзүм түштү. Христиандардын үнүн угуп, аларга жакын барганда алардын ичкериде ибадат кылып жаткандарын көрдүм. Мен мурда мындай нерсе көрбөгөндүктөн таңданып турдум. Анткени, биздин ибадатыбыз от жагып, ошого сыйынуудан гана турчу. Ал эми алар болсо көрүнбөй турчу бир Аллахка ибадат кылып жатышкан эле. Өз-өзүмө: «Булардын дини дурус, биздики ката», - дедим. Кечке чейин ошолорду карадым. Эгинге бара электе эле караңгы түшө баштады. Алардан: «Бул диндин негизи кайда?» - деп сурадым. Алар: «Шамда (Дамаск)», - дешти. «Мен шамга барсам мени кабылдайбы?» - деп сурадым. «Ооба, кабылдайт», - деп жооп берди. «Араңарда жакын арада Шамга бара турчу адам барбы?» - деп сурагандабираз убакыттан соң бир кербендин бара тургандыгын айтты. Мен сүйлөнкөн адамдар аз болчу, алар Шамдан Исфаханга келишкен эле.

Мен алар менен сүйлөшүп, үйгө кеч кайттым. Менин келгенимди көргөн атам мени издеп, адам жибериптир. Алар издеп таба алышпаптыр. Алар убайымдап отурушкан кезде мен үйгө келдим. Атам: «Ушул убакытка чейин кайда болдуң? Сени издеген жерибиз калбады», - деди. Мен: «Ата! Мен бүгүн эгинге барууга чыккамын. Жолдо бир христиан чиркөөнү көрүп, ичине кирдим. Алар өздөрү көрбөгөн, бардык нерсеге күчү жеткен Аллахка ишенишет экен. Алардын ибадаттарына таң калдым. Кечке чейин ошолорду карап отурдум. Алардын дининин акыйкат дин экендигин түшүндүм», - дедим. Муну уккан атам: «Балам, сен адашып турасың. Ата-бабаларыңдын дини алардыкынан туура. Алардын дини ката, алданба, аларга ишенбе», - деди. Мен: «Жок, Алардын дини биздикинен туура, кайырлуу», - дедим. Атам катуу ачууланып, менин буту-колумду байлап, үйгө камап койду. Ушинтип жатып Шамга бара турчу кербенден кабар күттүм. Акыры христиан дин адамдарынын кербен даярдап жатканын уктум. Жиптеримди чечип качып, чиркөөгө бардым. Бул жерде тура албай тургандыгымды айтып, кербенге кошулуп, Шамга карай жолго чыктым. Шамдагы христиан дининин эң чоң аалымы тууралуу сурадым. Мага бир адамды айтты, ошого барып абалымды айтып бердим. Анын жанында калгым келгендигин, ага кызмат кыла тургандыгымды айтып, христиандыкты үйрөтүүсүн, Аллаху таала тууралуу түшүндүрүп берүүсүн сурандым. Ал өтүнүчүмдү кабылдады. Ошентип, анын жанында болуп чиркөөгө кызмат кыла баштадым. Ал мага христиандыкты үйрөттү. Бирок, кийин анын начар адам экендигин түшүндүм. Анткени, христиандардын кедейлерге берүү үчүн жыйналган садакаларын, алтын, күмүштөрүн ал муктаж болгондорго берчү эмес. Бираз убакыттын кийин ал кайтыш болду. Христиандар аны жерге берүү үчүн жыйналышты. Аларга: «Ага ушунчалык урмат көрсөтөсүңөр, ал мындай урматка ылайык адам эмес», - дедим. «Муну кайдан чыгардың?» - деп, алар мага ишенишпеди. Мен аларга жыйнаган алтындары турган жерди көрсөттүм. Алар: «Бул жерге көмүүгө тура турчу адам эмес» деп аны бир жерге алып барып таштап, үстүн таш менен жабышты. Ордуна бишка бир адам отурду. Бул адам чыныгы билимдүү, такыбаалуу адам болчу. Дүнүйөлүк иштерге эч маани берчү эмес. Акыретке берилген, бир гана акырет үчүн кызмат кылып, күнү-түнү ибадат кылчу. Ал мага өтө жакты, көп

убакыт бою анын жанында болдум. Ага кызматты кубануу менен аткарчумун. Бирге ибдат кылчубуз. Бир күнү ага: «Эй, мырзам! Көп убакыттан бери сиздин жаныңыздамын. Сизди абдан жакшы көрөм. Анткени, Аллаху тааланын буйруктарына баш ийип, тыйуу салган нерселеринен сактанасыз. Кайтыш болор кезиңизде кандай осуят айтасыз, эмне кылайын?» - деп сурадым. Ал: «Балам, Шамда адамдарды тарбиялай турчу эч ким калбады. Кимге барсаң да сени бузат. Бирок, Мусулда бир адам бар, ошону тап», - деди. Ал кайтыш болгондон кийин Мусулга бардым, айткан адамын сураштырып таап, башыман өткөндөрдү баяндап бердим. Мени шакирттикке кабыл кылды. Ал да ибадатка берилген, такыбаалуу адам болчу. Ага да көп убакыт кызмат кылдым. Бир күнү ал ооруп калды. Көз жумар алдында ага да ошондой суроолорду сурадым. Ал мага Нусайбиндеги бир такыбаа адам тууралуу айтты. Дароо Нусайбинге барып, айткан адамын таап, жанында болууну каалагандыгымды айттым. Ал мени кабылдап, бираз убакыт ага да кызмат кылдым. Ал ооруп калган кезде мени башка бирөөнө жөнөтүүсүн өтүндүм. Бул жолу Амурия деген грек калаасында турчу бир адамды айтты. Айткан адамын таап, узак жылдар бою ага да кызмат кылдым. Анын да дүнүйөдөн өтөр маалы таяп калат. Мени бирөөгө тапшыруусун сураганымда: «Бул доордо христиандар арасында сен издегендей аалам киши калды бекен, билбейм. Бирок, акыр заман Пайгамбары келе турчу заман жакындады. Ал араптардын арасынан чыгат. Мекенинен көчүп, жери таштак курмасы көп бир шаарга барып жайгашат. Белекти кабылдайт, бирок, садаганы кабылдабайт. Эки далысынын арасында пайгамбарлык мөөрү бар» деп анын белгилерин айтты. Бул адам кайтыш болгондон кийин анын айтуусу боюнча арап жерине барууга белсендим.

Амурийада иштеп, бир нече өгүз жана бир нече кой жыйнаган элем. Бени Калб тайпасынан бир кербендин арап жерине карай сапарга чыга тургандыгынан кабар алдым. Аларга: «Мына бул уй-койлорду берейин, мени арап жерине чейин ээрчите кеткиле», - дедим, алар сунушумду кабылдап, мени жандарына кошуп алышты. Вади-ул-Кура деген жерге барган кезде мага кыянаттык кылып, мени кул деп бир яхудиге сатып жиберишти. Яхудинин турган жерине барып, ал жерде көп курма бактарынын өсүп турганын көрдүм. Акыр заман пайгамбары хижрат кыла турчу жер ушул жер болсо керек деп ойлодум. Бирок, ал жерге кантсем

да эч көнө албадым. Ушул яхудиге бираз убакыт кызмат кылдым, ал мени агасынын уулуна сатты. Жаңы кожоюнун мени Мадинага алып барды. Мадинага барган кезде бул куттуу жерди мурда да көргөндөй сезип, ал жерге көнүп кеттим. Эми Мадинада туруп, мени сатып алган яхудинин бакчасында иштей баштадым. Бир жагынан негизги максатыма жетүүгө ашыктым.

Бир күнү бир курма багына минип алып курма терип жаткан элем. Төмөндө болсо кожоюнум бир кишилер менен сүйлөшүп турган. Бир маалда алиги адам: «Авс менен Хазраж тайпалары курусун. Меккеден бир адам Кубага келип, өзүн пайгамбармын еп жүрөт. Бул тайпалар ага ишенип, ошонун динине киришүүдө...» деген сөздөрүн угуп калдым. Мен бул сөздөрдү уккан кезде эсимен танып кала жаздадым. Дароо жерге түшүп, «Эмне дейсиң?» - деп сурадым. Кожоюнум мага: «Сага эмне керек? Аны эмне кыласың? Сен жумушуңду кыл», - деп мени уруп жиберди. Ошол күнү кеч бираз курма алып, Кубага бардым. Расулуллахтын (саллаллаху алейхи ва саллам) жанына барып: «Сиз жакшы адамсыз, жаныңызда кедейлер дагы бар чыгар. Бул курмаларды сизге садака катары алып келдим», - дедим. Расулуллах жанындагы сахабаларга: «Келгиле, курма жегиле», - деди. Алар жеди. Бирок, өзү жеген жок. Мен: «Мына белгинин бири ушу. Садаканы кабыл кылбады», - деп ойлоп, Пайгамбарыбыз Мадинага келгенден кийин дагы да бираз курма алып барып: «Бул белек», - деп бердим. Бул жолу ал жанындагы сахабалар менен бирге курманы жеди. «Бул экинчи белги» деп ойлодум. Мен жыйырма беш чакты курма алып барган болчумун. Бирок, желинген курманын данектери миңге жакын болду. Пайгамбарыбыздын мужизасы менен курма көбөйгөн эле. Өз-өзүмө: «Дагы бир Пайгамбарлык белгисин көрдүм»,- дедим. Пайгамбарыбызды көрөйүн деп дагы бир жолу барганымда жаназаны жерге коюп жатканынын үстүнөн чыктым. Аркасы ачылып кетсе көрөйүнчү, мөөр бар бекен деп жанына жакындаганымда ал менин ниетимди түшүнгөндөй көйнөгүн көтөрдү. Эги далы арасындагы пайгамбарлык мөөрдү көрүп, дароо аны өпп ыйладым. Ошол жерде калимаи шахадат айтып, мусулман болдум. Кийин Пайгамбарыбызга башыман өткөн окуяларды айтып бердим. Ал таңданып, муну сахабаларга да айтып берүүмдү сурады. Сахабалар жыйнадып, мен аларга башыман өткөн окуяларды төкпөй-чапай айтып бердим.»

Салман Фариси (радыйаллаху анх) ыйман келтирген кезде арап тилин билбегендиктен котормочу сурады. Келген яхуди анын Пайгамбарыбызды мактап айткан сөздөрүн тетири которот. Ошол кезде Жабраил алейхиссалам келип Хазрети Салмандын сөздөрүн Пайгамбарыбызга туура абалда жеткирди. Алиги котормочу яхуди муну көрүп, калимаи шахадат айтып, мусулмандыкты кабылдады.

Салман Фариси (радыйаллаху анх) мусулман болгондон кийин бираз убакытка чейин кулдук кызматын аткарып жүрдү. Пайгамбарыбыз: «Өзүңдү кулдуктан куткар, йа, Салман», деген сөзүнөн кийин кожоюнуна барып азат кылуусун суранды. Муну араң кабылдаган яхуди үч жүз курма көчөтүн отургузуп, аларды жемиш бере турчу абалга жеткирүү жана кырк рукйа (ошол доордун өлчөм бирдиги) алтын берүү шартын коёт.

Салман Фариси (радыйаллаху анх) бул тууралуу Пайгамбарыбызга айтат. Ал сахабаларына: «Бир тууганыңарга көмөктөшкүлө», - деди. Ал үчүн үч жүз курма көчөтүн жыйнады. Пайгамбарыбыз: «Ушулардын чуңкурун казып, даяр болгондо мага айт», - деди. Чуңкурлар адяр болгон кезде Пайгамбарыбыз көчөттөрдү өз колу менен экти. Бирөөнү Хазрети Омар экти. Хазрети Омар отургузган көчөттөрдөн башка көчөттүн баары Аллаху тааланын кудурети менен ошол жылы жемиш берди. Пайгамбарыбыз ал көчөттү жулуп алып, кайрадан отургузганда ал көчөт дагы жемиш берди.

Хазрети Салман Фариси айтат: «Бир күнү бир бейтааныш адам мени издеп таап келип, колума жумуртканы чоңдугундай бир баш алтынды карматып кетти. Алтынды алып, Пайгамбарыбызга барып, болгон окуяны айтып бердим.

Расулуллах алтынды кайра мага берип: «Ушул алтынды алып, карызыңды төлө», - деди. Мен: «Йа, Расулаллах! Бул алтын яхудинин сураган алтынынын салмагына жетпейт», - дегенимде Пайгамбарыбыз алтынды алып, тилине тийгизди. «Ал муну. Аллаху таала ушу менен сенин карызыңды жок кылат», - деди. Алтынды өлчөп көрсөм яхуди сураган салмакта экен. Аны яхудиге алып барып бердим. Ушундайча кулдуктан кутулдум.»

Салман Фариси (радыйаллаху анх) ушундан кийин Асхабы суффа катарына кошулду.

## Периштелер тыңдаш үчүн келишчү

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Курани каримди жатка асемдүү жана өтө таасирлүү окугандыктан жада калса капырлар да буга таң калышчу. Пайгамбардын (алейхиссалам) Курани карим окуусуна таасирленип Исламды кабыл алган көп адамдар болгон. Хазрети Бера бин Азиб айтат: «Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) куптан намазынан кийин «Тин» сүрөсүн окуду. Анын ушунчалык асемдүү окуганын угуп өмүрүмдө добушу андан да жагымдуу адамды көргөн эмесмин».

Момундардын арасында да үнү асемдүү, Курани карим окуганда өзү да жашылданып, башкалар да жашка чөмүлткөн адамдар бар болчу. Усейд бин Худайр алардын бири болчу. Сапарда жүргөн. Түнү бир оокумда намаздан соң «Бакара» сүрөсүн окуй баштайт. Аңгыча жанындагы аты бир нерседен үрккөндөй ары-бери туйлап баштайт. Усейд айланага кулак төшөп бир азга токтотот. Ат тынчып калат. Кайра окуп баштайт. Казыгын айланып ат кайрадан туйлайт. Яхия аттуу уулу атка жакын жерде уктап жаткан. Баланы тебелеп кетпесин деген ойдо Курани каримди окууну токтотот да, башын жогору көтөрөт. Көргөн көзүнө ишене албай жакшылап карайт. Туман сымал ак бурганактын ичинде шамдай болуп жаркыган нерселерди байкайт. Алар жандуу кыймыл-аракеттерди чагылдырып, канаттуудай сызылып асманга көтөрүлүп кетет. Эртеси Расулуллахка (саллаллаху алейхи васаллам) барып башынан өткөн окуяны баяндап берет. «Ошол жарык нурдун эмне экенин билесиңби**?** Сен көргөн жарык нурлар периштелер болгон**.** Сенин үнүңдү угуу үчүн келишкен экен**. Эг**ер токтотпогонуңда сени таңга чейин угушмак**.** Аларды адамдар да көрө алышмак»**,** - деди.

Курани каримди берилип окугандардын бири Хазрети Абу Бакр эле. Намаз окуй баштаганда өзүн кармана алчу эмес, көздөрүнөн жаш куюлчу. Көргөндүн баары анын бул абалына таң калышчу. Бир күнү мушриктер жыйналып: «Бул адам Пайгамбардын алып келгендерин болгон жанын берип окуп, көз жашка толот. Балдарыбыз менен аялдарыбыз анын бул абалынан таасирленишип мусулман болуп кетеби деп коркобуз», - дешет.

Пайгамбарыбыздын дидарын көрүп, ага чын ыклас менен берилгендердин, сөздөрүн жана Куранын угуп, таңданып, мусулман болгондордун бири Абдуллах бин Салам болчу.

Тоорат менен Инжилди жакшы билген Абдуллах бин Салам (радыйаллаху анх) ыйман келтирүүдөн мурда яхуди аалым болчу. Мусулман болгону тууралуу өзү мындайча баяндаган: «Тоораттын ички маани-мазмунун атамдан окуп үйрөнгөн элем. Атам акыр заман Пайгамбарынын белгилерин, сыпаттарын жана аткара турган иштерин айтып берди. «Эгер Пайгамбар Харундун урпагынан чыга турган болсо гана ага баш ийем, болбосо багынбаймын», - деп, Пайгамбар Мадинага көчүп келе электе көз жумду.

Меккеде бир Пайгамбар чыгыптыр деген кабарды укканымда, атамдан үйрөнгөн анын сыпаттарын салыштырып, ичимден толкунданып күтүп жүрдүм. Акырында Расулуллах Меккеден чыгып Куба айылына келгени жана аны Амр бин Авф уулдарынын үйүндө конок кылып жатканы тууралуу кабар алдым. Ушуга дейре атамдан укканымды эч кимге айтпай сыр кылып жашырып жүрдүм.

Бир күнү бакчамда курма терип жүргөнүмдө Надир уулдарынын бири: «Бүгүн арабдардын адамы келди», - деп кыйкырды. Кубанганыман оозуман «Аллаху акбар» деген такбир калимасы оозуман чыгып кетти. Ошол маалда эжем Халида бинти Харис бактын түбүндө отурган эле. Өтө карыган аял эле. «Аллах колуңду бош кылсын жана сени үмүтүңө жеткирбесин. Валлахи, сен Муса бин Имрандын келе тургандыгын укканыңда мындан артык кубанбас элеӊ», - деп мени урушкандай болду. Ага: «Эже! Ал Муса бин Имрандын боордошу болот! Ал сыяктуу Пайгамбар. Ошонун жолунда жана ошол сыякту таухид ишеними менен жиберилген», - дедим. Ал мага: «Эй, бир тууганымдын баласы. Бизге кыяматка жакын келе тургандыгы билдирилген пайгамбар ошобу?» – деп сурады. «Ооба, дал өзү», - дедим. Ал: «Анда туура айтасыӊ», - деди.

Расулуллах Мадинага хижрат кылган кезде аны көрүү үчүн эл менен бирге мен дагы бардым. Анын дидарын, нурдуу келбетин көрө салып: «Анын жүзү жалганчынын жүзү эмес», - дедим. Расулуллах чогулган элге Исламды түшүндүрүп, насыяттарын айтты. Ошол жерде Расулуллахтан уккан алгачкы хадиси шарифим мына бул: «Араӊарда саламдашууну жайылткыла, ач адамдарды тойгузгула, туугандарыӊар менен аралашкыла, эл уктап жаткан кезде ибадат кылгыла! Ушундайча Бейишке киресиӊер».

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) мени пайгамбарлык нуру аркылуу таанып: «Сен Мадина аалымы Ибни

Саламсыңбы?» - деп сурады. Мен: «Ооба», - дегенде Пайгамбарыбыз: «Жаныма кел», - деп минтип сурады: «Эй, Абдуллах! Аллаху таала үчүн чындыкты айт. Тоораттан менин сыпаттарымды окуп үйрөндүңбү?» Мен: «Аллаху тааланын сыпаттары эмнелер экенин айтыңызчы?» - дедим. Пайгамбарыбыз бираз күтүп турду, ошондо Жабраил алейхиссалам «Ихлас» сүрөсүн түшүрдү. Расулуллах окуган ушул сүрөнү окуган кезде Пайгамбарыбызга: «Йа, Расулаллах! Туура айтасыз. Ант кыламын, Аллаху тааладан башка илах жок. Сиз анын кулу жана расулусуз», - деп калимаи шахадат айтып, мусулман болдум.»

Кийин: «Йа, Расулаллах! Яхудилер уялбай жалган сүйлөшчү, негизсиз жалааларды жапкан заалым калк. Эгер сиз мен тууралуу алардан сурап билбестен мурда алар менин мусулман болгондугумду билсе мага көптөгөн жалааларды жаба тургандыктары акыйкат. Сиз алгач алардан мен тууралуу сураңызчы, эмне дешер экен?» - деп, үйдүн бир бурчуна жашырындым. Менин артыман бөлмөгө бир топ яхуди кирди. Пайгамбарыбыз яхудилерден: «Уруулашыңар Убдуллах бин Салам кандай адам?» - деп сурады. Яхудилер: «Ал биздин таанымал, эң абыройлуу аалымыбыз, өзү болсо эң күчтүү даанышманыбыздын уулу болот», - дешти. Кийин Пайгамбарыбыз яхудилерге: «Эгер ал мусулман болсо ага эмне кыласыңар?» - деп сурады. Яхудидер: «Аллах аны андай нерседен сактасын», - деп жооп беришти.

Ошол кезде жашырынган жеримен чышып: «Эй, яхуди коому! Аллаху тааладан корккула. Өзүңөргө келген мына бул ниматты кабылдагыла. Силер да билесиңер, колуңардагы Тооратта ысымы менен сыпаттары жазылган Аллаху тааланын расулу мына ушу. Мухаммед алейхиссалам анын кулу жана расулу», - дедим. Ушундай кийин яхудилер: «Бул биздин эң жаман адамыбыз жана эң жаман адамыбыздын баласы», - дешип ар түрдүү жалааларды жаба башташты. Мен: «Менин корккон нерсем дагы ушул эле. Йа, Расулаллах! Мен алардын заалым, жалганчы, жалаачы калк экенин сизге айтпадымбы? Мына, баары далилденди», - дедим. Пайгамбарыбыз яхудилерге: «Биринчи айтканыңар бизге жетет, экинчиси керек эмес», - деди. Мен үйүмө кайттым. Үй-бүлөм менен туугандарымды Исламга чакырдым. Эжем менен бирге бардыгы мусулман болушту.

Менин ыйман келтирүүм яхудилерди катуу ачууландырды. Ошондуктан, мени кыйнай башташты. Жада калса, яхудилер:

«Араптардан пайгамбар чыкпайт, сенин кишиң жөн гана көсөм, бийлөөчү», - деп мени Исламдан баш тарткызууга аракет кылышты, бирок, ниеттерине жете алышпады.

Ошону менен катарСалаба бин Сайа, Усейд бин Сайа, Асад бин Убейд (радыйаллаху анхум) жана кээ бир яхудилер чын көңүлдөрү менен мусулмандыкты кабылдашты. Кээ бир яхуди аалымдары калк арасына: «Мухаммедге биздин жаман адамдарыбыз гана ишеништи, эгер лар жакшы болушканда диндерин таштап кетишмек эмес», - деген сөздөрдү таратышты.

Ушунун артынан Аллаху таала аларга жооп катары аят түшүрүп мындай деди: «Алардын (христиан жана яхудилердин) бардыгы бирдей эмес. Ахли китабдын (христиан жана яхудилердин) ичинде ибадат кылган бир жамаат бар, алар түнкү убакыттарда саждага барып, Аллаху тааланын аяттарын окушат». («Али Имран» сүрөсү, 113)

## Хижраттын биринчи жылы орун алган кээ бир окуялар

Хижраттын биринчи жылында ансардан болгон Асад бин Зурара, Бера бин Марур, Күлсүм бин Хидм, мухажирлерден Осман бин Мазун (радыйаллаху анхум) кайтыш болду. Капырлар менен согушууга уруксат берилди. Мадинанын абасы менен суусуна чыдай албаган Хазрети Абу Бакр менен Хазрети Билал Хабаши (радыйаллаху анхум) безгек оорусуна чалдыгат. Мына ушул окуялардан улам Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам): «Йа, Раббим**! М**еккени сүйдүргөнүң сыяктуу бизге Мадинаны дагы сүйдүрө көр, бул жерде бизге береке менен мол ырыскы бер», - деп дубак ылды. Хак таала дубасын кабыл кылып, мухажирлер үчүн Мадинаны жайлу мекен кылды.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) өзү да катышкан Абва, Ваддан согуштары ушул жылы болду. Экинчи жылдын башында Буват, Сафаван, Зулушайра согуштары уланды.

## Алгачкы жазуу келишими

Меккелик мушриктер дагы карап турушпады, Пайгамбарыбызга Меккеде кыла албагандарын Мадинада кылууга аракет кылышты. Мадиналык мушриктерди эскертип, шарт койгон каттарды жазышып, Мадинадагы яхуди тайпаларына да коркуткан маанидеги каттарды жызышып, кабар салып жиберешти. Алардын бул аракеттери яхудилердин Расулулахка жакындоолоруна себеп болду.

Бул арада яхудилер Пайгамбарыбызга барып: «Сиз менен тынчтык келишим түзүү үчүн келдик. Бир келишим кылалы, бири-бирибизге зыян келтирбейли», - деди. Пайгамбарыбыз алар менен 55 баптан турган келишим түздү. Анда кабылданган келишимдердин биразы мына булар:

1- Бул келишим Мухаммед (алейхиссалам) тарабынан меккелик жана Мадиналык мусулмандар менен, аларга моюн сунгандар жана кийин кошулгандар жана алар менен бирге согушкандар арасында жазылган күбөлүк болуп саналат.

2- Күмөнсүз, булар башка адамдардан бөлөк бир жамаат.

3- Ар бир тайпа туткундарын бошотуп алуу төлөмдөрүн (мусулмандар арасындагы адилет боюнча) ортоктошо төлөшөт.

4- Мусулмандар өз араларында баш-аламандык чыгарган адамдарга өз балдары болсо дагы каршы турат.

5- Яхудилердин ичинен мусулмандарга багынгандар зулумдукка учурабайт, аларга жардам берилет.

6- Яхудилер мусулмандар менен биригип, бир коом түзөт, ар ким өз дининин милдетин орундайт.

7- Яхудилердин эч кайсынысы Мухаммед алейхиссаламдын уруксатысыз аскерий жортуулга чыга албайт.

8- Эч ким келишим кылган адамына жамандык кылбайт, зулумдукка дуушар болгон адамга көмөк берет.

9- Мадина жери ушул келишимди түзгөн адамдар үчүн тийишүүгө болбой турчу аймак болуп табылат.

10- Меккелик чабуул жасай турган адамдарга каршы яхудилер менен мусулмандар өз араларында жардамга келишет.

Яхудилер ушул келишим аркылуу (көрүнүштө) мусулмандар менен достук катнаш куруп, аларга кек сактабоолору жана душмандык аракеттерди кылбоолору керек болчу.

## Эй, сүйүктүү кулум! Капаланба!..

Пайгамбарыбыздын хижраттан мурда Мадинадагы Хазраж тайпасынын башчысы Абдуллах бин Убей Мадинанын башчысы болуп шайлануусу керек эле. Акаба анттары, андан кийинки хижрат окуясы жана Авс менен Хазраж тайпаларынын көбүнүн мусулмандыкты кабылдоолорунан соң Абдуллах бин Убей башчы боло албай калды. Ошол себептен Абдуллах бин Убек Пайгамбарыбызга, мухажир сахабаларга, Мадиналык сахабаларга тишип кайрап жүрдү. Бирок, душмандыгын ачыктан билдирбеди. Өзү сыяктуу бир нече адам менен бирге мунафыктардын тобун курду. Алар мусулмандардын жанында Ислам динине киргендиктерин айтышканы менен аркаларынан аларды мазакташчу. Жашыруун жүрүп, араздаштыруу аракеттерин чыгара башташты. Бул эки жүздүүлөр Пайгамбарыбыздын сөздөрүн бурмалап, элге тескери мааниде жеткирип, өзгөртүп айтууга чейин барышты.

Душмандык ниеттерин ичтерине каткан яхудилер Пайгамбарыбыз менен бир келишим шартын түзүштү. Пайгамбарыбызга жыйналып келишип, өздөрүнө кыйын болгон маселелерди сураштты. Алган жоопторунан кийин анын чыныгы Пайгамбар экендигин түшүнүштү. Бирок, өжөрлүктөрүн койбой кызганычтарынан улам ыйман келтиришпеди. Пайгамбарыбыз: «Мага яхуди аалымдарынан он адам ыйман келтире турган болсо яхудилердин бардыгы ыйман келтиришмек», - деди. Расулуллахтын ушундай капасына Аллаху таала мына бул аяти каримасында жубатуу айтты: «Эй, мартабалуу Расул! Жүрөктөрүнөн ишенбестен ооздору менен ишендик дегендер (мунафыктар) менен яхудилердин капырлары сени капалантпасын. Лар ар дайым жалган тыңдоочулар жана сенин алдыңа келбеген башка коомго (Хайбер яхудилерине Курейза уулдары) тыңчылык жасоочулар. Сөздөр (Аллаху таала тарабынан) ордуна коюлгандан кийин аны өзгөртөт. «Эгер силерге мына бул фатва берилсе аны кабылдагыла, берилбесе сактагыла», - дейт. Аллаху таала кимдин бүлүккө учуроосун каалаcа, сен Аллаху тааланын каалоосун болтурбоого тоскоол боло албайсың. Алар ошондой адамдар, Аллаху таала (алардын) жүрөктөрүн тазалоону каалабаган. Алар үчүн дүнүйөдө төмөндүк менен бейбактык, ал эми акыретте өтө оор азаптар бар». («Маида» сүрөсү, 41)

Кылынган келишимге байланыштуу кээ бир сахабалар кошуналары болгон яхудилер менен достошушкан эле. Аллаху

таала аларга бул маселеде тыйуу салып: «Эй, ыйман келтиргендер! Дин бир тууганыңардан башкалар менен (капыр жана мунафыктар менен) дос болбогула. Алар силерге жамандык кылуудан тыйылбайт жана силердин кыйын абалга дуушар болууларыңарды каалайт. Алар силерге болгон өчтүктөрү менен душмандыктарын өз ооздору менен айтууда. Ал эми жүрөктөрүндөгү душмандык андан да көп. Алардын душмандыктарына байланыштуу аяттарды жеткирдик, эгер түшүнүп, ойлоно турган болсоңор...» («Али Имран» сүрөсү, 118)

Меккелик мушриктер Мадиналык мушриктерди, мунафыктарды, яхудилерди жана Мадинанын айланасындагы тайпаларды коркута берди. Алар тезирээк Исламдын нурун өчүрүп, Пайгамбарыбызды өлтүрүүнү каалашты.

Мунафыктар менен мушриктердин ушундай аракеттерине каршы Пайгамбарыбыз бир гана тынчтык жолду тандады. Кээ бир сахабалар душманга каршы чыгуунун маалы келгендигин айтып: «Йа, Раббим! Биз үчүн сенин жолуңда бул мушриктерден согушуудан артык нерсе жок. Бул Курайш мушриктери сүйүктүү кулуңдун пайгамбарлыгын жокко чыгарып, аны Меккеден кетүүгө мажбур кылышты. Аллахым! Эми алар менен согушууга уруксат берерсиң», - деп дуба кылышты.

Ал эми Пайгамбарыбыз болсо бул маселеде Аллаху тааланын буйргун күтүп, нын буйругуна карай аракет жасаган эле. Убакыт сааты жеткен эле. Жабраил алейхиссалам алып келген вахий менен мындай буюрулду: «Силерге каршы согуш ачкандарга силер дагы Аллах жолунда согушкула. Бирок, чектен чыгып кетпегиле. (Силер менен согушпагандарга тийишпегиле, аларга жабыр тарттырбагыла) Сөзсүз, Аллаху таала чектен чыккандарды жактырбайт. Аларды (капырларды) каерде көрсөңөр өлтүргүлө. Алар силерди (Меккеден) чыгарышканы сыяктуу силер да аларды чыгаргыла. Алардын ширк кошуу бүлүктөрү адам өлтүрүүдөн да жаман. Алар Харам мечитинде силер менен согушмайынча силер да ал жерде алар менен согушпагыла. Бирок, алар силерди ал жерде өлтүрсө силер да аларды ошол жерде өлтүргүлө. Капырлардын жазасы ушул. Эгер алар Аллаху тааланы инкар кылуудан жана согушуудан баш тартса (силер да токтоткула. Анткени,) Аллаху таала өтө мээримдүү, аша рахимдүү». («Бакара» сүрөсү, 190-192) Кийин жиберилген бир аятта: «Ширк деген бүлүк жоюлганча жана дин

да бир гана Аллаху тааланын дини болгонго чейин ал мушриктер менен согушкула. (Ширктен) баш тартса (аларга зулумдук жок.) Мындан ары душмандык (жаза) бир гана заалымдарга», - делинди. («Бакара» сүрөсү, 193)

## Алгачкы аскерлер

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Мадинанын коопсуздугун сактоо, душмандардын жагдайларын көзөмөлдөө үчүн алгачкы чакан аскер тобун курады. Алардын саны төрт жүз менен беш жүздүн арасында өзгөрчү. Пайгамбарыбыз катышкан жана өзү башкарган согуштар «газа» деп аталды. Пайгамбарыбыз душмандын кокустан чабуулунун алдын алуу үчүн Мадинада күзөт орнотуп, коопсуздук чарасын камдады.

Мушриктерди соода жана экономикалы жактан алсыратып, жолго салуу керек болду. Бул үчүн Сирия соода жолдорун жабуу керек эле. Ушул кезде бир мушрик кербендин Мадинага жакын жерден өтүп бараткканын угат. Пайгамбарыбыз дароо жортуулга даярданууну буюруп, отуз атчан аскерге Хазрети Хамзаны башчы кылып шайлады. Ага Аллаху тааладан коркуу жана кол астындагыларга жакшы кароосун айтып: «Аллаху тааланын жолунда Аллаху тааланын ысымын ураан чакырып, газага чыккыла! Аллаху тааланы таанытбагандар менен согушкула», - деди. Хазрети Хамзага ак туу берип, узатты.

Хазрети Хамза карамагындагы атчан аскерлери менен үч жүз атчан аскерлердин коргоосундагы мушрик кербенине карай бет алды. Кербен Шамдан Меккеге бара жаткан жолдогу Сифр-ул Бахр деген жерге жеткен кезде мужахиддерге кезикти. Сахабалар согушууга даярданып турушканда ошол жердеги Мажди бин Амр ал-Жүхани келет. Мажди бин Амр ал-Жүхани эки жактын тең шериктеши болчу. Мусулмандардын саны аз экенин көрүп, алар жеңилишет деп ойлоду. Мусулман мамлекеттин түбөлүк жашоосун ойлоп, эки жакты согушуудан баш тартууга чакырды. Ошентип, Хазрети Хамза менен адамдары Мадинага кайтышты. Маждинин бул аракети Пайгамбарыбызга айтылган кезде ыраазылыгын билдирип: «Мубарек, жакшы жана туура иш кылыптыр», - деди.

Ушундан кийин жортуулдардын арты кесилбей улана берди. Убейде бин Харистин карамагына алтымыш же сексен

чакты мужахид берилип, Рабигке жиберилди. Мушриктер мусулмандардан кокуп, качып кутулушту.

Пайгамбарыбыз бир күнү Курайш мушриктерин көзөмөлдөө үчүн Нахлеге аскер тобун жиберүүнү ойлоду. Жабериле турчу аскерлерге Абу Убейда Жаррахты (радыйаллаху анх) кол башчы кылгысы келди. Абу Убейда бин Жаррах (радыйаллаху анх) бул буйрукту алган кезде Пайгамбарыбыздан алыстай тургандыктан ыйлай баштады. Расулуллах алейхиссалам анын ордуна Абдуллах бин Жахшты (радыйаллаху анх) дайындайт.

Абдуллах бин Жахш (радыйаллаху анх) Исламга берилген адам болчу. Мусулман болгон кезде капырлар ага нече түрдүү кастыктарын кылышса да аларга ыймандын күчү менен каршы туруп, тарттырган азаптарына чыдаган болчу. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз ал тууралуу сахабаларына: «Ачтык менен чөлгө эң көп көп чыга турчу адам», - деген. Согуштарда эң алдыңкы катарда баатырдык менен согушчу.

Хазрети Абдуллах бин Жахш айтат: «Ошол күнү Пайгамбарыбыз куптан намазын окуп болуп, мени жанына чакырды. «Эртең эрте мага кел. Куралыңды да ала кел. Сени бир жакка жиберемин», - деди. Таң атканда мечитке бардым. Кылычымды, калканымды, саадагымды, жебемди ала бардым. Пайгамбарыбыз багымдат намазын окуткандан кийин үйүнө келди. Мен эрте келип эшиктин алдында күтүп турган болчумун. Мухажирлерден мени менен бирге бара турчу бир нече адм тапты. «Сени ушул адамдарга кол башчы кылдым», - деп бир кат берди. «Бар, эки түндүк жолдон кийин катты ач. Ошондо жазылган боюнча кыймылда», - деди. «Йа, Расулаллах! Кайсы тарапка жүрөлү», - деп сурадым. «Наждиййа жолуна түш. Ракийага, кудукка бет ал», - деди. Абдуллах бин Жахшка (радыйаллаху анх) Нахле жоругу тапшырылгандан кийин ага алгачкы жолу «Эмир-ул муминин» (мусулмандрдын эмири) деген сыпат тагылды. Исламда эң лгач ушул ат менен аталган адам ошол болду. Сегиз же он эки адамдык топ менен эки күндөн кийин «Малал» деген жерге жетип, катты ачты. Анда:

«Бисмиллахир- рахманир-рахим. Бул катты окуган кезиңде Мекке менен Таиф арасындагы Нахле деген деген жерге түшкөнчө Аллаху тааланын ысымы жана берекеси менен барып жетесиң. Жолдошторуңдун эч кайсынысын өзүң менен бирге барууга кыйнаба. Нахледеги Курайштардын кербенине байкоо саласың. Алардын жагдайы тууралуу бизге айтасың», - деп жазылган эле.

Эмир-ул муминин Хазрети Абдуллах бин Жахш катты окугандан кийин: «Биз Аллаху тааланын кулдарыбыз. Жана баарыбыз Ага кайтып барабыз. Уктум, баш ийдим. Аллаху тааланын жана Анын Пайгамбарынын буйругун орундаймын», - деп катты сүйүп башына койду. Анан жолдошторун карап: «Ким шейит болууну кааласа мени менен бирге барсын. Эч кимди кыйнабаймын. Барбасаңар мен жалгыз өзүм барып, Пайгамбарыбыздын буйругун орундаймын», - деди. Жолдоштору баары чогуу: «Биз Пайгамбарыбыздын буйругун уктук. Аллаху таалага, Расулуллахка жана сага баш ийебиз. Кайда барсаң да Аллаху тааланын берекеси менен бар», - дешти. Саад бин Абу Ваккас да (радыйаллаху анх) кошулган ушул чакан аскер Хижазга карай бет алып, Нахлеге барышты. Бир жерге жашырынып, ошол жерден өткөн-кеткен Курайштыктарды аңдып турушту. Бир кезде бир Курайш кербени өтөт. Төөлөрүнө жүк артылган эле. Мужахиддер кербенге жакын келип, аларды Исламга чакырды. Алар кабылдабаган соң согуша баштады. Алардын бирөөсүн өлтүрүп, экөөнү туткунга алышты. Дагы бири атчан болгондуктан ага жете албай калышты. Капырлардын бардык мүлкү мужахиддерде калды. Абдуллах бин Жахш (радыйаллаху анх) ушул олжонун бештен бирин Пайгамбарыбызга бөлүп койду. Бул мусулмандардын алгачкы ганимети (согуш олжосу) эле.

## Масжид-ул Кыблатайн

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) Мадинага көчүп келгенине он жети ай болгон эле. Бул мезгилге чейин мусулмандар Куддустагы Байт-ул-Макдиске карап окушчу. Ушул кезде яхудиледин «Бул кандай кызык иш. Дини биздикинен бөлөк, бирок, кыбыласы биздикиндей» деген сөздөрү Пайгамбарыбызга жетти. Бул сөздөргө ал капа болду. Бир күнү Жабраил алейхиссалам келген кезде ага: «Эй, Жабраил! Аллаху тааланын жүзүмдү яхудилердин кыбыласынан Каабага буруусун каалаймын», - деди. Жабраил алейхиссалам: «Мен жөн гана кулмун. Муну Аллаху тааладан сура», - деди. Ушундан кийин «Бакара» сүрөсүнүн 144-чү аяты түштү. Анда: «(Эй, сүйүктүү кулум! Вахийдин келүүсү үчүн) жүзүңдү көккө каратып турганыңды көрүп турабыз. Ошондуктан, биз сени өзүң ыраазы боло турган кыбылага бурабыз. Эми жүзүңдү Харам мечитине (Каабага) бур. (Эй, момундар!) Силер да каерде

болсоңор да жүзүңөрдү ошол жакка бургула. Күмөнсүз, өздөрүнө китеп берилгендер ушул кыбылага бурулуунун Раббилери тарабынан кылынганын билишет. Ал эми Аллаху таала алардын кылгандарын билет». Бул аяти карима түшкөн кезде Расулуллах сахабалары менен бешим намазын окуп жатышкан элк. Намаздын жартысына келишкен. Вахийди алар замат жүздөрүн кыбылага бурду. Сахабалар да Пайгамбарыбыздын артынан жүздөрүн кыбылага каратышты. Бул мечит «Масжиди Кыблатайн», б.а., «эки кыбылалуу мечит» деп аталды. Пайгамбарыбыз Кубага да барып, биринчи салынган мечиттин михрабын өз колу менен кайрадан жасап, мечиттин дубалын өзгөрттү.

## БАДР СОГУШУ

Бир нече сериййе жүрүштөрүндө сахабалардын (радыйаллаху анхум) ийгиликке жетиши капырларды кооптондура баштады. Эми алардын кербендери топ-топ болуп жана аскерлер менен коштолуп сапарга чыга баштады. Хижраттын экинчи жылы Мекке капырлары ар бир үй-бүлөдөн акча жыйнап, миң төөлүк кербенди Шамга жиберишти. Башында Меккенин лидерлеринен Абу Суфйан бар болуп, али мусулман боло элек болчу. Кербенди коргоо үчүн кырктай куралчан жандоочуну да милдеттендирди! Алардын максаты товарлар сатылып бүткөндөн кийин акчанын баарына курал-жарак сатып алуу жана буларды мусулмандарга каршы согушта колдонуу болчу.

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) мушриктердин чоң бир кербенди соода үчүн Шамга жибергенин кабар алган соң жагдайларын байкап келүү үчүн Мухажирлерден бир нече кишиге тапшырма берди. Алар Зулашира деген жерге барганда кербендин өткөнүн көрүп, Мадинага кайтышты. Куфур элинин курал-жарагы жана товарлары колдорунан алынса, Ислам элине зыяндары тийчү эмес жана каршы туруу күчтөрү сынмак. Ошондуктан Расулуллах алейхиссалам Талха бин Абдуллах менен Саид бин Зайд хазиреттерин кербендин кайтышына көз салуу үчүн чалгынга жиберди.

Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарууга болмок эмес. Пайгамбарыбыз дароо даярдыкты баштап, Мадинада ордуна

намазга имам болууга Абдуллах бин Умму Мактумду дайындады. Жубайы ооруп жаткан Хазрети Осман баш болгон алты кишиге тапшырма берип, Мадинада калууга буйрук берди. Жанында мухажирлерден жана ансардан 305 кишиден турган сахабалар Рамазан айынын он экисинде Бадр аймагына бет алышат. Алардын саны Мадинада калгандарды кошкондо 313 киши болчу. Бадр – Мекке, Мадина жана Сирияга барчу жолдордун кесилишкен жери болчу.

Бул казатка катышууга уруксат алуу үчүн жаштар, жадагалса аялдар да Пайгамбарыбыз алейхиссаламга жалбарышты. Умму Вараканын Пайгамбарыбызга келип: "Энем-атам сизге курман болсун эй Расулуллах! Уруксат берсеңиз, сиз менен бирге баргым келет. Жаракат алгандардын жарасын таңып, оорулууларды караймын. Балким Аллаху таала мага да шейиттикти насип кылар!" – дегенде Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Сен үйүңдө калып, Курани каримди окугун. Күмөнсүз, Аллаху таала сага шейиттики насип кылат", –** деп айткан болчу.

Саад бин Абу Ваккас мындай деп риваят кылган: «Расулуллах алейхиссалам согушка баргысы келген жаш уландарды артка кайтарып жаткан кезде жашынып жүргөн иним Умайрды көрүп калдым. Ал кезде ал он алты жашта болчу. "Сага эмне болду, минтип жашынып жүрөсүң?" – деп сурадым. "Расулуллах мени кичинесиң деп артка кайтарышынан коркуп турам! А мен болсо согушка катышып, Аллаху таала мага да шейиттикти насип кыларын каалап жатам!" - деди. Бул тууралуу Пайгамбарыбызга билдиришкенде иниме: **"Сен артка кайт!"** - деди. Ошондо иним Умайр ыйлай баштады. Ырайым дарыясы Пайгамбарыбыз алейхиссалам анын көз жаштарына чыдай албай, ага уруксат берди. Ал эми иним Умайрдын кылычын өзү тагына албагандыктан белине өзүм байлап бердим."

Ааламдардын мырзасы болгон Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын желегин Мусаб бин Умайр, Саад бин Муаз жана Хазрети Али көтөрүшүп жүргөн. Сахабалардын жанында болгону эки ат жана жетимиш төө бар эле. Төө-аттарга кезектешип минишер эле. Расулуллах алейхиссалам, хазрети Али, Абу Лубаба жана Марсад бин Абу Марсад кезектешип минишчу, бирок, баары Пайгамбарыбыздын жөө баспай дайым төөнүн үстүндө болуусу үчүн: **"Жаныбыз сизге курман болсун йа Расулаллах!**

**Төөңүздөн түшпөңүз!"** - деп жалбарышты. Бирок, Ааламдардын Султаны алардан өзүн артык көрбөй: **"Силер жөө басууга мен чыдагандай чыдай албайсыңар. Асыресе, силер тапкан соопту мен да тапкым келет",** – деди. Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам менен сахабалары чөлдө өтө ысыкта жүрүштү. Анын үстүнө орозо кармашкан болчу. Сахабалар Исламды жайыш үчүн көптөгөн кыйынчылыктарга чыдап, Пайгамбарыбыздын артынан чын жүрөктөн каалап келе жатышты. Анткени, алдыда Аллаху тааланын жана Расулунун ыраазылыгы, баарында шейиттик арзуусу, асыресе, Бейиш бар эле... Сүйүктүү Пайгамбарыбыз сахабаларынын абалына карап: **"Аллахым! Сахабам жөө жүрөт. Сен аларга мингич бер! Аллахым! Аларга кийим тартыш. Сен аларды кийинт! Аллахым! Алар ачка жүрүшөт. Сен аларды тойгуз! Алар кедей, аларды байыт!"** - деп дуба кылды.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам жана ыйык аскери азаптуу ысыкка карабастан Бадрга карай бара жатканда мушриктердин Шамга келген кербендери да Бадрга жакындап калган эле. Пайгамбарыбыз алейхиссалам кербенден кабар алуу үчүн жиберген эки сахаба кербендин бир-эки күндүн ичинде Бадрга келип калышы мүмкүн экенин билип, дароо артка кайтышты. Кербендегилер болсо мусулман чалгынчылар келип кеткен айылга кайрылып, жай тургундардан: "Мусулмандардын тыңчыларынан кабарыңар барбы?" – деп сурашты. Алар: "Билбейбиз. Бирок, эки киши келип, бул жерде бираз отуруп кайра кайтып кетишти", – деп айтышты. Абу Суфйан ал жерге келип текшерип көргөндө жердеги төөнүн тезектерин эзди жана ичинде жем данектерин көрдү да: "Булар Мадинанын жемдери экен. Ал эки адам Мухаммаддын (алейхиссалам) чалгынчылары болушу ыктымал", – деди. Мусулмандардын жакын бир жерде экенин баамдады жана абдан корко баштады. Кербенинин башына келе тургандардан чочулап, күнү-түнү жүрүп, убакытты текке кетирбей Кызыл Деңиздин жээги аркылуу Меккеге ылдамдык менен барууну чечти. Айрыкча жагдайды маалымдоо үчүн Дамдам бин Амр Гыфари аттуу бирөөнү Меккеге кабарчы кылып жөнөттү.

Бул адам Меккеге келгенде көйнөгүнүн алды-артын жыртты. Төөсүнүн ээрин терс койду. Кызык бир көрүнүштө: "Жардам! Жардам!... Эй Курайштыктар жардам бергиле!... Кербениңерге, Абу Суфйандын жанындагы мал-мүлкүңөргө Мухаммед менен

сахабалары кол салды! Жетип бара алсаңар кербениңерди куткарып каласыңар!” – деп кыйкыра баштады.

Муну уккан Меккеликтер дароо чогулушуп, даярдык көрө баштады. Жети жүз төөчөн, жүз атчан жана жүз элүү жөө аскер чогултушту. Абу Лахабга: “Кана сен дагы катыш!” – деп айтышканда коркуусунан оорусун шылтоо кылды. Ордуна Ас бин Хишамды кошуп берди. Умаййа бин Халаф деген мушрик согушка даярдыкта коркуп, каалабагандай түрүн көрсөттү. Анткени, Пайгамбарыбыздын **“**Умаййаны менин сахабаларым өлтүрөт**”** дегенин уккан эле. Анын дайым чынчылдыктан айрылбаганын билгени үчүн коркуп жатты. Мындан улам Абу Жахлга келип карып калганын, абдан семиз экенин айтып көрөт. Соңунда Абу Жахл коркок деп айтканы үчүн согушка аттанууга аргасыз болду.

Мушриктердин дээрлик көпчүлүгү ок өткөргүс темир соottор менен камсыздалган эле. Өздөрү менен бирге асем үндүү ырчы аялдар бар эле. Музыкалык аспаптарын жана ичкиликтерди алууну да унутушкан эмес. Мындай күчтүү кошууну менен үч жүз кишини эмес, керек болсо миң кишилик кошуунду да заматта жеңебиз деп ойлоп жатышкан. Али жолго чыга элек жатып өлтүрө турган адамдарды жана ала турган олжолорду эңсеп санаасы менен байыгандар да жок эмес болчу. Бирок, баарынын эң чоң ниети Ислам динин жок кылуу эле. Ошентип, бул азгын мушриктер аялдар черткен дап жана ырлардын коштоосунда жолго чыгышты.

Бул мезгил аралыгында Абу Суфйан Бадрдан бир кыйла узап кеткен, Меккеге карай жакындап калган эле. Ортодо эч кандай коркунуч жок экенине ишенип Кайс бин Умриул-Кайс аттуу адамын Курашка жиберип: “Эй, Курайш жамааты! Силер кербениңерди, адамдарыңарды жана мал-мүлкүңөрдү коргоо үчүн Меккеге карай жолго чыктыңар эле. Биз кооптордон кутулдук. Эми арка кайта бергиле!...” – деди. Айрыкча: “Мусулмандар менен согушуу үчүн Мадинага баруудан сактангыла!” – деген сунушун айтты.

Кайс мушриктер кошуунуна кабарды алып келгенде Абу Жахл: “Ант берип айтамын, Бадрга барып үч күн үч түн салтанат кылып, төөлөрдү союп, шарап ичебиз. Айлана тегеректеги уруулар бизди көрүп, суктанып, биздин эч кимден коркпой турганыбызга күбө болушат. Мындан кийин айбатыбыздан эч ким бизге кол салууга батына албайт. Эй, жеңилбес Курайш кошуну! Алга...” – деди.

Кайс Абу Жахлдин сөз тыңдай турган абалда эместигин көрүп артка кайтты жана жагдайды Абу Суфйанга билдирди. Узакты көрө билген жана этияттуу бир киши болгон Абу Суфйан: "Аттиң! Курайш чеки иш кылды!...Бул Амр бин Хишамдын (Абу Жахлдин) бир планы. Бул ишти ал сөзсүз адамдарга башчы болуу үчүн кылды. Ал эми мындай азгындык ар дайым чоң кемчилик жана бактысыздык болот. Эгер мусулмандар алар менен бетме-бет келип калса, анда курайштыктар куруйт", - деп айтуудан өзүн тыя албады. Кербенди Меккеге жеткирет да, кошуунга жетип барды.

Ал ортодо Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам сахабалары менен Бадрга жакындап калган болчу. Бир кезде Мадиналык мушриктерден Хубайб бин Ясаф менен Кайс бин Мухаррис Ислам аскеринин арасында экенин көрдү. Хубайбдын башында темир туулга болгонуна карабастан аны таанып калды жана Хазрети Саад Бин Муазга: **"Бул Хубайб эмеспи?" –** деп сурады. Ал болсо: "Ооба эй, Расулуллах!" –деди. Хубайб согуш тактикасын мыкты билген эр жүрөк баатыр эле. Кайс менен Расулуллх алейхиссаламдын алдына чыгышты. Пайгамбарыбыз алейхиссалам аларга: **"Силер эмне үчүн биз мененсиңер?"** – деп сурады. Алар: "Сен биздин карындашыбыздын уулусуң жана кошунабыз болосуң. Биз дагы уруубуз менен бире олжо топтоо үчүн келүүдөбүз!" – деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз Хубайбга: **"**Сен Аллахка жана Анын Элчисине ыйман **к**елтирдиң беле**?"** – деп сураганда ал: "Жок!" – деди. Расул алейхиссалам: **"Андай болсо артыңа кайт! Биздин динибизде болбогон адам биз менен бирге боло албайт",** – деп айтты.

Хубайб: "Менин чабыштарда дасыккан тайманбас баатыр, душманга жанчар сундурган, касташкандын катыгын берген эр жүрөк экенимди баары билет. Олжо үчүн сенин жаныңда душмандарыңа каршы согушамын", – деди. Пайгамбарыбыз алейхиссалам анын жардамын кабыл кылбады.

Бир нече убакыт өткөн соң Хубайб сунушун кайра кайталайт. Бирок, Пайгамбарыбыз мусулман болмоюнча тилегин кабыл кылынбай турганын айтты.Ревха деген жерге келишкенде Хубайб Расулуллах саллаллаху алейхи васалламдын алдына чыгып "Эй, Расулуллах! Аллаху тааланын ааламдардын Раббиси экенине жана сенин Пайгамбардыгына ишендим, ыйман келтирдим", – дегенде Пайгамбарыбыз алейхиссалам абдан кубанды. Кайс дагы Мадинага кайтып келишкенде ыйман келтирди (радыйаллаху анх).

Ислам аскери Сафра өрөөнүнө жеткенде Меккеликтердин кол курап, кербендерин куткарууга Бадрды карай келе жатат деген кабарды алышат. Пайгамбарыбыз алейхиссалам сахабаларын жыйнап алар менен кырдаал тууралуу кеңеш курат. Мадиналык момундар Расулуллах алейхиссаламга Акабада биат (ант) кылганда : “Эй, Расулуллах! Сен биздин шаарга кел. Сени ал жерде душманыңа каршы жаныбызды аябай коргойбуз, сага баш ийебиз”, - деп сөз беришкен. Эми болсо алар Мадинанын сыртына чыгышкан болчу. Алдыда өздөрүнө сан, курал жана мал-мүлк жагынан өтө күчтүү душман кошуну бар эле. Кеңеш учурунда Пайгамбарыбыз сахабасынын пикирин угат. Мухажирлерден Абу Бакр Сыддык жана Омар-ул Фарук туруп, душман кошууну менен согушуу зарыл экенин баса белгилешет. Дагы мухажир момундардан Микдад бин Асвад ордунан туруп: “Йа, Расулаллах! Бул маселе тууралуу Аллаху тааланын буйругу кандай болсо, ошону орунда. Анын буйругу менен жүр. Ар дайым биз сени менен биргебиз, эч качан айрылбайбыз. Биз Исраил уулдарынын Муса алейхиссаламга: **“Эй, Муса! Залымдар коому ал аймакта турган кезде биз эч качан ал жерге барбайбыз, ал жерге кирбейбиз. Бара бер, өзүң, Раббиң экөөң ал жерге барып согуша бергиле! Биз ушул жерде калабыз.”** [“Маида” сүрөсү, 24] деп айткан сыяктуу бир сөз да айтпайбыз. Жаныбыз менен башыбызды Аллаху тааланын жана Расулунун жолунда курман кылабыз. Сени чын пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант беребиз, деңизден ары Хабашыстанга (Эфиопияга) жиберсең да барабыз. Сага эч качан каршы чыкпайбыз. Каалаганыңды аткарууга даярбыз. Энем, атам, жаным сага курман болсун эй, Расулуллах...» – деди. Микдаддын айткандары сүйүктүү Пайгамбарыбызды абдан кубандырды. Ага кайырлуу дубалар кылды.

Бул кырдаалда Мадиналык мусулмандардын көз карашы да зор мааниге ээ эле. Анткени алардын саны көп болчу жана андан башка Расулуллахты Мадинада коргоого сөз беришкен. Бирок, Мадинанын сыртында согушуу тууралуу эч кандай убадалары жок эле. Саад бин Муаз ордунан турат да, мындай дейт: “Эй, Расулуллах! Уруксат берсеңиз жалпы ансардын атынан сөз сүйлөйүн”, – деди. Уруксат берилгенде: “Йа, Расулаллах! Биз сизге ыйман келтирдик, Сиздин Пайгамбарлыгыңызды тастыктадык! Эмне алып келген болсоңуз акыйкат жана туура. Бул тууралуу баш ийүүгө сизге анык

ант бердик. Биз ал сөзүбүздөн эч качан кайтпайбыз жана сиз кайда болсоңуз ар дайым сиздин буйругуңузга даярбыз! Буйругуңуз башыбыздын таажы. Жаныбыз менен башыбызды жолуңузга курман кылабыз. Сизди чын пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант берип айтабыз, деңизге кирсеңиз артыңыздан биз да киребиз. Эч бирибиз бул иштен бир кадам артта калбайбыз. Ыйык оюңузда эмне бар болсо бизге буйрук кылыңыз, дароо орундайбыз. Мал-дүнүйөбүз да жаныбыз менен бирге курман болсун. Душмандан эч качан качпайбыз! Согушта сабырдуубуз. Үмүтүбүз сизди кубантып ыраазылыгыңызды табуу! Аллаху таала сизге ырайымын төксүн..” – деди. Бул сөздөрдү тыңдаган сахабалар абдан толкунданды. Баардыгы айтылган сөздөргө чын жүрөктөн кошулганын билдирди. Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам аябай кубанды. Хазрети Саадга жана сахабаларга дуба кылды.

Эми баардык бошоңдуктар тараган болчу. Душман канчалык көп, канчалык күчтүү болсо да ардактуу сахабалар сүйүктүү Пайгамбарыбыздын артынан тайманбай шахадатка жүрүшөт, Аллаху тааланын жана Расулуллахтын ыраазычылыгына жетишет болчу. Баштарында ааламдардын мырзасы турганча барбай турган жер жок эле.. Ардактуу Пайгамбарыбыз сахабаларынын өзүнө болгон садыктыгын жана жогору маанайын көрүп, аларга: **“**Кана эмесе**,** алга**!** Аллаху тааланын өзү жар болуп турганда**,** кадырыңар жам болсун**! Аллахка ант беремин, а**зыр мен**,** салгылашта курайштын кимисине ок тийип**,** кайсы жерде кулап жатаарын көрүп турамын**!**” - деп сахабага сүйүнчү кабарын айтты. Бул сүйүнчү кабардан улам сахабалар кайрат менен Пайгамбарыбыз алейхиссаламды ээрчишти.

## Периштелердин көмөккө келүүлөрү

Бадрга жетип барышканда жума түнү болчу. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз сахабаларына: **“**Мынабу кичинекей дөңсөөнүн тегерегиндеги кудуктун башынан кабар алып келсеңер деп үмүт кыламын”**,** – деди. Аллаху тааланын арстаны Хахрети Али Саад бин Абу Ваккас, Зубайр бин Аввам жана айрым сахабаларды ошол жерге жиберди.

Хазрети Али шериктери менен дароо кудуктун башына барышты. Ал жерде Курайштын төөчүлөрүн жана суучуларын

көрүштү. Мусулмандарды көрөр замат алар өз тарабына дыр коёт. Бирок экөө колго түшүрүлдү. Алардын бири Хажжаж уулдарынын кулу Ашлам, экинчиси болсо Ас бин Саид уулдарынын кулу Ариз Абу Ясар эле. Аларды Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын алдына алып келишкенде Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам алардан: **“Курайш кайсы жерге конду?”** – деп сурады. Алар: “Мынабу көрүнүп турган кумдуу дөбөнүн ары жагына конушту”, – деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз: **“Курайш канча киши?”** – деп сурады. “Билбейбиз”, – деп айтышты. **“Бир күндө канча төө союп жеп жатышат?” –** деген суроосуна: “Бир күнү тогуз, бир күнү он”, – деп жооп алганда Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Миңден аз, тогуз жүздөн көп экен”,** – деди. Кайра: **“Курайш бийлеринен кимдер бар?” –** деп сурады. Алар: “Утба, Шейба, Харис бин Амр, Абул-Бухтари, Хаким бин Хузам, Абу Жахл, Умаййа бин Халаф...” – деп айтышканда Расулуллах алейхиссалам сахабаларына кайрылып: **“Мекkенин калкы эң алдыңкы уулдарын силерге курман кылды**” – деди. Анан ал эки кишиге: **“Согушка аттанып чыккан Курайштан артка кайткандар болдубу?”** – деп сураганда: “Ооба, Бани Зухрадан Ахнас бин Аби Шерик кайтып кетти”, – деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз да: **“Ал туура эмес жолдо жүрүп, акырет, Аллаху таала жана китеп билбестен Бани Зухраларга туура жолду көрсөтүптүр... Алардан башка артка кайткан болдубу?”** – деп сураганда: “Ади бин Кааб уулдары кайтты”, – деген жооп алды.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Хазрети Омарды акыркы жолу эскертүү үчүн Курайштыктар менен келишимге жиберди. Омар бин Хаттаб аларга: “Эй, өжөр коом! Расул алейхиссалам айтат: **“Баары бул иштен кайтсын. Аманчылыкта артка кайтышсын. Анткени, силерден башкасы менен салгылашуу мага силер менен салгылашуудан жакшыраак!..” –** деп айтты.

Бул сунуштан улам Курайш мушриктеринен Хаким бин Хузам алдыга чыгып: “Эй, Курайш жамааты! Мухаммед силерге абдан ынсаптуу мамиле кылды. Сунушун кабыл кылгыла. Эгер айтканын кылбасаңар, ант берип айтамын, эми мындан силерге эч качан ынсап кылбас!...” – деди. Абу Жахл Хакимдин сөзүнө жинденип: “Муну эч качан кабыл кылбайбыз жана мусулмандардан өч алмайынча кайтпайбыз! Мындан ары биздин кербенге эч ким көз артпасын”, – деди жана келишим жолдорун жапты. Хазрети Омар артка кайтты.

Ошол түнү Пайгамбарыбыз алейхиссалам жана кадырлуу сахабалары Бадрга мушриктерден мурун келип, кудуктарга жакын бир жерге жайгашты. Пайгамбарыбыз алейхиссалам сахабалары менен акылдашып, ордону каерге куруу тууралуу ой-пикирин сурады. Жашы отуз үчкө келген Хаббаб бин Мунзир ордунан туруп сөз сурады: "Йа, Расулаллах! Бул жер Аллаху таала сизге ордо курулушу үчүн буйрук кылган жана сөзсүз курулушу керек болгон жерби? Болбосо жеке көз караштын жыйынтыгы же согуш амалы катары тандалды беле? – деп сурайт. **"Жок! Бир согуш амалы тандалган жер",** – деди.

Ошондо Хазрети Хаббаб: "Эне-атам, жаным сизге курман болсун йа, Расулаллах! Бир согушкер адамдарбыз. Бул жерлерди дагы жакшы билебиз. Тетиги Курайштыктардын жайгаша турган жердин жакынындагы кудуктун суусу таттуу жана мол суу бар. Уруксат берсеңиз ошол жерге коннолу. Ал эми анын айланасындагы кудуктардын баарын жаап салалы. Анан чакан көлмө жасап аны сууга толтуралы. Душман менен чабышта чаңкасак келип көлмөдөн суу ичип турабыз. Душман болсо суу таба албай куруйт", – деди.

Ошондо Жабраил алейхиссалам бул пикирдин туура экенин билдирген вахи алып келди. Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Эй, Хаббаб, сен эң туура пикир айттың!**" – деди. Анан ордунан турду. Бардыгы белгиленген кудуктун башына келишти. Суусу татуу болгон кудуктан башка бардык кудуктарды жаап салып, чоң көлмө жасашты. Аны суу менен толтуруп, жанына суу ичүүгө идиштерди коюшту.

Ал ортодо Хазрети Саад бин Муаз Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын жанына келип: "Йа, Расулаллах! Биз сизге курма талдарынан ичинде отурууга бир чатыр тигелиби?" – деген сунуш менен кайрылды. Пайгамбарыбыз алейхиссалам Сааддын бул сунушунан аябай кубанды жана дуба кылды. Дароо бир чатыр тигилди.

Пайгамбарлардын Султаны ардактуу сахабалары менен согуш майданын кыдырып, иликтеп чыкты. Кээде токтоп: **"Иншаллах эртең таңерте капырлардан баланча ушул жерде кулатылат, Иншаллах эртең таңерте баланча мына бул жерде кулайт. Мына ушул жер! Ушул жер..**." – деп ыйык колдору менен Курайштык мушриктердин өлтүрүлө турган жерлерин бирме-бир көрсөттү.

Кийинчерээк Хазрети Омар бул тууралуу: “Алардын ар биринин Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын ыйык колдору менен көрсөткөн жерлерде окко учуп өлүп жатканын көрдүм. Бираз ары да, бери да эмес эле”, – деп кабар берген.

Ааламдардын мырзасы саллаллаху алейхи васаллам сахабаларды үч топко бөлдү. Мухажирлердин байрагын Мусаб бин Умайрга, Австыктардын байрагын Саад бин Муазга, Хазраждыктардын байрагын болсо Хаббаб бин Мунзирге берди. Ар бири байрактарынын алдында чогулушту. Пайгамбарыбыз кошуунду саптарга тизип, тартипке салды.

Кошунду тартипке салып жатканда саптан алдыга чыгып кеткен Савад бин Газиййанын көкүрөгүнө ыйык колундагы жебе менен түрттү жана: “**Сапка тизил эй, Савад**!” - деди. Савад: “Йа, Расулаллах! Колуңуздагы жебе денеме катуу тийди. Сизди чын дин, китеп жана адилет менен жиберген Аллаху тааланын акысы үчүн мен дагы сизди жебе менен түрткүм келет”, – деди. Анын бул сөзүнө бардык сахабалар таң калды. Ааламдардын мырзасынан өч алууга болмок беле? Мындай кылууга болмок беле? Расулуллах алейхиссалам ыйык көйнөгүн алдын ачты жана: **“Кана, өчүңдү ал, акыңды ал!” –** деди.

Хазрети Савад Сүйүктүү Пайгамбарыбыз саллалаху алейхи васалламдын ыйык көкүрөгүн чоң сүйүнүч жана сүйүү менен өптү. Бардыгы анын өч алуусун күтүп турганда мындай жагдайды көрүп, Савадга таң калышып, суктанышты. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: «**Эмне үчүн мындай кылдың**?» – деп сураганда: “Эне-атам, жаным сизге курман болсун йа, Расулаллах! Бул күн Аллаху тааланын буйругу менен ажалымдын келип турганын көрүүдөмүн, сизден айрылып калуудан коркуп турам. Ошондуктан, ортобузда өткөн акыркы мүнөттөрдө ыйык денеңизге эриндеримин тийүүсүн каалаладым. Муну Кыямат күнүндө мага шафаат кылууңузга, ошентип азаптан кутулууга себеп кылууну каалаладым.” – деди. Анын бул махабатын көрүп Пайгамбарыбыз алейхиссалам дагы абдан таасирленди жана Хазрети Савадга дуба кылды.

Ыйык Ислам кошуунунун оң канатына каарман мужахид Зубайр бин Аввам, сол колуна болсо Микдад бин Асвад колбашы болду.

Расулуллах саллаллху алейхи васаллам ардактуу сахабалары менен согушту кандай баштоо тууралуу кеңешүүнү каалады:

**“Кантип согушасыңар?” –** деп сурады. Асим бин Сабит ордунан туруп, колунда жаа менен огун кармаган абалда: “Йа, Расулаллах! Курайштыктар бизге жүз метрдей жакындап калганда аларга ок жаадыралы. Анан таш ата тургандай аралыкка келишкенде таш аталы. Найза жете тургандай жакын келишкенде найза менен, анан кылыч менен чабышалы!” – деп оюн билдирди. Бул амал Пайгамбарыбыз алейхиссаламга жакты. Сахабаларына төмөнкү буйругун берди:

**“Сабыңардан эч качан бөлүнбөгүлө. Ордуңарды бекем сактагыла. Мен буйрук бермейинче согушту баштабагыла. Душман жакындай электе эле окторуңарды атып жөнү жок корото бербегиле. Душман калканын ачкандан кийин гана ок чыгаргыла. Душман жакын келгенде колуңар менен таш аткыла. Андан да жакыныраак келгенде найзаңарды колдонгула. Душман бетме-бет келген кезде болсо кылычтарыңар менен чабышкыла...**”

Анан күзөтчү адамдарды калтырып, сахабаларга дем алууга уруксат берди. Алар Аллаху тааланын хикмети менен катуу уктап калышты. Пайгамбарыбыз болсо курма бутагынан жасалган чарпаясына кирген кезде алгач Хазрети Абу Бакр анан Саад бин Муаз кылычтарын кармап босогодо кезектеше күзөтүштү. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз саллаллху алейхи васаллам ыйык колдорун жайып, ойго батып Аллаху таалага: **“**Йа**,** Раббим**!** Эгер Сен ушул алакандай жамаатты кыйроого учуратсаң**,** **ж**ер жүзүндө сага ибадат **к**ылчу жан **к**албас**.” -** деп жалбара баштады жана бул дуба таңга чейин уланды.

Ыйык Ислам кошунунун ордосун курган жери кумдуу болчу. Ошондуктан басканда кыйналып, буттар кумга батып калчу. Аллаху тааланын колдоосу жана Пайгамбар алейхиссаламдын дубасынын берекети менен ошол түнү катуу жамгыр жаа баштап, дарыялардан таша тургандай сел агып жатты. Идиштер суугa толтурулду, жер болсо бут батпай тургандай катуулашты.

Мушриктер болсо баткакка батып, селдин ичинде калды. Таң атып, Расулуллах алейхиссалам сахабаларын намазга тургузду. Багымдат намазын окутуп бүткөндөн кийин душман менен жихад кылуунун жана шейиттиктин фазилаттары тууралуу айтып, аларды согушка чакырып дем берди. Анан мындай деп айтты: **“Албетте Аллаху таала чындыкты жана акыйкатты буйрук**

**кылат. Аллаху тааланын ыраазычылыгы үчүн кылынбаган амалды кабыл кылбайт... Раббиңердин бул жерлерде силерге ырайымын жана кечиримин убада кылган буйругун аткарууга аракет кылгыла жана сыноодон ийгиликтүү өткүлө! Анткени Анын убадасы акыйкат, сөзү чындык, жазасы да катуу. Мен жана силер Хайй жана Каййум болгон Аллаху таалага байланганбыз. Ага сыйындык, Ага бай ийдик, Ага таяндык. Эң акыркы кайтуубуз да Ага болот. Аллаху таала мени жана бардык мусулмандарды кечирсин!...”**

Рамазан айынын он жетиси, жума күнү. Бираздан кийин тарыхтын эң катаал, эң аёосуз, эң маанилүү, эң чоң согушу башталганы турду... Бир тарапта Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам жана кымындай болсо да жанын аябаган алакандай ардактуу сахабалары, каршы тарапта болсо Исламды түп-тамырынан кыркып жок кылууну жана Аллаху тааланын Сүйүктүүсү болуу мартабасына ээ болгон бир пайгамбарды жок кылууга жыйналган карөзгөй жана чектен ашкан капырлар тобу бар эле. Тилекке каршы дин душмандарынын катарында Пайгамбарыбыздын жакын туугандары да бар эле.

Хазрети Пайгамбарыбыз кошунунун тартибин бир сыйра текшерип чыккандан кийин берген көрсөтмөсүн дагы кайталап эстерине салды. Ал аңгыча Курайш мушриктери ордолорунан чыгып, Бадр өрөөнүнө карай агыла баштады. Булардын көпчүлүгү үстүнө sooтторду кийишкен эле. Айбат жана текебердик менен Ислам аскерине каршы чабуулун баштады. пайгамбарыбыз мушриктердин бул абалын көрүп, Хазрети Абу Бакр менен чатырга кирди жана ыйык колун жайып Аллаху таалага дуба кыла баштады: **“Йа, Раббим мына Курайш мушриктери айбаттанып жана текеберденe жылып келе жатышат!... Булар Сага баш көтөрүп, Пайгамбарыңды жалганга чыгарышууда. Эй, Аллахым! Мага кылган жардамың жана убадаңды жүзөгө ашырууңду сенден тилеймин!... Аллахым! Эгер ушул бир ууч мусулмандын жеңилүүгө дуушар кылсаң, анан сага ибадат кыла турган жан калбайт!...”**

Ушинтип тынбай кайра-кайра жардым тилеп Аллаху талага жалбарды. Пайгамбарыбыздын ушундай өтө кайгылуу жана жандарды титиреткен жалбаруусу эсинен кетип, чапаны үстүнөн түшүп кеткенге чейин уланды. Бул чын жүрөктөн кылынган

жалбарууга чыдай албаган Хазрети Абу Бакр ыйык чапанды чоң урмат менен жерден алып, Пайгамбарыбыздын ыйык ийинине коюп жатып: "Жаным сага курман болсун я, Расулуллах! Мынчалык жалбарууңуз жетиштүү!... Раббиңизге карата катуу туруп алып дуба кылдыңыз! Албетте Аллаху таала сизге убада кылганы жеңишти жакында берет" – деп көңүлүн көтөрдү. Ошондо ааламдардын Мырзасы төмөндөгү аяттарды окуп чатырдан чыкты. Аяттардын мааниси:

**"**(Бадрдагы) **бул топ жакында сөзсүз бузулуп жеңилишет жана артын карай качышат. Эң туурасы алардын асыл азап убактысы Кыямат күн. Ал убакыттын азабы катуураак, ачууураак"** – эле. («Камар» сүрөсү, 45-46).

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз кошунунун башына келди. Мартабалуу сахабаларына ушул аят-и карималарды окуду: **"Эй, ыйман келтиргендер! Силер бир душман тобу менен бетме-бет келсеңер бекем-сабырдуу болгула жана Аллаху тааланы көп зикир кылсаңар кутуласыңар... Сабырдуу жана бекем болгула! Анткени, Аллаху таала сабыр кылуучулар менен бирге."** (Анфал сүрөсү, 45-46)**. Топтошкон түрдө душман менен кылынган алгачкы согуш ушул болот эле.** Согуштун башталышына аз гана убакыт калган. Толкундоолор акыркы чегине жеткен эле. Сахабалар Пайгамбарыбыздын: **"Аллахты көп зикир кылгыла..."** деген маанидеги аят-и кариманы окугандан кийин бардыгы бир оздон "Аллаху акбар!... Аллаху акбар!... Аллаху акбар!..." деп жеңиш ихсан кылуусу үчүн Аллаху таалага жалбара башташты. Эми алар Пайгамбар алейхиссаламдын бир ишааратын гана күтүп турушту.

Ал мезгилдин салттарына ылайык, эки кошун беттешүүдөн мурда эки тараптан бирден баатыр майданга чыгып, жекеме-жеке чабышчу. Бул чабышта эки тараптын каны кызып, согуш сезими калыптанчу. Мушриктерден Амир бин Хадрами бул салтты сактабай Ислам аскери тарапка жаадан ок чыгарды. Анын огу мухажирлерден Михжага жаңылып, ал шейит кетип, ыйык руху Бейишке көтөрүлдү. Пайгамбарыбыз бул алгачкы шейит үчүн: **"Михжа шейиттердин мырзасы"** деп сүйүнчү кабарын билгизди. Михжанын шейит кетиши кутман сахабалардын тынчын алып, орундарында тура албай калышты. Бирок, Расулуллахтан эч кандай белги болбогондуктан, сагушту баштабай турушту. Ар биринин ичи кайнай баштады!...

Аңгыча мушриктер кошунунан үч адам суурулуп алдыга чыкты. Булар: Рабиа уулдарынан Ислам душманы карамүртөз Утба, анын бир тууганы Шайба жана уулу Валид эле. Мужахиддерди карап: “Араңарда биз менен чабышканга дарамети жете турган адам барбы?” – деп жар салат. Сахабалардан эң алгач Хазрети Абу Хузайфа өз атасы Утба менен жекеме-жеке чабышуу ниетинде алдыга чыкканда ааламдардын Султаны: **“Сен токто!” –** деп буйрук кылды. Мадиналык мужахиддерден Афра Хатун уулдары Муаз, Муаззаз жана Абдуллах бин Раваха аттуу сахабалар алдыга чыгышты. Утба, Шайба жана Валиддин каршысына келип турушту. Колдорунда кылыч менен даяр болуп, күтүп турушту.

Мушриктер: «Силер кимсиңер?» – деп өздөрүн тааныштырууну талап кылышты. Алар: “Мусулмандарбыз”, – деп айтканда мушриктер: «Биздин силер менен эч кандай ишибиз жок! Бизге Абдулмутталиб уулдары керек! Биз ошолор менен согушууну каалайбыз!» – дешти жана Ислам кошунун карап: “Эй, Мухаммед! Бизге каршы өз уруубуздан чыккан теңибиз болгондорду чыгар!” –деп кыйкырышты.

Расули акрам саллаллаху алейхи васаллам майдандагы үч баатырсахабаларына дуба кылгандан соң артка кайтууга буйрук кылды. Анан сахабаларына көз салып: **“**Эй**,** Хашим уулдары! Камдангыла**! Аллаху тааланын нурун** бузук ишенимдери менен өчүрүүнү **к**өксөп келгендерге каршы Аллах жолунда кармашкыла**!** Аллаху таала ансыз деле Пайгамбарыңарды да ушул максатта жиберген**.** Чык алдыга эй,Убайда**!** Чык алдыга эй, Хамза**!** Сен да чык эй, Али**!”** - деп буйрук берди.

Аллаху тааланын арыстандары Хазрети Хамза, Хазрети Али, Хазрети Убайда туулгасын кийип майданды карай жүрүштү. Аларга бетме-бет келишкенде мушриктер: “Силер кимсиңер? Эгер биздин теңибиз болсоңор силер менен чабышабыз” - деп айтышты. Алар дагы: “Мен Хамзамын! Мен Алимин! Мен Убайдамын!” – деп жооп беришкенде мушриктер: “Силер дагы биз сыяктуу абройлуу кишилерсиңер. Силер менен чабышууга макулбуз”, – дешти. Каарман Ислам мужахиддери мушриктерди алгач ыйманга чакырса да алар кабыл кылышпады. Андан соң гана үчөө кылычтарын кынынан сууруп, мушриктериге кол салышты. Хазрети Хамза менен Хазрети Али бир кол салууда эле Утба менен Валидди өлтүрдү. Хазрети Убайда болсо Шайбаны жарадар кылып,

өзү да жараат алат. Хазрети Хамза менен Хазрети Али Убайдага жардамга келишип, ошол жерде Шайбаны өлтүрүштү. Хазрети Убайданы көтөрүшүп, Расулуллах алейхиссаламдын жанына алып келишти.

Хазрети Убайда бин Харистин ыйык кызыл ашык томугунан кан менен чучук агып жатты. Ал кансырап араң турган абалына маани бербей: "Жаным сизге курман болсун я, Расулуллах! Мун ушул абалым менен өлсөм шейит боломбу?" – деп сурады. Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Ооба, сен шейитсиң", –** деп бейиштик болгонун сүйүнчүлөдү. (Ошентип Хазрети Убайда согуштан кайтып бара жатып Сафра деген жерге жеткенде көз жумду).

Бул урушта үч маанилүү адамын жоготкон мушриктер алдастап калышты. Ушуга карабастан Абу Жахл кошунунун маанайын көтөрүү үчүн: "Силер Утбанын, Шайбанын жана Валиддин өлгөнүнө көп кайгырбагыла! Алар чабышта шашкалактык кылып, пайдасыз жерге өлүштү! Ант берип айтамын, мусулмандарды кармап, жиптерге байламайын артка кайтпайбыз!..." – деп аларды сооротууга аракет кылды.

Каарман сахабалар болсо тезирээк бул мушриктер тобун кылыч менен кырып, жазаландырууга өздөрүн араң кармап турушту.Хазрети Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам болсо ыйык тилинен түшүрбөй айтып жүргөн мына ушул дубаны кайталап жатты: **"**Аллахым**!** Мага берген убадаңды жүзгө ашыра көр!... Аллахым! Ушул бир ууч мусулманды жеңилүүгө дуушар кылсаң**,** жер бетинде Өзүңө ибадат **к**ыла турган жан **к**албайт**!..."**

Аңгыча мушриктердин саптарынан Курайштын эң батымдуу жана көзгө атар мергендеринен болгон, Хазрети Абу Бакрдын али мусулман болбогон уулу Абдуррахман майданга чыгып, каршы тараптан бирин чыгышын талап кылды. Мужахиддердин саптарынан дагы бирөөнүн дароо кылычын сууруп, алдыга чыга баштады. Бул киши алгач мусулман болуу жана Сыддык мартабасы аброюна ээ болгон, пайгамбарлардан кийин адамдардын эң жогору инсан, каарман Хазрети Абу Бакр эле... Уулуна каршы чабышуу үчүн алдыга чыкты. Бирок, Ааламдардын Мырзасы ага: **"Йа, Абу Бакр! Билбейсиңби, сен менин көрөр көзүм, угар кулагымсын..."** – деп, уруксат бербеди. Абу Бакр Сыддык уулуна: "Эй, залым! Мага болгон жакындыгың кайда калды?" – деп айтуудан өзүн тыя албады.

Анан пайгамбарлардын султаны Хабиб-и акрам алейхиссалам эңкейип бир ууч кум алды. Бул кумдарды душмандын үстүнө чачып: **“**Жүздөрү **к**арарсын**!... Аллахым!** Жүрөктөрүнө коркунуч сал, аяктарын **к**алтырат**!”** – деди жана сахабаларына кайрылып: **“**Чабуулду баштагыла! Кол салгыла!” деген буйругун берди.

Ушул белгини күтүп турган ардактуу сахабалар мурда айтылган амал боюнча аракет кыла башташты. “Аллаху акбар! Аллаху акбар!” - деп такбирлердин астында октор атылып, таштар душманга тийип, найзалар сootторго шатыра тийе баштады... Аллаху тааланын арстандары Хазрети Хамза эки колунда кармаган эки кылычы менен чабышып жатты. Хазрети Али, Хазрети Омар, Зубайр бин Аввам, Саад бин Абу Ваккас, Абу Дужана, Абдуллах бин Жахш мушриктердин сабынын бир учунан кирип, наркы башынан чыгып, мушриктерди таң калтырып жатышты. Ар бири эч ким өтө алгыс чеп сыяктуу эле. “Аллаху акбар!... Аллаху акбар!...” жаңырыгы ааламды толтуруп жатты. Аллаху тааланын мартабасынын улуулугу капырлардын мээлерине барскан сыяктуу урулуп жатты. Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Йа Хаййу! Йа Каййум**!” – деп Аллаху таалага жалбарып жатты. Хазрети Али: “Бадрда баарыбыздын эң эр жүрөгү, эң каарманы Расулуллах алейхиссалам болчу. Мушриктердин саптарына эң жакын болгон дагы Ал эле. Кыйын кездерде Ага пааналачубуз”, – деп айткан.

Мушриктер башчылары болгон Абу Жахлды ортого алышты. Ичтеринен бирөөңү Абу Жахлга окшотуп кийинте салышты. Бул бактысыздын аты Абдуллах бин Мунзил эле. Хазрети Али Абдуллахга кол салды. Абу Жахлдын көзүнчө Абдуллахтын башын кести. Абу Кайсты кийинтишти. Аны болсо Хазрети Хамза өлтүрдү.

Хазрети Али бир капыр менен салгылашып жаткан. Мушрик кылычын Хазирет Алиге шилтегенде, кылыч калканга кадалып калган эле. Хазрети Али Зулфикарын мушриктин соот кийген денесине шилтегенде, ийининен көкүрөгүнө карай сooту менен бирге чапкан кезде башынын үстүндө бир кылычтын жарк эткенин көрдү. Дароо башын ийди. Кылычты жарк эттирген адам: “Ал! Бул болсо Хамза бин Абдулмутталибден”, дегенде мушриктин башы туулгасы менен жерге түштү. Хазрети Али артына караганда агасы Хазирет Хамзанын эки кылыч менен чабышып жатканын көрдү. Пайгамбарыбыз сахабаларын минтип эрдик менен чабышып

жатканын көргөн сайын: **“Алар – Аллаху тааланын жер бетиндеги арыстандары”, –** деп айтып, аларды даңктап жатты.

Бир маалда Пайгамбарыбыздын жанында туруп салгылашып жаткан Хазрети Укашанын кылычы сынып калды. Муну көргөн сүйүктүү Пайгамбарыбыз жерде жаткан союлду алып, ага узатып жана: “Эй, Укаша! Ушуну менен чабыш!...” – деди. Укаша союлду колуна алар замат союл Пайгамбарыбыздын бир мужизасы катары узун жалтылдаган, сыртынын ортосу күчтүү жана курч кылычка айланды. Согуштун аягына чейин ушул кылыч менен бир топ мушрикти өлтүрдү.

Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам бир тараптан чабышып, бир тараптан да сахабаларын кайратына кайрат, демине дем кошуп төмөнкү ыйык хадиси шарифти айтып жатты: **“Бар болуумдун кудурети өз колунда болгон Аллаху таалага ант берип айтамын, бүгүн Аллаху тааланын ыраазычылыгын үмүт кылып, сабырдуулук, туруктуулук көрсөтө чабышкандарды, артка качпай алга умутулуп жатып өлтүрулгөндөрдү Аллаху таала сөзсүз** Бейишке киргизет.” Бул ыйык сөздөрдү уккан Умайр бин Хумам: “Кандай сонун! Кандай сонун! Демек, Бейишке кире алуум үчүн шейит болуумдан башка бир нерсенин кереги жок турбайбы!” – деп, мурункусунан да катуураак чабыша баштады. Бир тараптан душман менен чабышып, бир тараптан да: “Аллаху таалага материалдык азыктар менен эмес, бир гана Аллаху таалага болгон коркуу, акырет амалы, жихадга сабырдуулук жана туруктуулук көрсөтүү аркылуу барууга болот. Мунун сыртындагы башка азыктар болсо шексиз бүтөт, түгөнөт!...” – деп жатты. Ушинтип шейит болгонго чейин чабышты.

Согуш кызып, туу чокусуна чыкты!... Бир сахабага жок дегенде үч мушрик кол салып жатты. Ар бирине кылыч чабууга аракет кылып жаткан мартабалуу сахабаларды эч нерсе чегинте алган жок. “Аллаху акбар! Аллаху акбар!...” деген сайын күчүнө күч кошулуп, кайра-кайра кол салуудан тартынышкан жок. Бир кезде мушриктердин чабуулу катуулашты. Сахабалар кыйын абалга түшүп калды.

Ошондо Расулуллах алейхиссалам Хазрети Абу Бакр менен хурма талдарынан жасалган чатырына киришти. Пайгамбарыбыз Аллаху таалага дагы дуба кыла баштады. **“Эй, Раббим! Мага убада кылган жардамыңды бере көр!...”** – деп жалбарды. Дал

ошол маалда мазмунун мындайча вахий келди: **“Ошол убакыт Раббиңерден жардам жана жеңиш тилеп жаттыңар эле. Ал силерге:** “Чындыгында мен удаама-удаа келүүчү миң периште менен жардам кылып жаттым эле” деп дубадеп дубаңарды кабыл кылган эле.” («Анфал» сүрөсү, 9). Пайгамбарыбыз алейхиссалам дароо ордунан туруп: **“Сүйүнүчтүү кабар эй, Абу Бакр! Сага Аллаху тааланын жардамы келди! Мына бул Жабраил болот. Кумдуу дөбөлөрдүн үстүндө атынын тизгинин тартып, куралданып, буйрукту күтүп турат”, –** деди.

Анфал сүрөсүндө айтылгандай Аллаху таала периштелерге мындай мазмунда буюрган болчу: **“Качан сенин Раббиң периштелерге:** (Мусулмандарга нусрат жана жардым жагынан) **силер менен биргемин деп вахий кылды. Кана момундарга** (нусрат тууралуу сүйүнчүлүү кабар менен) **жүрөктөрүн шерденткиле! Мен эми капырлардын жүрөктөрүнө коркунуч саламын. Алардын моюндарын чаап, ар бир манжаларына ургула!... Анткени алар Аллаху таала менен Расулуна каршы чыгышты. Кимде-ким Аллаху таала менен Расулуна каршы чыкса, Аллаху тааланын** (азабына дуучар болот) **жазасы өтө катуу!”** («Анфал» сүрөсү, 12, 13)

Бул буйруктан улам Жабраил, Микаил жана Исрафил алейхимуссалам ар бири миңден периштени баштап келип, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын кезек менен оң, сол жана арт жагына жайгашышты.

Жабраил алейхиссалам башына сары селде кийген эле. Калган периштелердин башында болсо ак селде бар эле. Баары селденин бир учун далыга таштап, ак боз аттарга минишкен эле. Пайгамбарыбыз алейхиссалам сахабаларына: “Периштелерде атайын белги бар. Силерде да өзүңөргө бир белги таккыла!” - деди. Зубайр бин Аввам башына сары, Абу Дужана кызыл бөздү башына селде сыяктуу ороп, Хазрети Али ак тууну, Хазрети Хамза болсо бир үзүм төө куштун канатын көкүрөгүнө белги кылып тагып алды.

Периштелердин согушка кирери менен кырдаал заматта өзгөрдү. Сахабалар алдыдагы капырга кылыч шилтебесе да анын башы денесинен айрылып, жерге түшө баштады. Пайгамбарыбыздын оң, сол жагында бейтааныш эле бирөөлөрдүн мушриктер менен согушканы көрүлүүдө эле.

Хазрети Сахл айтты: "Бадр казатында ар бирибиз бир мушриктин башына кылычыбызды чапканыбызда кылычыбыз тийе электе башы учуп жатканына күбө болуп жаттык!..."

## Абу Жахлдын өлтүрүлүшү...

Мушриктердин туусун көтөргөн Абу Азиз бин Умайр колго түшүрүлдү. Абу Жахл болсо курайштыктарга дем берүү үчүн тынбай ыр ырдап, жоокерлердин маанайын көтөрүү үчүн жан үрүп жатты. Жаш жигит сыяктуу чабышып: "Энем мени ушул күндөр үчүн төрөгөн!..." – деп мактанып, жаштарга дем берип турду.

Мушриктерден Убайда бин Саид баштан аяк соот кийген болчу. Бир гана көздөрү көрүнүп турган. Ат үстүндө: "Мен Абу Затулкаришмин! Мен Абу Затулкаришмин!" (б.а. "Мен курсагы чоң кишимин") - деп айгай салып өзүн ок өткүс, жеңилгистей көрсөтөт. Каарман мужахид Зубайр бин Аввам ага жакындап, найзасын дал көзүнө мээлеп: "Аллаху акбар!" - деп учурду. Октой шуулдаган найза кадалып, аны атынан кулатты. Хазирет Зубайр чуркап жанына барганда Убайда өлгөн болчу. Буту менен анын жаагын басып найзасын бар күчү менен тартса да араң чыкты жана ийилип калган эле.

Хазрети Зубайр Бадр казатында өтө зор каармандык көрсөтүп, денесинде жараатсыз жери калган эмес эле. Бул тууралуу уулу Урва айткан: "Атам үч жеринен оор кылыч жаракаты алган эле. Моюндан алган жаракаты манжам бата тургандай оюлуп кеткен эле."

Абдуррахман бин Авф да курайштыктар менен катуу чабышып,алган жаракаттарынан кан агып турганына карабастан алдынан чыкканды жыгып жатты. Хазрети Абдуррахман бин Авф өзү күбө болгон бир окуяны мындайча баян кылган:

"Бир маал алдымда эч ким калбады. Оң-солума карасам ансардын эки жигити көрүп калдым. Мен алардын эң күчтүүсү жана баатыры менен бирге болгум келген. Бул эки жигиттен бири мани карап туруп: "Эй, ага! Сиз Абу Жахлди тааныйсызбы?" -деп сурады. Мен: "Ооба, тааныйм!" – дедим анан: "Эй, тууганымдын уулу, Абу Жахлды эмне кыласың?"- деп сурадым. Ал: "Укканыма караганда ал Расулуллахты оор акаарат кылаар экен. Аллахка ант беремин, эгер аны көрүп калсам, аны өлтүргөнгө чейин же өзүм өлгөнгө чейин андан айрылбайм!" - деди. Бул жаш уландын

толкунданып айткан кайраттуу жана чечкиндүү сөздөргө ырасын айтканда таң калдым.”

Бул эки жаш жигиттин экинчиси да мени карап, биринчи жигиттин айткандарын кайталады. Ошол кезде Абу Жахлды көрүп калдым. Ал Курайш аскеринин ичинде токтоосуз ары-бери жүргөн эле. Мен: “Эй, жигиттер! Мына ушул шашып-бушуп ары-бери чуркап жүргөн киши Абу Жахл болот”, – деп айтсам алар дароо кылычтарын колго алып, Абу Жахлга жакындап, аны мене чабыша башташты. Бул жаш жигиттер Афра Хатундун уулдары Муаз менен Муавваз болчу.

Дал ушул учурда сахабалардын каармандарынан Муаз бин Амр Абу Жахлга жакын барууга мүмкүнчүлүк таап, узун куйруктуу аттын үстүндөгү Абу Жахылга чабуул жасап, кылычын балтырына бар күчү менен чапты. Абу Жахлдын буту үзүлүп жерге түштү. Ошол кезде атасына жардамга келген, али мусулман болбогон Икрима Хазрети Муаз бин Амр менен чабыша кетти.

Ошол кезде бир туугандар Муаз менен Муавваз кыргый куштай алдыга атылышты. Алдыдан чыккандарды кулатып, Абу Жахлга жетишти. Кылычтары менен өлдү го дегенге чейин чабышты.

Хазрети Муаз бин Амр болсо Икрима менен болгон чабышта колунан жаракат алган эле. Колу билегинен кесилип, колу терисине илинип турган эле. Чабышка берилип кеткен Муаз бин Амр колуна карай турган, аны дарылап байлай турган убактысы жок эле. Кесилген колу терисине илинип турса дагы кайтпай чабышты. “Аллаху акбар!...” Бул эмне деген бакубат ыйман!... Бул эмне деген көрүнүш! Хазирет Муаз ушинтип бираз чабышкандан кийин күчүнүн азайганын сезди. Ага себеп кесилген колу эле. Аны буту менен басып жулуп салды...

Тайманбас Ислам душмандарынан Навфал бин Хувайлид курайштын атактуу баатырларынан бири эле. Тынбай бакырып, мушрик аскерлерин ураан таштап, дем берип турду. Пайгамбарыбыз аны көрүп: **“Аллахым! Навфал бин Хувайлидке каршы мага жардамчы боло көр! Анын жазасын бере көр!”** – деп дуба кылган болчу. Аллаху тааланын арыстаны Хазрети Али Навфал мушрикти көргөндө дароо ага кол салды. Кылычын бар күчү менен чапканда, анын буттары соотто болсо дагы экөө тең кесилип түштү. Анын кылычын моюнуна уруп, башын кесип салды.

Билал-и Хабаши хазиреттерин үчүн кызыган кумга жаткырып, үстүнө чоң ташты бастырып кыйнаган Умаййа бин Халаф

мушриктердин эң жаманы болчу. Расулуллах саллаллаху алейхи васалламга зулумдук кылуу үчүн ар мүмкүнчүлүктөн пайдаланган бул Ислам душманы Бадрда мушриктерди жыйнап, Исламдын нурун өчүрүүгө тырышып жаткан эле. Анын бул абалын көргөн Хазрети Билал кылычын кармап, жакын барып, аны менен бетме-бет келди жана: “Эй, куфурдун башы болгон Умаййа бин Халаф!... Сен кутулсаң мен кутулбайм!” – деп кол салды. Бир тараптан да: “Эй, ансардык туугандар! Жардам бергиле, куфурдун башы ушул жерде!” – деген замат сахабалар Умаййаны курчап алышып дароо өлтүрүштү.

Мушриктердин кошунун башкара турган киши калбаган эле. Баары эмне кылаарын билбей ар тарапка кача башташты. Куфурдун чеби жыгылды. Сахабалар алардын артынан куба баштады. Мушриктердин бир бөлүгү кармалып, туткунга түшүрүлдү. Туткундардын арасында Пайгамбарыбыздын абасы Аббас да бар эле.

## Жеңиш ыймандуулардыкы

Пайгамбарбыз саллаллаху алейхи васаллам сахабаларына: **“Н**авфал бин Хувайлид тууралуу ким эмне билет**?”** – деп сурады. Хазрети Али алдыга чыгып: “Йа, Расулуллах! Аны мен өлтүрдүм”, – деди. Бул кабарга абдан кубанган сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **“Аллаху таала ал тууралуу кылган дубамды кабыл кылды”,** – деди.

Умаййа бин Халафтын өлтүрүлгөнүн айтышканда дагы абдан кубанып: **“Алхамдулиллах! Аллаху таалага шүгүр. Раббим кулун колдоду, дининин мартабасын көтөрдү”,** – деп айтты.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Абу Жахл тууралуу: “Абу Жахл эмне болду экен? Ким барып көрөт?” – деп, өлгөн адамдардын ичинен аны издөөгө буйрук кылды. Аны издеп таба алышпады. Пайгамбарыбыз: **“Издегиле, ал тууралуу айтчу сөзүм бар. Эгер аны тааный албасаңар тизесиндеги жаранын изине карагыла. Бир күнү ал экөөбүз Абдуллах бин Жуд’андын үйүндө конокто болчубуз. Экөөбүз да жаш болчубуз. Мен андан бираз улуу болчумун. Кысылып калганда аны түрттүм. Ал тизелеп кулап түштү. Бир тизеси жараланды жана ошол жаранын изи кеткен эмес”, –** деп айтты.

Ошондон кийин Абдуллах ибни Мас’уд Абу Жахлды издей кетти. Аны жарадар абалда таап, тааныды. “Абу Жахл сенсиңби?” – деди. Моюнун буту менен басып, сакалынан кармап тартты да: “Эй, Аллаху тааланын душманы! Аллаху таала сени акыры кор кылдыбы?” – деди. Абу Жахл: “Мени эмнеге кор кылсын. Эй, койчу! Аллах сени кор кылсын. Сен чыгуу абдан кыйын болгон бийик жерге чыгыптырсың! Сен мага бугун жеңиш ким тарапта экенин айтчы”, – деди. Ибни Мас’уд хазиреттери: “Жеңиш Аллах жана Расулу тарабында”, – деп айтты. Абу Жахлдын туулгасын чечип: “Эй, Абу Жахл! Мен сени өлтүрөмүн”, – деди. Абу Жахл: “Сен коомуңдун улуусун өлтүргөндөрдүн алгачкысы эмессиң. Бирок, чынын айтсам, сенин мени өлтүрүшүң мага абдан оор келет. Жок дегенде моюнуму көкүрөгүмө жакын кес да башым айбатуу болуп көрүнсүн!” – деп, куфурун, текебердигин канчалык чектен ашканын көрсөттү.

Ибни Мас’уд Абу Жахлдын башын өзүнүн кылычы менен кесе албагандыктан Абу Жахлдын кылычы менен кесип, курал-жарактарын, соотун, туулгасын жана башын алып келип, Пайгамбарыбыздын алдына койду. “Эне-атам сизге курман болсун йа, Расулуллах! Бул Аллаху тааланын душманы Абу Жахлдын башы”, – деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **“Аллахтан башка илах жок”, –** деди. Анан ордунан туруп, сахабалары менен бирге Абу Жахлдын жансыз денесине барып: **“Аллаху таалага шүгүр, сени маскара жана кор кылды. Эй, Аллахтын душманы! Сен бул үммөттүн фараону элең”,** – деди. Анан: **“Йа, Раббым! Мага берген убадаңды аткардың”, –** деп, Аллаху таалага шүгүр кылды.

Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам жарадар болгон сахабалардын жараларын таңууну буюрду. Шейит болгондорду тактады. Мухажирлерден алты, ансардан сегиз болуп, жалпы он төрт киши шейит болгон эле. Баарынын ыйык рухтары Бейишке учса, Ислам нурун өчүрүүгө аракет кылган мушриктерден жетмиш киши өлтүрүлдү жана ошончосу туткунга алынды.

Расулуллах алейхиссалам жеңишти сүйүнчүлөө үчүн Абдуллах бин Раваха менен Зайд бин Харисаны Мадинага жолдоду.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам шейиттердин жаназа намазын окутуп, жерге берди.

Мушриктердин өлүктөрүнүн жыйырма төртүн кудукка, калгандарын болсо чуңкурга ыргытып, көмүп салышты.

Ааламдардын мырзасы ардактуу сахабалары менен кудуктун башына келип: **“Эй, кудукка ыргытылгандар!” –** деп айткандан кийин өлтүрүлгөн мушриктердин аттарын атасынын аттары менен атап: **“Эй, Утба бин Рабиа! Эй, Умаййа бин Халаф! Эй, Абу Жахл бин Хишам!... Силер Пайгамбарыңарга каршы кандай жаман коом элеңер. Силер мени жалганчыга чыгардыңар, башкалар болсо тастыктап, ырастады. Силер мени шаарыман, мекенимен чыгардыңар. Башкалар болсо мага эшиктерин ачып, кучагын жайды. Силер мени менен согуштуңар, башкалар болсо мага жардам берди. Раббим убада кылган нерсеге жеттиңерби? Мен Раббим убада кылган жеңишке жеттим”, –** деди.

Хазрети Омар: “Йа, Расулуллах! Өлүктөргө айтып жатасызбы?” – деп сурады. Расулуллах алейхиссалам жооп катары: **“Мени чын пайгамбар кылып жиберген Раббим** үчүн айтып жатамын, силер мени алардан жакшыраак уга албайсыңар. Бирок, алар жооп бере алышпайт**”, –** деди.

Мушриктер согуш майданынан качып, өздөрү менен алып келген заттардын баарын таштап кетишти. Булардын баарын мусулмандар олжо кылып алды. Пайгамбарыбыз алейхиссалам олжолорду Бадр казатына катышкандардын бардык сахабаларга бөлүп берди.

Ошол тапта жеңишти сүйүнчүлөө үчүн жиберилген Абдуллах бин Раваха менен Зайд бин Хариса Мадинага жакындап калышкан болчу. Күндөрдөн Жекшенби таңы болчу. Акик деген жерге жетип келишкенде айрылышты. Абдуллах бин Раваха бир жактан, Зайд бин Хариса башка жактан Мадинага кирип барышты. Үймө-үй жүрүп, жеңишти кабарлашты. Пайгамбарыбыздын акыны болгон Абдуллах бин Раваха (радыйаллаху анх):

«Сүйүнчү!
Сүйүнчү! Эй Ансарлар жамааты
Аман-эсен Аллахтын Пайгамбары.
Мушриктер өлтүрүлүп туткундалды.
Кармалды алдыңкы башчылары,
Рабиа менен Хажаждын да балдары
Өлтүрүлдү, чуңкурда баары калды.
Абу Жахл, Амр бин Хишамдар да
Өлтүрүлүп жазасын ылайык алды.
Сүйүнчү! Эй Ансарлар жамааты

Жеңип чыкты Аллахтын Пайгамбары», - деп болгон үнү менен сүйүнчүлүү кабарды билдирди. Хазрети Асым бин Адий: “Эй, Ибни Раваха! Айткан сөздөрүн чынбы?” – деп сурады. Абдуллах бин Раваха: “Ооба, валлахи чын. Иншаллах этең Расулуллах дагы колдорунан байланган туткундар менен бирге келет!” – деди.

Ал күнү сүйүктүү Пайгамбарыбыздын кызы Хазрети Рукаййа кайтыш болгон эле. Күйөөсү Хазрети Осман жаназа намазын окуган эле. Ушул кайгынын артынан келген жеңиш кабары аларды бираз болсо дагы көңүлүн көтөрдү.

Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам сахабалары менен Бадр жеңишин ихсан кылган Аллаху таалага шүгүр кылып, шүгүр саждасын орундагандан соң Мадина-и мунавварaны карай туткундар менен бирге жолго аттанышты.

Андан мурун сүйүнчүлүү кабарды берген Абдуллах бин Раваха менен Зайд бин Хариса Бадр казатында болуп өткөн окуялар жана кимдердин шейит болгону тууралуу айтып беришкен эле. Мадинада калган жаш балдар, аялдар, кызматкерлер жеңиштен улам абдан кубанышты. Пайгамбарыбызды тосуп алууга чыгышты. Шейит болгондордун ичинде Хариса бин Сурака да бар эле. Хазрети Сураканын энеси Раби уулунун көлмөдөн суу ичип жаткан жеринде бир душман окуна учуп, шейит болгонун уккан болчу. Раби энебиз бул кабарды укканда: “Расул алейхиссалам келмейинче уулум үчүн ыйлабайм. Мадинага келген соң өзүнөн сурайм. Эгер уулум Бейиште болсо такыр ыйлабайм. Жок эгер Тозокто болсо көздөрүмөн жаштын ордуна кандар төкөм”, – деген болчу.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ардактуу сахабалары менен Мадинага келгенде Раби жанына барып: “Энем-атам сизге курман болсун йа Расулуллах! Уулум Харисге болгон энелик махабатымды билесиз. Шейит болуп, Бейишке кирди бекен? Андай болсо сабыр кылайын. Эгер андай болбосо көзүмөн кандуу жаштарды төгөйүн”, – деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ага: **“Эй, Умму Хариса! Сенин уулуң бир эмес, бир канча Бейиште. Анын орду Фирдавста”,** – деп сүйүнчүлүү кабарды айтты. Мындан улам Раби: “Эми уулум үчүн ыйлабайм”, – деди. Пайгамбарыбыз бир идиште суу сурады. Мээримдүүлүк кылып, ыйык колун сууга батырды. Бул сууну Хазрети Харисанын энеси менен карындашына ичирди. Айрыкча бул сууну алардын баштарына, жүздөрүнө сүрттү. Ал күндөн

баштап Раби жана кызынын жүздөрү өтө нурдуу, өмүрлөрү узак болду.

Пайгамбарыбыз алейхи афдалуссалават Мадинага алып келген жетмиш туткунду сахабаларынына бөлүп берип, алар менен жакшы мамиледе болууга буйрук кылды. Туткундар тууралуу ага чейин Аллаху тааладан бир вахи келе элек болчу. Расулуллах алейхиссалам сахабалары менен кеңешкенден кийин туткундарды фидйа (төлөм, баш акы, кун) шарты менен бошотууга чечим кабыл алды. Ар туткундун байлыгына жараша фидйа өлчөмү белгиленди. Акчасы жок болгондордон окуу-жазганды билгендерге Мадинада окуу-жазганды билбеген он кишиге окууну жана жазууну үйрөтүп, андан соң Меккеге кетүүгө уруксат берилди. Туткундардын ичинде Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын агасы Аббас да бар эле. Пайгамбарыбыз ага: **"Эй, Аббас! Өзүң, иниңдин уулу Укайл** (Акил) бин Аби Таллиб, Навфал бин Харис үчүн төлөм төлөйсүңөр. Анткени сен байсың**",** – деди. Хазрети Аббас болсо: "Йа, Расулуллах! Мен мусулманмын. Курайштыктар мени кыйнап Бадырга алып келди эле", – деди. Расулуллах: **"Сенин мусулман экенин Аллаху таала билет. Эгер туура айтып жаткан болсоң Аллаху таала албетте анын ажырын берет. Бирок сен ушул көрүнүшүң менен бизге каршысың. Ошондуктан кутулуу үчүн акча төлөшүң керек",** - деди. Аббас: "Йа, Расулуллах! Сиз олжо катары менден алган 800 дирхамдан башка менде акча жок", – деди. Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Эй, Аббас! Жанагы алтындарды эмнеге айтпайсың?" –** деди. Ал болсо: "Кайсыл алтындарды?" – деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **"Сен Меккеден чыга турган күн аялың Харис кызы Умм-ул-Фадлга берген жанагы алтындарың чы! Ал алтындарды берип жатканда** жаныңарда өзүңөрдөн башка эч ким жок эле. Сен Умм-ул-Фадлга: "Бул сапарда башыма эмне келет, билбеймин. Эгер бир балээге дуучар болуп, кайтып келбесем мынчасы сага, мынчасы Фадлга, мынчасын Абдуллахга, мынчасын Убайдуллахга, мынчасын Кусамга болсун**",** – деген алтындар бар го**", –** деп айтканда Хазрети Аббас таң калды жана: "Ант берип айтамын, мен ал алтындарды аялыма берип жатканда жаныбызда эч ким жок эле. Муну кайдан билесиз?" – деп сурады. пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Аллаху таала кабар берди", –** деп айтты. Аббас: "Сенин, Аллаху тааланын Расулу экениңизге жана чын айтканыңызга күбөмүн!"

– деп, келима-и шахадат келтирди. Мусулман болгондон кийин пайгамбарыбых Хазрети Аббасты Меккеге кызматка дайындады. Ал жердеги мусулмандарды коргоону, Ислам душмандары тууралуу кабар жеткизип турууну буйрук кылды.

Бадр казатында жеңилип калган Курайшка кабар жиберилип, фидя төлөө аркылуу туткундарды куткарып алууга боло турганы тууралуу билдирилди. Бирок, хижраттан мурда Пайгамбарыбызга өтө көп зулумдук кылган Надр бин Харистин башы кесилди. Андан башка Расулуллах Каабада намаз окуп отурганда сыртына төөнүн өпкө-боорун койгон арсыз Укба бин Абу Муайт да өлтүрүлдү. Анын башы кесилгенде Пайгамбарыбыз Аллаху таалага шүгүр кылды. Анын жанына барып: **“Валлахи, Аллаху тааланы, Расулуну жана Курани каримди кабылдабаган, өз коомунан чыккан пайгамбарына зулумдук кылган сендей жаман бир башка адамды көргөн жокмун”, –** деди.

Туткундар ээлери тарабынан фидя төлөп куткарылганга чейин сахабалардын (алейхимуррыдван) жанында калышты. Сахабалардын бардыгы аларга өтө жакшы мамиледе болуп, алар менен тамагын бөлүштү. Мусаб бин Умайрдын бир тууганы Абу Азиз туткундардын арасында эле. Ал айтат: “Мен дагы Мадиналык бир мусулмандын үйүндө туткун элем. Мага абдан жакшы мамиле кылып, таң жана кечинде тамак-аш берип, өздөрү болсо бир гана хурма жегенге аргасыз болушту. Алардын бири бир нан тапса, дароо мага алып келип берчү. Уялганыман нанды алып келгенге кайтарып берчимин. Бирок ал нанды кайра мага берчү.”

Дагы туткундардан Йазид деген курайштык мындай дейт: “Мусулмандар Бадрдан Мадинага келип жатып биз туткундарды бир жаныбарга мингизип, өздөрү жөө жүрүштү.”

Мушриктердин Бадрда жеңилип калып, кор болгон абалда согуш майданынан качуулары Меккеде чоң дүрбөлөңгө себеп болду. Эч күтпөгөн, эч ойго келбеген жагдайга туш болушту. Кабарды алгач алып келген адамдын сөздөрүнө Абу Лахаб жана башка мушриктер ишене алышпады. Согуш майданындан качкан Абу Суфйан Меккеге келгенде аны дароо жанына чакырышты. Абу Лахаб ага: “Эй бир тууганымын уулу! Кана айтып берчи, эмне болду?” – деп сурады. Абу Суфйан бир жерге отуруп мындай деп айта кетти: “Эмнесин сурайсың, мусулмандар менен бетме-бет келгенде кол-бутубуз байланып калгандай болду. Алар өздөрү

каалагандай аракет кылышты. Арабыздан бир канчасын өлтүрүп, бир канчасын туткунга түшүрүштү. Ант беремин, мен өзүбүздөн эч кимди күнөөлөбөйм. Анткени, ал кезде жер менен асмандын арасында акка оронгон бирөөлөргө туш келдик. Аларга эч нерсе жана эч ким чыдай алчу эмес.”

Исламдын алгачкы күндөрүндө мусулман болгонуна карабастан мушриктердин зулумдугунан коркуп, мусулман болгонун ачыкка чыгарбаган Аббастын кулу Абу Рафи’ хазиреттери ошол жерде эле. Үн чыкпай аларды тыңдап турган Абу Рафи’ кубанганынан бүт нерсени унутуп: **“Валлахи алар периштелер”,** – деп сүйлөп жиберди. Абу Лахаб аны алакан менен катуу тартып жиберди жана көтөрүп жерге чапты. Бир топко чейин да сабады. Ошондо Хазрети Аббастын аялы Умму Фадл чыдай албады. Анткени, өзү дагы башында эле мусулман олгон эле. Умму Фадл бөлмөдөгү тиректи алып: “Эч кими жок деп аны алсыз деп ойлодуң го э?” – деп Абу Лахабды катуу чаап салды. Абу Лахабдын башы жарылды. Башынан кан агып, кор болуп артына кайтты. Жети күндөн кийин Аллаху таала ага кара кызыл деп аталган бир оору берди. Ал ошол оорунан өлдү. Уулдары аны жерге бербей эки-үч күн ошол бойдон калтырышты. Акыры сасып кетти. Ал жердегилердин бардыгы Абу Лахаб чалдыккан оорудан кара тумоодон качкандай качып, андан жийиркенишчү. Ошондон кийин курайштыктардын бири Абу Лахабдын уулдарына: “Силер уялбайсыңарбы? Атаңар сасып кеткенге чейин үйдө таштап койдуңар. Жок дегенде аны бир жерге көмүп салып жоготкула!” – деди. Уулдары ал кишиге: “Биз андагы оорудан коркуп турабыз!” – деп жооп беришти. Бул жолу ал киши аларга: “Силер кете бергиле, мен барам, мен жардамчы болом”, – деди. Анан үчөө бир болуп, көтөрүшүп, алыс бир жерге алып барып таштышты. Көрүнбөй калганча үстүнө таш атышты. Абу Лахаб ушинтип түбөлүк азап жана от ичинде кала турган жерине, караңгы жана Тозок чуңкуру болгон кабырына кирди.

Бадрда туткунга алынган курайштыктардын арасында Валид бин Валид дагы бар эле. Аны Абдуллах бин Жахш туткунга алган эле. Валиддин бир туугандары Хишам менен али мусулман болбогон Халид бин Валид Мадинага келишти. Абдуллах бин Жахш фидя алмайынча аны бошоткусу келбеди. Бир туугандарынан Халид макул болсо да атасы бир, энеси башка болгон бир тууганы Хишам макул болбой койду. Расулуллах алейхиссалам аталарынын курал-

жарактарын берүүсүн сунуштады. Буга Хишам макул болсо да Халид кабыл кылбады. Бирок аягында аталарынын жүз динардык кылычын, соотун жана туулгасын берүүгө макулдашты. Валидди туткундан куткарып Меккени көздөй жол алышты. Бирок Валид Меккеге барчу жолдогу Мадинага беш-алты чакырым алыстыкта жайгашкан Зу'л-Хулайфада алардан айрылып, Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын жанына барып, ыйман келтирип, сахабалардан болду. Мусулман болгондон көп өтпөй Меккеге бир туугандарынын жанына барды. Ошондо Халид бин Валид: "Акыры баары бир мусулман болот экенсиң, эмнеге фидя бере электе болбодуң? Атабыздан калган эстеликтен айрылдык. Эмнеге мындай кылдың?" – деп сурашканда ал: "Курайштыктардын: "Туткунга чыдай албай Мухаммед алейхиссаламга баш ийиптир", – деген сөздөрүнөн корктум", – деп жооп берди.

Бул жоопко абдан жини келген бир туугандары аны Манзум уулдарынан кээ бир мусулмандар менен бирге Ийаш бин Аби Рабиа жана Салама бин Хишамдын жанына камап салышты. Валид бин Валид ыйман келтиргени үчүн көп жыл камакта жатты. Хишам менен мушрик туугандарынан көп зулум жана кордук көрдү. Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам мушриктерден зулумдук көргөн Ийаш бин Аби Рабиа менен Салама бин Хишам жана Валид үчүн мындай дуба кылды: **"Илахи! Валид бин Валидди, Салама бин Хишамды, Ийаш бин Аби Рабианы,** (капырлардын колунда кыйналып) алсыз болгон башка момундарды куткара көр, илахи, Мударды (Курайшты) андан бетер кыйна. Бул жылдарды аларга Юсуфтун жылдарын окшот!" Валид Расулуллах алейхиссаламдын дубасынын берекети менен бир мүмкүнчүлүк таап, байлап коюлган жеринен качып, Мадина-и Мунавварага келип, сүйүктүү Пайгамбарыбызга жетишти. Хабибуллах алейхиссалам Ийаш бин Аби Рабиа менен Салама бин Хишамдын абалы тууралуу сураганда алардын буттарынын бири-бирине байлап коюлгандыгын, катуу азап жана кордук көрүп жатышканын айтты.

Ааламдардын Султаны алардын абалына абдан капаланып, куткарууга чара издей баштады. Аларды ким куткара алат деп сураганда көп жылдап зулумдук көргөнүнө карабастан Валид чоң эрдик жана сүйүү менен: "Йа, Расулуллах! Аларды мен куткарам, сизге келтирем", – деп жооп берди. Кайра Меккеге барып, зулумдук көрүп жаткан мусулмандардын ордун аларга тамак берип жүргөн

бир аялдын изине түшүп үйрөндү. Экөө тең шыпы жок бир үйдүн ичине камалган эле. Валид түндө өлүмдөн да коркпой баатырдык менен дубалдан ашып түшүп, досторунун жанына барды. Ыйман келтирүүдөн башка күнөөлөрү болбогон эки мазлумду (эзилгенди) мушриктер бир ташка байлап, Арабыстандын ысыгында ар түрлүү азаптар менен кыйнаган эле. Валид аларды куткарып, төөсүнө мингизди. Өзү жөө жүрүп, Мадина-и Мунавварага сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жанынан тезирээк баруу үчүн жолго чыкты. Аны чөлдүн ысыгы эмес, ааламдардын Мырзасына жетүү махабаты күйдүрүп жатты.

Мадинага ачка калып, суусап, жөө жүрүп үч күн дегенде кирип келди. Манжалары жарылып, жара болуп кеткен эле. Валид бин Валид үстү-башы канга батып, сүйүктүүсү Хабибуллахка жетишти.

Бадр жеңиши мусулмандарды чоң кубанычка бөлөдү. Мушриктер болсо катуу кайгыга батты. Хабашыстан малики Нажаши да Расулуллах алейхиссаламды жеңишке жеткенин угуп, дароо мамлекетиндеги сахабалардын жанына барып: “Аллаху таалага шүгүр! Расулуна Бадрда жеңиш ихсан кылыптар!” – деп сүйүнчүлүү кабарды билдирди.

## Хазрети Али менен Хазрети Фатиманын үйлөнүүсү

Хижраттын экинчи жылы. Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам) кызы Хазрети Фатима он беш жашында.

Бир күнү Хазрети Фатима бир жумуш менен Пайгамбарыбыз алейхиссаламга барган эле. Расулуллах алейхиссалам кызын турмуш кура турган жашка келип калганын байкады. Ошол күндөн кийин Фатима-туз-Захра энебизди көп адам колун сурап келди. Расул алейхиссалам аларга макулдугун бербей: **“Анын иши Хак тааланын буйругуна байланыштуу”, –** деп айтты.

Күндөрдүн биринде Хазрети Абу Бакир, Омар жана Саад бин Муаз мечитте отуруп: “Хазрети Фатиманын колун Хазрети Алиден башка баары сурады. Эч кимге насип болбоду”, – деп сүйлөштү. Хазрети Сыддык: “Алиге нисип болот го деп ойлойм. Жүргүлө, ага барып маселени айтып көрөлү! Эгер кедеймин деп айта турган болсо жардам берели!” – деди. Саад дагы: “Йа, Абу Бакр! Сен ар дайым жакшылык кыласың. Кана туралы анда, биз сага жолдош бололу!”

– деди. Үчөө мечиттен чыгып, Хазрети Алинин үйүнө барышты. Хазрети Али төөсүн алып, ансардан биринин хурмаларын сугарып жүргөн экен. Аларды көргөндө дароо тосуп алып, жагдайларын сурады. Хазрети Абу Бакр: "Йа, Али! Бардык кайырлуу иштердин башында сен жүрөсүң жана Расулуллахтын алдыда эч кимге насип болбогон бир мартабадасың. Хазрети Фатиманын колун баары сурады. Эч кимге насип болбоду. Сага насип болот го деп ойлойбуз. Эмнеге аракет кылып көрбөйсүң?" – деп сурашты.

Хазрети Али муну укканда ыйык көздөрү жашка толуп: "Йа, Абу Бакр! Мени беш бетер күйдүрдүңүз! Аны менден артык калай турган адам жок. Бирок, колумдун кыскалыгы кедерги болуп турат", – деди. Хазрети Абу Бакр: "Андай дебе! Аллаху таала менен Расулунун жанында дүнүйө эч нерсе эмес. Буга кедейлик кедерги боло албайт. Бар, сурап көр!" – деди.

Хазрети Али айтат: "Ошентип, Расулуллахтын жанына уялып, тартынып бардым. Пайгамбарыбыздын салабаттуулугу, сүрдүү эле. Маңдайына барып чөк түшүп олтурдум. Демим кысылып, сүйлөөгө таакатым жетпеди. Расулуллах (алейхиссалам): **"Эмне** иш менен келдиң, бир муктаждыгың барбы**?"** – деп сурады. Үн чыккан жокмун. **"Фатиманын колун сурап келгенге окшойсуң",** – дегенде бир гана: "Ооба", – деп айта алдым. (Пайгамбарыбыз Хазрети Фатимага Хазрети Али колун сурап келгенин билдирди. Ал да үн чыкпады.) Пайгамбарыбыз: **"Ф**атимага махр катары эмне бере аласың**?"** – деп сурады. "Жанымда ага бере турган эч нерсем жок йа, Расулуллах!" - дедим. **"С**ага Хутами жоо кийимин бербеген белем**. А**ның **к**айда**?"** – деди. "Жанымда", - дедим. **"Ошо**ну сатып, акчасын мага алып **к**ел. Махрга ошол жетет**",** – деди. Башка бир риваятта: "Расулуллах алейхиссалам Хазрети Алиден: **"Жаныңда эмнең бар?" –** деп сураганда: "Атым менен жоо кийимим бар", – деп махрга эмне бере аларын сураганда, Хазрети Али: -Атым бар, андан башка соотум бар", деп жооп берген. Пайгамбарыбыз: **"Атың өзүңө керек болот, жоо кийиминди болсо сат",** – деген эле. Дагы башка риваятта болсо: **"Йа,** Али**! Барып ж**ашаганга **и**жарага бир үй ал**!"** – деди.

Хазрети Али үйлөнгөнгө чейин Пайгамбарыбыздын үйүндө жашоочу. Пайгамбарыбыздын буйругу менен Масжид-и Набавинын жанындагы Хазрети Аишанын бөлмөсүнүн бет маңдайында жайгашкан Хариса бин Нумандын үйүн ижарага алды. Жоо

кийимин болсо Хазрети Осмонго 480 дирхамга сатты. Хазрети Осмон соотту сатып алып, кайра өзүнө белек кылып берди.

Хазрети Али соот жана дирхамдарды алып, Пайгамбарыбыздын жанына барганда Пайгамбарыбыз алейхиссалам Хазрети Осмонго көп кайырлуу дубалар кылды жана: **“Осмон Бейиште менин рафиким** (досум)**”, –** деди. Анан Билал-и Хабашини чакырды да акчанын бир бөлөгүн берип: **“Бул акчаларды ал, базарга бар! Бираз гүл суусу, калган акчага бал ал жана Мечиттин бурчунда таза идиште суу менен эзгиле. Бал шербети жасагыла да тойдон кийин ичели! Ансар менен мухажирлерден бар болгон сахабаларымы мечитке чакыр жана Фатима менен Алинин никелерин кыйыла турганын элге жарыяла!”** – деп буюрду.

Билал-и Хабаши сыртка чыгып, Хазрети Али менен Хазрети Фатиманын никелерин кыйыла турганын элге жарыя кылды. Сахабалар Масжид-и Набавиге келишип, ичин-сыртын толтурушту. Пайгамбарыбыз алейхиссалам ордунан туруп, төмөндөгү хутбаны окуду:

**“Бардык хамд жана шүгүр ааламдардын Раббине таандык. Ал берген нематтары аркылуу даңкталган, чексиз кудуретинен жана кубатынан улам ибадат кылынган, азап жана эсебинен коркулган, өкүм жана буйругунан улам жер бетинде жана көктөрдө хаким болгон зат. Маклуктарды кудурети менен жараткан, адилеттүү өкүмдөрү менен буларды бири-биринен айырган, адамдарды** (Ислам) дини жана пайгамбары Мухаммед (алейхиссалам) аркылуу ардактуу кылган Ал..

Аллаху таала мага кызым Фатиманы Али бин Аби Талибге никелеп берүүмдү буйрук кылды. Азыр силерди күбөө кылып, (Аллаху тааланын буйругу менен) **400 мискал күмүш махр менен Фатиманы Али бин Аби Талибге никеледим. Раббим аларды аларды дайым бирге кылсын жана муну аларга кут кылсын. Урпактарын аруулукка жана мээримдүүлүккө ачкыч, данышмандуулуктун кени, Мухаммеддин үммөтүнө күйүмдүү кылсын! Айта тургандарым мына ушулар. Раббимен өзүм жана силер үчүн кечирим тилеймин.”**

Анан Хазрети Али да ордунан туруп ушул кыска хутбаны окуду: “...Хазрети Мухаммед алейхиссаламга салват менен салам айтамын. Куттуу кыздары болгон Фатиманы 400 мискал дирхам менен мага никеледи. Эй, дин бир туугандарым! Пайгамбарыбыз айткан сөздөрдү уктуңар жана күбө болдуңар. Мен дагы күбөмүн

жана ыраазымын. Кандай болсо, ошондой кабыл кылдым. Аллаху таала баарыбыздын сөздөрүбүзгө күбөө жана баарыбызга вакил.”

Нике кыйылгандан кийин Пайгамбарыбыз жаңы бышкан хурма алдырып: **“Кана бул хурмадан алгыла, жегиле!” –** деди. Бардыгы хурмадан алып жешти. Анан Билал-и Хабаши бал шербети таратты. Шербеттен да ичишип, бардык сахабалар: “Баракаллаху фик ума ва алейкума ва жама’а шамлакума” – деп дуба кылышты.

Хазрети Фатима никеден кийин ыйлап жаткан эле. Пайгамбарыбыз анын жанына келип: **“Эй, Фатима! Эмнеге ыйлап жатасың? Аллаху таалага ант берип айтамын, сени колуңду сурагандардын эң аалымына, хилим жана акылдуулукта эң жогорусуна жана биринчи мусулман болгонуна никеледим”,** – деди. Хазрети Фатима: “Атакем! Турмушка чыккан бардык кыздын махры алтын жана күмүш менен белгиленет. Менин дагы махрым ушундай белгиленсе, сиз менен башкалардын арасында эмне айырмачылык болот. Кыямат күнү сиз момундардын күнөөкөрлөрүнөн канча адамга шафаат кылсаңыз, мен дагы алардын аялдарына шафаат кылууну каалайм. Максатым ушул”, – деди.

Аллаху таала Хазрети Фатиманын бул тилегин кабыл болгонун билдиргенде Расулуллах: **“Йа, Фатима! Пайгамбардын кызы экениңди көрсөттүң”,** – деди.

Хазрети Али айтат: “Бул иштерден кийин арадан бир ай өткөн эле. Бул маселе тууралуу эч кандай сөз болбоду. Мен да уялганыман оозумду ачкан жокмун. Бирок, Расулуллах хазиреттери кээде мени жалгыз көрүп калганда: **“Сенин аялың кандай жакшы аял! Сага сүйүнчүлөр болсун, ал дүнүйөдөгү аялдардын эң жакшысы!” –** деп айтчу. Бир айдан кийин Алинин бир тууганы Хазрети Укайл: “Йа, Али! Бул никеден улам абдан сүйүндүк. Ал эми, ушул эки жан бири-бирине жакын болгону дурус, аялыңды алып, бирге турууга убакыт жетти го деп ойлоймун”, – деди. Хазрети Али: “Менин дагы оюм ушул, бирок айтууга уяламын”, – деди. Хазрети Укайл Алинин колунан кармап, Пайгамбарыбыздын үйүнө барышты. Алардын алдынан Пайгамбарыбыздын кызматкери Умму Айман чыгат. Жагдайды ага айтышты. Умму Айман дагы: “Бул маселе үчүн сиздин келүүңүз керек эмес. Биз Пайгамбарыбыздын аялдары менен кеңешип, сизге кабар жиберебиз. Анткени, бул маселеде аялдардын сөзү тыңдалат”, – деди. Умму Айман жагдайды Расулуллахтын

аялдарына айтты. Аялдар Хазрети Аишанын бөлмөсүнө барышты. Хазрети Хадичаны эскеришип: "Эгер анын көзү тирүү болгондо биз кабатыр болмок эмеспиз", – дешти. Пайгамбарыбыз ыйлап, мындай деди: **"Хадича сыяктуу аял кайда? Эл мени жалганчыга чыгарганда ал мени колдоду жана бардык мал-мүлкүн менин жолума сарптады. Ислам динине көп жардам кылды. Көзү тирүү кезде Хак таала мага Хадичага сүйүнчүлүү кабарды билгиз: Бейиште ал үчүн зымыраттан хан сарай бар."**

Расулуллах алейхиссаламдын аялдары Хазрети Алинин ниетин жеткизишти. Пайгамбарыбыз Умму Айманга Хазрети Алини чакырып келүүнү тапшырды. Али келгенде аялдар чыгып кетишти. Хазрети Али башын төмөн ийип отурду. Расулуллах: **"Аялыңды алып кетүүнү каалайсыңбы йа, Али?"** –деди.

Али радыйаллаху анх: "Ооба йа, Расулаллах! Энем-атам сизге курман болсун", – деди. Расулуллах Асма бинти Умайска: **"Бар, Фатиманын үйүн даярда!" –** деп буюрду. Асма Хазрети Фатиманын келин болуп бара турган үйүнө барды. Бир төшөнчүнү жаңы териден, бир төшөнчүнү жамалуу териден, бир төшөнчүнү камыштан даярдап, ичтерине курма буласын салды. Пайгамбарыбыз куптан намазынан кийин Фатиманын (радыйаллаху анха) үйүнө барып, жасалгандарды көрүп чыкты.

Пайгамбарыбыз Хазрети Али алып келген акчанын үчтөн экисине азык-түлүк, кооздук жана атыр суусу сыяктуу нерселер, үчтөн бирине болсо кийим алууну буйрук кылды жана үйгө керек болгон нерселерди толуктатты. Хазрети Фатиманын себи менен үй заттары ушулар эле: Асма бинти Умайс даярдаган үй төшөнчүсү, чачылуу бир килем, ичине хурма буласы салынган жазтык, эки кол тегирмен, бир суу идиш, бир кумган, териден жасалган суу идиш, бир сүлгү, бир этек, ийленген кочкор териси, түгү түшүп эскирип кеткен Йемен килеми, хурма жалбырагынан токулган керебет. Йеменде даярдалган эки ала кийим, бир жууркан. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз Хазрети Алиге бираз акча берип, хурма менен май алуусун сурады. Хазрети Али мындан кийинки жагдайды мындай айтат: "Беш дирхамга хурма, төрт дирхамга май алдым. Расулуллахка алып келдим. Териден жасалган дасторкон сурады. Хурма, ун май жана айранды аралаштырып, бир томак жасады да: **"Йа, Али! Кимди көрсөн баарын эрчитип кел!" –** деди. Мени сырка чыгып, көп адамды көрдүм жана баарын чакырып келип,

ичкери кирип: "Йа, Расулуллах! Адамдар көп экен", – деп жагдайды түшүндүрдүм.

Пайгамбарыбыз: **"Аларды он-ондон ичкери киргиз, тамак жешсин!" –** деди. Мен ушундай кылдым. Санап көрсөк эркек-аял болуп баары жети жүз адам тамак жеп, тойгон экен."

Хазрети Али менен Фатиманын той ашы желгенден кийин Умму Аймандын айтуусу боюнча Пайгамбарыбыз Хазрети Алиге: **"Йа, Али! Кызым Фатима келин болуп сенин үйүңө барды. Мен шам намазынан кийин келип, дуба кыламын. Мени күткүлө!" –** деди. Хазрети Али үйүнө барып, бир бурчка отурду. Хазрети Фатима үйдүн башка бурчуна отурду. Анан Расулуллах келип, эшикти чалды. Умму Айман эшикти ачты. Расулуллах: **"Иним ушул жердеби?" –** деп сурады. Умму Айман: "Энем-атам сизге курман болсун йа, Расулуллах! Иниңиз ким?" – деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Али бин Абу Талиб", –** деп жооп бергенде Умму Айман: "Кызыңызды иниңизге күйөөгө бердиңизби?"- деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Ооба",** – деди. Умму Айман Пайгамбардын: **"Иним ушул жердеби?" –** деген сөзүнөн нике жаиз болбой калат деп ойлоду. Пайгамбарыбыз да **"Ооба",** деп айтуу аркылуу никеге тоскоол болгон нерсенин бир энеден туулуу экенин билдирди.

Ошондон кийин Пайгамбарыбыз Умму Айманга: **"Асма бинти Умайс дагы ушул жердеби?" –** деп сурады. "Ооба", деген жоопту алгандан кийин: **"Демек, Расулуллахтын кызына кызмат кылууга келген го",** – деди. Умму Айман: "Ооба", – дегенде: **"Жакшылыкка жетишсин!"** –деп дуба кылды.

Андан кийин бир идиште суу алып келдирди. Ыйык колдорун жууп, суунун ичине бираз да миск төктү. Анан Хазрети Фатиманы чакырды. Хазрети Фатима уялганынан кийиминен көзүн үзбөй турду. Расулуллах суудан бираз алып, Фатиманын денесине, башына, сыртына септи жана: **"Аллахумма инни аизуха бика ва зуррийатиха мин-аш-шайтан-ир ражим** (Йа, Рабби Анын жана урпагынын куулган жана ташталган шайтандын жамандыгынан сага сыйынамын)" – деп дуба кылды. Анан Хазрети Алигеде ошондой кылып: **"Аллахумма барик фихима ва барик лахума фи наслихима"** – деп дуба кылды. Ихлас менен Муаввизатайн сүрөлөрүн окуп: **"Аллаху тааланын ысымы жана берекети менен жубайыңдын жанына бар" –** деди. Анан ыйык колдору менен эшиктин эки жагынан кармап, берекет үчүн дуба кылып, кетип калды.

Хазрети Али айтат: “Тоюбуздан төрт күн өтүп Расулуллах алейхиссалам үйүбүзгө келди. Көңүлдөрдү алган, даанышман сөздөрү менен бизге насаат кылып айтты: **“Йа, Али! Суу алып кел!”** Ордуман туруп, суу алып келдим. Бир аят-и кариманы окуп: **“Бул суудан бираз ич. Бираз да калсын!” –** деди. Айтканын орундадым. Калган суунун башыма, денеме септи. Кайра: **“Суу алып кел!” –** деди. Дагы суу алып келдим. Мага кылган сыяктуу Фатимага да ошону кайталады. Анан мени сыртка чыгарды.”

Ал сыртка чыккандан кийин Хазрети Али тууралуу сурады. Фатима айтты: “Атакем, бардык кемел сыпаттар анда бар экен. Бирок айрым курайштык аялдар мага: “Сенин күйөөң кедей”, – деп айтууда”, – дегенде Расулуллах мындай деди: **“Эй, кызым! Сенин атаң жана күйөөң кедей эмес. Бардык жер менен көктөгү казна жана байлыктар мага сунушталды. Кабыл кылбадым. Аллаху таалынын алдыда макул болгонду кабыл кылдым. Эй, кызым! Эгер мен билген нерселерди сен билгениңде, дүнүйө сен үчүн кор жана төмөн болмок. Аллаху тааланын акысы үчүн, күйөөң сахабалардын алгачкысы. Ислам дининин да улуусу жана эң илимдүүсү. Эй, кызым! Аллаху таала ахл-и байттан эки кишини тандады. Бири атаң, экинчиси күйөөң. Ага эч качан баш көтөрбө, буйругуна каршы чыкпа!”**

Пайгамбарыбыз алейхиссалам кызына насаат кылган соң Хазрети Алини чакырды. Ага да Фатиманы тапшырды: **“Йа, Али! Фатиманы урматта. Ал менин бир бөлүгүм. Аны кадырла. Эгер аны таарынтсаң, мени таарынткан болосуң”, –** деди. Экөөн да Аллаху таалага тапшырды. Анан ордунан туруп кетейин деп турганда Хазрети Фатима: “Йа, Расулуллах! Ичкеринин жумушун мен аткарамын. Сырттын жумушун Али аткарат. Мага бир күң берсеңиз кээ бир иштеримде жардамчы болмок. Мени кубантмаксыз”, – деди. Пайгамбарыбыз: **“Йа, Фатима! Сага кызматчыдан жакшыраак нерсе берейинби же кызматчы берейинби?” –** деп сурады.

Фатима энебиз: “Кызматчыдан жакшыраагын бериңиз”, – деди. Расулуллах алейхиссалам: **“Ар күнү жатаарда отуз үч жолу “Субаханаллах”, отуз үч жолу “Алхамдулиллах”, отуз үч жолу “Аллаху акбар”, бир жолу “Лаа илаха иллаллаху вахдаху ла шарика лах. Лахул мулку ва лахул хамду ва хува ала кулли шайин кадир” деп айт. Баардыгы жүз сөз болот. Кыямат күнү**

**миң хасана** (жакшылык) табасың. Таразада жакшылыгың оор басат**", –** деди. Анан Пайагамбарыбыз үйүнө кетти.

Хазрети Али менен Хазрети Фатиманын никеси хижраттан беш айдан кийин, тойлору болсо Бадр казатынан кийин болгон.

## Ка'б бин Ашрафтын өлтүрүлүшү

Мусулмандардын Бадрдагы жеңиши Мадинадагы яхудилер менен мушриктердин жүрөгүнө коркуу салып койду. Яхудилердин айрымдары ынсапка келип: "Биздин китепте да сыпатталган дал ушул инсан. Мындан ары ага каршылык көрсөтүүгө эч кимдин дарамети жетпейт. Анткени Ал дайым жеңет", - деп мусулман болушат. Айрымдары да: "Мухаммед согуш эрежесин билбеген курайштыктар менен согушту. Ошондуктан жеңди. Эгер биз менен согушчу болгондо, ага кантип согуш кылынат, жеңишке кантип жетет, көрсөтмөкпүз", – дешти. Каб бин Ашраф деген бир яхуди болсо Бадрда Ислам аскеринин жеңишке жеткенин угуп, мусулмандарга каршы душмандыгынан улам Меккеге барды. Ал жердеги мушриктердин башын бириктирип, Мадинага чабуул жасоого үндөп, ырлар айтты. Пайгамбарыбыз менен согушуу үчүн алар менен келишим түздү. Жада калса, сүйүктүү Пайгамбарыбызды су-и каст (өлтүрүү үчүн кол салуу) даярдашты. Аллаху таала муну Расулуллах алейхиссаламга ушул аят аркылуу билдирди: **"Алар Аллаху таала наалат кылган** (ырайымынан алыс) адамдар..." (Ниса сүрөсү, 52).

Ушуга байланыштуу Пайгамбарыбыз сахабаларына: **"Ка'б бин Ашрафты ким өлтүрөт? Анткени ал Аллаху таала менен Пайгамбарына жабыр кылды", -** деди. Мухаммед бин Маслама: "Йа, Расулуллах! Каалайсызбы, мени аны өлтүрөйүн?" – деп сурады. Расулуллах алейхиссалам: **"Ооба, каалаймын", –** деди. Мухаммед бин Маслама бир канча күн ушул иш тууралуу ойлонуп, пландар түздү. Досторунан Абу Наила, Аббас бин Бишр, Харис бин Авс, Абу Ас ибни Жабрдын жанына барып, маселени аларга ачты. Баары макул көрүп: "Бирге барып өлтүрөбүз", – дешти. Бирге Пайгамбарыбызга келип: "Йа, Расулуллах! Уруксат берсеңиз биз ал менен сүйлөшүп турганда сиз тууралуу Ка'бга жага турган айрым сөздөрдү айтсак болобу?" – деп сурашты. Пайгамбарыбыз аларга каалаганын айтууга уруксат берди.

Ошондон кийин Мухаммед бин Маслама достору менен бирге Ка'б бин Ашрафтын жанына барышты. "Жанагы Мухаммед бизден садага сурады. Бизге көп салык жүктөдү. Ошондуктан сенден карыз сурап келдим эле", – деди. Ка'б кубанып кетип, Мухаммед бин Масламаны өзү сыяктуу бир ойдо экен деп ойлоду. "Ал силерди андан бетер тажатат", – деди. Мухаммед бин Маслама: "Эми ага бир жолу баш ийген болдук. Ага баш ийүүнү улантабыз. Көрөбүз да аягы эмне болот экен. Эми сен бизге карызга бираз хурма бер", – деди. Ка'б: "Ооба, беремин, бирок мага залогго бир деке берүүңөр керек!" – деди. Мухаммед бин Маслама менен жанындагылар: "Эмне каалайсың?" – деп сурашты. Ка'б: "Аялдарыңарды залогго берүүңөрдү каалаймын", – дегенде алар макул болбой коюшту. Ка'б: "Андай болсо балдарыңарды залогго бергиле", – деди. "Аларды да залогго бере албайбыз. Алардын бирине бир-эки төө хурма үчүн залогго берилди деп айтылса, бул да биз үчүн унутулгус дак болот. Бирок сага курал-жарактарыбыз менен соотторубузду залогго бере алабыз", – дешти. Ка'б бул сунушка макул болду. Аларга качан келүүлөрүн да билдирди.

Мухаммед бин Маслама түндөрдүн биринде Ка'бга барды. Абу Наила да бирге эле. Ка'б аларды коргонуна чакырды. Өзү да аларды тосуп алуу үчүн түшмөк болду. Ка'бдын аялы: "Бул саатта кайда баратасың?" – деп сурады. Ка'б: "Келгендер Мухаммед бин Маслама менен бир тууганым Абу Наила", – деди. Аялы: "Угуп турган ушул үн мага жакпай турат. мындан кан жыттанып тургандай сезилүүдө", – деди. Ка'б: "Жоок, алар Мухаммед бин Маслама менен сүт бир тууганым Абу Наила. Ал жакшы жигит. Жада калса, түн ортосунда кылыч чабышууга чакырсам да эч тартынбай келет. Ал ушундай адам", – деди. Мухаммед бин Маслама өзү менен бирге эки кишини, башка бир риваятта да үч кишини коргонго киргизди. Алар – Абу Абм бин Жабр, Харис бин Авс, Аббад бин Бишр эле. Мухаммед бин Маслама хазиреттери досторуна: "Ка'б келгенде ага чачыңды жыттап көрөйүн деп айтып, башын кармап жыттайм. Силер менин Ка'бдын башын бекем кармап турганымды көрсөңөр кылыч менен чапкыла!" – деди. Ка'б бин ашраф сонун кийинген, жыпар жыттар сүрүнгөн абалда алардын жанына барды. Ибн-и Маслама: "Эмиге чейин мындай жыпар жытты жыттаган эмесмин", – деп Ка'бдын жанына барды. Ка'б: "Арабдын эң жыпар жыттуу аялдары менин жанымда", – деп мактанды. Мухаммед

бин Маслама: “Башыңды жыттап көрүүмө уруксат бересиңби?” – деди. Ка’б макулдугун билдирди. Маслама аны жыттады. Досторуна да жыттатты. Анан кайра жыттап көргүсү келгенин айтты. Бул жолу Мухаммед бин Маслама анын башын кармап, досторуна кылычтары менен чабууга ишарат кылды. Биринчи кылычтын соккусунан Ка’б катуу бакырды, бирок өлгөн жок. Анан аны Хазрети Масламанын өзү канжары менен өлтүрдү. Ка’бдын өлтүргөн мужахиддер тез арада ал жерден кетип, Мадинага жетип келишти. Пайгамбарыбызга сүйүнчүлүү кабарды билдиришкенде Пайгамбарыбыз Аллаху таалага шүгүр кылып, мужахиддерге дуба кылды.

Ка’б бин Ашрафтын өлтүрүлүшү яхудилерди катуу коркутту. Анткени, Ка’б сыяктуу лидердин өлтүрүлгөндөн кийин өздөрүнүн да өлтүрүлүшү да мүмкүн эле. Эртең менен жыйналышып, Пайгамбарыбызга барышты. Түнү болуп өткөн окуя тууралуу даттанышты. Расулуллах алейхиссалам: **“Ал дайым биздин тынчыбызды алып, бизге каршы ырлар айтты. Эгер силерден бирөө жарым ошентсе, билип койгула, жазасы кылыч болот”,** – деди. Ошондон кийин яхудилер коркуп, Пайгамбарыбыз менен кайра келишим түзүштү...

## Бани Кайнука яхудилери

Күндөрдүн биринде Бани Кайнука уруусунан яхудилер бир мусулман аялдын абийирине көлөкө түшүргүсү келип тишийти. Аны көрүп калган сахабанын бири кылычын чыгарып, ошол яхудини өлтүрүп коёт. Яхудилер биригип келип сахабаны шейит кылышат. Окуя Пайгамбарыбызга билдирилди. Расулуллах алейхиссалам аларды Кайнука базарынын жанында чогултуп: **“Эй,** яхуди коомчулугу**! Силер Аллаху таала Курашка берген бир азапка учурап калуудан корккула жана мусулман болгула! Менин Аллаху таала тарабынан жиберилген бир пайгамбар экенимди жакшы билесиңер. Муну дагы, Аллаху тааланын силерге болгон убадасын да китебиңерден окугансыңар...”** – деди.

Ушундай мээримдүүлүккө карабастан түзгөн келишимдерин бузган яхудилер ааламдардын Султанына: “Эй, Мухаммед! Согушууну билбеген бир коомду жеңгениң сени алдатпасын! Ант берип айтабыз, биз согушкер кишилербиз! Сен тек биз менен

чабышып көрсөң гана кандай эржүрөк баатырлар экенибизди көрөсүң!...” – деп бой көтөрүштү.

Ошентип мурда түзгөн келишимди бузушуп, бой көтөрүшкөнүн ачыкка чыгарышты... Ушундан кийин Жабраил алейхиссалам вахи алып келди. Вахидин мазмунда: **“**(Эй Хабибим!) Эгер (сени менен) келишим түзгөн бир коомдун кыянат кылуусунан корксоң, (согуш ачуудан мурда) чындык жана адилеттүүлүк менен убада-келишимдеринен баш тарканыңды өздөрүнө билдир. Анткени, Аллаху таала кыянатчыларды жактырбайт.» (Анфал сүрөсү, 58)

Башка бир аят-и каримада: **“Эй, Расулум! Ал капыр болгон яхудилерге айткын: “Силер сөзсүз жеңилесиңер жана топтолуп Тозокко сүйрөлөсүңөө, Ал Тозок кандай гана жаман жай.”** (Ал-и Имран сүрөсү, 12)

Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аскердик кошуунду дароо жыйнап Баны Кайнука уруусу жайгашкан чепти көздөй жүрүш жасады. Ак желекти Хазрети Хамза көтөрүп, Мадинага өзүнүн өкүлү катары Абу Лубабаны калтырат. Куттуу кошун Кайнука чебин курчоого алды. “Биз ушундай согушкер баатырларбыз”, деген яхудилер каршы чыгуу түгүл чептеринен бир да ок чыгара алышпады. Расулуллах алейхиссалам кирген-чыкканды контролго алды. Эч ким сыртка чыга албады. Бул жагдай он беш күнгө созулду. Яхудилер коркуп, соңунда жеңилди. Баарын өлтүрүү керек болуп турган жерде ааламдарга ырайым катары жиберилген сүйүктүү Пайгамбарыбыз ырайым көрсөтүп, Шамга көчүп кетүүлөрүнө уруксат берди. Ошентип Мадина топурактарынан аларды чыгарды.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бир жактан Мадинада яхудилер менен, Абдуллах бин Убай сыяктуу мусулман көрүнгөн мунафыктар менен, башка жактан да мушриктер менен күрөшүп жаткан. Айрыкча Мадинанын сыртындагы мушрик урууларды Исламга чакырып, аларды мусулман болуу мартабасына жеткирүү үчүн аракет кылып жатты. Савик, Гатафан, Карда, Бахран... сыяктуу согуштар Бадр согушунан кийин жүзөгө ашты.

Ал арада зекеттин фарз кылынышы, садака-и фытранын берүү, айт намаздарын окуу жана курмандык чалуу буйруктары келди. Расулуллах алейхиссалам кызы Умму Гулсумду Хазрети Осмонго узатты. Зейнеб бинти Жахш жана Хазрети Умардын кызы Хафсаны өзүнүн никесине алды. Хазрети Алинин уулу Хазрети Хасан дүнүйөгө келди.

# УХУД СОГУШУ

Меккелик мушриктер Бадр согушундагы жеңилүүлөрүнөн сабак алуу менен бирге анын ызасын унута алышкан жок. Курайштыктар согушта көптөгөн алдыңкы катардагы адамдарынан айрылышкан эле. Ошондой эле Шам соода жолунун мусулмандардын көзөмөлүнө өтүүсү алардын кыйынчылыктан чыгууларына себеп болгон эле.

Абу Суфйан башкарган соода кербени Меккеге эки эсе пайда менен кайткан эле. Казынага орток адамдардын көбү Бадр согушунда кайтыш болгондуктан кербендин пайдасы Дарун Надва деген мушриктер чечим кабылдоо үчүн жыйналган имаратка сакталды.

Саффан бин Умаййа, Икрима бин Аби Жахл, Абдуллах бин Рабиа сыяктуу Бадр согушунда аталарынан, бир туугандарынан, күйөөлөрүнөн, уулдарынан айрылгандар «Мусулмандар биздин улуу адамдарыбызды өлтүрүштү. Бизди талоонго калтырышты. Эми болсо алардан кек алуу мезгили келди. Кербендин пайдасына аскерий курал даярдайлы. Мадинаны басып алып, кегибизди чыгаралы» деп Абу Суфйанга барып сунуш айтты.

Абу Жахл, Утба, Шейбе сыяктуу баш мушриктердин ордунда бул жолу али мусулман боло элек Абу Суфян жетекчилик кылып турган. Шам соодасынан жүз миң алтын пайда түшкөн эле. Анын жартысы негизги казына, калганы түшкөн табыш болчу. Казына өз ээлерине кайтарылып, пайда экиге бөлүнүп, жартысына курал, жартысына аскер жыйналды. Ошондой эле акындар менен ырчыларга акча берилди. Алар элди согушка тартуу үчүн ырларды окуп, аларга ураандарды таштashты. Аялдар да аларга кошулушуп, добулбас уруп, сурнай тартышты. Мусулмандарды Мадинадан чыгаруу, Пайгамбарыбызды өлтүрүү жана Исламды жойууну көздөгөн мушриктер тегеректеги тайпаларды да аралап, алардан да аскер жыйнашты.

Ошентип Меккеде 3000 кишилик аскер кошуун куралып, алардын 700-ү соот кийимчен, 200-ү атчан, ошондой эле бул жүрүшкө 3000 төө да даярдалат. Бул аскердик күч Абу Суфйан менен аялы Хинддин жетекчилигинде жүргүзүлгөн. Хинд Бадр согушунда атасынан да, бир тууганынан да айрылган

болучу. Мына ушундай кызуу аракети менен күйүтүн басууга жан үрөгөн Хинд аялдардын да согушка катышуусун талап кылып, каршы чыккандарга: «Бадр согушун эске түшүргүлө! Аял-балдарына жетүү үчүн Бадрдан качтыңар. Эми качкысы келгендердин алдынан биз чыгабыз», деп алардын оозуна кум куйган эле. Ушундайча Курайштыктарды ынтааландырып, аларды согушка тартууга болгон күчүн салышты.

Мушриктерден Жубайр ибн Мутимдин найзаны көздөгөн жерине таамай кадаган Вахши аттуу кулу боло турган. Хазрети Хамза Бадр согушунд Хинддин атасы Утбаны жана Жубайрдын абасы Туайманы да өлтүргөн эле. Мына ошондуктан Хинд да, Жубайр да Хамзадан өчүн алуу үчүн Вахшини жалдап, эгер аны өлтүрсө азат кыларына убадаларын беришет.

Меккеде даярдыктар толук бүткөн эле. Хазрети Аббас мушриктерден үч миң кишилик аскер куралгандыгы, булардан жети жүзү соот кийимчен, эки жүзү атчан, үч миң төөсү, курал-жарактары да арбын экендигин кат жазып, ишеничтүү адамынан Мадинага жолдойт.

Пайгамбарыбыз ошол замат абалды тактоо үчүн бир нече жолдошуна тапшырма берди. Бул сахабалар Меккеге карай жолго чыгышты. Жолдо мушрик аскерлеринин келе жаткандыктарын аны көзөмөлдөөгө киришти. Кыска убакытта иштерин бүтүрүп, тез арада Мадинага кайтты. Көргөндөрү менен алган каттарындагы маалыматтар бири-бирине дал келген эле.

Пайгамбарыбыз дароо даярдык ишине киришти. Күтүүсүз баскынга дуушар болбоо үчүн Мадинанын айланасына күзөтчүлөрүн коёт. Сахабалар кыска убакыттын ичинде топтолуп, даярдык көрүшөт. Үйдө калган ата-энеси, үй-бүлөсү менен коштошуп, Пайгамбардын алдында жыйналышат.

Ал күн Жума күнү эле. Пайгамбарыбыз сахабаларына Жума намазын окутту. Хутбада Аллаху тааланын динин таратуу үчүн жихадга чыгуунун, Аллахтын жолунда согушуунун маанисине токтолду. Ушул жолдо өлгөндөрдүн шейит болуп, Бейишке бара тургандыктарын айтты. Душмандын алдында чыдамдуулук көрсөткөндөргө, кыйындыктарга чыдагандарга Аллаху тааланын жардамдаша тургандыгын баяндады. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) сахабалары менен каерде согушуу керек экендиги тууралуу кеңешкиси келе тургандыгын жана ошол

күнү түнү көргөн түшүн айтты. Ал: «Түшүмдө мыкты соот кийим кийип жүргөн экенмин. Кылычым Зулфикардын оозунан бир жыртык ачылып, мууздалган бир уй, анын артынан бир кочкордун алып келингенин көрдүм», - деди. Сахабалар: «Йа Расулаллах! Бул түштү кандай жорудуңуз?» - деп сурашканда: «Мыкты зоо кийүү – Мадинада калуунун белгиси. Ушул жерде калгыла. Кылычтын оозунан бир тилик ачылуусу – бир зыян келе тургандыгынын белгиси. Мууздалган уй сахабаларымдын кээ бирлеринин шейит боло тургандыгын билдирет. Анын артынан бир кочкордун алып келинүүсү бул аскерий куралды көрсөтөт, иншаллах аларды Хак таала өлтүрөт», - деди.

Башка бир риваятта: «Кылычымды жерге урдум, оозу сынды. Бул Ухудда сахабаларымдын кээ бирлеринин шейит бол тургандыгын билдирет. Кылычымды дагы урдум, кайра калыбына келди. Бул болсо Аллаху тааладан жеңиш келе тургандыгын, момундардын бириге тургандыгын билдирет», - деп айтылган.

Пайгамбарыбыз өзүнө вахий аркылуу маалымдалбаган маселелерде мубарек сахабалары менен кеңешип, ошого жараша бир чечимге келе турган. Бул жолу да душманды кайсы жерден күтүп алуу тууралуу сахабалары менен кеңеш курду. Кээ бири Мадинада калып коргонууну сунуштады. Бул сунуш Хазрети Пайгамбарыбызга да жакты. Хазрети Абу Бакр, Хазрети Омар, Хазрети Саад бин Муаз (радыйаллаху анхум) сыяктуу сахабалардын ойлору да Пайгамбарыбыздын ою менен бир чыкты.

Ал эми бир кезде Бадр согушуна катыша албай калган жаш сахабалар болсо душманды Мадинага жеткизбей күтүп алууну сунушташты. Булардын башында Хазрети Хайсама, Хазрети Нуман бин Малик, Хазрети Саад бин Убада сыяктуу мубарек сахабалар турган. Хазрети Хайсама Пайгамбарыбызга: «Йа, Расулаллах! Курайштык мушриктер араб урууларынан аскер жыйнашты. Төөлөрүнө, аттарына минип, жерибизге киришет. Биздин үйлөрүбүздү, чептерибизди курчап, кийин кайтып кетишет. Артыбыздан нече түркүн сөз айта турган болушат. Бул абал аларды кайраттандырат, жаңы чабуулдарды уюштурушат. Азыр аларга каршы чыкпасак башка арап тайпалары да бизге көздөрүн кадай башташат. Аллаху таала бизге мушриктерге каршы согушта жеңиш берет деп үмүттөнөмүн.

Экинчиден шейиттик маселеси. Мен Бадрда шейит боло албадым. Бирок, мен аны абдан кааладым. Балам Бадр согушуна

катыша тургандыгымды укканда экөөбүз жеребе тарттык. Анын тагдырына шейит болуу жазылыптыр.

Йа, Расулаллах! Шейиттикти катуу эңседим. Кеше түшүмдө баламды жакшы калыбында көрдүм. Бейиш бакчалары менен өзөндөрүн аралап жүргөн экен, мага: «Жаннаттык сахабаларга кошул. Мен Аллаху тааланын убада кылган акыйкатына жеттим», - деди.

Йа, Расулаллах! Таңерте ойгонгондон бери баламдын Жаннаттагы жолдошу болсом экен деген каалоо тынчтык бербеди. Жашым да биразга жетти. Раббиме жетүүдөн башка муратым калбады.

Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Шейит болуп Бейиштеги балама жетүүм үчүн Аллаху таалага дуба кылыңызчы», - деп жалынды. Пайгамбарыбыз анын бул тилегин бош калтыргысы келбей, анын шейит болуусу үчүн дуба кылды.

Көпчүлүктүн ушундай пикирде экендиктерин көргөн Пайгамбарыбыз жоону Мадинанын сыртында күтүп алууга чечим кабылдады. Кийин: «Эй, сахабаларым! Сабырдуулук кылсаңар бул жолу да Хак таала силерге көмөгүн көрсөтөт. Биздин милдетибиз – чыдамдуулук көрсөтүү», - деди.

Асыр намазын окуткандан кийин Пайгамбарыбыз үйүнө барды. Артынан Хазрети Абу Бакр менен Омар (радыйаллаху анхума) уруксат сурап ичке кириšти. Пайгамбарыбыздын селдесин ороого, соотун кийүүсүнө көмөктөшүштү. Пайгамбарыбыз кылычын асынып, калканын аркасына илип алды.

Ушул кезде сахабалар сыртта жыйналышып, Пайгамбарыбызды күтүп турушкан эле. Мадинада калып, коргонуу согушун өткөрүүнү каалагандар башкаларга: «Расулуллах Мадинадан чыгууну ойлогон эмес эле. Силер айткандан кийин ушундай кылып жатат. Болбосо Расулуллах буйрукту Аллаху таaладан алат. Силер бул ишти ага калтыргыла. Анын буюрганын аткаргыла», - дешти. Калгандары кылган иштерине өкүнүп, «Пайгамбарыбызга каршы келген болуп жүрбөйлү» дешип, бул ойлорунан баш тартышты. Пайгамбарыбыз үйүнөн чыкканда ага барып: «Жаныбыз сиздин жолуңузда курман болсун, йа Расулаллах! Сиз кандай кааласаңыз ошондой кылыңыз. Мадинада калгыңыз келсе биз да ушул жерде калалы. Биз сиздин буйругуңузга каршы келбейбиз», - деп кечирим сурашты. Пайгамбарыбыз: «Пайгамбар бир кийген соотун согушпастан

чечпейт. Хак таала аны менен душманы арасына өкүм бергенге чейин чечпейт. Силерге айтаарым мына бу: буюрган нерселеримди орундап, Аллаху тааланын ысымын айтып, сабырдуулук кылсаңар Аллаху таала силерге көмөк берет», - деди.

Ушул кезде Амир бин Жамух үйүндөгү төрт баласына: «Балдарым! Мени да ушул согушка алып баргыла», - деди. Балдары: «Сенин бутуңда оору болгондуктан Аллаху таала сени үзүрлүү деп эсептеди. Пайгамбар сенин жоого чыгууңа уруксат бербеди. Жихадга чыгууга милдеттүү эмессиң. Сенин ордуңа биз барабыз», - дешип, аталарын көндүрө башташты. Бирок, Хазрети Мар: «Эй сендей балдардыбы?! Бард согушунда да ушундай деп мени Бейиштен калтырган элеңер. Бул согушта да куру калтырмакчысыңарбы?» - деди. Кийин Пайгамбарыбызга барып: «Жаным сизге курман болсун йа Расулаллах! Балдарым кээ бир шылтоолорду айтып, мени бул согушка жибергилери келбей турат. Валлахи мен сиз менен бирге жортуулга чыгып, Бейишке баргым келет. Йа, Расулаллах! Сиз менин Аллах жолунда согушканымды, шейит болуп мына бул аксак буттарым менен Бейишти аралаганымды каалабайсызбы?» - деди. Пайгамбарыбыз: «Ооба, каалаймын», - деди. Буга катуу кубанган Амр бин Жамух даярданып, аскерлерге кошулду.

Мадинага намаз имамы катары Абдуллах бин Умму Мактум (радыйаллаху анх) калтырылды. Пайгамбарыбыз үч туу байлады. Анын бирин Хаббаб бин Мунзирге, экинчисин Усейд бин Худайрга, үчүнчүсүн Мусаб бин Умайрга (радыйаллаху анхум) берди. Миң кишинин тегерегинде куралган аскерде эки атчан, жүздөй соот кийимчен аскер бар эле.

Соот кийимдерин кийген Саад бин Убада менен Саад бин Муаз алдыда, оңдо мухажирлер, солдо ансарлар болуп, жолго чыккан Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Жума күнү асырдан кийин «Аллаху акбар» деген ураандар менен майрамга бара жаткандай салтанат менен Ухудга карай бет алды.

Жолдо яхудилерден куралган алты жүз адамдык кошуун менен кезикти. Булар мунафыктардын башчысы Абдуллах бин Убай бин Салулдун шериктештери болуп, Ислам аскерине кошулгусу келгендигин айтты. Пайгамбарыбыз: «Алар мусулман болушканбы?» - деп сурады. «Жок, йа Расулаллах», - деп жооп берилди. Пайгамбарыбыз ошондо: «Аларга барып айткыла,

артка кайтышсын. Анткени, биз мушриктерге каршы согушта капырлардын көмөгүн каалабайбыз», - деди.

Пайгамбарыбыз аскери менен Медин менен Ухуд ортосундагы Шайхайн деген жерге барды. Түнөө үчүн ошол жерге токтоду. Али күн бата элек эле. Аскердин арасында душман менен согушуп, шейит болууну каалаган бала жаштагы сахабалар дагы бар эле. Пайгамбарыбыз бул жерде аскерлерин бир жолу кайра карап чыгып, он жети баланын бар экендигин көрдү. Алардын ичинде Рафи бин Хадиж буттарынын учу менен туруп, бийик болуп көрүнүүгө тырышты. Хазрети Зубейрдин «Йа Расулаллах! Рафи жакшы ок атат» деген сөзүнө байланыштуу аны аскерге алды. Муну көргөн Самура бин Жундуп: «Мен күрөштө Рафини жеңе аламын. Ошондуктан мен дагы согушка катышкым келет», - деди. Пайгамбарыбыз жылмайып күлдү да экөөнү күрөштүрдү. Хазрети Самура Рафини (радыйаллаху анх) жеңгенден кийин аны да өздөрүнө кошуп алды. Башка балдарды Мадинага ошол жердегилерди коргоо үчүн жиберди.

Шам жана куптан намаздарынын азанын Билал Хабаши (радыйаллаху анх) мукам үнү менен окуду. Пайгамбарыбыз намазды окуткандан кийин Мухаммед бин Масламаны (радыйаллаху анх) элүү кишилик кошуундун башына койду жана таң азанына чейин күзөт коюлуусун буюрду. Сахабалар демалууга киришти. Ошол түнү Пайгамбарыбыздын жанында күзөттө туруу урматы Хазрети Закванга насип болду.

Ушул кезде душман аскери Ислам аскеринин Шайхайнда демалып жатканын угуп, Икрима башкарган атуу кошуунлу чалгынчы топ кылып дайындады. Али мусулман болбогон Икрима кошууну менен Харра деген жерге чейин барганы менен мужахиддерден коркуп артка чегинди. Таң атканда Пайгамбарыбыз сахабаларды ойготту. Ухуд тоосуна барды. Ушул жерден эки аскер бири бирин көрө алышмак эле. Билал Хабаши (радыйаллаху анх) көңүл элжиреткен үн менен таң азанын окуду. Мужахиддер куралдарын асынган абалда Пайгамбарыбыздын артына туруп намаз окуп, дубаларын окушту. Пайгамбарыбыз үстүнү экинчи сооту менен туулгасын кийди.

Ушул кезде мунафыктардын башчысы Абдуллах бин Убай: «Биз бул жерге өзүбүздү өлтүрүүгө келдикпи? Муну башынан эмне үчүн ойлонбодук», - деп үч жүз мунафык менен бирге Ислам аскерлеринен бөлүнүп, Мадинага кайра кайтып кетти.

Болгон жандары менен берилип, ушул жолдо шейит болууга башын сайган адамдардын саны жети жүз чамасында эле. Алардын бардыгы Пайгамбарыбызды акыркы каны калгыча коргоого сөз берген эле.

Пайгамбарыбыз мужахиддерди бир иретке келтирди. Аскерлерин аркасы Ухудга, өздөрү Мадинага карай тургандай багытта жайгаштырды. Оң канатка Укаша бин Михсанды (радыйаллаху анх), сол канатка Абу Салама бин Абуласадды (радыйаллаху анх) кол башчы кылып дайындады. Саад бин Абу Ваккас менен Абу Убайда бин Жаррах (радыйаллаху анхум) алдыңкы саптан, мергендердин катарынан орун алышты. Сооттуу кошуундун башында Зубейр бин Аввам (радыйаллаху анх), алдыдагы соотсуз кошуундардын башында Хазрети Хамза (радыйаллаху анх) жүрдү. Микдад бин Амрга (радыйаллаху анх) аркадагы жаангерлерди башкаруу милдети жүктөлдү.

Ислам аскеринин сол тарабында Айнайн чокусу бар эле. Бул чокуда тар өткөөл бар болчу. Пайгамбарыбыз ушул өткөөлгө Абдуллах бин Жубайр (радыйаллаху анх) баштаган элүү мергенди койду. Алар ошол жерге жайгашышты. Пайгамбарыбыз алардын жанына барып мына мындай так буйрук берди: **«Бизди артыбыздан коргоп отургула. Ордуңарда болгула жана бул жерде эч кайда кетпегиле. Жоону жеңгенибизди көрсөңөр да силерге кабар берилмейинче, киши жиберилмейинче ордуңардан козголбогула. Жоонун бизди өлтүрөйүн деп жатканын, өлтүрүп жатканын көрсөңөр да келип бизге көмөктөшпөгүлө. Бизди аларда коргоого аракет кылбагыла. Силерге карай бет алган душмандын атчан аскерине ок аткыла. Анткени, атчан аскерлер аткан окко каршы жүрө алышпайт. Аллахым! Ушуларды аларга айтканыма сени күбө кыламын».** Ушул буйругун бир нече ирет кайталаган Пайгамбарыбыз: «Жырткыч куштардын өлүп жаткан денелерибизге башын салганын көрсөңөр да мен силерге киши жибермейинче ордуңардан козголбогула. Эгер биздин капырларды кырып буттарыбыз менен таптаганыбызды көрсөңөр да мен силерге кабар жибермейинче ордуңардан козголуучу болбогула», - деди.

Тууну Хазрети Мусаб бин Умейрге берди. Хазрети Мусаб тууну колуна алып Пайгамбарыбыздын алдына барып турду.

Ушул кезде жаңыдан үйлөнгөн Хазрети Ханзала таң эрте жуунууга да убакыт таппай шашылыш Мадинадан Ухудга келип, мужахиддердин катарына кошулду.

Ухудга үч күн мурда жетип келген мушрик аскерин Абу Суфйан башкарган эле. Алар аркаларын Мадинага каратып жайгашышты. Оң канаттагы атчан кошуундарды Халид бин Валид, сол канаттагы атчан аскерлерди Икрима башкарды. Саффан бин Умаййанын да атчан аскерлерди башкаргандыгы тууралуу айтылат. Мушриктердин туусун Талха бин Абу Талха көтөрдү.

Эки аскер арасындагы күчтүн айырмасы өтө чоң эле. Курайш аскерлери саны, курал-жарагы жагынан Ислам аскеринен төрт эсеге артык эле. Курайш аскеринде кек сезимдери менен ичтери өрттөнгөн аялдар аспаптарды чертишип, ыр айтышып, аскерли согушка чакырды, сыйынган буттарынан көмөк сурашты.

Ал эми мужахиддер болсо дуба кылышып, «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деп такбирлерди айтышты. Ислам дининин корголуусу жана таралуусу үчүн Аллаху тааладан жардам сурашты. Пайгамбарыбыз сахабаларын жихадга, Хак тааланын жолунда согушууга чакырып, бул жолдо ала турчу соопторун түшүндүрүп: «Эй сахабаларым! Саны аз адамга душман менен согушууга кыйындыкка турат. Эгер алар сабырдуулук кыла турушкан болсо Аллаху таала аларды кубанычка жеткирет. Анткени, Аллаху таала өзүнө баш ийгендер менен бирге.... Аллаху тааланын силерге убада кылган сыйын сурагыла», - деди. Ухуд согушуна байланыштуу аяти карималарды «(Эй момундар!) Аллаху таалага жана баш ийгиле, ошондо ырайымга ээ болосуңар. Раббиңерден кечирим суроого жана Бейишке кирүүгө шашылгыла. Ушуга тырышкыла. Бейиштин чоңдугу жер менен асмандай. Бейиш Аллаху тааладан корко тургандар үчүн даярдалды. Алар аз болсо да, көп болсо мал-мүлктөрүн Аллахтын жолунда берет. Капаларын билдиришпейт. Баарын кечиришет. Аллаху таала жакшылык кылгандарды жакшы көрөт.» («Али Имран» сүрөсү, 132-134)

«Алардын сыйы – Раббилеринен кечирим жана бактарынын астынан өзөндөр ага турчу Бейиш. Алар анда түбөлүк калышат. Ушундай кылгандардын, Аллаху таала менен Расулуна баш ийгендердин сыйы кандай жакшы!» - делинген. («Али Имран» сүрөсү, 136).

Көңүлдөр ыйманга толуп, көздөрүнөн эрдик учкуну чачыраган, шейит болууну бардык көңүлү менен каалаган сахабалар бир

орунда тура албай, тезирээк душман менен урушууга буйрук күтүп турушту. Бадр согушундагы сыяктуу Хазрети Али ак, Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх) сары, Абу Дужана (радыйаллаху анх) кызыл селделерин баштарына байлап алышты. Хазрети Хамза төө куштун канатындай жасалган айдарын тагынды.

Эки аскер бири-бирине бар болушунча жакындады. Толкундоо акыркы чегине жеткен эле. Бираздан кийин бир тарапта Аллаху тааланын динин таратуу үчүн эң жакындары менен да согушуудан тартынбаган Ислам мужахиддери, ал эми экинчи жакта ката ишенимдеринен айрылгысы келбеген Ислам душмандары арасында чоң согуш башталайын деп турган эле.

Бир октук аралыкка жакындаганда душман сабынан төөсү менен алдыга чыккан бир мушрик мухажирлерден согуша турчу киши сурады. Баарын өзүнөн коркот деп ойлоп, үч жолу кайталады. Ушундай кийин Ислам аскеринен узун бойлуу, сары селделүү бир эр жүрөк мухажир жөө ортого чыга келди. Бул – Пайгамбарыбыздын эжесинин уулу Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх) болчу. Ислам аскеринде «Аллаху акбар!» деген үндөр жаңырып, Хазрети Зубайрдын жеңүүсүн тилеп дуба кылышты. Зубайр бин Аввамдын (радыйаллаху анх) мушрикке жакындаар-жакындабас төөнүн үстүнө карай атылганы байкалды. Төөнүн үстүндө кызуу кармаш башталды. Ошондо Пайгамбарыбыздын «Аны жерге кулат» деген буйругу угулду.  Хазрети Зубайр ушул буйрукту ала салып каршылашын жерге түрттү. Артынан өзү да секирип кылычы менен башын чапты. Мушриктин башы денесинен кыйылып түштү. Пайгамбарыбыз Зубайрга дуба кылды.

Кийин мушриктердин туу көтөрүүчүсү Талха бин Абу Талха ортого чыгып: «ичиңерде мага чыга турчу адам барбы?» - деп кыйкырды. Ага каршы Аллахтын арстаны Хазрети Али чыкты. Бир сокку менен баштан аяк соот кийинген мушриктин башын ээгине чейин жара чапты. Муну көргөн Пайгамбарыбыз «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деп такбир айтты. Буга сахабалар да кошулуп такбирдин үнү асманды титиретти.

Мушриктин туусунун жерге түшкөнүн көргөн Талханын бир тууганы Осман бин Абу Талха ортого карай жүгүрдү. Тууларын көтөрүп, каршылаш талап кылды. Ага каршы Хазрети Хамза чыкты. «Йа Аллах» деп Османдын далысына кылыч урганда туу кармаган колу жулунган мушрик жерге кулап мерт болду.

Кийин мушриктерден Абу Саад бин Абу Талха жөө ортого чыкты, ал баштан аяк соот кийинген эле. Куфурлуктун туусун жерден көтөрүп, Ислам аскерине карап: «Мен Кусамдын агасымын. Мага ким каршы чыга алар экен» деп бакырды. Пайгамбарыбыз ага каршы дагы Хазрети Алини чыгарды. Хазрети Али (радыйаллаху анх) ал мушрикти да өлтүрүп, туусун жерге кулаткандан кийин мужахиддердин жанына барып катарга турду.

Мындан кийин көптөгөн мушрик ортого чыгып, жерге түшкөн тууларын көтөрүп, мухажирлерден өздөрүнө каршы чыга ала турчу каршылаш талап кылышты. Бирок, баарында тең баатыр сахабалар Аллаху тааланын уруксаты менен жеңишке жетишти. Ар мушрик өлтүрүлгөн кезде Ислам аскерлеринен такбир үндөрү чыгып, душманды ызага салды. Мушрик аялдарын болгон үндөрү менен чуу лдашып, бир жагынан өз аскерлерин «Бул эмне деген маскаралык?!» деп кордошсо, экинчи жагынан «Бул эмне туруш?» деп согушка үндөштү.

Эки жак тең бир орунда тура албай турган кезде Пайгамбарыбыз «Коркоктукта уят менен маскаралык, ал эми илгерилөөдө кадыр менен урмат бар. Адам корккону менен тагдырынын жазмышынан кутула албайт» деген жазуусу бар кылычын колго алып: «Бул кылычты менден ким алат?» - деди. Муну уккан бир канча ардактуу сахабалар колдорун созушту. Пайгамбарыбыз кайрадан: «Мунун акысын берүү аркылуу менден ким алат?» - дегенде сахабалар үнсүз туруп калышты. Кылычты алууну катуу каалаган Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх): «Мен аламын, йа Расулаллах», - деди. Пайгамбарыбыз кылычты Зубайрга бербеди. Абу Бакр, Омар, Алинин да (радыйаллаху анхум) сурагандарын Пайгамбарыбыз кабылдабады. Абу Дужана: «Йа, Расулаллах! Бул кылычтын акысы эмне?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Анын акысы ийилип, бүгүлгөнгө чейин аны душманга уруу. Анын акысы мусулманды өлтүрбөө, аны менен капырлардын алдынан качпоо. Ошол аркылуу Аллаху таала сага жеңиш бергенге чейин Аллах жолунда согушуу», - дегенде Абу Дужана (радыйаллаху анх): «Йа Расулаллах! Мен анын акысын орундоо шарты менен аламын», - деди. Пайгамбарыбыз колундагы кылычты ага берди. Абу Дужана (радыйаллаху анх) өтө баатыр, эр жүрөк болгондугуна карабастан согушта өтө айлакер амалдарды кылчу. «Согуш – айла» деген хадиси шарифке толук баш ийчү. Абу Дужана кылычты алып,

согуш майданына мактаныч менен, текеберлик менен ырларды айтып чыкты. Анын үстүндө бир көйногү менен башында кызыл селдеси гана бар болчу.

Абу Дужананын бул жүрүшүн сахабалар жактырышпады. Ушунда Пайгамбарыбыз: «Бул жүрүштү согуш майданынан бшка жерде колдонуу Аллаху тааланын азабына себеп болот», - деп, мактануу, текеберленүү жүрүш менен бир гана душманга каршы майданда гана басууга боло тургандыгын билдирди.

Андан арысына чыдай албаган мушриктерден Халид бин Валид карамагындагы аскерлер менен чабуулга чыкты. Ордунда тура албай турган сахабаларга Пайгамбарыбыз да чабуулга буйрук берди. Бир заматта «Аллаху акбар» деген такбир үнү согуш майданын жаңырткан эле. Эң алдында Хазрети Хамза колундагы кылыч менен соотсуз кошуундун башчысы экенине карабастан ар келген капырга кылычын шилтей берди. Чоң айбат менен келген Халид бин Валиддин аскерлери дароо артка чегиндирилди. Халид бин Валид бул жолу тоо өткөөлүндөгү жерди көрүп, арттан сокку берүү үчүн Айнайн чокусуна барды. Бирок, Хазрети Абдуллах бин Жубайр менен анын карамагындагы элүү жигит аларды октун астына алып, артка чегиндиришти.

Согуш катуу кызыган эле. Эки жак тең болгон күчтөрү менен кармашышты. Бир сахаба эң аз дегенде төрт мушрик менен урушуп, алга карай жылууга тырышты. Хазрети Хамза бир жагынан «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деп кыйкырса, экинчи жагынан «Мен Аллаху тааланын арстанымын деп кыйкырып» жоону кыйратып алдыга жыла берди. Савфан бин Умаййа тегерегиндегилерге «Хамза кайда? Мага көрсөткүлө» деп издеди. Бир кезде эки кылыч менен согушуп жүргөн бирөөнү көрдү. «Мына бул ким?» деп сураганда айланасындагылар «Издеген адамың, Хамза!», - дешти. Савфан: «Мен ушуга чейин өз коомун өлтүрүүгө умтулган айбаттуу адам көргөн жокмун», - деди.

Согуш кызуу жүрүп жаткан кезде мухажирлерден Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх) кылычтын өзүнө берилбегенине капаланып, «Мен Расулуллахтан кылычты сурадым. Бирок, ал аны Абу Дужанага берди. Мен болсо анын эжеси Сафийанын уулумун. Анын үстүнө Курайштыкмын. Барып көрөйүн Абу Дужананын менден артык эмне кыла ала тургандыгын» деп ойлоду. Ошентип, Абу Дужананы көз сала баштады. Абу Дужана (радыйаллаху

анх) «Аллаху акбар!» деп кыйкырып, мушриктен кез келген адамды өлтүрүп жүргөн эле. Мушриктердин ичиндеги айбатуу, ири денелүү, баштан аяк соот кийинген бири Абу Дужананын (радыйаллаху анх) алдынан чыкты. Ал Абу Дужанага кылычын шилтеди. Абу Дужана анын соккусунан калканы менен коргонуп, кылыч калканга кадалып калды. Кылычын канча тартса да чыгара албады. Кезек Абу Дужанага келген эле. Ал кылыч менен бир урганда каршылашы жан тапшырды. Ошондон кийин Абу Дужана алдынан чыккан бардык ыймансыз мушриктерди кырып, тоонун этегиндеги мушриктерди сүрүп, аялдар отурган жерге чейин жетип барды. Бирок, кылычын көтөрүп турса да Абу Суфйандын аялы Хиндди өлтүрбөдү. Муну көргөн Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх) өз-өзүнө: «Кылычтын кимге бериле тургандыгын Аллах менен Расулу менден жакшы билишет», - деди. «Валлаху мен андан артык согушкан адам көрбөдүм», - деди.

Микдад бин Асвад, Зубайр бин Аввам, Хазрети Али, Хазрети Омар, Талха бин Убайдуллах, Мусаб бин Умайрдын баары эч ким талкалап өтө алгыс өз-өзүнчө чеп сыяктуу эле. Пайгамбарыбыздын душманга өтө жакын барып согушканын, кайта-кайта чабуулдаганын көргөн сахабалар абдан тынчсызданышты. Расулуллахка бир зыян келип албаса экен деп анын айланасына жыйналышып, соотторго оронгон душманга көз ачтырышкан жок. Ушул кезде Абдуллах бин Амр (радыйаллаху анх) шейит болду. Ал Ухуддун алгачкы шейити эле. Анын шейит болгонун көргөн жолдоштору арстандай айбаттанышып, Аллаху тааланын ыраазылы үчүн душмандын ортосуна умтулушту.

Согуш кызыган кезде баатырдыктын жышааны болгон Хазрети Абдуллах бин Жахш (радыйаллаху анх) менен ок атуучулардын башчысы Сад бин Абу Ваккас кездешишти. Алар ар жеринен жаракат алышкан эле. Саад бин Абу Ваккас (радыйаллаху анх) мындайча баяндайт: «Ухуддагы согуштун катуу кызыган мезгили эле. Дароо Абдуллах бин Жахш жаныма келип колуман кармады, мени бир таштын түбүнө карай тартып жөнөдү. Мага: «Азыр сен ушул жерде дуба кыл. Мен «Амин» деймин», - деди. Мен дуба кылайын сен «Амин» де деди. Мен: «Жарайт», - деп мындай дуба кылдым: «Аллахым! Мага өтө күчтүү душмандарды жибер. Алар менен айоосуз чабышайын. Баарын өлтүрөйүн. Гази болуп кайтайын.» Менин кылган дубама чын көңүлдөн «Амин»

деди. Кийин өзү дуба кыла баштады: «Аллахым! Мага кан ичер душмандарды жибер. Алар менен айоосуз согушайын. Жихадды көрсөтөйүн. Бардыгын өлтүрөйүн. Соңунда мени бири шейит кылсын. Кийин эрди-мурдумду, кулктарымды кессин. Каным шорголоп сенин алдыңа барайын. Сен «Абдуллах! Эрдиңди, мурдуңду, кулактарыңды эмне кылдың?» деп сураганыңда «Аллахым! Мен алар менен көп айыптуу иштерди кылдым. Ордунда колдоно албадым. Сенин алдыңа алып келүүгө уялдым. Пайгамбарыбыз катышкан бир согушта чаңга көмүлүп, ошондой келдим» деп айтайын», - деди. Көңүлүм мындай дубага «Амин» дегиси келбеди. Бирок, ага убада бергендиктен каалабай «Амин» дедим.

Кийин кылычтарыбызды алып согушка кириштик. Экөөбүз тең алдыбыздан чыккандарын кырып салып жаттык. Ал эр жүрөк баатырдык менен согушуп, душман сабын таркатып жатты. Душманга кайра-кайра чабуул жасап шейит болууга болгон күчүн салды. «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деп ураан чакырып, согушуп жүргөндө кылычы чынды. Ошол кезде Пайгамбарыбыз ага бир курманын талын берип, согушууну улантууну буюрду. Бул бутак бир мужиза аркылуу кылычка айланып, алдына келгенинин баарын сулата берди. Өтө көп душман өлтүрүлдү. Согуштун акырына карай Абул Хакем деген мушриктин аткан огу менен өзү каалагандай шейит болду. Шейит болгондон кийин капырлар анын денесине барып мурдун, эрдин, кулактарын кесип алышты. Ал канга бойолду.»

Мужахиддердин сабында кылычынын кынабын сындырып, «Өлүү качуудан артык» деп мушриктердин арасына атырылган Кузман көптөгөн эрдиктерди көрсөттү. Бир өзү жети-сегиз капырды өлтүрдү. Акры жараланып, жерге кулады. Сахабалар анын бул эрдигине таң калышып, Пайгамбарыбызга айтышканда: «Ал тозоктук», - деди. Катада бин Нуман Кузмандын жанына барып, «Эй Кузман! Шейиттик куттуу болсун» дегенде Кузман: «Мен дин үчүн эмес Курайштыктардын Мадинага келип, курма багымды курутпоолору үчүн уруштум», - деди. Кийин бир ок менен колунун тамырын кесип, өзүн өзү өлтүрдү. Пайгамбарыбыз эмнеликтен «Ал тозоктук» дегенинин хикматы ошол кезде түшүнүктүү болду.

Согуштун башынан баштап Пайгамбарыбыз баштаган бардык сахабалар чоң баатырдык көрсөтүштү. Чоң чабуулдар

менен душманды артка чегиндиришти. Таштан, бактан жасаган «Лат», «Узза», «Хубал» деген буттарынан көмөк сураган мушрик тобу мужахиддердин чабуулдарына туруштук бере алышпай артка кача башташты. Аларды согушка үндөө үчүн келген аялдар болгон үндөрү менен кыйкырышып, качкан аскерлерге жетүүгө тырышышты.

Курайштык мушриктер согуш майданынан качып, өздөрү менен бирге алып келген оокаттарын таштап Меккеге карай бет алышканда Ислам аскерлери кубанышып, Аллаху тааланын өздөрүнө убада кылган жеңишине жеткиргендиги үчүн шүгүрчүлүк кылышты. Саны менен күчү жагынан бир нече эсе басымдуу экендигине карабастан мушриктер мусулмандардын алдында маскара болушкан эле. Биринен бири озуп качканда сахабалар алардан кууп жеткендерин өлтүрүшкөн эле. Ушул согушта жаңыдан үйлөнгөн Ханзала бин Абу Амир (радыйаллаху анх) аты менен качып бара жаткан мушрик аскеринин баш кол башчысы Абу Суфйанга жетип алды. Атынын буттарын кылыч менен уруп, атты кулатты. Жерге кулаган Абу Суфйан болгон күчү менен «Эй Курайштыктар! Көмөктөшкүлө! Мен Абу Суфйанмын. Ханзала мени кылыч менен өлтүргөнү жатат», - деп кыйкыра баштады. Аны менен бирге качкан мушриктер муну көрүшсө да өз баштарын ойлоп, кол башчыларына назар оодарышкан жок. Бирок, ошол учурда Хазрети Ханзаланын дал артында турган Шаддад бин Асвад деген мушрик найзасын Ханзаланын (радыйаллаху анх) аркасына кадады. Хазрети Ханзала «Аллаху акбар» деп каршылык көрсөткүсү келгени менен жерге кулап түшүп, шейит болду, руху Жаннатка учту. Пайгамбарыбыз: «Мен Ханзаланын periштелердин жер менен көктүн арасында күмүш идиштин ичинде жамгырдын суусу менен жуунтушканын көрдүм», - деди. Абу Усейди мындай дейт: «Пайгамбарыбыздын бул сөзүн уккан соң Ханзаланын жанына бардым. Анын башынан жамгырдын суусу тамчылап турган эле. Бул тууралуу барып Пайгамбарыбызга айттым. Хазрети Ханзаланы «Гасиул малаика» (периштелер жууган киши) деп атады».

Мушриктердин качканын көргөн Айнайн өткөөлүндөгү саадакчылардын бир бөлүгү согуш бүттү деп ойлошуп, ордуларын таштап кетип калышты. Кол башчылары Абдуллах бин Жубейр менен он эки адам гана Пайгамбарыбыздан кабар келбеди деп орундарында калышты.

## Хазрети Алинин баатырлыгы

Ушул кезде аңдып турган, бардык мүмкүндүктү пайдаланууга тырышкан Курайш саадакчыларынын кол башчысы Халид бин Валид өткөөлдөгү мужахиддердин азайгандыгын көрүп, карамагындагы атчан аскерлерди чабуулга чыгарды. Икрима бин Абу Жахл менен бирге дароо Айнайн өткөөлүнө келишти. Абдуллах бин Жубайр менен адал жолдоштору сап курап тизилип турушту. Саадактарындагы ок түгөнгүчө душманга ок жаадырышты. Кийин найзалары менен салгылашышты, бетме-бет келген кезде кылычтары менен «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деп ураан чакырып, салгылашышты. Ыймандуулар менен ыймансыздардын арасында бир адамга жыйырм беш адамдай келе тургудай абалда эле. Сахабалар Пайгамбарыбыздын буйругун орундоо үчүн акыркы тамчы кандары калганча согушушту. Биринен кийин бири шейит болуп, жерге кулап, рухтары Бейишке учту. (радыйаллаху анхум).

Мушриктер кектери менен Хазрети Абдуллахтын кийимдерин жыртып, денесин найза менен тешкилешти. Ичин жарып, ич органдарын сыртка чыгарышты.

Халид бин Валид менен Икрима өткөөлдөгү мужахиддерди шейит кылгандан кийин Ислам аскеринин артынан чабуул кылышты. Сахабалар аркаларында дароо пайда болгон душманды көргөндө жыйналууга мүмкүндүк таба алышпай калышты. Анткени, көбү куралдарын да таштап коюшкан эле. Абал дароо өзгөргөн эле. Качкан Курайштык мушриктер Халид бин Валиддин аркадан чабуулдаганын көрүшүп кайрадан кайтышты. Мужахиддер эки оттун ортосунда калышкан эле. Жоо алдынан жана аркасынан кол салып, мужахиддерди кысымга ала башташты. Сахабалардын бири-бири менен байланышы үзүлдү. Таркоого мажбур болушту.

Хазрети Али бул окуяны мындайча баяндаган: «Араларында Икрима бин Абу Жахл да болгон мушрик кошуундун ортосунда калдым. Алар мени курчап алышты. Көбүн кылыч менен өлтүрдүм. Ажалым келбегендиктен мага эч нерсе болбоду. Бир кезде Пайгамбарыбыздан көзүм үзүлдү. «Ант кыламын, ал согуш майданын таштап кете турчу адам эмес. Аллаху таала биздин кылган орунсуз аракетибизге байланыштуу аны арабыздан алып, көтөргөн чыгар. Мага да салгылашып өлүүдөн башка айла калбады» деп кылычымды шилтей бердим. Мушриктерге чабулл кылып, аларды

кыра баштаганымда Пайгамбарыбыздын ошолордун арасында калганын көрдүм. Пайгамбарыбызды Аллаху таала периштелери менен коргогондугун түшүндүм.»

Душман аскери Пайгамбарыбыздын жанына чейин жакындап барды. Өтө кооптуу абал туулган эле. Пайгамбарыбыз жалгыз өзү душманга каршы аскер кошуунундай каршы туруп, ордунан козголбоду.

Бир жагынан душман менен салгылашып, экинчи жагынан тарап кеткен сахабаларын жыйноого аракет кылып: «Эй, баланча! Мага карай кел. Эй, баланча, мага карай кел. Мен Расулуллахмын. Мага келген адамга Бейиш бар», - деп жүрдү. Хазрети Абу бакр, Абдуррахман бин Авф, Талха бин Убайдуллах, Али бин Аби Талиб, Зубейр бин Аввам, Абу Дужана, Абу Убайда бин Жаррах, Саид бин Муаз, Саад бин Абу Ваккас, Хаббаб бин Мунзир, Усейд бин Худайр, Сахл бин Ханиф, Асым бин Сабит, Харис бин Симма (радыйаллаху анхум) бир заматта Пайгамбарыбыздын жанына жыйналып, аны коргоо үчүн жандуу калкан болуп катар тизилишти.

Ушул кезде Аббас бин Убаданын (радыйаллаху анх) тарап кеткен сахабаларды жыйноо үчүн: «Эй туугандарым! Бул учураган кыйынчылыгыбыз Пайгамбарыбыздын буйругун орундабоонун натыйжасы. Тарабагыла! Пайгамбарыбыздын жанына келгиле. Эгер биз коргоочулардын катарынан орун албай, Пайгамбарыбызга бир зыяндын келүүсүнө себеп болсок Раббибиздин алдында биз айта турчу шылтоо калбас», - деди. Хазрети Аббас бин Убада жанында Харижа бин Зейд жана Авс бин Аркам (радыйаллаху анхум) болсо да душмандын ичине «Аллаху акбар» деп жарып кирип, кылычы менен умтулду.

Пайгамбарыбызды коргоо үчүн болгон күчтөрүн салып салгылашты. Харижа бин Зейд он тогуз жеринен жаракат алган болчу. Калгандарынын жарасы да аз эмес эле. Үчөө тең катуу эңсеген шейиттик даражаларына чыгышты.

Сахабалар ушундай кооптуу учурда Пайгамбарыбыздын жанына жыйнала башташты. Мушриктер Пайгамбарыбыз менен аны коргогон сахабаларды тегеректеп курчап алышты. Туш тараптан жакындап улам кыса башташты. Курайштыктардан бир топтун ичке карай умтулганын көргөн Пайгамбарыбыз жанындагы жан берүүгө даяр сахабаларына «Мына бул душманды ким күтүп

алат?» дегенде Вахб бин Кабус (радыйаллаху анх) «Жаным сизге курман болсун йа Расулаллах! Мен күтүп аламын», - деп алга карай умтулду. Аллаху тааланын атын оозунан таштабаган ушул баатыр кылыч менен душман арасына кирди. Пайгамбарыбыз: «Сага Бейиш бар», - деди. Анын душман алдындагы эрдигин көргөндө: «Аллахым! Ага ырайымдуулук кыла көр. Ага мээримдүүлүк кыл», - деди. Мушриктердин Хазрети Вахбды ортолоруна алып найза менен шейит кылгандыктарын көргөн Саад бин Абу Ваккас ага көмөк берүү үчүн ичке умтулду, душман ортосуна барып керемет баатырдыгын көрсөттү. Бир нече капырды саптан чыгарды. Калгандарын да артка ыргытып, Пайгамбарыбыздын жанына келди. Пайгамбарыбыз Хазрети Вахб үчүн: «Мен сенден ыраазымын. Аллаху таала да ыраазы болсун», - деп дуба кылды.

Пайгамбарыбыз мужахиддердин курчоосун жарып, өзүнө карай бир мушрик аскеринин келе жатканын көрүп, Хазрети Алиге**: «Аларга кол сал»,** - деп буюрду. Хазрети Али чабуул жасап, Амр бин Абдуллахты өлтүрүп, калгандарын артка кайтарды. Кылычы сынып калган соң Пайгамбарыбыз Зулфикарды ага берди. Дагы бир топ аскер келе жатканда Пайгамбарыбыз: «Йа Али, мына булардын жамандыгын кайтар», - деди. Жанын Пайгамбарыбыздын жолуна курман кылган Аллаху тааланын арстаны дароо чабуулга өттү. Ошол кезде Жабраил алейхиссалам келип Пайгамбарыбызга: «Йа Расулаллах! Алиде өзгөчө эрдик, баатырдык көрүнүүдө», - дегенде Пайгамбарыбыз: «Ал менден, мен анданмын», - деди. Жабраил алейхиссалам: «Мен экөөңөнмүн», - деди. Ошол кезде: «Али сыяктуу эр жүрөк жигит, Зулфикар сыяктуу кылыч жок», - деген добуш келди.

Мушриктер Пайгамбарыбыздын жанына жакындай алышпай тургандыктарын түшүнүп, ок ата башташты. Атылган октор үстүнөн, жанынан өтүп жатты. Душманды кайтаруу үчүн болгон күчтөрүн салган сахабалар бул абалды көрө салып Пайгамбарыбыздын алдына келип, денелерин окко тосо башташты. Пайгамбарбыз сахабаларына ок менен жооп берүүнү буюргандан кийин сахабалар да ок жаадыра башташты. Пайгамбарыбыз Саад бин Аби Ваккасты алдына отургузду. Өтө мерген болгон Хазрети Саад душманга ок ата баштады. Саадагы менен ар ок атканда «Йа Раббим! Бул сенин огуң. Аны менен душманды ур», - деди. Пайгамбарыбыз да: «Аллахым! Сааддын дубасын кабыл

кыл! Аллахым! Сааддын огун туурала. Улант Саад! Улант! Ата-энем сага курман болсун», - деди. Ушундайча ал ар ок атканда Пайгамбарыбыз ушул дубасын кайталады. Хазрети Сааддын огу түгөнгөндөн кийин Пайгамбарыбыз ага өз окторун берди. Саад бин Аби Ваккастын ар бир огу душманга же анын атына тийип жатты.

Мушриктердин аткан окторуна каршы Абу Талха Пайгамбарыбыздын алдына туруп, анын алдына калканы менен денесин тосуп, жеңишти ураандап кыйкырды. Пайгамбарыбыз: «Аскердин ичинде Абу Талханын үнү жүз адамдан кайырлуу», - деген. Абу Талха мүмкүн болушунча душманга ок атуудан тайсалдабады, анын аткан бардык огу көздөгөнүнө тийип жатты. Аткан окторду көрүүгө Пайгамбарыбыз башын жогору көтөргөндө ок тийет деп корккон Абу Талха (радыйаллаху анх) «Аты-энем сизге курман болсун, йа Расулаллах! Башыңызды көтөрбөңүз. Сизге душман огу тийип жүрбөсүн. Денем сизди коргосун. Мен өлмөйүнчө сизге жете алышпайт. Мен өлмөйүнчө сизге эч нерсе болбойт» деп Пайгамбарыбызды өз жанынан артык көрдү.

Ухуд майданынын бардык жеринде кыргын салгылаш болуп жатты, кээбирлери ат менен, кээбирлери жөө согуштарын улантышты. Сахабалар али жыйнала алыша элек болчу. Пайгамбарыбыздын айланасында отуз чакты гана сахаба болуп, алар келген окторго, найзаларга, кылычтарга өз денелерин тосушту. Бир гана армандары Пайгамбарыбыздын буйругун орундоо жана аны келе турчу бардык зыяндардан коргоо болду. Жигиттердин сардары Хазрети Хамза ошол салгылашта Пайгамбарыбыздан ажырап калып, эки колундагы эки кылыч менен душмандын ортосунда согушту. Анын «Аллаху акбар!» деген үнү душман жүрөгүнө үрөй салды. Ошого чейин бир өзү отуз душман өлтүрүп, көбүнүн бутун, колун чапкан болчу. Айланасын курчаган душманды кырган кезде Сибаа бин Үммү Анмар «Мага каршы тура алчу жигит барбы?» деп Хазрети Хамзага каршы чыкты. Хазрети Хамза «Бери кел, эй сүннөтчү аялдын баласы! Демек сен Аллахка жана Расулуна каршы чыктың, ошондойбу?» деп анын буттарынан кармап жерге кулатты. Үстүнө чыгып, башын жулуп алгандан кийин каршы беттеги таштын ары жагынан Вахшинин өзүн найза менен мээлеп турганын көрдү. Дароо ага умтулган кезде буту чуңкурдагы ылайга тайып аркасы менен кулады. Ошол кезде соотунун алдыңкы жагы ачылган болчу.

Ушул көз ирмемди пайдаланган Вахши найзасын ыргытты. Найза Хазрети Хамзанын денесине кадалып, ары жагынан чыкты. Улуу баатыр Хамза (радыйаллаху анх) «Аллахым!» деп ошол жерде жерге кулады. Шейит болуп, эңсеген максатына жетти. Аллаху тааланын жолунда Пайгамбары үчүн жан тапшырган эле...

Ушул кезде душман сабынан бирөө: «Эй Курайш жамааты! Туугандык катнашты сактабай турган, коомубузду бөлгөн Мухаммед кутулса мен кутулбаймын», - деп мушриктерди Пайгамбарыбызга чабуулга чакырды. Бул Асым бин Абу Авфтын үнү болчу. Абу Дужана (радыйаллаху анх) бул үндү укту. Чабышып отуруп, Асым бин Авфты таап өлтүрдү. Бирок, артындагы мушрик Мабед күчү менен кылычын Хазрети Абу Дужанага шилтеди. Аллаху тааланын жакшылыгы менен шамдагай аракет менен жерге кулаган Абу Дужана (радыйаллаху анх) өлүм соккусунан аман калды. Дароо ордунан туруп, Мабедди кылыч менен согуп өлтүрдү.

Курайштык мушриктердин көздөгөнү Пайгамбарыбыз болчу. Ага жакындоо үчүн болгон күчүн жумшашты. Бирок, айланасында коргоп жүргөн, бир зыян келет деген коркуунуч менен жандарын курман кылуудан тартынбаган ардактуу сахабалардан эч өтө алышпады. Ушул эр жүрөк отуз жигит Пайгамбарыбыздын алдында «Йа Расулаллах! Сиздин жаныңыздан кетпейбиз. Биз сизге калкан болобуз, сиз аман болсоңуз болду», - дешти. Мушриктер топ-топ болуп кол салышты. Пайгамбарыбыз жанындагы сахабаларына ушул топту көрсөтүп: «Аллаху тааланын жолунда денесин ким курман кылат», - дегенде Мадиналык беш сахаба алга чыкты. Алар Пайгамбарыбыздын көз алдында такбирлерин айтып, болгон күчүн салып чабышышты. Алардын төртөө шейит болду. Бешинчиси он төрт жеринен жараланып, жерге кулаганда Пайгамбарыбыз: «Аны менин жаныма алып келгиле», - деди. Денесинин бардык жеринен кан агып турган эле. Пайгамбарыбыз отуруп, бутуна башын жазданды. Ушундай шейит болуу урматына ээ болгон бул бактылуу сахаба Умара бин Йезид (радыйаллаху анх) болчу.

## Талха бин Убайдуллахтын баатырлыгы

Мушриктер өтө жакындап келген кезде Пайгамбарыбыз: «Мына буларды ким тосуп алат, ким токтотот?» - деди. Талха бин Убайдуллах (радыйаллаху анх): «Мен йа Расулаллах!» - деп алга чыккысы келди. Пайгамбарыбыз: «Сен сыяктуу дагы ким

бар?» - деди. Мадиналык сахабалардын бири «Мен» деп уруксат сурады. Пайгамбарыбыз: «Кана, сен чык» деп буюрду. Ал алдыга чыгып, мушриктерге каршы умтулду. Теңдешсиз баатырдык көрсөттү. Бир нече капырды өлтүргөндөн кийин шейит болду. Пайгамбарыбыз дагы: «Мына буларга ким каршы турат?» - деп сурады. Баарынан мурда дагы да Талха (радыйаллаху анх) чыкты. Пайгамбарыбыз: «Сен сыяктуу дагы ким бар?» - деп сураганда ансардан бир киши: «Мен йа Расулаллах!» - деди. Пайгамбарыбыз ага: «Кана, сен чык», - деди. Ал да мушриктер менен чабышып жүрүп шейит болду. Ушундайча ошол кезде Пайгамбарыбыздын жанында жүргөн сахабалардын бардыгы согушуп шейит болушту. Пайгамбарыбыздын жанында Талха бин Убайдуллахтан (радыйаллаху анх) башка эч ким калбаган эле. Хазрети Талха Пайгамбарыбызга зыян келип калар деп коркуп, аны айланып жүгүрүп, капырлар менен урушуп жүрдү. Анын кылыч шилтөөсү бир кезде Пайгамбарыбыздын жанына келген душманга каршы туруусу, саадак огуна, найзага жана кылычка денесин калкан кылып тосуусу теңдешсиз окуя болчу. Хазрети айланып жүрүп өзүнө тийген кылычтарды сезбеди. Максаты Пайгамбарыбызды коргоо, ушул жолдо башка бир туугандары сыяктуу шейит болуу эле. Денесинде жаракат албаган жери калбаган эле. Кийиминен кандан башка эч нерсеси көрүнбөдү. Бирок, ал ушуга карабастан төрт жагына тең үлгүрүп жүрдү. Ошол кезде Хазрети Абу Бакр менен Саад бин Абу Ваккас Пайгамбарыбыздын жанына келип жетишти. Баатырлардын баатыры болгон Хазрети Талха ушул кезде көп кан жоготуп жерге кулаган эле. Бардык жеринен жаракат алган эле. Алтымыш алты чоң, сансыз майда жаракаттары бар эле Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Бакрга дароо Хазрети Талхага көмөк берүүнү буюрду. Абу Бакр Сыддык (радыйаллаху анх) Хазрети Талханын эсин жыйноосу үчүн бетине суу септи. Талха бин Убайдуллах (радыйаллаху анх) эсин жыйаар-жыйбас «Йа Абу Бакр! Расулуллах аманбы?» - деп өзүнүн Пайгамбарыбызга деген чексиз берилгендигин көрсөттү. Пайгамбарыбызды жакшы көрүү, анын мубарек денеси үчүн жанын курман кылуу болсо ушунчалык болмок. Хазрети Абу Бакр: «Расулуллах ама. Мени ал жиберди», - дегенде Талха (радыйаллаху анх) ырахат дем алып: «Аллаху таалага чексиз шүгүрлөр. Ал тирүү болсо калган кыйынчылыктар түк эмес», - деди. Ошол кезде дагы бир несе сахаба жетип

келишкен эле. Пайгамбарыбыз Хазрети Талханын жанына барды. Жаралуу мужахид Пайгамбарыбыздын тирүү экендигин көргөндө кубанганынан ыйлап жиберди. Пайгамбарыбыз анын денесин сылап, колун жайып: «Аллахым! Ага шыпаа бер! Күч бер», - деп дуба кылды. Пайгамбарыбыздын бир мужизасы катары Хазрети Талха сопсоо болуп ордунан туруп, душман менен уруша баштады. Пайгамбарыбыз ал үчүн: «Ухуд күнү жер бетинде оң жагымда Жабраилден, сол жагымда Талха бин Убайдуллахтан башка мага жакын адамдын жок экенин көрдүм. Жер бетинде жүргөн Бейиштик адамды көргүсү келген адам Талха бин Убайдуллахты карасын», - деди.

Бүткүл майдан чебинде уруш кызуу жүрүп жаткан болчу. Пайгамбарыбыздын жанында Абу Дужана туу кармоочу Мусаб бин Умейр, Талха бин Убайдуллах Пайгамбарыбызды коргоо үчүн аркы саптан жетип келген Насиба ханым жана бир нече сахаба (радыйаллаху анхум) бар эле. Алар мушриктерге каршы Пайгамбарыбыз менен бирге согушуп жаткан болчу. Башынан тырмагына чейин куралданып алган жана соот менен туулга кийген мушрик Абдуллах бин Хунайд Пайгамбарыбызды көрүп, атын теминди. «Мен Зубайрдын улумун. Мага Мухаммедди көрсөткүлө. Мен аны өлтүрөмүн же анын жанында өлөмүн», - деп кыйкырды. Атын Пайгамбарыбызга карай буруп келе жатканда Хазрети Абу Дужана анын алдына туруп: «Кел, кана. Мен Пайгамбарыбыздын мубарек денесин өз денем менен коргой турчу адаммын. Мени өлтүрмөйүнчө ага жете албайсың», - деди. Аттын буттарын кылыч менен уруп, Абдуллах бин Хунайдды жерге кулатты. Окуяны көрүп турган Пайгамбарыбыз: «Аллахым! Харашанын уулуна (Абу Дужанага) мен кандай ыраазы болсом Сен да ошондой ыраазы бол», - деп тиледи.

Мушриктерден өтө мерген жаачы болгон Малик бин Зухейр бардык жерден Пайгамбарыбызды издеп, бир мүмкүндүгүн таап, аны өлтүрүүнү каалады. Пайгамбарыбызга жакындап барып, жаасын керип, Пайгамбарыбыздын башын мээлеп туруп ок атты. Көздү ачып-жаба тургудай убакыт болгон жок, Хазрети Талха колун ачып тура калды. Ок анын алаканына тийип, колун жаралады. Манжаларынын бардык күрөө тамырлары кесилди, колунун сөөктөрү сынды. Муну Пайгамбарыбыз көрүп: «Эгер (мени коргоо үчүн колуңду окко созоордо) бисмиллах дегенинде

адамдар сага карап турганда периштелер сени көктөргө көтөрмөк», - деген.

Меккелик мушриктерден Абудаллах бин Камиа, Убай бин Халаф, Утба бин Абу Ваккас, Абдуллах бин Шихабы Зухри деген төрт мушрик Пайгамбарыбызды өлтүрүүгө чечим чыгарышып, ант ичишкен эле. Бул кысталып турган маалда Пайгамбарыбыз жанында бир несе сахаба бар болсо да душман менен кызуу урушуп жатты. Пайгамбарыбыздын алдында туу кармоочу Мусаб бин Умейр бар болчу. Хазрети Мусаб кийген сооту менен Пайгамбарыбызга өтө окшоп калган эле. Ал да оң колуна Ислам туусун кармап, мушриктер менен салгылашып жүргөн болчу. Ушул кезде соотко оронгон Ибн Камиа аты менен ортого жакындады. Болгон үн менен «мага Мухаммедди көрсөткүлө. Аны өлтүрбөсөм өзүм өлөйүн» деп кыйкырып, Пайгамбарыбызга карай атын бурду. Хазрети Мусаб менен Насиба ханым ага каршы туруп, денелери менен Пайгамбарыбызды коргоп, душман менен кармашты. Бул капырга канча кылыч урулганы менен кийген соотунан кылыч өтпөдү. Ибн Камиа Насиба ханымды кылыч менен уруп, далысын жаралады. Кийин Хазрети Мусабдын туу кармаган оң колуна кылычын шилтеди. Оң колу кесилген Мусаб бин Умейр жанынан артык көргөн Ислам туусун жерге түшүрбөстөн сол колуна алды. Ошол маалда ал «Мухаммед алейхиссалам расул. Андан мурда да расулдар келген» деген аяти кариманы окуду («Али Имран» сүрөсү, 144). Ибн Камиа бул жолу кылыч менен сол колуна шилтеди. Сол колу дагы кесилген ал тууну жерге түшүрбөй билеги менен кысып, желбиретти. Ибн Камиа бул жолу найзасын сахабанын денесине кадады. Мусаб (радыйаллаху анх) башка бир туугандары сыяктуу шейит болуп, акыретке көчтү.

Хазрети Мусаб жерге кулап бара жатканда Исламдын туусу жерге түшүрүлбөгөн, аны дароо Хазрети Мусабдын кейпине кирген бир перише колуна алган болчу. Пайгамбарыбыз «Алга, йа Мусаб! Алга» дегенде тууну кармап турган киши «Мен Мусаб эмесмин», - деди. Ошол кезде Пайгамбарыбыз анын перише экенин түшүнүп, тууну Хазрети Алиге берди.

Ибн Камиа болсо Хазрети Мусабды Пайгамбарыбыз деп ойлоп, тез мушриктерге барып: «Мухаммедди өлтүрдүм», - деп кыйкыра баштады. Муну уккан мушриктер көздөгөн максатка жеттик деген кубаным менен андан бетер кутура түшүштү. Окуянын чоо

жайын билбеген сахабалардын кайгыдан буту-колдору иштебей калды. Ортодо азалуу жагдай өкүм сүрө калды. Хазрети Омардын да колдору шалдырап, достору менен турган жерлерине отуруп калды. Анас бин Надр (радыйллаху анх) аларды көрүп: «Эмнеге отурсыңар?» - деп сурады.

Алар: «Расулуллах алейхиссалам шейит болуптур», - деп жооп беришти. Хазрети Анас: «Расулуллах шейит болсо Анын Раббиси (Аллаху таала) түбөлүк. Расулуллахтан кийин биз тирүү калып эмне кылабыз?» Кана, тургула! Пайгамбарыбыз согушуп, жанын курман кылган нерсе үчүн биз дагы жаныбызды курман кылалы», - деп кылычын кынынан сууруп, «Аллаху акбар» деп душмандын ортосуна карай умтулду. Бир несе капырды өлтүрүп, өзү шейит болду. Бул мубарек сахабанын бир гана бетинде жетимиш жаракат бр болчу. Денесиндеги жаракаттын көптүгүнөн аны бир тууганынан башка эч ким тааный албады.

Сахабалардын көпчүлүгү тарап кетип, көпчүлүгү шейит болгон эле. Алардын ушундай таралганын пайдаланган мушриктер Пайгамбарыбыздын айланасына жыйналышты. Таш менен, кылыч менен Пайгамбарыбызды шейит кылууга аракет кылышты. Расулуллахтын үстүндө эки соот болгондуктан соккулар таасир кылбады. Утба бин Абу Ваккастын ыргыткан таштары Пайгамбарыбыздын бетине тийип, астынкы эрини жараланды. Алдыңкы тиши сынды. Ошол кезде Ибн Камиа деген мушрик да келип кылычын Пайгамбарыбыздын башына шилтеди. Пайгамбарыбыздын туулгасы жарылып, эки жагы саамайына кирди. Ибн Камиа далысынан уруп жаралаганда Пайгамбарыбыз мусулмандарды кулатуу үчүн Абу Амирдин казган чуңкуруна бир жагы менен кулады. Пайгамбарыбыз Ибн Камиа үчүн «Аллаху таала сени маскара кылсын», - деди. Ибн Камиа катуу кубанып: «Мухаммедди өлтүрдүм», - деп кыйкырып Абу Суфйандын жанына барды. Мушриктер максаттарына жеткен болчу. Эми алар Пайгамбарыбызга назар салышпады. Пайгамбарыбыздын жаткан чуңкурунан кетип, эки жактагы сахабалар менен согушууга киришишти.

Пайгамбарыбыз чуңкурга кулаган кезде жаагы канап турган эле. Колу менен бетин сүрткөн кездеколу менен сакалынын канга бойолгондугун көрдү. Бир тамчы канын жерге түшүрбөө үчүн Жабраил алейхиссалам мубарек канын кармап: «Йа Хабибаллах!

Аллаху таалага ант кыламын, эгер ушул кан жерге түшкөндө кыяматка чейин жерден чөп чыкмак эмес», - деди. Пайгамбарыбыз: «Эгер менден бир тамчы кан жерге тамса көктөн азап түшөт. Йа Раббим! Коомумду кечир. Анткени, алар билишпейт», - деп өзүн өлтүрүүгө аракет кылган, денесине кылыч шилтеп, тишин сындарган, бетин канга бойогон адамдардын туура жолго түшүүлөрүн тиледи.

Ушул кезде Кааб бин Малик (радыйаллаху анх): «Эй мусулмандар! Сүйүнчү! Расулуллах бул жерде!» - деп кыйкырды. Бул үндү уккан сахабалар кайрадан өздөрү тирилгендей кубанышып, ошол жерге карай жүгүрүштү. Хазрети Али менен Талха бин Убайдуллах (радыйаллаху анхум) дароо ошол жерге барып Пайгамбарыбызды чуңкурдан чыгарды. Хазрети Абу Убайда бин Жаррах Пайгамбарыбыздын саамайына кирген туулганын сыныктарын тиши менен чыгарды. Ушул темир сыныктарды чыгарган кезде алдыңкы эки тиши дагы жулунуп чыкты.

Сахабалардан Малик бин Синан (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын бетинен аккан канды жерге тамызбоо үчүн тили менен жалап алды. Пайгамбарыбыз: «Каным канына аралашкан адамга Тозоктун оту тийбейт», - деди.

Мушриктер дагы эле кол сала башташты. Ардактуу сахабалар (алейхимуррыдван) Пайгамбарыбызга жетүү кубанычы менен кайрадан аны курчашып, ага эч кандай мушрикти жолотушпады. Пайгамбарыбызга эми эч нерсе кыла албай тургандыктарын түшүнгөн мушриктер тоонун чокусуна чыга башташты. Пайгамбарыбыз Саад бин Абу Ваккаска: «Аларды артка кайтар», - деди. Хазрети Саад: «Йа Расулаллах! Менде бир гана ок бар. Аны менен кантип артка кайтарамын?» - деп сураганда Пайгамбарыбыз дагы да ошол буйругун кайталады. Ушундай кийин мергендердин башчысы Саад бин Абу Ваккас огун атты. Ок бир мушрикти кулатты. Ал колун жебенин идишине дагы да салганда дагы бир октун пайда болгонун көрдү. Бул ушунун алдындагы ок экенин байкады. Дагы бир мушрикти өлтүрдү. Ушинтип бир нече жолу кайталады. Пайгамбарыбыздын бир мужизасы катары Хазрети Саад ар аткан сайын баягы огун көрдү. Адамдарынын биринен соң биринин өлүп жатканын көргөн курайштыктар тоого чыгуудан баш тартышты. Төмөн түшүп, артка чегиништи.

Алардын ичинен Убай бин Халаф атын Пайгамбарыбызга карай буруп: «Кайда, Пайгамбармын деген адам? Чыгып мени менен

кармашсын», - деп кыйкырды. Сахабалар ага каршы чыккысы келсе да Пайгамбарыбыз уруксат бербеди. Харис бин Симма найзасын алып алдыга чыкты. Убай атын теминип: «Эй Мухаммед! Сен өлбөсөң мен өлөйүн», - деп жакындады. Баштан аяк соот кийинген эле. Пайгамбарыбыз колундагы найзасын Убайга ыргытты. Найза учуп барып туулга менен сооттун жакасынын арасынан мойнуна кадалды. Убай атынан жерге кулап, кабыргасы сынды. Мушриктер аны көтөрүп, алып кетишти. Жолдо: «Мухаммед мени өлтүрдү», - деп кыйкырып атып жан тапшырды.

Пайгамбарыбыз жанындагы сахабалар менен Ухуд жарларына карай жүрө баштады. Аскалардын жанына баргандан кийин жогору чыккысы келди. Катуу чарчагандыктан эки соотту кабаттап кийгендиктен жана денесине жетимиштен ашык кылыч урулгандыктан чыдап тура албады. Ошентип Талха (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын жанына барып: «Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Муну сизге ким кылды?» - де сурады. Пайгамбарыбыз: «Утба бин Абу Ваккас, мага таш ыргытып бетиме урду, тишимди сындырды», - дегенде Хазрети Хатиб: «Йа Расулаллах! Ал кайсы жакка кетти?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз анын кеткен жагын көрсөттү. Хазрети Хатиб ошол жакка карай жүгүрдү. Издеп жүрүп Утбаны таап, атынан түшүрүп алып, башын чаап Пайгамбарыбызга келип аны өлтүргөнүн айтты. Пайгамбарыбыз: «Аллаху таала сенден ыраазы болсун! Аллаху таала сенден ыраазы болсун!» - деп дуба кылды.

Мушриктер жыйналып чабуулга өткөн сахабаларга каршы чыдап тура алышпады. Жетимиш адамынан айрылып, согуш майданын таштап, Меккеге карай бет алышты. Пайгамбарыбыздын кайтыш болгону тууралуу ушак Мадинага жеткен эле. Хазрети Фатима, Хазрети Айша, Үммү Сулейм, Үммү Айман, Хамна бинти Жахш, Куайба сыяктуу аялдар Ухудга карай жүгүрүштү. Хазрети Фатима атасынын жаралуу экенин көрүп ыйлады. Пайгамбарыбыз анын көңүлүн жибитти. Хазрети Али калканы менен суу алып келди. Фатима (радыйаллаху анха) ошол суу менен Пайгамбарыбыздын бетин, канын жууду. Бирок, бетинин каны токтободу. Хазрети Фатима бир камышты өрттөп, күлүн жрага басканда кан токтоду.

Ошентип согуш майданына түштү. Алгач жаралууларды аныктап, жараларын таңышты. Мушриктер кээ бир шейиттерди киши тааныгыс абалга жеткизишкен эле. Кулак, мурун жана

башка мүчөлөрүн да кесишип, карындарын жарып таштašкан эле. Абдуллах бин Жахш (радыйаллаху анх) да ушулардын арасында болчу. Бул абалды көргөн Пайгамбарыбыз менен сахабалар өтө капа болушту. Эң тандалуу сахабалар шейит болуп, Ухуддун топурагын канга бойоп, Бейишке учушкан эле. Шейиттерге кылынган бул аракет адам чыдагыс болгон эле. Пайгамбарыбыз менен сахабалар бул ишке катуу ачууланышты. Ушуну карап туруп Пайгамбарыбыздын көзүнөн жаш мөлтүрөдү. Көзүнөн жашын агызып: «Мен бул шейиттердин Аллаху тааланын жолунда жандарын курман кылгандыктарына кыямат күнү күбөкөр боломун. Аларды кандары менен көмгүлө. Валахи кыямат күнү махшарга жаралары канап келет. Кандарынын түсү кандын түсүндөй, жыты жакшы болот», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Хамзаны көрө албай турамын. Анын абалы эмне болду?» - деп сурады. Хазрети Али аны издеп тапты. Пайгамбарыбыз ал жерге барып акылга келбей турчу көрүнүшкө туш болду, Хазрети Хамзанын кулактары, мурду жана башка мүчөлөрү кесилип, бети адам таанылгыс абалга жетип, өпкөлөрү сыртка чыгарылган эле. Пайгамбарыбыз ыйлап туруп Хазрети Хамзаны карап: «Эй Хамза! Эч качан, эч ким сен сыяктуу кыйынчылык көргөн жок жана көрбөйт. Эй Расулуллахтын агасы! Эй Аллаху тааланын жана Расулунун арстаны Хамза! Эй кайырлуу иштерди кылган Хамза! Эй Расулуллахтын коргоочусу болгон Хамза! Аллаху таала сага ырайымдуулук кылсын!» - деди.

Ушул кезде каршы бетте бир аялдын жанталашып келе жатканын көрдү. Бул Пайгамбарыбыздын эжеси Хазрети Сафийа болчу. Ал да жаш аялдар сыяктуу Пайгамбарыбыз кайтыш болду деген жалган кабарды угуп, бүт нерсесин таштап жүгүрүп Ухудга келген эле. Пайгамбарыбыз эжесин көрүп, шейиттердин түрүнө чыдай албас деген ой менен баласы Зубайр бин Аввамга (радыйаллаху анх): «Энеңди артка кайра алып кет, туугандыңдын денесин көрбөсүн», - деди. Хазрети Зубайр жүгүрүп, энесинин жанына барды. Сафийа ханым: «Балам Пайгамбарыбызга эмне болду?» - деди. Алардын жанына Хазрети Али дагы барган эле. Ал: «Пайгамбарыбыз алхамдулиллах жакшы», - дегенде тынчыды, бирок, «Аны мага көрсөткүлө» деп айтуудан өзүн тыя албады. Хазрети Али Пайгамбарыбызды ишара менен көрсөттү. Хазрети Сафийа Пайгамбарыбыздын тирүү экенин көрүп кубанып, Аллаху

таалага шүгүр кылды. Эми бир тууганы Хазрети Хамзанын абалын билүү үчүн ары карай баскысы келди. Баласы Зубайр (радыйаллаху анх): «Апаке! Расулуллах артка кайтууңузду буюрду», - дегенде Хазрети Сафийа: «Эгер ага кылынгандарды мага көрсөтпөө үчүн артка кайтарсаңар мен ансыз да тууганымдын денесинин майдаланганын билемин. Ал бул абалга Аллахтын жолунда жүрүп дуушар болду. Биз бул жолдо андан бетерине да ыраазыбыз. Сообун бир гана Аллаху тааладан күтөбүз. Иншаллах сабырдуулук кылабыз», - деди. Зубейр бин Аввам (радыйаллаху анх) ушуну айткандан кийин Пайгамбарыбыз: «Андай болсо жибер, көрсүн», - деди. Хазрети Сафийа (радыйаллаху анха) Хазрети Хамзанын денесинин жанына отуруп, үнсүз ыйлады.

Хазрети Сафийа келген кезде өзү менен бирге эки чапан ала келген эле. Аларды чыгарып: «Буларды бир боорум Хамзага алып келдим. Ошого орогула», - деди. Шейиттердин мырзасы болгон Хазрети Хамзаны ушул чапандын бири менен кепендеди.

Пайгамбарыбыз туу кармоочу Мусаб бин Умейрдин (радыйаллаху анх) баш жагына барды. Мусабдын колдору кесилген, бир канча жеринен жаракат алган эле. Тегеректин баары канга бойолгон эле. Пайгамбарыбыз бул жерде да катуу кайгырып, ушул кадырлуу шейиттерге арнап «Ахзаб» сүрөсүнүн 23-чү аятын окуду. Мааниси: «Момундарда ошондой жигиттер бар, Алар Аллаху таалага берген сөздөрүндө турушат. Алардын кээ бири шейит болгончо согуша тургандыктары тууралуу берген сөздөрүн орундашты (шейит болушту). Кээ бири шейит болууну күтүүдө. Алар берген сөздөрүнөн чыгышпады.» Пайгамбарыбыз ошондон кийин: «Аллаху тааланын Расулу да күбө, силер кыямат күнү Аллаху тааланын алдында шейит болуп жыйналасыңар», - деди. Кийин жанындагыларды карап: «Буларды зыярат кылгыла. Аларга салам бергиле. Аллахка ант кыламын, ким аларга бул дүнүйөдө салам берсе кыяматта ушул кадырлуу шейиттер аларга жооп кайтарышат», - деди. Өз өмүрүн Исламга кызмат менен өткөргөн жана ушул жолдо шейиттик даражага көтөрүлгөн ушул сахаба дүнүйө мене жарты кепен менен коштошту.

Калган шейиттердин жаназалары окулуп, кандуу кийимдери менен эки-үчтөн бир кабырга коюлуп жерге берилишти. Ухуд согушунда жетимиш киши шейит болгон эле. Алардын алтымыш төртү ансардан, алтоо мухажирлерден болчу.

Сахабалардын көпчүлүгүнүн тuугандары шейит болушкан эле. Калгандардын көңүлүн жибитүү үчүн Пайгамбарыбыз мындай деди: «Валлахи сахабаларым менен мен да шейит болуп, Ухуд тоосунун боорунда түнөөнү катуу каалар элем. Туугандарыңар шейит болгон кезде Аллаху таала алардын рухтарын жашыл куштардын жесөөлөрүнө салды. Алар Бейиштин өзөндөрүнө барып, суусунан ичишет. Жемиштеринен жешет. Бейиштин бардык жерин аралашат. Гүл бакчаларында учушат. Кийин касиеттүү Арштын астында илинген алтын чырактардын ичине кирип түнөшөт. Алар ушундай даамдар менен суусундардын кереметтигин көрүшкөндө «Аттиң Аллаху тааланын бизге эмнелерди бергенин туугандарыбыз көрүшкөндө, жихаддан тартынбаса, согушуудан коркуп, жоодон тайманбаса», - дешет. Аллаху таала**: «Мен силердин абалыңарды аларга билдиремин»**, - деди. (Жана мааниси мындай аяти кариманы түшүрдү:) «Аллаху тааланын жолунда шейит болгондорду өлдү деп санабагыла. Чындыгында алар Раббилеринин алдында тирүү. Аллаху тааланын өздөрүнө берген шейиттик мартабасына бардыгы тең кубанып, Бейиш ниматтары менен ырыскыланышат. Аркаларындагы шейиттикке али жетпегендер тууралуу «Аларга эч кандай коркунуч жок жана алар кайгырышпайт», - деп сүйүнчүлөгүсү келет. Алар Аллаху тааладан келген нимат менен, жада калса, андан да артыгы менен кубанышат. Аллаху тааланын момундарга деген сыйын жойбой тургандыгы тууралуу кабарга кубанышат» («Али Имран» сүрөсү, 169-171)**... Аллаху таала алрга көрүнүп, «Эй, кулдарым! Жаныңар эмнени кааласа силерге аны артыгы менен берейин», - дейт. Алар: «Эй Раббибиз! Сенин бизге берген ниматтарыңан артык нимат жок, ошону каалайбыз. Биз Бейиште каалаган нерсебизди жеп жатабыз. Биз кааласак бир гана рухтарыбызды денебизге кайтарылып, дүнүйөгө кайтуубузду жана сенин жолуңда согушуп, кайрадан өлтүрүлүүнү каалайбыз», - дешет».**

Эми бул жерде кыла турчу эч нерсе калбаган эле. Бардыгы жыйналышты. Аллаху тааланын динин таратуу үчүн келген Ухудда тарыхтын теңдешсиз бир согушу болгон эле. Сахабалардын ашкан эрдиктерине, баатырдыктарына күбө болгон капырларга дагы бир сабак болгон эле.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен нурдуу Мадинага карай бет алды. Харра деген жерге келген кезде сахабаларын сапка тизип,

колун көтөрүп, Аллаху таалага жалбарынып, мындай дуба кыла баштады: «Аллахым! Бардык мактоо сага таандык. Аллахым! Сенин адаштырганыңды туура жолго сала турган, туура жолдогуңду адаштыра турган эч ким жок. Аллахым! Бизге ыйманды сүйдүр. Жүрөгүбүздү ыйман менен кооздо. Бизди куфурлуктан, азгындыктан, ашып-ташуучулуктан арындыр. Динибиз менен дүнүйөбүзгө зыяндуу нерселерди бил тургандардан, туура жолдогулардан кыл. Аллахым! Бизди чынчылдар менен жакшылардан кыл. Анткени, алар кадырлары менен беделдерин жоготпогондор, диндеринен чыкпагандар. Аллахым! Сенин Расулуңду жокко чыгарган, сенин жолуңан тайган, Пайгамбарың менен согушкан капырлардын жазасын бер. Аларга хак жана акыйкат болгон азабыңды бер. Амин!» Сахабалар да «амин» дешип, бул дубага кошулушту.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен бирге Мадинага жакындап калган эле. Мадинада калган аялдар, балдар жолго чыгышып, кайгырып, келе жаткан аскерлердин ичинен Пайгамбарыбызды көрүүгө аракет кылышты. Анын нурдуу жүзүн көрүшкөндө Аллаху таалага шүгүрчүлүк кылышты. Кийин аскерлердин ичинен өз туугандарын издей баштаишты. Аскерлердин арасынан туугандарын таба албагандар көз жаштарын төгүштү. Сахабаларынын ушундай кайгылуу учурун көргөн Пайгамбарыбыздын да көзүнөн жаш мөлтүрөп акты.

Биз кезде Саад бин Муаздын (радыйаллаху анх) энеси Кабша ханымдын Пайгамбарыбызга бара жатканы байкалды.Ухудда баласы Амр шейит болгон эле. Пайгамбарыбызга барып: «Жаным сизге курман болсун йа Расулаллах! Аллахка шүгүр сиздин аман экениңизди көрдүм. Сиз аман болсоңуз башка кайгылар мага эч нерсе эмес», - деди. Жан баласы тууралуу сурабады. Пайгамбарыбыз анын баласына көңүл айткандан кийин: «Эй Сааддын энеси! Сага жана анын үй-бүлөсүнө сүйүнчү болсун! Алардан шейит болгондордун бардыгы тең Бейишке жыйналды жана бири-бирине жолдош болушту. Алар үй-бүлөсүнө да шапаат кылышат», - деди. Кабша ханым: «Аллаху тааладан келген бардык нерсеге ыраазыбыз, йа Расулаллах. Ушундай сүйүнчү кабардан кийин алар үчүн ким ыйлайт. Сиз артында калгандарга дуба кылыңыз», - деди. Пайгамбарыбыз: «Аллахым! Аларды кайгыларынан арылт. Артында калгандарын да эң кайырлууларынан кыл», - деп дуба кылды.

Пайгамбарыбыз сахабаларын карап денелик каалоолор менен күрөшүүнү ишара кылып: «Эй сахабаларым! Кичине жихаддан кайттык, эми чоң жихадды баштайбыз», - деди. Кийин бардыгы, үйлөрүнө демалууга, жараларын таңууга жиберди. Өзү да жаралуу болчу. Түз үйүнө кетти.

## Хамра-ул-Асад сапары

Пайгамбарыбыз Мадинага кайткан соң мушриктердин каалаган бир убакта кайра кайтып Мадинага чабуул кылуу мүмкүн экендигин ойлоп чара колдонду. Эртеси жарадар болуп туруп мусумандардын кечээки согуштан алсырап калбагандыгын билдирүү үчүн, душманды коркутуп эскертүү, алардын Мадинага кайтып келүүлөрүн болтурбоо үчүн Билал Хабашиге (радыйаллаху анх): «Расулуллх силерге душмандын изине түшүүнү буюрду. Кече Ухудда биз менен согушпагандар барбайт, бир гана согушка катышкандар барат де», - деди. Ал сахабаларга бул кабарды айтканда алар жарадар болушса да дароо жыйналышып, даяр турушту. Жада калса оор жарадар болгон Абдуллах менен Рафи (радыйаллаху анхум) деген бир тууган ага-инилер да Пайгамбарыбыздын бул кабарын угар замат ооругандарына карабастан «Пайгамбарыбыз менен согушка чыгуу мүмкүндүгүнөн айрылабызбы?» деп мужахиддердин сабына кошулду.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен мушриктердин артынан түштү. Равха деген жерде мушриктердин жыйналып Мадинага кайра чабуул жасап, мусулмандарды кыруу тууралуу чечим кабылдагандыктарын укту. Ушундайча бул колдонулган чаранын да Пайгамбарыбыздын бир мужизасы экендиги белгилүү болду.

Мушриктер Пайгамбарыбыздын өздөрүнө карай келе жаткандыгын угуп коркуп, отурган жерлерин таштап, Меккеге качышты.

Пайгамбарыбыз алардын артынан Хамра-ул Асад деген жерге чейин барды. Мушриктерден эки адам кармалды. Ал жерде үч күн болуп, кийин Мадинага кайтты.

Аллаху таала Хамра-ул Асадга барган сахабаларды аяти карима менен мындай мактады: «Жаралангандан кийин дагы да Аллаху тааланын жана Пайгамбарыбынын чакыруусуна жүгүргөндөр жана жакшылык кылып, жаманыдктан сактангандар үчүн чоң сыйлар бар». («Али Имран» сүрөсү , 172)

Ухудда Пайгамбарыбызды өлтүрүүгө ант ичкендерден Ибн Камиа Меккеге кайткандан кийин бир күнү койлорун көрүүгө тоого чыкты. Тоонун чокусунн койлорун табат. Алардын ичинен бир чоң кочкор аны сүзүп отуруп жанчып өлтүрөт.

Абдуллах Шихаб Зухрини да Меккеге бара жатканда ак тагы бар бир жылан чагып өлтүрөт. Пайгамбарыбызга душмандык кылгандардын бардыгы бир жыл ичинде өз жазаларын алып дүнүйө менен кош айтышты.

## Ражи окуясы

Ухуд согушунун мергендеринин бири Асым бин Сабит (радыйаллаху анх) бул согушта мушриктерден Мусафи бин Талха менен тууганы Харисти өлтүргөн эле. Энелери катуу кеек сактаган Сулафа бинти Саад эки баласын өлтүргөн Хазрети Асым бин Сабиттин башын алып келген адамга жүз төө беремин деп убада кылды. Асым бин Сабиттин (радыйаллаху анх) баш сөөгү менен шарап ичүүгө ант кылды. Ошондой эле Пайгамбарыбыз жиберген бир сапарда Хазрети Абдуллах бин Унайстын Лыхиян уулдарынан Халид бин Суфйанды өлтүрүүсүнө байланыштуу Лыхиян уулдары Адал жана Кара тайпалары менен келишим кылышты. Мадина айланасында жайгашкан бул эки уруу кеңеш куруп, элчилерди дайындашты. Аларга: «Мусулман экендигиңерди айткыла. «Зекет беребиз, ошону ала турган жана бизге Исламды үйрөтө турган устаз керек» дейсиңер. Келгендердин биразын өлтүрүп, өчүбүздү алабыз. Биразын Меккеге алып барып Курайштыктарга сатабыз», - деди.

Хижраттын төртүнчү жылынын Сафар айында ушул эки тайпадан алты-жети адамдык топ Пайгамбарыбызга барып: «Мусулман болдук, бизге Курани каримди жана динди үйрөтө турчу устаз жибериңиз», - деди. Бул кезде Пайгамбарыбыз Меккелик мушриктердин согушка даярданып жатышабы же жокпу ошону билүү үчүн он адамдан турган кошуун даярдаган эле. Адал жана Кара тайпасынан да ошондой элчилердин келип устаз суроолоруна байланыштуу жагдайды аныктоо, кабар алып келүү үчүн ушул он адамдык кошуунду келгендерге кошуп жиберди. Сахабалардан куралган бул кошуунда Марсад бин Аби Марсад, Халид бин Аби Букайр, Асым бин Сабит, Хубайб бин Ади, Зейд бин Дасинна,

Абдуллах бин Тарик, Муаттиб (Мугир) бин Убайд жана ысымдары белгисиз дагы үч сахаба бар эле (радыйаллаху анхум).

Бул кошуун күндүз жашырынып, түнү жүрүп отуруп таңерте Ражи деген жерге барышты. Ошол жерде бираз демалып, Мадинанын Ажва деген эң жакшы курмасынан жешти. Кийин ал жерден кетип, жакын жердеги бир тоого чыгып, жашырынышты. Хузайл тайпасынан кой багып жүргөн бир аял Ражи суусунун башына келген эле. Курманын сөөктөрүн көрүп, Мадинанын курмасы экенин билди. «Бул жерде Мадинадан келген адамдар болгон» деп кыйкырып, тайпасына кабар берди. Бул жерде сахабалардан ушул он адамдык кошуун менен келе жаткан Адал менен Кара тайпасынын элчилеринин бири бир шылтоо менен алардан бөлүнүп кетип, Лыхиян уулдарына кабар жеткиришти.

Лыхиян уулдары ушул кабарга карай дароо ишке киришишти. Жүз жаачысы бар эки жүз адамдык күчтү ушул кошуунга каршы жиберди. Бул мушриктердин тобу Хазрети Асым бин Сабит менен анын жолдошторун тоонун чокусунан таап, ошол жерде курчоого алышты. Ошол кезде он сахаба тууралуу кабар берген адам да мушриктердин сабына келип кошулду. Сахабалар ошол кезде өздөрүнүн алдангандыктарын түшүнүшүп, кылычтарын суурушту. Муну көргөн мушриктер аларды алдоого аракет кылышып: «Эгер биздин жаныбызга түшсөңөр эч бириңерди өлтүрбөйбүз. Сөз беребиз. Валлахи силерди өлтүрүүнү каалабайбыз. Бирок, силерге каршы Меккеликтерден кун акча алууну каалайбыз», - дешти. Асым бин Сабит, Марсад бин Аби Марсад жана Халид бин Аби Букайр (радыйаллаху анхум): «Мушриктердин сөздөрү менен анттарын эч качан кабылдабайбыз», - деп бардык сунуштарын артка кайтарышты. Асым бин Сабит (радыйаллаху анх) Эч качан мушриктердин камкордугун кабылдабоого ант ичтим. Валлахи алардын сөзүнө ишенип, төмөн түшүп, берилбеймин», - деди. Колун жайып: «Аллахым! Пайгамбарыбызга биздин абалыбызды билдир», - деп дуба кылды. Аллаху таала анын бул дубасын кабылдап, Пайгамбарыбызды бул абалдар кабардар кылды.

Хазрети Асым мушриктерге: «Биз өлүмдөн корпойбуз. Анткени, динибизде өлсөк шейит болуп, Бейишке барабыз», - деди. Мушриктердин башчысы: «Эй Асым! Өзүңдү, жолдошторуңду бекерге курутпа, колго түшкүлө», - дегенде Асым бин Сабит (радыйаллаху анх) ага ок менен жооп кайтарды. Асымда жети

ок бар болчу. Ар аткан огу бир мушрикке тийди. Огу түгөнгөн соң бир бөлүгүн найза менен жанчты. Найзасы да сынып калды. Дароо кылычын сууруп, кынын сындырып ыргытып жиберди. Бул өлгөнчө согушамын дегенди билдирген эле. Кийин: «Эй Аллахым! Мен бүгүнкү күнгө чейин сенин диниңди үйрөндүм. Сенден ушул күндүн соңунда менин денемди коргооңду сураймын», - деп дуба кылды. Хазрети Асым бин Сабит менен башка сахабалардын «Аллаху акбар» деген үндөрү тоону жаңыртты. Эки жүз адамга каршы он мужахид болгон күчү менен кармашышты. Асым (радыйаллаху анх) эки бутунан жарадар болуп, жерге кулады. Капырлар андан катуу корккондуктан жерге куласа да анын жанына жакындай алышпады. Алыстан ок атып, аны шейит кылышты. Ошол күнү ошол жердеги он сахабанын жетөөсү шейит кылынып, үчөө туткунга түшүрүлдү. Лыхиян уулдары Сулафа бинти Саадга сатуу үчүн Асым бин Сабиттин (радыйаллаху анх) башын кесип алмакчы болушту. Бирок, Аллаху таала Хазрети Асым бин Сабиттин дубасын кабыл кылып, бир топ кыжылдаган аарыны жиберди. Алар булут сыяктуу Асым бин Сабиттин үстүндө турушту. Мушриктер анын жанына жакындай алышпады. Кийин: «Тим койгула, кечке чейин аарылар кетет, ошол кезде келип алабыз», - деди. Кеч Аллаху таала катуу нөшөрлүү жамгыр жаадырды. Суу селдей агып, Асым бин Сабиттин (радыйаллаху анх) денесин агызып башка жакка алып кетти. Алар канча издешсе да таба алышпады. Ушундайча алар Хазрети Асымдын эч жерин кесе алышпады. Аарылардын Асымдын (радыйаллаху анх) денесин коргошкондугу тууралуу айтылганда Хазрети Омар: «Аллаху таала албетте момун кулун когойт. Асым бин Сабит тирүү кезинде мушриктерден кандай коргонсо Аллаху таала да ал өлгөндөн кийин анын денесин ошондой коргоп, мушриктерге тийгизбеди», - деди. Ошондон кийин Асым (радыйаллаху анх) тууралуу айтылганда «Аарылар коргогон адам» деп эскериле турган болду.

Лыхиян уулдары Хазрети Асым бин Сабиттен баштап жети адамды шейит кылышты. Үч сахабаны туткунга түшүрүштү. Алар Хубайб бин Ади, Зейд бин Дасинна жана Абдуллах бин Тарик (радыйаллаху анхум) эле. Лыхиян уулдары алардын үчөөнү тең жаанын жиби менен байлашты. Абдуллах бин Тарик (радыйаллаху анх) баспай «Шейит болгон досторум Бейишке барышты» деп кыйкырды. Колунун жибин үзүп кетти, бирок, Лыхиян уулдары

аны таш менен уруп шейит кылышты. Хубайб бин Ади менен Зейд бин Дасинна (радыйаллаху анхум) «Пайгамбарыбыздын берген тапшырмасын орундоого мүмкүндүк табаарбыз» деген ой менен сабырдуулук кылышты.

Лыхиян уулдары экөөнү тең Меккеге алып барышты. Бадр жана Ухуд согуштарында туугандары өлтүрүлгөн мушриктер кек отуна өрттөнүп, мүмкүндүк издеп жүрүшкөн эле. Хубайбды (радыйаллаху анх) мушриктерден Хужайр бин Аби Ихаб Тамими Бадр согушунда өлтүрүлгөн тууганынын, ал эми Зейд бин Дасиннаны (радыйаллаху анх) Савфан бин Умаййа Бадр согушунда өлтүрүлгөн агасы Умаййа бин Халафтын кегин алуу үчүн сатып алышты. Мушриктердин ниеттери экөөнү тең өлтүрүү эле. Бирок, согушууга болбой турган айларда болгондуктан камоо аркылуу убакыттын өтүүсүн күтүштү. Аларды өзүнчө өзүнчө орундарга камашты. Эки сахаба тең ушундай туткундагы кезде сабырдуулук жана чыдамдуулук көрсөтүштү.

Хубайб бин Ади (радыйаллаху анх) камалган үйдөгү азат күң болгон Мавийа (бул аял кийин мусулман болгон) мындай деген: « Хубайб (радыйаллаху анх) мен жүргөн үйдүн жер төлөсүндө камалган болчу. Мен андан да жакшы туткун көргөн эмесмин. Бир күнү карасам колунда ибрик сыяктуу чоң салкым жүзүм бар эле. Ошону жеп отурган эле. Күндө ошондой жүзүм жеп отурчу. Ал мезгилде, анын үстүнө Меккеде андай жүзүм табуу мүмкүн эмес эле. Аллаху таала ага ырыскы берип отурду. Камалган жеринде намаз окучу, Курани карим окучу. Окуган Куранын уккан аялдар ыйлап, ага ичтери сыздашчу. Кээде «Бир нерсе керекпи?» деп сурасам: «Мага даамдуу суу бер, буттар үчүн союлган малдын этин алып келбе жана да мени өлтүрө турган болушса мага кабар бер, башка эч нерсе керек эмес», - дечү. Өлтүрүлө турчу күнү белгиленгенде ага барып айттым. Муну укканда анын жүзүндө эч кандай өзгөрүш байкалган жок. Ошол күн жакындаганда жуунгусу келгендигин айтып, бир устара сурады. Мен балам аркылуу устара берип жибердим. Балам анын жанына барган кезде: «Бул адам баламды устара менен кесип өлтүрөбү» деп корктум. Кокуп баламды карадым. Хубайб (радыйаллаху анх) мен жиберген устараны алып, баланы өбүү үчүн тизесине отургузуптур. Мен муну көрүп кыйкыра баштадым. Ал кийин барып түшүнүп: «Бул баланы өлтүрөт деп ойлойсуңбу? Биздин динибизде мындай нерсе жок. Орунсуз жерге адам өлтүрүү бизде жок», - деди.

Хубайб бин Ади менен Зейд бин Дасиннаны (радыйаллаху анхума) өлтүрө турчу күн келген эле. Мушриктер ошол күнү таң эрте экөөнү Меккенин сыртындагы «Тамим» деген жерге алып барышты. Мекке калкы алардын кандай өлтүрүлө турганын көрүш үчүн жыйналышты.

Мушриктер эки дар курушту. Хубайбды (радыйаллаху анх) дарга көтөрүп жатканда ал: «Мени койо бергиле, эки рекет намаз окуйун», - деп уруксат сурады. Ага уруксат берилди. Ал намаз окуду. Тегеректеги мушриктер, аялдар, балдардын бардыгы ага карап турушту. Намазын окуп болгон соң: «Валлахи эгер өлүмдөн коркуп намазын узартып жатат деп ойлобосоңор намазымды узагыраак окумакмын», - деди. Ушундай өлтүрүлөр кезинде алгач эки рекет намаз окуган, адат жана сүннөт болуусуна себепчи болгон Хазрети Хубайб бин Ади болгон. Пайгамбарыбыз анын өлөр алдында эки рекет намаз окуганын укканда бул иштин орундуу экендигин айткан.

Хубайбды (радыйаллаху анх) намазын окуп болгондон кийин дарга байлап, бетин кыбыладан Мадинага каратышты. Кийин: «Кана, диниңен чык. Сени бошотобуз», - дешти. Ал: «Валлахи чыкпаймын. Бардык дүнүйө мага берилсе да Исламдан чыкпаймын», - деп жооп берди. Ошентип мушриктер: «Азыр сенин ордуңа Мухаммеддин өлтүрүлгөнүн каалайсыңбы? Ооба десең бошотобуз», - дешти. Хубайб (радыйаллаху анх): «Мухаммед алейхиссаламдын таманына бир тикендин кирүүсүн да каалабаймын», - деди. Мушриктер мазак кылышып, күлүштү: «Эй Хубайб! Ислам done чык. Эгер чыкпасаң сени чыны менен өлтүрөбүз», - дешти. Хубайб (радыйаллаху анх): «Аллахтын жолунда өлтүрүлө турган болгондуктан бул эч кандай коркунучтуу эмес», - деп жооп берди.

Ошондон кийин Хубайб (радыйаллаху анх): «Аллахым! Мына бел жерден душманыңдын бетинен башка эч кимди көрүп турган жокмун. Аллахым! Менден Расулуңа салам жеткир. Бизге кылынган бул аракетти Расулуңа билдир», - деп дуба кылды да «Ассаламу алейка йа Расулаллах», - деди. Хубайб бул дубаны окуган кезде Пайгамбарыбыз сахабалары менен отурган эле. Зейд бин Хариса (радыйаллаху анх) мындай баяндайт: «Бир күнү Расулуллах сахабалары менен бирге отурган кезде «Ва алейхиссалам», - деди. Сахабалар: «Йа Расулаллах! Кимдин саламына жооп кайтардыңыз?» - дешкенде: «Тууганыбыз Хубайбдын саламын алдык. Жабраил (алейхиссалам) Хубайбдын саламын мага жеткирди», - деди.

Хубайбдын тегерегине жыйналган Курайш мушриктери: «Мына, агаңарды өлтүргөн ушул адам», - деп жаштарды күүлөп анын денесине найза кададып жаралашты. Ушул кезде Хубайб Каабага бет бурду. Мушриктер аны Мадинага карай бурушту. Хубайб: «Аллахым! Эгер мен сенин алдыңда кабыл болгон кул болсом жүзүмдү кыбылага бур», - деп дуба кылды. Жүзүн дагы да кыбылага каратты. Мушриктердин эч бири анын бетин Каабадан башка жакка карата албады. Ушул кезде Хубайб дарда душмандарынын колунда шейит боло тургандыгын айтып, ыр окуду. Мушриктер колдорундагы найзаларын кадап, кордой башташканда «Валлахи мен мусулман болуп өлө турган болгондуктан кандай өлтүрүлсөм да кайгырбаймын. Булардын бардыгы Аллаху таала үчүн», - деди. Хубайб (радыйаллаху анх) кийин мушриктерге мындай каргыш айтты: «Аллахым! Курайш муриктеринин бардыгын курут. Коомдорун тарат. Бирден жанжарын ал, аларды тирүү калтырба». Мушриктер бул каргышты угуп, корккондуктан бир бөлүгү ал жерден качышты. Калгандары найзаларын ыргыта башташты. Анын бири ичине тийип аркасынан чыкты. Хубайб (радыйаллаху анх) денесинен кан атырылып туруп, өмүрүнүн акыркы көз ирмеминде «Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расулуху» деп шейит болду.

Хубайб бин Адинин (радыйаллаху анх) денеси кырк күн бою дарга илинип турду. Денеси чирип сасыган жок. Ар дайым кан агып турду. Пайгамбарыбыз анын денесин алып келүүгө сахабалардан Зубейр бин Аввам менен Микдад бин Асвадды (радыйаллаху анхума) жиберди. Алар түнү жашыруун түрдө Меккеге кирищти. Хубайбды (радыйаллаху анх) илинип турган дардан түшүрүп, төөгө жаткызып, Мадинага карай жолго чыкты. Муну уккан мушриктер топтошуп алардын аткаларынан түшүштү. Эки сахаба коргонуу үчүн сөөктү жерге коюшат. Бираздан кийин сөөктү койгон жерлеринин жарылып, сөөктү ичине алып кайра жабылганын көрүштү. Мындан кийин алар ары карай Мадинага бет алышты.

Мушриктер Зейд бин Дасиннаны (радыйаллаху анх) эккен бактарына байлашты. دининен чыгаруу үчүн аны кыйнашты. Бирок, Зейддин ыйманы ал ансайын күчтөнө берди. Кийин Зейдди (радыйаллаху анх) октун астына алышты. Соңунда Савфан бин Умаййанын азат кулу Нистас аны шейит кылды.

## Бир-и Маъуна окуясы

Ошол жылдын Сафар айында Арабстандын Нажд аймагындагы Амир уулдарынын башчысы Абу Бара Амир бин Малик Мадинага келип, Пайгамбарыбызга барды. Пайгамбарыбыз ага Исламды түшүндүрүп, мусулман болууну сунуш кылды. Абу Бара мусулмандыкты кабылдабады, бирок, Исламдын жакшы дин экендигин айтты. Ошондой эле Нажда Исламдын таралуусу үчүн бир нече сахабаны ошол жерге жиберүүнү сунуштады. Пайгамбарыбыз: «Нажд калкына ишенимдүү эмесмин», - деди. Амир: «Аларды мен өз камкорлугума аламын, ошондо аларга эч ким зыян келтире албайт», - деди. Пайгамбарыбыз буга макул болуп, сахабалардан жетимиш адамдык элчи тобун дайындады. Аларды Мунзир бин Амр (радыйаллаху анх) башкарып жолго чыкты.

Өз тайпасынын Исламды кабылдоосун каалаган Абу Бара Асхаб-ы суффадан мурда жолго чыгып, тайпасына барып, келе турчу элчилерди өз камкорлугуна алганын, аларга эч кимдин тийишпөөсүн эскертти. Жээни Амир бин Туфайлдан башка бардык адам аларга тийишпөөгө макул болушту. Амир бин Туфайл үч тайпанын адамдарын жыйнап, аларды башкарып, Бир-и маунага келген сахабаларды курчоого алды. Туш тараптан курчалган сахабалардын бирөөнөн башкасы шейит болгонго чейин баатырларча согушушту. Бул сахабалардын соңку сөздөрү: «Йа, Раббим! Азыр биздин абалыбызды Расулуллахка билдире турчу сенден башка эч ким жок. Ага саламыбызды жеткир», - деди. Ошол кезде Жабраил алейхиссалам капалуу абалда Пайгамбарыбызга барып, алардын саламдарын жеткирди да: «Алар Аллаху таалага жетти. Аллаху таала алардан ыраазы болду, алар да Аллаху таалададан ыраазы», - деди. Пайгамбарыбыз «алейхимуссалам» деп жооп бергенден кийин капалуу түрдө сахабаларына барып: «Туугандарыңар мушриктер менен согушушту. Мушриктер ларды чаап, найза менен сайып тешкилешти», - деп абалдан кабар билдирди.

Ушул согушта душман менен согушуп жүргөндө Амир бин Фухайранын (радыйаллаху анх) аркасына Жаббар деген адам найзасын кадаган эле. Ошол кезде Хазрети Амир: «Валлахи,

Бейишке жеттим», - деп жаббар менен башка мушриктердин көз алдында көккө край көтөрүлдү. Бул жагдайга бардыгы тең айран таң калышты, бирок, алардын ичинен бир гана аны шейит кылган Жаббар мусулман болду.

Пайгамбарыбыз Ражи менен Бир-и Мауна окуяларына катуу кайгырды. Ушул кайгылуу окуяны чыгарган тайпаларды жазалоо үчүн Аллахтан бир ай бою намаздан кийин тилек тиледи. Аллаху таала Расулуллахтын дубасын кабыл кылып, ал тайпаларга чоң кургакчылык менен жутчулук берди. Кийин жугуштуу оору тарап, жети жүз адамы кырылды.

## Бани Надр яхудилери

Ухуд согушунан кийин хижраттын төртүнчү жылы Надыр уулдары деп аталган яхуди тайпасы Пайгамбарыбызга кастык аракет уюштурушат. Муну Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбызга билдирип, алардын кастык аракети натыйжасыз калат. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз келишимди бузган яхуди тайпасына Мухаммед бин Меслемени (радыйаллаху анх) жиберип: **“ Надр ууладары яхудилерине бар. Аларга Расулуллах мени силерге “жеримден кеткиле, бул жерде мени менен бирге турбагыла. Силер мага каршы кастык уюштурдуңар. Силерге он күн убакыт беремин. Ушул убакыттан кийин бул жерден ким көрүнсө башы алынат” деген буйрукту жеткизүүгө жиберди деп айт”,** - деди. Мухаммед бин Меслеме ( радыйаллаху анх) бул буйрукту айткандан кийин алар коркуп, жолго даярдана башташты. Бирок, мунафкытардын башчысы Абдуллах бин Убей аларга: “ Мекениңерден кетүүчү болбогула. Жериңер менен малыңарды таштап кетпегиле . Эки миң адамымды ээрчитип, силерге жардамга келемин”, - деген кабар жиберет.

Ошондон кийин Пайгамбарыбыз сахабалары менен Мадинага төрт чакырым алыстыктагы Надр ууладрынын мекенине бет алышат. Тууну Хазрети Али кармап жүрдү. Алар турган жерди курчоого алышты. Башында жалын атып эр жүрөктөнгөн яхудилер жашынган жерлеринен чыгууга батына алышпады. Мунафыктардан да жардам келбеди. Сахабалар жашынган жерлерди жакшы көзөмөлдөштү. Жыйырма күндөн ашкан убакытка созулган курчоо натыйжасында яхудилер колго түшүштү. Бардык

курал-жарактарын, алтындары менен күмүштөрүн мусулмандарга таштап, бир бөлүгү Шамга, бир бөлүгү болсо Хайберге айдалды. Ушундай окуядан кийин Мадинада яхудилерден бир гана Курайза ууладары калды.

## Хазрети Фатима бинти Асаддын кайтыш болуусу

Ичимдик ичүүнү харам кылган аяти карима да хижраттын төртүнчү жылы түштү. Ухуд согушунда жараланып , кайтыш болгон Хазрети Умму Саламанын күйөөсүнүн артында бир нече баласы калган эле. Умму Салама (радыйаллаху анха) жашы бир топко келип калгандыктан кийин кыйын жагдайда боло турган. Ага Пайгамбарыбыздын жаны ачып, мээримдүүлүк кылып, аны өз никесине алып мартабаландырат. Ушул эле жылы Затуррика согушу болуп, айланадагы мушрик тайпалары багындырылды.

Хазрети Османдын Пайгамбарыбыздын кызы хазрети Руккаййадан туулаган алты жашар баласы Абдуллах кайтыш болду. Пайгамбарыбыз небересинин жаназа намазын окутуп, өз колу менен кабырга койду. Катуу кайгырып, көңүлү чөктү. Көз жашы кабырга тамды. Мубарек колдору менен кабыр ташын коюп: **“ Аллаху таала мээримдуу жана мээрман жүрөктүү кулдарына ырайым кылат”,** - деди. Хазрети Алинин апасы Фатима бинти Асад да ( радыйаллаху анха) ошол жылы кайтыш болду. Пайгамбарыбыз бул окуяга катуу кайгырып: “Бүгүн апам кайтыш болду”, - деген. Пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдулмутталиб кайтыш болгондон кийин анын жанында өскөн эле. Пайгамбарлыгын жарыялаганда да алгачкы болуп ыйман келтинген эле. Ошол үчүн Пайгамбарыбыз аны энесиндей көрүп, абдан урматтачу. Үчтүндөгү көйнөгүн чечип, ага кепин кылып ороого буюрду. Жаназа намазын окугандан кийин жетимиш миң периштенин намазда турганын айтты. Кабырга чейин барып, кабырга түшүп көрдү.

Кабырдагы өмүрү ырахат өтүүсү үчүн кабырдын бурчтарын карай кеңейткендей ишара жасап, кабырга жатты. Кабырдан чыккан кезде көздөрү жашка толгон эле. Эмне деген мээрмандык! .. Фатима энебиз да кандай бактылуу жан эле!.. Хартеи Омар да чыдай албай: “Жаным сизге курман болсун йа Руллаллах! Эч кимге жасабагаңызды ушул аялга жасадыныз”, - дегенде Аайгамбарыбыз: **“Абу Талиптен кийин ушул аялдай мага жакшылык жасаган**

**эч ким болгон жок. Ал меним энем эле. Өз балдары ач болсо дагы эң биринчи мени тойгузду. Өз балдары чаң болуп жүрсө да алгач менин чачымды тарап, гүл майын мага сүртчү эле. Ал менин энем болчу!**

Ага Бейиш кийимдери кийгизилүүсү үчүн көйнөгүмдү кепин кылып ородум. Кабыр өмүрү жеңил үтүүсү үчүн кабырда жанында жаттым. Жабраил Аллаху таала тарабынан " Бул аял Бейиштик" деп мага кабар берди", - деди. Кийин Фатима бинди Асад ( радыйаллаху анха) үчүн мындай дуба кылды: **"Аллаху таала сени кечирсин, сени сыйга бөлөсүн. Эй, энекем! Аллаху таала сага ырайымын жаадырсын. Өзүң ач кезде мени тойгуздуң, өзүң кийбей мага кийгиздиң. Өзүң жебей мага жедирдиң. Тирилте турган да, өлтүрө турган да - Аллаху таала. Ал ар дайым тирүү. Ал өлбөйт. Аллахым! Энем Фатима бинди Асадды кечир! Анын кабырын кеңейт. Эй мээримдүүлөрдүн мээримдүүсү болгон Аллахым! Менин жана келген башка пайгамбарлардын урматы үчүн ушул дубамды кабыл кыл".**

Ушундан кийин Пайгамбарыбыздын аялы Хазрети Зейнеп бинти Хузейма отуз жашында жаш кайтыш болду. Ошол жылы Хазрети Али менен Фатиманын экинчи баласы Хазрети Хусейн дүйнөгө келди. Ушул жылы Меккелик мушриктер Абу Суфйан башкарган эки миң аскери менен Исламды жойуу үчүн Бадрга карай бет алды. Пайгамбырыбыз бир миң беш жүз баатыр сахабасы менен алардан мурун Бадрга барды. Муну уккан мушриктер коркуп, Мараззахранга чейин эле барды. Ислам аскерлери менен согушууга батына алышпай, Меккеге кайра бет алышты. Пайгамбарыбыз сахабалары менен мушриктерди сегиз күн бою Бадрда күттү. Андан кийин Мадинага кайтышты.

## Бани Мусталык согушу

Хижраттын бешинчи жылы Мусталык уулдарынын башчысы Харис бин Аби Дирар Пайгамбарыбыз менен согушуу учун көп адам жыйнады. Аларды курал-жарактар менен камсыздап, Мадинага чабуул койууну көздөдү. Бул кабар Пайгамбарыбызга жетип, ал да дароо жети жүз адамдык аскер менен Мусталык уулдарына каршы сапарга чыкты. Мурейси кудугунун башында ордо курулуп, алгач Мусталык уулдарын Ислам динине чакырды. Алар кабылдабай, ок атып согушту баштады. Пайгамбарыбыздын "баарың бирдей

чабуулга чыккыла” деген буйругун уккан сахабалар Мусталык уулдарынан он адамын өлтүрүштү. Тайпанын башчысы качып кутулду. Бирок, кызы Берра жана тайпасынын алты жүз адамы туткунга түштү. Олжо мусулмандар арасында бөлүштүрүлдү. Берра Пайгамбарыбызга барып: “Үлүшүнө түшкөн кожоюнум менен тогуз алтынга азаттык алууга келиштик. Мага жардам бериниз”, - деди. Пайгамбарыбыз мээримдүүлүк кылып, анын бул суранычын кабыл алып, аны сатып алды. Кийин аны азат кылды. Ал Пайгамбырыбыздын Исламды түшүндүрүүсү менен Исламды кабыл алды. Анын мусулман болгонуна катуу кубанган Пайгамбарыбыз сый иретинде өзү менен никесин кыйдырды. Муну көргөн сахабалардын (радыйаллаху анхум) бардыгы: “Биз Расулуллахтын үй-булөсүнөн болгон энебиздин туугандарын кызматчы кылып кармоого уялабыз”, - дешип колдорундагы туткундарды бошотушту. Бул нике жүздөгөн тутукундардын азыттык алуусуна себеп болду. Пайгамбарыбыз аялынын Берра деген ысымын өзгөртүп Жувайрийа (радыйаллаху анха) деп өзгөрттү. Хазрети Жувайрийа тууралуу Хазрети Айша: “Мен Жувайрийадан ашкан кайырлуу, берекелуу аял көрбөдүм”, - деген. Ислам аскери жеңиш менен Мадинага кайтып келе жатканда айланадагы мушрик тайпалары мусулмандарга чабуул жасоонун канчалык кооптуу экендигин түшүнүшкөн болчу.

## ХАНДАК СОГУШУ

Хижраттын бешинчи жылы болчу. Мадинадан кууп чыгарылган фитна менен козголоң чыгаруучу яхуди Надр уулдары топторго бөлүнүп, бир бөлүгү Шамга, бир бөлүгү Хайберге барган болчу. Бирок, алардын Ислам менен Пайгамбарыбызга деген өчөшүүлөрү арта түшкөн эле. Башчылары Хуйей жанына коомунун алдыңкы катар адамдарынан жыйырма адам алып Меккеге барды. Абу Суфйан менен кездешип, Пайгамбарыбызды өлтүрүү үчүн сүйлөшүү жүргүзүп, план куруугa киришти. “Бул иштиі бүтүргөнгө чейин жаныңардан кетпейбиз”, - дешти. Абу Суфйан: “Душмандарыбыздын душманын биз кабыл кылабыз. Бирок, силерге ишениш үчүн биздин буттарыбызга табынууңар керек. Ошондо гана силердин адал экендигиңерге ишенебиз”, -

деди. Максаттарына жетүү үчүн диндерин дагы саткан яхудилер буттардын алдына барып ийилишти. Ушундайча, китептүү капырлар китепсиз капырларга айланды. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз менен Исламды жок кылууга сөз беришти.

Мушриктер дароо согушка даярдана башташты. Кошуна мушрик урууларга да адамдар жиберилди. Яхудилер дагы ар түрдү урууларды өздөрүнө тартууга күч жумшашты. Кээ бир урууларга акча менен курма берүүнү убада кылып, аларды куралдандырды. Мушриктер Мекке айланасынан төрт миң адамдык чоң аскер чыгарды. Абу Суфайн Дар-ун-надвада туу байлап, Осман бин Абу Талхага берди. Аскерде үч жүз ат, көптөгөн курал-жарак жана миң беш жүз төө бар болчу.

Төрт миң адамдык мушрик аскери Марраззахранга барган кезде Сулайман уулдары, Фазара уулдары, Гатафандыктар, Мурра уулдары, Асад уулдары сыяктуу көптөгөн уруулар алты миң адамдык аскер менен жардамга келип, мушрик аскерлеринин саны он миңге жеткен эле. Бул ал кезде өтө чоң күч болуп саналчу.

Мурундан Пайгамбарыбыз менен жакшы катышта болуп келген Хузаа уруусу дароо Мадинага кабар жиберип, он күндүк жолду төрт күндө жүрүп өткөн сувари киши Пайгамбарыбызга мушриктер тууралуу толук кабар жеткизди.

Бардык иштерин сахабалар менен кеңешип аткарган Сүйүктүү Пайгамбарыбыз дароо сахабаларын жыйнап, абалды талкуулага салды. Согушту кайсы жерде, кандай өткөзүү тууралуу ар бир сахаба өз пикирин билдирди. Бул топто болгон Салман Фариси хазреттери дагы сөз алып: “Йа, Расулаллах! Биздин элде бир согуш сунушу бар. Душман кысым жасоого өтөт деген ыктымалдыгынан корккон кезибизде, айланабызга аң (хандак) казып коргонобуз”, - деди. Бул сунуш Пайгамбарыбыз менен сахабаларга жагып, душман менен ушундай согушууга чечим чыгарышты.

Пайгамбарыбыз дароо бир канча сахабаны алып, аңды кайсыл жерге казуу керек экенин белгиледи. Мадинанын түштүк жагында бакча көп болуп, ал жерге бактар жыш отургузулган болчу. Мушриктердин бул жерден жалпы чабуулга чыгуу мүмкүндүгү аз эле. Анда бул жерди аз адам да коргой алчу. Ал эми чыгышта келишим жасашкан Бани Курайза деген яхуди уруусу бар болчу. Ошондуктан да мушриктер бир гана батыш менен түндүктөн, ачык жерден чабуул жасашы мүмкүн эле. Ошол жактардан аң казылчу

орундар белгиленди. Сахабалардын ар бирине үч метрден жер тийди. Ар адам өз үлүшүнө түшкөн жерди 3,5 метр терендикте, ат аттап өтө албаган кеңдикте казуусу керек болду. Убаккыт аз болчу, душман Меккеден Мадинага бет алган болчу. Аң тез арада казылыш керек болду.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен бирге **"Бисмиллахиррахманиррахим"** деп, аңды казууга киришти. Бул ишке балдар да катышты. Пайгамбарыбызга Зубаб чокусунан бир чатыр дайындашты. Аңдан чыгарган топурактар зембилдер менен ушу төбөнүн айланасына төгүлдү, кайтып келип жатканда Сел тоосунан душмандарга ыргытылчу таштар алып келинди. Зембил таппагандар этектери менен топурак ташышты. Пайгамбарыбыз да чарчаганча иштеди. Муну көргөн сахабалар: "Жаныбыз сизге курман болсун, биздин иштегенибиз жетет. Сиз жумуш кылбаңыз, өзүңүздү кыйнабаңыз", - дешти. Пайгамбарыбыз: **"Мен дагы жумуш кылып силердин алган соопторуңарга орток болгум келди",** - деп жооп берет.

Ал кезде күн суук болчу. Ошону менен катар ошол жылдары кургакчылыка байланыштуу жутчулук болгон эле. Жеген нерсе табуу өтө кыйын болчу. Пайгамбарыбыз менен сахабалар катуу ачка болушкан эле. Өздөрүн күчтүү деп сезүү үчүн курсактарына таш байлап, ачкалыктарын сезбөөгө тырышышты.

Пайгамбарыбыз өзүнүн ач экендигин ойлобой, сахабаларынын ушундай суукта ач жүрүп, жумуш иштөөлөрүнө жана чеккен кыйындыктарына кайгырып: **"Аллахым! Акырет өмүрүнөн башка өмүр жок! Йа, Раббим! Ансар менен мухажирлерди корго", -** деп дуба кылды. Сахабалар Пайгамбарыбызга: "Өмүрүбүздүн акырына чейин Аллаху тааланын жолунда Ислам динин жайуу үчүн Расулуллахка багындык", - деп жооп берди. Ушу өз ара сүйүү сезими ачкалык, суусоо сыяктуу ар кандай кыйынчылыктарды түбүнөн жойгон эле.

Аң казуу иши күндө таң азандан баштап кечке чейин созулчу. Бир күнү казуу үстүндө Али бин Хакам (радыйаллаху анх) бутунан жаракат алды. Аны атка мингизип, Пайгамбарыбызга алып барды. Пайгамбарыбыз **"Бисмиллахиррахманиррахим"** деп, анын жаралуу бутун сылады. Пайгамбарыбыздын мужизасы катарында бир заматта бутунун каны токтоп, ооруганы токтоду.

Аң казуу ишин уланта беришти. Сахабалар бир кезде катуу бир жерге туш болушат. Ал жерди канча тырышса да эч ким каза

албады. Ошондуктан, бир нече киши Пайгамбарыбызга барып, абалды айтышат. Расулуллах алейхиссалам барып, аңга түшүп, бир идиш менен суу алдырат. Андан бир ууртам алып, кайра идишке куят. Андан кийин ошол сууну катуу жерге себет. Балканы алып, ал жерди урганда жер кумдай майдаланат. Ал жер оңой казылган болот. Ошону уруп жатканда Пайгамбарыбыздын курсагы ачылып, ал жердегилер Пайгамбарыбыздын курсагына таш байлап алганын көрүшөт. Пайгамбарыбыздын бул абалын көргөн Жабир бин Абдуллах (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздан үйүнө барып келүүгө уруксат алып кетет. Мындан кийинки абалды Хазрети Жабир мындай түшүндүрөт:

"Уруксат алгандан кийин үйгө барып аялыман: "Пайгамбарыбыздын катуу карыны ачкан. Ага адам чыдап албайт. Үйдө жечү эмне бар?" - деп сурадым. Ал: "Бул улактан жана бир нече ууч арпадан башка эч нерсе жок", - деди. Мен дароо улакты сойдум, аялым арпаны тегирменге тартып, ун жасады. Андан кийин Пайгамбарыбызга барып: "Йа, Расулаллах! Аз гана аш даярдадык. Жаныңызга бир-эки адам алып, бизге тамакка жүрүңүз", - дедим. Расулуллах алейхиссалам: **"Тамагың канча?"** - деп сурады. Айттым. Ал **"Көп, ары жакшы тамак. Аялыңа айт, мен барганча этти да, нанды да тандырдан албасын"**, - деди. Андан кийин мухажирлерге карап: **"Эй, калайык! Тургула, Жабирдин үйүнө барабыз"**, - деди. Сахабалар Пайгамбарыбыздын артынан ээрчишти. Мен дароо үйгө барып, болгон жагдайды аялыма айтып: "Эми эмне кылабыз?" - дедим. Мен: "Сурады, канча экенин айттым", - дедим. Аялым: "Сахабаларды сен чакырдыңбы, же Пайгамбарыбызбы?" - деди. "Расулуллах чакырды", - дегенде: "Расулуллах баарынан артык билет", - деп, менин көңүлүмдү жибитти.

Бираздан кийин Пайгамбарыбыздын нурдуу жүзү көрүндү. Сахабаларга: **"Кысылышпай ичке киргиле"**, - деди. Сахабалар он-ондон топтошуп отурду. Пайгамбарыбыз эт менен нандын берекелүү болуусун тилеп, дуба кылды. Андан кийин идишти тандырдан чыгарбастан депкир менен ичиндегилерди алган нандын үстүнө коюп, сахабаларга созду. Бардык сахабалар тойгонго чейин ушундай улантышты. Ант кыламын, тамакты мындан көбүрөөк адам жесе дагы эт менен нан ошол бойдон тура берди. Биз да жеп болгондон кийин кошуналарга тараттык".

Салман Фариси (радыйаллаху анх) аңды жакшы казчу. Жалгыз өзү он адам жасаган ишти аткарды. Ал да достору менен өзүнө бөлүнгөн жерди казып жатканда чоң, катуу ак ташка туш болду. Аны сындырууга көп күч жумшады. Бирок, эмгектери текке кетип, куралдары сынды. Хазрети Салман Пайгамбарыбызга барып: "Ата-энем сизге курман болсун, йа Расулаллах! Аңды казып жатканда бир ташка туш келдик. Темирден жасалган бардык куралдарыбыз сынды, аны ордунан жылдыра албадык", - деди. Пайгамбарыбыз ошол жерге барып, балка сурады. Ал жердеги сахабалар да таң калып карап турушту. Пайгамбарыбыз төмөн түшүп, **"Бисмиллахиррахманиррахим"** деп, балканы көтөрүп, катуу керилип туруп ташты урганда Мадинаны жаркыраткан чоң чагылган чыгып, таштын бир бурчу сынды. Пайгамбарыбыз "Аллаху акбар" деп, такбир айтты. Муну уккан сахабалар да такбир айтты. Экинчи жолу ташты дагы урду. Дагы да чоң чагылган чыгып, таштан сыныктар учту. Пайгамбарыбыз дагы да "Аллаху акбар" деп такбир айтты. Сахабалар да такбирди кайталашты. Үчүнчү жолу урганда дагы да чоң чагылган чыгып майдаланды. Пайгамбарыбыз дагы да "Аллаху акбар" деп такбир айтты. Сахабалар да кайталашты.

Хазрети Салман колун созуп, Пайгамбарыбызды жогору чыгарды. Салам Фариси: "Ата-энем сизге курман болсун, йа Расуллалах! Өмүрүмдө көрбөгөн нерсени көрдүм. Мунун хикматы эмнеде?" дегенде Пайгамбарыбыз сахабаларына карап: **"Салмандын көргөнүн силер да көрдүңөрбү?"** - деп сурады. Алар: "Ооба, балканы ташка урганыңызда чоң чагылган чыкканын көрдүк. Сиз такбир атканда биз да такбир айттык", - дешти. Пайгамбарыбыз: **"Биринчи урганда Кисранын** (Иран шахы) үйлөрү көрүндү. Жабраил (алейхиссалам) келип, "Үммөтүң ошол жерлерди ээлейт" деп кабар берди. Экинчи урганда Шамдын кызыл үйлөрү көрүндү. Жабраил (алейхиссалам) келип, "Үммөтүң ошол жерлерге ээ болот" деди. Үчүнчүдө Сананын (Йемендин) үйлөрү көрүндү. Жабраил (алейхиссалам) **"Ошол жерди үммөтүң ээлейт" деп кабар берди"**, - деди.

Андан кийни Пайгамбарыбыз Ажам (Иран) падышасынын Мадаиндагы сарайын сүрөттөп берген кезде ошол жактан келген Хазрети Салман: "Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Сизди хак дин жана китеп менен жиберген Аллаху таалага ант

беремин, ал сарайлар дал сиз айткандай. Сиздин Аллаху тааланын Расулу экениңизге күбөлүк беремин", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Эй, Салман! Шам сөзсүз түрдө алынат. Гераклиус элинин эң алыс жерине качат. Силер Шамдын бардык жерине үстөмдк кыласыңар. Силерге каршы эч ким келе албай. Йемен сөзсүз түрдө алынат. Бул Дияри Машрик** (Иран) да сөзсүз түрдө басып алынат жана Кисра өлтүрүлөт. Аллаху таала бул жеңиштерди менден кийин силерге насип кылат", - деди.

Салман Фариси (радыйаллаху анх): "Пайгамбарыбыздын ушул сүйүнүчтүү кабарларынын бардыгынын жүзөгө ашканын көрдүм", - деген.

Душман келе турчу убакыт келип жеткен эле. Аң тез-тез түрдө казылып, бүтүүгө аз калган болчу. Мужахиддер зарыл болгон абалда Пайгамбарыбыздан уруксат алып, кайра келип иштерин улантышкан.

Мунафыктар бул ишке салкын карап, каалаган кездерде келип, каалаган кезинде кетип калчу. Ушундайча, сахабалардын ушу аракетин мазактап, Пайгамбарыбыздын айткан сөздөрүнө карап: "Биз душмандан коркуп, аңдарга тыгылып жатабыз. Ал болсо бизге Йемен, грек, перс элдеринин үйлөрү убада кылууда. Биз силерге таң калабыз", - дешчү.

Ушуга байланыштуу мужахиддер үчүн түшкөн аятта: **"Чыныгы момундар ушундай адамдар, алар ихлас менен Аллаху таалага жана Расулуна ыйман келдиргендер жана топтошуп иштеген иш үчүн анын** (Расулуллахтын) карамагында болгон кездерде андан уруксат алмайынча кетпегендер. Андай болсо (Эй сүйүкүү кулум) сенден уруксат сурагандар Аллаху таалага жана Расулуна ыйман келтиргендер. Бул момундар кээ бир иштери үчүн сенден уруксат сураганда сен дагы алардан каалаган адамыңа уруксат бер жана алар үчүн Аллаху тааладан кечирим тиле. Күмөнсүз, Аллаху таала Гафур-ур-Рахим, өтө кечиримдүү, өтө мээримдүү", - деп айтылган. ("Нур" сүрөсү, 62)

Мунафыктар үчүн түшкөн аяттарда мындайча айтылган: **"Аллаху тааланын Расулунун чакыруусун өз араңардагы жөнөкөй адамдын чакыруусу менен теңештирбегиле** (чакыруусуна дароо баргыла жана уруксатсыз кетпегиле)**! Ичиңерден бири-бириңди тазалап, жашыруун качкандарыңарды Аллаху таала сөзсүз билет. Анын буйругунан качкандар дүйнөдө бүлгүнгө,**

**акыретте азапка учуроодон сактансын! Абайлагыла! Көктөр менен жерде эмне бар болсо, бардыгына тең Аллаху таала ээ. Ал силердин кандай ишенимде экениңерди жана** (капырлар менен мунафыктардын) Өзүнө кайра келгенин кыямат күнүн дагы билет. Аллаху таала алардын дүйнөдө жасагандарын өздөрүнө айтат. Аллаху таала баардык керсени билет". ("Нур" сүрөсү, 63, 64)

Аң казуу ишин башташкандарына он күн болгон эле. Бардыгы өз иштерин толук бүтүргөн болчу. Бир гана жери убакыт жетпегендиктен терең жана кеңейтип казылбай калды. Пайгамбарыбыз ушул жердин кооптуулугун айтып: **"Мушриктер ушул жерден башка жерден өтө алышпайт"**, - деди. Ал жерге кезек менен күзөт койду.

Мушрик аскери Мадинага жакындаган кезде яхуди Надр уулдарынын башчысы Хуйей Курайыш аскеринин кол башчысына Мадинадагы Курайза яхудилеринин мусулмандар менен тынчтык тууралуу келишимге келгенин, бирок, алардын башчысы Кааб бин Асадды алдап,өз саптарына кошуп алганын айтты. Кол башчы: "Эй, Хуйей! Дароо Кааб бин Асадга бар. Мусулмандар менен жасаган анттарын бузуп, бизге жардам берсин", - деди. Бул келишимдин бөлүгүнүн бири "Мадинага бир душман аскери чабуул жасаса, мусулмандар менен бирге душманга каршы туруу" болчу.

Яхуди Хуйей мушрик аскеринен чыгып, түндө Бани Курайза башчысы Каабдын үйүнө барды. Эшикти кагып, өзүнүн ким экенин айтат: "Эй, Кааб! Курайштын бүткүл аскерин Кинана жана Гатафан уулдары сыяктуу көптөгөн уруулардын башын кошуп он миңдик аскер кылып алып келип жатам. Эми Мухаммед менен сахабалары колубуздан кутула алышпайт. Аларды толук жоймоюнча Курайштыктар менен бул жерден кетпөөгө сөз бердик", - деди. Кааб: "Эгер Мухаммед менен сахабалары өлтүрүлбөй, Курайш менен Гатафандыктар элдерине кайра кетсе, биз бул жерде жалгыз калабыз. Андан кийин бизди өлтүрүшөт деп коркомун" деп коркунучун билдиргенде Хуйей: "Бул коркунучту жойуу үчүн Курайш менен Гатафандардан жетимиш адам кепил сурайсың. Бул кепил адамдар сенде болгон кезде алар бул жерден кете алышпайт. Эгер жеңилүүгө учурап, кетсек, мен силердин жаныңардан кетпеймин. Силерге түшкөн кооп мага да түшсүн", -деп, Кааб менен башка яхудилерди алдады. Мусулмандар менен жасалган келишим күбөлүк катты жырткызды. Ушундайча, келишим бузулган эле.

Хуйей мушрик аскерине кайтып келип, жагдайды айтып берди. Бани Курайзанын мусулмандардын арасынан чабуула жасай турганын билдирди.

Жетинчи күнү мушриктер он миң адамдык аскер менен Мадинанын батыш жана түндүк жагына барып, ордолорун курду. Бул ордо аң казылган жерде болчу. Мушриктердин оюу ушу чоң аскер менен Мадинаны талкалоо, Исламды жойуу болду. Бул бир караганда каршы туруууга мүмкүн болбогондой, чоң аскер кошуун болуп көрүндү.

Мушриктер ойлоруна кирип-чыкпаган аңдарды көргөндө таң калып, ниеттери бузулду. Анткени, аң өтө чоң жана ат аттап өтө албагандай кеңдикте болчу. Ичине түшкөн адам да оңойлук менен чыга албайт. Анын үстүнө соот кийим кийген адамдын жогору жөрмөлөп чыгуусу андан да кыйын эле.

Мушриктердин келгенин уккан Пайгамбарыбыз алты күн бою жумуш иштеп чарчаган сахабаларын жыйнап, аңдын аркы бетине Сел тоонун этегине ордосун курду. Арттарында Сел тоосу менен Мадина бар болчу, алдында аң, анан аркы жагында душман... Ибн Умму Мактум Мадинада Пайгамбарыбыздын өкүлү катарында калтырылды. Аялдар менен балдарды чептерге жайгаштырышты. Үч миңдик Ислам аскеринин отуз алты аттуу аскери болду. Тууларды Зайд бин Хариса менен Саад бин Убада (радыйаллаху анхум) алып жүрдү. Пайгамбарыбыздын териден жасалган чатыры Сел тоосунун этегине курулду.

Дагы да канча деген эрдиктерин көрсөткөн сахабалар (радыйаллаху анхум) душмандардын аракетин дыкаттык менен көзөмөлдөп турушту. Ушу кезде Пайгамбарыбызга Хазрети Омар келди. “Йа Расулаллах! Угушум боюнча Курайза яхудилери арабыздагы келишимди бузуп, бизге каршы согушка даярданып жатышкан экен”, - деди. Мындай күтпөгөн кабарга Пайгабарыбыз **“Хасбуналлаху ва нимал вакил – Аллаху таала бизге жетет. Ал кандай** жакшы өкүл” деп жооп берди. Катуу тынчсызданган эле. Ислам аскери эки оттун арасында калган эле. Түндүк менен батышта мушрик аскерлери, түштүк чыгышта яхудилер бар эле.

Пайгамбарыбыз Зубайр бин Аввамды (радыйаллаху анх) Курайза уулдарынын чебине жиберди. Хазрети Зубайр барып, абалды билди. Келип: “Йа, Расулаллах! Алардын чептерин оңдоп, согушка даярданып жатканын көрдүм. Жаныбарларын да жыйнап

жатышат", - деп, көргөндөрүн айтты. Ошого карай Пайгамбарыбыз Саад бин Муаз, Саад бин Убада, Хавват бин Жубайр, Амр бин Авф, Абдуллах бин Равахаңы (радыйаллаху анхум) Курайза уулдарына насыят айтып, алар менен кайра келишим түзүүгө жиберди.

Тапшырма берилген бул беш сахаба Курайза яхудилеринин чептерине барып, аларга насыят айтты. Бирок, мындан натыйжа чыкан жок. Андан бетер алар сахабаларга тил тийгизип башташты. Акырында: "Туугандарыбыз Надр уулдарын жерлеринен айдап чыгаруу менен биздин колубузду, канатыбызды кестиңер. Мухаммед ким экен ошончо! Аны менен арабызда эч кандай убада дагы, келишим дагы жок. Пайгамбарларыңарга бирге чабуул жасап, өлтүрүүгө сөз бердик. Туугандарыбызга жардам беребиз", - дешти.

Сад бин Муаз менен жолдоштору (радыйаллаху анхум) Пайгамбарыбыздын алдына барып, эч кимге сездирбестен кабарды жеткизет. Пайгамбарыбыз: **"Кабарды жарыя кылбагыла. Анткени, согуш чара колдонуу менен алдоодон турат"**, - деди.

Сахабалар аңдын бир жагында Пайгамбарыбызды күтүп, анын кандай аракет жасаганына карап турду. Бир аздан кийин Пайгамбарыбыз сахабалардын жанына барып: **"Аллаху акбар! Аллаху акбар!", -** деп такбир айтты. Муну уккан сахабалар бардыгы тең бирге такбир айтып Хак тааланын атынын улуулугун билдирип, аңдын аркы жагындагы капырлардын жүрөктөрүнө коркунуч уялатты. Мушриктер муну угуп: "Мухаммед менен сахабаларына бир кубанычтуу кабар келди го деймин", - дешти. Пайгамбарыбыз сахабаларына: **"Эй, мусулман жамааты! Аллаху тааланын жеңиши менен жардамына кубангыла", -** деп, жеңе тургандарын сүйүнчүлөдү. Сахабалар буга чейин биринчи согуштарда болуп, Бадр менен Ухуд согуштарына катышкан болчу. Саны жана күчү жагынан басымдуу болгон мушриктерди бардык кезде Аллаху тааланын уруксаты менен Пайгамбарыбыздын дубасы менен жеңген болчу. Өздөрүн жаратылгандардын баш таажысы болгон Пайгамбарыбыз башкаргандыктан жасай албаган иш, аша албаган ашуу болуусу мүмкүн эмес эле. Күн суук болчу, жуттук кези, адамдар ач эле. Пайгамбарыбызды кошкондо биразы курсактарына таш байлап алган эле. Каршыларында душман турган эле. Бирок, сахабалар үчүн душмандын көптүгү менен чеккен кыйынчылыкттары маанилүү эмес болчу. Алар үчүн Аллаху таала

эң жакшы өкүл эле... Алар Ага берилип, Ага таянган, Ага сыйынган эле.

Курайштын алдынкы катардагы кол башчылары менен Курайш менен бирге келге башка уруулардын көсөмдөрү жалпы чабуулга чечим кабылдоодон мурда аңдын айланасынан өтө алгыдай жер издешти. Аңдын бул башынан тиги башына чейин көрүп чыгышты. Акырында шашылыч менен жарымдап казылбай калган жерге токтоп, ошол жерден чабуул жасоого чечим кабылдашты. Мушрик аскерлери дагы бир сахабаларга, бир аңга карап, абдырап турду. “Ант беребиз, бул арабтар колдонгон таасир эмес, муну ошол перс адам үйрөткөн болуу керек”, - дешти алар.

Курайыштык колбашчылар аскерине аңдын тар жерин көрсөтүп, “Ушу жерден ким аттап, каршы бетке өтө алат?” деген кезде ичтеринен беш атчан аскер чыкты. Булар жекеме-жеке согушуу үчүн аңдын аркы жагына өтүүлөрү керек эле. Сахабалар менен мушрик аскерлери ушу бешөөнүн аракетине карап турду. Атчандар ылдамдык менен келип аттоо үчүн артка чегиништи. Андан кийин аттарынын башын аңдын тар жерине буруп, алдыга карай чабышты. Такалары бар беш ат бир аттаганда аңдын аркы бетине өтөт. Аны көптөгөн атчан аскерлер кайталаганы келгени менен алар муну кыла албай, аңдын аркы жагында калып калды. Өткөндөрдүн чинде Амр бин Абд деген өтө күчтүү бир адам да бар болчу. Башынан бутуна чейин соот кийим кийинген, айбаттуу сүрү бар болчу. Сүрдүү болуп көрүнгөн бул адам мужахиддерге карап: “Мен менен согушчу адам бар болсо, чыксын”, - деди.

Ошо кезде хазрети Али Пайгамбарыбыздын жанына барып: “Жаным сизге курман болсун, Йа Расулаллах! Аны менен мен согушайын”, - деп уруксат сурады. Анын үстүндө соот кийими да жок болчу. Сахабалар ага кызганыч менен карап турду. Пайгамбарыбыз өзүнүн соот кийимин чечип, Хазрети Алиге кийгизди. Андан кийин: **“Аллахым! Бадр согушунда агамдын уулу Убайда, Ухуд согушунда агам Хамза шехид болду. Жанымда тууганым менен агамдын уулу Али калды. Сен аны сакта. Ага жардам бер. Мени жалгыз калтырба”, -** деп дуба кылды. Сахабалар “Амин”, - дешти.

Дубалар менен такбирлердин арасында жөө алдыга карай жүргөн Аллаху тааланын арстаны алдында ат менен энтелеп турган Амр бин Абдтын алдына чыкты. Көздөрүнөн башка жеринин

баары соот менен капталган Амр бул баатырды тааныбай, андан ким экенин сурады. Ал: "Мен Али бин Абу Талибмин", - деп өзүн тааныштырганда Амр: "Эй, тууганымдын баласы! Атаң менин досум. Ошондуктан, сенин каныңды төккүм келбейт. Мага каршы чыкчу туугандарың жокпу?" - деп ага боор ооругандай мамиле кылды. Хазрети Али: "Эй, Амр! Валлахи, мен сенин каныңды төккүм келет. Бирок, экөөбүз тең жагдайда болуубуз керек эмесми? Жигиттикке бул жарашпайбы? Мен жөөмүн, а сен болсо аттын үстүндөсүң", - деп, аны намыстантты.

Муну уккан Амрдын жигиттик намысы козголуп, дароо атынан түшүп, атынын буттарын кылыч менен чаап, Хазрети Алинин алдына барды. Согушалы деп турганда Аллаху тааланын арстаны: "Эй, Амр! Сен Курайштан бирөө менен кездешкенде анын эки тилегенин бирин орундаймын деп ант бергениңди уккам. Бул чынбы?" - деп сурады. Ал: "Ооба, чын", - деди. "Андай болсо, биринчи тилегим – сенин Аллаху таала менен Расулуна ыйман келтирип, мусулмандыкты кабылдооң", - деп ыйманга чакырды. Муну уккан Амр ачууланып: "Жок, бул мага керек эмес", - деди. Хазрети Али: "Экинчи каалоом – согушту таштап, Меккеге кайтууң. Анткени, Расулуллах душманды жеңсе сен бул аракетиң менен ага жардам берген болосуң", - деди. Амр: "Бул да болбойт. Мен өч алмайынча токтобоого сөз бердим. Башка тилегиң болсо айт", - деди. Хазрети Али: "Эй, Аллаху тааланын душманы! Андай болсо сени менен согушуудан башка чара калган жок", - деди. Амр бул сөздөргө күлүп: "Мына, чын! Араб жеринен мага каршы чыга алган жигиттин бар экенин эч ойлобоптурмун. Эй, тууганымдын баласы! Ант беремин, мен сени өлтүрүүнү калабаймын. Анткени, атаң менин досум болчу. Мен согушууга Курайштан Абу Бакр сыяктуу, Омар сыяктуу адамды каалайт элем", - деди. Хазрети Али: "Андай болсо мен сени өлтүрүү үчүн ушу жерге чыктым", - деген кезде Амрдын каны башына чыгып, кылычын шилтеди. Ушуну күтүп турган Аллаху тааланын арстаны соккусун калканы менен күтүп алды. Бирок, Амрдын сокконунан канча деген калкандар сынган болчу. Бул жерде дагы ошондой болду. Хазрети Алинин калканы сынып, башына тийип, жарадар алды. Уруу кезеги Алиге келген эле. "Йа, Аллах" деп, Зулфикарды Амрга карай шилтеди. Ал кылычын шилтеген кезде Ислам аскеринен "Аллаху акбар! Аллаху акбар!" деген добуштар жер менен көктү жаңырта баштады. Ооба,

Пайгамбарлардын султаны, болмуштардын баш таажысы болгон Расулуллах алейхиссаламдын дубасы кабыл болуп, Амрдын денеси жерге кулап, башы жерге томолонду. Эң ишенген адамдары болгон Амрдын жерге кулаганын көргөн жолдоштору дароо Хазрети Алиге карай умтулушту. Муну көргөн сахабалар да ошол жерге жүгүрдү. Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анх) Навфал бин Абдуллахты жарадар кылып, аты менен бирге аңга кулатты. Хазрети Али аңга түшүп, Навфалды эки бөлүкө бөлдү. Калгандары аңды араң өтүп, бери качты. Мушрик аскеринин баш кол башчысы согуштун башында эле үмүтүн үзө баштаган эле.

Эми согушуу түрү аныкталган эле. Аң бетме-бет согушууга тоскоол келтирген эле. Бири-бирине жаа атууга киришти. Бул аракеттен эчтеке чыкан жок. Мушриктер мындайча жеңе албай тургандыктарын билип, аңдын бардык жагынан чабуул жасоого чечим кабылдап, чабуулга киришти. Он миң адамдык күчтүү душман аскери аңдан өтүүгө тырышып жатса, үч миң адамдык Ислам аскери ок менен, таш менен аларды аңдан өткөзбөөгө күч жумшашты. Кызуу согуш башталган эле. Бул согуш кечке чейин уланды.

Пайгамбарыбыз түндө аңдын ар жерине кезекчилерди койду. Өзү аңдын тар жерине күзөткө турду. Мадинага беш жүз адамдык чалгынчы аскер жиберип, аларга көчөлөрдө катуу үн менен такбир айтууну буйрук кылды. Ушундайча, яхудилерден же Курайыш мушриктеринен келген кооптун маалында алды алынып, аялдар менен балдар корголмок эле.

Курайза яхудилери болсо Хуйей бин Ахтабды мушриктерге жиберип, түндө чабуул жасоо үчүн эки миң адамдык аскер сурады. Түндө коргоосуз калган аялдар менен балдарга чабуул жасоону пландады. Бирок, мужахиддердин азанга чейин чалгын жасап жүрүүлөрү “Аллаху акбар” деп такбир айтуулары алардын жүрөктөрүнө коркуныч конду. Чептерине жашырынып, ыңгайлуу саатты күтө башташты. Кичине топтор түрүндө бирден Мадинага кирүүгө тырышты.

Бир түнү Курайза уулдарынан Газзал аттуу бир киши жанына эрчиткен он адамдык топ менен бирге Пайгамбарыбыздын эжеси Сафийанын (радыйаллаху анха) үйүнө чейин барды, ичте аялдар менен балдар бар болчу. Алардын коргонууга бир дагы куралы жок эле. Яхудилер биринчи үйгө ок атып, андан кийин ичине

кирүүгө тырышты. Алардын бири короого кирип, үйгө кирүү үчүн айлананы карай баштайт. Ушу кезде Пайгамбарыбыздын баатыр эжеси жанындагыларга үн чыгарбоону эскертип, ылдый түшүп, эшиктин жанына барат. Бир кебез менен башына селде ороп, эркек кейпине кирип, колуна бир укурук алып, белине бычак тагат. Акырын эшикти ачып, жанагы яхудинин арнынан барып, укурук менен башка урат. Жерге кулаган яхуди бир заматта өлтүрүлөт. Андан кийин өлтүрүлгөн яхудинин башын сыртта ок атып жаткан яхудилерге ырыгытат. Жолдошторунун башын көргөн яхудилер коркуп, кача башташат. Өз араларында "Бизге мусулмандар үйлөрүнө эч кандай эркек калтырбай бардыгы согушка кетти деген кабар берген эле!..." - деп жатышты.

Согуш эртең менен дагы да ошондой уланды. Октор учуп жатты. Пайгамбарыбыз сахабаларына: **"Болушум кудурет колунда болгон Аллаху таалага ант беремин, башыбызга түшкөн бул кыйынчылыктар милдеттүү түрдө үстүңөрдөн алынат жана** силер кубанычка бөлөнөсүңөр", - деп, аларга сабырдуулук кылууну сунуш кылды жана жеңиштин өздөрүнө таандык экенин айтты. Бул сүйүнчү кабарды алган баатыр сахабалар ачтык, жокчулук сыяктуу кыйынчылыктарын унутуп, бар күчтөрүн салып согушту. Аңдан бир дагы мушрикти өткөзүшкөн жок. Сахабалардан Саад бин Муаз (радыйаллаху анх) чоң баатырдык менен согушту. Согуш учурунда Хиббан бин Кайс бин Арака деген мушриктин аткан огунан жаракат алды. Ок тамырына тийип, көп кан жоготту. Хазрети Саад жанындагылардын канды токтотууга бүт күчтөрүн салганын көрүп, абалы кыйын экенин түшүнүп: "Йа, Раббим! Курайш согушу уландысы болсо мага өмүр бер. Анткени, Сенин Расулуңду азап тартырган, аны жарадар кылган мушриктер менен согушуудан башка, эчтеке каалабайбым. Эгер арабызда согуш бүтсө, мени шейит даражасына көтөр. Бирок, мени Курайзанын тагдырын көрбөстөн рухумду алба", - деп тиледи. Дубасы кабыл болуп, каны токтоду.

Сахабалардын арасында согушуп жүргөн сыяктуу көрүнүп Абдуллах бин Убай сыяктуу мунафыктар болсо болушунча оор кыймылдап, алдынкы чептерге барган жок. Ушундайча, мужахиддердин көңүлүн бузуу үчүн колдорунан келгенди жасашты: "Мухаммед силерге Кайсар (византия бийлөөчүсү) менен Кисранын (Иран бийлөөчүсү) казыналарын убада кылууда,

бул түрүбүзгө карагыла, аңдын ичинде камалып отурабыз. Корркконубуздан даарат сындырууга да бара албай жатабыз. Аллах менен Расулу бизди алдоодон башка эчнерсе кылышпайт", - деп козголоң чыгарууга тырышты. Бул эки жүздүүлөр кысылган кездерде үйлөрүнө душмандын чабуул жасаганын шылтоо кылып, орундарын таштап кетип калчу. Мунафыктардын бул аракеттери дагы өз алдынча бир дарт болду.

Мушрик аскери бардык күчүн салса да баатыр сахабалардын туруштугунун алдында эч кандай натыйжа чыгара албады. Эң көп согушкан жерлери аңдын тар жери болгон. Пайгамбарыбыз ал жерден кетпей , сахабаларын согушка тартты. Пайгамбарыбыздын жанында согушуу урматына ээ болгон сахабалар (алейхимуррыдван) согуш майданында теңдеши жок эрдик көрсөтүштү. Бир кезде мушриктердин катуу ок жаадыра баштаганы байкалды. Бардыгынын мээлегендери Пайгамбарыбыздын чатыры болду. Чатырдын алдында тип-тике туруп, сахабаларына буйруктарды берип турду. Мушриктер кээде алсыз болуп көрүнгөн жерге жалпы чабуул жасап, сахабалар болсо ошол жерге жүгүрүп, дин душмандарын чачканча бүт жандарын берип согушушту. Ушундай кызуу согуш жүрүп жатты, сахабалар согуштан баштарын да бура албаган абалда эле. Ошол күнү эрте башталган согуш кеч убакыттарга чейин созулду. Намаз убакыттары киргенде сахабалар: "Йа, Расуаллах! Намаздарыбызды окуй албадык", - дегенде Пайгамбарыбыз да кайгырып: **"Валлахи, мен дагы окуй албадым", -** дечү. Куптан убактында ибадаттарын жасатпаган душмандын аскерин катуу чабул менен артка карай чегиндиришти. Курайштыктар менен Гатафандар түнөө үчүн артка кайтты. Мужахиддер дагы Пайгамбарыбыздын чатырына карай бет алды. Ошол кезде Пайгамбарыбыздын каргыш айтуу адаты жок болсо да намаз үчүн чыдай албай: **"Алар кандай күн батканга чейин бизди намаздан калтырса, Аллаху таала да алардын үйлөрүнө, карындарына жана кабырларына от толтурсун", -** деп, мушриктерге каргыш айтты. Каза болгон бешим, аср жана шам намаздарын окугандан кийин куптан намазын окушту.

Мушриктер Исламды жойуш максатында жасаган ушундай кагылышуулар менен согуштардан кийин мусулмандарды күндүз жеңе албай тургандарын түшүнүп, алар дал ушундай оор сокку менен түндө согушууга чечим чыгарышты. Мусулмандарды бир

гана ушундай жеңүүгө болот деп ойлошту. Ушу чечимдерин дароо ишке ашырып, яхуди Курайза уулдары менен бирге түндө чабуул жасоого киришти. Аскерин топторго бөлгөн мушриктер кезектешип чабуул жасашты. Бул бир нече күнгө созулду. Пайгамбарыбыз баштаган сахабалар ач, чарчаган болсо да коргоодон тайган жок. Эч кандай душман аскерине аңдан өтүү мүмкүнчүлүгүн берген жок. Бул коргонуу мурунку согуштан да коркунучтуу, оор болгон эле.

Бир нече күндөн бери согушуп жаткан мушриктерде азык-түлүк маселеси кыйындай баштады. Ат менен төөлөрү дагы жерден бир тал чөп таба албай кырылып баштаган эле. Ошол себептен мушриктердин кол башчысы Дырар бин Хаттаб кол астындагы бир кошуунду Курайза яхудилеринен азык алып келүүгө жиберет. Капырларга бардык нерселерин курман кылган яхудилер дароо жыйырма төөгө буудай, арпа, курма жана малга саман артып берет. Дырардын аскерлери кубанып келе жатканда Куба жанында бир топ сахабага (алейхимурридван) кезигет. Сахабалар аларга чабуул жасап, кандуу согуштан кийи мушриктерди кууп, жүк артылган төөлөрдү Пайгамбарыбызга алып барып тапшырып, ыраазылыгын жана дубасын алышат.

Пайгамбарыбыз (салаллаху алейхи ва саллам) бир айга жакын убакытка созулган бул согушта катуу кыйналган сахабаларына боору ооруп, аларга аталарынан дагы артык жакшылыктарды жасачу. Сахабаларынын көрсөткөн ушундай бекемдиктерине ыразы болуп, маңдайын жерге коюп, алар үчүн Аллахтан мындай тилек тилеген: **“Эй, дарттууларга жардамга келүүчү! Эй, муктаждар менен чарасыздардын дубасын кабыл кылуучу Аллахым! Менин жана сахабаларымдын жагдайын сөзсүз көрүп, билип турасың. Йа, Раббим! Сен душманды азапка учурат, араларына бүлүк сал жана аларга каршы бизге жардам бер!...”.** Пайгамбарыбыз бул дубаны акыркы күндөрү көп кайталады.

Мушриктер жуттан кыйналып, тезирээк мусулмандарды курутуу үчүн бардык күчтөрүн жумшашты. Бир күнү кечинде мушрик аскеринен жүрөгүндө Исламга сүйүү ойгонгон бир адам Пайгамбарыбызга барды. Ал Гатафан уруусунан Нуайм бин Масуд болчу. Пайгамбарыбызга: “Йа, Расулаллах! Мен Аллаху тааланын бир экенин жана сиздин хак пайгамбар экениңизди

тастыктоого келдим. Аллахка шүгүр, мусулман болдум. Ушуга чейин сизге каршы согуштум. Мындан кийин капырларга каршы согушамын. Мага эмне буйрук кылсаңыз ошону орундоого даярмын. Йа, Расулаллах! Менин мусулман болгонумду өз уруум", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Бул капырлардын арасына барып, араларына бүлүк сала аласыңбы?"** - деди. Ал: "Йа, Расулаллах! Аллахтын жардамы менен аларды бири-бирине каршы бүлүк сала аламын. Бирок, каалаган сөзүмдү айтууга болобу?" - деп сурады. Пайгамбарыбыз: **"Согуш куулуктан турат, каалаганыңды айта бер"**, - деди.

Нуайм бин Масуд алгач Курайза яхудилерине барып: "Менин силерге деген махабатымды билесиңер. Бирок, бул айткандарым ушу жерде калсын, эчким билбесин", - деди. Яхудилер: "Эчким билбеген болот", - деп ант кылышты. Андан кийин хазрети Нуайм бул адамдын (пайгамбарыбыздын) иши анык беле. Анын Надр жана Кайнука уулдарына эмне кылганын билесиңер. Аларды мекенинен айдап чыкканын баарыңар тең көрдүңөр. Эми Курайштыктар менен Гатафандар келип, мусулмандар менен согушууда. Канча күндөн бери согушуп жатсак да эч кандай натыйжа чыгара албадык. Ушундай уланта берсе, курчоо узакка созулайын деп турат. Курайштыктар менен Гатафандардын малдары, мүлктөрү, жерлери, бала-чакалары силер сыяктуу бул жерде эмес. Эгер бул согушту жеңген болсо, олжолорун жыйнайт да элдерине кетет. Эгер жеңилсе кайра артка кетет. Силер мусулмандар менен каласыңар. Андай болсо, силердин аларга каршы тура алган күчүңөр жок. Согуштун азыркы абалы мусулмандардын жэңишин көрсөтүп турат. Менин оюмча мусулмандар силерди кырат. Ошондуктан, тез арада бир чара колдонууңар керек", - деди. Бул сөздөрдү угуп турган яхудилер Хазрети Нуаймдын өздөрүнүн камын ойлогонуна ыразы болуп: "Сен бизге чыныгы дос экениңди көрсөттүң. Биз эмне кылсак болот, ошону айт", - дешти. Ушуну күтүп турган Нуайм бин Масуд (радыйаллаху анх): "Туурасы бул, Курайш менен Гатафандан кепилге кээ бир адамдарды алмайынча мусулмандар менен согушпагыла. Кепил адамдар силерде болгон кезде алар согуштан качып кете албайт", - деди. Мунун өтө жакшы чара экенин кабылдаган яхудилер ага ыраазылыктарын билдирип, сый-сыпат көрсөтүштү.

Хазрети Нуайм яхудилердин мекенинен чыгып, түптүз Курайш ордосуна барды. Алардын кол башчыларына: "Менин Мухаммедге

деген душмандыгымды жана менин силерди кандай жакшы көргөнүмдү билесиңер. Уккан нерсемди силерге жеткизүүгө милдеттүүмүн деп санадым. Бирок, бул уккандарыңарды эч кимге айтпоого убада бересиңер", - деди. Алар ант берип, таң калып: "Айт, сени угуп турабыз", - дешти. "Кабарыңар болсун, Курайза яхудилери силер менен шериктеш болгондоруна өкүнүп, Мухаммедге кабар жиберишиптир: "Курайш менен Гатафандардын алдыңкы катардагы адамдарын кепилге алып, аларды өлтүрүүнү силерге тапшыралы. Андан кийин сен менен кошулуп мушриктерди түп орду менен жок кылганга чейин согушалы. Бирок, сен тuугандарыбыз Надр уулдарын кечирип, жерлерин кайтарып бершиң керек", - дептир. Мухаммед алардын бул тилегин кабылдаптыр. Эгер яхудилер силерден кепилге адам сураса бербегиле. Алар адамдарыңарды өлтүрөт. Бул айткандарымды эч ким укпасын", - деди. Курайштыктар ушундай маанилүү кабарды жеткизгени үчүн Нуаймга сый-сыяпат көрсөтүштү.

Нуайм бин Масуд (радыйаллаху анх) ал жерден кетип, Гатафандарга барды. Курайыштыктарга айтканын аларга да айтты.

Бир күндөн кийин Курайш кол башчысы Курайза уулдарына: "Бул жерде калуу кыйындык туудура баштады. Анткени, күн суук, жаныбарларыбыз да ачтыктан кырылууда. Бүгүн түндө даярдык көрүп, эртең баарыбыз жалпы чабуул жасайлы", - деген кабар жиберди. Яхудилер: "Биз ишенби күнү согушпайбыз жана силер менен бирге согушка катышуубуз үчүн алдыңкы катардагы адамдарынан бир нече адамды бизге кепил катары берүүңөр керек. Эгер курчоо убакыты узап, силер алсырап, элиңерге кетип калсаңар бизди Мухаммедге өз колуңар менен берген болосуңар. Эгер кепил адам берсеңер бизди таштап кете албайсыңар дешти. Бул кабар Курайштын кол башчысына жеткен кезде: "Нуайм бин Масуддун айтканы чын экен деп, яхудилерге кабар жиберип: "Биз силерге бир дагы адамды кепил катарында бербейбиз. Эгер эртең, биз менен бирге чабуулга чыксаңар кандай жакшы. Андай кылбасаңар биз жерибизге кетип калабыз. Силер Мухаммед менен сахабаларынын курчоосунда каласыңар дешти. Ушинтип, эки жак тең дүрбөлөңгө салынды.

Пайгамбарыбызга Жабраил алейхиссалам келип, Аллаху тааланын мушриктерге бороон жибере тургандыгын айтты. Ушуга байланыштуу Пайгамбарыбыз тизелеп отуруп, колун жайып:

**“Аллахым! Мага жана сахабаларыма мээрим кылганың үчүн шүгүр кылдым”, -** деп алкышын билдирди. Андан кийин бул сүйүнчү кабарды сахабаларына жекизди.

Ал күнү ишенбинин түнү болчу. Талаа кап-караңгы эле. Катуу суук түшүп, катуу шамал ура баштады. Бул түндү Хузайфа ибн Йаман мындайча баяндайт:

“Ал түнү өтө караңгы болду. Күн күркүрөп, катуу бороон болду. Ушу саатта мушрик аскеринин дүрбөлөңгө түшүп, өз араларында түшүнбөстүктөр орун алганын Пайгамбарыбыз бизге кабар берди. Биз катуу сууктан, ачтыктан, түндүн коркунучунан ордубуздан тура албай, отурган жерибизде үстүбүзгө бир нерселерди жаап, күтүп отурдук.

Пайгамбарыбыз намазга туруп, түндүн бир бөлүгүн намаз менен өткөзгөндөн кийин: **“Араңарда мушрик аскерине барып, алардын абалын билип, мага кабарлап келе алчу адам барбы? Мындай адамдын Жаннатта мага жолдош болуусун Аллаху тааладан тилейин”**, - деди. Ал жердегилер суукка байланыштуу орундарынан тура алышпады. Андан кийин Пайгамбарыбыз менин жаныма келди. Суук менен ачтыктан тизелеп, бүрүшүп отурган элем. Мага колун тийгизип: **“Сен кимсиң?”** - деп сурады. “Мен Хузайфамын”, - дедим. Пайгамбарыбыз: **“Бар, тиги коомдун эмне кылып жатканын көрүп кел. Жаныма кайра келгенче аларга ок менен таш ыргытпа, найза, кылыч урба. Сен кайра келгенче сууктан, ысыктан зыян көрбөйсүң, туткунга түшүп, кол салууга учурабайсың”**, - деди. Кылычым менен жааны алып, кетүүгө даярдандым. Пайгамбарыбыз мен үчүн: **“Аллахым! Аны алды-артынан, оңунан-солунан, үстүнөн-астынан корго”, -** деп дуба кылды.

Мушриктерге карай бардым. Өзүмдү мончодо жүргөндөй сездим. Эч кандай коркунуч, үшүү, коркуу сезимин байкаган жокму. Ушинтип, мушриктердин ордосуна бардым. Кол башчылар менен алдыңкы катардагы адамдар от жагып, жылынып отурушкан экен. Абу Суфйан: “Бул жерден кетүү керек”, - деп айтып отурду. Менин оюма аны дароо өлтүрүү келди. Бирок, алып жаама койдум. Оттун жарыгын пайдаланып, аны аткым келди. Дал атам деп турганда Пайгамбарыбыздын **“Менин жаныма кайра келгенче эч кандай окуя чыгарбайсың”** дегени эсиме түшүп, өлтүрүүдөн баш тарттым. Андан кийин өзүмдү эр сезип баштадым. Мушриктердин

жанына барып, оттун башына отурдум. Катуу жел менен Аллаху тааланын көрүнбөгөн аскери (периштелер) аларга жасагандарын жасаган эле. Шамалда идиштери оодарылып, оттору өчүп, чатырлары башына кулады. Бир кезде мушрик аскеринин кол башчысы Абу Суфйан ордунан туруп: "Араңарда тыңдагандар болуу мүмкүн, ар ким жанындагыларына карап, ким экенин билсин. Ар адам жанындагы адамдын колун кармасын", - деди. Абу Суфайн араларына бир чоочун адамдын киргенин сезгендей болгон эле. Дароо колумду созуп, эки жагымдагы адамдын колунан кармап, алардан мурун аттарын сурадым. Ушинтип мени таанабай калышты. Акырында Абу Суфйан аскерлерине мындай деди: "Эй, Курайштыктар! Силер жайсыз жердесиңер. Аттар менен төөлөр кырыла баштады. Жут жайылды. Бороондун күчөйгөнүн көрүп отурасыңар. Дароо кайткыла. Мына, мен дагы кетемин", - деп, төөсүнө минди. Катуу кыйналып алсыраган мушрик аскери жыйналып, Меккеге карай жолго чыгышты. Алардын үстүнө кум менен майда шагыл жаап турду.

Мушрик аскери кеткенден кийин мен дагы кайттым. Жолдун жарымына жеткенде алдыман жыйырма чакты ак селдечен сувари атчандар (периштелер) чыкты. Мага: **"Расулуллахка кабарла. Аллаху таала душманды жеңди"**, - деди. Пайгамбарыбыздын жанына барганда ал намаз окуп отурган эле. Мен келгенде баягы үшүгөн, дирилдеген калыбыма түштүм. Пайгамбарыбыз намаздан кийин кандай кабар алып келгенимди сурады. Мен мушриктердин кеткенин айттым. Пайгамбарыбыз бул кабарга катуу кубанып, күлүмсүрөдү. Бир нече күндөн бери уйку көрбөгөн элек. Пайгамбарыбыз менен жанына алып, үстүндөгү төшөнчүнүн бир учун мага жаап, ал түндү ушинтип өткөрдүк. Таң атканда Пайгамбарыбыз мени ойготту. Биз караган кезде мушрик аскеринен из дагы калган эмес эле. Алар Меккеге жеткенге чейин алардын артынан катуу бороон жүрүп, аркаларынан такбир добуштары угулуп турду.

Курайш мушриктери ордолорун таштап качкандан кийин аларга багынып келген башка мушрик уруулар да Мадинадан кайтып кетти. Алар унутулбас жеңилүүлөрүнө катуу кайгырышты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) жана ардактуу сахабалары (алейхимуррыдван) Аллаху таалага шүгүр саждасын кылып, хамд айтып, шүгүрчүлүк кылышты. Мужахиддер:

“Аллаху акбар! Аллаху акбар!” деген добуштары менен нурлуу Мадинага карай бет алышты. Мадинанын көчөлөрү балдарга толуп, алар Пайгамбарыбыз менен аталарын, агаларын, байкелерин күтүп чыгууга жыйналышкан эле. Пайгамбарыбыз да аларга күлүмсүрөгөн жүзү менен карады.

Хандак согушунда алты шейит берилген эле. Бул согуш тууралуу Аллаху таала аят каримада: **“Аллаху таала** (Хандак согушундагы) ошол капырларды эч кандай жеңишке жеткизбей, кайгы менен кайра кайтарды. Ушундайча Аллаху таала (периштелер менен жел аркылуу) согушта (жеңүүлөрү үчүн) момундарга жетти. Аллаху тааланын бардык нерсеге күчү жетет. Ал бардык нерседен жогору”. (“Ахзаб” сүрөсү, 25) **“Эй, ыйман келтиргендер! Аллаху тааланын силерге берген ниматын эстериңерге түшүргүлө. Силерге** (Хандак согушунда) аскерлер чабуул жасаганда биз аларга жел менен силер көрбөгөн аскерлер (периштелер) жиберген элек...” (“Ахзаб” сүрөсү, 9) Ушу согуштан кийин Пайгамбарыбыз: **“Азыркы кезек силердики. Мындан кийин Курайш силерге каршы согуша албайт”**, - деди.

## Бани Курайза яхудилери

Расул-и акрам (саллаллаху алейхи васаллам) Мадина-и мунавварага кайтып келген соң Хазрети Аиша энебиздин үйүнө барды. Курал-жарагын чыгарып, соотун чечти. Куттуу денеси чаңга баткан эле.  Жуунду. Ошол тапта Хазрети Дыхйа келбетинде үстүнө сооту жана курал-жарагы тагылган абалда бир атчан аскер келди. Ал Жабраил алейхиссалам болчу. Пайгамбарыбыздын жанына барып: “Эй, Аллаху тааланын Расулу! Жанаб-и Хак таала сага Курайза уулдарына каршы дароо жүрүш кылууңду буйрук кылды!” – деп буйрукту билдирди. Ааламдардын Султаны Хазрети Билалды чакырып, сахабаларга мындай деп кабар берүүсүн дайындады: **“Эй, сахабаларым! Тургула, аттарыңарга, төөңөргө мингиле! Моюн сунгандар аср намазын Курайза уулдарынын жеринде окусун!”**

Пайгамбарыбыз дароо сооту менен туулгасын кийди. Калканын аркасына асып, найзасын колуна алды. Анан атына минип, сахабаларынын жанына барды. Хазрети Алиге Ислам туусун берип, алдынкы күч катары Курайза яхудилеринин чепине жиберди. Ар

дайым болгон сыяктуу Абдуллах ибни Умми Мактумду Мадинада өкүл кылып калтырды.

Куттуу сахабалар сүйүктүү Пайгамбарыбызды ортосуна алып, Мадинадан: “Аллаху акбар! Аллаху акбар!” – деп такбир айтып, жолго чыгышты. Жолдо Ганм уулдарына туш келишти. Куралдарын колго алып, Расулуллах алейхиссаламды күтүп турушкан экен. Пайгамбарыбыз аларга: **“Силерге эч ким жолуккан жокпу?” –** деп сурады. Алар: “Йа, Расулуллах! Бизге Дыхйа-и Калби жолукту. Ак качырга минип алган экен. Ошол качырдын үчтүндө баркыт бар эле”, – деп айтышты. Пайгамбарыбыз аларга: **“Ал Жабраил болот. Алардын чептерин жыксын жана жүрөктөрүнө коркуу салсын деп Бани Курайзага жиберилди”, –** деди. Курайза яхудилеринин чебине жетип барганга чейин Ислам кошунунун саны үч миңге жеткен эле.

Хазрети Али Ислам туусун Курайза яхудилеринин чебинин алдына тикти. Мунун көргөн яхудилер Пайгамбарыбызга карата жаман сөздөр айта башташты. Хазрети Али барып, жагдай тууралуу Пайгамбарыбызга билдирди. Расул-и акрам (саллаллаху алейхи васаллам) үч миң аскер менен ал жерге барганда мээриминен улам аларды Исламга чакырды. Яхудилер бул кайырлуу сунушту кабыл кылышкан жок. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **“Андай болсо, Аллаху таала жана Расулунун буйругуна моюн сунуп, чептен чыгып, багынгыла!” –** деген сунушун да четке кагышты. Ошондон кийин гана ааламдардын Мырзасы окчулардын устазы Саад бин Абу Ваккас хазиреттерине: **“Эй, Саад! Кана алга, аларга ок жаадыр!” –** деп буйрук берди. Хазрети Саад менен башка окчулар саадактарындагы окторду текбир айтышып, яхудилердин чепине ата башташты.

Мусулмандардын алсыз кездеринде арттан сокку берген жана көралбастыктарынан улам Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбарлыгын кабыл кылбаган бул яхуди тобунун чептин эшигин ачып, майданга чыгууга да батымдуулугу жок эле.

Согуш курчоо түрүндө уланды. Ислам аскеринин арасында болгон мунафыктар да чепке билдирбей кабар жиберишип: “Эч качан багынбагыла! Мадинадан чыгып кетүүгө үндөсө да кабыл кылбагыла! Эгер согушту улантсаңар, биз силерге бар күчүбүз менен жардам беребиз. Ошондуктан эч нерсеңерди аябагыла! Эгер силерди Мадинадан сүрүп салса, биз дагы силер менен бирге чыгып

кетебиз!... “ – деп жатышты. Бул кабар менен мунафыктардын жардамын күткөн яхудилер жаңы кайрат жана үмүт менен коргонууну улантышты. Курчоо көпкө созулуп кетти. Бир айт өтсө да мунафыктардан жардам келбеди. Акырында жүрөктөрүнө коркуу аралаган яхудилер келишимге макул болушту.

Келишим түзүү максатында Наббаш бин Кайс деген яхуди Расулуллах алейхиссаламга келип: “Йа, Мухаммед! Надир уулдарына көрсөткөн ырайымды бизге да көрсөтүңүз. Мал-мүлкүбүз менен курал-жарагыбыз сиздики болсун! Бир гана каныбызды төкпөсөңүз болду! Балдарыбыз менен аялдарыбызды өзүбүз менен бирге алып кетүүгө уруксат бериңиз. Курал-жарактардан башка ар бир үй-бүлө үчүн бир төө жүк менен алып кетүүгө уруксат бериңиз!...” – деди. Пайгамбарыбыз: **“Жок, бул сунушту кабыл кыла албайм!” –** деп айтты. Бул жолу: “Мал-мүлкүбүздү алып кетүүдөн баш тарттык. Каныбызды төкпөңүз. Жок дегенде аялдарыбыз менен балдарыбызды алып кетүүгө уруксат бериңиз!” – деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **“Жок! Шартсыз өкүмүмө баш ийип, багынуудан башка чараңар жок!”** – деди. Яхуди Наббаш кор болгон абалда чепке кайтып барып, айтылган сөздөрдү билдирди. Курайза уулдары бул жолу андан да чоң кайгыга батты.

Башчыларынан Ка’б бин Асад ынсапка келип, коомуна мына ушул сунушту айтты: “Эй, коомум! Көргөнүңөр сыяктуу башыбызга чоң балекет келип турат. Бул жагдайда силерге үч нерсени насаат кыламын. Булардан каалаган бирине ылайык иш-аракет кылсаңар болот! Биринчиси; бул адамга багынып, пайгамбардыгын кабыл кылалы. Валлахи, Анын Аллах тарабынан жиберилген жана китептерибизде сыпаттары берилген пайгамбар экенин баарыбыз билебиз. Эгер Ага ыйман келтире турган болсок, каныбыз, балаларыбыз, аялдарыбыз жана мал-мүлкүбүз аман калат. Биздин Ага багынбаганыбыздын бирден-бир себеби арабдарга карата көралбастык сезими менен Анын Исраил уулдарынан болбошу. Ал эми, бул Аллахтын биле турган иши. Келгиле, Ага багыналы!...” Яхудилердин баары тең бир оздон каршы чыгып: “Жок, биз муну кабылдай албайбыз жана өзүбүздөн башкага багынбайбыз”, – дешти. Бул жолу Ка’б экинчи сунушун айтты: “Баарыбыз балдарыбыз менен аялдарыбызды өлтүрүп, артыбыздан ойлой турган бир да адам калмайынча мусулмандарга жүрүш

кылалы, өлгөнгө чейин согушалы!...” Яхудилер бул сунушту да четке кагышты.

Ка’б үчүнчү сунушунда: “Бул түн Ишемби түнү. Мусулмандар биздин бул түнү согушпай турганыбызды билгендиктери үчүн эмин жана гафил болуулары ыктымал. Кылычтарыбызды чыгарып, эшиктен баарыбыз тең чыгалы. Ошентип бир чабуул менен балким жеңербиз!...” – деди. Яхудилер: “Бизге ишемби күнү иштөөгө тыюу салынган, биз муну жоё албайбыз”, – деп бул сунушту да кабыл кылшкан жок. Алардын ичинен жалгыз Эсид менен Са’лаба деген ага-инилер жана агаларынын уулу Асад биринчи сунушту кабыл кылып, мусулман болуу аброюна ээ болушту. Чептен чыгып, сахабалардын арасына кириишти.

Яхудилер өзара көпкө тартышты. Натыйжада багынуу туусун көтөрүп, Пайгамбарыбыздан өздөрү таралуу өкүм берүүгө бир адамды калыс дайындоону сураныпты. Расулуллах алейхиссалам: “Сахабаларыман каалаган кишини калыс кылып тандагыла!” – деди. Алар: “Биз Саад бин Муаздын чыгара турган өкүмүнө макул болобуз”, – дешти. Пайгамбарыбыз макул болуп, Саад бин Муаз хазиреттерин чакыртты.

Саад бин Муаз Хандак казатында оор жаракат алган эле. Расулуллах алейхиссалам аны Масжид-и Набавиде бир чатырдын ичинде дарылатып жаткан. Калыс катары дайындалганда зембил менен аны чебине алып келишти. Жолдо Хазрети Саад өзүнө-өзү: “Валлахи, Аллаху тааланын жолунда эч бир айыптоого маани бербейм!” деп жатты. Расулуллах алейхиссалмдын жанында зембилден түштү. Пайгамбарыбыз алейхиссалам ага: **“Эй, Саад! Булар сенин өкүмүңө ылайык багынууга макул болушту. Кана, алар тууралуу өкүмүңү мага билдир!” –** деди. Саад бин Муаз болсо: “Жаным сага курман болсун йа, Расулуллах! Албетте, өкүм берүүгө Аллаху таала менен Расулу ылайыктуу”, – деди Расулуллах алейхиссалам да: **“Булар тууралуу өкүм берүүңү Аллаху таала сага буюрду!” –** деди. Хазрети Саад яхудилерден өкүмүнө макул болуулары тууралуу анык убада алды. Эки тарап тең өкүмдү чоң кызыгуу менен күтө баштады. Ошондон кийин Хазрети Саад бийик мартабасын көрсөтүүчү, өз атагына ылайыктуу төмөнкү өкүмүн берди:

“Менин өкүмүм ушул; акылдуу жана балагат жашындагы бардык эркектердин башы алынсын! Аялдар, балдар туткундалсын, мал-мүлктөрү да мусулмандарга бөлүштүрүлүп берилсин!...”

Бул анык өкүмдөн улам яхудилер турган жеринде катып калышты. Анткени, өз китептеринде мындай кыянатчылыкка да ушундай жаза берилээри жөнүндө: “Кайсыдыр бир шаарга согушка барганыңда алгач аларды тынчтыкка чакыр. Муну кабыл алып, эшиктерин ачса, ал жердегилердин баары сага салык төлөсүн жана сага кызмат кылышсын. Эгер согушууга бел байлашса, аларды курчоого ал! Аллаху тааланын жардамы менен жеңишке жетсең, эркектердин баарын кылычтын мизинен өткөрүп, бала-чака, аялдарын, мал-мүлкүнүн баарын олжолоп ал!..” – деп жазылган болчу.

Саад бин Суаз хазиреттеринин берген өкүмүнүн илахи өкүмгө дал келишинен улам Пайгамбарыбыз аны куттуктап: **“Сен, алар тууралуу Аллаху тааланын жети кабат көктөр үстүндөгү Лавх-и мавхуздагы өкүмүнө ылайык өкүм бердиң!” –** деп, алкыштады.

Яхудилер өздөрүнүн китептеринде билдирилген бул өкүмө каршы чыга алышкан жок. Акыл-эстүү бардык эркектерди чогултушуп байлашты жана өкүм орундалды. Балдар, аялдар жана мал-мүлктөрү сахабаларга бөлүштүрүлүп берилди.

Ошентип мусулмандарга эң оор учурларында аркадан сокку урган, ортодогу түзүлгөн бардык келишимдерин бузган, Хазрети Пайгамбарыбызды кичинесинен тарта ушул күнгө чейин жок кылууга ар дайым жан урган бул уруу Мадинадан тазаланган болду.

Сахабалар көтөрүңкү маанайда, кубанып, нурдуу Мадинани карай жолго чыгышты.

Туткун аялдарынын арасынан бир аял ыйман келтирип мусулман болуу шарапатына ээ болгону. Анын мусулман болгонуна ыраазы болгон Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ага Бейиштин бийик даражаларын каалап, аны өзүнүн ак никесине алды. Бул - Хазрети Райхана энебиз эле.

## Саад бин Муаздын шейит болуусу

Саад бин Муаз Саад бин Муаз Курайза яхудилерине өкүм чыгарган соң кайрадан дарыланып жаткан жерине алынып барылды. Жараты күчөп, абалы оорлошуп калган эле. Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жанына басып келип, аны кучактады

жана: **“**Аллахым**!** Саад Жалгыз Өзүңдүн ыраазылыгың үчүн Сенин жолуңда жихад кылды**!** Расулуңа да ишенип**,** пайгамбарлыгын тастыктады. Ага жеңилдик бере көр**...”** **-** деп дуба кылды. Саад бин Муаз хазиреттери сүйүктүү Пайгамбарыбыздын бул сөздөрүн угуп, көзүн ачып: “ Йа, Расулуллах! Мен сизди чын жүрөктөн сыйлайм, дубай саламымды кабыл алыңыз! Сизди Аллаху тааланын пайгамбары экениңизге күбөлүк берем”, – деп шыбырады. Ошол күнү Хазрети Саад бин Муаздын жакын туугандары аны дарыланып жаткан жеринен Абдулашхал уулдарынын үйүнө алып барышты. Ошол түнү абалы абдан начарлап калган эле. Жабраил алейхиссалам Хазрети Пайгамбарыбызга келип: “Йа, Расулуллах! Бүгүн түнү сенин үммөтүңдөн көз жумган, анын каза болгону периштелерге сүйүнчүлөнгөн үммөтүң ким?” - деп сурайт. Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) дароо Саад бин Муаздын ал-абалын сурады. Үйүнө алып кетишкенин укканда Пайгамбарыбыз өзү менен бирге айрым сахабалар менен Саад бин Муаздын үйүн көздөй жөнөдү. Пайгамбарыбыз абдан ылдам баскандыктан жанындагылар: “Чарчадык йа, Расулуллах!” – дешти. Хазрети Пайгамбарыбыз ылдам басып бараткандынын себебин айтып: “Периштелер Ханзаланын жаназасына бизден мурда барган э**ле. С**ааддын жаназасына да бизден мурда барышат**.** Биз алардан мурда жетип баралбай калабыз**!”** – деди.

Пайгамбарыбыз Саад бин Муаздын жанына барганда ал көз жумган экен. Баш учунда туруп, Саад бин Муазга лакап-аты менен кайрылып: **“**Эй, Абу Амр! Сен жетекчинин мыктысы элең**.** Жараткан Аллах таала сага кут-берекесин жаадырып**,** жакшылыгын ыроолосун**. С**ен Жараткан Аллахка берген сөзүңө бекем турдуң**! Алл**ах таала да сага берген убадасын сөзсүз **т**үрдө аткарат**!” –** деди. Ошол тапта Саад бин Муаздын энеси ага арнап, төмөндөгү ырды окуду.

“Кантип чыдай алат,
Өкүнүч болсун энесине!
Сабыр талап кылат,
Ыйлаймын башыма келгенге!...”

Аслам бин Харистин айтымында окуя төмөнкүдөй баяндалат: “Расулуллах Саад бин Муаздын үйүнө келгенде биз эшиктин алдында күтүп турган элек. Хазрети Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам ичкери кирди. Арышын адаттагыдан кең таштап

жүрдү. Биз дагы артынан кире бергенде Расулуллах бизге карап, күтө туруубузду ишарат кылды. Биз кайра сыртка чыктык. Ичкериде маркум Сааддан башка эч ким жок эле. Расулуллах бир саамдан кийин сыртка чыкты. Мен кызыгып: "Йа, Расулуллах! Арышыңызды кең таштап жүрүүңүздүн сыры эмнеде?" – деп сурадым. Расулуллах: **"**Мынчалык көп элдүү мажилисте болгон эмес элем**.** (Периштелер көп эле.) Периштелерден бирөө мени канатына алды, мен ошентип гана отура алдым**!"** – деди. Анан: "Саад бин Муазды лакап-аты менен эскерип: **"**Аманчылыкта бол, йа, Абу Амр! Аманчылыкта бол, йа, Абу Амр! Аманчылыкта бол, йа, Абу Амр**!"** - деди.

Анын көз жумушу Расулуллахты да, кутман сахабаларды да кайгырткан. Көз жаш төгүп, баары ыйлады. Жаназасына сахабалардын баары чогулду. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз жаназа намазын өзү окутуп, табыттын бир учунан өзү да көтөрдү. Сахабалар Саад бин Муаздын табытын көтөрүп баратканда: "Йа, Расулуллах! Биз мынчалык жеңил маркумду көргөн эмеспиз!" – дешет. Анда Хазрети Пайгамбарыбыз: **"**Периштелер келди**!** Алар да көтөрүп баратат**!"** – деп жооп берет.

Маркум узатууга катышкан кээ бир эки жүздүү мунафыктар: "Бул өтө жеңил го!" – деп жамандай башташты. Пайгамбарыбыз аларга: **"**Сааддын жаназасына жетимиш миң периште түштү. Бүгүнкү **к**үнгө чейин жер бетине **м**ынчалык **к**өп периште түшкөн эмес**!"** – деп жооп кайтарат.

Абу Са'ид-ил Худри чоң атасынан укканын төмөнкүдөй маалымдаган: "Саад бин Муаздын көрүн казгандардын бири мен элем. Көрдү каза баштаганыбызда миск-атырдын жыты айлана-чөйрөнү жыпар жытка бөлөп салды!" Ал эми Шурахбил бин Хасана аттуу сахаба ушундай деген: "Саад бин Муаз жайына коюлуп жаткан кезде сахабалардан бирөө бир ууч топурак түйүп алган эле. Аны үйүнө алпарган соң ал мискке айланды. Ал эми анын сөөгү жайына коюлуп жаткан кезде Хазрети Пайгамбарыбыз ак буурул тарткан сакалын кармап, көзүнөн жашы кылгырып: **"**Саад бин Муаздын каза болушу Аршты титиретти**"** – деген."

Күндөрдүн биринде Хазрети Пайгамбарыбызга абдан баалуу бир кийим белекке келген болчу. Кутман сахабалар суктанып, абдан жарашыктуу экенин айткан кезде Пайгамбарыбыз: ***"****Саад бин Муаздын Бейиштеги кийимдери мындан да кооз****!"*** – деп айткан.

Хижраттын бешинчи жылы мындан сырткары мына бул маанилүү окуялар болгон:

Расулуллах Думат-ул Жандал деген аймакта жашаган, Шамга барчу жолду бөгөп, келген-кеткенди тоноп, ал тургай Мадинадагы мусулмандарга кыр көрсөткөн урууларга каршы миң кишилик кошууну менен сапарга чыгат. Ислам кошууну келатканын уккан душман уруулар качып жөнөшөт. Бул жерде бир канча күн болуп, кайра Мадинага кайтышат.

Расул-и акрам (саллаллаху алейхи васаллам) Зулкаада айында Зайнаб бинти Жахш менен баш кошуп үйлөнөт. Бул жылы хихаб жөнүндөгү аят түшүрүлүп, мусулман аялдарга жоолук кийүү буйрук ылынды. Айрыкча мунафыктар Хазрети Аишага жалган жалаа жабышат. Мусулмандардан бул жалаа кепке алданып калгандар да чыгат. Аяттар түшүрүлүп, мунафыктардын жалаасы ачыкка чыгарылып, Хазрети Аиша алкышка алынды. Мадинанын кыйырында жашаган Музайна уруусу өздөрүнүн аттуу-баштуу адамдарын жөнөтүп, мусулман болушканын жарыялашып, мухажирлер болуп эсептелди. Дагы бул жылы жер титирөө болуп, ай тутулду. Айрыкча ажылык ибадаты да ушул жылы фарз болгон.

## ХУДАЙБИЙА КЕЛИШИМИ

Хандак казатынан кийин Ислам мамлекетинин күчүн айланадагы уруулардын айрымдары кабыл кылды. Жада калса, мындан ары мусулмандар менен сый мамиледе жашоо, кези келгенде ыйман келтирип мусулман болуу эң оңтойлуу жол болоорун ойлой башташты. Айрымдары Хазрети Пайгамбарыбыздын алдына келип, мусулман болуу мартабасына ээ болду.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Ислам динин жайылтуу үчүн сахабаларын топторго бөлүп, Исламга чакыруу үчүн ар кайсы урууларга жөнөтө баштады. Кээ бир урууларга өзү барган. Думат-ул Жандал коому сыңары уруулар айтылган насааттарды угуп, мусулман болушту. Гатафан уулдары, Лихян уулдары сыңары уруулар Ислам кошууну менен бетме-бет келүүдөн коркуп, качышты.

Ошентип бул мусулмандардын тегеректеги урууларга бир эскертүү кадамдары болуп саналды.

Хижраттын алтынчы жылы катуу кургакчылык болуп, көктөн бир тамчы жамгыр жаабады. Ошондуктан жерден бир да чөп өспөй, адамдар менен мал-жандыктар ачкачылыктан кыйналды. Куттуу рамазан айынын бир жума күнү сүйүктүү Пайгамбарыбызга: "Йа, Расулуллах! Аллаху тааладан бир жамгыр жаашын тилеп дуба кылсаңыз!..." – деп кайрылышат. Хазрети Пайгамбарыбыз кутман сахабалары менен чөлгө чыгып, азан- кооматсыз эки ирекет намаз окушту. Анан үстүндөгү чепкенин тескерисинен аңтарып, такбир айтты. Анан ыйык колдорун жеңдеринин арасынан ыйык колтугу көрүнө тургандай өйдө көтөрүп: **"Эй, Алл**ахым**!** Бизге жамгырыңды ихсан кыла көр**..."** - деп дуба кыла баштайт. Кутман сахабалар да: "Оомиин! Оомиин!" – дешти.

Ошол учурда асман ачык, бир да булут жок болгонуна карабастан Хазрети Пайгамбарыбыз дуба кылып жаткан кезде акырындан жел согуп, бир саамдан кийин асманды коюу булуттар каптап келди. Акырындан жамгыр жаай баштады. Хазрети Пайгамбарыбыз бул сапар: **"**Аллахым**!** Бул жамгырды бизге берекелүү кыла көр**..."** - деп дуба кылды. Ошентип жамгыр нөшөрлөп жаап берди.

Хазрети Пайгамбарыбыз да, кутман сахабалар да үйлөрүнө суу болуп кайтышты. Үйлөрүнө жеткенге чейин бүт жерде суу селдей ага баштады. Баары сууну кечип жүрүштү. Жамгыр дале жаап жаткан эле. Ошол күнү, эртеси күнү... Эртеси күнү... Келеси жума күнү сахабалар: "Йа, Расулуллах! Үй-жайыбыз суудан ураганы калды. Мал – жандыктарыбыз сууга чөгүп, өлө баштады. Аллах таалага дуба кылыңызчы, жамгыр токтосун", – дешти. Хазрети Пайгамбарыбыз күлүмсүрөп: **"Йа, Раббым!** Бул жамгырды бак**-**дарактар өскөн жерлерге**,** талааларга жибере көр..." – деп дуба кылат. Ошондо бир апта боюнча жамгыр токтоп, дуба кылынган жерлер сугарыла баштады.

Хижраттын алтынчы жылынын Зулкаада айы эле. Түндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) түшүндө кутман сахабалары менен бирге Меккеге барып Каабаны айланып таваф кылып, кээ бир сахабалардын чачтарын кыскартканын, кээ биринин түбүнөн кырганын көрдү. Көргөн бул түшүн кутман сахабаларына айтып бергенде, алар абдан сүйүнүп, толкунданышат. Хижраттан ошол күнгө чейин туулуп өскөн ата-журтуна, ачуу-таттуу күндөрү калган өз мекендери болгон

Меккеге барышмак. Күн сайын беш маал намазында жүзүн буруп, сагынып күткөн ыйык Каабаны зыярат кылып, таваф кылышмак. Бул сөз менен жеткире алгыс куш кабар эле... Кутман сахабалар Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын: **“**Силер сөзсүз Масжид-и Харамга киресиңер!” - деген сүйүнчүсүн угаар замат дароо даярдыктарын көрө баштashты.

Пайгамбарыбыз даярдык көрүп бүткөн соң Абдуллах бин Умм-и Мактумду Мадинага өкүл катары калтырды. Зулкаада айынын биринчи дүйшөмбү күнү ардактуу Пайгамбарыбыз Кусва деген төөсүнө минип алып, миң төрт жүз кутман сахабасы менен бирге Мадинада калгандар менен коштошуп, умрага ниет кылып, Мекkenин жолуна түшөт. Өздөрү менен кошо кылычтарын жана жетимиш төөнү ала чыгышкан эле. Кербенге эки жүз атчан жана төрт аял сахаба кошулган. Бул төрт аялдын бири Хазрети Пайгамбарыбыздын жубайы Хазрети Умму Салама эле.

Зу’л-Хулайфа деген жерге келгенде, ихрамга киришип, бешим намазын окушат.

Андан соң союла турган төөлөрдүн кулактарына белги салынып, моюндарына жип байланат. Бул төөлөр Нажия-т-убну Жундуб Асламия баш болгон топко тапшырылды. Аббад бин Бишр жыйырма атчан жоокерге башчы болуп, жолдун коопсуздугун текшерип келүүгө милдеттендирилет. Ал эми Бушр бин Суфян Меккеге жагдайды билип келүү үчүн жөнөтүлөт.

Ихрамга оронгон сүйүктүү Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам менен каарман сахабалары аппак ихрамдарга оронгон бойдон Аллаху таалага чексиз шүгүр келтирип, Анын чексиз улуулугун даңазалап, жалбара баштайт: **“Л**аббайк**! Алл**ахумма лаббайк**! Л**аббайк**! Л**аа шариика лака лаббайк**!** Иннал хамда**,** ванни’мата лака вал**-**мулка лаа шариика лак**!”** деген талбия менен асман-жерди жаңыртып, Зу’л-Хулайфаны нурга бөлөп бараткан эле. Баары толкунданып, тезирээк Меккеге баруу үчүн Зу’л-Хулайфадан чыгышты.

Хазрети Омар менен Хазрети Саад бин Убада жолдо баратышып, Расулуллах алейхиссаламга жакындап: “Йа, Расулуллах! Сиз менен менен согушууга даяр турган адамдарга курал-жараксыз барабызбы? Мушриктердин сизге кол салып, зыян келтирип коюшунан коркобуз!... – деп тынчсызданганын айтышат. Хазрети Пайгамбарыбыз: **“**Мен умрага ниет кылдым**.** Умрага ниет кылган соң**,** курал-жарак алгым келбейт**!”** – деп жооп берет.

Жолчулук тыныч өттү. Жолду ката учураткан урууларды Пайгамбарбыз Исламга чакырып бара жатты. Кээ бири кабыл алуудан тартынып, кээ бири болсо белек-бечкектерин берип жөнөтүп жатышты. Ушинтип олтуруп жолдун жарымы артта калып, Усфандын арка тарабында жайгашкан Гадирул-Аштат деген жерге келишет. Алдын ала меккеликтерге кабар жеткирүүгө милдеттендирилген Бушр бин Суфян да курайш уруусунун аттуу-баштуулары менен жолугуп кайтканда ушул жерде Пайгамбарыбызга жолугуп, баарын төкпөй-чачпай айтып берет: “Йа, Расулуллах! Курайш уруусу сиздин келээриңизди угушуптур. Корkконунан Мекkенин тегерегиндеги уруулардын аттуу-баштууларына дасторкон жайып, алардан жардам сурашыптыр. Эки жүз кишилик атчан кошуунун жолго чыгарышыптыр. Бул жердеги уруулар курайштын өтүнүчүн кабыл алып, Балдах деген жерде топтолушту. Сизди Меккеге киргизбөө үчүн ант ичишти!”

Бул кабарга Хазрети Пайгамбарыбыз ачууланып: “Курайштын күнү бүттү. Согуш алардын түбүнө жетти... Курайш мушриктери өздөрүн дале күчтүү сезип жатабы? Валлахи, Аллаху таала жаюу үчүн мага жүктөгөн бул динди үстөм кылганга чейин башым аман-соо турган чакта алар менен кармашуудан эч качан баш тартпайм!” – дейт.

Андан соң каарман сахабаларына кайрылып, бул маселе боюнча көз караштарын сурайт. Бүт жан дили менен өздөрүн Расулуллахга тапшырган кутман сахабалар: “Эң туурасын Аллаху таала жана Расулу билет. Жаныбыз сизге курман, йа, Расулуллах! Биз Байтуллахты (Каабаны) айланып таваф кылуу үчүн гана жолго чыктык. Бирөөнү өлтүрүү, же бирөө менен кармашуу үчүн бараткан жокпуз. Бирок, Каабага зыярат кылышыбызга тоскоол болушса, алар менен сөзсүз түрдө кармашып, максатыбызга жетебиз!... – деп жооп беришет.

Кутман сахабалардын мындай тайманбас эр жүрөктүүлүгү сүйүктүү Пайгамбарыбызды аябай кубантты. Анан: “Кана, андай болсо Аллаху тааланын аты менен алга жүргүлө!...” – дейт. Кутман сахабалар Хазрети Пайгамбарыбызды ортого алып: “Лаббайк! Аллахумма Лаббайк!...” - деп талбия, “Аллаху акбар, Аллаху акбар!...” - деп такбир айтышы, Меккени көздөй сапарларын улашат.

Бешим намазынын убагында Хазрети Билал-и Хабаши мукам үнү менен азан айтып, намаздын убагы киргенин жар салды эле.

Бул учурда эки жүз кишилик курайштын атчан кошууну ал жерге жетип келген болчу. Мекке менен сахабалардын ортосуна түшүп, колсалууга даярдана баштады. Ошого карабастан Хазрети Мухаммед саллаллаху алейхи васаллам кутман сахабаларынын алдына өтүп намазга турушат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын аркасында беш жүзгө жакын сахабанын аппак кездемеге оронуп, кыямда турганы, рукуга ийилгени, саждага баш койгону сырттан караган адамга өзгөчө сезим тартуулай турганы талашсыз эле. Өзгөчө баары бир болуп, саждага кылуулары үлкөн аска тоонун ийилип, кайра түздөлүүсүнө окшош эле.

Алардын Аллаху тааланын астында ыйык маңдайын жерге коюп, сажда кылып жатканына алыстан карап турган кээ бир мушриктердин жүрөктөрү Исламга жибий баштады. Кутман сахабалар эки тарабына салам берип, намаздарын окуп болгон соң мушрик кошуунунун башчысы: “Мусулмандарга дал ушул намаз окуп жаткан кезинде чабуул койгонубузда, бир тобун өлтүрмөк элек!... Алар намаз окуп жатканда эмне үчүн чабуул койгон жокпуз?” - деп өзүнчө нааразы болуп, анан: “Кабатыр болбогула, баары бир булар бала-чакасынан да, өздөрүнөн да артык көргөн намаздарына дагы турушар!..” - деп дагы бир мүмкүнчүлүктөн күдөрүн үзбөсүн башкаларга билдирди.

Аллаху таала алардын бул сөздөрүн Жабраил алейхиссалам аркылуу вахи жиберип, Пайгамбарыбызга билдирди.

Келген аят-и каримада мындай деп айтылат: **“(Эй, сүйүктүү кулум!) Сен да алар менен бирге болуп, аларга (сахабаларга) намаз окута турган болсоң (аларды эки бөлүккө бөл), бир бөлүгү сени менен бирге (намазда, калгандары душмандын каршысында) турсун. Куралдарын алсын. Сени менен намазда болуп, бир рекет намаз окугандар (намазды буза турган иш-аракеттерден сактанып) душманга каршы барсын. Андан кийин намазды окуй элек болгон экинчи бөлүк келип, экинчи рекетти сени менен бирге окусун жана алар соотторун, коргонуусу курал-жарактарын өздөрү менен алсын. (Ташаххудды сени менен бирге окушсун. Сен салам бергенде алар салам бербестен душманга каршы барсын, алдында бир рекет окугандар кайтып келип, өздөрү дагы бир рекет окуп, салам беришсин. Экинчи рекетти имам менен окугандар да кайра келип, дагы бир рекет окуп, намазды бүтүрүп, салам**

**беришсин.) Капырлар силер кароосуз турганда күтүүсүздөн келип, чабул жасоону каалашат. Эгер силерге жамгырдан улам бир кыйынчылык келсе же ооруп калсаңар, куралдарыңарды таштап коюнун бир зыяны жок. Чындыгында, Аллаху таала капырларга катуу азабын даярдап койгон.”** (Ниса сүрөсү, 102).

Асыр намазынын убагы кирип, Хазрети Билал кайрадан азан айтканда курайштык атчандар дагы Мекке менен кутман сахабалардын ортосунда чабуул коюуга камдана башташты. Пайгамбарыбыз жаңы түшкөн аятка ылайык сахабаларына намаз окутту.

Кутман сахабалардын минтип намаз окуганына мушриктер аябай таң калышат. Аллаху таала алардын жүрөгүнө корку салды. Алар бул учурда эч нерсе кыла алышкан жок. Мекеге кабар жөнөттүү үчүн ал жерден кетишти. Пайгамбарыбыз бул жерден кутман сахабалары менен бирге Худайбия деген жерди көздөй сапар улайт.

Ыйык Мекке шаарынын чек арасына келгенде Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын төөсү Кусва эч бир себепсиз чөк түшүп жатып алды. Аны тургузууга канча аракет кылышса да, ордунан козголбоду. Анда Хазрети Пайгамбарыбыз: “Анын мындай чөк түшүп жатып алчу адаты жок. Бир убактарда (Абраханын) пилин Меккеге киришине уруксат бербеген Аллаху таала азыр да Кусвага уруксат берген жок. Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Аллаху таалага ант берип айтамын! Аллаху таала Харам аймагында арам кылынган (согушуу, кан агызуу сымал нерселерден баш тартуу) нерселерден кайсынысын курайш уруусу менден талап кылса, мен алардын бул талабын сөзсүз түрдө аткарам!” – дейт.

Андан соң төөнү чылбырынан тартаары менен атып турду. Харамдын (Меккенин) аймагына кирбестен, дал чек арада орун алган Худайбияга келип токтоду. Пайгамбарыбыз сахабалары менен суусу аз болгон бул жерде коноктошту.

Хазрети Пайгамбарыбыздын чатырын ыйык Меккенин аймагынын сыртына курушту. Сахабалары менен бирге ушул жерде күтө башташты. Кутман сахабалар намаз убактысы болгондо, намаздарын Меккенин чек арасына өтүп окуп жатышкан эле. Ошол учурда кудукта ичкенге да, даарат алганга да суу калбаган эле. Болгону Хазрети Пайгамбарыбыздын кумганында калган эле. Кыйын абалда калган уутман сахабалар: “Жаныбыз сизге курман,

йа, Расулуллах! Суу сиздин кумганыңызда гана калды. Курудук го!” – дешти.

Анда Хазрети Пайгамбарыбыз:***“Мен** силердин араңарда турган чакта силер курубайсыңар**!”*** – дейт да, “Бисмиллах” – деп, кут даарыган колун кумгандын үстүнө койду. Андан соң колун өйдө көтөрүп: **“**Кана**,** алгыла**!...**” - дээри менен манжаларынын арасынан шылдырап туптунук суу ага баштады. Кутман сахабалар андан суусуну канганча ичишип, дааратын алып, чаначтарынын баарын толтуруп, мал-жандыктарын сугарып алышты. Кутман сахабаларын ууртунан жылмайып карап турган ырайымдуулуктун Пайгамбары саллаллаху алейхи васаллам Аллаху аaалага чексиз шүгүр келтирет.

Ошол күнү ошол жерде болгон Хазрети Жабир бин Абдуллах: “Биз ал күнү ошол жерде миң беш жүз киши болчубуз. Эгер ошол жерде жүз миң киши болсок да, ал суу баарыбызга жетмек!” - деген.

## Рыдван анты

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Худайбияда мушриктердин аткаминерлерин күтүп жаткан кезде, башынан бери эле мусулмандар менен сый мамиледе келе жаткан Хузаа уруусунун башчысы Будайл келип, Курайш кошуунуна кошуна уруулар да кошулуп, кашык каны калганча салгылашууга ант ичишкенин айтты. Хазрети Пайгамбарыбыз: **“***Биз* **б***ул жерге эч* **к***им менен согушууга келген жокпуз. Болгону умра кылып, Каабаны зыярат кылуу үчүн гана келдик. Бирок кимде-ким бизге Байтуллахты* **(***Каабаны***)** **з***ыярат кылуубузга тоскоол болсо, аны менен кармашабыз. Ырас***,** *удаама***-у***даа болуп келе жаткан согуштар Курайш уруусун алсыратып, ал-күчтөн алды***.** *Эгер алар каалашса, аларга мөөнөт берейин***.** *Бул мөөнөт аралыгында мен аларга тийбейин***.** *Алар мени менен башка араб урууларынын ортосуна кирбесин***.** *Аларды мага коюп беришсин.Эгер мен жеңишке жетип***,** *Жараткан Аллах аларга хидайат жолун* **н***асип кылып, мусулман болушса, Курайш уруусу да кааласа, алардын аркасынан мусулман боло алышат. Эгер мен жеңиле турган болсом, анда алардын демине дем кошулуп, күч табат. Эгерде Курайш мушриктери бул сунушту кабыл албай, мени менен салгылашууга бел байлай турган болсо, жанымды чексиз кудуретинде кармап турган*

*Аллаху таалага ант берем! Ислам динин жаюу үчүн кашык каным калганча алар менен кармашам. Арийне, Жараткан Аллах таалам да мага жардамы тууралуу убадасын калетсиз орундайт*! – дейт.

Хузаа уруусунун башчысы Хузайл Расулуллах алейхиссаламдын айткандарын баарын Курайш уруусуна жеткирүү үчүн жолго чыгат. Мушриктер Хазрети Пайгамбарыбыздын айткандарын Будайлдан уккан соң, Урва бин Масууд аттуу абройлуу адамын Пайгамбарыбыз менен бетме-бет сүйлөшүп келүүгө жөнөтүшөт. Урва Хазрети Пайгамбарыбыздын алдына келип, Курайш уруусу эч кимди Меккеге киргизбөөгө олуттуу экендиктерин айтканда Хазрети Пайгамбарыбыз: **“Эй, Урва!** Аллах үчүн айтчы, мына бул курмандыкка деп алынып келген төөлөрдү союуга**, К**аабаны **т**аваф **к**ылып**, з**ыяратка барууга тоскоолдук болобу**?”** – деп, Хузаа уруусунун башчысына айткандарын Урвага да түшүндүрдү.

Урва бир тараптан Пайгамбарыбыз алейхиссаламды тыңдап, экинчи тараптан да сахабалардын жүрүм-турумуна, бири-бирилерине жана Ааламдардын Мырзасына карата мамилелерине, сый-урматтарына көңүл буруп турду. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын сунушун тыңдаган соң ордунан туруп, курайштыктарга жагдай тууралуу кабар берүү үчүн жолго аттанды. Аларга барып: “Эй, Курайш эли! Менин Кайсар, Нажаши, Кисра сыяктуу бир топ өкүмдарга элчи болуп барганымды билесиңер. Ант берип айткым келет, мен ушул күнгө чейин мусулмандардын Мухаммедге көрсөткөн урмат-сыйын эч бир өкүмдардын алдынан көргөн жокмун. Мусулмандардан эч бири андан уруксатсыз сүйлөшпөйт жана башынан бир кыл түшсө дароо алып, берекеттенүү үчүн коюнуна салышат. Жанында сүйлөшкөндө үнүн бийик көтөрүшпөйт. Сүйлөгөндө урматтарынан улам бетин карашпайт жана жерди карап турушат. Ал сахабаларына бир ишарат кылса же бир буйрук берсе, жандарынан кечип болсо дагы аткарууга аракет кылышат.

Эй, Курайш жамааты! Колуңарга канча болсо да кылыч кармасаңар да, бардык чараларды колдоп көрсөңөр да алар силерге пайгамбарынын бир тал чачын дагы карматпас. Жада калса, кандайдыр бир зыян келүүсүнө, эч кимдин колунун учун тийгизүүгө жол беришпейт. Андыктан Мухаммед бизге жакшы сунуш айтып жатат. Мындан пайдаланып калалы!” – деди.

Курайш мушриктери Урванын айткандарын кабыл албай, акарат кылышып, таарынтышты.

Хазрети Пайгамбарыбыз алейхиссалам Курайш уруусунан кабар келбеген соң Хираш бин Умаййаны сунушун кайра билдирүү үчүн элчи катары жөнөтөт. Мушриктер Ислам элчисин келекелеп, минип келген төөсүн мууздап жешти. Өзүнө да кол салууга аттанышты. Алардын колунан арaңдан зорго кутулган Хазрети Хираш бин Умаййа Хазрети Пайгамбарыбызга келип жагдайды түшүндүргөндө элчисине кылынган бул мамиледен улам абдан таарынды.

Ошол учурда алыстан мушриктер жактан Ахабиш уруусунун башчысы Хулайс көрүндү. Хазрети Пайгамбарыбызды көздөй келе жаткан эле. Мушриктер аны элчи катары жөнөтүшкөн эле. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Хулайстын келгенин көрүп: **"**Бул адам курмандыкка сый көрсөткөн**,** Аллаху тааланын **б**уйруктарын аткарууга, ибадат кылууга ыктаган коомдон**.** (Эй, сахабаларым!) Курмандыкка алынып келген төөлөрдү бул адамды көздөй айдагыла**, к**өрсүн**!"** – деди. Кутман сахабалар төөлөрүн Хулайсты көздөй кое беришет да: "Лаббайк! Аллахумма Лаббайк!.." – дешип, талбия айтышты.

Хулайс моюндарында белги салынган жиби бар, курмандык төөлөрүн көрүп:

"Демек, мусулмандардын Каабаны таваф кылып, зыяратка баруудан башка ниеттери жок. Аларды мындан тосуу өтө жаман иш! Каабанын Кудайына ант ичем, Курайш уруусу бул жаңылыш иштеринен улам бир балээге калат!" - деп күбүрөнүп тура калат. Бул сөздөрдү угуп турган Хазрети Пайгамбарыбыз: **"Ооб**а**,** ошондой**,** эй**,** Кинана уулдарынан болгон бурадар!" –деди. Хулайс уялганынан башын жерге салып, оозунан сөзү түшкөн бойдон курайшка өз көзү менен көргөндөрүп айтып барып: "Силердин ага Каабаны зыярат кылышына тоскоол болушуңар туура эмес деп ойлойм", – деди. Курайш мушриктери ага абдан ачууланып, аны наадан деп айыпташты.

Мушриктер бул сапар зөөкүрлүгү менен таанымал Микраз бин Хафсты элчи кылып жөнөтүшөт. Ал дагы ошол эле жоопту алып кайтат. Микраздын элчилигинен соң мушриктер мусулмандар тарабынан күтүүсүз жерден бир чабуул болуп калышынан коркушту.

Хазрети Пайгамбарыбыз ишти толук аягына чыгаргысы келип, Курайш уруусунун алдында кадыр-баркы бар сахабасын

жөнөтмөкчү болду. Акырында Хазрети Османдын барышын туура көрдү. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Хазрети Осман бин Аффанга кайрылып: **"Биз бу жерге эч ким менен согушууга келген жокпуз. Болгону Каабаны таваф жана зыярат кылуу үчүн гана келдик. Курмандыкка ала келген төөлөрүбүздү союп болгон соң, артка кайтабыз деп айт! Андан кийин аларды Исламга чакыр!" –** деди. Айрыкча эми Меккедеги мусулмандарга жакын арада Мекке мусулмандардын колуна өтө тургандыгы кабарын билдирүүсүн эскертти.

Хазрети Осман мушриктерге барып, Хазрети Пайгамбарыбыздын айткандарын толугу менен жеткирди. Алар Хазрети Османдын да сунушуну четке кагышты. Мындан сырткары, кааласа бир гана өзүнө Каабага зыярат кылуусуна уруксат берээрин айтышты. Хазрети Осман болсо аларга: "Расул алейхиссалам Байтуллахты таваф кылмайынча, мен дагы таваф кылбайм!" – деп жооп кайтарды.

Бул жоопко ачууланган мушриктер аны камап коюшту. Бул кабар сахабаларга "Осман шейит кылынды" болуп жетип барды. Хазрети Пайгамбарыбыз муну угуп, терең кайгыруу менен: **"**Эгерде бул кабар туура болсо, булар **м**енен согушмайынча бул жерден эч жакка кетпейбиз**!"** - деди. Андан соң ошол жерде Самура деп аталган дарактын алдына отуруп: **"**Аллаху **т**аала мага биат (ант) кылышыңарды буйрук кылды**!"** - деп кутман сахабаларын сөз берип, биат кылууга чакырды.

Тайманбас эр-жүрөк сахабалар Хазрети Пайгамбарыбыздын куттуу колуна коюп:

**"**Аллаху таала сизди жеңишке жеткиргенге чейин колубуздан келишинче душман менен кармашып жеңишке жетүү үчүн**,** же кашык каныбыз калганча согушуп, шейит кетүү үчүн биат кылдык**!"** деп сөз беришти. Пайгамбарыбыз алейхиссалам бир колун экинчи колунун үстүнө коюп, ал жер жок болгон Хазрети Османдын ордуна биат кылды. Расул-и акрам саллаллаху алейхи васаллам кутман сахабалардын бул биатына абдан ыраазы болуп: **"**Бу дарактын алдында чын жүрөктөн биат **к**ылгандардын бирөөсү дагы Тозокко түшпөйт**!"** – деди. Бул биат **"**Биат**-ы** Ридван" деп аталды.

Ошентип кутман сахабалар радыйаллаху анхум кылычтарын чыгарып, Пайгамбарыбыздын бир ооз сөзүн гана күтүп турушту.

Бул учурда мусулмандарды аңдып жүргөн курайштын тыңчылары мужахиддердин Пайгамбарыбызга ушул жолдо шейит болгонго чейин согушууга ант беришкенин жана дайындык көрө баштаганын көрүштү. Дароо Курайш ордосуна барып, бул биатты айтып келишти.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Худайбияда күн сайын ар түрлүү кооптуу кырдаалдын алдын алып, кутман сахабаларын коргоо үчүн күзөтчүлөрдү дайындап турган эле. Хазрети Осман туткунга алынган күндөрдүн бир түнүндө Микраздын кол башчылыгы алдында элүү кишиден турган мушриктер тобу мусулмандардын уктап жаткан жеринен басуу үчүн кол салышты. Ошол түнү Мухаммад бин Масламанын башчылыгы алдындагы кутман сахабалар күзөттө эле. Келген капырларды кыска убакыттын ичинде баарын бирдей кармашты. Араларынан Микраз гана кача алды. Туткундарды Пайгамбарыбыздын алдына алып келишти. Бир бөлүгү кармалып, бир бөлүгү коё берилет. Мушриктер эртеси түнү дагы мусулмандарды уктап жаткан жеринен басууга аракет кылышты. Бирок бул жолу да колго түшүп калышты. Пайгамбарыбыз буларды кечирип, коё берип жиберди.

## Куткарыңыз мени, йа, Расулаллах!...

Ислам кошууну күнү-түнү согушка даяр турганын, андыктан алардын ар качан чабуул коюу ыктымалы жогору болгонун түшүнгөн капыр кошууну эми сестенип, келишимден башка жол калбаганын түшүнүп, дароо элчилердин тобун түзүүгө киришти. Сухайл бин Амрдын башчылыгы алдында тандалып түзүлгөн бул топко: “Бул жылы Меккеге кирбей туруу шарты менен келишим түзгүлө!” – деп айтылды.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз курайштын элчилерин кабыл алды. Элчилердин алгачкы талабы туткундалган адамдарын бошотуу болду. Пайгамбарыбыз: **“Меккеде кармалган сахабаларымды коё бермейинче, бул адамдарыңарды да коё бербейм!” –** деди. Сухайл: “Чынында сиз бизге абдан калыс мамиле жасадыңыз!” – деп, дароо Меккеде туткунда болгон Хазрети Осмон баш болгон он чакты сахабаны коё бердиртет. Андан соң кол салуу учурунда камакка алынган мушриктер да коё берилет.

Узакка созулган сүйлөшүүдөн кийин бир жыйынтыкка келишет. Кезек келишимдин кагаз бетине жазылышына келген эле.

Хазрети Али катчы болуп дайындалды. Тынчтык келишимин жазууга кагаз, жыгач калем даярдалат. Ааламдарга ырайым кылып жөнөтүлгөн Пайгамбарыбыз(саллаллаху алейхи васаллам) Хазрети Алиге: **“Жаз!”** – деди. **“Бисмиллахиррахманиррахим!”** Сухайл буга дароо каршы чыгып: “Ант ичем, мен Рахман деген сөздү түшүнбөйм. Антип жазба. “Бисмика аллахумма” деп жаз! Болбосо, тынчтык келишимине барбайм!” – деди. Хазрети Пайгамбарыбыз бул тынчтык келишимден өтө терең сырларды көрүп турган эле. Ошондуктан: **“Бисмика аллахумма дагы жакшы сөз!” -** деди да, Хазрети Алиге ошондой жазышын буйрук кылды. Бул сөз жазылган соң Хазрети Пайгамбарыбыз: **“Бул - Мухаммед Расуулуллах менен Сухайл бин Амрдын ортосунда келишип түзүлгөн жана шарттарын аткарууга эки тараптуу кол коюлган пункттар!”** – дегенде Сухайл Хазрети Алинин колун кармап, Пайгамбарыбызды карап: “Ант берип айтам, Биз сенин Аллахтын элчиси болгонуңду кабыл алганыбызда сага каршы чыкпай, Каабага зыярат кылышыңа тоскоол болбос элек. Андыктан “Аллахтын элчиси” дегендин ордуна “Абдуллахтын уулу Мухаммед” - деп жаздыр!” – деди.

Хазрети Пайгамбарыбыз муну да кабыл алып: **“Валлахи, силер мага ишенбесеңер да, мен Аллаху тааланын Элчисимин! Менин атымды, жана атамдын атын жаздыруу менин пайгамбарлыгым жокко чыгарбайт! Йа, Али! Муну өчүрүп, ордуна “Мухаммед бин Абдуллах” деп жаз!”** – деп буюрду.

Расулуллах сөзүнүн өчүрүлүшүнө сахабалардан эч кимдин көңүлү ыраазы болбоду. Заматта бүт нерсени унутуп: “Йа, Али! Мухаммед Расулуллах деп жаз! Антпесе бул мушриктер менен арабыздагы ишти бир ганан кылыч чечет!...” – дешти. Пайгамбарыбыз алейхиссалам сахабаларынын бул кайратына ыраазы болду, бирок ыйык колдору менен үн чыкпагыла деген мааниде белги кылды. Хазрети Алиге өчүрүүсүн буйрук кылганда ал: “Жаным сизге курман болсун йа, Расулуллах! Сиздин бул куттуу сыпатыңызды өчүрүүгө колум барпай турат!...” – деп кечирим сурады. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ошол жерин көрсөтүүсүн сурады. Көрсөткөндө колунан алып, ыйык манжасы менен өчүрүп, Абдуллахтын уулу деп жазды.

Андан соң келишимдин шарттары жазыла баштайт:

1- Келишимдин мөөнөтү он жыл. Бул жылдардын аралыгында эки тараптын ортосунда согуш болбойт!

2- Мусулмандар бул жылы Каабаны зыярат кылышпайт. Бирок келээрки жылы зыярат кыла алышат.

3- Каабаны зыярат кылууга келген мусулмандар Меккеде үч күн болушат. Сапардагы курал-жарактарынан сырткары согушка даярдалган курал-жарактары алынып келбейт.

4- Мусулмандар Каабаны таваф кылып жаткан кезде меккелик мушриктер Каабанын сыртына чыгып турушуп, алардын жайбаракат таваф кылууларын камсыз кылышат.

5- Курайштыктардан мусулман болгон адам валисинин уруксатысыз Мадинага журт которсо, алар кайтарылат. Ал эми мусулмандардан Курайш тарапка өткөндөр Меккеге келсе, алар Мадинага кайтарылбайт. Хазрети Омар бул шартты угуп: "Йа, Расулуллах! Бул шартты да кабыл аласызбы?" – деп сурады. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ууртунан жылмайып: **"Ооба, бизден аларга өтө тургандарды Аллаху таала бизден алыс кылсын!"** – деди.

6- Сахабалардан бирөө ажылык же умра ибадатын аткаруу үчүн Меккеге келсе, ал мал-жаны менен коопсуздукта болот.

7- Мушриктерден бирөө Шамга, Мысырга же башка жерге баратып, Мадинага кайрылса, анын да мал-жаны коопсуздукта болот.

8- Башка араб уруулары каалаган тараптын карамагына кире алышат. Каалашса мусулмандар менен, каалашса мушриктер менен бирге боло алышат.

Ошентип келишимге кол коюу учуру келген эле. Дал ошол учурда алыстан Ислам кошуунун көздөй бутундагы чынжырларын араңдан зорго сүйрөп келе жаткан бир адам көрүндү. Илең-салаң болуп бутун эптеп шилтеп олтуруп жеткен бул адам: "Мени куткаргыла!.." - деп кыйкырды. Муну уккан Сухайл дароо ордунан обдула туруп, колуна тикендүү бактын бутагын сындырып ала коюп, аны башка-көзгө койгулап кирди. Байкуш адам бүт күчүн топтоп, Хазрети Пайгамбарыбызды көздөй качып, тизесине жабыша калып: "Куткарыңызчы мени йа, Расулуллах!..." – деп жалбарды. Бул Меккеде мусулманчылыкты кабыл алгандыгы үчүн атасынан тарабынан чынжырга салынган бир мусулман эле. Ага күн сайын кордуктун түрү көрсөтүлүп, путтарга сыйынууга мажбурланчу. Мушриктердин Худайбияга кеткенинен пайдаланып, чынжырын үзүп, эч кимге сездирбей Меккеден чыгып, мусулмандардын

арасына келгендеги кербези эле. Хидайатка жеткен кутман киши дал азыркы мушрик топтун башчысы Сухайлдын уулу Абу Жандал болчу. Сухайл Пайгамбарыбызга кайрылып, уулу Абу Жандалды көрсөтүп: “Азыр түзүлгөн келишимге ылайык, мага кайтара турган алгачкы адамың – мынабу болот!” – деди.

Хазрети Пайгамбарыбыз да, кутман сахабалар да аябай боору ооруп, өкүнүштү. Ал жердегинин баары Пайгамбарыбыздын жообун күтүп турушту. Бир жагынан түзүлүп калган келишим, экинчи жагынан кордуктун түрүн көргөн кутман сахаба... Ааламдардын Мырзасы Сухайлга кайрылып: **“Биз бул келишимге али кол коё элекпиз!”** – деди. Сухайл: “Йа, Мухаммед! Келишимдин шарттарын уулум бул жерге келгенге чейин жазып бүтүргөн элек. Эгер уулумду кайтарып бербесең, анда мен бул келишимге эч качан кол койбойм!” – деп туруп алды.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Аны мен үчүн келишимдин сыртында кабылда!”** – деп суранса да мушриктер макул болбой коюшту. Сухайл бин Амр болсо уулун башка-көзгө койгулап, алып кетип бараткан кезде Абу Жандал: “Йа, Расулуллах! Йа, мусулман бир туугандарым!... Мусулман болуп, силерге качып келсем, мени өз колуңар менен мушриктерге салып бересиңерби? Мага күн сайын кордуктун түрү көрсөтүлүшүнө ыраазысыңарбы? Йа, Расулуллах! Мени буларга динимден кайтарсын деп берип жатасызбы?!...” – деп ызасына чыдай албай кыйкырып жатты.

Сай сөөктү сыздаткан бул сөздөргө чыдоо өтө оор эле. Көңүлдөрү жараланган сахабалар ыйлай башташты. Ырайымдуулук дарыясы, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын да көзүнөн жашы тегеренип, Сухайлдын жанына барып: **“Андай кылбагын! Аны мага берчи!”** – деп өтүндү. Бирок Сухайл: “Жок, бербейм!” – деп жооп берди.

Андан соң сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **“Эй, Абу Жандал! Бир аз сабыр кыл! Сага көрсөтүлгөн кордуктарга чыда! Мунун үзүрүн Аллаху тааладан тиле! Аллаху таала сага окшогон алсыз жана аргасы түгөнгөн мусулмандарга сөзсүз түрдө жардам берет!”** – деп көңүлүн көтөрдү да: **“Берген сөзгө турбоо бизге жарашпайт!” –** деди.

Ушундай аянычтуу окуяга мушриктердин өзү дагы чыдап тура албай: “Эй, Мухаммед! Абу Жандалды сен үчүн биз өз камкордугубузга алабыз. Ага Сухайлдын азап көрсөтүүсүнө

жол бербейбиз!” – деп айтышты. Анан соң Расулуллах менен сахабаларынын көңүлү бираз болсо да тынчтанды. (Сухайл бин Амр Мекке алынгандан кийин мусулман болуп, сахабалардан болду.)

Ошентип эки тараптын колу коюлган тынчтык келишим эки нускада жазылды. Мушриктер артына кайтышты.

Мусулмандар үчүн зыяндуу көрүнгөн бул келишимдин шарттарын окуган Курайштык топ ичтеринен кымыңдап кубанышты. Бирок чындыгындабул келишим мусулмандар үчүн чоң жеңиш жана мусулмандардын пайдасына эле. Баарынан мурун алар мусулмандардын өз алдынча мамлекет болгонун кабыл алып жаткан эле. Келишимге ылайык, Меккелик бир мушрик соода кылуу үчүн же башка максатта Шамга, Мысырга баратып, Мадинага кайрылган кезде мал-жаны коопсуздукта болмок. Бул учурда мушриктер мусулмандардын жашоосу менен жакындан таанышып, Исламдын калыстыгына, адилеттүүлүгүнө күбө болуп, кутман сахабалардын бири-бирине болгон адептүү мамилесин көрүп, Исламга жибимек. Ошентип алар акырындык менен мусулман болуп, кутман сахабалардын катарын толуктамак.

Он жылга чейин созула турган бул келишимдин негизинде мусулмандардын катары калыңдап, кутман сахабалардын демине дем, күчүнө күч кошулуп, Ислам дини алда канча кеңири чөйрөгө таркамак.

Бирок, келишимдин “курайштыктардан мусулман болгондор Мадинага журт которсо, алар кайра Меккеге кайтарылат” - деген шартына Хазрети Пайгамбарыбыз да өкүнүп: **“Аллаху таала аларга сөзсүз түрдө бул кыйынчылыктан чыга турган жол ачар!”** - деп үмүттөнгөн…

Эми мушриктер менен кыла турган бир иш калбаган эле туруунун кажети жок эле. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кутман сахабаларына кайрылып: **“Тургула! Төөлөрүңөрдү курмандыкка чалгыла! Чачыңарды кырдырып, ихрамдан чыккыла!”** – деп буйрук берет. Пайгамбарыбыз төөсүн алгач өзү курмандыкка чалды. Андан соң чачтарачы Хираш бин Умаййага чачын алдырды. Кутман сахабалар ошол учурда Пайгамбарыбыздын куттуу чачтарын жерге түшүрбөй, ар кими насибинче алып, таберик кылып сактап алышты. Андан соң алар дагы Пайгамбарыбыздын аркасынан төөлөрүн курмандыкка

чалып, бир бөлүгү чачын кырдырса, бир бөлүгү кыскартып, ихрамдан чыгышты.

Худайбияда жыйырма күндөй турушкан эле. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кутман сахабалары менен бирге Мадинаны көздөй бет алышты. Жолдо бараткан кезде Аллаху таала “Фатх” сүрөсүн түшүрүп, жакын арада мусулмандарды чоң немат жана жардамыга жеткизе турганын сүйүнчүлөдү.

Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) жеңишке жетип, нур жааган Мадина шаарына аман-эсен жеткен күндөрдө Курайштын сакиф уруусунан Абу Басир ыйманга келип, мусулман болгон эле. Мушриктердин арасында жашай албашына көзү жеткен Абу Басир Мадинага жөө келген эле. Худайбия келишимине ылайык, ал Мадинадан чыгып Кызыл деңиздин боюндагы Ис деген жерге барып жайгашты.

Бул жер Курайш мушриктеринин Шамга кетчү кербендери өтө турган жер эле. Мындан кийин курайштан мусулман болгондор Меккеден чыгып, Мадинага эмес, Иске Абу Басирдин жанына барчу болушту. Булардан биринчиси Хазрети Абу Жандал эле. Бул нерсенин арты ошентип уланды. Элүү киши, жүз киши, эки жүз киши деп олтуруп, Истеги мусулмандардын саны үч жүзгө жетти. Курайш кербени Шамга бараткан кезде дал ушул жерден өтүүгө аргасыз эле. Абу Басир хазиреттери баш болгон мусулмандар өтүп бараткан мушриктердин жолун бөгөп, алгач Ислам динине чакырган, кабыл албагандарына күч колдоно турган.

Меккелик мушриктер Шамга барчу соода жолунун тосулганын көрүшүп, Мадинага бир кеңешме тобун жөнөтүштү. Алар Худайбия келишиминдеги: “Курайштыктардан мусулман болгондор валисинин уруксатысыз Мадинага барса, кайтарылат...” - деген шартты чыгарып салууну суранышты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) алардын суранычын орундап, аталган шартты келишимден чыгартып салды. Ошентип курайштыктардын Шамга барчу кербендеринин жолу ачылган болду. Мусулмандар да кылган сабырдуулуктарынын натыйжасында Мадинага, Пайгамбарыбыздын жанына барышты.

## ЧАКЫРУУ КАТТАРЫ
## Бийлөөчүлөргө жиберилген каттар

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Худайбиядан кайтып келген соң алгач коңшу мамлекеттердин өкүмдарларына элчи жөнөтүп, аларды Исламга чакырууну көздөйт. Хазрети Дыхия Калбини (радыйаллаху анх) Византияга, Амр бин Умаййаны (радыйаллаху анх) Хабашстанга, Хатиб бин Абу Балтааны (радыйаллаху анх) Мысыр өкүмдарына элчи кылып жиберди. Мындан сырткары ушул эле милдет менен Салит бин Амрды (радыйаллаху анх) Йамамага, Шужа бин Вахбды (радыйаллаху анх) Гассанга, Абдуллах бин Хузафаны (радыйаллаху анх) Иран өкүмдарларына жиберди.

Бул элчилер сахабалардын тандалуулары эле. Келбеттүүлөрү, сөзгө чечендери болчу. Ар бир бийлөөчүгө бөлөк-бөлөк Исламга чакыруу каттары жазылды. Пайгамбарыбыз каттардын астына шакегинин бетинде үч катар кылып «Аллаху тааланын расулу Мухаммед алейхиссалам» деп жазылган мөөрүн басты. Бийлөөчүлөргө жибериле турчу элчилер таң эрте уйкудан турганда Пайгамбарыбыздын мужизасы менен бара турчу элдеринин тилин билген адамдар болуп ойгонушту.

Хабашстанга бара турчу Амр бин Умаййа Нажаши Асхамадан андан мурда ал жерге хижрат кылган сахабалардын Мадинага кайтарылуусун дагы сурамак.

Амр бин Умаййа (радыйаллаху анх) кыска убакытта Хабашстанга барып, падыша Нажаши Асхаманын алдына барды. Нажаши тагынан түшүп, катты чоң урмат менен колуна алды. Сүйүп, жүзүнө, сүрткөндөн кийин ачып окуду:

Бисмиллахиррахманиррахим!

Аллаху тааланын расулу Мухаммед алейхиссаламдан Хабаш падышасы Нажаши Асхамага!

Туура жолду кармаган адамга салам! Эй өкүмдар! Саламатта болууңду тилеп, сага берген ниматтарына байланыштуу Аллаху таалага шүгүрчүлүк кыламын. Андан башка илах жок. Ал Малик (бардык ааламда бийликтин жалгыз ээси бир гана Ал), Салам (кулдарын бардык кооптордон коргоочу), Мумин (коопсуздук орнотуучу), Мухаймин (бардык нерсени көзөмөлдөп коргоочу).

Иса *(алейхиссалам)* – Аллаху тааланын өтө таза, намыстуу, ар түрдүү дүнүйөлүк иштерден тартынган Мариямга берген руху менен сөзү. Ушундайча ал Исага боюнда болду. Аллаху таала Адам алейхиссаламды кудурети менен кандай жаратса Исаны да ошондой жараткан.

Эй, өкүмдар! Мен сени теңдеши, шериги жок Аллаху таалага ыйман келтирүүгө, Ага ибадат кылууга жана мага баш ийүүгө, Аллаху тааланын мага жибергендерине ишенүүгө чакырамын. Анткени, мен Аллаху тааланын ушуларды таблиг кылууган милдеттендирген расулумун.

Эми мен сага керектүү таблигди айтып, дүнүйө менен акырет бакытын насыяттадым. Насыятымды кабылдаңыз. Туура жолго түшкөндөргө салам болсун!»

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) катын адеп менен кунт коюп уккан Нажаши Асхама дароо ошол жерден: «Ашхаду ан лаа илаха иллаллах, ва ашхаду анна Мухаммеден абдуху ва расулух» деп калимаи Шахадат айтып мусулман болду. Андан соң ал: «Ант берем, Ал - ыйык китеп берилген яхудилер менен христиандар узак жылдардан бери күтүп келе жаткан, оболку пайгамбарлар келээрин сүйүнчүлөп өткөн Пайгамбар! Эгер анын жанына барганга мүмкүнчүлүгүм болгондо, сөзсүз түрдө барып, ага ак кызматымды өтөмөкмүн – деп колундагы катты адеп менен бир кутучасына салат да: «Бул каттар бул жерде турган чакта Хабашстандан жакшылык-береке кетпейт!» – дейт.

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Нажашиге эки кат жөнөткөн эле. Нажаши Асхама экинчи катта маалымдалган буйруктарды аткарып, Пайгамбарыбыздын жубайы Хазрети Умму Хабибаны жана ал жердеги мубарек сахабаларды кемеге салып, түркүн белек-бечкектерин кошуп Мадинага жөнөтөт. Нажаши Пайгамбарыбызга да кат жазып жиберген эле. Катта ыйман келтирип, Исламды кабыл алгандыгы тууралуу жазылган.

Хазрети Дыхия Калби Византия императорун Исламга чакырууга милдеттендирилген эле. Ал катты Византияга караштуу Бусрадагы Гассандын өкүмдары Хариске, ал болсо Византия императору Гераклиуска бермек.

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) катын адеп менен алган Хазрети Дыхия кыска убакыттын ичинде Бусрага барат. Хариске жолугуп, жагдайды түшүндүрөт. Харис Хазрети Дыхияга

али мусулман боло элек Адий бин Хатамды кошуп, ошол кезде Кудус (Иерусалим) шаарына келген Гераклиуска жөнөтөт. Экөө Кудуска барып, императорго жолуга тургандыгын билдиришет. Императордун адамдары ага:

- Кайсардын алдына киргенинде башыңды ийип киресиң. Жакындаганда

жүгүнүп, маңдайыңды жерге коёсуң! Башыңды жерден көтөрүүгө уруксат берилмейин башыңды жерден көтөрбөйсүң! – дешет. Бул сөздөр Хазрети Дыхияга абдан оор келип, аларга:

-Биз мусулмандар Аллаху тааладан башка эч кимге сажда кылбайбыз (башыбызды жерге койбойбуз). Адамдын адамга сажда кылышы анын табиятына да туура келбейт! – дейт. Кайсардын адамдары:

-Андай болсо, Кайсар сен алып келген катты окумак түгүл, ал жерден сени кууп чыгарат! – дешет. Хазрети Дыхия:

-Биздин Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам бирөөнүн өзүнө сажда кылышы мындай турсун, алдында бир аз ийилип турушуна да уруксат бербейт. Аны менен жолуга турган адам кул болсо да, ага кунт коюп көңүл бурат. Аны жылуу кабыл алып, көйгөйүн угуп, муктаждыгын камсыз кылууга аракет кылат. Мына ошондуктан анын жолун жолдогондун баары эркин, башы тик жана бактылуу! – дейт. Кайсардын адамдарынан бирөөсү:

- Кайсарга сажда кылбасаң, анда мен сага мойнуңдагы милдетиңди аткарышың үчүн башка жол көрсөтөйүн. Кайсардын сарайынын алдында эс ала турган бир жер бар. Ал күн сайын түштөн кийин ошол жерге чыгып эс алат. Ал жерде ар ким өз катын таштай турган жыгачтан жасалган куту бар. Кутуда кат болсо, кайсар биринчи катты алып окуп, андан соң эс алат. Андыктан сен да катыңды ошол кутуга салып, жообун сыртка чыгып күтүп тур! Катыңды алган соң сени чакыртат. Ошентип мойнуңдагы милдетиңди аткарууга шарт түзүлөт, – дейт.

Хазрети Дыхия бул адамдын кеңешине абдан ыраазы болуп, катты айтылган жерге таштап, жообун сыртка чыгып күтүп турат. Гераклиус катты алып, араб тилин билген котормочусун чакыртат. Котормочу Расулаллахтын катын окуй баштайт. Кат:

***«Бисмиллахиррахманиррахим! Аллаху тааланын элчиси Мухаммедден*** *(алейхиссалам)* ***Римдиктердин башчысы Гераклиуска...»*** - деп жазылып баштаган эле. Гераклиустун

инисинин баласы Йаннак буга аябай ачуусу келип, бар күчү менен котормочуну муштап жиберет. Котормочу жерге жыгылып, колундагы каты да жерге түшөт. Гераклиус Йаннакка кайрылып:

-Аны эмнеге урдуң? – деп сурайт. Ал:

-Катынын башында сенин ысмыңдан мурун өзүнүн ысымы менен баштап, сени

«Византиялыктардын башчысы» дептир. Эмне үчүн сени «Өкүмдар» деп жазбаган?! Эмне үчүн кат сенин ысмың менен башталган эмес?! Бул кат бүгүн окулбайт! – деп кыжырданат. Анда Гераклиус:

«Сен өтө акылсызсың же жиндисиң! Сенин мындай экениңди билчү эмес экемин. Мен бул катта эмне бар экенин көрө электе эле жыртып таштагың келип турабы? Ант кыламын, эгер ал өзү айткандай Аллахтын элчиси болсо катына менин атынан мурда өзүнүн жазуусу жана мени «Византиялыктардын башчысы» деп жазуусу өтө орундуу. Мен бир гана алардын ээсимин, өкүмдары эмесмин», - деп, Йаннакты жанынан кууп чыкты. Кийин христиандардын эң билимдүү, башчысы жана өзүнүн кеңешчиси болгон Ускуф деген адамды чакыртты. Ага катты окутту. Каттын аркы жагында мындай деп жазылган эле: ***«Аллаху тааланын туура жолуна түшкөндөргө салам!*** *(Эй Византиялыктардын башчысы!)* ***Сени Исламга чакырамын. Исламды кабылда ийгиликте болосуң. Мусулман бол, Аллаху таала сага эки эсе сый берсин. Эгер жүзүңдү тескери бурсаң бардык христиандардын убалы сага. Аларга: «Эй китеп ээлери!*** *(яхудилер менен христиандар)* ***Арабызда орток сөзгө келгиле. Ал Аллаху тааладан башка эч нерсеге сыйынбайбыз жана эч кимди жаратуучу Рабби деп таанибайбыз», - деп айт. Эгер бул сөздөн терс бурулса «Күбө болгула. Биз мусулманбыз дегиле»*** («Али Имран» сүрөсү, 64). ***Пайгамбарыбыздын*** (саллаллаху алейхи васаллам) ***катын окуп жатканда Гераклиустун маңдайынан тер шорголоогон эле. Катты окуп бүткөн кезде: «Сулайман алейхиссаламдан кийин мен ушундай «Бисмиллахиррахманиррахим!» деп башталган кат көргөн жокмун», - деди.Гераклиус Ускуфтан бул тууралуу пикирин сураганда «Валлахи ал - Муса менен Исанын (алейхимуссалам) бизге келе тургандыгын сүйүнчүлөшкөн ошол чыныгы пайгамбар! Биз анын келүүсүн күтүп жүргөн элек», - деди. Гераклиус: «Сен мага эмне кылууну сунуштайсың?» - деп***

***сурады. Ускуф: «Ага баш ийүүңдү ылайык деп эсептеймин», - деп жооп берди. Гераклиус: «Мен сенин айткан нерсеңди өтө жакшы билемин. Бирок, ага баш ийип мусулман болууга күчүм жетпейт. Анткени, мен бийлигимен айрыламын жана адамдар мени өлтүрүшөт», - деди. Ушундан кийин Хазрети Дыхия менен Ади бин Хатамды чакыртты. Ади: «Эй өкүмдар! Малы араптардан болгон мына бул адам элинде болгон таң каларлык окуя тууралуу айтат», - деди. Гераклиус: «Ал эмне?» - деп сурады. Хазрети Дыхия (радыйаллаху анх): «Арабыздан бир адам чыкты. Өзүнүн пайгамбар экенин жарыялады. Калктын бир бөлүгү ага баш ийишүүдө, бир бөлүгү каршы чыгышууда. Биз менен (ишенгендер менен) ишенбегендер арасында кагылышуулар болууда», - деди.***

***Ушундан кийин Гераклиус Пайгамбарыбыз тууралуу суратыра баштады. Шам акимине буйрук берип, Пайгамбарыбыздын тегинен бир адамды табууну буюрду. Кийин өзүнүн досу болгон жана ибрани тилин билген Римдеги бир аалымга кат жазып, бул тууралуу сурады. Римдеги*** досунан да ал адамдын акыр заман пайгамбары болгону жазылган кат келет. Ал эми Шам аймагын башкарган аким жолдон курайш уруусунун кербенине жолугат. Кербенде али мусулман боло элек, курайш уруусунун башчысы айтылуу Абу Суфйан да бар эле.

Абу Суфйан мусулман болгондон кийин бул окуя боюнча мына бул эскерүүсүн калтырган: «Биз Газза аймагына келгенбиз. Ошол учурда Гераклиустун Шам аймагын башкарган акими адамдары менен бизге кол сала тургандай болуп келишти. Аким:

- Силер мынабу Хижаз аймагында өзүн пайгамбармын деп чыккан адамдын уруусунан болосуңарбы? – деп сурады. Биз: - Ооба! - деп жооп бердик. Аким:

-Андай болсо, жүргүлө, императордун алдына барасыңар! – деди».

Ошентип аким Абу Суфйанды баш кылып, кербендегилердин баарын императорго алпарат. Бул учурда Гераклиус Кудустагы чиркөөлөрдүн биринде вазири менен бирге олтурган эле. Ал отуз чамалаган Меккеликтерди ушул жерде кабыл алат. Ал котормочусун чакыртып:

-Араңардан кимиңер өзүн пайгамбармын деп жаткан адамга эң жакын туугансыңар? – деп сурайт. Абу Суфйан:

- Бул жерде анын эң жакын тууганы мен болом – деп жооп берет. Гераклиус

- Ал сага ким болот? – деп Абу Суфйанды карайт. Ал:

- Ал абамдын баласы – дейт. Гераклиус Абу Суфянга өзүнө жакынырaак келишин буюрат. Абу Суфян учуру келгенде калп айтып коюу адаты болсо да, императордун сүрүнөн бул сапар такыр калп айта албайт. Ошентип экөөнүн ортосунда төмөндөгү суроо-жооп иретинде сүйлөшүү башталат:

- Өзүн пайгамбар катары таанытып жаткан адамдын уруусу кандай?

- Анын уруусу эл арасында эң кадыр-барктуу уруу!

- Силерден андан мурда пайгамбарлыгын жар салган адам болдубу?

- Жок, болгон эмес.

- Ата-бабаларынан падыша болгондору барбы?

- Жок!

- Ага кимдер моюн сунуп жатат? Коомдогу аттуу-баштуу байларбы же кедей - кембагалдарбы?

- Ага ишенип, анын жолун жолдогондор негизинен, кедей-кембагалдар, колунда жок муктаж адамдар, жетим-жесирлер болууда. Эл арасында аксакалдардан жана кадыр- барктуу адамдардан ага ишенгендер саналуу гана.

- Ага моюн сунгандардын саны азайып жатабы же көбөйүп жатабы?

- Көбөйүп баратат.

- Алардын арасынан анын динине киргенден кийин жактырбай калып, кайра бул динден баш тарткан адам болдубу?

- Жок!

- Пайгамбар болгонун айтканга чейин анын калп айтканын көрдүң беле?

- Жок!

- Анын сөзүнө турбай, убадасын аткарбай койгон учуру болду беле?

- Жок! Ал берген сөзүнөн кайтканын эч көргөнүм жок. Бирок, азыр биз аны менен белгилүү мөөнөткө чейин келишим түзгөнбүз. Бул убакыт аралыгында эмне кылып жиберет, билбейбиз!

- Ал силерге эмне деп жатат?

- Ал бизге: «Жалгыз Аллахка ибадат кылгыла, эч нерсени Ага теңебегиле, шерик кошпогула, ата-бабаңар сыйынган буттардан баш тарткыла!» - деп жатат. Ал бизди жалгыз Аллахка ибадат кылууга, чынчыл болууга, колунда жок кембагалдарга жардам берүүгө, арам нерселерден алыс турууга, аманатка кыянат кылбоого жана туугандар менен тыгыз байланышта, жылуу мамиледе болууга чакырып келет.

Чиркөөдө болгон бул сүйлөшүүдөн соң Гераклиус Расулуллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) катын окуп, таазим кылат. Буга күбө болуп турган византиялыктар ага каршы чыгып, өйдө-төмөн сөздөрдү айтып киришет. Гераклиус Абу Суфянды адамдары менен сыртка чыгарат. Али мусулман боло элек Абу Суфян ошол жерден касам ичип, Хазрети Пайгамбарыбыздын чакырыгы ийгилик менен бүтөөрүнө терең ишенгендигин айткан эле.

Хазрети Дыхия Гераклиустун алдына чыгып, жагымдуу үн менен:

-Эй, император! Мени сага Бусрадагы адамың (Харис) жиберди. Ал сенден кайырлуу. Аллаху таалага ант ичем! Мени ага жиберген зат (Расулуллах) болсо, андан да, сенден да кайырлуу! Сен менин сөздөрүмдү кичи пейилдик менен угуп, айтылган насыяттарды кабылдооң керек. Анткени, кичи пейилдик кылсаң насыяттарды түшүнөсүң. Насыяттарды кабылдабасаң ынсаптуу боло албайсың! – деди. Гераклиус:

- Айта бер, кулак сенде! – дейт. Анда Хазрети Дыхия сөзүн баштап:

- Мен сени Иса алейхиссалам да ибадат кылган жалгыз Аллаху таалага ыйман келтирүүгө чакырам. Мен сени алгач Муса алейхиссалам, андан кийин Иса алейхиссалам сүйүнчүлөгөн акыркы Пайгамбарга ыйман келтирүүгө чакырам. Эгер бул тууралуу маалыматың болсо бул дүйнөдө да, акыретте да бакытка жеткиң келсе, анда аларды көз алдыңа алып кел! Болбосо, акыреттеги түбөлүк бактыңдан ажырап каласың. Сени жараткан Аллаху таала заалымдардын жазасын сөзсүз түрдө берүүчү жана жакшылыктарын алмаштыруучу Зат! – дейт. Гераклиус:

- Мен колума тийген жазууну окубай туруп, жаныма келген аалымдан билбеген нерселеримди сурап билбей туруп, аны таштабайм. Мындан мен жакшылык гана табам. Сен мага терең ойлонуп, чындыкты тапканга чейин убакыт бер! – дейт.

Гераклиус андан соң Хазрети Дыхияны жанына чакыртып, бөлмөсүнө эч кимди киргизбей өзүнчө сүйлөшөт. Ал бул маселе боюнча:

- Мен билип турам, сени жөнөткөн зат ыйык китептерде келе тургандыгы сүйүнчүлөнгөн, яхудилер менен христиандар узак жылдардан бери күтүп келе жаткан акыр заман Пайгамбары. Бирок, мен анын жолуна түшсөм, византиялыктардын мени жок кылаарына тынчсызданам. Мен сени алардын эң таасирлүү аалымы, кадыр-барктуу Дагатырга жиберейин. Христиандардын баары ошого баш ийишет. Эгер ал ыйман келтирсе, византиялыктардын баары ыйман келтиришет. Мен ошондо жүрөгүмдөгү ишенимимди ачыкка чыгарам! – деп, кат жазып Хазрети Дыхияны Дагатырга жөнөтөт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) да Дагатырга өзүнчө кат жаздырып жиберген эле. Дагатыр колуна тийген каттарды окуп, Пайгамбарыбыздын сыпаттарын тыңдап бүткөн соң анын Хазрети Муса менен Хазрети Иса пайгамбар сүйүнчүлөгөн акыр заман пайгамбары болгондугуна кымындай шек санабастан дароо Исламды кабыл алат. Мына ушундай окуядан соң ал ар жекшемби күндөрү элге насаат берчү чогулушуна да барбай, үйүнө жалгыздыкка чегинип кетет. Эл арасында: «Дагатырга эмне болгон? Тигил араб менен жолуккандан бери көчөгө чыкпай калды. Биз аны алдыбызга чыгышын талап кылабыз!» - деген айың кептер, каршылыктар тарала баштайт. Дагатыр христиан кечилдер кийчү мурдагы кара чепкенин кийбей, жаңы ак чепкенин жамынып, аса таягын таянып алып чиркөөгө келет. Чиркөөгө эл топтолгон соң ал өйдө туруп:

- Эй, христиандар! Бизге Ахмедден (алейхиссалам) кат келди. Бизди акыйкатка чакырды ал. Мен так билем жана толук ишенем, ал Аллаху тааланын чыныгы элчиси! – деди, бирок, христиандар бир саам мурун баалап-барктаган аалымын жер менен жексен кылды, Дагатыр шейит кетти. Хазрети Дыхия ошол замат Гераклиустун алдына келип, жагдайды түшүндүрдү. Гераклиус:

-Көрдүңбү?! Дагатыр христиандар үчүн менден да кадыр-барктуу даражага ээ эле?! Эгер алар менин Исламды кабыл алганымды угушса, мага да кол салгандан кайра тартышпайт! – дейт.

Имам Бухаринин «Сахихинде» айтылган жана Зухринин жеткирген кабарында: «Гераклиус Хумустагы сарайында

грektердин чоңдорун чакыртып, эшиктерди жаптырып, бийик жерге чыгып, мындай деди: «Эй, грек коому! Силер бакытка, тынчтыкка жетүүнү жана бийлигиңердин сакталып калуусун, Хазрети Исанын айтканына бш ийүүнү каалайсыңарбы?» - деди. Гректер: «Эй, өкүмдарыбыз! Буларга жетиш үчүн эмне кылалы?» - деп сурашты. Гераклиус: «Эй, грек калкы! Мен силерди кайырлуу бир иш үчүн жыйнадым. Мага Хазрети Мухаммеддин каты келди. Мени Ислам динине чакырды. Валлахи ал биз күтүп жүргөн, келе тургандыгы китептерибизде жзылган, белгилери хак пайгамбар. Келгиле, ага баш ийип, дүнүйө менен акыретте ийгиликке ээ бололу», - деди. Буга баары жаман сөздөрдү айтышып, тапырап сырка чыгып кетүү чүн эшикке карай умтулушту. Бирок, эшиктер жабык болгондуктан чыга алышпады. Гераклиус гректердин бул аракетин көрүп, Исламдан ушунчалык кача тургандыктарын түшүнүп, өмүрүнө кооп туулат деп корккондуктан: «Эй, грек коому! Менин айткан сөздөрүм силердин өз диниңерге кандай берилгендигиңерди сыноо үчүн эле. Диннерге берилгендигиңерди жана мени кубанткан аракетиңерди өз көзүм менен көрдүм», - деди. Ушундан кийин гректер Гераклиуска сажда кылышып, эшиктер ачылган соң чыгып кетишти.

Андан соң Гераклиус Хазрети Дыхияны чакыртып, жагдайды түшүндүрүп берет. Баалуу белек-бечкектерин дайындап, Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) кат жазат. Ошентип Гераклиус акыркы Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) белек-бечкегин, катын Хазрети Дыхия аркылуу берип жиберет. Катта мына булар жазылган эле:

*«Хазрети Иса сүйүнчүлөгөн Аллахтын элчиси Мухаммедге Византия өкүмдары Кайсардан! Элчиң мага катыңды алып келди. Мен күбөгө өтөм, сен Аллахтын чыныгы элчисисиң. Биз ансыз да, сенин ысым-сыпатыңды Инжилден окуганбыз. Хазрети Иса (Инжилде) сени сүйүнчүлөп кеткен жери бар. Византиялыктарды сага ыйман келтирүүгө чакырсам, менден жүз бурушту. Менин айтканыма көнгөндө, өздөрү үчүн жакшы болмок. Мен сенин алдыңа барып, бутуңду жууп сага кызмат кылгым келет...»,* - деп жазылган эле.

Гераклиустун аманаттарын алып жолго чыккан Хазрети Дыхия Жузам аймагындагы

«Шанар» деген жерге келгенде Хунайд бин Устун адамдары Хазрети Дыхияны тоноп кетишет. Бул чөлкөмдө Дубайб бин Рифаи бин Зейддин эли Ислам динин кабыл алышкан эле. Хазрети Дыхия Дубайб бин Рифаиге келип тонолгонун айтат. Дубайб бин Рифаи адамдары менен дароо Хунайд бин Уска барып, Хазрети Дыхиядан тонолгон буюм- тайымдын баарын кайтартып алат. Андан соң Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) да Зейд бин Харисти Хунайд бин Устун уруусуна жөнөтүп, ушундан кийин алардын баары Исламды кабыл алышкан. Хазрети Дыхия Мадинага келээри менен өз үйүнө барбай туруп, түз эле Пайгамбарыбыздын үйүнө келип, эшигин кагат. Расулуллах:

- Ким бул? – дейт. Хазрети Дыхия таазим көргөзгөн үнү менен:

- Мен Дыхиятул-Калби – деп жооп берет. Расулуллах аны ичкери алып, окуяны баштан аягына чейин тыңдап, Гераклиустун катын окуткан соң:

«Ал дагы белгилүү мөөнөт аралыгында султандык кылат**.** Менин жазган катым жанында турган чакта**,** алардын салтанаты улана берет**!**» - дейт.

Гераклиус катында канчалык Пайгамбарыбызга ыйман келтиргенин жазса да, Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) ал тууралуу: «Жалган айтты! Ал дининен кайткан жок**!**» - деген. Гераклиус чынында, Хазрети Пайгамбарыбыздын катын жибектен жасалган атлас кездемеге ороп, тоголок алтын кутучага салып, өмүр бою сактаган. Анын өлүмүнөн кийин үй-бүлөсү да аны эч кимге көрсөтпөй сактаган. Алар бул кат колдорунда турган чакта бийлиги, салтанаты өкүм сүрөөрүнө ишенишкен. Чынында да ошондой болгон.

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Мысыр өкүмдарына жазган катын мубарек сахабаларына көрсөтүп:

- Эй**,** сахабаларым**!** Сыйлыгы Аллаху тааладан боло турган мына бул катты Мысыр **ө**күмдарына киминер алып барасыңар? – дегенде алдыга озунуп чыккан сахаба Хатиб:

- Йа, Расулаллах! Мен алпарам! – деген. Анда Хазрети Пайгамбарыбыз:

- Эй**, Х**атиб! Аллаху таалам бул милдетти сага кут **к**ылсын**!** - деп алкышын айткан. Хазрети Хатиб (радыйаллаху анх) акыркы Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) өз колунан катты алып, узак жолго даярданат. Ошентип үй-бүлөсү менен коштошуп

жолго чыгат. Хазрети Хатиб жолдон өкүмдар Мукавкыстын Искандария (Александрия) шаарында болгонун угуп, түз эле ошол шаарга бет алып, өкүмдардын сарайына барат. Сарайдын оозундагы күзөтчү мубарек сахабадан келгендеги максатын сурап билген соң, Хазрети Хатибге өзгөчө урмат-сый көрсөтүп, аны дароо ичкериге алат. Мукавкыс ошол учурда өзүнүн адамдары менен деңизге чыгып, көйгөйлүү маселелер боюнча сүйлөшүп жаткан эле. Хазрети Хатиб жээктеги бир кайык менен анча оолак эмес жээк бойлогон Мукавкыстын кемесине барат. Мукавкыстын алдына келип, Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) катын узатат. Мукавкыс колуна тийген катты окуй баштайт:

***«Бисмиллахиррахманиррахим!***

***Аллахтын кулу жана элчиси Мухаммедден Кыбттын*** *(көөнө Мысыр калкынын)* ***башчысы Мукавкыска! Туура жолго түшкөндөргө салам! Сени бакытка жетишиң үчүн Исламга чакырам. Мусулман бол, бакытка жетесиң, Аллаху тааланын эки эсе сыйына бөлөн. Эгер баш тартсаң, бүткүл Кыбттын күнөөсү сенин мойнуңа.*** **Эй, китеп ээси болгон яхудилер менен христиандар! Арабызда орток болгон сөзгө келгиле. Ал – «Аллаху тааладан башка эч нерсеге сыйынбайбыз жана Ага эч нерсени шерик кылып кошпойбуз. Аллаху тааланы таштап, ичибизден эч кимди жаратуучу кудай деп санабайбыз». Эгер бул сөздөн терс бурулса «Күбө болгула. Биз мусулманбыз», - дегиле».** («Али Имран» сүрөсү, 64-аят).

Пайгамбарыбыздын каты окулгандан кийин Мукавкыс Хазрети Хатибге: «Кайырлуусу болсун», - деди. Мысыр бийлөөчүсү кол башчыларын, мамлекет адамдарын жыйнап, Хатиб менен сүйлөшө баштады. Ал: «Билгим келген нерселерди сурап, ушулар тууралуу сени менен сүйлөшөлү», - деди. Хазрети Хатиб: «Айт, сүйлөшөлү», - дегенде Мукавкыс:

- Сени жиберген адам тууралуу айт, Ал пайгамбарбы?

- Ооба, ал - пайгамбар!

-Ал чыныгы пайгамбар болсо, анын өз ата-журтунан сүрүлүп, башка жакка баш калкалоого аргасыз кылган коомго эмне үчүн Аллахтан каргыш тилеген жок?

-Сен Марияям уулу Исанын Аллахтын пайгамбары болгондугуна ишенесиң го? Өз коому аны кармап, өлтүрмөкчү болгондо ал каргыш айтпады жана Хак таала аны аалам көгүнө

көтөрдү. Болбосо коомунун жок болуусу үчүн Аллаху тааладан каргыш тилөөсү керек эмес беле? Ал андай кылган жок.

-Эң сонун жооп бердиң! Чынында эле сен даанышман заттын жанынан келген акылмансың. Бүгүн сен бизде кал! Эртең сага жообумду берем, – дейт өкүмдар.

Хазрети Хатиб Хазрети Муса пайгамбардын убагында дал ушул жерде жашап өткөн Фараонду эскерип, Мукавкыска кайрылат:

-Сенден мурда бул жерде бир өкүмдар жашап өткөн. Ал өз элине: «Эң чоң Кудай менмин!» - дечү. Аллаху таала аны эки дүйнөдө тең кор кылып, жазасын берди. Сен да мындан сабак алып, кийинкилерге жаман сабак болбоссуң! Мукавкыс:

-Биздин бир динибиз бар. Биз бул динибизден артык башка дин көрмөйүн бул динден кайтпайбыз! – дейт. Хазрети Хатиб:

-Сен тутунган динден артык башка дин – бул, шек-күмөнсүз, Ислам дини! Биз сени Аллаху тааланын адам баласына жиберген акыркы дини Исламга чакырабыз. Бул Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* бүтүндөй адамзатына жиберилген пайгамбар. Адамзатынан ага эң орой мамиле жасаган курайш уруусу болду. Ага эң көп душмандык кылгандар яхудилер болду. Ал эми ага эң жакшы мамиле жасагандар христиандар болду. Аллаху таалага ант ичем! Хазрети Муса Иса пайгамбар жөнүндө кандай куш кабар берген болсо, Хазрети Иса да Хазрети Мухаммед *(алейхиссалату вассалам)* тууралуу дал ошондой куш кабарын айтып кеткен. Биз сени Курани каримге чакырып жатканыбыз, сенин Тооратка моюн сунгандарды Инжилге чакырганың сыяктуу. Ар бир адам өз учурунда келген пайгамбарга үммөт болушу керек. Сен да Хазрети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи васаллам) доорунда жашап жатасың. Андыктан биз сени Исламга чакырабыз. Мукавкыс:

-Мен бул пайгамбардын динин аныктадым. Буйруктары менен тыйууларынан акылга кайчы келе турчу эч нерсе таппадым. Менин түшүнгөнүмчө ал сыйкырчы, көзачык жана жалганчы эмес. Андан кээ бир пайгамбарлык белгилерин таптым. Жашыруун нерселерди жарыкка чыгаруу – ушул белгилердин бири. Кээ бир сырлардан кабар берүү ушул адам аркылуу пайда болду. Биз ойлонолу деп убакыт сурады.

Мукавкыс түндө Хатибди ойготуп, Пайгамбарыбыз тууралуу бир канча нерселерди сурагысы келгендигин билдирди. Араларында мындай аңгеме болду.

- Ал тууралуу сурай турчу нерселериме туура жооп берсең үч нерсе сураймын.

- Каалаганыңды сура. Мен сага дайыма чындыкты гана айтамын.

- Мухаммед адамдарды эмнеге чакырат?

- Жалгыз Аллаху таалага гана ынанып, күн сайын беш маал намаз окуп ибадат кылууга, Рамазан айында орозо кармоого, берген убадага турууну буюрат. Өлгөн малдын этин жегенге тыюу салат.

- Анын келбети кандай? Мага сүрөттөп берчи?

Хазрети Хатиб бул суроого кыскача жооп берген эле. Мукавкыс:

- Дагы бир топ нерсесин айткан жоксуң. Анын көздөрүндө бир аз кызгылты, аркасында пайгамбарлык мөөрү бар. Ал төөгө минип, малдын жүнүнөн жасалган кийим кийет, курма менен эти аз тамакка канаат кылат. Ал атасынын бир туугандары же алардын уулдары коргойт.

- Булардын баары тең ага таандык сыпаттар.

Мукавкыс Хазрети Хатибге кайра Хазрети Пайгамбарыбыз жөнүндөгү суроолорун бере баштайт:

- Ал сурма колдонобу?

-Ооба! Ал күзгүгө каранып, чачын таранып жүрөт. Ал көчөгө же узак сапарга чыгабы, айтор, ар дайым сурмасы салынган кутучасын, тарагын, анан мисвагын өзү менен кошо ала жүрөт! Анда Мукавкыс:

-Мен акыркы пайгамбардын келээрин калетсиз билчүмүн. Бирок, аны Шам аймагынан чыгат деп күткөм. Себеби, буга чейин пайгамбарлардын көбү ошол жерден чыккан. Ырас, акыркы Пайгамбардын Арабстан сыяктуу ачарчылык, жокчулук көп болгон чөлдөн чыга турганын да китептерден окуганым бар. Китептерде акыркы Пайгамбардын чыга турган убагы да ушул биз жашап жаткан заман эле. Китептерибизде анын: «эки кыз бир тууганды бир никенин алдында кармоого тыюу салат, белек-бечкектерди кабыл алат, кайыр-садаганы кабыл албайт. Кедей-кембагалдар менен бирге олтурганды жакшы көрөт» - деген сыпаттары жазылуу. Ал эми анын жолуна түшүү маселеси боюнча айта турган болсом, кыптилер мени угушпайт. Мен бийлигимден да кайта албайм. Ал пайгамбар көптөгөн өлкөлөргө ээлик кылат. Андан кийин анын

сахабалары да бул жерлерге чейин келип ээлик кылышат. Мен кыптилерге бул маселе боюнча эч качан ооз ачкым келбейт! –деп, араб тилинде жаза билген катчысын чакырып, Пайгамбарыбыздын катына төмөнкүчө жооп жаздырат:

«Абдуллахтын баласы Мухаммедге кыптилердин башчысы Мукавкыстан!

Сага салам жаасын*!* Катыңды окудум. АНда айткан нерсеңди жана чакырууңду түшүндүм. Мен да бир пайгамбар келе тургандыгын билчүмүн. Бирок, аны Шамдан чыгат деп ойлогон элем. *М*ага *к*елген элчиңе сыйымды көрсөттүм. Сага *к*ыптилердин атынан эки күң аял жана баалуу кийимдерди белекке тартуулап жатам. *Ошо*ндой эле мине турчу ургачы качыр сыйлык кылдым*!*»

Мукавкыс мындан башка эч нерсе кылбады, мусулман да болгон жок. Хазрети Хатибди Мысырда беш күн конок кылды. Көп кошомат, урмат көрсөттү. Кийин: «Эми элиңе, кожоюнаңа кайт. Ага эки күң, эки мингич жаныбар, миң мыскал (бир мыскал = 4,8 гр) алтын, жыйырма мысырча кооздолгон кийим менен башка да белектерди жиберүүнү буюрдум. Сага жүз динар жана беш кийим берүүнү буюрдум. Эми жолуң ачык, бирок, кыбтилер сенин оозуңан бир дагы сөз укпагыдай болсун», - деди.

Мукавкыс Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) мындан сырткары суусундук иче турган кымбат баалуу айнек чөйчөкчө, селде, Мысырдын баалуу кездемесин, таяк, бир куту толо сурма, тарак, кайчы, мисвак, күзгү, ийне, гүлдүн майы, бал, жыпар жыттуу атырлар, ушул сыяктуу бир топ белек-бечкектерин берип жибергени маалым.

Мысыр өкүмдары Мукавкыс акыркы Пайгамбардын элчиси Хазрети Хатиб бин Абу Балтаанын жанына караан болчу аскерлерин кошуп жиберет. Алар Арабстанга кирген соң Мадинага бараткан бир кербенди жолуктурушат. Хазрети Хатиб Мукавкыстын аскерлерин артка кайтарып, өзү ошол кербенге кошулуп, жолун улайт.

Хазрети Хатиб белек-бечкектерин алып Хазрети Пайгамбарыбыздын алдына келет. Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Мукавкыстын белек-бечкектерин кабыл алган соң Хазрети Хатиб Мукавкыстын катын окуп берет. Хазрети Пайгамбарыбыз катты угуп: «*Кандай жаман адам*! *Бийлигин кыя албады. Ыйман келтиришине тоскоол болгон бийлиги өзүнө түбөлүккө калбайт”*, – деди.

Мукавкыстын Пайгамбарыбызга белек катары тартуулаган эки күңү эже-сиңди болуп, бири Мария, сиңдиси Сырын эле. Хазрети Хатиб жолдо келе жатып буларга Ислам жөнүндө айтып берип, мусулман болууга чакырган эле. Алар мубарек сахабанын сунушун кабыл алып, Исламды кабыл алышкан. Хазрети Пайгамбарыбыз алардын мусулман болгонуна абдан кубанып, Хазрети Марияны өзүнө никелейт. Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Хазрети Мариядан Ибрахим аттуу уулдуу болот. Ал эми сиңдиси Сырын Пайгамбарыбыздын акын сахабасы Хассан бин Сабит менен баш кошот.

Ошондой эле ак буурул тарткан эки мингичтен бирөөсүнө «Дулдул», экинчисине

«Уфайр» же «Яфур» деген ат берилет. Буга чейин Арабстанда ак буурул тарткан качырды эч ким көргөн эмес эле. Ал эми кымбат баалуу айнектен жасалган чөйчөк менен Хазрети Пайгамбарыбыз суу иче турган.

Мукавкыс Пайгамбарыбыздын катын пилдин тишинен жасалган кутучага салып, оозун мөөрлөп, күңдөрүнөн бирине тапшырат.

Ал эми Иран өкүмдарына мубарек сахабалардан Хазрети Абдуллах бин Хузафа жиберилген эле. Хазрети Абдуллах акыркы Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) жазган катын Иран өкүмдары Кисрага сунат. Кисра элчиге жактыра бербеген маанайын көрсөтүп, катчысына окуусун буюрат. Катчысы катты окуп баштайт:

***«Бисмиллахиррахманиррахим!***

***Аллахтын элчиси Мухаммедден*** *(алейхиссалам)* ***перстердин башчысы Кисрага...»*** - Пайгамбарыбыздын ысмы менен башталганына аябай ачууланган Кисра ачуусуна берилип, катчысынын колундагы катты жулуп алып жыртып салат. Пайгамбардын элчисин алдынан кууп чыгарууга буйрук бергенде Хазрети Абдуллах өкүмдарга жана анын даргөйүндөгү бутпарастарга кайрылып:

- Эй, ажем эли! Силер пайгамбарларга ишенбей, ыйык китептерди кабыл кылбайсыңар. Силер бул жерде саналуу гана күндөрүңөрдү өткөрүп, түш сыяктуу жашап жатасыңар!..

Эй, Кисра! Сага чейин канчалаган өкүмдарлар алдагы тактыга олтуруп, өкүм сүрүштү. Аллаху тааланын буйругун аткаргандар

акыреттеги бактысын таап, аткарбагандар Жараткандын азабына калып бул дүйнөдөн өтүп кетишти!..

Эй, Кисра! Сага алып келген бул кат сен үчүн өтө чоң оомат эле. Аны төмөн көрдүң. Аллаху таалага касам ичип айтамын, ошол сен төмөн көргөн дин эшигиңе келген кезде баш калкалай турган жер издеп качарсың!.. – дейт да, дароо сыртка чыгып тулпарына минген бойдон Мадинаны көздөй жол тартат. Расулуллахка келип, баарын айтып берет. Анда Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Йа Раббим! Ал менин катымды кандай майдалап бүлүндүрсө, сен да анын мансап-бийлиги менен бирге дал ошондой бүлүндүр!..» - деп дуба кылат. Аллаху таала акыркы Пайгамбарынын бул дубасын кабыл кылган. Арадан көп өтпөй Кисра өз уулунун колунан бычакталып өлтүрүлөт. Ал эми Хазрети Омардын халифалыгы учурунда Иран толугу менен мусулмандардын карамагына өтөт.

Мубарек сахабалардан Шужа бин Вахб Гассан өкүмдары Харис бин Абу Шимрге жөнөтүлгөн эле. Хазрети Шужа алгач өкүмдардын сарайын кайтарган күзөтчүсүнө кезигип аны Исламга чакырат. Күзөтчү Исламды кабыл алган. Расулуллахка саламын айта баруусун өтүнүп, Хазрети Шужаны көпкө кармабай өкүмдардын алдына алып барат. Харис бин Абу Шимр болсо чакырыкты терс кабыл алган. Ага ачууланып тепсендиге таштайт. Хазрети Шужа дароо Мадинанын жолуна түшүп, Расулуллахка келип жагдайды түшүндүрөт. Аллахтын Элчиси каттын жерге ташталганына абдан өкүнөт. Арадан көп өтпөй Харис бин Абу Шимр да набыт болуп бийлиги кулаган.

Ал эми Хазрети Салит бин Амр Йамама өкүмдары Хавза бин Алиге жиберилген эле. Хавза христиан эле. Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Хавзага жаздырган катында мындай деген эле:

***«Бисмиллахиррахманиррахим!***

***Аллаху тааланын расулу Мухаммедден (алейхиссалам) Хавза бин Алиге!***

***Туура жолго түшкөндөргө салам жолдоймун. (Эй, Хавза!) Билесиң, Ислам аттар менен төөлөр бара ала турчу алыскы жерлерге чейин таралат. Бардык диндерди жеңет. Сен да Исламды кабылда, ошондо сен ийгиликте болосуң. Мусулман болсоң кол алдыңдагы жерлерди башкарууну сага калтырамын».***

Йамама өкүмдары Хавза бул чакырууну кабылдоодон баш тартты. Бийлик менен мансап анын көзүн чел кылып баскан

эле. Ошол себептен Пайгамбарыбыздын дубасын алуу сыяктуу чоң ийгиликтен куру калган эле. Ислам элчиси Салит бин Амр (радыйаллаху анх) ырайымдуулук кылып: «Эй, Йамама бийлөөчүсү Хавза! Сен ушул тайпанын чоң адамысың. Сен чоң деп эсептеген падышаңар өлүп, топурак болду.

Чыныгы улуулар болсо – Аллаху тааланын буйруктарын орундап, тыйууларынан сактанып, Бейишке ээ болгон адамдар. Бул коом ыйман келтирүү урматына ээ болсо, аларды өзүңдүн ката ишенимиң менен туура жолдорунан адаштырба. Туурасы мен сага Аллаху тааланын буйруктарын орундоону, тыйууларынан сактанууну сунуш кыламын. Аллаху таалага ыйман келтири, буйруктарын орундасаң Бейишке киресиң. Шайтанга баш ийсең Тозокто каласың.

Эгер менин бул чакырыгымды кабыл алсаң, көйгөйлөрдөн арылып, күдөрүңө жетесиң. Ал эми кабыл албасаң, мындан башка сага айта турган сөзүм жок. Ары жагын өзүң ойлон", – дейт.

Хавза Ислам элчисинин бул сөздөрүн да тыңдабады. Салит бин Амр (радыйаллаху анх) эми Йамамада калуунун кажетсиз экендигин түшүнүп, тез Мадинага кайтты. Расулуллахка жагдайды айтты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) буга кейиди. Кыска убакыттан кийин Хавзанын өлгөнү тууралуу кабар келди. Султандыкка деген куштарлыгы Тозок чуңкуру болгон кабырында жоюлду.

Ушундайча алты Ислам элчиси милдеттерин аткарып, чоң мамлекеттерге Исламдын бар экендигин кабарлаган эле. Аларга чыныгы бакытты кабарлап, кыямат күнү «Биз укпадык» деп айтууларына жол бербеди. Хабаш бийлөөчүсү Асхама (радыйаллаху анх) мусулман болуп, сахабаларды көрүү, Пайгамбарыбыздын дубасын алуу урматына жетти. Грек императору Гераклиус менен Мысыр султаны Мукавкыс мусулман болушпады. Бирок, келген каттарга урмат көрсөтүшүп, Пайгамбарыбызга белектерин жиберишкен эле. Гассан менен Иран бийлөөчүлөрү элчилерге жакшы мамиле жасабай, душмандыктарын ачык көрсөтүшкөн эле. Йамама бийлөөчүсү болсо Ислам элчисине жылуу мамиле көрсөткөн.

# ХАЙБЕРДИН АЛЫНУУСУ

Нурдуу Мадина да сырттан караганда мусулман болуп көрүнчү, чындыгында мунафык (эки жүздүү) болгон яхудилер бар болчу. Алардын арасында сыйкырчылык кылуу менен аты чыккан Лебид бин Асам деген бир мунафык адам бар болчу. Яхудилер ага алтын беришип: “Мухаммеддин коомубузду Мадинадан сүрүп чыгарганын жана эркектерибизди кандайча өлтүргөндүгүн билесиң. Аны сыйкырлап, жазаландыруунду каалайбыз”, - дешти. Ал да бул сунушка макул болуп, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын чачынан жана тарагынын тиштеринен алууга аракет кылды. Бул каалосун (арзусун) Расулуллахка кызмат кылган яхуди бир жигит аркылуу ишке ашырды.

Лебид Пайгамбарыбыздын чачтары менен тарак тиштерине бир жип менен онбир түйүн байлап, үйлөдү. Аны кудуктун ичиндеги бир таштын астына бастырып койду. Ошондон кийин пайгамбарыбыз сыркоолоп калды. Ооруп төшөккө жатып калды. Бирнече күн туралбай жатты. Сахабалар тез тезден ахыбалын сурашып, күн сайын оорунун күчөп баратканын көрүшүп, боорлору эзилип, көздөрүн жашка толтурушту. Ал эми мунафыктар кубанычтан майрамдашты.

Бир күнү пайгамбарыбыз Хазрети Айшага мындай дейт: “Эй Айша! Билесиңби? Аллаху таала мага шыфаамды билдирди, мага эки киши (Жабраил менен Микаил) келип, бирөө баш жагыма экинчиси бут жагыма отурду. Бирөө экинчисинен: “Бул адамдын оорусу эмне?” - деп сурады. Экинчиси “Сыйкырланган” деп жооп берди. “Ким сыйкырлаган” деп сураганда жанындагы периште: “Лебид бин Асам”, - деп жооп берди. Кийин “Бул сыйкыр эмне менен жасалган” деп сурады. Ал “бир тарак менен түшкөн чачка жана бир эркек хурма данегинин ичине жасалган” деп жооп берди. “Ал кайда” деген суроого: “ Зерван кудугунда”, - деп жооп берди.

Зерван, Мадинадагы Бени Зүрейк уруусунун бакчасынан орун алган кудук болгон. Расулуллах (саллалаху алейхи ва саллам) ал кудука Хазрети Али, Зубейр, Талха жана Аммарды (радыйаллаху анхум) жиберди. Кудуктагы сууну төгүп, түбүндөгү ташты алышты. Алдынан онбир түйүн менен түйүлгөн бир жип табышты. Алып, пайгамбарыбызга алпарышты. Түйүндү чечүүгө канча аракет

кылышса да чече алышпады. Жабраил алейхиссалам “Фалак” жана”Нас” сүрөөлөрүн түшүрдү. Расулуллах бул сүрөлөрдү, айтор бардык он бир аяттын ар бирин окуган сайын түйүндөр чечилди. Түйүндөр чечилип бүткөндөн кийин пайгамбарыбыз жеңилдеп ахыбалы жакшырды.

Лебид деген яхуди колго түшүрүлүп, пайгамбарыбызга алып келинди. Пайгамбарыбыз ага” Аллаху таала мага кылган сыйкырың тууралуу кабар берип, жерин көрсөттү. Сен муну эмне үчүн жасадың?”дегенде, “Алтынга деген махабатым” деп жооп берди. Сахабалардын кээ бирлери:”Йа, расулуллах! Уруксаат берсең мынабул яхудинин башын чабалы” –деди. Өзү үчүн эч кимге жаза бербеген пайгамбарыбыз “Анын акырында көрө турган азабы андан да катуу” деп анын өлтүрүлүшүнө уруксаат бербеди.

Яхудилер Мадинадан чыгарылгандан кийин алар Арабистандын түштүк тарабына кетишкен. Алардын бир бөлүгү Хайберде калып орун алышты. Дагы бир бөлүгү болсо түштүктөн орун алган Шамга кетишти. Алар расулуллахка кол салуу аракетин уюштургандыгына байланыштуу жерлеринен куулган. Бирок, алардын ичииндеги мусулмандарга каршы болгон жеккөрүүчүлүк, кек сезимдери эчкачан өчкөн жок. Жада калса күндөн күнгө күч алды. Расулуллахты тезиреек өлтүрүп, Ислам динин жок кылууну каалашты. Кээ бир алдыңкы адамдар “Гатафандыктарга барып жардам сурайлы, мусулмандарга каршы алар менен биргеликте согушалы!” дешти. Кеебирлери болсо; “Федек, Тейма жана Вад-ил-Кура яхудилерин жардамга чакырып, мусулмандардын чабуулунан мурун биз алардын шаарына чабуул жасайлы, бардык болгон кегибизди алалык!..”дешти. Хайбер яхудилери бул сөзгө макул болушуп,айланасындагы яхуди урууларын жана Гатафандыктарды жардамга чакырды. Биргана Гатафандыктардан көп сандаган тандалма жоокерлер келип, Хайберде даярдыктарын башташты.

Алар ошондой даярдыктарды көрүп жатканда, пайгамбарыбыз (саллалаху алейхи ва саллам) яхудилердин ал ахыбалынан кабардар болду. Абдуллах бин Реваха хазретлеринин жанына үч сахаба кошуп берип, Хайберде эмне болуп жаткандыгын билип келүү үчүн жөнөтөт. Абдуллах бин Реваха жана үч досу (радыйаллаху анх) тезарада Хайберге келишти. Бул жер сегиз мыкты чеби, берешен жери, көп сандаган бак бакчалары бар бай шаар эле. Хазрети Абдуллах досторунун бирөөсүнү Шикк, экинчисини Катибе,

үчүнчүсүнү Натат чебине жөнөттү. Өзү болсо башка бир чепке кирип. Үч күн яхудилердин абалдарын, согушка даярдыктарын жакындан таанып билишти. Үч күндөн кийин жолугуша турган жерге келип чогулушуп, тезарада Мадинага барып, алардын даярдыктары тууралуу пайгамбарыбызга төкпөй чачпай айтып беришти.

Пайгамбарыбыз сахабаларына тез арада даярданууга буйрук кылды. Яхудилердин Мадинага кол салууларына тоскоол болуу үчүн Хайберге чабуул жасоого чечим чыгарышты. Мындай чечимди уккан Мадинадагы яхудилер тынчсыздана башташты. Мусулмандардын адеп ахлагын бузуу үчүн “Ант беребиз, эгер силер Хайбердеги чептерди, ал жерге жыйналган мыкты жоокерлерди көргөн болсоңор эч качан ал жакка кадам таштабайт элеңер!... Тоолордун чокусундагы бийик чептерди соотчон жигиттер коргошууда. Айланадан миңдеген аскерлер аларга жардамга келишишти! Силердин Хайберди басып алууларың мүмкүнбү?” - дешти. Аларга каршы эр жүрөк сахабалар; “Аллаху таала Расулуна Хайберди ала турганына убада кылган”-деп, яхудилерден эч убакта коркпой тургандыктарын билдирди. Сахабалардын мындай чечкиндүү абалы яхудилерди абдан кайгыртып, кооптондурду.

Мунафыктардын башчысы Абдуллах бин Үбей ;”Мухаммед аз гана күч менен келе жатат. Корко турган эч нерсе жок, бирок этият болуп,чептериңе оокаттарыңарды толтуруп алгыла. Аларды чептен чыгып тоскула.”деп, Хайберге тез хабар жиберди.

Сахабалар даярдык иштерин аякташып, үйдөгүлөр менен коштошуп, пайгамбарыбыздын жанына топтолушту. Эки жүз атчан аскер жана миң төрт жүз жөөчөн аскер болушту. Аллаху тааланын динин жайуу, жихад кылуу жана шейит болуу мартабасына жетүү үчүн пайгамбарыбыздын буйругуна даяр болушту. Бул учурда кээбир аялдар согушта сахабаларга тамак-аш даярдоо, жараларды таңуу жана башка колунан келе турган иштерди аткаруу үчүн пайгамбарыбыздан уруксаат сурашты. Пайгамбарыбыз уруксаат берип, аларды мындай сооптон кур калтырбады. Ушундайча мүжахиттерге пайгамбарыбыздын жубайы Үммү Селеме (радыйаллаху анх) баштаган жыйырма аял да кошулушту.

Пайгамбарыбыз (саллалаху алейхи ва саллам) Мадинага өкүл кылып, Гифар уруусунан Сибаны калтырып, Хайберге карай жөнөөгө бйрук кылды. (Нүмейле бин Абдуллахты да

калтыргандыгы тууралуу да айтылат). Сапар текбирлер менен башталды. Кечиримдүү себептер менен согушка катышпай калган, жашы кичине сахабалар пайгамбарыбызга жана эржүрөк аталарына, чоң аталарына, көкөлөрүнө, байкелерине кызыгып карашып, аларды текбир жана дуба кылуу менен узатышты.

Календар бойунча хижреттин жетинчи жылы эле. Пайгамбарыбыздын туусун Хазрети Али көтөрүп, оң кол башчылыгын Хазрети Омар башкарды. Сапар салтанатту түрдө уланып жатты. Акындар ырлары менен Аллаху таалага, берген ниметтерине шүгүр кылышып, пайгамбарыбызга салават айтышып, сахабаларды макташты. Сахабалар да майрамга кетип бараткан сыяктуу баары бирге "Аллаху экбар!Аллаху экбар!Ла илахе иллаллаху валлаху экбар!" деп, айланасын жаңыртышты. Ар токтогон жеринде пайгамбарыбыз: " Эркиндикке шашуудан, өткөнгө өкүнүүдөн, алсыздык жана жалкоолуктан, сараңдык, коркоктук жана бел каыйштырган карыздан, заалым менен адилетсиз адамдардын зордугунан сактай көр!" деп дуба кылды. Хайберге жакындап калганда, пайгамбарыбыз сахабаларды токтотту. Колун жайып, "Эй көктөрдүн жана көлөкөлөгөндөрдүн Раббы болгон Аллахым! Эй жерлердин жана үстүндөгүлөрдүн Раббы болгон Аллахым! Эй шайтандардын жана анын адаштыргандарынын Раббы болгон Аллахым! Эй шамалдардын жана учургандарынын Раббы болгон Аллахым! Биз сенден, ушул жердин кайыры менен жакшылыгын, бул жерде жашагандардын кайыры менен жакшылыгын тилейбиз. Бул аймактын жамандыгынан, адамдардын жамандыгынан жана ичиндеги бардык нерсенин жамандыгынан сактай гөр!"деп мүнажат кылды. Сахабалардын ооздорунан; "Аамин!Аамин!"деген үндөр угулду. Мындан кийин сахабаларына: "Бисмиллахиррахманиррахим деп алдыга жылгыла", - деди.

Сахабалар (радыйаллаху анхум) пайгамбарыбыз менен бирге дагы алдыга карай бет алышты. Хайбердин эң күчтүү чептеринин бири болгон Натат чебинин жанына келип, ордолорун курушту. Шам убактысы болчу. Пайгамбарыбыз адаты бойунча таң атмайынча чабуул жасабай биринчи Исламга чакырчу. Сунушуну кабыл албаган учурда гана чабуулду баштачу. Ушул себептен улам сахабалар таңдын атышын күтүштү. Яхудилердин эч бири Ислам ордосунун келгенин билген жок.

Пайгамбарыбыз багымдат намазын окуткандан кийин даярдыктарын бүтүрүп, мужахиттерди алга сүрөдү. Эки жуз

атчан аскер жана миң төрт жүз жөө аскерлер тизилип алышып Натат чебинин алдына жакын барышты. Ошол кезде бакча, талаа жумуштары менен чептен чыккан яхудилер Ислам аскерлерин көрүп, шашкалактап калышты. “Ант беребиз, булар Муххамед менен анын аскери!..” деп, артка карай кача башташты. Алардын бул абалын көргөн Пайгамбарыбыз: **“Аллаху** акбар**! Аллаху** акбар**! Хайбер кыйрады”, -** деп, ушул сөзүн үч жолу кайталады.

Пайгамбарыбыз (саллалаху алейхи ва саллам) яхудилерге мусулман болууларын, же болбосо жеңилип, хараж менен жизйа төлөөлөрүн болбосо согушуп кан төгүлө тургандыгын билдирди. Яхудилер башчылары болгон Селлам бин Мишкенге барып, абалды билдиришти. Селлам; “Мындан мурун Мухаммедке чабуул кылгыла дедим эле кабыл кылбапсыңар. Эч болбосо азыр, алар менен согушта бош болбогула. Мусулмандар менен салгылашып өлүшүңөр, жашоодо эч кими жок калышыңардан дагы жакшы!” деп аларды согушка чакырды. Яхудилер тез арада балдар менен аялдарды Катибе чебине, азык-түлүктөрүн Наимге, аскерлеин болсо Натат чебине жыйнашты.

Ислам ордосунун мусулман болуу сунушуна яхудилер ок чыгаруу менен жооп беришти. Мужахиттер окторду калкандары менен тосушту. Пайгамбарыбыздын буйругу менен жаалар керилип, бардыгы бирден чептин бурчундагы турган яхудилерге карай;”Аллаху экбар!.. деп ок жаадырышты. Согуш башталган эле. Бир жактан ааламдын султаны менен эржүрөк сахабалар Исламды жайуу, алардын мусулман болуп тозоктон кутулууларына себепчи болуу үчүн салгылашып жатышты. Экинчи жакта болсо насыйкатты түшүнбөгөн, мүмкүнчүлүк болсо мусулмандардын бирин да калтырбай кырып салууну кыялданган яхудилер бар эле. Яхудилер коому соңку пайгамбардын өздөрүнүн коомунан чыкпаганын көрүп, кызганычтарынан Аны кабыл кылышпай, пайгамбарыбызды бала кезинен баштап өлтүрүү үчүн, акылдарына келген ар түрдүү амалдарды жасашты, бирок Аллаху тааланын коргоосу менен эч нерсе кылы алышкан жок.

Миң алты жүз мужахитке каршы он миңден ашык яхуди аскери ок жаадырышты. Сахабалар мындай биринин артынан бири келип жаткан окторго каршы калкандарын тосушту. Мүмкүнчүлүк болгондо жерге түшкөн окторду яхудилерди көздөй ыргытышты. Бирок кээ бир сахабалар жарадар болушкан.

Бир кезде пайгамбарыбыздын алдына Хаббаб бин Мүнзир (радыйаллаху анх) жогорку адеп менен барып, “Жаным сизге курман болсун, йа Расулуллах! Ордобузду башка жерге курсак болбойбу?” деп сураганда, пайгамбарыбыз “Иншаллаху таала кечинде алмаштырабыз” деди. Мүжахиттер октордун ортосунда жүрүшкөн эле. Яхудилердин чептен аткан октору Ислам ордосунун артына чейин жетчү.

Ошол күнү кечке чейин салгылашуу ок атуулар менен уланып жатты. Элүү чакты сахаба атылган октордон улам жарадар болушту. Кеч киргенде жаңы бир ордого орун издөө үчүн Мухаммед бин Меслемге (радыйаллаху анх) тапшырма берилди. Ал Режи деген жердин ылайыктуу экендигин билдиргенде, Ислам ордосу ошол жерге көчүрүлдү. Жарадарлар дарыланан баштады.

Эртеси күнү Нататтын алдына чейин келген сахабалар кечке чейин салгылашышты. Үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи күндөрү да курчоо уланды. Яхудилер курчоодо калышты. Ошол күндөрү пайгамбарыбыз катуу баш оорусуна чалдыгып, эки күн мүжахиттердин жанында боло албай калды. Алгачкы күнкү тууну Хазрети Абу Бакрга, экинчи күнкү Хазрети Омарга берилди. Экөө тең сахабалардын башында турушуп, яхудилерге каршы катуу салгылашышты бирок чепти алууга мүмкүн болбоду.

Мындай учурда эркtери күч алган яхудилердин, чеп эшиктерин ачып, чабуулга чыкканы байкалды. Эми бетме бет салгылашуу башталды. Согуш кызуу жүрүп жатты. Пайгамбарыбыз сахабаларга “Аллаху экбар! Аллаху экбар!деп текбир айткыла” дегенде текбир айткан үндөрү менен болгон күчүн жумшашып, душманга каршы кылычтарын шилтешти. Бир кезде Мухаммед бин Меслемдин бир тууганы Махмуд шейит болду. Согуш ары карай кызуу уланып, кечке чейин созулду.

Эртеси күнү Хайбердин эң таанымал кол башчыларынан Мерхаб соотко оронуп, чептен сыртка чыкты. Күчтүү, алп денелүү адам эле. Ушул убакка чейин ага каршы чыккан бир дагы балбан жок эле. Ал мужахиддерди карап: “Мен баатырдыгым, эр жүрөктүүлүгүм менен таанылган Мерхабмын!” - деп мактана баштады. Мактанып жаткан мезгилде сахабалардын арасынан бир мужахид чыкты. Мерхабга каршы: “Мен дагы катуу согуштардын ортосуна кирүүдөн коркпогон Амирмин”, - деп каршысына барып турду. Алп Мерхаб “Кимге тийсе жок кылат” деген жазуусу

бар кылычын Хазрети Амирге болгон күчү менен шилтеди. Эр жүрөк Амир (радыйаллаху) дароо калканын көтөрдү. Кылыч калканга чабылгын кезде катуу үн чыгып, кулакты жаңырттып калганга барып кадалды. Хазрети Амир Жаратуучуга сыйынып: "Йа, Аллах!" - деп кылычын Мерхабдын соот кийген буттарына шилтеди. Кылыч болот соотко тийип кайра артка карай тээп сахабанын бутуна тийди. Ал Хазрети Амирдин бутунун тамырына тийген эле. Сахабалар жүгүрүп Амирдин жанына барышты. Эмдөө үчүн ордого алып кетишти. Бирок, Амир (радыйаллаху анх) ошол жерде шейит болду.

Салгылашуулар кызуу жүрүп жатты. Кечке карай пайгамбарыбыз яхудилерге төрт миң аскер менен жардамга келген жана согушка катышкан мушрик Гатафандыктарга кайра өз жерлерине кайтууларын сунуш кылды. Муну кылышса Хайбердин бир жылдык курма түшүмүн берүүнү убада кылды. Бирок Гатафандыктар бул сунуштан баш тартышты. Ошондон кийин пайгамбарыбыз сахабаларына Гатафандыктар жайгашкан чептин айланасында таңга чейин болууларына буйрук кылды. Гатафандыктар түн ичинде мүжахиттердин кол салууларынан абдан коркушуп, эч уктай алышкан жок. Ошол түнү кайдан чыкканы белгисиз бир үн;"Гатафан элине чабуул жасалгандыгын, бала-чакалардын жана мал-мүлктөрдүн басып алынгандыгын" кабарлады. Бул үн үч жолу кайталанып, аны бардык Гатафандыктар абдан коркуу менен угушкан. Кол башчылары Уйейне да бул үндү үч жолу угуп, Хайберден тез арада аскерлерин алып өз жерине жол тартты. Таң атканда яхудилер Гатафандыктардын себепсиз Хайберди таштап кеткендиктерине таң калышып, үмүттөрүн үзө баштады. Аларды жардамга чакыргындарына абдан катуу өкүнүштү.

## Хазрети Алинин эрдиги

Ошол күнү Хайбер алдында катуу салгылашуу болду. Бирок, чеп алынган жок. Кечинде пайгамбарыбыз; "Эртең тууну ошондой бир жигитке беремин, ал Аллаху тааланы жана Расулуну жакшы көрөт. Аллаху таала жана Расулу да аны жакшы көрөт. Аллаху таала анын колу аркылуу жеңиш алып келет!" деп сүйүнчүлөдү. Ошол түнү сахабалар (радыйаллаху анх) толкундануу менен таңдын

атышын кутүштү. Ар бири туунун өзүнө бериле турганынан умүттөнүп, Аллаху талага дуба кылышты. Билал Хабеши хазреттери багымдаттын азанын бийик жана уккулуктуу үнү менен окуду. Азан окулуп жатканда ар ким ар башка толкундануу менен ал ыракаттын илахи лаззаттын татына тойбой турушту. Пайгамбарыбыз сахабаларына багымдат намазыны окуткандан кийин ордунан турду. Касиеттүү Ислам туусунун алынып келүүсүнө буйрук кылды. Тууну алып келе жатканда сахабалар тикеден тик туруп, кулактарын түрүп, пайгамбарыбыздын оозунан чыга турган сөздөрдү угуу үчүн абай салып карап турушту. Пайгамбарыбыз "Мухаммедке пайгамбарлык берген Аллаху таалага ант этемин, мен бул тууну качуунун эмне экенин билбеген бир эр жүрөк жигитке беремин" дегенден кийин сахабаларына көз жүгүртүп, "Али кайда" деди. Сахабалар "Йа Расулуллах! Анын көздөрү ооруп жатат" дегенде пайгамбарыбыз "Аны мага чакыргыла" деди. Ошол күндөрү Хазрети Али көз оорусуна чалдыгып, көздөрүн ачалбай калган эле. Жаныны барышып, жагдайды айтышып, пайгамбарыбыздын жанына алып келишти. Пайгамбарыбыз Хазрети Алинин сакайуусу үчүн Аллаху таалага дуба кылып, манжаларын оозуна салып суулап, анын көздөрүнө сүрдү. Ошол учурда Хазрети Алинин көздөрүндө эч кандай оору калбай айыгып кетти. Өзг өчө "Йа Раббым! Ысык менен сууктун кыйынчылыктарын андан арылт"деп дуба кылды. Андан кийин Хазрети Алинин үстүнө өз колу менен соот кийгизип, белине өз кылычын тагып, колуна ак Ислам туусун берип "Аллаху таала сага жеңишти насип кылганга чейин согуш. Эч качан артка кайтпа!" деди. Хазрети Али "Жаным сага курман болсун, йа Расулуллах! Алар менен Ислам динине киргенге чейин согушамын"деди. Пайгамбарыбыз **"Валлахи, сенин себепчи болушуң менен Аллаху таланын алардан бир адамды туура жолго салуу, сен үчүн бир канча кызыл төөлөргө ээ болуп, аларды Аллаху тааланын жолунда садака кылып берүүндөн да кайырдуу"** деди.

Хазрети Али колуна тууну алып, яхудилердин чебине карай бет алган кезде сахабалар да артынан жөнөштү. Чепке жакындап, тууну бир таштын түбүнө сайган кезде Натат чебинин эшиги ачылды. Яхудилердин чабуулчу аскерлери сыртка чыгышты. Булар Хайбердин тандалма баатырлары болчу. Ар бири эки кат соот кийинип, темир коргогучтар менен оронушкан. Араларынан бирөө

Хазрети Алини көздөй келип, салгылашуу үчүн маңдайына чыкты. Ал Мерхабдын тууганы Харис болчу. Салгылашуу башталып, эки болоттон чыккан үн айлананы жаңыртып жатканда Зулфикардын чагылгандай жарк дегени жана Харистин башынын денесинен айрылып жерге түшкөнү байкалды. Ушул учурда “Аллаху экбар” Аллаху экбар!” деген үндөр асманды жаңыртты.

Бир тууганынын өлгөнүн уккан Мерхаб кол астындагы аскерлер менен майданга бет алды. Хазрети Алинин каршысына барып турду. Анын да үстүндө эки кат сооту бар эле. Кош кылычын асынган чоң денеси менен бир дөөнү элестетип турду. Баардык үнү менен “Мен согуштун абдан кызыган учурунда ортого чыгып, баатырларча согушкан Мерхапмын! Мен күркүрөгөн арыстандарды да найзам жана кылычым менен майдалап саламын!... деп мактана баштады.

Хазрети Али “Апам менин атымды Хайдар (Арыстан) деп койгон. Мен айбаттуу арстан сыяктуумун! Сени бир чаап жерге кулата турган адаммын.” деп каршылык көрсөттү. Мерхаб Хазрети Алиден Хайдар деген сөздү укканда жүрөгүнө коркуу сезими келди. Анткени ошол түнү аны түшүндө бир арстан тиштеп талаган эле. Түшүндө көргөн арстан ошолбу? Деп атканда Мерхаб чабуулду баштады Хазрети Али аны калканы менен тосуп алды. Андан кийин Аллаху таалага жалбарып, Зулфикарды капырдын башына карай шилтеди. Мерхабдын Зулфикарга каршы тоскон калың болот калканы менен болоттон жасалган туулгасын экиге айрып, башын экиге бөлүп таштады. Зулфикардан чыккан коркунучтуу үн, Хайбердин баардык жерине угулду.

Пайгамбарыбыз “Сүйүнгүлө! Хайберди алуубуз эми оңойлодү” деди. Сахабалар Хазрети Алинин мындай баатырдыгына таң калышты. Алардын “Аллаху экбар! деген үндөрү асманды жаңыртты. Согуш кызуу жүрүп жатты. Сахабалар согушуп согушуп чептин жанына келген кезде, бир яхуди кылычы менен Хазрети Алинин калканын чапты. Калкан жерге түштү. Бирок ийилип ала тургандай убакыт жок эле. мүмкүнчүлүк мүмкүнчүлүкү колдон чыгаргысы келбеген яхуди калканды алып артка карай качты. Буга катуу кайгырган Аллаху тааланын арстаны, Зулфикар менен айланасындагы душмандарды тараткандан кийин чептин эшигин калкан кылууну ниет кылды. **“Бисмиллахиррахманиррахим”** деп чоң темир эшиктин шакекчелерине асылды. Илмектерин дубалынан силкип жулуп алды. Хазрети Али эшикти алып

жатканда чеп ордунан козголду. Сегиз-он балбан аскер ордунан козголто албаган бул эшикти бир колу менен көтөрүп, калкан кылып согушту баштады.

Алдынан яхудилердин дагы алты балбан жигити чыкты. Аларды дагы Аллаху тааланын буйругу менен жеңген Хазрети Али баатыр достору менен чепке кириште. Эми салгылашуу чептин ичинде уланды. Аз убакыттын ичинде аларга каршы чыга турган эч ким калган жок. Ислам туусун чепке сайышты. Ошентип эң мыкты чеп Натат алынды.

Пайгамбарыбыз Хазрети Алинин көздөрүнөн өпкөндөн кийин: **“ Көрсөткөн эрдигиңе байланыштуу, Аллаху таала жана Расулу сага ыраазы болду”, -** деди. Бул сөздү укканда Али (радыйаллаху анх) сүйүнүчүнөн ыйлап жиберди. Пайгамбарыбыз “Эмне үчүн ыйлап жатасын?” дегенде “Жаным сага курман болсун йа Расулуллах! Сүйүнүчтөн ыйлап жатам. Анткени Аллаху таала жана Расулу мага ыраазы болду” деди.пайгамбарыбыз ага: **“Жалгыз мен эмес, Жабраил, Микаил жана бардык периштелер сага ыраазы болду”, -** деди.

Ошол кезде Девс уруусунан төрт жүз мусулман Пайгамбарыбызга жардамга келди. Ошондон кийин башка чептерди алуу үчүн салгылашуу кызуу уланды. Хайбердин калган жети чебин бирден бирден кыйратылгандан кийин айласы жок калган яхудилер элчи жиберип, тынчтык келишим сураштьы. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ве селлам) бул сунушту кабыл кылып, төмөндөгүдөй келишимге макул болушту.

1- Бул согушта мусулмандар менен салгылашкан яхудилердин кандары төгүлбөйт.

2- Хайберден кеткен яхудилер өздөрү менен бир гана балдарын жана бир төөлүк керектүү үй оокаттарын алып кете алат.

3- Калган оокаттардын баардыгы соот, кылыч, калкан, жаа, ок сыяктуу бүтүн куралдар, үстүндөгү кийген кийимдеринен башка кийие турган кийимдердин баары кездемлер, алтындар жана казыналар, ат, төө, кой сыяктуу бүтүн малдар, эмне бар болсо баары мусулмандарга калат.

4- Мусулмандарга калтырылуусу керек болгон заттар эч качан жашырылбайт. Жашырганжар Аллаху таала менен Расулунун ишеними жана камкордугунан чыгат.

Бул шарттарга баш ийбеген, казыналарын жерге көмгөн Кинане бин Реби жазаландырылды. Колго алынган олжонун эсеби жок эле.

Хайбердин берекелүү жерлери, хурма бактарынын бардыгы Ислам ордосуна калтырылды.

Ушул кезде өз жерлерине кайткан Гатафандыктар яхудилерге жардам берүү үчүн артка Хайберге кайтышты. Пайгамбарыбыздын Хайберди басып алып, яхудилерди багындырганын көргөн кезде “Эй Мухаммед! Сен, Хайберден кете турган болсок бизге Хайбердин бир жылдык хурмасын берүүнү убада кылгансың. Сөзүбүздө турдук. Кана бизге аларды бер” деди. Пайгамбарыбыз аларга “Баланча тоо сиздики болсун”деди. Гатафандыктар “Андай болсо биз силер менен согушабыз” деп коркутмакчы болду. Пайгамбарыбыз “Согуша турган жерибиз Женефа болсун” деди. Женефа Гатафандыктардын бир аймагынын аты болчу. Гатафандыктар муну укканда коркушуп, артка кайтып кетишти.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ве селлам) жана эр жүрөк сахабалары Хайбер согушунда абдан чарчашкан болчу. Бир жакта жарадарлар дарыланып, экинчи жакта эсалып атышты. Яхудилердин башчыларынын бири Селлам бин Мишкендин аялы Зейнеп пайгамбарыбызды уулантдырып өлтүргүсү келди. Ошентип , бир эчки сойуп, этин бышырды. Этке көп өлчөмдө уу кошту. Кийин пайгамбарыбызга барып, белек алып келгендигин айтты. Пайгамбарыбыз аны кабыл алып, сахабаларын чакырды. Бары бирге тамактануу үчүн отурду. Пайгамбарыбыз эчкинин кол жагынан бираз эт кесип алып, **“Бисмиллахиррахманиррахим”** деп оозуна салды. Бир канча жолу чайнагандан кийин дароо этти оозунан чыгарып, **“Эй сахабалар! Бул эттен колуңарды тарткыла. Анткени бул эт ууланган экендиги мага билдирилди”** деди. Сахабалар дароо эттен колдорун тартып алышты. Бирок эттен бир үзүм жеген Бишр бин Вера хазреттеринин дароо денеси көгөрүп, шейит болду. Пайгамбарыбызга Жабраил алейхиссалам келип, түкүрүктөрүнө аралашкан уунун таасиринен арылуу үчүн ийининин арасынан кажамат кылып кан алдыруусун айтты. Ошондой кылынды. Кийин уулу этти топрака көмүп таштады. Бул ишти жасаган Зейнеп колго түшүп алып келинди. Пайгамбарыбыз ага **“Бул этке сен уу коштуңбу?”** деп сурады. Ал кылган ишин мойнуна алып “Ооба! Мен уулантдырдым!” деди. Пайгамбарыбыз “Эмне үчүн мындай кылдың?” деп сураганда “Сен менин күйөмдү, атамды, таякемди өлтүрдүң. Өз өзүмө “Эгер ал анык пайгамбар болсо Аллах Ага билдирет. Андай болбосо бул уу Ага таасир

берип, өлөт. Ушундайча андан кутулган болобуз”дедим. Сахабалар бул окуяга абдан кайгырды. “жаныбыз сага курман болсун йа Расулуллах! Муну өлтүрөлүбү?” деп сурашканда жеке өзүнө жасалган бардык кастыктарды кечирген Пайгамбарыбыз аны дагы кечирди. Мындай райымдуулукту көргөн Зейнеп Келимаи шахадет айтып, мусулман болду.”

Хайберде колго алынган олжолор жана туткундардын арасында Хуйей бин Ахтабдын кызы Сафиййе(радыйаллаху анха) да бар эле. Кол башчы болгондуктан пайгамбарыбыздын энчисине тийген эле. Пайгамбарыбыз аны бошотту. Ал бул абалга катуу таасирленип, чын көңүлдөн Келимеи шахадет айтып мусулман болду. Буга катуу сүйүнгөн пайгамбарыбыз Хазрети Сафийе менен никесин кыйдырып, кубантты. Ушундайча Хазрети Сафийе мусулмандардын апасы болду. Сехба деген жерде тойу болуп, коон жана курмадан той тамагы берилди. Сафийе апабыздын (радыйаллаху анх) көздөрүндө көгөргөн бир жери бар эле. Пайгамбарыбыз **“Бул кандай из?”** деп сураганда ал “Бир түнү түшүмдө айдын асмандан түшүп, койнума киргенин көргөнмүн. Түшүмдү күйөмө айтып берсем “Сен бизге каршы келе жаткан Араб башчысынын аялы болууга көз салыпсын!” деп көзгө бир урду жана көрүп турганыңыздай көгөрдү” деди.

Хайбер алынгандан кийин яхудилер пайгамбарыбызга “Йа Мухаммед! Биз Хайберден чыгып кетебиз. Бирок, биз талаачылык, багбанчылыкты жакшы билебиз. Кааласаң бул берекелүү жерди бизге ижарага бер. Бул жерлерди иштетип чыккан түшүмдүн жартысын сага берелик!”деп сунуш кылышты. Пайгамбарыбыз жана сахабалардын талаачылык жумуштарын кылууга убактылары жок эле. Алар Ислам динин жайууга аракет кылышып, жихат кылуу үчүн бир жерге турбастан бар күчтөрүн жумшап аракет кылып жатышты.

Бул сунушка пайгамбарыбыз кубанып **“ Силерди каалаган убакта чыгаруу шарты менен”** деди. Яхудилер муну кабыл алышып, Хайбер жерлерин иштете башташты.

Пайгамбарыбыз сахабалар менен жеңишке кол жеткизип Мадинага кайтышты. Бул учурда андан мурун Хабешистанга көчкөн сахабаларынын Жафер бин Эбу Талиб (радыйаллаху анх) башчылыгында келишкени көргөндө абдан кубанды. Хазрети Жафердин маңдайынан өөп, бөөруна кысып, **“Мен Хайбердин**

**алынганына бы же болбосо Жафердин келишине би кайсы-нысына кубана турганымды билбей турам. Силердин хижретиңер эки жолу болду. Силер Хабеш элине жана өлкөмө хижрет кылдыңар"** деди.

Хайберде колго түшкөн олжолор Худейбийе келишимине катышкан бардык сахабаларга, Хайберге катышкандарга, Хабешистандан жирет кылган сахабаларга жана Девс уруусуна үлүштөндүрүлдү.

Хайбердин багындырылышы менен арабистандагы бардык яхудилер пайгамбарыбыздын колалдына кирди. Артык мушриктерге жардам берүү мүмкүнчүлүгү калган жок. Айланадагы уруулар менен элдер да курал жарак жана аскер жаатында жеңилүүгө мүмкүн эмес болуп көрүнгөн Хайбер чебин багындырган мусулмандардын чоң бир күчкө ээ экенин түшүнүп, Ислам мамлекетинен тартына баштады. Меккедеги мушриктер Хайбердин багынуусуна катуу кайгырды. Бул жеңиштен кийин кичине-чоң уруулар мусулман болуу үчүн Мадинага барып, сахабалардын катарына кошулушту. Жада калса Гатафандыктар да барды. Келбеген башка урууларга болсо күч жөнөтүлүп багындырылды.

## УМРАТУЛ-КАЗА САПАРЫ

Худайбийа келишиминен бир жыл өткөн эле. Курман айтка бир жыл калганда пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва селлам) сахабаларына умра үчүн даярдык көрүүлөрүн буйрук кылды. Умра үчүн Худейбийеге барып, Биат-үр Рыдванга катышкандар кайтыш болгондордон тышкары калгандары даяр турушу керек эле. Бул буйрукка байланыштуу эки миң сахаба даярданып бүтүштү. Курмандык чалууга жетимиш төө алынды. Аларды Меккеге чейин оттотуп жайып алып баруу үчүн Нажийе бин Жүндүп менен төрт досуна (радыйаллаху анхум) бул иш тапшырылды. Өзгөчө Мухаммед бин Меслеменин (радыйаллаху анх) карамагына жүз атчан аскер берилип, соот, найза, кылыч сыяктуу согушта колдоно турган куралдарды жеткирүү үчүн алдын ала жолго чыгарылды. Мушриктерге ишенчилик жок эле. Кандайдыр бир чабуул жасалса коргонуу үчүн ушул куралдарды колдонушмак. Сахабалардын кээ бири: "Йа Расулуллах! Худейбийе келишими боюнча умрага кыны-

бызга сайылган кылычтан башка курал менен келбейт элек!" - дешти. Пайгамбарыбыз**: "Биз бул куралдарды Харемге, Курайштыктардин жанына алып барбайбыз. Бирок алар, Курайштыктар бизге каршы чабуул жасаса кол алдыбызда болот"** деди.

Мадина Мүневерге өкүл катары Эбу Зерр-ил-Гифари (радыйаллаху анх) калтырылды. Эбу Рүхм-үл-Гифардын (радыйаллаху анх) да калтырылгандыгы тууралуу да айтылат. Эки миң сахаба пайгамбарыбыз менен бирге Меккеге карай жолго чыгышты.сахабалар абдан толкунданышты. Жылдар бойу Аллаху тааланын жолунда пайгамбарыбыз үчүн үйлөрүн, коломтолорун, таштап кеткен өз жерлерин көрүшөт эле. Беш маал намаз убактысында жуздөрүн бурган Каабаны зыярат кылат эле. Мусулман болуп, келишимге көрө Мадинага келе албай калган туугандарына жолугат эле. Жылдар бойу көздөрүнөн жаш ордуна кан агызган, зулум алдына алып, путтарына сыйындыруу үчүн көптөгөн туугандарын шейит кылган Курайштык мушриктерге Исламдын улуулугу менен баалулугун көрсөтөт эле. Балким муну көргөн мушриктердин жүрөгүндө Исламга деген сүйүү сезими пайда болуп мусулман болоор!...

Мадинада калгандар Веда деген жерге чейин пайгамбарыбызды текбир айтуу менен узатып, кайра артка кайтышты.

Пайгамбарыбыз Мадинадан он километр узакта жайгашкан Зүлхулейфеге келгенде ихрамын кийди. Сахабалар да ошондой кылышты. Баардыгы апапак болуп оронушту. Умра кылуу үчүн Мекке-и муккеремге сапар башталган эле. **" Леббейк! Аллахумме Леббейк! Леббейк! Ла шерике леке леббейк! Иннел хамде вен-нимете леке вел-мүлке, ла шерике лек."**деген үндөр көктү жаңыртты. Жол сапары Аллаху таалага шүгүр кылуу жана жалбаруу менен, Анын ыйык атын зикир кылуу аркылуу таттуу өтүп жатты.

Алдыда кеткен Мухаммед бин Меслеме башчылык кылган топ Меккеге жакындаганда аларды Курайштык мушриктер көрдү. Коркунуч менен жандарына келип, биз бир жыл мурун ушундайча келиштик беле дегендин ордуна "Бул эмне" деп сурашты. Мухаммед бин Меслеме аларга мындай деп жооп берди: "Булар Аллаху тааланын Расулунун атчан аскерлери Аллаху таала уруксаат берсе эртең алар бул жер да жетип келишет!.." Мушриктер корккон бойдон артка кайтып, кабарды Меккеге

жеткирди. Меккедеги мушриктер “ Ант беребиз, биз келишимди бузбадык. Мухаммед биз менен эмне үчүн согушсун?” деди. Араларынан бир элчи дайындап, аны пайгамбарыбызга жолугуу үчүн жөнөттү. Бул учурда пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Мекке көрүнө турган Батни Йежеж деген жерге келип калган. Кылычтардан башка баардык куралдарды бул жерге ташташты. Куралдарды кайтаруу максатында эки жүз сахабаны күзөтчү кылып койду.

Даярдыктар аяктагандан кийин Курайш элчилери пайгамбарыбыз менен жолугуп, сүйлөшүүгө уруксаат сурады. Уруксаат берилгенден соң “Йа Мухаммед! Худебийе келишиминен бери сизге каршы кыянат жасаган жокпуз. Буга карабастан Меккеге бул куралдар менен киресизби? Ал эми келишим бойунча кынга сайылган кылычтан башка курал алуу болбойт” дешти. “Мен бала кезимен ушул күнгө чейин берген сөзүмө туруу менен таанылгам. Харемге кынга сайылган кылычтан башка эчнерсе алып кирбейбиз. Бирок, куралдардын мага жакын жерде болуусун каалаймын” деп жооп берди. Элчилер өздөрүнө жеткирилген кабардын жаңылыш болгондугун түшүнүп, жандары жайалды. “ Йа Мухаммед! Чынында сенден биргана тууралык жана жакшылык көрдүк. Сага жага турган да ошол” деп артка кайтышты. Меккеге барып, жагдайды курайштыктарга билдирди. Алар да тынычтанып калышты.

Курайштын башында тургандар кек жана кысканычтан пайгамбарыбыз менен сахабалардын мындай бактылуу убактарын көрбөө үчүн Меккени таштап тоолорго чыгып кетти. Пайгамбарыбыз эн салынган курмандык төөлөрдү Зитува деген жерге мурунураак жиберди. Кийин сахабалар менен биргеликте даярдыктарды аяктап, касиеттүү Мекке шаарына кирүү үчүн бет алды. Сахабалар пайгамбарыбызды ортолоруна алышты. Пайгамбарыбыз Кусва деген төөсүнүн үстүндө, миңдеген жылдыздарды шооласы менен жапкан күн сыяктуу айланага нур чачып жатты. Йа Рабби! Ал недеген сулуулук! Ал недеген керемет көрүнүш эле! Тилдеринде “Леббейк! Аллахумме Леббейк!Леббейк! Ла шерике леке Леббейк!” деген сөздөр, көңүлдөрүндө Аллаху таала жана Расулуна деген махабат бар эле. Уламдан улам Каабага карай жакындай башташты. Жакындаган сайын толкундоолор күч алып, адета жошуйорларды. Бардыгы бир ооздон чыгарган

сөзөр Меккени жаңыртты. Мындай керемет көрүнүштү көргөн мушриктердин ичтери эзилип, көңүлдөрүндө ысык бир махабат сезиминин ойгонгондугун байкашты. Кээ бирөөлөрүнүн жүрөгүндө Исламга деген сүйүү орноду. Акырында Мухаммед алейхиссалам жеңишкежеткен эле...

Эми пайгамбарыбыз менен ардактуу сахабалары белдерине кылычтарын тагынып Каабага кирди. Пайгамбарыбыз төөсүнүн ноктосун Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) хазреттери кармап баратты. Меккедеги кээ бир мушриктер аялдары менен балдары Дарүн-Недведе тизилип, пайгамбарыбызды жана эр жүрөк сахабаларды карап жатышты. Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) алдыга кадам шилтеген сайын ырлар окулуп, мушриктердин көңүлүнө барскан менен урган сыяктуу таасир калтырды.

Хазрети Омар чыдай албай "Эй, Ибни Реваха! Сен Расулуллахтын алдында жана Хареми шерифте кандайча ыр окуп жатасын?" демекчи болду. Бирок пайгамбарыбыз **"Йа** Омар**! Ага кедерги болбо. Аллаху таалага ант беремин, анын сөздөрү бул Курайш мушриктерине ок жаадыргандан дагы ылдам жана абдан таасир берүүдө. Эй Ибни Реваха уланта бер"** деди. Пайгамбарыбыз бираздан соң Абдулах бин реваха хазреттерине; **"Аллаху тааладан башка илах жок! Бир болгон Ал! Убаданы аткарган Ал! Бул кулуна жардам берегн Ал! Аскерлерин күчтөндүргөн Ал! Топтолгон урууларды да жеңилишке алып келгенда жалгыз Ал!"** деп айт деди.

**Абдуллах бин Реваха да:**

"Аллаху тааладан башка, эч кандай илах жок!

Жок Анын эчкандай шериги, Лаа илахе иллаллах!

Мусулман аскерлерге күч берген Ал!

Капырларды кыйратып, курутуучу Ал!

деп сүйлөп баштады. Мумулмандар дабул сөздөрдү кайталашты.

Пайгамбарыбыз Бейтуллахка киргенде оң ийинин ачты. Кийин **"Бүгүн бул ширк кылгандарга каршы өзүн күчтүү жана ылайыктуу көрсөтө турган жигиттерге Аллаху таала райымын жаадырсын!"** деди. Буга байланыштуу сахабалар оң ийиндерин көтөрүп, айбаттуу түрдө ылдам ылдам басышып Каабаны уч ирет таваф кылышты. Бирок Рүкни Йемани менен Хажер-үл-эсведтин арасында жай басып жүрдү. Пайгамбарыбыз жана сахабалар

Хажер-үл-эсведке жакындап, аны өөп колдорун ачып, Хажер-үл-эсведке каратып кармады.

Мушриктер сахабаларды карап турушуп, алардын бул айбаттуу жана ажайып жүрүштөрүнө таң калышты. Анткени мушриктер арасында мусулмандардын Мадинага кетишкенден бери абдан алсырап, ооруга чалдыгып, начар жагдайга түшүп калгандыктары тууралуу жана ушундай сыяктуу кабарлар тарага эле. Азыр болсо тескерисинче башка бир көрүнүшкө күбө болуп, таңдануулары күч алды.

Калган дагы төрт таваф болсо акырындык менен жай басуу аркылуу аякталды. Тавафтан кийин Макам-и Ибрахимде эки рекет намаз окушту. Андан кийин Сафе менен Мерве чокулары арасын жети жолу айланышты. Курмандык чалынгандан кийин пайгамбарыбыз чачын алдырды. Сахабаларда кырынды. Ушундайча пайгамбарыбыздын бир жыл мурун көргөн түшү орундалды.

Умре зыяраты бүтүп, бешим убактысы кирген эле. Пайгамбарыбыз Хазрети Билалга Каабада азан окуусун буйрук кылганда Билали Хабеши дароо буйрукту аткарды. Ал Каабада азан окуган кезде бардык Мекке титрегендей болду. Сахабалар абдан бир ынтызар менен азанды угуп, акырын үн менен кайталашты. Бүткөндөн кийин пайгамбарыбыз имам болду. Баары бирге бешим намазын окушту. Мушриктердин жүрөгүндөгү тааасири бир башкача эле.

Пайгамбарыбыз Эбтахта териден бир чатыр тиккен эле. Сахабалар айланасындагы чатырларда үч күн турушту. Намаз убактыларында Бейтуллахта чогулушуп, жамаат менен намаздарын окуп жатышты. Башка убактарда туугандарыныкына барып, Исламдын өздөрүнө сиңирип алган жакшы адеп ахлакы менен аларга өрнөк болду. Алар да сахабалардын мындай жакшы аракеттерине таасирленип, таң калгандарын жашырышкан жок. Бул үч күн аралыгында Мекке ичтен каратылгандай болгон эле.

Үч күн өтүп, кете турган убакыт келге эле. Кечке чейин пайгамбарыбыз “(Умра үчүн келген) мусулмандардан эч ким кечти Меккеде өткөзбөйт, жолго чыгат!” дегенде баардыгы дароо жыйналып, Мадинаны көздөй жолго чыгышты.

## МУТА СОГУШУ

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ве селлам) Меккеге умра үчүн барганда, сахабаларынан Велид бин Велид хазреттерине "Халид каяктарда? Ал сыяктуу бирөөнүн Исламды тааныбоосу, билбөөсү болбойт. Эгер ал баардык кайратын жана эрдигин мусулмандардын жанында мушриктерге каршы көрсөткөндө канчалык жакшы болот эле. Өзүн жакшы көрүп, жогору баалайт элек" деген эле. Велид бин Велид мурун байкесине улам улам кат жазып, мусулманчылыкка чакырып жүрчү. Пайгамбарыбыздын мындай сөздөрүн укканда Исламга болгон кызыгуусу барган сайын күч алды. Умре зыяратын кылган сахабалар Мадинага кайтышкан эле. Арадан күндөр өтүп хижреттин сегизинчи жылы болду. Халид бин Велид болсо бир жерде туралбай, тезинен Мадинага барып, пайгамбарыбыздын алдына тизе бүгүп отуруп, мусулман болууну каалады. Өзү мындайча баяндайт:

"Аллаху таала мага пайгамбарыбызга деген махабат сезимин ойготту. Жүрөгүмө Исламга деген сүйүүнү орнотту. Жамандык менен жакшылыкты айрып биле тургандай жагдайга жеткирди. Өз өзүмө " Мен Мухаммед алейхиссаламга каршы баардык согуштарга катыштым. Бирок ар согуштан кайтканымда өзүмдү жаман ахыбалда сезип, Анын бир күнү милдеттүү түрдө жеңишке жете турганын сезип билчүмүн. Расулуллах (саллаху алейхи ве селлам) Худейбийеге келген кезде душман аскеринин кол башчысы элем. Усфанда аларга жакын бардык. Расулуллах бизден ишенимдүү абалда сахабаларына бешим намазын окутуп жаткан болчу. Аларга чукулдан дароо чабуул жасоону каалադык, бирок мүмкүн болбоду. Мындай болушу дагы кайырдуу болду. Расулуллах биздин ойубуздагы нерселерди сезсе керек аср намазын темкинди окутту.

Мындай абал мени катуу таасирлентти. Бул зат Аллаху таала тарабынан корголот болсо керек дедим. Бири бирибизден бөлүндүк. Мен аркандай ойлордун ичинде элем. Мухаммед алейхиссалам умра үчүн Меккеге келгенде Ага көрүнгөн жокмун. Тууганым Велид менен бирге келишип мени таба албашыптыр. Тууганым мындай бир кат таштаптыр: "Бисмиллахиррахманиррахим! Аллаху таалага хамд менен мактоолор жана Расулуллахка салам жана салават болсун! Мен чындыгында сенин Исламдан жүз буруп кете турга-

ныңдай таң калаарлык эч нерсе билбейм. Жада калса бараткан жолуңдун жаңылыш экенин түшүнүп билесиң. Эмнеге акылга салбайсың? Ислам сыяктуу бир динди таанып билбөөң канчалык жаман! Пайгамбарыбыз менден сени сурады. Сенин Исламды таанып, кайрат жана эржүрөктүүлүгүңдү мусулмандар арасында мушриктерге каршы колдонууңду каалайт. Эй тууганым! Көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү жоготтуң. Эми көп кечикпе!”.

Тууганымдын катын окугандан кийин менин мусулман болуу каалом абдан күч алды. Баруугa шаштым. Пайгамбарыбыздын айткандары мени абдан кубандырган эле. Ошол түнү уктап жатып, түшүмдө кыйналып тар жана чөл сыяктуу суусуз жерлерден жапжашыл кенен ажайып бир жерге чыккан элем. Мадинага баргандан кийин бул түшүмдү Хазрети Абу Бакрга айтып, жорутууга чечим чыгардым.

Мен Расулуллахка баруу үчүн жыйналып жатканда;” Ал жакка бара жатканда мага ким жолдош болот?” деп ойлонуп жаткан элем. Ошол убакта Сафван Бин Үмеййеге жолуктум. Абалды ага айттым. Ал сунушумду кабыл албады. Андан кийин Икриме Бин Эбк Жехлге жлуктум. Ал да кабыл албагандан кийин үйүмө бардым. Жаныбарыма минип, Осман Бин Талхага бардым. Ага да мусулман болуу үчүн пайгамбарыбызга бaратканымды айтып, мага жолдош болуусун сурадым. Дароо макул болуп, эртеси таңга маал жолго чыктык. Хадде деген жерге барганда Амр Бин Ас менен жолуктук. Ал дагы мусулман болуу үчүн Мадинага бара жаткан.

Мадинага бардык. Кийимимдин эң жакшысын кийип, Расулуллах менен жолугуу үчүн даярдандым. Ошол убакта тууганым Велид келди да; “ Тез бол. Анткени пайгамбарыбызга сенин келе жатканың кабарланган. Ал да абдан сүйүндү. Азыр сизди күтүп жатат” деди. Шашкан бойдон пайгамбарыбыздын жанына бардым. Күлүмсүрөп отурган эле. Салам бердим; “Аллаху тааладан башка илах жок экенине жана сиздин Аллаху тааланын пайгамбары экениңизге күбөлүк кылам” дедим. **“Сени туура жолго салган, туура жолду көрсөткөн Аллаху таалага шүгүрчүлүк болсун”** деди. Кийин күнөөлөрүмдүн кечирилүүсү үчүн Аллаху таалага дуба кылуусун сурандым. Ал мен үчүн дуба кылып, **“Ислам өзүнөн мурунку кылынган күнөөлөрдү алып ыргытат”** деди. Жанымдагы эки жолдошум да мусулман болушту.

Ушундайча Меккенин эң баатырлары, максаттарына жетүү жолунда, жандарын берүүдөн эч тартынбаган бул үч пехливан

жигит чын ыкластары менен Расулуллахтын алдында сахабалардын катарына кошулуу урматына ээ болду. Эми алар бардык күчтөрүн күфүрчүлүктү жок кылуу үчүн жумшашат эле. Алардын мусулман болгонуна сахабалар абдан сүйүнүштү, сүйүнчтөрүн "Аллаху экбар!" деп текбир айтуу менен билдирди.

Хижреттин сегизинчи жылында пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ве селлам) Исламдын жайылуусу үчүн дагы ар түрдүү урууларга, элдерге элчилерди жиберди. Алардын кээбирлеринен оң натыйжалар келди, бирок Бурса акимине жиберилген Харис Бин Үмейр хазреттери Шамдын Белка аймагынын Муте айылында христиан аскерлер колго түшүрүп алат. Шамдын акими Шурахбил Бин Амрдын алдына алпарылган Хазрети Харис элчи болгонуна карабастан өлтүрүлүп, шейт кылынды.

Бул кабарга пайгамбарыбыз абдан кайгырып, эр жүрөк сахабаларына чогулууга буйрук берди. Бул буйрукту алган сахабалар балдары менен коштошуп, тез арада Журф ордосуна топтолду. Пайгамбарыбыз бешим намазыны окуткандан кийин **"Жихатка чыга турган бул адамдарга Зейд Бин Харис**аны колбашчы кылып шайладым! Зейд Бин Хариса шейит болсо анын ордуна Жафер Бин Эбу Талип келет. Жафер бин Эбу Талип шейит болсо ордуна Абдуллах бин Реваха келсин. Абдуллах бин Реваха шейит болсо, мусулмандар араларында ылайыктуу бирөөнү тандап, өздөрүнө кол башчы кылсын!" деди. Буга байланыштуу сахабалар аттары аталган баатырлардын шейт боло турганын түшүнүп ыйлай башташты; "Йа Расулуллах! Тирүү калышып, аларды пайдалансак" деди. Пайгамбарыбыз аларга жооп бербей унчукпай калды.

Буларды ошол жерде турган Хазрети Зейд, Жафер жана Абдуллах да угушуп, өтө чоң кубанычка бөлөнүштү. Анткени? алардын эң чоң максаттары Аллаху тааланын динин жайуу жолунда шейит болуу эле. Эми сүйүнчү кабар берилип, аны өз кулактары менен угушкан эле. Мүжахиттер даярдыктарын бүтүрүп, кол башчыларын күтүп турган эле. Пайгамбарыбыз ак Ислам туусун Зейд бин Харисге берди. Ага Харис бин Умейр шейит болгон жерге чейин баруусун жана Исламды таблиг кылуусун буйрук кылды. Эгер кабыл кылбай турган болсо душман менен салгылашууну буйрук кылды.

Абдуллах бин Реваха хазреттери жанындагы аскерлер менен бирге коштошуп жаткан маалда ыйлады: Ага: "Эй Реваханын

уулу! Эмне үчүн ыйлап жатасың?" – деп сурашты. Акын болгон Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) ыйлоосунун себеби дүнүйөгө болгон куштарлык эмес, сагыныч эмес экендигин, Курани каримде көрсөтүлгөн "Күмөнсүз, билгиле, силердин араңардан Тозоктон өтпөй турчу эч ким жок" деген аятты укканын, Тозокко түшсө кантип сабыр кыла тургандыгын ыр менен жеткирди.

Көз жашымдын себеби өмүр кайгысы эмес,
Силерден айрылуунун оор жазмышы эмес.
Негизи себеп мында, Раббибиздин сөзү,
Курани каримдеги мына мындай аяты:
Эч күмөнсүз билгиле, адам баласынан,
Эч ким жок өтпөй турган жалындуу Жаханнамдан
Бул аятты окуган Пайгамбардан уктум
Тозокко түшсөм эгер буга кантип чыдаймын.

Жолдоштору: "Аллаху таала сени сүйүктүү кулдарынын арасына жазсын, салихтерден бол", - деп дуба кылды. Ошентип, Абдуллах бин Реваха: "Бирок, мен Аллаху таала тарабынан кечирилүүнү каалаймын. Жана кандарды агыза турчу кылыч соккусунан же ичеги-боорумду жарып чыга турган найзадан шейит болууну каалаймын", - деди. Аскерлер жүрүшкө даярданган кезде Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбызга барып коштошуп: "Йа, Расулаллах! Мага жаттап алууга жана эсимен чыгарбай турган бир нерсе сунуштайсызбы?" – деди. Пайгамбарыбыз ага: "Сен эртең Аллаху таалага өтө аз сажда жасала турчу элге барасың. Ошол жерде саждаларды, намаздарды көбөйт", - деди. Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх): "Йа, Расулаллах! Мага насыятыңызды көбөйтөсүзбү?" – дегенде Пайгамбарыбыз: **"Аллаху тааланы ар дайым зикир кыл. Максатыңа жетүүдө сага көмөкчү болот",** - деди.

Үч миң адамдык Ислам аскерлери "Аллаху акбар! Аллаху акбар!" деген ураан менен жүрө баштады. Пайгамбарыбыз менен Мадинада калган кадырлуу сахабалар мужахиддерди Веда деген жерге чейин узатты. Ушул жерде Пайгамбарыбыз Ислам аскерлерине мындай деп үн катты: **"Мен силерге Аллаху тааланын буйруктарын орундап, тыйууларынан сактанууну, жаныңардагы мусулмандарга жакшы мамиле кылууну жана аларга жакшы көз менен кароону сунуш кылам. Аллаху тааланын жолунда Анын ысымын айтып согушкула. Олжого**

**алынган нерселерге кыянаттык кылбагыла. Келишимге опасыздык кылбагыла. Балдарды өлтүрбөгүлө. Ал жерде христиандардын чиркөөлөрүнөн адамдардан бөлүнүп, өздөрүн кулчулукка арнаган кээ бир адамдарды көрөсүңөр. Аларга тийбегиле. Алардан башка баштарына шайтан уялаган кээ бир адамдарды дагы көрөсүңөр, алардын башын кылычыңар менен кескиле. Силер аялдарды, кары адамдарды өлтүрбөгүлө. Бак-даракты кеспегиле, өрттөбөгүлө. Үйлөрдү кыйратпагыла!"**

Баш кол башчы Зейд бин Харисага (радыйаллаху анх): "Мушрик жоо менен каршылышканда аларды үч нерсенин бирине чакыр. (Эгер мусулмандыкты кабылдаса) аларды мухажирлердин эли болгон Мадинага хижрат кылууга чакыр. Чакырууңду кабылдаса мухажирлердин укуктары менен милдеттери аларга да жүктөлө тургандыгын билдир. Эгер мусулман болуп өз элдеринде калууну кааласа мусулман көчмөн араптар сыяктуу боло тургандыктарын жана аларга колдоно турган илахи өкүмдүн өздөрүнө дагы колдонула тургандыгын, согуш олжосунан аларга эч нерсе берилбей тургандыгын жана олжодон бир гана мусулмандар менен бирге согушкандардын ала тургандыктарын билдир.

Эгер Исламды кабылдабаса аларды жизйа (салык) төлөөгө чакыр. Араларындагы муну кабыл кылбагандарга тийишпе. Жизйа дагы бергиси келбесе Аллаху тааланын көмөгүнө таянып алар менен согуш", - деди.

Ушул насыяттан кийин мужахиддер менен коштошту. Ислам аскерлери текбир айтып коштошушту. Артта калгандар кеткендерге кол булгап: "Аллаху таала силерди түрдүү коркунучтардан сактасын, кайрадан аман-соо кайтарсын", - деп дуба кылышты. Көзгө көрүнбөй калганга чейин көздөрүнө жаш алып карап турушту. Зейд бин Харисанын (радыйаллаху анх) колундагы касиеттүү туу желбиреп, мужахиддер узак жолго Аллаху тааланын динине кызмат кылуу үчүн чыккан эле.

Ислам аскерлери Сирияга карай бет алды. Жол сапары тынч өттү. Мужахиддер тезирээк жоо менен каршылашууга ашыгышты. Шейиттикти каалагандардын ичинде Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) да бар эле. Бул тууралуу Зейд бин Эркам (радыйаллаху анх) мындайча айтып берген:

"Мен Абдуллах бин Реваханын тарбиясында өскөн жетим болчумун. Ал Мута сапарына чыкканда мени дагы төөсүнүң ар-

тына мингизди. Түнү бираз убакыт жүргөндөн кийин өзүнүн бул сапарда шейит боло тургандыгын ыр кылып айтты. Мен муну угуп ыйладым. Абдуллах бин Реваха мени камчысы менен түртүп: "Эй, сага эмне болду? Мунун сага эмне зыяны тиймек эле. Аллаху таала мага шейит болууну буюрса ушул жаныбар менен артка кайтасың. Мен болсо дүнүйөнүң бардык дарттарынан, кайгыларынан кутулуп, ырахаттыкка жетемин", - деди. Түшүп, эки рекет намаз окуду. Анан узун дуба окуп, мага: "Эй, бала! Бул сапарда иншаллах шейиттик насип болот", - деди."

Эр жүрөк сахабалар Сирияга жакындаганда Шам акими Шурахбил бин Амр Ислам аскерлеринин жакындап калгандыгын уккан эле. Дароо Византия бийлөөчүсү Гераклиуска жагдайды кабарлап, чоң көмөк алып, көңүлү тынч алып турган эле. Анткени, укканына караганда мусулман аскерлердин саны 3-5 миң гана болчу. Өзүнүн аскер саны болсо жүз миңден ашчу. Курал жарактары болсо эсепсиз көп эле.

Сахабалар Шамдан Муанга барган кезде гректердин жүз миң адамдык аскери менен өздөрүнө карай келе жаткандыктарын угушат. Ошол жерге конуп эки түн түнөшөт. Кол башчы Зейд бин Хариса (радыйаллаху анх) жолдошторун жыйнап жагдайды баян кылат. Гректерге каршы эмне кылуу керек экендиги тууралуу пикирлерин сурады. Сахабалардын кээ бирлери "Грек аскерлери менен кездеше электе алардын жерлерине капыстан чабуул жасайлы. Адамдарын туткунга алып Мадинага кайталы" десе кээ бири "Расулуллахка кат жазып, жоонун санын кабарлайлы. Бизге шашылыш түрдө аскер жиберүүлөрүн же болбосо эмне кылуубуз керек экендигин сурайлы" дешти. Экинчи пирди туура деп санап турушканда Абдуллах бин Реваха (радыйаллаху анх) сөзгө аралшып: "Эй, коомум, эмнеге алаңдайсыңар? Шейит болуу үчүн келбедикпи? Биз капырлар менен эч качан саныбыз, куралжарагыбыз көп болуп согущкан эмеспиз. Аллаху таала буйрук кылган ушул диндин күчү менен арстандардай согуштук. Алга карай умтулгула, согушкула, сөзсүз алдыбызда кайыр бар. Бул иштин натыйжасы жеңиш да эмес, шейиттик да эмес. Бедир күнү болгону эки атыбыз гана болгон, Ухудда болсо бир гана ат менен аз курал-жарагыбыз бар болчу. Бул согушта жеңүү Тагдырыбызга жазылган чыгар. Аны Аллах менен Пайгамбары убада кылды. Хак таала убадасынан эч качан кайтпайт. Эй, момундар, андай

болсо алга карай баскыла! Эгер маңдайыбызга шейиттик жазылса Бейиштеги шейит боордошторубуз менен кездешебиз", - дегенди ыр саптары менен жеткирди. Хазрети Абдуллах бин Реваханын бул сөздөрү мужтахиддердин баатырдык сезимдерин ойготту. "Валлахи, Реваханын уулу туура айтат", - дешти.

Ушундайча чечим чыгарылган болот. Бардыгы шейит болгонго чейин согушууга бел байлашты. Эр жүрөк сахабалар Мута деген айылга барган кезде жүз миң адамдан турган грек аскерлери менен кездешти. Тоо-таш, бардык тарап душман аскерине толгон эле. Бир жакта Аллаху тааланын динин таратуу үчүн Мадинадан Шамга чейин келген үч миң адамдык Ислам аскерлери, экинчи жакта Исламды жойу үчүн жыйналган жүз миң адамдан турган капыр аскерлери бар эле. Бир караганда салыштырууга болбой турган күч болчу. Ошондо бир мусулманга отуздан ашуун грек туш келди.

Эки тарап тең согушка дайын турду. Ошол кезде Пайгамбарыбыздын буйругу боюнча Ислам аскеринен бир кеңеш грек ордосуна карай кадам таштады. Алар грек аскерине Исламга кирүүнү же болбосо жизйа төлөөнү сунушташты. Бирок, алар бул сунушту кабыл кылышпады. Эми убакытты жоготуунун кажети жок эле. Кол башчы Зейд бин Хариса (радыйаллаху анх) колуна касиеттүү Ислам байрагын алып чабуулга өтүү буйругун берди. Ушул саатты күтүп турган мужахиддер "Аллаху акбар!" деп алга карай атырылышты. Кылычтарын сууруп, душмандын ортосуна карай чабуул кылышты. Ар кишенеп, кылычтар шатырап, текбир үндөрү угулуп, согуштун башында ак майдан канга боёлгон эле. Сахабалар кылычтарын ар шилтеген сайын бир башты, колду кече чаап түшүрүп жатышты. Колуна Расулуллахтын ак туусун кармаган Хазрети Зейд душман ортосунда "Аллах! Аллах!" деп согушуп жүрдү. Кылычы менен айланасын жапырып, алдына чыккан жоону сулатып жатты. Кол башчыларынын баатырларча согушуп жүргөнүн көргөн сахабалар андан калыгпай жоого каршы умтулду. Бир кезде бир несе найза бир убакта кол башчы Хазрети Зейддин денесине барып кадалды. Андан кийин дагы да бир нече найза кадалды. Анын денеси бир кача жерден тешилди. Зейд бин Хариса (радыйаллаху анх) жерге кулап, катуу эңсеген шейиттик шербетин ичкенин көрүштү.

Зейд бин Харисаны (радыйаллаху анх) карап жүргөн Хазрети Жафар дароо тууну колуна алды. Желбиреген Ислам туусун көргөн

мужахиддер жаңы бир күч менен согушууну улантышты. Хазрети Жафар дагы Зейд бин Хариса (радыйаллаху анхум) сыяктуу баатырларча салгылашып жатты. Бир жагынан жоого умтулса, экинчи жагынан жолдошторуна күч берип турду. Хазрети Жафар салгылашка ушунчалык берилип кеткендиктен жолдошторунан бираз алыстап кеткен эле. Гректердин ортосунда жалгыз өзү салгылашып, баарын кылыч менен сулатып жүрдү. Бул жолдон артка кайра жол жок экендигин түшүнүп, “Менин милдетим капырлардын бардыгына кылыч чабуу” деп Аллаху тааланын касиеттүү ысымын оозунан таштабай, жан аябай согушуп жатты. Бир маалда душмандан бир аскер Хазрети Жафардын оң колуна кылыч урду. Оң колу кесилген Хазрети Жафар касиеттүү Ислам туусун жерге түшүрбөстөн сол колуна алды. Тууну жогору көтөрүп желбиретти. Ошол кезде дагы бир сокку тийип, сол колу дагы кесилди. Бул жолу тууну кесилген колдорунун ортосуна кыпчып, көтөрүүгө тырышты. Бирок, душман тараптан келген көптөгөң кылыч соккусунан улам шейит болду. Руху Бейиштин жогору даражаларына карай учту. Денесинде токсондон ашык кылыч менен найзанын жаракаты бар эле.

Кол башчыларынын шейит болгонун көргөн мужахиддер жерге түшкөн Ислам туусун алып, Абдуллах бин Ревахага (радыйаллаху анх) берди. Ал дагы атынын үстүндө тууну желбиретип, жоого каршы умтулду. Бир жагынан алдынан чыккан жоону талкалап, экинчи жагынан ураандап ыр айтып жүрдү.

Эй, напсим, мага моюн сунасың сен албетте,  
Ант ичейин, бүгүн шейит боломун мен канткенде.  
Сен көнөсүң өлүмгө, буга ыраазы болосуң.  
Түбөлүк өмүргө ыраазы болбос кай пенде.  
Бул согушта жан бербесең эгерде.  
Айтчы напсим, Өлбөй турган адам барбы өмүрдө.  
Жафар бин Абу Талиб, Зейд бин Харистер,  
Баары шейит, баары жетти мөөрөйгө.  
Эй, напсим, токтобо сен, алга умтул.  
Ошондо гана жетесиң сен көөдөңө.

Хазрети Абдуллах да “Аллаху акбар!” деген ураандын арасында душман менен кызуу салгылашты. Бир кезде манжасына кылыч тийип, кесилген манжасы терисине илинип салаңдап турду. Бул кол башчы дароо атынан түшүп, согушууга кедерги болуп

турган бул жаралуу манжасын буту менен басып “Сен болгону жаралуу манжа эмессиңби? Ансыз деле буга Аллах жолунда туш келдиң”, - деп жулуп алды. Атына секирип минип, бардык күчү менен кайрадан салгылаша баштады. Бирок, канча согушканы менен шейит болбогонуна өзүн күнөөлөй баштады. Жоонун үстүнө кайра-кайра чабуул жасады. Акырында бир найза тийип, жерге кулады. Аллаху таала менен Расулунун жолунда шейит болуп, руху Жаннатка учту.

Ошол кезде Абдуллахтын жанында бирге согушкан Эбул Йуср Кааб бин Умейр (радыйаллаху анх) тууну желбиретүүгө аракет кылды. Сахабалардын арасына көз жүгүртүп, өзүнөн чоң, жетилген адамды издеди. Сабит бин Эркамды (радыйаллаху анх) көрүп, тууну ага тапшырды. Хазрети Сабит тууну мужахиддердин алдына тикенден кийин “Эй, боордошторум! Тез арада бириңерди кол башчы кылып шайлап, ага баш ийгиле”, - деди. Алар: “Сени тандадык”, - дешсе дагы Сабит мунун кабыл кылбады. Көзү Халид бин Велидге (радыйаллаху анх) кадалды.  Ага: “Эй, Абу Сулейман! Тууну сен ал”, - деди. Мусулмандардын арасына жаңыдан кошулган Хазрети Халид уялып бул тууну алгысы келбей: “Мен бул тууну сенден албаймын. Сен буга менден да ылайыктуураaксың. Анткени, сенин жашың улуу жана Бедир согушунда Расулуллахтын жанында согуштуң”, - деген эле. Бирок, убакыт тар болчу. Айланасындагы сахабалар душман менен салгылашып, жүз миң адамдык душман аскерин чегиндирүүгө аракет кылып жаткан эле. Хазрети Сабит сөзүн кайталады: “Эй, Халид! Расулуллахтын касиеттүү туусун колуңа ал. Валлахи, муну сага берүү үчүн алгам. Сен согуш усулун менден жакшы билесиң”, - деп айланасындагы мужахиддерден “Эй, бир боорлорум! Халиддин кол башчы болуусуна кандай карайсыңар?” – деп сурады. Алардын бардыгы бир ооздон: “Аны кол башчы кылабыз”, - дешти. Ушундай кийин Хазрети Халид Пайгамбарыбыздын өз ыйык колу менен тапшырган туусун чоң урмат менен алып өптү. Атына минип, жоого карай болгон айбаты менен умтулду.

Эр жүрөк сахабалар жаңы кол башчыларынын артынан ээрчип, кайрадан чабуул жасоого өтүштү. Хазрети Халид укмуштуудай баатырдык менен салгылашты. Алдына чыккандын баарын кыйратты. Бир маалда Кутба бин Катаде (радыйаллаху анх) душман колбашчысы Малик бин Зафиленин башын чаап

түшүрдү. Гректердин көңүлү түшүп, дабдырап калышкан эле. Бирок, кеч болуп, караңгы түшө баштаган эле. Караңгыда согушуу өтө кооптуу болчу. Себеби, адашып өз адамын өлтүрүп алуу мүмкүн эле. Ошондуктан, эки тарап тең ордолоруна карай кайтышты. Жаракат алгандар эмделди. Хазрети Халид согуш усулун абдан мыкты өздөштүргөн эле. Таң эрте душманга каршы жаңы тактика колдонгусу келди. Ал түнү аскерлердин ордун алмаштырды. Оң жактагыларды сол жакка, сол жактагыларды оң жакка, алдыдагыларды артка, арттагыларды алды тарапка койду.

Таң эртелеп кайрадан чабуулга өткөн эр жүрөк мужахиддер “Аллаху акбар!” деп кыйкырып, салгылашка чыкты. Душман аскерлери өздөрүнө чабуул кылып жаткан аскерлерди биринчи жолу көрүп турушкан эле. Булар кечеки согушкан адамдар эмес эле. “Мусулмандрга жаңы аскерлер көмөккө келген болуусу мүмкүн!” деп ойлогон грек аскерлеринин ой-санаалары бузулду. Алар башаламандыкка кабылышты. Ушул мүмкүнчүлүктү пайдаланган Хазрети Халид менен баатыр сахабалар мурункудан дагы катуу согушуп, душмандын миңдеген аскерлерин кырып ташташты. Ошол күнү Халид бин Велиддин колунда тогуз кылыш сынган эле. Аллаху тааланын ихсаны менен, Пайгамбарыбыздын дубасы менен үч миң мужахид жүз миң жоонун аскерин жеңип чыкты. Ушул чоң салгылашууда он беш адам шейит болду. Ушундайча, Византия империясына чек коюлуп, андан бери түштүккө карай жортуул жүргүзүүлөрүнө тоскоол коюлган.

Пайгамбарыбыз өзүнө согуш майданынан кабар келүүдөн мурда Мутеде болгон жагдайларды кабарлоо үчүн сахабаларды мечитке жыйнаган эле. Пайгамбарыбыздын жүзүнөң анын өтө кайгылуу экендиги байкалып турду, ал ансайын көңүлү оорубасын деп эч ким бир нерсе суроого батына албады. Сахабалардын бири: **“Жаныбыз сизге курман болсун йа Расулаллах! Сиздин жүзүңүздөгү кайгыны көрү ичибиз кан ыйлап турат, канчалык кайгырып турганыбызды Аллах гана билет”, - деди. Пайгамбарыбыздын көзүнөн жаш угуу менен бирге мындай деди: “Менин жүзүмөн көрүнгөн кайгы, мени капаланткан нерсе сахабаларымдын шейит болуусу. Бул абал алардын Бейиште тактын үстүндө отургандыгын көргөнүмө чейин уланды. Зейд бин Хариса тууну колуна алды. Акыры шейит болду. Ал азыр Бейишке кирди. Ал ошол жерде жүгүрүп**

**жүрөт. Кийин тууну Жафар бин Абу Талиб алды. Душман аскерине чабуул кылды. Салгылашып, ал дагы шейит болду. Ал шейит болуп Бейишке кирди жана эки жакут канат менен каалаганынча учуп жүрөт. Жафардан кийин тууну Абдуллах бин Реваха алды. Колуна тууну алып душман менен урушту. Шейит болуп Бейишке кирди. Алардын Бейиште алтын так үстүндө отургандыктары мага көрсөтүлдү. Эй, Аллахым! Зейдди кечир! Эй, Аллахым! Жафарды кечир! Эй, Аллахым! Абдуллах бин Реваханы кечир!"**

Пайгамбарыбыздын көзүнөн али жаш агып турган эле. Ал мындай деди: "Абдуллах бин Ревахадан кийин тууну Халид бин Велид алды. Мына эми согуш кызый түштү. Эй, Аллахым! Ал (Халид бин Велид) – Сенин кылычтарыңдын бири. Ага жардам бер!"

Пайгамбарыбыз Аллаху тааланын буйругу менен миң чакырымдан да алыстагы согуш майданындагы жагдайды мужиза катары көрүп, сахабаларына кабарлаган болчу. Жафар бин Абу Талиб (радыйаллаху анх) шейит болгон күнү ушул окуяны айткандан кийин туруп Хазрети Жафардын үйүнө барды. Аялы Эсма (радыйаллаху анха) үй иштерин бүтүрүп, балдарын жуунтуп, чачтарын тараган эле. Пайгамбарыбыз: **"Эй, Эсма! Жафардын уулдары кайда? Аларды алып кел",** - деди. Эсма балдарды алып келген кезде Пайгамбарыбыз аларды бооруна кысып, тоё тоё жыттап, сүйдү. Жүрөгү элжиреп, көзүнөн жаш шорголоду. Муну көргөн Эсма ханым: "Ата-энем сизге курман болсун, йа Расулаллах! Эмнеликтен балдарыма жетимдерге көрсөтө турчу мээримдүүлүктү көрсөтүп жатасыз? Же Жафар менен жолдошторунан кайгылуу кабар алдыңызбы?" – деп жалыныпсурады. Пайгамбарыбыз: **"Ооба, алар бүгүн шейит болду",** - деди. Хазрети Эсма дагы балдарын бооруна басып ыйлады. Бул көрүнүшкө Пайгамбарыбыз чыдай албай, чыгып кетти.

Үйүнө барган Пайгамбарыбыз аялдарына: **"Жафардын үйүнө тамак даярдоону унутпагыла",** - деди. Үч күн шейит үй-бүлөлөрүнө тамак жиберилип турду.

Арадан бир нече күн өткөн эле. Мадинага сүйүнчү кабарды Йала бин Умеййе жеткирди. Ал али кабарды айта электе Пайгамбарыбыз ага: "Кааласаң болгон жагдайларды сен айт, кааласаң мен сага айтайын", - деп, согушта болгондордун бардыгын айтып берди. Буга Йала бин Умеййе "Сизди хак дин жана китеп менен пайгамбар

кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, мужахиддердин баштарынан өткөн окуялардын бардыгын калтырбай айттыңыз", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Аллаху таала мен үчүн ортодогу аралыкты алып таштады, согуш майданын өз көзүм менен көрдүм",** - деди.

Бир нече күндөн кийин кабарчылар Ислам аскеринин Мадинага жакындаганын жеткирди. Пайгамбарыбыз сахабалары менен туруп, Мадинанын сыртына күтүп алууга чыкты. Алыстан бир чаң көрүнүп, касиеттүү Ислам туусу желбиреп келе жаткан эле. Кылыч-калкандар чагылышып, айланага шооласын түшүрүп келе жатты. Бардык адамдар терең толкундоо менен күтүп турушту. Бираздан кийин Халид бин Велид (радыйаллаху анх) баштаган мужахид жоокерлер Мадинага кирешти...

## МЕККЕНИН АЛЫНУУСУ

Хижраттын сегизинчи жылы эле. Худайбийа келишиминин бир бабында: "Эки жактан тыш калган арап тайпалары каалаган жактарынын карамагына кире алышат, мусулман менен мушриктердин кайсынысына кошулса да өздөрү билет", - деп жазылган эле. Ушуга ылайык Пайгамбарыбыздын шериктеши болгон Хузаа тайпасы мусулмандарга, Бени Бекр тайпасы мушриктерге кошулган болчу. Хузаа тайпасы менен Бени Бекр тайпасы мурунтан бири-бирине кас болуп, мүмкүндүк болор заман бири-бирине кол салып турушчу. Худайбийа келишими боюнча алар дагы бираз убакытка уруш-талашын токтотушкан эле. Бирок, буга Бени Бекрлер эки жыл гана чыдай алышты. Бекр уулдарынын бири Пайгамбарыбызга тил тийгиген ыр айтып, аны уукан Хузаа тайпасынын бир жигиттери чыдай албай анын башын жарышат. Бекр уулдары муну эң оңтойлуу кезек деп, Хузаа тайпасына чабуул жасашат. Бул чабуулга курайштык капырлар дагы курал-жарак берүү менен бирге жашыруун аскер дагы жиберип көмө көрсөтүшөт, Харем шарифте Хузаа тайпасынан жыйырмадан ашуун адамды өлтүрүшөт. Кагылышуу маалында Хузаа тайпасынан бираз мусулмандар Пайгамбарыбыздан көмөк сурашкан элк. Хузаа тайпасынын адамдары түндө болгон бул чабышта Бекр уулдарынын арасында Курайш мушриктерин дагы көргөндүктөрүн айтышты.

Ошол түнү Мадинада Хазрети Меймуненин үйүндө болгон Пайгамбарыбыз намаз окууга туруп даарат алып жатканда Аллаху тааланын уруксаты менен мужиза катары Меккедеги мусулмандардын өзүнөн көмөк сурагандыгын угат. Аларга **“Леббейк!”** (Чакырыгыңарга келемин) деп жооп берди. Меймуне энебиз (радыйаллаху анха) Пайгамбарыбыздын жанында эч ким жок болсо да ушундай деп сүйлөп турганын көрүп: “Йа, Расулаллах! Жаныңызда бирөө барбы?” – деп сурады. Пайгамбарыбыз ага Меккеде болгон окуяны жана курайштыктардын бул ишке аралашкандыктарын айтты.

Курайш мушриктери Бени Бекрлерге көмөктөшүп, Хузаа тайпасына чабуул жасап, аларды өлтүрүп, Худайбийа келишим шартынын баптарына кайчы аракеттерди кылып, ушундайча келишим шартын бузушкан эле. Бирок, бул окуядан ошол кезде Шамга соода үчүн кеткен Курайш көсөмү болгон Абу Суфйандын кабары жок эле. Шамдан кайтканда адамдар ага жагдайды баяндап: “Бул милдеттүү түрдө оңдолууга тийиш маселе. Муну жашыруу мүмкүн эмес. Эгер оңдолбосо Мухаммед (алейхиссалам) бизди Меккеден чыгарат”, - деди. Абу Суфйан: “Бул окуяга катышым жок болсо дагы болгон уруш кабары Мадинага жетүүдөн мурда келишимди жаңылап, созуу үчүн тез арада жолго чыгуум керек”, - деди.

Бирок, Пайгамбарыбыз кабарды ошол кезде эле угуп койгон эле. Окуяда үч күн өткөн соң Хузаа тайпасынан Амр бин Сали жанына кырк аттуу аскер ээрчитип, Пайгамбарыбызга жагдайды кабарлайт. Пайгамбарыбыз: **“Хузаа уулдарына көмөктөшпөсөм мага да көмөк берилбесин”,** - деп бир кат жаздарды. Курайш мушриктерине жиберилген бул катта Пайгамбарыбыз: **“Силер Бекр уулдары менен шериктештигиңерден баш тартасыңар, же Хузаа уулдарынан өлтүрүлгөн адамдарына кун төлөйсүңөр. Эгер бул айткандарымдын бирин орундабай турган болсоңор силер менен согуша тургандыгымды билдиремин”**, - деген эле.

Курайштыктар: “Шериктештигибизди дагы үзбөйбүз, кун да төлөбөйбүз. Бир гана согушабыз”? – деп кабар жиберди. Бирок, бул кылгандыктарына катуу өкүнүшүп, коркуу менен келишимди жаңылоо үчүн Абу Суфйанды Мадинага жолго чышарышты.

Абу Суфйан Мадинага бара электен мурда Пайгамбарыбыз анын келе тургандыгын сахабаларына айтты**. “Абу Суфйан**

**келишимди жаңылап, мөөнөттү узартууга келе жатат деп ойлойм. Бирок, ал дегенине жете албай артка кайтат",** - деди.

Али мусулман боло элек Абу Суфйан Мадина-и Мунавварага барат. Өзүнүн кызы жана Пайгамбарыбыздын аялы, момундардын энеси болгон Үммү Хабибанын (радыйаллаху анха) үйүнө келет. Пайгамбарыбыздын төшөгүнө отурмакчы болгондо Хазрети Үммү Хабиба ал отура электе төшөктү тартып алат. Атасы буга катуу таарынып: "Эй, кызым! Бул төшөктү менден аяп турасыңбы?" – деп сурагандаРасулаллахка болгон сүйүүсүн бардык нерседен артык койгон Хазрети Үммү Хабиба атасына: "Бул төшөк Аллаху тааланын Расулунун төшөгү. Ага мушриктер отурбайт. Сен мушриксиң жана ыплассың. Бул төшөккө отурууга эч ылайык эмессиң", - деп жооп берди. Атасы: "Эй, кызым! Үйүмөн кеткени сага бир нерсе болгон го чамасы", - дегенде ал: "Алхамдулиллах, Аллаху таала мага Исламды насип кылды. А сен болсо ушуга чейин укпаган, көрбөгөн, таштан жасалган буттарга сыйынасың. Эй, ата! Сен сыяктуу Курайштын чоңу болгон адам кандайча Исламдан алыс турат?" – деди. !Атасы катуу ачууланып: "Мага урматсыздык кылып сабатсыздык менен айыптап турасың. Демек, мен ата-бабамдын жылдар бою сыйынган нерселерин таштап, Мухаммеддин (алейхиссалам) динине кирүү керекпи?" – деп ал жерден кетип калды.

Пайгамбарыбызга барган Курайш көсөмү: "Мен Худайбийа келишимин жаңылоо жана мөөнөтүн узартуу үчүн келдим. Кана, Ортобуздагы бул келишимди кайрадан жазып жаңылайлы", - деди. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам): **"Биз Худайбийа келишим шартына каршы аракет жасабайбыз жана аны өзгөтпөйбүз"**, - деди. Курайш көсөмү кайта-кайта келишим шартын өзгөртөлү, жаңылайлы деп кайталаса дагы Пайгамбарыбыз ага жооп катпады. Курайш көсөмү канча күч жумшаганы менен мындан майнап чыкпай турганын көрүп, Меккеге кайтып барып Мушриктерге жагдайды баяндады. Мушриктер болсо: "Демек, эч нерсе кыла албай кайтып келдиңби"деп аны айыпташты. Эми алар үчүн күтүүдөн башка чара калбаган эле.

## Кимде ким Масжидул-Харамга баш калкаласа...

Абу Суфйан Мадинадан кеткенден кийин Пайгамбарыбыз Меккени алууга чечим кабылдады. Себеби, курайштыктар келишимди бузушкан эле. Бирок, муну сыр катары сактап, мушриктердин даярданууларына мүмкүндүк бербестен Хареми шарифте кан төкпөстөн Меккени багындыргысы келди. Бул бир согуш чарасы эле. Анткени, Мекке алынса канчалаган адам мусулман болот эле.

Бул жагдайда Хазрти Абу Бакр менен бир нече сахабаларына айтты. Сахабаларга сапарга даярданууну буйрук кылды, бирок, кайда бара тургандыктарын айтпады. Сахабалар жихадга даярдана башташты. Пайгамбарыбыз ошондой эле айланадагы мусулман тайпалардан Эслем, Эшжа, Жухейне, Хусайн, Гыфар, Мезейне, Сулейм, Дамра жана Хузаауулдарына кабар жиберди. **“Аллаху таалага жана акырет күнүнө ыйман келтиргендер Рамазан айынын башында** Мадинада болушсун”, - деп, аларды согущка катышууга чакырды.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бир чара катары Меккеге бара турчу жолдорду тосуп, байланышты үзүү үчүн милдетти Хазрети Омарга тапшырды. Хазрети Омар дароо тоо жолдоруна, өткөөлдөргө жана башка жолдуш баштарына күзөтчүлөрдү коюп, “Меккеге бараткан бардык кишилерди артка кайтарасаңар”, - деп буйрук берди.

Пайгамбарыбыз бул иштин жашыруун жүргүзүлүүсү үчүн “Йа, Раббим! Жерлерине күтпөгөн жерден барып аларга жеткенге чейин курайштыктардын тыңчылары менен кабарчыларын карма, аларды көрбөй тургандай, укпай тургандай кыл. Бизди кокустан көрүп угушсун”, - деп дуба кылды.

Пайгамбарыбыз түндүк тараптагы мушриктер же Византиялыктарга бара турган байланышты үзүш үчүн Абу Катадени бир канча кол менен түндүккө карай Изам деген өрөөнгө жиберди.

Бул кезде Мадинадагы даярдыктар тууралуу Меккелик мушриктерге кабарлоо үчүн жиберилген бир кат тууралуу Пайгамбарыбыз мужиза катары кабар берди. Хазрети Алини жиберип кarmатты.

Рамазан айынын экинчи күнүнө чейин тегеректеги тайпалардан көмөк келип, Абу Инебе кудугунун башындагы ордого жыйналды.

Сахабалардын саны он эки миңге жеткен эле. Алардын төрт миңи Ансар, жети жүзү мухажир, калгандары болсо айланадан жыйналып келген мусулман тайпалар эле.

Пайгамбарыбыз Мадинага өкүл катары Абдуллах бин Үмми Мектум хазреттерин калтырды. Зубейр бин Аввамды (радыйаллаху анх) эки жүз атчан адамдан турган колго башчы кылып жол байкоочу топ катары алдыга жиберди.

Пайгамбарыбыз көңөлдөрү Аллаху таала менен Расулунун сүйүүсүнө толгон он эки миң адамдык аскеринин башында Аллаху тааланын ысымы менен жолго чыкты. Мындан сегиз жыл мурда азап, зулумдук көрүп хижрат кылууга мажбурланган жерлерине, Меккеге бара жаткан эле. Бутканага айланган касиеттүү Каабаны буттардан тазалоого бара жаткан эле. Өжөрлүктөрүнөн баш тарта албаган мушриктерге хак, адилет менен мээримдүүлүктү көрсөтүүгө бара жаткан эле. Аллаху тааланын динин таратууга, ал жердегилердин төбөлүк Тозок отунан кутулууларына себепчи болууга бара жаткан эле. Бул кандай гана ырайымдуулук эле!

Ислам аскерлери Зул-хулейфага барган кезе Меккеден үй-бүлөсү мене хижрат кылган Пайгамбарыбыздын чоң агасы Хазрети Аббас менен кездешти. Пайгамбарыбыз агасынын келгенине өтө кубанып: **"Эй, Аббас! Мен пайгамбарлардын акыркысы болсом, сен мухажирлердин акыркысысың",** - деди. Хазрети Аббастын оокуттарын Мадинага жиберди. Хазрети Аббас (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын жанында калып, Меккенин алынуусуна катышты.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Меккеге жакын жердеги Кудейдге барган кезде сахабаларын сапка тизди. Ар тайпага бөлөк туулар мене байрактарды берди. Мухажирлердин туусун Хазрети Али, Зубейр бин Аввам жана Саад бин Абу Ваккас (радыйаллаху анхум) кармады. Ансардын он эки туу көтөрүүчүсү, Эшжалар менен Сулеймдердин бир туу көтөрүүчүсү, Музейнелердин үч, эслемдердин эки, Хузаа уулдарыныкы үч, Жухейнелердин төрт туу көтөрүүчүлөрү бар эле.

Мадинадан чыккандарына он күн болгон эле. Кечке карай Меккеге жакындап, куптан маалында Мерруз-захранга жетти. Пайгамбарыбыз сахабаларына ушул жерге токтоону буйрук кылды. Ошондой эле, Хазрети Омарга тапшырма берип, ар мужахиддин от жагуусун буйрук кылды. Бир заматта он эки миң от жанган кезде

Мекке алоолонгон жарыкка бөлөндү. Эч нерседен кабарсыз жаткан Меккелик мушриктер башаламанга түшүп, эмне болуп кеткенин түшүнбөй калышты. Жагдайды билип келүүнү Абу Суфйага тапшырышты. Ал жанына бир адамды ээрчитип, Ислам аскерине карай жашыруун жол алды. Ушул кезде Пайгамбарыбыз кээ бир сахабаларына: **“Абу Суфйанга этият болгула. Аны сөзсүз табасыңар”,** - деди.

Курайштыктар алга карай жылган сайын таң калуулары күчөп, үрөйлөрү учту. Мекканин айланасына канчалаган аскерлер жыйналып, канчалаган от жагылган эле. Алар ушулар тууралуу айтып келе жатып, Эрак деген жерге жетишет. Ушул маалда Пайгамбарыбыз: **“Абу Суфйан азыр Эракта”,** - деди. Хазрети Аббас аларды таанып, аларды Пайгамбарыбызга алып барды. Жолдо Абу Суфйан Хазрети Аббастан: “Эмне болуп жатат?” – деп сурады. Ал: “Эй, Абу Суфйан! Сага убал болсун! Расулуллах силерге силер каршы тура албай турчу аскер менен келе жатат. Ант кыламын, курайштыктардын жагдайы кыйын, ишиңер бүттү!” – деди. Абу Суфйан менен анын жанындагылар коркуп, мужахиддердин арасынан өтүп, Пайгамбарыбыздын алдына барды. Пайгамбарыбыз аларды жакшы кабылдады. Меккеликтер тууралуу сурады. Бираз убакыт сүйлөшкөндөн кийин аларды Исламга чакырды. Хаким бин Хизам менен Будейл дароо Шахадат келимесин айтып мусулман болду. Бирок, Абу Суфйан али эки ойдо турган эле. Таң аткандан кийин Пайгамбарыбыз: **“Эй, Абу Суфйан! Аллаху тааладан башка илах жок экендигин биле турчу убакыт али келген жокпу?”** – деди. Ал: “Эне-атам сизге курман болсун. Жумшак мүнөз менен урматта жана туугандарга жакшы кароодо сизден өткөн адам жок. Сизге канчалаган жапа тарттырган болсок да сиз алигиче бизди туура жолго чакыруудасыз. Кандай мээримдүү жансыз. Аллахтан башка илах жок экендигине ишендим. Эгер бар болсо мага бир пайдасы болоор эле. Сиз – Аллахтын Расулусуз”, - деп, сахабалардын арасына кошулуу мартабасына ээ болду.

Хазрети Аббас: “Йа, Расулаллах! Абу Суфйанга Меккеликтер кадырлай тургандай бир нерсе бересизби?” – деди. Пайгамбарыбыз аны кабыл кылып: **“Кимде ким Абу Суфйандын үйүнө кирип баш пааналаса ал өлүмдөн куткарылат**”, - деди. Абу Суфйан (радыйаллаху анх): “Йа, Расулаллах! Дагы бираз кеңейтесизби?” – дегенде Пайгамбарыбыз: **“Ким Масжидул-Харамга (Каабага)**

**кирип баш паана кылса ошого кечирим берилет. Кимде ким эшигин жаап, үйүндө отура турган болсо ошого кечирим берилет",** - деди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Абу Суфйандын Ислам аскеринин айбаты менен көптүгүн көрүп, Меккелик мушриктерге аны жеткизүү үчүн Хазрети Аббаска: **"Аны өрөөн тарайып, аттар кысылып өтө турчу тоо өтмөгүнө жеткир. Мусулмандардын, Аллаху тааланын аскеринин улуулугун көрсүн",** - деди. Абу Суфйан көргөндөрүн мушриктерге айтып барып, ага каршы чыга турчу киши болбоосу керек эле. Мына ушундайча Хареми шарифте кан төгүлбөөсү керек эле.

Хазрети Аббас Абу Суфйан менен тоо өткөөлүнө бара жатканда мужахиддер согушка даярданды. Ар тайпа тууларын көтөрүп, өткөөлдөн өтө баштады. Бардыгы соот кийинип, куралданышкан эле. Ар тайпа өткөн кезде текбир айтып өттү. Абу Суфйан: "Мына булар ким?" – деп сурады. Хазрети Аббас: "Булар Сулейм уулдары! Кол башчылары Халид бин Велид. Мына булар Гифар уулдары! Мына булар Кааб уулдары", - деп жооп берди. Жер мене көктү "Аллаху акбар! Аллаху акбар" деген добуш жаңыртып, мужахиддердин көптүгү менен куралдарынын жаркырагы көзгө чагылышты. Хазрети Абу Суфйандын эң катуу кызыгып күткөнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) эле. Анын айланасындагы аскерлердин өтүүсүнө кызыгып, башкалардан айрыкча болот деп эсептеп турган эле. Ошондуктан, улам-улам "Булар Расулуллахтын кошуунубу" деп суроодон өзү ала албай жатты. Бир кезде пайгамбарлардын султаны, ааламдардын мырзасы болгон Сүйүктүү Пайгамбарыбыз күндөй жаркырап нурун төгүп төөсү Кусванын үстүндө көрүндү. Айланасында мухажирлер менен ансарлар бар эле. Бардыгы баштан аяк соот кийинип, кылычтарын асынынп, аттар менен төөлөргө минип келе жатышкан эле. Абу Суфйан аларды көргөн кезде: "Булар ким, Йа Аббас?" – деп таңыркап сурады. Ал: «Ортодогу Расулуллах алейхиссалам. Айланасындагылар шейит болууга аракет кылган ансар жана мухажирлер», - деди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) алардын жанынан өтүп бара жатып Абу Суфйанга: «Бүгүн - Аллаху тааланын Каабанын даражасын көтөрө турчу күнү. Бүгүн – Байтуллахка жабуу жабыла турчу күн. Бүгүн - мээримдүүлүк күнү. Бүгүн –

Аллаху тааланын курайштыктарды (Ислам менен) мартабаландыра турчу күнү», - деди.

Хазрети Абу Суфйан баарын көрүп уккан эле. «Мен Кайсердин дагы, Кисранын дагы султандыгын көрдүм. Бирок, дал ушундай укмуштуудай салтанатты көргөн эмесмин. Мен эч качан бүгүнкүдөй аскер менен жамаатты көргөнүм жок. Мындай аскерге эч ким каршы тура албайт. Аларга күчү жетпейт», - деп Меккеге карай жолго чыкты.

Абу Суфйан (радыйаллаху анх) Меккеге барып өзүн күтүп турган мушриктерге өзүнүн мусулман болгондугун айткандан кийин: «Эй, Курайш жамааты! Мухаммед алейхиссалам эч ким каршы тура албай турган аскер менен силерге келе жатат. Өзүңөрдү жөн жерге алдабагыла. Мусулман болгула, мен силер көрбөгөн нерселерди көрдүм. Сансыз баатырларды, курал-жарактарды көрдүм. Эч кимдин аларга күчү жеткидей эмес. Кимде ким Абу Суфйандын үйүнө кирсе ал өлүмдөн аман калат. Кимде ким Байтуллахка баш калкаласа, кимде ким үйүнө кирип баш калкаласа ал адам өлтүрүлбөйт», - деди.

Мушриктердин биразы Абу Суфйанга (радыйаллаху анх) каршы чыгып, ага тил тийгизишти. Жада каа, Ислам аскерине каршы чыгуу үчүн шашылыш даярдык көрүүгө киришишти. Бирок, алардын саны өтө аз боло турган. Калгандары аларга баш ийбей үйлөрүнө качышты. Бир бөлүгү МасжидуХарамга баш калкалашты.

Пайгамбарыбыз менен сахабалар Зитува деген жерге келип жыйналышты. Пайгамбарыбыз сахабаларынп көз чаптыргандан кийин анын эсине мындан сегиз жыл мурда Меккеден кеткен кези түштү. Ошол кезде үйүн мушриктер курчап алганын, Ясин сүрөсүнүн аяттарын окуп үйүнөн чыкканын, Хазрети Абу Бакр менен эч кимге көрүнбөстөн Севр үңкүрүнө киргенин, Меккенин чек арасынан чыгуудан мурда ага акыркы жолу карап «(Эй, Мекке) Валлахи, билемин, сен Аллаху тааланын жараткан жерлеринин ичиндеги эң кайырлуусусуң. Раббимдин алдында да, менин алдымда да эң кадырлуу жерсиң. Сенден кыйнап чыгарылбаганда сенден кетмек эмесмин» дегенин, ушундай өкүнүчтүү мезгилде Жабраил алейхиссаламдын «Касас» сүрөсүнүн 85-чи аяти каримасын окуп, өзүн сооротконун жана Мекке-и Мукаррамага кайта тургандыгын сүйүнчүлөгөнүн, аз гана сахабалары менен

Бедирде, Ухудда, Хандекте, Хайберде, Мутеде душмандар менен кандай согушуп жеңишке жеткендиктерин эскерди. Азыр он эки миң сахабасы Меккеге кирүү үчүн анын буйругун күтүп турган эле. Пайгамбарыбыз ушуларды насип кылган Аллаху таалага чын көңүл менен шүгүрчүлүк кылып, башын төмөн ийди.

Пайгамбарыбыз сахабаларын төрт топко бөлдү. Оң канаттын кол башчысы Халид бин Велид (радыйаллаху анх), сол канаттын кол башчысы Зубейр бин Аввам (радыйаллаху анх), жөө аскердин кол башчысы Абу Убейде бин Жеррах (радыйаллаху анх), башка топко Саад бин Убаде (радыйаллаху анх) кол башчы болуп шайланды. Хазрети Халид Мекkeнин түштүгүнөн кирип, каршы чыккан мушриктерге жазасын берип, Сафа чокусунда Пайгамбарыбызга жолукмай болот. Хазрети Зубейр Мекkeнин түндүгүнөн кирип, «Хажун» деген жерге туусун тигип, Пайгамбарыбызды күтмөкчү болду. Батыштан Хазрети Саад бин Убаде кире турган болот.

Пайгамбарыбыз кол башчыларына: «Силерге чабулл жасамайынча эч ким менен чабышпайсыңар. Эч кимди өлтүрбөйсүңөр», - деди. Бир гана аттары аталган адамдардын кайсынысы кармалса Каабанын жабуусунун алдына жашынышса да баштарын алууга буйрук берди.

## Хак келди, жалган жоюлду

Рамазан айынын он үчү, Жума күнү эле. Мужахиддерден эң алгачкы болуп жүрүшкө кадам таштаган Халид бин Велид (радыйаллаху анх) болду. Мекkeнин түштүгүнөн Хандеме тоосунун этегине барган кезде Курайш мушриктери аларга ок жаадырды. Эки мужахид шейит болду. Хазрети Халид аскерине «Жалгыз качкандар гана өлтүрүлбөйт» деп буйрук бергенден кийин алга карай умтулду. Бир заматта мушриктерди артка карай чегиндиришти. Салгылашуу мезгилинде жетимиш мушрик өлтүрүлдү. Калгандары тоонун башына, үйлөрүнө карай качып жөнөштү.

Касиеттүү Меккеге башка жактан кирген сахабалар эч кандай каршылыкка туш келишпеди. Өлтүрүлүүсү буйрук кылынган адамдардын бешөө кармалып, жазага тартылды. Калгандары болсо Меккеден качып кетишти. Мужахиддер чоң толкундануу менен «Аллаху акбар! «Аллаху акбар!» деп текбир айтышып,

Меккеге кире башташты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) төөсү Кусвага минди. Анын ноктосун Усама бин Зейд (радыйаллаху анх) кармап касиеттүү Меккеге бет алды. Ушул күндөргө жеткирген Аллаху таалага шүгүрчүлүк кылып, Меккенин алына тургандыгын сүйүнчүлөгөн «Фетх» сүрөсүн окуду.

Пайгамбарыбыз чоң кубаныч менен жеңиштүү сахабаларынын арасында Каабага карай басты. Оң жагында Хазрети Абу Бакр, сол жагында Усейд бин Худайр (радыйаллаху анх) болуп, Каабага жакындады. Хажер-ул асвадды зыярат кылгандан кийин телбия жана текбир айтты. Муну сахабалар дагы кайталашты. «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деген добуштарга Меккенин асманы жаңыра баштады. Ушундай керемет көрүнүшкө толкунданып, мусулмандар көз жаштарын төгүштү. Хареми шарифке, үйлөрүнө тыгылып кирип алган мушриктер коркуп карап турушту.

Мындан кийин Пайгамбарыбыз менен сахабалар таваф кыла башташты. Тавафтын жетинчи айланымы бүткөндөн кийин төөсүнөн түшкөн Пайгамбарыбыз Ибрахим макамында эки рекет намаз окуду. Кийин Хазрети Аббастын кудуктан алган замзам суусун ичти. Замзам менен даарат алгысы келди. Пайгамбарыбыз даарат алган кезде сахабалар анын денесинен түшкөн сууну жерге түшүрбөй тосуп алып жатышты. Муну көргөн мушриктер «Биз өмүрүбүздө мындай көргөн да, уккан да жокпуз» деп таңыркашты.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Каабанын айланасындагы таштан жана жыгачтан жасалган бардык буттарды кыйратууну буйрук кылды. «Хак (Ислам) келгенде жалган (капырлык) жоюлду, анткени, жалган ар дайым жоюлуучу нерсе» («Исра» сүрөсү, 81) деген аяти кариманы окуп, колундагы таягын буттарга созду. Таяк тийген буттар бир-бирден бети менен жерге кулай баштады. Үч жүз алтымыш бут кыйратылды.

Түш болгон кезде Пайгамбарыбыз Хазрети Билалга Каабада азан окууну буюрду. Ал дароо ыйык милдетти орундады. Азан чакырылган кезде момундардын жүрөгүндө чоң кубаныч пайда болсо, мушриктер андан бетер кайгыра түштү.

Пайгамбарыбыз Каабанын ачкычын алып, ичиндеги сүрөттөр менен буттарды алдыргандан кийин жанына Хазрети Усама бин Зейд, Хазрети Билал, Хазрети Осман бин Талханы ээрчитип Каабага кирди. Пайгамбарыбыз ичте аркасын эшикке буруп, эки рекет намаз окуду. Ар бурчунда текбир айтып, дуба окуду. Халид

бин Велид эшиктин алдында туруп, элдин ал жерге жыйналуусуна тоскоол болду.

Ааламдын султаны Каабанын эшигин эки канатынан муберек колдору менен кармады. Бардык Курайштыктар Масжиди Харамга толуп, коркунуч аралашкан үмүт менен Пайгамбарыбызды карап турушту. Анткени, алар Пайгамбарыбыз менен сахабаларга нече түрдүү кастык кылышкан эле. Моюндарына жип байлап тарттырышкан. От жагып, тирүүлөй өртөөгө аракет кылышкан. Ысыган ташты көөдөндөрүнө бастырып, эсинен танганга чейин азап тарттырышкан. Денелерине отто кызыган шиштерди сайышкан. Үч жыл бою ач, суусуз камоодо кармашкан. Буттарын эки төөгө байлап, Эки жакка карай тартып, денелерин майдалашкан. Баарынан да жаманы өз мекендеринен кууп чыгышкан. Бул аз келгенсип аларды толугу менен жок кылуу үчүн бир канча жолу согушушту.

Бирок, алар ошондо да үмүттөрүн үзүшкөн жок. Анткени, алардын алдынды ааламдарга мээримдүүлүк иретинде жиберилген мээрим дарыясы турган эле. Пайгамбарыбыз аларды бираз карагандан кийин: «*Эй, курайш жамааты***!** *Азыр силерге эмне кылат деп ойлоп турасыңар***?**» - деди. Алар: «Биз сенден бир гана жакшылык күтөбүз. Анткени, сен керим болгон тууганыбызсың. Мээрим менен жыкшылык ээси болгон тууганыбыздын уулусуң. Бизди жеңдиң. Сенден жакшылык гана күтөбүз», - дешти.

*Расулуллах аларды карап күлүмсүрөп: «Менин жагдайым менен силердин жагдайыңар Юсуф* (алейхиссаламдын**) туугандарына айткандары сыяктуу болот. Ошол сыяктуу мен дагы «Бүгүн силерге** (мен тараптан күнөөңөр бетиңерге чабылып) *айыптоо менен күнөөлөө болбойт. Аллаху таала силерди кечирсин» («Юсуф» сүрөсү, 92) деймин. Баргыла, азатсыңар, эркинсиңер», - деди.*

*Ушундай кең мээримдүүлүк катаал жүрөктөрдү жумшартып, жек көрүүчүлүк сезимдерин сүйүүгө айландырды. Пайгамбарыбыз аларды Исламга чакырган кезде алар мусулмандыкты кабылдоого жыйналышты. Расулуллах Пайгамбарлыгын Курайштыктарга билдирип, биринчи жолу Исламга чакырган Сафанын чокусуна чыкты. Ошол жерде дагы да улуу киши, аял-эркек бардык меккеликтердин антын кабылдады. Ушундайча, курайштыктар мусулман болуп, сахабалардын арасына кошулуу урматына ээ болушту.*

*Эркектер менен келишкенден кийин аялдарда да бираз маселелер тууралуу убада алынды. Аллаху таалага шерик*

*кошпоо, Пайгамбарыбызга каршы чыкпай, уурулук кылбоо, ар-намысты коргоо, кыз балдарды өлтүрбөө ушулардын катарында эле. Мусулман болгон аялдардын ичинде өлтүрүлө турчу адамдардын тизмесинде Хазрети Абу Суфйандын аялы Хинд (радыйаллаху анха) дагы бар болчу. Бирок, Пайгамбарыбыз аны да кечирди. Мусулман болгондордун бардыгы үйлөрүндөгү буттардын баарын талкалашты. Тегеректеги тайпаларга аскер кошуундар жиберилип, ал жерлердеги буттар дагы кыйратылды. Ушундайча, хактын келүүсү менен куфурлуктун түбүнө балта чабылды. Кечиримге ээ болгондордун ичинде Абу Жахлдин баласы Икрима, Хазрети Хамзаны шейит кылган Вахши (радыйаллаху анхум) сыяктуу адамдар да бар болчу. Алардын арасында Икрима (радыйаллаху анх) Йармук согушунда шейит болду. Хазрети Вахши (радыйаллаху анх) дагы Йамама согушунда Мусайламатул Каззабды өлтүргөн эле.*

## ХУНАЙН СОГУШУ

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Меккени алуу максатында Мадинадан жолго чыккан кезде Меккеге жакын жерде жашаган «хавазин» жана «сакиф» деген эки чоң уруу «мусулмандар бизди басып алууга келатат» деген ой менен согушка кызуу даярдык көрө баштаган. Хазрети Пайгамбарыбыздын Меккени алуу максатын түшүнгөн соң: «Курайштардан кийин кезек сөзсүз түрдө бизге келет», - деп, даярдыктарын уланта беришет. Ошондой эле: «Ант кылабыз, мусулмандар биздей жакшы согуша турчу уруу менен кездешпеди. Алар бизге чабуул жасай электен мурда биз аларга кол салып, согуштун кандай боло тургандыгын көрсөтөлү», - дешти. Завазин башчысы Малк бин Авф жыйырма миң адамдык өтө күчтүү аскери менен алдыга умтулду. Аскерлеринин баатырдыгын арттыруу жана кыйындык туулган кезде качпоолору үчүн бардык маанилүү буюмдарын, аял-балдарын бирге ала жүрүштү.

Бул кабар тез эле Меккеге жетет. Хазрети Пайгамбар бул кабардын  чын төгүнүн аныктоо үчүн Хазрети Абдуллах бин Абу Хадрадды хавазин тайпасына жөнөтөт. Хазрети Абдуллах түрүн, кийимин өзгөртүп, жоонун ичине кирди. Алардын ойлорун, аракет кылуу амалдарын билип, Пайгамбарыбызга жеткирди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) дароо сахабаларын жыйнады. Меккеге жыйырма жаштагы Аттаб бин Асидди (радыйаллаху анх) аким кылып дайындап, тез арада жолго чыкты. Он эки миң адамдык аскер менен мушрик Хавазин жана Сакиф тайпаларын ордолорунда басып таштоону каалады. Мужахиддердин туусун Хазрети Али кармады. Алдыңкы чептин кол башчысы Халид бин Валид (радыйаллаху анх) болду. Пайгамбарыбыз соот кийимдерин кийип, Дүлдүл деген качырына минди. Шаввал айынын 11-де Хунайн деген жерге барышты. Ошол түнү Пайгамбарыбыз аскерин иреттеп, согуш тартибине салды. Таңкы намазды окуткандан кийин чабуул буйругун берди.

Мушриктердин кол башчысы түндү пайдаланып, Хунайн өткөөлүнүн эки жагындагы тоолорго аскерин жайгаштырып, тузак курган эле. Алдыңкы жакта аскери менен келе жаткан Халид бин Валид курчоону билбей өткөөлгө карай атын тебинди. Таңкы ала күүгүм кезде жоону байкоо мүмкүн эмес эле. Бир кезде мужахиддердин үстүнө миңдеген ок жамгырдай жаай баштады. Ушундай кокустан жааган октон сактануу үчүн мужахиддер артка чегинүүгө мажбур болушту. Бул арка чегинүү артта келе жаткан аскерлердин иретин чаташтырды. Алар дагы чегинүү үчүн артка карай бурулганда жыйырма миң адамдык душман аскеринин селдей агылып келе жатканы байкалды.

Пайгамбарыбыз жалгыз өзү чабуулга чыккан мушриктерге карай умтулду. Бирок, Хазрети Аббас, Хазрети Абу Бакр жана жүз чакты эр жүрөк сахаба Пайгамбарыбызга жете келди. Денелерин Пайгамбарыбызды коргоого тосту. Хазрети Аббас качырдын тизгинин, ал эми Суфйан бин Харис (радыйаллаху анх) үзөңгүсүн кармап, тизгиндөөгө, Расулуллахтын душман кошуунунун арасына кирүүгө тоскоол болууга тырышты. Пайгамбарыбыз Аллаху тааланын дининин жоюлуу коопуна капаланып: «Йа, Аббас! Сен аларга: «Эй, Мадиналыктар! Эй, Самура багынын астында ант берген сахабалар» деп үн сал», -деди. Хазрети Аббас алп денелүү жана айбаттуу болчу. Ал кыйкырган кезде үнү алыска жете барчу. Ал болгон күчү менен: «Эй, Мадиналыктар! Эй, Самура багынын алдында Пайгамбарыбызга сөз берген сахабалар, тарабагыла. Ушул жерге жыйналгыла», - деп кыйкырды. Муну уккан сахабалар артка кайткылары келди. Бирок, жаныбарларынын катуу үркүүсү алардын артка кайтууларына кедерги болду. Акыры алар аттарынан

секирүүгө мажбур болушту. Тез арада Пайгамбарыбыздын жанына барып, душман менен кызуу согушууга киришти. «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деген добуштар жер менен көктү жаңыртып, душман жүрөгүнө коркунуч салды. Бадирде, Ухудда, Хандакта жана Хайберде чоң эрдиктерди көрсөткөн сахабалар, асыресе Хазрети Али, Абу Дужана, Зубайр бин Аввам (радыйаллаху анхум) берилүү менен урушуп, жоонун сабын жарып, артка чегиндирди.

Пайгамбарыбыз сахабаларынын жан-тери менен берилип согушуп жүрүшкөнүн көрүп: «Аллахым! Бизге көмөгүңдү бере көр. Күмөнсүз, сен алардын бизди жеңүүлөрүн каалабайсың», - деп дуба кылды.  Пайгамбарыбыз Аллаху таалага дуба кылып туруп, жерден бир ууч кум алып «Жүздөрү карайсын» деп мушриктерге карай чачты. Пайгамбарыбыздын мужизасы катары душман аскерлеринин көздөрүнө кум толду. Периштелер дагы көмөккө келишкен эле. Пайгамбарыбыз: «Аллаху таалага ант кыламын, алар куруду», - деди. Мушриктер артка чегине башташкан эле. Артка чегинген сайын арттарынан сахабаларды көрүп, согуш майданына ала келген бала-чакаларын таштап, алды-артын карабастан кача башташты.

Согуш майданында жетимиш өлүк, алты миң туткун жана сансыз мал-мүлк калган эле. Качкандардын бир бөлүгү Таиф чебине баш калкалашты. Бир бөлүгү Нахлеге, Автаста дагы катуу салгылашуулар болду. Душман дагы жеңилди.

Бул согушта Аллаху тааланын уруксаты менен, Расулуллахтын берекеси менен жеңиш дагы да мусулмандарга буюрду. Төрт адам шейит болуп, сахабалардын биразы жарадар болушкан эле. Хазрети Халид бин Валиддин дагы жарадар болгондугун уккан Пайгамбарыбыз анын жанына барып, жарасын колу менен сыйпаган кезде жаракаты ошол замат жазылып кеткен эле.

## ТАИФ САПАРЫ

Хазрети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Таифке качкан душмандарды толук тизе бүктүрүүгө бел байлайт. Меккеге алыс эмес жерде жайгашкан Таиф чеби мушриктердин акыркы, бирок, эң бекем чептеринен бири эле. Пайгамбарыбыз жылдар мурун Мадинага хижрат кылып барганга чейин дал ушул Таифке барып, бир ай аларды Исламга чакырып насыят кылган болчу. Бирок, таифтиктер Пайгамбарыбызга акылга сыйбас жамандыктарын кылышкан эле. Жада калса, буту канга боёлгон эел. Пайгамбарыбыздын бул жерде Зейд бин Хариса экөө өмүрүнүн эң ачуу, оор күндөрүн өткөрүшкөн эле. Паггамбарыбыз Халид бин Валидди (радыйаллаху анх) алдын ала жиберди. Өзү сахабалары менен бирге артынан келди. Сакиф тайпасы мыкты бекинүүчү жерлеринен мурдатан мол азык-түлүк жыйнап алышкан эле. Сахабалардын келе жатканын көрүп, эшиктерди жаап коргоно башташты. Чепке чакындап келген мужахиддерди ок атуу менен тосуп алышты. Согуш ушундайча улана берди. Таифтиктер чептен чыгып, жекеме-жеке согушууга батына алышпады.

Кээ бир сахабалар чептин ичине калбагай менен (катапульта) таш ыртытууну сунушташты. Пайгамбарыбыз муну орундуу деп санап, калбагайларды жасатты. Алар менен жоого ок аттырып, курчоону улантышты. Сахабалар болгон күчтөрүн салып согушуп, тезирээк чепти багындырууга тырышышты. Ушул учурда он төрт сахаба шейит болду. Бирок, чептин бекем болуусу баш ийдирүүгө тоскоол болду.

Курчоонун жыйырманчы күнү түнү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) түшүндө өзүнө сыйга тартылган идиш толо майдын бир короз тарабынан төгүлгөнүн көрдү. Муну Таифтин бул жылы багындырылбай тургандыгына жоруп, курчоону токтотту.

Пайгамбарыбыз ушундан жети жыл мурда өзүнө кордук көрсөткөн таифтиктер тууралуу «Уруксат кылсаң мына бул тоолорду алардын баштарына төңкөрөйүн» деген периштеге: «Мен ааламдарга мээримдүүлүк катары жиберилдим. Каалаган жалгыз нерсем – Аллаху тааланын бул мушриктердин зулумдугунан Хак таалага эч кандай шерик кошпостон ибадат кыла турган бир урпак

чыгаруу», - деген эле. Бул жолу да мээримдүүлүк кылып: «Эй, Раббим! Сакифтиктерге туура жолду көрсөт! Аларды бизге алып кел», - деп дуба кылды.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ардактуу сахабалары менен бирге Таифтен кетип, Хунайнда колго түшүрүлгөн туткундар менен олжолор жыйналган Жиранага келди. Алты миң туткун менен кошо жыйырма миңден ашык бодо мал, кырк миңден ашык кичи баш мал жана эсепсиз баалуу буюмдар олжо болуп түшкөн эле. Ошол кезде хавазин тайпасынан бир кеңештин жолуккусу келгендиги тууралуу кабар келди. Пайгамбарыбыз аларды кабыл кылды. Бул кеңеш хавазин тайпасынын мусулман болгондугун кабарлаганда Пайгамбарыбыз катуу кубанды. Ушуга байланыштуу өзүнүн үлүшүнө түшкөн туткундарды бошотуп, азат кылды. Сахабалар дагы ошентишти. Пайгамбарыбыздын мээримдүүлүгү бир заматтын ичинде алты миң туткундун азаттыкка чыгуусуна себеп болгон эле. Бул кабар Таифте жашырынган Хавазин тайпасынын башчысы Малик бин Авфка жеткенде ал да келип мусулман болду. Пайгамбарыбыз ага көп сый-сыяпат көрсөттү.

Эми болсо бул жерде кыла турчу иш калбаган эле. Пайгамбарыбыз жеңиш менен сахабалары менен Меккеге кайтты. Аттаб бин Асидди (радыйаллаху анх) Меккенин акими кылып дайындады. Муаз бин Жебелди (радыйаллаху анх) дин иштерин үйрөтүүгө калтырды. Каабаны таваф кылып, умрасын кылгандан кийин сахабалары менен кайра Мадинага жолго чыкты.

Бир жылдан кийин таифтиктер мусулман болуу үчүн алты адамдык элчини Мадинага Пайгамбарыбызга жиберишти. Пайгамбарыбыз бир жыл мурда Таифтен кетип бара жатканда: «Йа, Раббим! Сакифтиктерге туура жолду көрсөт, аларды бизге алып кел», - деп дуба кылган эле. Мына эми ошол сакифтиктер мусулман болууга келип турушкан эле. Пайгамбарыбыз алардын мусулман болгондоруна катуу кубанып, аларга бираз жеңилдиктен менен жакшы мамиле кылып, Таифке кайтарды. Аларга Осман бин Абул Асты башчы кылып дайындады.

# ТАБУК САПАРЫ

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Мадинага кайтып барган соң ар кайсы мамлекеттерге элчилерин жөнөтүп, аларды Исламга чакырды. Оман, Бахрейн өкүмдарлары мусулмандыкты кабылдашты. Мындан сырткары бир канча тайпалардан элчилер келип6 Пайгамбарыбызга баш ийгендиктерин билдиришти. Ислам дини өтө ылдамдык менен кеңири кулачын жая баштады. Айланадагы тайпаларга, элдерге диндин негиздерин үйрөтүүгө мугалимдер, аларды башкаруу үчүн акимдер жиберилди. Хижраттын тогузунчу жылы Мадина шаары мусулман болгондуктарын билдирүүгө келген тайпа элчилеринин агымына учурады.

Хижраттын тогузунчу жылы Ражаб айы эле. Бир күнү Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) мубарек сахабаларына кайрылып: «Бүгүн бир салих тууганыңар кайтыш болду. Туруп анын жаназа намазын окугула», - деди. Пайгамбарыбыз имам болуп, кайып жаназа намазын окушту. Кийин: «Тууганыңар Нажаши Асхама үчүн Аллаху тааладан кечирим сурадык», - деди. Арадан бираз күн өткөн соң Хабашстандан Нажаши Асхаманын (радыйаллаху анх) кайтыш болгону тууралуу кабар келди. Кайтыш болгон күнү Пайгамбарыбыздын жаназа намазды окуткан күнүнө туура келген болчу.

Ислам дини Араб жарым аралына өтө тездик менен жайылып бараткан дал ушул тогузунчу жылы Ислам мамлекетине кызганыч менен караган жана анын өсүп өркүндөөсүнө кедерги болгон Византия императору Гераклиуска христиан араптар: «Пайгамбарлык маселеси менен чыккан адам кайтыш боду. Мусулмандар азыр кыйын абалда. Эгер аларды өз диниңе тартууну кааласаң азыр дал ошонун маалы», - деп кат жазышты. Ушул катка байланыштуу Гераклиус кырк миң адамдык аскерди Кубаддын кол башчылыгы астында мусулмандар менен согушууга жиберди.

Бул абал тууралуу уккан Пайгамбарыбыз сахабаларын жыйнап, согушка даярданууга буйрук берди. Ошол жылы кургакчылык болуп, сахабалар материалдык жактан тардык көрүшкөн эле. Бир гана соода менен алектенгендердин жагдайлары жакшы болчу. Пайгамбарыбыз сахабаларынан согушка катыша турган аскердин

курал-жарагы үчүн акчалай жардам берүүлөрүн дагы каалаган эле. Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) бул каалоосу сахабаларды ишке кириштирди. Бардыгы тең колунда болгон нерселерин алып келип, жихадга даярданууга аракет кылышты.

Пайгамбарыбыздын үңкүрдөгү жолдошу Хазрети Абу Бакр мал-мүлкүнүн бардыгын алып келген эле. Пайгамбарыбыз: «Үй-бүлө мүчөлөрүңө эмне калтырдың?» - дегенде: «Аллаху таала менен Расулун калтырдым», - деа жооп берди. Хазрети Омар мал-мүлкүнүн жартысын жардам катары алып келгенде Пайгамбарыбыз ага да: «Үй-бөлөңө эмне калтырдың, йа, Омар?» - деп сурады. «Ушунчасын калтырдым», - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз: «Экөөңөрдү араңардагы айырмачылык сөзүңөрдөгү айырмачылык сыяктуу», - деген. Ошондо Хазрети Омар: «Ата-энем сага курман болсун, йа, Абу Бакр! Кайрымдуулук жолундагы бардык жарыштарда менден оздуң. Эми сенден эч нерсе аша албай тургандыгын жакшы түшүндүм», - деди.

Сахабалар күчтөрүнүн жетишинче тырышышты. Бирок, мунафыктар: «Силер өзүңөрдү көрсөтүү (рия) үчүн берип жатасыңар», - деп сахабаларды мазак кылышты. Пайгамбарыбыз: «Ким бүгүн бир садака берсе, садакасы кыямат күнү Аллаху тааланын алдында анын пайдасына күбөлүк кылат», - деди. Пайгамбарыбыздын сөзүнө карай момундар көбүрөөк жардам берүүгө аракет кылышты. Хазрети Осман бин Аффан аскерлердин үчтөн бирин жабдыктады. Ушундайча, мусулмандардын эң көп көмөк берген адамы болду. Хазрети Осман аскерлердин муктаждыктарын канааттандырганы ошончолук, жада калса, суу идиштерин оңдогондо колдоно турчу теминелерин да унутпады. Ушуга карап Пайгамбарыбыз: «Бүгүндөн кийин Османга күнөө жазылбайт», - деди. Турмуш абалы өтө төмөн болгон бир сахаба жихадга көмөк сообун алуу үчүн ошол түнү азанга чейин бир курма бакчасында суу тартып, өзүнө берилген курманы Пайгамбарыбызга алып барып: «Йа, Расулаллах! Жөө калдык. Жей турчу нерсебиз жок. Бул согушта сизден айрылбай, жихад сообун алгыбыз келет», - деди. Пайгамбарыбыз аларга минүүгө бере турчу эч нерсеси жок экенин өкүнүү менен билдирди. Бир жолу Салим бин Умейр, Абдуллах бин Мугаффал, Абу Лейла Мазини, Улбе бин Зейд, Амр бин Хумам, Харами бин Абдуллах, Ирбад бин Сарийа да (радыйаллаху анхум) Пайгамбарыбызга барып ушундай өтүнүчүн

айтат. Пайгамбарыбыз аларга өкүнүч менен: «Силерге минүүгө бере турчу эч нерсем жок эле», - дегенде алар Пайгамбарыбыздан ажырап калуу жана жихадга катыша албоо кайгысына өкүнүп, ыйлай баштады. Ушуга карата Аллаху таала мына бул аяти кариманы түшүрдү: «Жана (согушка минип баруу үчүн) ат сурап Сизге келген кездеринде аларга: «силерди миңгизип жибере турчу унаа жок го», - дегениңизде (жихад үчүн) кылынчу эч бир нерсе таба албагандыктары үчүн кайгырып, көздөрүнөн жаш төгүп кайтып кеткендерди да айыптоого эч кандай жол жок.» («Тообо» сүрөсү, 92) Акыры аларды да Хазрети Аббас менен Хазрети Осман согушка дайындады.

Даярдык иштери аяктагандан кийин Пайгамбарыбыз аскерди Санийатул-Вадага жыйнады. Согушка катышпай турчу адам өтө аз эле. Пайгамбарыбыз аскерди жыйнап, алдыга жүрүшкө буйрук берип, Мухаммед бин Масламаны (радыйаллаху анх) Мадинага өзүнүн ордуна калтырды. Сапар баштала турчу кезде Пайгамбарыбыз: «Ашыкча бут кийим алгыла. Кошумча бут кийимиңер болсо кыйналбайсыңар», - деди. Аскерлер жолго чыккан кезде мунафыктардын башчысы Абдуллах бин Убей мусулмандарды коркутуу үчүн жагымсыз сөздөрдү айтты. Жада калса: «Ант кыламын, аны жана сахабаларын эки-экиден жипке байланып турганын көрүп тургандаймын», - деди. Бирок, бул сөздөргө сахабалар көңүл бурбастан, алардын жихадга катуу кумарлары арта түштү. Муну көргөн мушриктер ого бетер ызаланышты.

Расулуллах Санийатул-Вададан Табукка чыкчу кезинде аскердин туулары менен байрактарын ачтырды. Эң чоң тууну Хазрети Абу Бакрга, эң чоң байракты Зубейр бир Аввамга (радыйаллааху анх) берди. Авс тайпасынын байрагын Усейд бин Худайрга, Хазраж тайпасынын туусун Абу Дужанага (радыйаллаху анхум) берди. Пайгамбарыбыз кол башчылык кылган сахабалардын саны отуз миң адам, анын он миңи атчан аскерлер эле. Оң канаттын кол башчысы Хазрети Талха бин Убайдуллах, сол канаттын кол башчысы Абдуррахман бин Авф (радыйаллаху анхум) болуп дайындалды.

Сахабалар ысык күнү Расулуллахтын башчылыгы менен алга карай жүрүштү. Өздөрүн Аллаху тааланын сүйүктүү кулу башкаргандыктан алар ачтыктан тайсалдабай, жолдорунан

кайтышпады, бара турган жерлеринин алыстыгы, душман аскерлеринин көптүгү аларды коркута албады. Ушул калыбында алар бардык жерди алышмак.

Пайгамбарыбыз менен сахабалар токтогон жерлеринде бираз демалып, кайрадан жолун улантып жатышты. Сегизинчи токтогон жерлери Салих алейхиссаламдын коому жок кылынган Хижр болчу. Пайгамбарларынын буйругун тыңдабагандыктан Аллаху таала катуу добуш менен аларды жер бетинен жойгон эле. Пайгамбарыбыз сахабаларына: «Бул түнү терс багыттан катуу добур согот. Эч ким жалгыз ордунан турбасын. Бардык адам төөлөрүнүн тизесин байласын. Бул жер азап түшкөн жер. Эч ким бул суудан ичпесин жана даарат албасын», -деди. Баары бул буйрукту орундашты. Түндө болгон катуу добул жан жактын баарын алай-дүлөй кылды. Ушул кезде төөсүн байлоону унуткан бирөө аны издөө үчүн жалгыз ордунан турганда добул аны Тай тоосунун этегине алып барып таштады. Дагы бири катуу кысылгандыктан даааратын сындырууга барган жеринде хунак деген ооруга чалдыкты. Кийин Пайгамбарыбыздын дубасы менен оорусунан айыкты.

Эртесине идиштерде эч кандай суу калбаган эле. Баары тең катуу чаңкап суусушкан эле. Мунафыктар ушуну пайдаланып: «Мухаммед (алейхиссалам) чыны менен Пайгамбар болсо дуба кылып жамгыр жаадырар», - деп сөз тарата башташты. Бул абалды Пайгамбарыбыз укканда колун жайып Аллаху таааладан жамгыр тиледи. Ысык, ачык асманда булут пайда болду. Нөшөрлөгөн жамгыр жаай баштады. Баары те идиштерин толтуруп алышты. Даарат алып, малдарын сугарып алышты. Жамгыр токтоп, булут тараган кезде жамгырдын бир гана аскерлердин үстүнө гана жаагандыгы байкалды. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз менен ардактуу сахабалары такбир айтышты. Аллаху таалага мактоолорду айтышты. Мунафыктарга: «Эми айта турчу шылтоолоруңар калбады. Аллаху таала менен Расулуна ыйман келтиргиле, мусулман болгула», - деди. Бирок, намысы жок мунафыктар: «Эмне болуптур? Бир булут өтүп баратып, жаады да кетти», - деп жооп кайтарышты.

Ачтык да чегине жеткен эле. Бир курманы эки адам бөлүп жей турган абалга келишти. Ысыкта, ачтыкта, чөлгө карабастан алар Табукка жакындашты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам): «Эртең иншаллах таң эрте Табук булагына барасыңар.

Мен келгенге чейин ал сууга кол созбойсуңар», - деди. Аскерлер эртеси ошол жерге жетип барышты. Булакта суу өтө аз болчу. Пайгамбарыбыз ал суудан бир идишке куюп алып, ичине колун салып дабу окуду. Кийин ал сууну балакка төктү. Суу дароо көбөйүп кетти. Отуз миң адамдык Ислам аскерлери ичсе да азайбады. Кийин Пайгамбарыбыздын мужизасы болгон ушул суу туш тарапка себилди. Ал аймак жапжашыл түскө оронуп, береке кирди.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен Табукка барган кезде византиялыктардын катарында Амила, Лахм жана Жузам сыяктуу чокундурулган арап тайпаларынан курулган грек аскерлерин кезиктире алышпады. Мутада үч миң мужахидге каршы жүз миң адамдык грек аскерлери жеңилишкен эле. Ал эми азыр болсо гректердин алдыларына отуз миң мужахид чыкканы турган эле. Жана да аларды Пайгамбарыбыз баштап келген эле. Гректер Пайгамбарыбыздын баатыр сахабаларын ээрчитип келгенин угуп, бардыгы качып кетишкен эле.

Пайгамбарыбыз сахабалары менен кеңешип, Табуктан ары карай өтүшпөдү. Ушул кезде бул аймакта турган кээ бир тайпалар менен элдер Ислам аскерлеринин келгендиктерин угушкан эле. Корккондуктарынан Пайгамбарыбызга элчилерин жиберишип, жизйа төлөй тургандыктарын айтып, кечирим сурашты. Пайгамбарыбыз ырайымдуулук кылып, алардын сунуштарын кабылдап, ар бирине бөлөк-бөлөк келишим шарт баптарын жазып, алардын коопсуздукта экендиктерин маалымдады.

## Тузак...

Пайгамбарыбыз жыйырма күнгө жуук жоону күттү. Табукта сахабалары менен канчалаган сукбат өткөрүп, көңүлдөрдү нур дарыясы менен жууду. Ыйык жүрөгүнөн чыккан фейз жана берекеттер алардын да жүрөктөрүнө акты. Сукбаттарынын биринде: «Адамдардын эң жакшысы менен кадырлуусунун ким экенин айтайынбы?» - деди. Сахабалар: «Айтыңыз, йа, Расулаллах», - дешти. «Адамдардын кайырлуусу – атынын же төөсүнүн үстүндө же өз буттары менен акыркы демине чейин Аллаху тааланын жолунда эмгек кылган адам. Адамдардын эң жаманы болсо Аллаху тааланын китебин окуп, андан эч кандай пайдаланбаган адам», - деди.

Шейиттик тууралуу сураган бир адамга: «Аллаху таалага ант кыламын, шейиттер кыямат күнү кылычтарын моюндарына асынып келишет. Нурдан жасалган минбарлардын үстүндө отурушат», - деди.

Табуктан Мадинага кайтууга даярдыктар жасалып жатканда сахабалар ачкалыктан адам чыдагыс абалга жеткендиктерин Пайгамбарыбызга билдиришти. Пайгамбарыбыз алардын калган тамактарын бир теринин үстүнө жыйнатты. Алар бир кичине казанды араң толтурду. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) даарат алып, эки рекет намаз окуду. Колун жайып, тамактын берекелүү болушун Аллаху тааладан тиледи. Кийин сахабаларына идиштерин алып келүүлөрүн буюрду. Аскерлердеги эч бир идиш бош калбай тургандай кылып бардыгын толтурду. Ошондой эле, бардык мужахиддер тоюшунча жешсе да дасторкондогу тамак азайбады.

Мужахиддер Табуктан чыгып, Мадинага бет алышкан эле. Бир түнү мунафыктар алдыдагы тар өткөөлдө Пайгамбарыбызга тузак куруп, өлтүрүүнү өз араларында чечим кылышты. Ошентип, курчоодо күтүп турушту. Пайгамбарыбыздын төөсүнүн ноктосун Аммар бин Ясер кармап, артынан Хазрети Хузайфа бин Йаман ээрчип жүрдү. Мунафыктардын чечимге келип өзүнө карата кол салуу уюштуруп жатышкандыгын Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбызга кабарлады. Расулуллах алейхиссалам ал жерге жакындаган кезде бул мунафык тобу беттерине маскаларын кийип, чабуул кылышты. Хазрети Хузайфа: «Эй, Аллаху тааланын душмандары!» - деп, колундагы таяк менен мунафыктарды жана жаныбарларын ура баштады. Бул ызы-чуудан корккон он эки мунафык дароо аскердин арасына кирип кетишти. Пайгамбарыбыз алардын аттарын Хузайфага айтып, башкаларга айтпоону эскертти.

Жагдайды угуп келген Усейд бин Худайр (радыйаллаху анх): «Жаным сизге курман болсун, йа, Расулаллах! Аларды мага айтыңыз, баштарын кесип алып келейин», - деп жалынды. Бирок, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) буга уруксат берbеди.

# Дырар мечити

Табуктан кайтып куттуу Мадина шаарына жакындап калган кезде Зи-Аван деген жерде кошуун өргүү курат. Сахабалар демалып жатышканда бир нече мунафык Пайгамбарыбызга барып, Дырар мечитине келүүсүн суранышты.

Дарар мечити Кубада орун алган болчу. Меккеден Мадинага көчүп келе жаткан кезде бир канча күн туруп, ал жерде ыйык Куба мечитин салдырып кеткен жер эле. Дырар мечити болсо дал ушул Куба мечитинин маңдайына салынган эсе. Пайгамбарыбыз сахабалары менен Табукка бара жатканда мунафтар: «Йа, Расулаллах! Жаңы мечит салды, келип бизге намаз окутасызбы?» - деп чакырышкан эле.

Хазрети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) Табук сапарына аттанаар алдында да дал ушул мунафыктардан түзүлгөн топ аны ачып берүүгө кайрылышкан. Пайгамбарыбыз болсо, Табуктан кайтып келе жаткан кезде кайрыла кетээрине убадасын берип, маселенин чоо-жайы да ошол болучу.

Бирок, Сапарга чыккан Пайгамбарыбызнасип болсо Табуктан кайтканда согуша таргандыгын айткан болчу.

Мунафыктардын максаты мусулман жамаатын бөлүү, өз макчаттарында пайдалануу, бүлүк чыгарып аларды бири-бирине тукуруу элк. Алар жада калса, Византия аскерлерин Мадинага чакырып, ушул мечитке сактаган куралдарын аларга берип, мусулмандарга каршы жардамдашышмак болушат. Пайгамбарыбызды ошошл жерде намаз окутуу аркылуу Дырар мечитинин касиеттүү орун экени тууралуу пикир калыпташтыргылары келди. Ушундайча мусулмандар ал жерде намаз окууга жарышып, мунафыктардын тобуна түшүшчү эле.

Пайгамбарыбыз мунафыктардын бул сунуштарын кабыл кылып, барууга чечим чыгарды. Аллаху таала «Тообо» сүрөсүнүн 107-108-чи аяттарын жиберип, бул иштин ички маанисин белдирди. Ушундан кийин Пайгамбарыбыз Малик бин духшум менен Асым бин Адиге (радыйаллаху анхум): «Бул калкы заалым болгон мечитке киргиле. Аны кыйратып, өрттөгүлө», - деди. Алар кечке барып, мечитти өрттөштү. Кийин кыйратып, талкалашты. Мунафыктардын үнү да чыккан жок.

Пайгамбарыбыз менен сахабалардын келе жатышкандыктарын уккан Мадиналыктар дароо жыйналышып, чоң толкундоо менен күтүп алууга чыгышты.

Пайгамбарыбыз Табук сапарынан кайтканынан эки айдан кийин мунафыктардын башчысы Абдуллах бин Убей өлдү. Ушундан кийин мунафыктардын биримдиги бузулуп, тарап кетишти.

Ушундайча бир гана мунафыктардын эмес Арабстандагы мушриктер менен яхудилердин дагы Исламга каршы келүү, тоскоол болуу иштери башталды.

## ВАДА (КОШТОШУУ) АЖЫЛЫГЫ

Исламдын беш шартынын бири болгон ажылык да хижраттын тогузунчу жылы фарз кылынды. Түшкөн аяти каримада: «Ал жерде (Каабада) апачык белгилер; Ибрахимдин макамы бар. Ал жерге кирген адам ар түрдүү кооп-кырсыктан амандыкта болот. Ага бир жол таба алгандардын (жолго күчү жеткендердин) ошол Бейтке ажылыкка баруусу (жана зыярат кылуусу) Аллаху тааланын адамдардын үстүндөгү акысы, фарзы. Ким бул фарзды кабылдабаса күмөнсүз, Аллаху таала бардык ааламдардан бай (эч бирине муктаж эмес).» («Али Имран» сүрөсү, 97)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Аллаху тааланын буйругун асхабы кирамга билдирип, ошол эле жылы Хазрети Абу Бакрды үч жүз кишилик топтун ажылык сапарынын башчысы кылып дайындайт. Ал топтун курамындагы сахабалар Хазрети Абу Бакрдын башчылыгы менен Меккеге барышты. Ушул кезде «Берае» (Тообо) сүрөсүнүн алгачкы аяттары түштү. Анда келишим шарт тууралуу бираз өкүмдөр билдирилди. Пайгамбарыбыз ушуну айтуу үчүн Хазрети Алини Меккеге жиберди.

Ал кезде арабдардын арасында кеңири тараган салт боюнча бир келишим түзүлгөн болсо же түзүлгөн келишим шарт бузулса аны жасаган адамдын өзү же ал дайындаган бир тууганы жарыялачу. Пайгамбарабыз бул иш үчүн Хазрети Алини ажылыкка кеткен топтун артынан Меккеге жиберди Хазрети Али (радыйаллаху анх) топко жетип, баары менен бирге Меккеге кирди.

Хазрети Абу Бакр бир хутба окуп, ажылык ибадатын түшүндүрдү. Сахабалар (алейхимуррыдван) үйрөтүлгөн негиздер боюнча ажылык милдеттерин аткарды. Ажылык ибадаты аяктагандан кийин Хазрети Али Минада Жамраи Акаба деген жерде бир хутба окуду. Хутбасында:

«Эй, адамдар! Мени силерге Расулуллах жиберди» деп баштап, «Берае» сүрөсүнүн алгачкы аяттарын окуду. Андан кийин: «Мен силерге төрт нерсени билдирүүгө милдеттүүмүн», - деди. Ал төрт маселе мына булар эле:

1- Момундардан башка эч ким Бейишке кире албайт.

2- Ушу жылдан кийин эч кандай мушрик Каабага жакындай албайт.

3- Эч ким Каабаны жылаңач түрдө таваф кылбайт (ал кезде мушриктер Каабаны жылаңач таваф кылышчу).

4- Кимдин Расулуллах менен келишим шарты бар болсо мөөнөтү бүткөнгө чейин күчүндө болот. Мындан сырткаркы адамдарга төрт ай мөөнөт берилет. Андан кийин эч кандай мушрик менен келишим жасалбайт.»

Ошол күндөн кийин эч кандай мушрик Каабага барбады, эч ким жылаңач түрдө Каабаны таваф кылбады. Ушул маселелер айтылгандан кийин мушриктердин көпчүлүгү мусулман болушту. Ажылыкты орундагандан кийин Хазрети Абу Бакр менен Хазрети Али сахабалар менен бирге Мадинага кайтты.

Хижраттын онунчу жылы Ислам дини бүткүл Арап жарым аралына жайылды. Арабстандын түпкүр-түпкүрүнөн адамдар Мадинага барып, мусулман болуу, түбөлүк бакытка жетүүгө жарышышты. Эми Арабстанда мусулмандарга каршы тура алчу күч калбаган эле. Ислам бардык жерге бийлик курган эле. Бир гана кээ бир яхуди жана христиан тайпалары мусулман болбогон эле.

Пайгамбарыбыз хижраттын онунчу жылы Халид бин Валидди (радыйаллаху анх) төрт жүз мужахид менен Йемен тегерегиндеги Харис бин кааб уулдарын Исламга чакыруууга жиберди. Халид бин Валид (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын буйругу боюнча бул тайпаны үч күн бою Исламга чакырып, насыят айтты. Алар мусулмандыкты кабылдашты. Жана ошол жылы Пайгамбарыбыз Нажрандык христиандар менен келишим шарт түздү. Алардын бир бөлүгү кийин өз алдынча мусулмандыкты кабылдашты. Ошол жылы Хазрети Али да үч жүз сахаба менен Йемендеги Мадлаж

тайпасын Исламга чакырууга жиберилди. Башында каршы болгону менен кийин алар да мусулман болушту. Пайгамбарыбыз ошол жылы Ислам тараган бардык элдерге акимдер менен зекет жыйнай турчу кызматкерлерди жиберди.

Хижраттын онунчу жылы Пайгамбарыбыз ажылыкка даярданып, Мадинадагы мусулмандарга да ажылыкка даярданууну буюрду. Мадинанын сыртындагыларга да кабар жиберилди. Ушундан кийин миңдеген мусулман Мадинага жыйналды. Даярдык иштери аяктагандан кийин Пайгамбарыбыз Зүл-Када айынын 25-чи күнү кырк миң адамдык топ менен бешим намазынан кийин Мадинадан чыкты. Пайгамбарыбыз: «Эй, Аллахым! Муну мага ичине рия, өзүн көрсөтүү, атак-кумар аралашпаган, кайырлуу жана кабыл боло турчу ажылык кыла көр», - деп дуба кылды. Ихрам кийип, Жабраил алейхиссаламдын кабар берүүсү менен катуу үн менен талбия айта баштады. Буга сахабалар да кошулган кезде жер менен көктү талбия үндөрү жаңырта баштады. «Лаббайк! Аллахумма Лаббайк! Лаббайк! Ла шарика лака лаббайк! Иннал хамда ванни’мата лака вал мулка ла шарика лак!...» Пайгамбарыбыз жүз төөнү курмандыкка чалууга алып барды. Он күнгө созулган жол сапарынан кийин Зүлхиджанын төртүнчү күнү Меккеге жетти. Йемenden жана башка жерлерден ажылык кылууга келгендерди да кошкондо мусулмандардын саны 124 миңден ашты. Пайгамбарыбыз зүлхиджанын 8-күнү Минага, 9-күнү (арафа күнү) Арафатка барды. Арафат жеринин ортосунда түштөн кийин Кусва деген төөсүнүн үстүндө отуруп, Вада хутбасын окуп, сахабалары менен коштошту.

## ВАДА (КОШТОШУУ) ХУТБАСЫ

... Эй, адамдар! Сөзүмдү жакшылап тыңдагыла! Билбеймин, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде кайра кездеше албас чыгармын.

Эй, адамдар! Ушул күнүңөр канчалык касиеттүү болсо, бул айыңар канчалык касиеттүү ай болсо, бул калааңар (Мекке) кандай каисеттүү калаа болсо, жаныңар, малыңар, намысыңар да ошондой касиеттүү. Ар түрдүү карасанатайлыктан корголгон.

Сахабаларым! Эртең Раббиңер менен жолугасыңар жана бүгүнкү бардык иш-аракеттерден милдеттүү түрдө эсепке

тартыласыңар. Менден кийин мурунку бузукулуктарыңарга кайтып, бири-бириңерди өлтүрбөгүлө. Бул осуятымды ушул жердегилер бул жерде болбогон адамдарга жеткирсин. Уккан адам бул жерде болуп уккан адамдан да жакшы түшүнүп, эсинде сактоосу мүмкүн.

Сахабаларым! Кимде бирөөнүн аманаты бар болсо аны ээсине кайтарсын. Пайыздын бардык түрү жоюлган. Бутумдун астында. Бирок, карызыңардын негизгисин берүүңөр керек. Зулумдук кылбагыла, зулумдукка учурабагыла. Аллаху тааланын буйругу менен пайызга эми тыйуу салынды. Жахилдик доорунан калган бул жаман адаттын бардыгы бутумун астында. Биринчи жойгон пайыз – Абдулмутталибдин уулу (агам) Аббастын пайызы.

Сахабаларым! Жахилдик доордогу кан доолор да толугу менен жоюлду. Жойгон алгачкы кан доом – Абдулмутталибдин небереси Рабианын кан доосу.

Эй, Адамдар! Каалаган убакта согушуу үчүн кан төгүү харам болгон айлардын орундарын алмаштыруу - куфурлуктун дал өзү. Бул – капырлардын чоң адашуучулукка түшкөн нерсеси. Алар бир жылы адал деп кабылдаган бир айды келерки жылы харам деп жарыялашты. Хак тааланын халал жана харам кылгандарынын санына шай кылабыз деп ушундай кылышты. Алар Аллаху тааланын харам кылганын халал, ал эми халал кылганын харам кылышат.

Күмөнсүз, убакыт – Аллаху тааланын жараткан күнүндөгү түр менен тартипке түштү.

Эй, адамдар! Бүгүн шайтан силердин бул жериңерде жаңыдан бийлигин жүргүзүү жана үстөмдүк куруу күчүнөн түбөлүккө айрылды. Бирок, силер ушул жойгон нерселеримен башка кичине деп эсептеген нерсеңерде ага баш ийе турган болсоңор бул аны кубантат. Дининерди коргоо үчүн булардан да сактангыла!

Эй, адамдар! Аялдардын укуктарын урматтоону жана ушул маселеде Аллаху тааладан коркууңарды сунуштайм. Силер аялдарды Аллаху тааланын аманаты катары алдыңар, алардын намысы менен арын Аллаху тааланын аты менен убада берип, халалдыкка алдыңар. Силердин аялдардагы укуктарыңар, алардын силерде укуктары бар. Силердин аялдардагы укутарыңар – алардын үй-бүлөлүк махрамдыкты силер жактырбаган эч кимге таптатпоосу. Эгер силер жактырбаган бирөөнү үйгө киргизсе

аларды жеңил уруу менен жазаландырып мындан сактандырсаңар болот. Аялдардын силердеги укуктары – аларга халал жол менен ар түрдүү даам менен кийим-кечектерин камсыз кылууларыңар.

Эй, момундар! Силерге бир аманат калтырамын, аны жакшылап кармасаңар жолуңардан адашпайсыңар. Ал аманат – Аллаху тааланын китеби Курани карим (Башка риваяттарда «сүннөтүм» жана «ахли байтим» деп көрсөтүлгөн).

Эй, момундар! Сөзүмдү жакшылап тыңдагыла жана эсиңерге жакшылап сактагыла. Мусулман мусулмандын бир тууганы, ушундайча бардык мусулмандар бири-бирине бир тууган. Дин бир тууганыңардын жаны, каны, мал-мүлкү, ар-намысы жана акысына сурабай кол салуу эч кимге халал эмес. Бир гана өзү көңүл ыраазылыгы менен берсе гана халал болмокчу.

Сахабаларым! Өзүңөргө зулумдук кылбагыла! Мойнуңарда өзүңөргө да тийиштүү сактоого тийиш болгон укуктарыңар, жоопкерчиликтериңер бар.

Эй, адамдар! Аллаху таала ар бир укук ээсине укугун (Курани каримде) берген. Мураскордун, осуяттын кажети жок. Бала кимдин төшөгүндө туулса ошого тийиштүү. Зинакорлук кылган адамга махрумдук бар. Өзүн атасынан башканын тегиненмин деп айткан тексиздер же өз кожоюнунан качып башканын колуна баш калкалаган нанкөр адам Аллаху тааланын азабына, периштелер менен бардык мусулмандардын каргышына учурасын. Хак таала мындай адамдардын тооболорун да, күбөлүктөрүн да кабыл кылбайт.

Эй, адамдар! Раббиңер бир. Атаңар да бир. Баарыңар Адамдын балдарысыңар. Адам болсо топурактан жаратылды. Аллахтын алдында эң кадырлууңар – эң такыбаа болгонуңар. Араптын арап эместерден артыкчылыгы жок. Артыкчылык бир гана такыбаада.

Эй, адамдар! Эртең силерден мен тууралуу сурашат, эмне дейсиңер?»

Сахабалар: «Аллаху тааланын динин таблиг кылдыңыз. Милдетиңизди орундадыңыз. Бизге осуят жана насыят кылдыңыз», - деп күбөлүк кылабыз», - дешти.

Ушул кезде Расулуллах ыйык сөөмөйүн көтөрүп, жамаатка каратып:

«Күбө бол, йа, Раб! Күбө бол, йа, Раб! Күбө бол, йа, Раб!» - деди.

Пайгамбарыбыз Вада хутбасын окуган күнү «Маида» сүрөсүнүн «Бүгүн дининерди силер үчүн толуктадым. Силерге деген ниматымды аяктадым жана силерге дин катары Исламды берүүгө ыраазы болдум» деген маанидеги 3-чү аяты түштү. Пайгамбарыбыз бул аятты сахабаларына окуган кезде Абу Бакр ыйлап жиберди. Сахабалар анын себебин сураганда: «Бул аяти карима Расулуллахтын кайтыш боло турчу убактысынын жакындаганын көрсөтүп турат. Ошол үчүн ыйлап жатам», - деди.

Пайгамбарыбыз Меккеде он күн болуп, Вада ажылыгын аткарып, Вада тавафын орундады. Ошентип, Мадинага кайтты. Вада ажылыгынан кийин сахабалар өз мекендерине кайтып, Пайгамбарыбыздын айткан жана буюрган нерселерин ошол жердегилерге жеткиришти.

Хижраттын онунчу жылы болгон дагы бир окуя – пайгамбар экендиктерин айткан жалганчы адамдардын чыгуулары болду. Ошолордун бири Йеменден чыккан Эсвед-и Анси эле. Пайгамбарыбыздын буйругу менен Эсвед-и Анси Йемендеги мусулмандар тарабынан өзүнүн үйүндө өлтүрүлдү. (Экинчиси - Мусайламатул-Каззаб. Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин Хазрети Абу Бакр Мусайламага Хазрети Халид бин Валид башкарган аскерлерди жиберди. Мусайлама Вахши (радыйаллаху анх) тарабынан өлтүрүлдү).

## КАЙТЫШ БОЛУУСУ

Хижраттын он биринчи жылы эле. Жабраил алейхиссалам ушул жылы Пайгамбарыбызга Курани каримди эки жолу башынан аягына чейин окуду. Мурунку жылдарда Курани каримди бир жолу окучу эле. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Жабраил алейхиссаламдын эң кыркы таблиг кылган «Аллаху тааланын көмөгү жана жеңиш күнү келип, адамдардын Аллаху тааланын динине (Исламга) агым-агым болуп киргенин көргөндө Раббиңди мактап таспих айт. Ал тооболорду ар дайым кабылдайт» деген маанидеги «Наср» сүрөсүн тыңдагандан кийин: «Йа, Жабраил! Ичимен өлүмүмдүн жакындаганын сеземин», - деди. Жабраил алейхиссалам буга мына бул аяттарды окуу менен жооп берди: «Акырет сен үчүн дүнүйөдөн каыйрлуу. Раббиң сага ыраазымын дегенге чейин ар каалаганыңды берет». («Духа» сүрөсү, 4,5)

Пайгамбарыбыз ошол күнү Мадинадагы бардык сахабалардын бешим намазында мечитке жыйналууларын буюруп кабар жиберди. Пайгамбарыбыз намазды окуткандан кийин бир хутба окуду. Бул хутбаны окуган кезде аны уккан жандардын жүрөктөрү козголуп, көздөрүнөн жаш аккан эле. Кийин: «Эй, адамдар! Силер мага пайгамбарыңар катары кандай карайсыңар?» дегенде сахабалар: «Йа, Расулаллах! Аллаху таала сизге биздин тарабыбыздан мол жакшылыктарды буюртсун. Сиз биз үчүн мээримдүү ата, насыят айтуучу тууган сыяктуусуз. Аллаху тааланын сизге берген пайгамбарлык милдетин орундадыңыз. Вахий кылынгандарды бизге жеткиздиңиз. Хак жолго, Исламга хикмат менен, көркөм насыят менен чакырдыңыз. Аллаху таала сизге эң жакшы жана эң жогорку акыбетин берсин!» - дешти.

Пайгамбарыбыз**: «Эй, момундар! Аллаху үчүн кимдин менде акысы бар болсо келип кыяматтан мурда ушул жерде алсын»,** - деди. Бирок, акысын алуу үчүн келген адам болбоду. Расулуллах экинчи, үчүнчү жолу Аллаху тааланын атын айтып: «Акысы болгон адам келип алсын», - деди. Ушул кезде жашы улуу сахаба Хазрети Укаша ордунан турду. Расулуллахтын жанына барды. Кийин: «Ата-энем сизге курман болсун, йа, Расулаллах! Табук согушунда сиз менен бирге жүрдүм. Табуктан кайтканыбызда менин төөм менен сиздин төөңүз катар келген эле. Мен төөмөн түшүп сизге жакындадым. Максатым сиздин мубарек денеңизди сүйүү эле. Ошол кезде сиз менин аркаман камчы менен урдуңуз. Эмне үчүн урганыңызды билбеймин», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Йа, Укаша! Аллаху таала сени расулунун атайылап уруусунан сактасын. Йа, Билал! Кызым Фатиманын үйүнө бар. Алиги камчыны алып кел», - деп буюрду. Хазрети Билал мечитен чыкты. Колун башына коюп «Расулуллах өзүнөн кысас кылдырмакчыбы» деп таң калган эле. Үйгө барып эшикти кагып: «Эй, Расулуллахтын кызы! Мага Расулуллахтын камчысын бер», - деди. Хазрети Фатима: «Йа, Билал! Азыр ажылыктын да, согуштун да убагы эмес. Атам камчыны эмне кылат?» - деди. Хазрети Билал (радыйаллаху анх): «Эй, Фатима! Кабарың жокпу? Расулуллах өзүнө кысас (өч алуу) кылдырмакчы», - деди. Фатима энебиз (радыйаллаху анха): «Йа, Билал! Расулуллахтан кысас менен акысын алууга ким ыраазы болот? Эгер кааласа берейин. Бирок, Хасан менен Хусейнге айт, ала турчу адам акысын алардан алсын.

Расулуллахка эч кысас кылдырбасын», - деп Хазрети Билалга катуу эскертти. Хазрети Билал (радыйаллаху анх) мечитке барып, камчыны Расулуллахка берди, Расулуллах болсо Хазрети Укашага берди.

Хазрети Абу Бакр менен Хазрети Омар муну көрүп: «Эй, Укаша! Мына биз жанында турабыз. Акыңды бизден ал, Расулуллахтан албай эле кой», - деп жалынышты. Ошондо Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Бакрга: «Эй, Абу Бакр! Сен ортобуздан мындай тур. Эй, Омар! Сен да мындай тур. Аллаху таала силердин жогору даражаларыңарды билет», - деди. Кийин Хазрети Али туруп: «Эй, Укаша! Расулуллахты урууга ыраазы боло албаймын. Кел акыңды менден ал. Кааласаң жүз жолу ур, бирок, Расулуллахка тийишпе», - дегенде Пайгамбарыбыз алейхиссалам: «Эй, Али. Сен да отур. Аллаху таала сенин да жогору мартабаңды, жагдайыңды билет», - деди. Эми Хазрети Хасан менен Хусейн турду. «Эй, Укаша! Сен биздин Расулуллахтын неберелери экенибизди билесиң. Ошондуктан, бизге кысас – Расулуллахка кысас деген сөз. Анын акысын бизден ал, Пайгамбарыбызды урба», - дешкенде Пайгамбарыбыз аларга: «Силер да отургула, эй, эки көзүмдүн кубанычтары!» - деди. Кийин: «Эй, Укаша! Кел, ур», - деди.

Укаша: «Йа, Расулаллах! Сиз мени урган кезде менин денем ачык болчу», - деген соң Пайгамбарыбыз ыйык далысын ачты. Ушул кезде сахабалардын: «Эй, Укаша! Расулуллахтын ыйык далысын урмакчысыңбы?» деген кыйкырыктары угулду. Баары капалык менен күтүп турушту. Хазрети Укаша Пайгамбарыбыздын аркасындагы Пайгамбарлык мөөрүн көрүп: «Ата-энем сизге курман болсун, йа, Расулуллах! Акысын алуу үчүн сиздин ыйык далыңызды уруп, кысас кылууга кимдин күчү жетет, буга ким батына алат?» - пайгамбарылк мөөрүн өптү. Ошондо Пайгамбарыбыз: «Жок, же урасың, же кечиресиң», - дегенде Укаша: «Жаным сизге курман болсун йа Расулаллах! Кечирдим. Ал эми Аллаху таала мени кыямат күнү кечиреби?» - деди. Пайгамбарыбыз: «Ким менин Жаннаттагы досумду көргүсү келсе мына бур карыяны карасын», - деди. Расулуллахтын бул мубарек сөзүн уккан сахабалар анын эки көзүнүн ортосунан өбө башташты. Бардыгы: «Кандай бактылуусуң, кандай бактылуусуң, йа Укаша! Расулуллах менен бирге болуу урматына, Бейиште жогору даражаларга жеттиң», - дешти.

Сафар айынын акыркы күндөрү эле. Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) түндүктөгү Византия империясынын

мусулмандар үчүн чоң коркунучка айлана электен мурда аларды кайрадан Исламга чакырып, кабылдабаса согушуп, Ислам мамлекетинин кол астына караткысы келди. Ушул максатта гректер менен согушуу үчүн сахабаларына даярданууну буйрук кылды. Сахабалар (радыйаллаху анхум) даярдык иштерин жүргүзүүгө тараштты. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) Хазрети Усама бин Хейдди чакырып: «Эй, Усама! Шамга, Балка чек арасына, Палестинадагы Дарумга, атаң шейит болгон жерге чейин Аллаху тааланын ысымы жана берекеси менен бар. Аларды таттар менен тапта. Сени ушул аскерлерге кол башчы кылып дайындадым. Убналыктарга күтпөгөн жерден чабуул жаса. Бара турган жериңе кабар жетпей тургандай тез бар. Жаныңа жол көрсөтүүчүлөрдү алып, алдыңан тыңчыларды жибер. Аллаху таала жеңиш ихсан кылса алардын арасында аз убакыт гана бол», - деди. Журфта ордо курууну буюруп, мубарек колу менен байракты байлап тапшырды.

Мечитте минбарга чыгып: «Эй, сахабаларым! Усаманын атасы Зейд кол башчылыкка кандай ылайыктуу жана менин жанымда кандай сүйүктүү болсо анын баласы Усама кол башчылыкка ошондой ылайыктуу адам. Усама менин алдымда адамдардын эң сүйүктүүлөрүнөн», - деди.

Хазрети Усама башкарган, согушууга бара жаткандардын ичинде Хазрети Абу Бакр, Хазрети Омар, Хазрети Абу Абу Убайда бин Жаррах, Хазрети Саад бин Абу Ваккас сыяктуу таанымал сахабалар бал эле.

Бирок, эртеси Пайгамбарыбыз ооруп калгандыктан аскерлердин сапары Пайгамбарыбыз акыретке көчкөндөн кийинкиге калтырылган эле. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын ысыгы барган сайын көтөрүлүп, ооруусу катуулай берди. Саал жакшы болгон бир түнү төшөгүнөн турду. Кийинип сыртка чыгууга даярданды. Муну көргөн Хазрети Айша энебиз: «Ата-энем, жаным сизге курман болсун, йа, Расулаллах! Кайда бара жатасыз?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам): «Баки кабрыстанында жерленгендер үчүн истигфар кылуу буйругун алдым. Ошол жерге бара жатам», - деди. Жанына Абу Мувайхиб менен Абу Рафини (радыйаллаху анхум) ээрчитип кетти. Мазарлыкта узак буда окуп, алардын кечирилүүлөрү үчүн Аллаху таалага жалбарды. Пайгамбарыбыздын ушунча жалбарганына жанындагы сахабалар: «Биз да ушул жерде жерленгенибизде кана.

Пайгамбарыбыздын дубасына илинер элек», - деди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Мувайхибди карап: «Эй, Ауб Мувайхиб! Мага дүнүйө казыналары менен акырет ниматтарын тандоодо эрк берилди. Кааласаң дүнүйөдө кал, кийин Бейишке бар, кааласаң Ликауллах (Аллаху таалага жетүү) аркылуу Бейишке кир. Мен Ликауллахты жана андан кийин Бейишти тандадым», - деди.

Дагы бир күнү Ухудда шейит болгондор үчүн Аллахтан гафу тилөө үчүн жолго чыкты. Алар үчүн Аллаху таалага узак жалбарып, дуба кылды. Кийин мечитке барып, сахабаларга: «Мен силердин Кавсар булагына эң биринчи жете турганыңар, күиүп ала турганыңар болом. Силер менен көрүшө турчу жерибиз – ошол жер... Мен силерди менден кийин мушриктикке кайтышат деп коркпоймун. Бирок, дүнүйөгө берилип, ошол үчүн бири-бириңерди көралбай, өлтүрүп, натыйжасында силерден мурункулардын жок болуп кеткендиктери сыяктуу силердин да жок болуп кетүүңөрдөн коркомун...», - деди. Кийин үйүнө кетти.

Ооруусу күчөгөн эле. Мубарек аялдары сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Хазрети Айшынын үйүндө болуусун каалашкандыгын билдиришти. Расулуллах аялдарынын ушунчалык кең пейилдиктерине сүйүнүп, алардын баарына дуба кылып, андан кийинки күндөрүн Хазрети Айшанын үйүндө өткөрө баштады.

Расулуллахтын (саллаллаху алейхи ва саллам) ысыгы катуу көтөрүлгөн эле. Денеси абдан ысыгандыктан төшөгүндө эки жагына кезеги менен оодарылып жатууга мажбур болду. Расулуллах ушинтип жаткан кезинде сахабалар келип, анын тартып жаткан азабын алар да кыйналышчу. Абу Саид Худри (радыйаллаху анх) айтат: «Расулуллахты көрүүгө барган элем. Үстүндө бир жамынгычы бар эле. Анын денесинин ысыктыгы жабуунун сыртынан билинип турду, ысык болгондуктан колубузду жабууга тийгизе албаган элек. Биздин да капаланып турганыбызды көргөн Пайгамбарыбыз: «Эң оор балээ Пайгамбарларга келет. Ошого карабастан Пайгамбардын келген балээге кубануусу силердин берилген ихсандарга (жакшылыктарга) кубанганыңардан да күчтүү», - деди» Үммү Бишр бин Бера (радыйаллаху анха) айтат: «Расулуллахтын абалын суроого бардым. Мубарек денеси оттой жанып турду. «Жаным сизге курман болсун, йа Расулалах! Мен эч качан мындай катуу ооруу көрбөдүм...», - дедим. Расулуллах:

«Эй, Үммү Бишр! Ысыгымдын катуу көтөрүлүүсү сообумдун көп болгондугунан. Бул ооруу Хайберде жеген уулуу эттин таасири. Ошол эттин ачуу даамын дайым сезчүмүн. Ошол күнү жеген уу азыр колко тамырымды күйгүзүп бара жатат», - деди».

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Абдуллах бин Масуд хазреттерине мындай деди: «Оорууга чалдыгып, Аллаху таала анын күнөө менен кемчиликтерин бактын жалбырактарын төккөндөй төкпөгөн мусулман жок».

Ооруу күндөн күнгө күчөй берди. Сахабалар буга катуу кайгырып, үйлөрүндө жайбаракат отура алышпады. Бардыгы мечитке жыйналышты. Абалын суроо үчүн Хазрети Алини Расулуллахка жиберди. Ааламдардын мырзасы ишара менен (ымдап): «Сахабаларым эмне дейт?» - деп сурады.

Ал: «Расулуллах арабыздан кетип калса деп кайгырышууда», - деп жооп берди. Сахабаларына деген мээрими күчтүү болгон Пайгамбарыбыз катуу ооруп турганына карабастан ордунан туруп, Хазрети Али менен Хазрети Фадл бин Аббаска сүйөнүп, мечитке барды. Минбарга чыгып, Аллаху таалага мактоо айткандан кийин сахабаларга: «Эй, сахабаларым! Менин өлө тургандыгымды ойлоп, убайымдаган экенсиңер. Эч кандай пайгамбар үммөтүнүн арасында түбөлүк албайт. Билгиле, мен Раббиме жетемин. Силерге насыятым: мухажирлердин улууларын урматтагыла. Эй, Мухажирлер! Силерге насыятым: ансарларга жакшылык кылгыла. Алар силерге жакшылык кылышты. Үйлөрүнө тургузушту. Өздөрү араң күн көрүшсө да силерди өздөрүнөн жогору санашты. Мал-мүлктөрүнө силерди орток кылды. Ансарды башкарган адам аларга көз кырын салып жүрсүн, кемчилик кылгандарын кечирсин», - деди. Кийин таасирлүү насыяттарды айтып: «Аллаху таала бир кулуна дүнүйөдө калуу менен Раббине жетүү маселесинде эркиндик берди. Ал кул Раббине жетүүнү калады», - деди. Хазрети Абу Бакр Расулуллахтын бул сөздөрүнөн анын кайтыш болгонун сезип: «Жаныбыз сизге курман болсун, йа, Расулаллах!» - деп ыйлай баштады. Мээримдүүлүктүн дайрасы болгон Пайгамбарыбыз**: «Ыйлаба, йа, Абу Бакр!»** - деп ага сабыр кылууну буюрду. Мубарек көздөрүнөн жаш агып турган эле. «Эй, сахабаларым! Ислам дини жолунда чыныгы жана ыкластуу түрдө мал-мүлкүн курман кылган Абу Бакрдан ыраазымын. Акырет жолунда жаныма жакын дос алуу колумда болсо аны тандамакмын», - деди да: «Мечитке ачыла

турчу турчу эшиктердин ичинде Абу Бакрдыкынан башкасынын баарын жапкыла», - деп буюрду.

Кийин минбардан түшүп, Хазрети Айша энебиздин бөлмөсүнө кайтып келди. Сахабалар ыйлай баштагандыктан Пайгамбарыбыз Хазрети Али менен Фадл бин Аббастын сүйөөсүндө кайрадан мечитке келди. Минбардын төмөндөгү шатысына туруп, сахабаларга мындай деди: «Эй, мухажирлер менен ансарлар! Убактысы белгилүү болгон нерсеге ашыгуунун пайдасы жок. Аллаху таала эч кандай кулу үчүн ашыкпайт. Бир адам Аллаху мааланын бере турчу тагдырын өзгөртүүгө, Анын кудуретинен үстөм болууну кааласа Аллаху таала аны курутат. Аллаху таалага айла кылып, Аны алдагысы келген адамдын иштери бузулуп, өзү алданат. Билгиле, мен силерге мээримдүүмүн. Силер да мага жетесиңер. Кезиге турчу жер Кавсар хавузунун башы. Жаннатка киргиси келген, мага жеткиси келген адам боштон-бош сүйлөбөсүн. Эй, мусулмандар! Капыр болуу, күнөө кылуу – ниматтын өзгөрүүсүнө, ырыскынын азайуусуна себеп болот. Адамдар Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунса өкмөт башчылары, эмирлери, бийлөөчүлөрү аларга ырайымдуулук жасашат. Фасык болуп, ашып-ташуучулук кылса, күнөө иш кылса мээримдүү бийлөөчүгө жете алышпайт. Менин өмүрүм силер үчүн кайырлуу болгону сыяктуу өлүмүм да кайыр жана ырайымдуулук. Эгер бирөөнү орунсуз урган же жаман сөз айткан болсом мага дал ошону кылып акысын алуусуна, бирөөнөн орунсуз бир нерсе алган болсом кайра кайтарып алуусуна ыраазымын. Анткени, дүнүйөнүн жзасы акыреттин жазасынан алды кайда жеңил. Буга чыдоо оңой.» Алдында Хазрети Абу Бакрга ыраазылыгын билдиргени сыяктуу бул хутбада Хазери Омарга болгон ыраазылыгын билдирип: «Омар мени менен бирге, мен да аны менен биргемин. Менден кийин акыйкат Омар менен бирге», - деди.

Расулуллах ушул хутбадан кийин минбардан түштү. Намаздан кийин кайра минбарга чыгып, вааз-насыят айтып болгондон кийин: «Силерди Аллаху таалага тапшырдым», - деп бөлмөсүнө кетти.

Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) ооруусу катуу күчөгөн кезде сахабалары менен халалдашуу (өткөн акыларын кайтаруу) үчүн, акыретке кул акылары менен кетпөө үчүн Билал Хабашини (радыйаллаху анх) чакыртып, ага: «Калкка айт! Мечитке жыйналсын. Аларга соңку насыятымды айткым келет...», - деп буюрду.

Хазрети Билал сахабаларды мечитке жыйнады. Пайгамбарыбыз Хазрети Али менен Фадлга сүйөнүп мечитке барды. Минбарга отуруп, Аллаху таалага мактоо менен санаа айткандан кийин: «Эй, сахабаларым! Билгиле, араңардан кете турчу убактым жакындады. Кимдин менде акысы болсо менден алсын. Менин жанымда сүйүктүү болгон адам менден акысын алсын же аны мага халал кылып ыраазы болсун, Раббиме аларды өтөп барайын», - деди. Кийин минбардан түшүп, бешим намазын окуду. Намазан кийин минбарга дагы чыгып, алдында айтканын кайталады.

Пайгамбарыбыз кайтыш болооруна үч күн калганда катуу кыйналды. Мечитке барып, жамаат менен намаз окуй албады. Жамаат менен окуй албаган алгачкы намазы куптан эле. Хазрети Билал адатынча эшикке келип: «Ас-салат, йа Расулаллах!» - деди. Пайгамбарыбыздын мечитке бара алчу чамасы жок эле. «Абу Бакрга айткыла. Сахабаларына намаз окутсун», - деди. Хазрети Айша: «Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Атам өтө жумшак көңүлдүү жана кайгылуу. Ал сизди жанында көрбөсө ыйлап, окуй албайт. Имамдыкты Омардын аткаруусун буюрасызбы?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз кайрадан: «Абу Бакрга айткыла. Сахабаларга имам болуп, намаз окутсун», - деди. Хазрети Билал Абу Бакр Сыддыкка (радыйаллаху анх) жагдайды айтты. Хазрети Абу Бакр михрабда Пайгамбарыбызды көрө албаган соң жүрөгү эзилип, акылынан кеткендей болду, ыйлай берди, ыйлай берди. Сахабалар да ыйлай башташты. Пайгамбарыбыз мечиттен чыккан бул үндүн эмне экенин сураганда Хазрети Фатима: «Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Сахабаларыңыз сизден ажыроого чыдай албай ыйлашууда», - деди. Пайгамбарыбыз буга катуу таасирленди. Сахабаларды жубатуу үчүн катуу ооруп турганына карабастан араң дегенде ордунан турду. Хазрети Али менен Хазрети Аббаска сүйөнүп, мечитке барды. Намаздан соң: «Эй, сахабаларым! Силер Аллаху тааланын коргоосундасыңар жана силерди Аллаху таалагы аманат кылдым. Такыбаа болгула. Аллаху тааладан корккула. Аллаху тааланын буйругун орундагыла жана баш ийгиле. Мен эми бул дүнүйөдөн кетемин», - деди.

Хазрети Абу Бакр сахабаларга он жети убакыт намаз окутту. Бир жолу бешим намазын окутуп жаткан эле. Ошол кезде Пайгамбарыбыз өзүн жеңил сезип, Хазрети Али менен Хазрети Аббаска сүйөнүп, мечитке чыгат. Абу Бакр Сыддык (радыйаллаху

анх) Пайгамбарыбыздын келгенин сезип, бир четке жылмакчы болду. Пайгамбарыбыз ага: «Тура бер», - дегенди ымдоо менен билдирди. Пайгамбарыбыз Хазрети Абу Бакрдын сол жагына туруп, сахабаларга акыркы жолу намаз окутту.

Пайгамбарыбыз кайтыш болордон үч күн мурда Жабраил алейхисалам Расулуллахка барып: «Йа, Расулаллах! Аллаху тааланын сизге саламы бар. Жагдайыңызды билсе да кандай экениңизди, өзүңүздү кандай сезгениңизди сурады?» - деди. Пайгамбарыбыз: «Кайгылуумун», - деди. Жабраил алейхиссалам жекшемби күнү да келип ошол айтандарын кайталады. Пайгамбарыбыз дагы да ошол жоопту берди. Жабраил алейхиссалам Йеменде Пайгамбар экендигин айткан Асад-и Ансинин өлтүрүлгөндүгүн кабарлады. Расулуллах аны сахабаларына айтты. Оорубай турган кезинде бир нече алтынды кедейлерге, бир нечесин Хазрети Айшага берген эле. Жекшемби күнү Пайгамбарыбыздын ооруусу оорлошту. Жанына келген аскер кол башчысы Хазрети Усамага эч нерсе айтпады. Бирок, колун көтөрүп, анын үстүн сылады. Ага дуба кылгандыгы түшүнүлдү.

Пайгамбарыбыздын бул дүнүйөдөн кетип, акыретке көчө турган күнү дүйшөмбү болчу. Ооруганына он үч күн болгон эле. Пайгамбарыбыз сахабалар мечитте Абу Бакр Сыддыктын (радыйаллаху анх) аркасында багымдат намазын окуп турганда мечитке кирди. Үммөтүнүн сап-сап болуп тизилип намаз окуп турганын көрдү. Кубанып, күлүмсүрөдү. Өзү дагы Абу Бакрга уюп, намаз окуду. Сахабалр Пайгамбарыбыздын намазга келгенин көргөндө ооруудан айыкты деп ойлоп, кубанышты. Расулуллах намаздан кийинХазрети Айшанын бөлмөсүнө барып жатты: «Аллаху тааланын хузуруна артыма дүнүйөлүк нерсе калтырбастан кетким келет, сага калтырган алтындарды да келейлерге тарат», - деди. Кийин денесинин ысыгы көбөйдү. Бираздан кийин көзүн ачып Хазрети Айшадан алтындарды таратып-таратпаганын сурады. Ал тарата тургандыгын айтты. Аны дароо таратууну кайра-кайра эскертти. Алтындын таратылгандыгын укканда: «Эми көңүлүм жай алды», - деди.

Төшөгүнө бираз жаткандан кийин жанына Хазрети Алини чакыртты. Башын анын кучагына койду. Маңдайы тердеп, өңү өзгөргөн эле. Хазрети Фатима атасынын бул абалын көрүп, карап туруууга чыдай албай, балдары Хазрети Хасан менен Хазрети

Хусейндин жанына кетти. Алардын колдорунан кармап ыйлай баштады. «Эй, атакем! Кызыңызды эми ким карайт? Хасан менен Хусейнди кимге аманат кыласыз? Атакем! Жаным сизге курман болсун! Сиз кеткенден кийин менен абалым кандай болот?»

Пайгамбарыбыз кызынын ушундай жүрөк козгогон угуп, көзүн ачып, аны жанына чакыртты: «Йа, Раббим! Буга сабыр бер», - деп дуба кылгандан кийин: «Эй, Фатима! Эй, көзүмдүн нуру! Атаң жан тапшырар алдында...», - дегенде ал андан бетер сыздады. Хазрети Али: «Эй, Фатима! Тынч, Расулуллахты мындан артык кайгыртпа», - дегенинде Пайгамбарыбыз: «Таарынтпа, йа, Али! Тийбе, атасы үчүн көз жашын төксүн», - дегенден кийин көз жумуп, эсинен тангандай болду.

Кийин Хазрети Хасан тай атасына барып, «Йа, Ата! Сизден айрылууга ким чыдай алат? Жаралуу жүрөгүбүздү кимге айтабыз. Сизден кийин энеме, атама, тууганыма ким шапаат кылат? Аялдарыңыз менен сахабаларыңыз сиздин көркөм мүнөзүңүздү кайдан таба алат?» - деп ыйлаганда Пайгамбарыбыздын аялдары чыдап тура алышпады. Баары тең көз жаштарын төгүштү.

Сыртта убайым менен күтүп турган сахабалар Пайгамбарыбыздын жагдайынын начарлаганын угуп, жүрөктөрү сыздады. Көздөрүнөн жаш шорголоду. Акыркы жолу Пайгамбрыбыздын дидарын көрүү үчүн: «Эшикти ачкыла! Пайгамбарыбыздын дидарын акыркы жолу көрөлү», - деп эшиктин алдында жалынып турушту. Пайгамбарыбыз сахабаларынын минтип турушканын угуп: «Эшикти ачкыла», - деди. Сахабалар ичке киришти. Пайгамбарыбыз аларды сабырга чакырып: «Эй, сахабаларым! Силер адамдардын эң ардактуу, кадырлууларысыңар. Силердин кийин ким келсе дагы силер баарынан мурда Бейишке киресиңер. Динди сактап калууда бекем болгула жана Куранды жол көрсөтүүчү кылып алгыла. Диндин өкүмдөрүнөн гафил болбогула», - деп көзүн жумду. Бети тердеди. Хазрети Али аларга чыккыла дегенди ымдоо менен билдирди.

Алар кеткенден кийин Хазрети Айша келип насыят сурады. Пайгамбарыбыз: «Эй, Айша! Үйүңдүн бурчунда отуруп өзүңдү корго», - деп көзүнөн жаш шорголоду. Пайгамбарыбыз ыйлаган эле. Ошол жердегилердин көңүлдөрү жабыркап, ичтери эзилди. Хазрети Үммү Салама: «Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Эмнеге ыйлап жатасыз?» - деп сураганда: «Үммөтүмө мээримдүүлүк кылынуусу үчүн ыйлаймын», - деди.

Күн төбөгө көтөрүлгөн эле. Убакыт жакындаган болчу... Пайгамбарыбыз мубарек башы Хазрети Айшанын көкүрөгүн жазданып турган эле. Пайгамбарыбыз акыркы убакыттарын баштан өткөрүп: «Колуңардагы кулдарды жакшы карагыла. Алардын үстүнө кийим кийгизгиле, карындарын тойгузгула. Алар менен жылуу сүйлөшкүлө. Намазды, намазды уланткыла. Аялдарыңар менен кулдарыңар тууралуу Аллахтан корккула. Эй, Аллахым! Мени кечир! Мага ырайым кыл!... Мени Рафик-ул-аъла тобуна жеткиз» деген сөздөрдү айтты. Хазрети Фатима көз жаныш төгүп, сыздап ыйлады. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) аны жанына отургузуп: «Кызым, бираз сабыр кыл, ыйлаба. Анткени, Хамала-и Арш (периштелер) сенин ыйлаганыңа ыйлап жатышат», - деди. Хазрети Фатима көзүнүн жашын сүрттү. Пайгамбарыбыз аны жубатып, Аллаху тааладан сабыр тилеп, кызына: «Кызым, менин рухум алынат. «Инна лиллахи инна илайхи ражиун» дээрсиң. Эй, Фатима! Келген кыйынчылыкка милдеттүү түрдө кайтарым берилет», - деди. Бираз убакыт көзүн жумуп, кийин: «Мындан кийин атаңа кайгы менен убайым жок. Анткени, ал фани ааламдан, мына бул кыйынчылыктар мекенинен кутулайын деп жатат», - деди. Кийин Хазрети Алиге: «Йа, Али! Мойнумда баланча яхудинин баланча мүлкү бар. Аскер даярдоо үчүн алгамын. Аны төлөөү унутпа. Арийне, карызыман куткарасың жана Кавсар хавузунун башында мени менен кезиге тургандардын биринчиси болосуң. Менден кийин сага көп зыян келет, сабыр кылаарсың, адамдар дүнүйөнү каалашкан кезде сен акыретти тандаарсың», - деди.

Усама (радыйаллаху анх) дагы да келди. Расулуллах: «Аллаху таала жардам кылсын. Кана, согушка аттангыла», - деди. Ал чыгып, аскерлерине барып, дароо сапарга козголууну буйрук берди.

Пайгамбарыбыз эми соңку демдерин алып жаткан эле. Аллаху таала Азраил алейхиссаламга: «Сүйүктүүмө эң жакшы кейипте бар. Эгер уруксат берсе рухун эң жумшак жана жеңил түрдө ал. Уруксат бербесе артка кайт», - деп вахий берди. Азраил алейхиссалам эң жакшы түрдө, өтө сулуу адамдын кебетесине кирип, Пайгамбарыбыздын үйүнүн эшигинин алдына барып: «Ассаламу алейкум эй, нубувват үйүнүн ээси! Ичке кирүүгө уруксат бересизби? Аллаху таала сизге ырайым кылсын», - деди. Хазрети Айша Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам)

жанында отурган Хазрети Фатимага: «Бул келген адамга сен жооп бер», - деди. Ал эшикке барып, кайгылуу добуш менен: «Эй, Аллаху тааланын кулу! Расулуллахтын азыр жагдайы жок», - деди. Азраил алейхиссалам дагы да уруксат сурады. Дагы ошентип жооп берилди. Үчүнчү жолу саламын кайталап, милдеттүү түрдө кирүүсү керек экендигин бийик үн менен айткан кезде Пайгамбарыбыз муну угуп: «Йа, Фатима! Эшиктин алдындагы ким?» - деп сурады. Хазрети Фатима: «Йа, Расулаллах. Бирөө ичке кирүүгө уруксат сурап жатат. Бир нече жолу жооп бердим. Бирок, үчүнчү жолу сүйлөгөнүндө денем үрпөрдү», - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: «Эй, Фатима! Ал ким билесиңби? Ал – лаззаттарды буза турчу, коомдорду талаан кылган, аялдарды жесир, балдарды жетим калтыра турган, үйлөрдү каңгыратып, кабырларды салган өлүм периштеси – Азраил. Эй, Азраил, кир», - деди. Ошол кезде Хазрети Фатима адам айтып жеткире алгыс түрдө кайгыга чөмүлүп: «Ах, Мадина, курудуң», - деди. Пайгамбарыбыз Хазрети Фатиманын колун кармап, көөдөнүнө коюп, көзүн жумду. Ошол жердегилер анын руху алынды деп ойлошту. Хазрети Фатима чыдай албай атасынын кулагына ийилип, жабарkaңкы үн менен: «Атаке! Атаке!» - деди. Эч кандай жооп болбогондон кийин эми: «Жаным сизге курман болсун, йа Расулаллах! Көзүңүздү бир жолу ачып, бир нерсе айтыңызчы», - деди. Пайгамбарыбыз көзүн ачып, кызынын көз жашын сүртүп, анын кулагына кайтыш боло тургандыгын айтты. Андан кийин Хазрети Фатима ыйлай баштады. Бул жолу кулагына: «Ахли байтимен биринчи болуп менин жаныма келе турчу - сенсиң», - деди. Ал сүйүнчү кабарга кубанып, жибиди.

Хазрети Фатима: «Эй, атаке! Бүгүн коштошуу күнү. Эми сизге качан жетемин?» - деп сурады. Расулуллах: «Кызым! Мени кыямат күнү хавуздун жанынан табасың. Үммөтүмүн ичинен хавузга келгендерге суу беремин», - деди. Хазрети Фатима: «Эгер сизди ал жерден таба албасам эмне кылам?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Мизандын жанынан табасың. Ал жерде мен үммөтүмө шапаат кыламын», - деди.

Хазрети Фатима: «Ал жерден да таба албасам?» - дегенинде Расулуллах: «Сыраттын жанынан табасың. Мен ал жерде Раббиме «Йа, Раббим! Менин үммөтүмдү оттон сакта» деп жалбарамын», - деди.

Ошондон кийин Хазрети Али кайгылуу добуш менен: «Йа, Расулаллах! Сиз рухуңузду тапшыргандан кийн сизди ким

жуунтат, эмне менен кепиндейбиз? Жаназа намазыңызды ким окутат, кабырга ким коёт» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Эй, Али! Мени сен жуу, Фадл бин Аббас суу куюп турсун. Жабраил силердин үчүнчүңөр болот. Жуунтуп болгондон кийин кепенимди жасагыла. Жабраил Жаннаттан хош жыт алып келет. Кийин мени мечитке алып баргыла да өзүңөр мечиттен чыккыла. Анткени, алгач Жабраил, кийин Микаил, кийин Исрафил, кийин башка периштелер да топ-топ болуп келип намазымды окушат. Ошондон кийин силер киргиле, сап-сап болуп тургула. Эч ким менин алдыма чыкпасын», - деди.

Кийин күтүп турган Азраил алейхиссаламдан: «Йа, Азраил! Конок иретинде келдиңби же рухумду алууга келдиңби?» - деп сураганда Азраил алейхиссалам: «Конок катары да, ары тапшырма менен да келдим. Аллаху таала мага сизге уруксат менен келүүнү буюрду. Рухуңузду сиздин уруксатыңыз менен гана аламын. Йа, Расулаллах! Уруксат кылсаңыз буйругуңузду орундап, рухуңузду аламын. Бобосо артка кайтып, Раббиме барамын», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Йа, Азраил! Жабраилди кайда калтырдың?» - деди. «Жабраилди дүнүйө асманында калтырдым. Периштелер ага сиз үчүн көңүл айтышууда», - деди. Ушинтип сүйлөшүп турганда Жабраил алейхиссалам жетип келди. Пайгамбарыбыз: «Эй, тууганым Жабраил! Эми дүнүйөдөн кете турчу убакыт келди. Аллаху тааланын алдында мен үчүн эмне даярдалган? Мага ошону сүйүнчүлөп айт, көңүлүм жай алып, кубаныч менен аманатты ээсине тапшырайын», - деди. Жабраил алейхиссалам: «Эй, Аллаху тааланын сүйүктүүсү! Мен көктүн эшигин ачып кеттим. Периштелер сапка тизилип сиздин рухуңузду сүйүү менен күтүүдө», - деди. Пайгамбарыбыз: «Алхамдулиллах. Мактоо Аллаху таалага таандык. Сен мага сүйүнчү бер! Раббимдин алдында мен үчүн эмне бар?» - деди. Жабраил алейхиссалам: «Йа, Расулаллах! Сиз бара турган болгондуктан Бейиш эшиктери ачылган, Бейиштин өзөндөрү аккан, Бейиштин бактары ийилген, хури кыздары коооздонгон», - деди.

Пайгамбарыбыз дагы да: «Мактоо Аллаху таалага таандык. Сен мага башка сүйүнчү бер, йа, Жабраил», - деди. Жабраил алейхиссалам: «Йа, Расулаллах! Сиз кыямат күнү алгачкы болуп шапаат кыла турган жана алгачкы болуп шапааты кабыл боло турган адамсыз», - деди. Пайгамбарыбыз дагы да: «Алхамдулиллах.

Мактоо Аллаху таалага таандык. Йа, Жабраил! Мага башка сүйүнчү айт!» - дегенде Жабраил алейхиссалам: «Йа, Расулаллах! Сиз эмнени сурап турасыз?» - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: «Менин бардык убайымым менен кайгым – менин артымда калган үммөтүм», - деди. Хазрети Жабраил: «Эй, Аллаху тааланын Хабиби! Аллаху таала кыямат күнү Сиз ыраазы болгонго чейин үммөтүңүздү кечирет. Бардык пайгамбарлардан мурда Сизди, бардык үммөттөрдөн мурда Сиздин үммөтүңүздү Бейишке жиберет», - деди. Пайгамбарыбыз Жабраил алейхиссаламга: «Аллаху тааланын алдында үч муратым бар: Биринчиси – үммөтүмдүн күнөөкөрлөрүнө мени шапаатчы кылуу, экинчиси – дүнүйөдө кылган күнөөлөрүнө байланыштуу аларды азаптабоо, үчүнчүсү – Бейшемби жана Дүйшөмбү күндөрү үммөтүмдүн амалдарынын мага билдирилүүсү.» («Эгер амалдары жакшы болсо аларга дуба кыламын, Аллаху таала кабыл кылат. Жаман болсо шапаат кылып, амал дептерлеринен өчүрүлүүсүн сураймын», - деди.) Жабраил алейхиссалам Аллаху тааладан ушул үч тилегинин тең кабыл болгондугу тууралуу кабар жеткирди. Ушундан кийин Пайгамбарыбыздын көңүлү жай алды.

Аллаху таала: «Эй, Хабибим! Үммөтүңө ушунчалык сүйүү көрсөтүп, шапаат кылууну жүрөгүңө ким салды?» - деп вахий кылды. Пайгамбарыбыз: «Мени жаратып, тарбиялаган Раббим таала», - деп жооп берди. Хак таала: «Сенин үммөтүңө менин ырайымым, мээримим сеникинен миң эсе артык. Аларды мага тапшыр», - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: «Эми көңүлүм жай алды. Эй, Азраил! Сага буюрулган милдетиңди орунда», - деди.

Азраил алейхиссалам милдетти орундоо үчүн Пайгамбарыбызга жакындады. Пайгамбарыбыздын жанындагы суу идишке эки колун батырып, суу колу менен бетин сүртүп, «Ла илаха иллаллах! Эй, Аллахым, Рафик-и Ала...», - деди. Азраил алейхиссалам Пайгамбарыбыздын рухун ала баштады. Пайгамбарыбыздын жүзү бир кызарып, бир саргайды. Азраил алейхиссаламга**: «Үммөтүмдүн жанын да ушундай кыйнап, кыйынчылык менен аласыңбы?» -** дегенде ал: «Йа, Расулаллах! Эч кимдин жанын мындай оңой алган эмесмин», - деди. Акыркы маалында да үммөтүн эсинен чыгарбаган Расулуллах: «Эй, Азраил! Үммөтүмө кыла турчу катаалдыгыңды мага кыл! Анткени, алар алсыз, чыдай албайт...», - деди. Кийин: «Лаа илаха иллаллах! Рафик-и Ала!», - деди. Анын мубарек руху алынып, ала-и иллиинге жеткизилди.

*(Ассалату вассаламу*
алейка йа Расулаллах!
Ассалату вассаламу
алейка йа Хабибаллах!
Ассалату вассаламу
алейка йа Сейийдел
аввали-на вал-ахирин!
Шафаат йа Расулаллах!
Дахыйлек йа Расулаллах!)

Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбызга: «Ассаламу алейкум эй Аллаху тааланын Расулу! Менин максатым, талабым сиз элеңиз. Эми жер бетине келбейми», - деп коштошту.

Пайгамбарыбыздын мубарек руху жогору ааламга кеткенде Хазрети Фатима энебиз менен Пайгамбарыбыздын аялдары (радыйаллаху анхунна) үндөрүн чыгарып ыйлай башташты.

Бул учурда кайыптан бир үн келип:

«Ассаламу алейкум йа Ахли байт! Ва рахматуллахи ва баракатуху» деп салам берди да: «Билгиле, бардык жандуу нерсе өлөт. Жана кыямат күнү силерге акыңар толугу менен берилет» деген маанидеги «Али Имран» сүрөсүнүн 185-чи аятын окуду. Кийин аларга: «Аллаху тааланын жакшылыктарына, сыйларына ишенгиле. Ошондон үмүт күткүлө. Катуу үн чыгарбагыла. Негизги кыйындыкка учураган адам – сооптон куру калган адам», - деп жубатуу айтты.

Бул сөздөрдү ошол жердегилердин бардыгы угуп, саламга жооп кайтарышты. Буларды айткан Хызыр алейхиссалам эле.

Пайгамбарыбыздан өлүм белгилери байкалгандан кийин Үммү Айман (радыйаллаху анха) баласы Усамага кабар жиберди. Усама Хазрети Омар жана Абу Убайда (радыйаллаху анхум) бул кабарды алгандан кийин аскерден чыгып, Набави мечитине келди. Хазрети Айша менен башка аялдардын ыйлап отургандарын көрүп, сахабалар абдырап, эмне болгонун түшүнбөй калышты. Хазрети Али өлүү адам сыяктуу селейип туруп калды. Хазрети Османдын тили тутулду. Хазрети Абу Бакр ал убакта үйүндө эле. Жүгүрүп келди. Дароо ичке кирди. Пайгамбарыбыздын бетин ачты. Кайтыш болгонун көрдү. Анын денеси, жүзү, бардык жери нурдай жаркырап жаткан эле. «Өлүмүңүз да өмүрүңүз сыяктуу кандай көркөм йа Расулаллах», - деп өптү. Көпкө ыйлады. Мубарек

жүзүн жапты. Үйдөгүлөргө көңүл айтты. Мечит шарифке кирди. Минбарга чышып, сахабаларга хутба окуду. Аллаху таалага мактоо айтып, Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) салават айткандан кийин: «Ким Мухаммед алейхиссаламга ыйман келтирген болсо билсин, Мухаммед алейхиссалам кайтыш болду. Ким Аллаху таалага табына турган болсо Ал ар качан хайй (тирүү) жана баки (түбөлүк, өлбөйт)», - деди да «Мухаммед алейхиссалам – расул. Андан мурда да расулдар келген. Ал да кайтыш болот. Ал кайтыш болсо же өлтүрүлсө дининиңерден чыгасыңарбы? Эгер дининен чыга турган адам бар болсо Ал Аллаху таалага зыян келтирбейт. Өзүнө зыян келтирет. Дининен чыкпагандарга Аллаху таала сооպторду берет», - деген маанидеги «Али Имран» сүрөсүнүн 144-чү аятын окуду. Сахабаларга насыят айтып, сахабаларды тынчтандырды. Ушундайча бардыгы Расулуллахтын кайтыш болгондугуна көздөрү жетти. Сахабалардын жүрөгүнө кайгы менен касырет канжардай кадалды. Бардыгы тең көз жаштарын шорголотуп, сыздап ыйлашты.

Сахабалар эң алды менен бардык иштерди башкаруу үчүн Хазрети Абу Бакрды халифа кылып шайлашты. Ага ант берип, багынып, анын буйругу менен кыймылдай башташты.

Расулуллах хижраттын он биринчи жылы (м.632) Рабиул-аввал айынын 12-синде дүйшөмбү күнү шашке маал акыретке көчтү. Ал кезде камари жыл саноосу боюнча 63, шамси жыл саноосу боюнча 61 жашта болчу.

Пайгамбарыбызды Хазрети Али, Хазрети Аббас, Хазрети Фадл бин Аббас, Хазрети Кусам бин Аббас, Хазрети Усама бин Зейд, Хазрети Салих жуунтушту. Жуунткан кезде денесинен керемет жыпар жыт чыгып турду. Андан кийин кепинделди. Бир төшөккө жаткырылып, мечитке алып барылды. Пайгамбарыбыз өзү айтканындай бардык адамдар мечиттен сыртка чыгышты. Периштелер бөлөк-бөлөк келишип, жаназа намазын окушту. Периштелер бүткөндөн кийин белгисиз бир үн: «Киргиле, Пайгамбарыңардын жаназасын окугула», - деди. Сахабалар топ-топ болуп ичке кирип, Расулуллахтын жаназасын имамсыз окушту. Адамдын көптүгүнөн жаназа намаздары шаршемби күнү кеч карайганда араң бүттү.

Сахабалар Пайгамбарыбыздын кабарынын казылуу маселесинде Хазрети Абу Бакр эскерткен мына бул хадиси

шарифти негизге алышты: «Пайгамбарлар рухтарын тапшырган жерге коюлушат». Абу Талха Ансаринин (радыйаллаху анх) мазар түрүндө казган кабырына шаршемби күнү түндүн ортосунда коюлду. Хазрети Аббастын баласы Кусам (радыйаллаху анх) кабырдагы кызматты бүтүрүп, эң акырынан чыккан эле. Ал мындай деди: «Расулуллахтын жүзүн эң акыркы болуп көргөн адам – менмин. Анын эриндери кыймылдап жаткан эле. Ага ийилип кулак тостум. Ал: «Йа, Раббим! Үммөтүм!... Йа Раббим! Үммөтүм!...» - деп жалбарып жаткан эле.»

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз акыретке көчкөн күнү Абдуллах бин Зейд хазреттери «Йа, Раббим! Мага мына бул эки көзүм бир гана Сенин Хабибиңдин нурдуу жүзүн кароо үчүн керек болчу. Эми ал арабыздан кетти. Бизге көрүнбөй турган болгондон кийин эми көздөрдүн мага кажети жок. Йа, Раббим! Көзүмдү ала көр», - деп дуба кылды. Көздөрү көрбөй калды.

## Динден чыгуу аракеттери

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин динден чыгуу аракетери башталды. Бул аракетер кэңири жайыла баштады. Алар менен күрөшүүгө Хазрети Абу Бакр чоң аракет кылды. Эгер ошондой кайраттуу адам болбогондо бул балээ бүкүл Арабстанга жайылмак эле. Ошондуктан да Хазрети Айша: **“Расулуллахтын руху алынгандан кийин арабтар динден чыкты. Нифак өрчүдү. Атамдын мойнуна түшкөн жүк тоолорго түшкөндө аларды майдалатып жибере тургандыгы акыйкат эле”, -** деген.

Хазрети Абу Хурайда да: “Эгер Абу Бакр болбогондо Мухаммед алейхиссалам кайтыш болгондон кийин Анын үммөтү куруйт эле”, - деген. Ал дагы: “Өзүнөн башка илах болбогон Аллахка сөз беремин, Абу Бакр халифалыкты өз мойнуна албаганда Аллахка ибадат кылган адам калмак эмес эле”, - деп, ушу сөзүн үч жолу кайталаган эле.

Абу Ражаул Утариди айтат: “Мадинага кирген кезде адамдардын жыйналганын жана бир адамдын: “Мен сага курман болоюн. Валлахи, сен болбогондо биз куруйт элек”, - деп экинчи бир адамдын башын өпкөнүн көрдүм.

“Бул экөө ким?” – деп сурадым. “Муртаддар менен согушканы үчүн Абу Бакрдын башын Омар өөп жатат”, - дешти”.

Хазрети Айша мындай деди: “Атам араптар дининен чыгып жатканда кылычын чыгарып, төөсүнө минген кезде Хазрети Али төөнүн  ноктосун кармап: “Сизге Расулуллахтын Ухуд согушунда айткан сөздөрүн айтайын: Кылычыңызды кынына салыңыз, өзүңүздү кооптуу ишке таштап, бизди кыйын жагдайда калтырбаңыз. Валлахи, сиздин башыңызга бир балээ келе турган болсо, сизден кийин Ислам түзөлбөйт” - деди ”. (Эгер Хазрети Али Хазрети Абу Бакрдын халифа болгонуна каршы болгондо анын согушууга барып өлүүсүн кааламак. Ушинтип, халифалык үчүн өзүнө жол ачылар эле.)

Дагы да Хазрети Айша мындай деди: “Расуллулах кайтыш болгондон кийин арап тайпаларынын көбү дининен чыкты, муртад болду. Араптар арасында яхудилик, христиандык жана мунафыктык өрчүй баштады.

Мусульмандар кыш түнүндө жамгыр астында калган койлорго окшоп, чачыла баштады. Жада калса, ошол кездерде меккеликтердин көбү Исламдан чыгууга дайындалышты. Хазрети Сухайл бин Амр Каабанын эшигинин алдына туруп меккеликтерге таасирдүү сөздөрдү айтып, дининен чыгууларынын алдын алды.

Ислам тарыхында динди жокко чыгару, динден чыгуу маанисине келген “иртижа”, артка кайтуучу деген маанини берген “муртежи” сөздөрү ушул окуядан кийин колдонула баштады.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин мунафыктардын, яхудилердин жана христиандардын тукуруулары, азгыруулары менен адамдар топ-топ болуп диндеринен чыга башташты.

Хазрети Сухейл бин Амр Каабанын эшигинин алдына туруп, меккеликтерге мындай деди:

“Эй, меккеликтер! Силер мусулман болгондордун акыркылары болдуңар. Эми динден чыккандардын, Исламдан чыккандардын биринчилеринен болуп жүрбөгүлө! Валлахи, Расулуллахтын айтканындай Аллах бул Ислам ниматын баары бир толуктайт. Мен Анын ушул мен турган жерде туруп **“Мени менен бирге “Ла илаха иллаллах” дегиле, силерге карап араптар динге кирип, арап эместер силерге жизийа төлөсүн. Валлахи, Кисранын жана Кайсердин казыналары Аллах жолунда жумшалат”,** - дегенин уккамын. Ошол кезде Пайгамбарыбызды мазак кылгандардын кийин мусулман болуп, зекет менен садака жыйноочу болгондорун көрдүңөр. Валлахи, калгандары да ушунтип жолго келишти.

Валлахи, мен мына бул нерсени жакшы билемин: Үстүбүздөгү күн чыгып- батканча бул диндин өкүмдөрү ааламда үстөмдүгүн эч жоготпойт. Араңардагы тиги адамдар силерди алдабасын. Мен билген ушул акыйкатты ал адамдар да билишет. Бирок, алардын Хашим уулдарына деген кызганычы жүрөктөрүн акыйкат кирбегендей кылып, мөөрлөп таштаган.

Эй, адамдар! Мен Курайш тайпасынын кургакта жана деңизде унаасы эң көп адаммын. Силер ыйманыңарды сактап, амирлериңерге (башчыларыңарга) багынгыла жана ага зекеттериңңерди төлөгүлө.

Эгер бул Ислам дини мен айткандай аягына чейин уланбаса мен силердин зекеттериңерди кайтарып берүүгө кепилмин", - деп, ыйлады.

Ушундай кийин калк басылды.

Хазрети Сухейл бин Амр таасирлүү сөздөр менен меккеликтерди growth динииен чыгуудан баш тарттыргандан кийин Мекке бийлөөчүсү Аттаб бин Асид ортого чыкты.

Хазрети Сухейл бин Амр Бадр согушуна мушриктер менен бирге катышып, туткунга түшкөндө Пайгамбарыбыздын Хазрети Омарга ошол тууралуу: **"Бир күнү сен сын айта албаган бир жерге чыгып туруп, калкка сөз айтуусу да үмүт кылынат бул кишиден**", - дегени анын ушул сөзү экенине белги берди.

Хазрети Омар да Сухейлдин (радыйаллаху анх) сөзүн уккан кезде Пайгамбарымыздын ал тууралуу айтканын эсине түшүрүп, ичинде Расулуллахка: **"Мен күбөлүк кыламын, сиз нагыз хак пайгамбар элеңиз", -** деген.

# КАБЫР ӨМҮРҮ
## Кабырда тирүү болуусу

Пайгамбарлар биз билбеген бир өмүр менен кабырларында тирүү болушат. Олуялар менен шейиттер да тирүү болушат. Тирүү болуулары бир гана сөз жүзүндө эмес, чыныгы түрдө иш жүзүндө. “Али Имран ” сүрөсүнүн 169-чу аятында: **“Аллаху тааланын жолунда өлтүрүлгөндөрдү өлдү деп санабагыла. Алар Раббилеринин жанында тирүү. Ырыскыландырылууда”, -** делинген.

Бул аяти карима шейиттердин тирүү экендигин көрсөтүүдө. Пайгамбарлар шейиттерден да илгери жана жогору турат. Ислам аалымдарынын айтуулары боюнча ар бир пайгамбар шейит болуп өлүшөт. Расулуллах алейхиссалам акыркы ооруганында: “Хайберде жеген тамагымдын усун тамырларымда сезип турамын”, - деген. Бул хадиси шариф Расулуллахтын шейит болгонун билдирет.

Ошондуктан, Пайгамбарыбыздын бардык шейиттер сыяктуу кабырында тирүү экендиги ушул жерден да түшүнүлөт. **“Бухари”** жана **“Муслимде”** билдирилген хадиси шарифте: **“Мираж түнүндө Мусанын** (алейхиссалам) кабырынын жанынан өткөзүлдүм. Мазарында намаз окуп турган эле”, - делинген.

Дагы бир хадиси шарифте: “Аллаху таала топуракка пайгамбарларды чиритүүнү харам кылган”, - делинген. Мунун дурус экенин аалымдар бир ооздон билдиришкен. **“Бухари”** менен **“Муслимде”: “Аллаху таала Мираж түнүндө бардык пайгамбарларды Пайгамбарымыздын жанына жиберди. Расулуллах аларга имам болуп эки рекет намаз окутту”, -** деп жазылган.

Намаз руку менен сажда кылуу аркылуу жүзөгө ашырылат. Бал кабар алардын тирүү болуп, денен менен намаз окугандыгын көрсөтөт. Муса алейхиссаламдын кабырында намаз окуусу да ушуну көрсөтөт. «Мишкат» китебинин соңку томунда Мираж бөлүмүнүн биринчи тарабынын соңунда Муслимден алып Абу Хурайранын (радыйаллаху анх) көрсөткөн бир хадиси шарифинде: «Аллаху таала мага көрсөттү. Муса (алейхиссалам) тердеп туруп намаз окуп турду. Арык болчу. Чачтары жайылбаган эле. **Шенъе тайпасынын жигиттерине окшогон эле. Иса (алейхиссалам) Урва бин Масуд Сакафиге окшочу», - делинген.**

**Шенъе – Йемендеги эки тайпанын аты. Бул хадиси шарифтер Пайгамбарлардын Раббилеринин жанында тирүү экендиктерин көрсөтөт. Алардын денелери рухтары сыяктуу назик болгон. Бүтүмдөрү катуу болбогондуктан материя жана рух ааламында көрүнө алышат.**

**Ошондуктан, Пайгамбарлар рухтары жана денелери менен көрүнүшөт. Хадиси шрифте: Муса менен Иса алейхиссаламдын намаз окугандыктары билдирилген. Намаз коуу дегенибиз – ар түрдүү аракеттерди жасоо деген сөз. Бул аракеттер дене менен жасалат. Рух менен жасалбайт. Муса алейхиссаламды: «Орто бойлуу, арык, чачтарын жыйнаңкы түрдө көрдүм», -** деп айтуусу рухун эмес денесин көргөнүн көрсөтөт.

**Имам Байхаки мындай дейт: «Пайгамбарлар кабырга коюлгандан кийин руху денесине кайтарылат. Биз аларды көрө албайбыз. Алар периштелер сыяктуу көрүнбөй турчу абалга кирет. Бир гана Аллаху тааланын керемет иретинде буюрткан, тандалган адамдары гана көрө алышат». Имам Суйути дагы ушундай деген.**

**Көптөгөн адамдар (Расулуллахтын кабырына) салам бергенде кабырдан жооп кайтарылгандыгын угушкан. Бишка кабырлардан да саламдарга жооп берилгендиги угулган.**

**Хадиси шарифте да: «Мага салам берилгенде Аллаху таала рухумду айтка кайтарат, ага жооп беремин», -** делинген.

**Имам Суйути мындай дейт: «Расулуллах Аллахтын дидарын көрүү сезимине берилгендиктен денесиндеги сезимдерди унуткан. Бир мусулман салам бергенде руху бул абалдан чыгып, денелик сезимдери ээ болот. Дүнүйөдө ушундайлар да аз эмес. Бир дүнүйөлүк же акыреттик иш тууралуу катуу ойлонгондо адам жанындагыны сөзүн укпай калат. Аллахтын дидарына берилген адам башкалардын добуштарын уга алабы?»**

**Казы Ияд (Аяз) хазреттери «Шифа» китебинде Сулейман бин Сухаймдан алган риваятында: «Бир түнү түшүмдө Пайгамбарыбызды көрдүм. «Йа, Расулаллах! Сизге келип салам бергендердин саламын билесизби?» - деп сурадым. «Ооба, билемин жана алардын саламдарына жооп беремин», -** деди», - делинген.

**Пайгамбарлардын кабырларында тирүү экендиктерир билдирген хадиси шарифтер өтө көп, алар бири-бирин**

**кубаттайт. Мисалы: «Кабырымдын жанында мен үчүн окулган салаватты угамын. Алыс жерде окулгандар мага билдирилет», -** делинген. Бул хадиси шарифти Абу Бакр бин Абу Шайба билдирген. Жана ушул сыяктуу хадиси шарифтер алты улуу хадис имамынын китептеринде кездешет.

**Хазрети Абдуллах бин Аббастан Ибни Абуд-дуниянын жеткирген хадиси шарифинде: «Кимде ким таанышынын кабырына токтоп салам берсе кабырдагы мейит аны таанып, жооп берет. Тааныбаган мейитке салам берсе мейит кубанат жана салам берет», -** делинген.

**Ааламдын бардык элдеринде бир убакта салават айтып, салам берген адамдардын бардыгына Расулуллах кандай жеке-жеке жооп берет деген суроого түшкү малда үндүн бир заматта миңдеген калаага шоола чачканы сыяктуу деп жооп берилген.**

**Ибрахим бин Бишар хазреттери: «Ажылыктан кийин Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылууга Мадинага бардым. Кабырдын алдында салам бердим. Ваалейкесселам деген жооп уктум», - деген.**

**Расулуллах: «Мен кайтыш болгондон кийин да дал тирүү кезимдегидей бардык нерселерди билип-түшүнүп турамын», -** деген. Дагы бир хадиси шарифте: **«Пайгамбарлар кабырларында тирүү болуп, намаз окушат», -** делинген.

**Улуу олуя Сеййид Ахмед Рифаинин жана бир нече олуялардын Расулуллахка берген саламдарына жооп алгандыктарын жана Ахмед Рифаинин Расулуллахтын колун сүйүү абыроюна да жеткени тууралуу көптөгөн сахих китептерде жазылган.**

**Имам Суйути өзүнүн китебинде: «Бийик даражадагы олуялар Пайгамбарларды дал алар өлбөгөндөй өмүрдөгү адам сыяктуу көрүшөт. Пайгамбарыбыздын Муса алейхиссаламды мазарында тирүү көрүүсү мужиза эле. Олуялардын да ушундай көрүүлөрү керемет болуп саналат. Кереметке ишенбөө жахилдиктен келип чыгат», - деген.**

**Ибн Хиббан, Ибн Мажа жана Абу Давуд билдирген хадиси шарифте: «Жума күндөрү мага көп салават окугула. Алар мага билдирилет», -** делинген.

**«Өлгөндөргө да билдирилеби?» - деп сурагандарга жооп катары:**

**«Топурак Пайгамбарлардын денесин чиритпейт. Бир момун мага салават окуган кезде бир периште мага үммөтүңөн баланчанын баласы баланча сага салам айтты жана дуба кылды деп кабарлайт», - делинген.**

**Пайгамбарыбыз алейхиссалам тирүү кезинде Аллаху тааланын сахабаларга жиберген ниматы, ырайымдуулугу болсо кайтыш болгондон кийин да үммөтү үчүн чоң нимат болуп кала берет. Канчалаган жакшылыктардын жаратылып үммөтүнө берилүүсүнө себепчи болот.**

**Бакир бин Абдуллах Музенинин жеткирген хадиси шарифинде Расулуллах: «Менин тирүү болуп мына бул өмүрдө араңарда жүрүүм силер үчүн кайырлуу. Анткени, силер ичтеги ойлоруңарды мага айтасыңар. Мен да силерге айтамын. Кайтыш болгондон кийин өлүмүм да силер үчүн дал ушундай кайырлуу болот. Себеби, мен кеткенден кийин кылган амалыңар мага көрсөтүлөт. Жакшы иштериңерди көргөнүмдө Аллаху таалага шүгүрчүлүк кыламын. Жаман иштериңерди көргөнүмдө силер үчүн кечирим тилеймин», - деген.**

**Кусам бин Аббас хазреттери Расулуллахты жерге берүү иштерине катышкан эле. Кабырдагы иш бүткөндөн кийин эң акырында ал чыкты. Ал: «Расулуллахтын жүзүн эң акыркы болуп көргөн адам – менмин. Кабырында мубарек эриндери кыймылдап жатты. Ага эңкейип кулак салдым. «Йа, Раббим! Үммөтүм!.. Йа, Раббим! Үммөтүм!..» деп жаткан эле», - деди.**

## Пайгамбарыбызды көрүү

Уктап жатканда же ойгоо кезде Расулуллах алейхиссалам көрүнүшү мүмкүнбү? Көрүнө турган болсо көрүнчү өзүбү же ага окшогон башка адамбы? Аалымдарыбыз буга ар түрдүү жооп беришкен.

Алар Расулуллахтын кабырда тирүү экендигин бир ооздон айтышкандан кийин анын көрүнө тургандыгын да айтышкан. Ушундай экендиги хадиси шарифтерден да түшүнүлөт. Бир хадиси шарифте: «Мени түшүндө көргөн адам ойгоо кезинде көргөндөй болот», - делинген. Ошондуктан, Имам Навави: «Аны түштө көрүү – Анын өзүн көрүү», - деди. Хадиси шарифте: «Мени түшүндө көргөн адам дурус көргөн. Анткени, шайтан менин кейипиме кире албайт», - делинген.

Ибрахим Лакани мындай дейт: «Хадис аалымдары Расулуллахтын түштөгү сыяктуу ойгоо кезде да көрүнө тургандыгын бир ооздон билдиришкен. Эки жагдайга тең бир нече мисал келтирүүгө болот:

Муинуддин Чешти хазреттери барган элдеринде кабырларды зыярат кылып, ошол жерлерде бираз болчу. Барган жеринде таанымал болуп, атагы таралгандан кийин эч кимге билдирбестен жашыруун түрдө ал жерден кетип калчу. Ушундай саякаттарынын бири Мекке сапары эле. Меккеге барып, Каабаны зыярат кылды. Бираз убакыт Меккеде болуп, ал жерден Мадинаи Мунавварага барды. Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылган күнү анын күмбөзүнөн «Муинуддинди чакыргыла» деген үн угулду.

Бул үндү уккан чыракчы «Муинуддин» деп кыйкырды. Бир нече жерден «Лаббай, мырзам» деген үн ушулду. Кийин зыяратчылар: «Кайсы Муинуддинди сурап турасыз, бул жерде Муинуддин атуу көп адам бар», - дешти.

Ушундан кийин чыракчы кайра кайтып, Равда-и мутаххаранын эшигинин алдына барып турду. Эки жолу «Муинуддин Чештини чакыр!» деген үндү укту. Чыракчы жамаатты карап: «Муинуддин Чештини сурап жатат», - деп кыйкырды.

Муинуддин Чешти хазреттери бул сөздөрдү угуп, башкача абалга түштү. Ыйлап, көз жашын төгүп, салават окуп, Пайгамбарыбыздын кабырына жакындап, адеп менен турду. Ушул кезде: «Эй, Кутб-ул-машаих! Ичке кир!» - деген добушту укту.

Пайгамбарыбыз: «Сен менин диниме кызмат кылуучусуң. Сенин Индустанга барууң керек. Индустанга бар. Ошол жерде Ажмир деген калаа бар. Ошол жерде менин неберем (урпагыман) Сейийд Хусейн деген адам бар. Ал жерге жихад ниети менен кеткен болчу. Ал азыр шейит болду. Ажмир капырлардын колуна өтөйүн деп турат. Сенин ал жерге баруундун берекеси менен ал аймакка Ислам тарайт жана капырлар куруп, күчсүз жана таасирсиз калат», - деди. Кийин Муинуддин хазреттерине бир анар берип: «Мына бул анарды дыкатту карап, кайда бара тургандыгыңды көрүп ал», - деди.

Муинуддин Чешти Пайгамбарыбыздын берген анарын алып карады, чыгыш менен батыштын арасын толук көрдү.

Ахмед Рифаи хазреттери ажылыкка барган эле. Кайтаарында Мадинаи Мунавварада Пайгамбарыбыздын мубарек кабырына барып, мына мындай ыр саптарын айтты:

«Алыс элек, топурагыңызды
Өбүш үчүн эй Мырзам.
Келе албай, өз ордума
Рухумду жиберчү элем.
Эми зыярат кылуу
Ниматы болду насип.
Колуңузду берсеңиз,
Бир өбөйүн, эй Хабиб!»

Ырды айтып болгонунда Пайгамбарыбыздын кабырынан мубарек колдору көрүндү. Сеййид Ахмед Рифаи ийилип, урмат менен Пайгамбарыбыздын колун өптү. Ошол жердегилердин бардыгы тең бул окуяга таңдануу менен күбө болушту.

Пайгамбарыбыздын мубарек колдорун өпкөндөн кийин Равдаи мутаххаранын эшигинин босогосуна жатты. Ыйлап, ошол жердеги жамаатка «Мени басып өткүлө» деп жалынды. Аалымдар башка эшиктерден чыгууга мажбур болушту. Ушул керемет ооздон оозго өтүп, бизге чейин келип жеткен.

Ибн Абидин хазреттеринин динге баш ийүүсүнүн таң ажайып абалдары, кереметтери менен аңыздары өтө көп. Бул аалым беш убак намазда Аттахыййатты окуган кезинде Расулуллахты өз көзү менен көрчү. Көрбөсө «намазым туура болбоду» деп ошол намзды кайрадан окучу.

Ислам аалымдарынан экинчи миң жылдыктын мужаддиди Имам Раббани Ахмед Фаруки Серхенди мындай дейт: «Рамазандын акыркы он күнүнүн биринде төшөгүмдө жаткан элем. Көзүмдү жумуп жаттым. Төшөгүмө бирөөнүн келип отурганын сездим. Көзүмдү ачканда Пайгамбарыбызды көрдүм

Ал: «Сага ижазат жазууга келдим. Эч кимге мындай ижазат жазган эмесмин», - деди. Карасам ал ижазатнаманын текстинде бул дүнүйөгө таандык чоң лутуфтар, аркасында болсо о дүнүйөгө таандык инаяттар жазылган эле.»

Абдулкадир Гейлани «Гунйа» китебинде Ибрахим Тамимиден алып мындай дейт: «Хызыр алейхиссалам мага: «Эгер түшүңдө Расулуллахты көргүң келсе шам намазын окугандан кийин туруп аввабин намазын окуйсуң, куптанга чейин эч ким менен сүйлөшпөйсүң. Ар эки рекетте бир салам бересиң. Ар рекетте бир Фатиха сүрөсүн жана жети жолу Ихлас сүрөсүн окуйсуң. Куптан

намазын жамаат менен окугандан кийин үйүңө барып, витирди окуйсуң. Уйкуга жатаарда да эки рекет намаз окуп, ар рекетте Фатихадан кийин Ихлас сүрөсүн жети жолу окуйсуң. Намаздан кийин сажда кылып, жети жолу Аллаху таалага истигфар айтып, жети жолу «Субханаллахи валхамдулиллахи вала куввата илла биллахил алиййил азыйм» дейсиң. Кийин башыңды саждадан көтөрүп, отуруп, колдоруңду ачып, «Йа хаййу, йа каййум, йа зал жалали вал икрам, йа илахал аввалина вал ахирин ва йа Рахман-ад-дунйа вал ахирати ва рахимахума, йа Рабби, йа Рабби, йа Рабби, йа Аллах, йа Аллах, йа Аллах» дейсиң. Кийин ордуңан туруп, ошол дубаны кайра окуйсуң. Кийин саждага барып ушул дубаны дагы окуйсуң. Кийин башыңды саждадан көтөрүп, кыбылага карап каалаган калыбыңда жатып уктайсың. Уйкуга кеткенче Пайгамбарыбызга салават айтысың», - деди.

Мен: «Бул дубаны сага үйрөткөн адамды мага билдир», - дедим. Хазрети Хызыр: «Мага ишенбейсиңби?» - деди. «Мухаммед алейхиссаламды хак Пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, сага ишенемин», - дедим.

Хызыр алейхиссалам: «Мен Расулуллахтын бул дубаны үйрөткөн жана осуят кылган кездеги сухбатына катышкамын. Бул дубаны Ал үйрөткөн адамдардан үйрөнүп алдым», - деди.

Мен Хызыр алейхиссалам айткандай кылдым. Төшөгүмө жатып Пайгамбарыбызга салават айта баштадым. Пайгамбарыбызды көрөмүн деген кубанычтан уйкум ачылып, таңга чейин уктай албадым.

Багымдат намазын окуп, күн көтөрүлгөнчө отурдум. Духа (шашке) намазын окудум. Өз-өзүмө: «Кечке жетсем кече кылганымды дагы жасаймын», - дедим. Ошол кезде уктап калыптырмын. Түшүмдө периштелер келип, мени Жаннатка алып барышты. Ал жерде жакут, асыл таштар менен инжилерден жасалган үйлөр менен сарайлар, бал, сүт жана Жаннат суусундарынан өзөндөрдү көрдүм.

Мени Жаннатка алып барган периштелерден: «Мына бул үй кимге?» - деп сурадым. Периштелер: «Сен кылган амалды кылгандарга», - деди. Жаннаттын даамдарын жегизип, суусундарынан ичмейинче мени ал жерден чыгарбады. Кийин мени Жаннаттан чыгарып, баягы ордума алып келди.

Кийин Пайгамбарыбыз алейхиссалам жанынан жетимиш пайгамбар жана ар сабы батыш менен чыгыштын арасындай болуп

жетимиш сап периштелер менен келип, мага салам берип, колуман кармады. Ушул кезде мен: «Йа, Расулаллах! Хызыр алейхиссалам мына бул хадиси шарифти сизден уккандыгын айтты», - дедим. Пайгамбарыбыз: «Хызыр туура айтыптыр. Айткандары чын. Хызыр жер бетиндегилердин эң аалымы. Дервиштердин башчысы. Жер бетиндеги Аллах аскерлеринин бири», - деди.

Мен: «Йа, Расулаллах! Мен орундаган амалды орундаган адамга менин көргөнүмөн башка нерсе көрсөтүлөбү?» - дедим. «Сенин көргөнүңөн артык эмне билүү мүмкүн? Сен Жаннатагы ордуң менен макамыңды көрдүң. Жаннаттын жемиштеринен жеп, суусундарынан ичтиң. Мени менен бирге периштелер жана пайгамбарларды көрдүң. Хури кызыңды көрдүң», - деди.

«Йа Расулаллах! Мен орундаган амалды орундап, түшүндө менин көргөнүмдү көрбөгөн адамга мага ихсан болгон нерселер берилеби?» - дедим. «Мени хак пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, ал адамдын кылган чоң күнөөлөрү кечирилет. Аллаху тааланын ал адамга деген ачуусу басылат. Мени хак пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, бул амалды кылган адам түшүндө сенин көргөнүңдү көрбөсө да сага берилгендер ага да берилет. Көктөн бир добуш Аллаху таала бул ишти кылган адамды жана чыгыштан батышка чейинки Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүн кечирди деген добуш келет», - деди.

«Йа, Расулаллах! Сиздин жамалыңыз менен Бейишти көргөнүмдөй ал адамга да ушулар насип болобу?» - дедим. «Ооба, бардыгы тең берилет», - деди. «Йа Расулаллах! Эркек жана аял бардык момундарга ушул дубаны үйрөтүү жана сообун билдирүүгө болобу?» дегенимде: «Мени хак пайгамбар кылып жиберген Аллаху таалага ант кыламын, бул ишти Аллаху тааланын бактылуу кылып жараткан адамдарынан башка адам кылбайт», - деди.

Түшүндө Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын чын жүзүн көргөн адам анын өзүн көргөн болуп саналат. Анткени, шайтан анын кейпине кире албайт. Бирок, шайтан башка кейипке кирип көрүнө алат. Расулуллахты таанызбаган адамдын аны айырмалай алуусу оңойго турбайт.

Кээ бир аалымдар: «Пайгамбарыбызды ар түрдө көрүү анын өзүн көрүү болот. Бирок, бул ал адамдын диндеги кемчилигинин белгиси. Пайгамбарыбызды түшүндө чын түрү менен көргөн жана момун болуп катыш болгон бардык адам Жаннатка барат», - деген.

Абу Хурайра (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын мындай хадиси шарифин билдирди: «Бир адам Жума түнүндө эки рекет намаз окуса ар рекетте Фатиха менен Аятул курсини бир-бирден, Ихлас сүрөсүн он беш жолу окуса, намаздан кийин миң жолу «Аллахумма салли ала Мухаммедин набии-ул-уммии» десе келерки Жума келе электе мени түшүндө көрөт. Ал адамдын өткөн жана келечектеги бардык күнөөлөрү кечирилет. Жаннат мени көргөндөр үчүн дайындалган».

## Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылуу

Пайгамбарыбыз**: «Кимде ким мен кайтыш болгондон кийин мени зыярат кылса мени тирүү кезинде зыярат кылгандай болот»,** - деген. «Мирати-и Мадина» китебинде билдирилген бир хадиси шарифте: «Кабырымды зыярат кылган адамга шапаат кылуум важиб болду», - делинген. Бул хадиси шарифти Ибн Хузейма, Беззар, Дара Кутни жана Табарани жеткирген. Баззар хазреттеринин билдирген башка бир хадиси шарифте: «Кабырымды зыярат кылган адамга шапаатым халал болду», - делинген.

«Муслим-и шариф» китебинде жана Абу Бакр бин Меккаринин **«Муъжам» китебинде билдирилген хадиси шарифте: «Бир адам мени зыярат кылууга келсе жана башка нерсеге ниети болбосо кыямат күнү ага шапаат кылуума ылайык болот», - делинген. Бул хадис Расулуллахты зыярат кылуу үчүн Мадинага баргандарга шапаат кыла тургандыгын билдирет.**

**Дара Кутни жеткирген башка бир хадиси шарифте: «Ажылык кылып, мени зыярат кылбаган адам мени таарынткан болот», - делинген. Расулуллахтын өзүн зыярат кылууну каалоо үммөтүнүн ушул жолдон да сооп алуулары үчүн.**

**Ошондуктан, фыкых аалымдарыбыз ажылык милдетин аткаргандан кийин Мадинага барып, Пайгамбар мечитинде намаз окушчу. Кийин Равда-и мутаххара менен минбар-и мунирди жана Арши аладан абзал болгон кабырын, кийин отурган, жүргөн, сүйөнгөн жерлерин, вахий келгенде таянган тиреги жана мечит салынып жатканда жана ондоо жүргүзүлгөндө иштеген жана акча берүү урматына ээ болгон сахабалардын, табииндин ткөн жерлерин зыярат кылчу.**

**Алардан кийин келген аалымдар менен салихтер да ажылыктан кийин Мадинага барып, фыкых аалымдарыбыздын жасагандарын жасашчу. Азыр да ажылар ушуну карманып, Мадинага зыяратка барышат.**

**Ислам аалымдарынын чырагы – Абу Ханифа хазреттери: «Мустахабдардын эң жогоруларынан бири болгон «кабырды зыярат кылуу иши» важиб даражасына жакын бир ибадат болуп саналат», - деген.**

**Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылууга барган адамдын көп салават айтуусу керек. Окулган бул салават менен саламдардын Пайгамбарыбызга жете тургандыгы хадиси шарифте билдирилген. Сүйүктүү Пайгамбарыбызды зыярат кылуу адеби мындайча түшүндүрүлөт:**

**Мадина калаасы алыстан көрүнгөн кезде салават менен салам айтылат. Кийин: «Аллахумма хаза хараму набиййика, фажалху викайатан ли мин-ан-нар ва аманан мин-ал-азаб ва су-ил-хисаб» деп айтылат. Мүмүкүндүк болсо калаага же мечитке кирерден мурда гусул алынат. Жакшы жыт себинет. Жаңы, таза кийим кийилет. Анткени, булар таазим менен урматты билдирет. Мадина**-и мунавварага салмактуу, карапайым жана үнсүз кирилет. «Бимиллахи ва ала миллати Расулиллах» дегенден кийин «Исра» сүрөсүнүн 80-чи аятын окуу керек. Андан кийин «Аллахумма салли ала Мухаммедин ва ала аали Мухаммед. Вагфир ли зунуби вафтах ли абваба рахматика ва фадлика» деп, Масжидул Набавиге кирилет. Кийин **Расулуллахтын минбарынын жанында эки рекет тахиййатул-масжид намазын окуу керек, минбардын тиреги оң далыга келе тургандай болуп туруу керек.**

**Сүйүктүү Пайгамбарыбыз ушул жерде намаз окучу. Бул жер – Пайгамбарыбыздын кабары менен минбарынын арасы. Хадиси шарифте: «Кабырым менен минбарымдын арасы Бейиш бакчаларынын бир бакчасы. Минбарым хавузумдун үстүндө», - делинген. Кийин зыярат кылуучу адам Аллаху таалага Расулуллахтын мубарек кабырын зыярат кылууну насип эткени үчүн сажда кылуу керек. Дубадан кийин туруп Пайгамбарыбыздын кабырына, кабырындагы бөлмөсүнө жакындоо керек, арканы кыбылага каратып Расулуллахтын жүзүнө карап эки метр узакта адеп менен туруу керек. Андан**

**жакын баруута болбойт. Кичи пейилдик менен башын ийип турат. Аллаху тааланын Курани кариминде буюрганындай Расулуллахка ал тирүү болуп, анын жанында тургандай адеп менен туруу керек. Колун кабырдын дубалына койбой, алысыраак, адеп менен туруу аскан урматтуулукту билдирет. Намазда тургандай туруу керек.**

**Расулуллахын мубарек келбетин көз алдына элестетип, анын өзүн тааный тургандыгын, сөзүн, саламын жана дубаларын уга тургандыгын, жооп берип, амин дей тургандыгын ойлоо керек. Пайгамбарыбыз: «Ким мага кабырымда салават окуса аны угамын», - деген. Дагы бир хадиси шарифте Расулуллахтын кабырына бир периштенин өкүл кылып калтырылганы, ал периштенин үммөтүнөн салам бергендердин саламын ага жеткире тургандыгы айтылган. Кийин: «Ассаламу алейка йа Сеййиди йа Расулаллах! Ассаламу алейка йа набиаллах! Ассаламу алейка йа Сафийаллах! Ассаламу алейка йа Хабибаллах! Ассаламу алейка йа Набиаррахмати! Ассаламу алейка йа Шафиал-уммати! Ассаламу алейка йа Сеййид-ал мурсалин! Ассаламу алейка йа Хатаманнабиин!»**

**Аллаху таала сизге эң жогору сый менен жакшылыктарды ихсан кылсын. Мен сиздин пайгамбарлык милдетиңизди аткарганыңызга күбөлүк кыламын. Аманатты орундадыңыз. Үммөтүңүзгө насыят айттыңыз. Кайтыш болгонго чейин Аллаху тааланын жолунда жихад кылдыңыз. Аллаху таала сизге кыямат күнүнө чейин салават менен салам айтсын. Йа, Расулаллах! Биз сизге өтө алыс жерлерден келдик. Сиздин кабырыңызды зыярат кылуу, сиздин акыңызды өтөө, сиздин жасагандарыңыздын өз баасын берүү, сизди зыярат кылуу, сиздин Аллаху тааланын хузурунда бизге шапаатчы болууңузду сурап келдик. Анткени, каталарыбыз башыбыздан ашат. Күнөөлөрүбүз далыбыздан басты. Йа, Расулаллах! Сиз ары шапаат кылуучу, ары шапааты кабыл кылынган адамсыз. Махмуд макамы сизге убада кылынган.**

**Аллаху таала да Курани каримде («Ниса» сүрөсүнүн 64-чү аятында): «Биз ар бир пайгамбарды бир гана Аллаху тааланын буйругу менен (өзүнүн коому) ага баш ийүү үчүн жибердик. Алар зулумдук жасагандан кийин келип, Аллаху тааладан кечирим сурашат. Расулум да алар үчүн кечирим**

**тилесе, Аллаху тааланы албетте тооболорду кабыл кылуучу жана ырайымдуулук кылуучу абалда табат»,** *- деген. Биз сиздин даргахыңызга келдик. Бирок, биз өзүбүзгө зулумдук жасадык. Күнөөлөрүбүздүн кечирилүүсүн сурайбыз», -* **деши керек.**

**«Йа, Расулаллах! Аллаху тааланын даргахында бизге шапаат кылыңыз. Йа, Расулаллах! Аллаху тааладан биздин рухубузду сүннөтүңүз боюнча алуусун, эртең кыямат күнүндө сиз менен бирге махшар жерине бара тургандардын арасына кошууну, сиздин булагыңызга барып, ошондон ичүүнү насип кылуусун тилеңиз. Йа Расулаллах! Сизден шапаатыңызды сурап келдик», - деп дуба кылуу керек жана «Эй, Раббибиз! Бизди жана бизден мурунку ыйман келтирген туугандарыбызды кечире көр. Ыйман келтиргендерге жүрөгүбүздө эч кандай кек калтырба. Эй, Раббибиз! Чынында, сен шапаат менен ырайымдуулук ээсисиң» деген маанидеги «Хашр» сүрөсүнүн 10-чу аятын окуу керек.**

**Кийин салам айтыпжибергендердин саламын жеткирип***, «Ассаламу алейка йа Расулаллах! Мына бул адам сиздин Аллаху тааланын алдында ага шапаатчы болууңузду каалайт. Ага жана бардык мусулмандарга шапаат кылыңыз» деш керек жана каалаганынча* **салават окуу керек. Кийин жарты метр оң жакка, Абу Бакр Сыддыктын (радыйаллаху анх) баш жагына барып, «Ассаламу алейка йа халифата Расулиллах! Ассаламу алейка йа рафикаху фил-гаар! Ассаламу алейка йа аминаху алал-асрар! Аллаху таала ушул үммөтүнүн имамы иретинде сизге жогору даражада сый берсин. Сиз Расулуллахка эң жогорку сыпатта халифа болдуңуз. Эң жакшы түрдө анын сүннөтүн кармандыңыз. Муртаддар менен жана туура жолдон тайгандар менен күрөштүңүз. Ар дайым акыйкатты айттыңыз. Кайтыш болгонго чейин хак жолдогуларга көмөкчү болдуңуз. Аллаху тааланын саламы, ырайымы менен берекеси жаасын. Аллахым! Ырайымдуулугуң менен, ага деген сүйүүбүз менен рухубузду ал. Ага деген зыяратыбызды бош кылба», - деп дуба кылуу керек. Кийин дагы жарты метр оңго жылып, Хазрети Омардын кабырынын тушуна туруп, «Ассаламу алейка йа Эмир-ал муминин. Ассаламу алейка йа Музхир-ал Ислам! Ассаламу алейка йа Муксир-ал-аснам! Аллаху таала сизге эң жакшы сыйларды берсин. Тирүү кезиңизде да, кайтыш**

**болгон соң да Ислам менен мусулмандарга көмөк бердиңиз. Жетимдерге кепил болдуңуз. Туугандарга жакшылык жасадыңыз. Мусулмандарга алар өзүнөн ыраазы болгон, туура жолду карманган жана адамдарды туура жолго чакырган жол баштоочу болдуңуз. Алардын мүшкүлдүктөрүн чечтиңиз, иштерин иреттедиңиз. Кедейлерин байыттыңыз, жараларын таңдыңыз. Сизге Аллаху тааланын саламы, ырайымы менен берекеси жаасын!» - деш керек.**

**Кийин хазрети Абу Бакр менен Хазрети Омарга (радыйаллаху анхум) «Ассаламу алайкума йа даджиай-Расулиллах ва рафикайхи ва вазирайхи муширайхи вал муавинайни лаху алал-кийами фид-дини вал каимайни бадаху би-масалих-ил-муслимин! Аллаху таала сиздерге эң жакшы сыйларды берсин. Расулуллахтын бизге шапаат кылуусун Аллаху тааладан, биздин эмгегибизди кабыл кылуусун, биздин Ислам дини боюнча өлүп, ошол боюнча тирилүүбүздү, кыямат күнү Расулуллахка жакын адамдардын арасына жыйноосун тилөө үчүн сиздерди Расулуллахтын жанында васила кылабыз», -** деш керек.

**Кийин өзүнө, ата-энесине, дуба сурагандарга жана бардык мусулмандар үчүн дуба кылуу керек. Ошондон кийин Расулуллах алейхиссаламдын мубарек жүзүнө карап: «Эй, Аллахым! «Биз бардык пайгамбарды бир гана Аллаху тааланын буйругу менен коомунун өзүнө багынуу үчүн жибердик. Алар өздөрүнө зулумдук жасагандан кийин келет, Аллаху тааладан кечирим сурайт. Расулум да алар үчүн истигфар кыла турган болсо Аллаху таала албетте тооболорду кабылдап, ырайымдуулук кылат», - деп буюрасың. («Ниса» сүрөсү, 64) Йа, Раббим! Сенин улуу сөзүңө баш ийип, буйругуңа моюн сунуп, сүйүктүү Пайгамбарыңдын Сенин даргахыңда бизге шапаат кылуусун каалайбыз» деп дуба кылгандан кийин алдында окуган «Хашр» сүрөсүнүн «Эй Раббибиз! Бизди жана ыйман менен бизден мурда өткөн туугандарыбызды кечире көр. Ыйман келтиргендер үчүн жүрөгүбүздө кек калтырба. Эй, Раббибиз! Акыйкат, сен өтө шапаатчыл жана ырайымдуусуң» деген маанидеги 10-чу аятын жана «Раббанагфир лана ва ли-аба-ина ва ли-уммахатина ва ли-ихванинал-лазина сабакуна бил-имани», «Раббана атина...» жана «Субхана**

**раббика...» аяттарын окуп, хүжра-и саадатка (Мадинадагы Пайгамбарыбыздын, Хазрети Абу Бакрдын жана Хазрети Омардын кабырлары жайгашкан бөлмөгө) кылган зыяратын аяктайт.**

Андан кийин Расулуллахтын кабыры менен минбары арасындагы Абу Лубаба хазреттеринин өзүн байлап тообо кылган тирекке барат. Ушул жерде эки рекет намаз окуп, Аллаху таалага тообо кылып, истигфар кылат. Каалаган дубаларын окуйт. Кийин Равда-и мутаххарага (Пайгамбарыбыздын кабыры менен мечитинин ошол доордогу минбарынын арасындагы жер) барат. Бур жер төрт бурч шекилиндеги жер. Бул жерде каалашынча намаз окуйт. Дуба окуйт. Таспихтерди айтат. Аллаху таалага шүгүрчүлүк кылат. Кийин минбарга барат. Расулуллахтын берекесине жетүү ниети менен Пайгамбарыбыз хутба окуганда мубарек колун коюп тура турчу жерине өз колун коёт. Ушул жерде эки рекет намаз окуйт. Аллаху тааладан тилектерин сурайт. Аллаху тааланын (ачуусунан) азабынан ырайымдуулугуна сыйынат. Кийин Ханнана тирегине барат. Бул тирек -Расулуллах хутба окуу үчүн минбарга өткөн кезде өзүн таштап кеткени үчүн ыйлап, кийин Пайгамбарыбыз аны барып кучактаганда тынчтанган тирек. Бул жерде болгон кезинде түндү Курани карим окуу менен өткөрүп, Аллаху тааланы зикир кылуу менен, минбар менен кабырдын жанында ачык жана ичтен дуба окуу менен жана рабыта кылуу менен алектенүү керек.

Расулуллахтын мубарек жубайларынын бөлмөлөрү Пайгамбар мечитинин курамына кошулуудан мурда хужра-и саадаттын кыбла жагында орун өтө аз эле. Ал жерде муважаха-и саадатка (кабырдын кыбыла жак бетине) карама-каршы туруу кыйын болчу. Зыяратчылар хужра-и саадаттын равда-и мутаххара дубалындагы эшиктин алдында кыбылага карап туруп салам берчү. Ошондон кийин Имам Зайнал Абидин равда-и мутаххараны арт жагында калтырып салам берчү. Узак жылдар бою зыярат ушундайча кылынды. Мубарек аялдарынын бөлмөлөрү мечитке кошулгандан кийин муважаха-и шарифа терезеси алдында туруп зыярат кылына турчу болду.

Хазрети Айшанын бөлмөсү үч метр бийиктикте, кирпич менен курма бактарынан салынган эле. Батыш жана түндүк жагында эки эшиги бар. Батыштагы эшиги равда-и мутаххара жагында. Хазрети Омар халифалыгынын соңку жылдарында касиеттүү мечитти

кеңейтип жаткан кезде хужра-и саадаттын айланасына таштан дубал салдырды.

Абдуллах бин Зубайр халифалыгы кезинде бул дубалды кулатып, кара таштан андан да мыкты кылып салдырды. Үстү ачык болгон дубалдын түндүк жагында бир эшиги бар болчу. Хазрети Хасан кырк тогузунчу жылы кайтыш болгон кезде осуяты боюнча Хазрети Хусейн агасынын дегесин хужра-и саадаттын эшигине алып келип, дуба кылайын деп жаткан кезде ушул жерге коюлат деп ойлоп ичке киргизилүүсүн каалабагандар чыккандан кийин Баки мазарлыгына жерге берди. Алдыда мындай окуяларга туш келбөө үчүн халифалар дубал менен бөлмөнүн эшигин жаптырып салышкан.

Омаяддар (Амавилер) халифасынын алтынчысы Валид Мадинанын бийлөөчүсү болуп турган кезде Мечит саадаттын дубалын бийиктетип, төбөсүн чакан күмбөз менен жаптырды. Үч кабыр сырттан көрүнбөй тургандай жана ичине кирүүгө болбой тургандай болуп калды. Омар бин Абдулазиз Мадина бийлөөчүсү болуп турганда 707 (х.88) жылы халифа Валиддин буйругу менен Пайгамбарыбыздын аялдарынын бөлмөлөрүн буздуруп, Мечит саадатты кеңейтти. Ошону менен катар ушул дубалдын айланасына беш бурчтуу жана эшиксиз экинчи бир дубал тургузду.

Иракта Зенгилер башкарган Атабектер мамлекетинин вазири жана Салахаддин Аййубинин агасынын уулу болгон Жамалиддин Исфахани 1189 (х.584) жылы хужраи саадаттын сырткы дубалынын айланасына сандал жана кара бактан мечиттин төбөсүнө чейин созулган тор жасатты.

Бирок, өрт чыгып, 1289-жылы өрттөнүп кеткенден кийин анын ордуна темирден жасалып, жашылга боёлду. Бул тор шебеке-и саадат деп аталат. Шебеке-и саадаттын кыбыла жагы муважаха-и саадат, чыгыш жагы кадам-и саадат, батыш жагы равда-и мутаххара, түндүк жагы хужра-и Фатима деп аталат.

Мекке-и мукаррама Мадина-и мунавваранын түштүгүндө болгондуктан Наби мечитинин ортосунда, б.а., равда-и мутаххарада кыбылага караган адамдын сол жагында хужра-и саадат, оң жагында минбари шариф жайгашкан болот.

847 (х.232)-жылы шебеке-и саадат жайгашкан жери менен сырткы дубалдардын арасына жана ушул жердин сыртына мраморлор төшөлдү. Бул кызматты эң акырынан Султан Абдулмажид хан аткарды.

Хужра-и саадаттын беш бурчтуу дубалдары менен кошо үстүнө куббатун-нур деген чакан күмбөз да жасалган эле. Осман падышалары жиберген кисва-и шарифа (жабуу) да ушул күмбөздүн үстүнө жабылды. Куббатун-нурдун үстүнө келе турчу Мечит саадаттын чоң жашыл күмбөзү куббатул-хадра деп аталат. Шебеке-и саадат деген тордун сырткы жагына жабылган жабуу куббатул-хадра деген кемерлерге асылган. Ушул ички жана сырткы пардалар саттара деп аталат.

Шебеке-и саадаттын чыгыш, батыш, түндүк, жактарында бир-бирден эшиктер бар. Шебеке-и саадаттын ичине Харем шариф кожоюндарынан башка адам кире алчу эмес. Ансыз да эшиги менен терезеси жок, бир гана күмбөздүн ортосунда бир тешик бар, ал темир торлор менен жабылган. Ушул тешиктин туурасында куббатул-хадрага да бир тешик ачылган. Мечит шарифтин күмбөзү 1837 (х.1253) жылга чейин коргошун түстө болчу. Стамбулдагы Султан Экинчи Махмуд Адли хандын буйруну менен жашылга боёлду. 1872 (х.1289)-жылы Абдулазиз хандын буйругу менен кайтадан боёлду.

Мечит саадатты оңдоого жана кооздотууга Султан Абдулмажид хан сыяктуу көп акча жумшап, күчүн салган адам болгон эмес. Ал харамейнди (Мекке менен Мадинаны) оңдоого жети жүз миң алтын жумшап, оңдоо иштери 1861 (х.1277)-жылы аяктаган.

Пайгамбар мечитин оңдоо үчүн миңдеген алтын жумшаган Султан Абдулмажид хан анын мурунку калыбын Стамбулдагы Хырка-и шариф мечитинде көрүүнү каалап, 1850-жылы инженер мектептеринин устаттарынын бири, сүрөтчү Хажы Иззет Мырзаны Мадинага жиберди. Иззет Эфенди пайгамбар мечитинин бардык жерлерин өлчөп, элүү үч эсе кичирейтилген үлгүсүн бир жылда жасап чыгып, Стамбулга жиберип, ал эми Султан Абдулмажид хан жасаткан Хырка-и шариф мечитине коюлган.

Абдулмажид хандын оңдоосунан кийин кыбыла дубалы менен шебеке-и саадаттын арасы жети жарым метр, чыгыш дубалынан кадам-и саадат торуна алты метр, шебеке-и Шаминин кеңдиги он бир метр, муважаха-и шарифа тору менен шебеке-и Шами арасындагы алыстык он тогуз метр болду. Небеви мечитинин кыбыла тарабынан кеңдиги жетимиш жети метр, кыбыла дубалынан Шами дубалына чейинки узактыгы жүз он жети метр. Хужра-и

саадат менен минбар арасындагы равда-и мутаххаранын кеңдиги он тогуз метр. Осмондуктар тарых сахнасынан кеткенден кийин Ислам ааламы башсыз калгандыктан ушул ыйык калааларды ээлеп алгандар өз ойлоруна салып бир катар өзгөртүүлөрдү киргизишти. Ушундайча Ислам халифаты доорундагы такыбаа жана салих мусулмандар жасаткан баа жеткис тарыхый баалуулуктар кыйратылып, талкаланды.

Пайгамбарыбызды зыярат кылгандан кийин Баки мазарлыгына баруу, ал жердегилерди зыярат кылуу дагы мустахаб. Кийиш башка кабырларды, айрыкча, шейиттердин мырзасы болгон Хазрети Хамзанын кабырын зыярат кылуу керек. Ошондой эле, Бакиде Хазрети Аббасты жана ошол жердеги Хасен бин Алини, Зейнелабидинди, уулу Мухаммед Бакир жана баласы Жафар Садык, эмирул-муминин Хазрети Османды, Расулуллахтын уулу Ибрахимди, Пайгамбарыбыздын ошол жердеги жубайларын, эжеси Сафияны жана башка сахабалар менен табииндерди зыярат кылуу керек. Бакидеги Фатима мечитинде намаз окуу керек. Бейшемби күнү Ухуд шейиттерин зыярат кылуу мустахаб. Ал жерде «Саламун алайкум бима сабартум. Фанима укбаддар. Саламун алайкум йа ахла дар-ил-кавмил-муминин ва инна иншаллаху ан карибин бикум лахикун» деш керек.

Хужра-и саадатты зыярат кылгандардын өтө дыкат болуулары керек. Көңүлдөрүндө дүнүйөлүк ой болбоо керек. Мухаммед алейхиссаламдын касиеттүү нуру менен даражасынын улуулугун ойлоо керек. Дүнүйө иштерин жана чоң адамдар менен кездешип, пайда көрүүнү жана соода-сатык ниетинде кылынган дубаларды Аллаху таала кабыл кылбайт, тилектерин кабыл кылбайт.

Хужра-и саадатты зыярат кылуу маанилүү ибадат болуп саналат. Буга ишенбегендердин ыймансыздыктарынан коркулат. Анткени, булар Аллаху таалага, Расулуна жана бардык мусулмандарга каршы чыккан болуп саналат. Малики аалымдарынын бир канчасы Расулуллахты зыярат кылуу важиб деген болсо да анын мустахаб экендигине аалымдар бир ооздон чечим кабылдашкан.

## Тавассул

Пайгамбарыбыз менен бардык убакытта – ал жаратылуудан мурда, жаратылганынан кийин, өмүрүндө жана кайтыш болгондон кийин кабыр аалмында тавассул кылынган, кыямат күнү тирилгенден кийин Арасат майданында жана Бейиште да тавассул кылынат. Мындайча айтканда Пайгамбарыбызды ортого коюп Аллахтан тилектер суралган. Аллахү тааланын өз махабатына жетүүдө, Ага жакындоо менен муктаждыктардын канааттандырууларына себепчи кылган туш келген нерсеси тавассулга (себепчи, васила) жатат.

Расулуллах менен тавассул кылуу, башкача айтканда, Расулуллахты Аллахү таланын алдында өз тилектеринин кабул болушуна василе (себепчи, арачы) кылуу, анын жардамын жана шапаатын суроо жаиз. Булар – пайгамбар алейхимуссалам, салаф-и салихин, аалымдар жана башка да мусулмандардын кылымдардан бери жасап келе жаткан амалдары. Мусулмандардын эч кайсынысы буга жаман көз менен караган эмес. Азыркыга чейин жолдон адашкан сектанттардан башка буга каршы чыккан эчким кездешкен эмес.

Адамдардын атасы Адам алейхиссалам жер бетине түшүрүлгөн кезде Расулуллах алейхиссаламды васила кылган. Муну сүйүктүү Пайгамбарыбыз бир хадиси шарифинде мындай айтып берген: **“Адам (алейхиссалам) Бейиште кетирген катасына байланыштуу Бейиштен чыгарылганда: “Йа Раббим! Мени Мухаммеддин урматына кечире көр”, - деди. Аллахү тала: “Эй Адам! Сен Мухаммедди кайдан билдиң. Мен аны али жараткан жокмун го”, - деди. Адам** (алейхиссалам): **“Йа Раббим! Мени жаратып, мага рух берген кезинде, көзүмдү ачып караганымда арштын четинде “Ла илаха иллаллах Мухаммадан расулуллах” деген жазууну көрдүм. Ысымын ысымың менен бирге жазган, сүйгөн адамың ошол болуш керек”, - деди. Аллахү тала: “Туура айтасың эй Адам! Жараткандарымдын ичинен эң катуу жакшы көргөнүм – ал. Анын урматына кечирим сураганың үчүн сени кечирдим”, - деди.”** Бир риваят боюнча: **“Ал сенин тегиңен келе турган бир пайгамбар. Аны жаратпаганымда сени, үй-бүлөңдү жаратмак эмесмин. Аны шапаатчы кылып көрсөткөнүң үчүн сени кечирдим”**- деген.

Буга (тавассулга) катыштуу миңдеген мисалдар бар. Аларды бир канчасы төмөндө келтирилди:

Эки көзү көр бир адам көздөрүнүн ачылуусу үчүн Пайгамбарыбыздан дуба кылуусун сурады. Пайгамбарыбыз: **“Кааласаң дуба кыламын. Бирок, сабыр кылып чыдасаң сен үчүн андан да жакшы болот”,** - деди. “Сабыр кылууга күчүм калган жок. Дуба кылууңуз үчүн жалынамын”-деди. **“Андай болсо, даарат алып, мобул дубаны оку”, - деди. “Аллахумма инни асалука ва атаважжаху илайка би набийика Мухаммедин набиир-рахмати. Йа Мухаммед! Инни атаважжаху бика ила Рабби фи хажати литакдиа Аллахумма шаффиху фиййа”.**

Ал адам бул дубаны окуган кезде Аллаху таала дубасын кабыл кылып, көзүнүн ачылганын хадис аалымы Имам Насаи кабарлаган.

Расулуллах алейхиссаламды василе кылуу менен байланыштуу Осман бин Ханиф хазреттери мындай окуяны айтат: “Осман бин Аффан халифа болуп турганда катуу кыйналып жүргөн бир адам халифанын алдына барууга уялып, мага дартын айтты. Мен: “Дароо даарат алып, Мечит саадатка бар. Жогоруда көрсөтүлгөн дубаны оку, тилегиңди айт”, – дедим.

Ал адам дуба кылгандан кийин халифанын отурган жерине барып, алдына чыгарылыптыр. Халифа аны жайнамазынын үстүнө отургузуп, тилегин угуп, кабыл кылыптыр. Ал киши ишинин бир заматта чечилгенин көрүп, кубанып, мага келди. “Аллаху таала сенден ыраазы болсун! Халифага сен айтпаганда кыйынчылыгымдан кутула албайт элем”, – деди. Мени халифа менен сүйлөштү экен деп ойлоду.”

Хазрети Омар халифа кезинде жут болду. Сахабалардан Билал бин Харс Расулуллахтын күмбөзүнө барып: “Йа Расулаллах! Үммөтүңүз ачтыктан өлүүнүн алдында турат. Жамгыр жаашына васила болууңузду жалбарып сураймын”, - деди. Расулуллах алейхиссалам ошол күнү анын түшүнө кирип: **“Халифага бар. Менден салам айт. Жамгыр дубасына чыксын!”** - деп буйурду. Хазрети Омар жамгыр дубасына чыккандан кийин жамгыр жаай баштады.

Аллаху тала жакшы көргөн адамдарынын урматына дубаларды кабыл кылат. Аллаху таала Мухаммед алейхиссаламды өтө сүйгөндүгүн билдирген. Ошондуктан да бир адам **“Аллахумма инни асалука би-жахи Набийик-ал-Мустафа”** деп дуба кылса,

дуба кайтарылбайт. Бирок, майда-чүйдө дүнүйөлүк иштер үчүн Расулуллахты васила кыла берүү да адепке жат кылык болот.

Бурханеддин Ибрахим Малики мындай дейт: "Өтө ач, кедей адам хужра-и саадатка барып, "Йа Расулуллах! Курсагым ач", - деди. Бираздан кийин бир адам келип, кедейди үйүнө алып барып, тойгузду. Кедей адам жасаган дубасынын кабыл болгонун көрүп, муну айткан кезде "Тууганым! Бала-чакаңды таштап узак жол жүрүп, кыйналып Расулуллахты зыярат кылууга келдиң. Бир үзүм нан үчүн Расулуллахтын даргахына баруу сага жарашар ишпи? Анын алдында Жаннат менен чексиз ниматтарды сурашың керек эле. Бул жерде тилеген нерселерди Аллаху таала кайтарбайт", - деди. Расулуллахты зыярат кылуу урматына ээ болгондор анын кыямат күнү шапаат кылуусу үчүн дуба кылуусу керек".

Имам Абу Бакр Мукри бир күнү Имам Табарани жана Абу Шейх менен Мечит саадатта отурган эле. Бир канча күндөн бери эчтеке жебегендиктен карындары ач болгон. Имам Абу Бакр чыдай албай: "Ачкамын, йа Расулуллах" деп бир бурчка барып отурду. Сейиддерден бир адам эки кызматчысы менен бирге келип: "Туугандарым! Атам Расулуллахтан ачпыз деп жардам сураптырсыңар. Силерди тойгузууну буюрду", - деди. Алып келгендерин бирге отуруп жеди. Артканын ошолорго калтырып кетти.

Ислам аалымдарынын бири Абу Абдуллах Мухаммед Маракаши (к.683/м.1284) «Мисбах-уз-зулам» аттуу маанилүү китебинде Расулуллахты васила кылуу аркылуу мураттарына жеткен жүздөгөн мусулманды жана алардын дубалары тууралуу кенен жазган. Расулуллахты васила кылып мураттарына жеткендердин бири – Мухаммед бин Мункадир болуп саналат. Ал мындай дейт: «Бир адам атама сексен алтын калтырып, жихадга кеткен эле. Ал: «Мына буларды сактап кой. Өтө муктаж болгон адамга жардам катары берсең болот», - деген эле. Мадинада жут болду. Атам алтындардын бардыгын ачкалыктан кыйналгандарга таратты. Кийин алтындардын ээси келип алтынды сурады. Атам: «Бир күндөн кийин кел», - деп жооп берди. Хужра-и саадатка барып таңга чейин Расулуллахка жалбарды. Түн ортосунда бир адам келип: «Колуңду соз!» - деди. Колуна бир кесе алтын карматып, көздөн кайым болду. Атам үйдө алтындарды санап, сексен экенин көрүп кубанып, ээсине кайтарып берди».

Имам Мухаммед Муса хазреттери ушул китебинде башынан өткөн бир окуяны мындайча жазган: «637 (М.1239) Садер чебинен тандалуу адамдар менен бирге чыктык. Жаныбызда бизге жол көрсөтө турчу адам бар эле. Бираз убакыттан кийин суубуз түгөндү. Суу издей баштадык. Ушул кезде мен ажат үчүн бираз четкерээк бир жерге өттүм. Бираз убакта мени катуу уйку басып, башымды жерге коюп уктап кеттим.

Ойгонсом чөлдүн ортосунда жалгыз калыпмын. Жолдошторум мени унутуп кетип калышыптыр. Жалгыздыктан абдан корко баштадым. Чөлдө ары-бери жүгүрө баштадым. Кайда экендигимди, каерге барарымды билбедим. Айланамдын баары кум болчу. Бир кезде караңгы түшө баштады. Жолоочулап бара жаткан тобубуздун изи да жок. Мен түндүн караңгылыгында жалгыз калдым, ого бетер корко баштадым. Үрөйүм учуп андан да катуулап бастым.

Бираз баскандан кийин суuга чаңкап, чарчап жерге жыгылдым. Эми өмүрдөн умут үзүп, өлүмдүн жакындаганын сезгендей болдум. Суусуздук менен алсыздыктан сары ойго чөмүлдүм. Биз кезде эсиме түштү, түндүн ортосунда: «Йа, Расулаллах! Мага жардам бер. Сизден Аллаху тааланын уруксаты менен жардам берүүңүздү өтүнөм», - деп сыздадым.

Сөзүмдү бүтүрө электе бирөөнүн мага сүйлөгөнүн уктум. Үн чыккан тарапты караганымда капкараңгы түндө айланасына шоола чачкан, аппак кийинген, ошол убакка чейин эч көрбөгөн бир адамдын мени чакырып турганын көрдүм. Мага жакындап колуман кармады. Ошол замат суусундугум канып, чарчоом кетип, жаңыдан туулгандай болдум. Экөөбүз бираз бастык. Мен өмүрүмдүн эң керемет маалын башыман өткөрүп турганымды сездим. Бир кум чокусунан ашкандан кийин бизге келе жаткан адамдардын жарыгын көрүп, досторумдун үндөрүн уктум. Ошолорго карай жакындадык.

Менин минген унаам алардын аркасында жүргөн экен. Дароо келип алдыма токтоду. Аны көрүп катуу кубандым. Жанымдагы адам мени жаныбарыма мингизди. Кийин: «Бизден бир нерсе сураган жана жардам сураган адамды биз бош калтырбайбыз», - кайра кайтып кетти. Ошол кезде анын Расулуллах экендигин түшүндүм. Ал кайтып кеткенде анын айланасынан чачыраган шоола көккө край көтөрүлгөн эле. Ал көздөн кайып болгон кезде: «Мен эмне үчүн Расулуллахтын колу-бутун өппөдүм», - деп өкүндүм. Бирок, буга кеч болгон эле».

Абулхайр Акта Мадинада беш күн ач калган эле. Хужра-и саадаттын жанына барып, Расулуллахка салам берди. Ач экенин айтты. Бир бурчка жатып уктады. Түшүндө Расулуллахтын келгенин көрдү. Оң жагында Абу Бакр Сыддык, сол жагында Омар Фарук жана алдында Али-ул Муртаза бар эле. Хазрети Али келип: «Йа, Абулхайр! Тур, эмнеге жатасың? Расулуллах келе жатат», - деди. Дароо ордунан турду. Расулуллах келип чоң нан берди. Абулхайр: «Өтө ач болгондуктан дароо жей баштадым. Жартысы бүткөндө ойгондум. Көзүмдү ачканымда колумда нандын жартысы турган экен», - деди.

Ахмед бин Мухаммед Суфи айтат: «Хижаз чөлдөрүндө эч нерсе калбады. Мадинага бардым. Хужраи саадаттын алдына келип Расулуллахка салам бердим. Бир жерге отуруп уктадым. Расулуллах көрүнүп: «Ахмед келдиңби? Алаканыңды ач», - деди. Алаканымды алтынган толтурду. Ойгонгондо колум алтынга толгон эле»

Имам Самхуди эшигинин ачкычын түшүрүп алып, таба албады. Хужраи саадаттын алдына барып: «Йа, Расулаллах, ачкычымды түшүрүп алдым. Үйүмө бара албай жатам», - деди. Бир бала колунда ачкыч менен келип: «Муну таап алыдм, сиздики эмеспи?» - деди.

Килистик Мустафа Ишки мырза: «Маварид-и Мажидиййа» аттуу тарых китебинде мындай дейт: «Меккеде жыйырма жыл турдум. 1247 (м.1831)-жылы алтымыш алтын жыйнап, бала-чака менен Мадинага бардык. Жолдо акчабыз түгөндү. Бир таанышыма конок болуп, хужраи саадатка бардым. Расулуллахтан көмөк сурадым. Үч күндөн кийин жаткан үйүмө бир адам келип, мен үчүн бир үй жалдаганын айтты. Буюмдарымды ошол жерге көчүрттү. Бир жылдык акасын төлөдү. Бир нече айдан кийин ооруп, бир ай төшөктө жаттым. Үйдө жей турчу, сата турчу эч нерсе калбады. Аялымдын сүйөөсү менен тамдын чокусуна чыгып, Расулуллахтын күмбөзүнө карап туруп кыйналганыбызды айтып, көмөк сурамакчы болдум. Колдорумду көтөргөн кезде дүнүйөлүк нерселерди суроодон уялып, эч нерсе айта албадым. Бөлмөмө бардым.

Эртеси бир адам келип: «Баланча адам бул алтындарды белек кылып жиберди», - деди. Кесени алдым. Турмушубуз оңолгону менен ооруудан айыга албадым. Адамдардын жардамы менен хужра-и саадатка барып, Расулуллахтан шифаа тиледим. Мечиттен

чыгып, эч кимдин жардамысыз үйүмө карай бастым. Үйгө кирген кезде эч кандай ооруум калбаган эле. Көз тийбөөсү үчүн бир несе күн көчөгө таяк таянып чыгып жүрдүм. Бирок, акча түгөнгөн эле. Бала-чакамды караңгыда калтырып, Набави мечитине келдим. Куптан намазынан кийин Расулуллахка кыйынчылыгымды айттым. Жолдо бейтааныш бир адам келип, колума бир кесе берди. Ичинде кырк тогуз алтын бар эле. Кажеттүү нерселерди алып үйгө бардым».

«Шакайык-и Нуманиййа» китебинин котормосунун экинчи томунда мындай делет:

Осмон мамлекетинин алгачкы шейхул исламы жана доорунун мужаддиди болгон улуу Ислам аалымы Мавлана Шамседдин Мухаммед бин Хамза Фенаринин көздөрү ооруп пардаланып, көрө албай турган болот. Бир күнү түндө түшүнө кирген Расулуллах алейхиссалам: «Таха сүрөсүн тафсирле», - деп буюрганда: «Курани каримди тафсир кылууга күчүм жетпейт, анын үстүнө көздөрүм да көрбөйт», - дейт. Расулуллаху мубарек чапанынан бир ууч пахта чыгарып, мубарек түкүрүгү менен суулагандан кийин көздөрүнүн үстүнө басат. Молла Фенари ойгонгондо эки көзүнүн үстүндө эки пахта турганын байкады. Пахтаны алгандан кийин көздөрү көрө баштайт. Аллаху таалага хамд жана шүгүр кылат. Ошол пахталарды сактап коюп, өлгөндөн кийин эки көзүнүн өстүнө койууларын керээз кылып айтат. Өзү 834 (м.1431)-жылы Бурса шаарында кайтыш болгон. Айткан осуят керээзи орундалган.

Аббаси халифаларынан болгон Абу Жафар Мансур Набави мечитинде Имам Малик менен сүйлөшүп отурган эле. «Эй Мансур! Бул жер – Мечит саадат. Акырын сүйлө. Аллаху таала Хужурат сүрөсүндө: «Үнүңөрдү Расулуллахтын үнүнөн ашырбагыла!» - деп буюруп, бир жамаатты эскерткен. «Расулуллахтын жанында акырын сүйлөгөндөр...» деген аяты менен акырын сүйлөгөндөрдү мактаган. Расулуллахка кайтыш болгондон кийин урмат көрсөтүү тирүү кезинде урмат көрсөтүү менен бирдей», - деди. Ансур мойнун ийип: «Ооба Эба Абдуллах! Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат үчүн келгенде Кыбылага каршы туруу керекпи же Кыбыланы аркада калтырып Кабр-и саадаткабы?» - деп сурады. Имам Малик хазреттери: «Жүзүңдү Расулуллахтан башка жакка бурба! Кыямат күнүнүн шапаатчысы болгон ал улуу Пайгамбар саллаллаху алейхи ва саллам кыямат күнү сенин жана атаң Адам

алейхиссаламдын кутулуусу үчүн васила болот. Кабр-и саадатка бурулуп, Расулуллахтын мубарек рухуна жабышып шапаат тилөөң керек. Ниса сүрөсүнүн 64-чү аяти каримасында: «Напсилерине зулумдук кылгандар сага келип Аллаху тааладан кечирим сураса жана Расулум да алар үчүн кечирим тилесе Аллаху тааланы тооболорду кабыл кылуучу жана мээрим кылуучу абалда көрөт», - деп буюрулган,

Бул аят Расулуллахты васила кылгандардын тооболорунун кабыл боло тургандыгына кепилдик берүүдө», - деди. Ушул сөздөн кийин Мансур отурган жеринен туруп, хужра-и саадаттын алдына барып турду. «Йа, Раббим! Бул аяти каримада Расулуңду васила кылгандардын тообосун кабыл кыла тургандыгыңа сөз бердиң. Мен улуу пайгамбардын даргахына келип Сенден кечирим сураймын. Ал соо кезде кечирим сураган кулдарыңдын кечиримин кабыл кылганыңдай мени да кечире көр. Йа Раббим! Набиййурахма болгон улуу пайгамбарыңды васила кылып сага жалынамын. Эй, пайгамбарлардын эң улуусу болгон Мухаммед алейхиссалам! Сага тавассул кылып, Раббиме жалбарамын. Йа, Раббим! Бул улуу Пайгамбарды мага шапаатчы кыла көр», - деп жалынып-жалбара баштады. Аркасы кыбылага, жүзү муажаха-и саадатка карап, тике туруп дуба кылды. Минбар-и Набави сол жагында калган эле.

Имам Маликтин Хадифа Мансурга берген насихаты хужра-и саадаттын алдында дуба кыла тургандардын өтө ойгок жана сергек болуулары керек экенин көрсөтүүдө. Ал даражага ылайык адеп менен урматты көрсөтө албай тургандардын Мадина-и мунавварада узак убакыт калуулары туура болбойт деп буюрулган.

Анатолиядагы айылдардын биринен Мадина-и мунавварага барып, көп жылдар бою ошол жерде туруп, үйлөнүп, хужра-и саадатта чыракчы болуп кызматка орношкон бир киши бар эле. Бир күнү ысытма оорусуна чалдыгып, чалап ичкиси келди. Көңүлүнөн «Эгер азыр айылымда болгонумда айрандан муздак чалап жасатып ичмекмин» деген ой өтөт. Ошол түнү Расулуллах Шейх-ул-Харем (Мадина эмири) мырзанын түшүнө кирип, алиги адамдын кылып жүргөн чыракчылык милдетин башка бирөөгө берүүсүн буйрук кылат. Шейхул Харем: «Йа, Расулаллах! Ал ишти үммүңөн болгон баланча адам аткарып жүрөт», - дегенинде: «Ал адамга айт! Айылына барып чалап ичсин!» - деп буюрду. Эртеси бул буйрук айтылганда айылдык киши «куп болот» деп элине кайтып кетет.

Көңүлдөн өткөн бир гана ой ушунча зыянын тийгизе турган болсо, Аллах сактасын, тамашалап болсо да жагымсыз бир сөздүн же адепке туура келбей турган бир аракеттин чоң зыяны боло тургандыгын ушул жерден түшүнүү керек.

## Салават айтуунун мааниси менен артыкчылыгы

Пайгамбарыбыздын (алейхиссалам) аты айтылганда, эстелгенде жана жазылганда урмат кылып ага салават айтуу – эң маанилүү милдеттерибиздин бири. Куран-и каримде "Ахзаб" сүрөсүнүн 56-чы аятында: **"Чынында Аллаху таала менен периштелери пайгамбарга салават айтат** (анын кадырын, мартабасын көтөрөт) Эй, ыйман келтиргендер! Слер да ага салават айткыла жана ага чын көңүл менен берилгиле", - айтылган.

Тафсир аалымдары бул аятта айтылган **"салават"** сөзүнүн Аллаху тааладан ырайымдуулук, периштелерден истигфар жана мусулмандардан дуба деген мааниге келгенин айткан. Бардык Ислам аалымдары Пайгамбарыбыздын мубарек аттарынын бири айтылган, жазылган жана эстелген кезде салават жазып, айтуунун биринчиден важиб, ар кайталанганда мустахаб экендегин айтышкан.

Аллаху тааладан бир нерсе тилеген адам алгач Аллаху таалага хамд (мактоо менен шүгүрчүлүк) кылгандан кийин Расулуллахка салават айтуу керек. Ушундай кылынган дуба кабыл болууга өтө ылайык болот. Эки салаваттын арасында кылынган дуба атрка кайтарылбайт.

Абу Талха хазреттери айтат: **"Кандай кубанбайын? Бираз убакыт мурун Жабраил** (алейхиссалам) **сүйүнүчтүү кабар айтты. Аллаху таала: "Үммөтүңөн бири сага салават айтса, Аллаху таала ошол адамга он салават айтат деп буюрду", -** деди.

Бул тууралу айтылган хадиси шарифтердин кээ бири мундай:

**"Жанында атым айтылган кезде мага салават айтпаган адамдын мурду жерде сүрүнсүн. Рамазан айы киргенде күнөөлөрүн кечиртпестен Рамазан айы чыгып кеткен адамдын мурду жерде сүрүлсүн. Ата-энеси карыганда алардын ыраазылыгын алып Жаннатка кирбеген адамдын да муруну жерде сүрүлсүн".**

**“Жанында атым зикир кылынган кезде мага салават айтпаган адам – сарандардын эң сараңы”.**

Абу Хумейд ас-Саиди хазреттери айтат: “Кээ бир сахабалар Расулуллахтан мындай деп сурады: “Йа, Расулаллах! Сизге кандай салават айталы? ” Расулуллах алейхиссалам **“Аллахума салли ала Мухаммадин ва азважихи ва зуррийатихи кама саллайта ала Ибрахима ва барик ала Мухаммадин ва азважихи ва зуррийатихи кама баракта ала Ибрахима иннака химидун мажид дегиле**”, - деди.”

Кээ бир салават-и шарифтер мындай:

*“Алейхиссалам”,*

*“Саллаллаху алейхи ва саллам”,*

*“Алейхиссалату вассаламу ваттахиййа”,*

*“Аллахумма салли ала Мухаммадин ва ала алихи уа сахбихи ажмаин”,*

*“Алейхи ва ала жамии минассалавати атаммуха ва минаттахийати айманухa”.*

*“Аллахумма салли ала Мухаммадин ва ала али Мухаммад, кама саллайта ала Ибрахима ва али Ибрахим...”.*

Бир адам мындай дейт: “Жолдошторумдун бири жиберген катында Расулуллахтын мубарек аты өткөн жерде бардыгына *“Саллаллаху алейхи ва саллам таслиман касиран касира”* деп жазыптыр. Анын себебин сурасам: “Жаш кезимде хадистерди жыйнап, китептерди жаздым. Расулуллахтын мубарек атын жазган кезде салават жазчу эмес элем. Түшүмдө ааламдардын мырзасын көрүп, жанына бардым. Ал мубарек жүзүн менден ары бурду. Аркы жагына өттүм, Ал дагы да ары карады.

Алдына барып: “Йа Расулаллах! Эмнеге менден жүзүңүздү ары каратасыз?” – деп сурадым. Ал: **“Анткени, сен китебиңде менин атымды жазганда мага салават кылган жоксун”,** – деди. Ошол кезден баштап анын мубарек аттарын жазганда ар дайым салават кошуп жазамын”, - деди.

Хадис шарифтерде: **“Ким мага бир жолу салават айтса, Аллаху таала ошого он жолу салават** (мээримдүлүк) кылат, анын он күнөсүн кечирет жана даражасын он эсе жогорулатат.”

**“Кыямат күнү мага эң жакын болгон, менин шапаатыма эң ылайык болгон адам – мага эң көп салават-салам айткан адам”, -** деп айтылган.

Аллаху таала хазрети Мусага: “Эй, Муса! Тилиңе сөзүңдөн, жүрөгүңө оюңдан, таниңе (денеңе) рухуңдан, көзүңө нуруңдан жакын болгонумду калайсыңбы?” - деди. Ал: “Албетте, йа Раббим”, - деди. “Андай болсо Мухаммедге (саллаллаху алейхи ва саллам) көп салават айт”, - деп буюрду. “Эй, Муса, кыямат күнү суусабашты каалайсыңбы?” - деди. “Албетте, йа Раббим”. “Андай болсо Муххаммедге (саллаллаху алейхи ва саллам) көп салават айт”, - буюрду.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам мындай деди:

**“Кыяматта бардык макамда мага эң жакын болгондоруңар – дүйнөдө мага эң көп салават айтканыңар. Жума күнү менен түнү мага жүз салават окуган адамдын Аллаху таала жүз муктаждыгын берет. Алардын жетимиши акырет иштери, отузу дүйнөлүк иштери. Андан кийин Аллаху таала бир периште аркылуу бул салаваттарды менин кабырыма алып келет. Ал силерге келген бир сыйлык сыяктуу болот. Периште мага салават жиберген адамдын атын, урпагын жана тайпасын билдирип, жанымдагы ак баракка аны жазып койот. Менин кайтыш болгондон кийинки билгендерим тирүү кезимдеги билгендерим сыяктуу болот.**

Бейшемби күнү болгондо Аллаху таала күмүш дептер менен алтын калемдери бар периштелерди жиберет. Бейшемби күнү менен жума түнүндө пайгамбарга көп салават айткандарды жазышат.

Эки мусулман кездешип, мусафаха кылып, пайгамбарга салават айтса, алар бири-биринен алыстай электе мурунку жана алдыдагы күнөөлөрү кечирилет.

Бирөөңөр мечитке кирген кезде пайгамбарга салам берсин жана “Йа Раббим! Мени шайтандан сакта”, - десин.”

Бир риваятта: **“Чыгарда “Аллахумма инни асалука мин фадлика”, - десин”,** - делген.

Дуба кылардын астында Аллаху таалага хамд жана Расулуллахка салават айтылмайынча дуба пардасы артында калат. Алдында хамд менен салават окулган дуба кабыл болот.

Расулуллахка жана үй-бүлөсүнө салават окумайынча дуба менен көктүн арасында парда турат. Салават окуган кезде бул парда жыртылып, дуба көккө көтөрүлөт. Окулбаса дуба кайра кайтат.

Бир жыйналышта Аллаху тааланын аты жана Расулуллахка салават айтылбаса ошол жердегилердин үстүндө камчы болот, каалаласа аларды азапка тартат, каалаласа кечирет.

Кулагы чыңылдаган адам мени ойлоп, мага салават айтсын.

Бир ишке ниет кылган адам ошол маселе боюнча кеңешсин. Аллаху таала ишинде ага жэңилдик ихсан кылат. Бир адам бир нерсе айткысы келип унутуп калса, мага салават айтсын. Анткени, мага айткан салаватында ошол сөзүнүн уландысы бар. Ошол сөз эске түшөт деп күтүлөт.

Кайырлуу бир иш Аллахтын аты менен мага салават айтуу менен башталбаса ал чала жана бүт берекеси кеткен иш болот.

Ислам улууларынан Абу Хафс Кагыди кайтыш болгондо бир адам аны түшүндө көрүп, ага “Аллаху таала сен менен кандай мамиледе болуп жатат?” - деп сурады. “Мага ырайымдуулук кылып, кэчирип, жаннатка киргизди”, - деди. “Эмне себептен?” дегенде “Мени периштелердин арасына тургузду. Күнөөлөрүм менен Расулуллахка салаваттарымды эсептеди. Салаваттарым көп экен. Аллаху таала аларга: “Эй, периштелерим! Ишиңер бүттү. Башка эсеп сурабагыла. Аны Бейишке жибергиле”, - деди”, - деп жооп берди.

Салаф-ус-салихиндин (Исламдын алгачкы кылымдарында өткөндөрдөн) бири айтат: “Бирге хадис үйрөнүп жүргөн бир досум кайтыш болот. Түшүмдө анын жашыл жаннат кийимин кийип жүргөнүн көрдүм. Себебин сураганда: “Ар хадисте көргөн Расулуллахтын атынын жанына “саллаллаху алейхи ва саллам” деп жазчу элем. Хак таала анын сыйын ушундай берди”, - деди”.

Салаф доорунун дагы бири мындай айтып берген: “Бир (катиб) хадис жазуучусу кошунам кайтыш болгон эле. Аны түшүмдө көрдүм. “Аллаху таала сен менен кандай мамиледе болууда?” – деп сурадым. Ал кечирилгенин айтты. Себебин сураганда ал: “Расулуллахтын атын жазган кезде “саллаллаху алейхи ва саллам” сөзүн кошуп жазгандыктан”, – деп жооп берди.

Абу Сулейман Дарани айтат: “Хадис жазганда, анын мубарек аттарын жазган кезде “саллаллаху алейхи” деп жазып, “ва саллам” сөзүн жазчу эмес элем. Түшүмдө аны көрдүм. Мага: **“Эй Аба Сулейман, хадисте атымды жазган кезде салават менен бирге “ва саллам”-ды да кошуп жаз. Ал төрт тамга. Ар тамгада он сооп бар. Жазбасаң кырк сооптон айрыласын деген сөз”, -**деди**.** Дагы бир адамдын да ушундай адаты бар эле. Ага да Расулуллах түшүндө көрүнүп: **“Сага эмне болду, салаватты толук жазбайсың?” -** деген.

Абу Бакр Сыддык: “Унутуп калуудан корккон адам Расулуллахка көп салават айтсын”, – деген.

Салихтердин улууларынын бири болгон Мухаммед бин Саид бин Мутарриф айтат: “Ар түнү жатар алдында белгилүү маалда салават окучу элем. Бир күнү түшүмдө Расулуллах келип, ичке кирди. Бөлмөнүн ичи нурга толду. Андан кийин мага келип: “Кел, мага көп салават окуган ушул оозуңан өбөйүн”, - деди. Мен оозумду тосууга уялдым, бетимди тостум. Ал өптү. Ойгонуп кеттим. Бөлмөнүн ичи жыпар жыт жыттанып калган экен. Сегиз күн бою бетимден ошол жыт кеткен жок”.

Салаф доорунун улууларынын бири болгон Халлад бин Касир кайтыш болгондо адамдар анын башынын астынан “Бул Халлад бин Касирдин Тозоктон кутулуу далили” деп жазылган кагаз таап алды. Туугандарынан: “Анын амалы эмне эле?”- деп суралды. Алар: “Ар жума сайын салават айтчу эле”, - дешти.

Шейх Айнинин **“Зейнул-мажалис”** аттуу китебинде жазылган: Расулуллах: **“Кыямат күнү үч топ адам көлөкөсүнөн башка көлөкө болбогон Арштын астында турат”, -** деп буюрду. “Алар кимдер?” - деп суралганда: **“Алар үммөтүмдү кыйынчылыктардан куткарган, сүннөттөрүмдү орундаган жана мага көп салават айткан адамдар”**, - деди”.

Шейх Абу Муса Дарири айтат: “Деңизде шамалга туш болдук. Баардыгы өлөбүз деп коркуп ыйлап жатышкан эле. Ошол кезде мени уйку басты. Түшүмдө Расулуллах алейхиссаламды көрдүм. Ал: “Кемедегилерге айт, миң жолу **“Аллахумма салли ала сеййидина Мухаммадин ва ала Али сеййидина Мухаммад, салатан тунжина биха мин жамиил ахвали вал афат ва такди сана биха жамиал хажат ва тутаххируна биха мин жамиис-сеййиат ва тарфауна биха индака алад-даражат ва тубаллигуна биха аксал-гаят мин жамиил хайрати фил хайати ва бадал мамат”** деп окусун”, - деп буюрду. Үч жүз жолу окугандан кийин шамал басылды, кутулдук. Бул салаваттты ар керектүү иште жана ар кандай балээде, апаатта, жер титирөөлөрдө окууга кеңеш берилди. Ишеничтүү китептерде салаваттын кандай экендиги тууралуу кырктан ашык хадис жазылган. Кээ бир салаваттар:

Аллахумма салли ала Мухаммадин ва али Мухаммад, кама саллайте ала Ибрахима ва ала Ибрахим, ва барик ала Мухаммадин ва ала али Мухаммад, кама баракта ала Ибрахима ва ала али Ибрахим, иннака хамидун мажид.

Аллахумма салли ва саллим ва барик вархам ала сеййидина Мухаммадин хува сеййид-ул Араби вал Ажам. Ва имами Маккат-ил мүкаррамати вал-Мадинат-ил мунавварати вал харем. Аллам-ал инсана малам йалам.

Аслүху нурун ва наслуху Адам. Басүху муаххарун ва халкуху мукаддам.

Исмух-уш шарифу мактубун алал Лавх-ил махфузи бияк-ил калам.

Ва жисмух-уш шарифу мадфунун фил Мадинатил-мунавварати уфл харем.

Йа лайте актахилу тураббаллази тахт-ал кадем.

*Фа туба сумма туба лиман даа ва табиаху ва лиман аслама сахиб-аш шафаати лил аламин.*

*Қаилан йа Рабби! Саллим уммати, уммати ва уммата йаз ал лутфи вал карам.*

*Фа йунад-ил мунади мин кибал-ир Рахман, кабилту шафаатака йа набиййал мухтарам. Удхул-ул жанната ла хавфун алейкум ва ла хузнун вала алам.*

*Сумма радыйаллаху та'ала ан аби Бекрин ва Умара ва Усмана ва Алиййин зил-Карам.*

*Ва саллаллаху ала саййидина Мухаммадин вал хамду лака йа Рабб-ал алемин.*

*Би хурмати Сеййид-ил мүрсалин.*

## ХИЛЙА-И СААДАТ
## Ысымдары

*Сүйүктүү пайгамбарыбыздын эң көп айтылган аты – Мухаммед. "Өтө көп макталган", "айрыкча жактырылган" деген маанилерге келет. Бул ат Курани каримде Али Имран, Ахзаб, Фатх жана Мухаммед сүрөлөрүнүн катары менен 144, 40, 29, жана 22-чи аяттарында төрт жолу айтылат. Саф сүрөсүнүн 6-чы аятында Хазрети Исанын үммөтүнө* **" Хак тааланы көп мактаган, жактырган"** *маанисин берген "Ахмед" деген ат менен кабар берилгендиги тууралу айтылат. Курани каримде Мухаммед жана Ахмед аттарынан башка Махмуд, Расул, Наби, Шахид, Башир, Назир, Мубашшир, Мүнзир, Даи-и илаллах, Сираж-ы мунир,*

*Рауф, Рахим, Мусаддык, Музаккир, Муддассир, Абдуллах, Карим, Хак, Мунир, Нур, Хатамун-набийин, Рахмет, Нимет, Хади, Таха, Ясин... деп да айтылган. Булардан башка мубарек аттарынын бир нечеси Курани каримде, бир нечеси хадиси шарифтерде, бир нечеси мурунку пайгамбарларга жиберилген касиеттүү китептерде айтылган.*

*Пайгамбарыбыздын аттары кээ бир хадистерде Махи, Акиб, Мукаффи, Набиййур-рахме, Набиййут-тавбе, Набийй-ул-мулахим, Каттал, Мутевеккил, Фатих, Хатам, Мустафа, Умми, Кусем (баардык жакшылыкты өз бойуна жыйнаган) деген аттары да кездешет.*

*Бир хадис шарифте пайгамбарыбыз:* **"Мага тиешелүү беш ат бар: Мен Мухаммедмин, Мен Ахмедмин, Мен Махимин, Аллаху таала мен аркылуу куфурлукту жоет. Мен Хаширмин, калк кыямат күнү менин уруксатым менен жыйналат. Мен Акибмин, менден кийин пайгамбар жок", -** *деген.*

*Сүйүктүү пайгамбарыбызга Хазрети Хадичадан туулган жана кичинекей кезинде кайтыш болгон баласы Касымга байланыштуу "Абул Касым" деген лакап ат берилген. Ошондой эле, Пайгамбарлыгынан мурун аны дагы тууралык, ишеничтүүлүк, чынчылдык сыяктуу чексиз асыл касиеттерине байланыштуу Курайш уруусунун арасында Ал-Амин деп да аталган.*

*Расулуллахтын Курани каримде өткөн аттарынын бири Курани каримдин жүрөгү болуп саналган Ясин сүрөсүндөгү "ясин" сөзү. Улама-и расихин деген аалымдар катарынан болгон Саййид Абдулхаким Арваси хазреттери: "Ясин – "Эй менин махаббат дарыямдын сүзүүчүсү болгон хабибим (сүйүктүм)" деген сөз" – деген.*

*Пайгамбарыбызды мактаган түрлүү-түрлүү өлөңдөр, ошо менен катар ага арналып көптөгөн эмгектер жазылган. Булардын ичинде атактары чыккан, аттары кылымдан кылымга тараган атактуу адамдардын өздөрү Расулуллахты мактоодо алсыз экендиктерин баян кылышкан. Аны көрүп сулуулугуна ашык болгондор тилдери буралганга чейин айтууга тырышышкан жана сулуулугун түшүндүрүп жеткизүүгө адам баласынын күчү жетпейт дешкен.*

## Хилйа-и саадат

Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын келбетинин, көрүнүшүнүн сүрөттөлүүсү хилйа-и саадат деп аталат.

Ислам аалымдары Мухаммед алейхиссаламдын көрүнгөн бардык мүчөлрүн, келбетин, касиеттерин, көркөм мүнөзүн жана өмүрүнүн бардык учурларын ачык түрдө далилдер менен жазып калтырышкан. Бул маалыматтар Пайгамбарыбыздын өзүнүн сөздөрү болгон хадиси шарифтерден жана сахабаларынын билдирген кабарларынан жыйналган. Буларды камтыган туундулар сийар китептери деп аталат. Миңдеген сийар китептеринин ичинде Пайгамбарыбыздын хилйаи саадатын сүрөттөгөн эң атактуу китептер Имам Тирмизинин «Эш-шемаил-ур-расул» жана Кады Ийаддын «Шифа-и шариф» атуу китептери, Имам Байхакинин жана Абу Нуайм Исфаханинин «Делаил-ун-нубувва», ошондой эле Имам Касталани хазреттеринин «Мавахиб-и-Ладуниййа» атуу эмгектери болуп эсептелет.

Хадиси шарифтерде мубарек жүзү менен бардык мүчөлөрү жана үнү бардык адмдардын жүздөрүнөн, мүчөлөрүнөн, үндөрүнөн сулуу болчу. Мубарек жүзү бираз тоголок болчу, ал кубанганда айдай нурланчу. Кубангандыгы мубарек маңдайынан белгилүү болчу. Расулуллах алейхиссалам күндүз кандай көрсө Пайгамбарыбыз бардык адамдардын эң сулуусу эле. Мубарек

Күндүз кандай көрсө, түндө да ошондой көрө турган. Алдындагыларды кандай көрсө, артындагы нерселерди да ушундай көрө турган. Муну далилдеген жүздөгөн окуя китептерде жазылган. Көз менен көрүүнү жараткан Аллаху тааланын башка дене мүчөлөрү менен көрүүнү да жаратууга кудурети жетет. Эки жагын же аркасын карай турган болгондо толук денеси менен бурулуп карачу. Жерди асмандан көп карачу. Кирпиктери узун, көздөрү ири, кареги капкара эле. Көздөрүндө бираз кызгылтың бар эле. Түнү көзүнө сүрмө сүрчү. Пайгамбарыбыздын маңдайы ачык, жарым ай сымал каштарынын ортосу ачык эле. Эки кашынын арасындагы тамыр ызаланганда бүлөөлөнүп чыкчу. Мубарек мурду сулуу, ортосу бираз бийик эле. Мубарек башы чоң болчу. Мубарек оозу кичине эмес эле. Мубарек тиштери ак, алдыңкылары сейрек болчу. Сүйлөгөн кезде тиштеринин арасынан нур төгүлгөндөй болор эле. Аллахтын кулдары ичинде ал сыяктуу эч ким так жана асемдүү

сүйлөй албайт. Анын сөздөрүн түшүнүү оңой жана көңүлдөрдү өзүнө тартчу эле. Сүйлөгөндө сөздөрү бермет маржан сыяктуу даана-даана болгондуктан санагысы келген адам кыйналбастан санай алмак. Кээде жакшы түшүнүктүү болушу үчүн сөздөрүн үч жолу кайталачу. Бейиште адамдар Мухаммед алейхиссалам сыяктуу сүйлөшөт. Ыйык үнү да эч кимдин үнү жетпей турган жерлерге чейин жеткендиги керемет болчу.

Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам жылуу жүздүү болгон. Жылмайып күлчү жана мубарек алдыңкы тиштери көрүнчү. Күлгөн кезде нуру дубалдарда чагылышчу. Ыйлаганы да күлгөнү сыяктуу жеңил болчу. Каркылдап күлчү эмес жана кыйкырып ыйлачу эмес. Ал кайгырганда мубарек көзүнөн жаш агып, мубарек көөдөнүнүн добушу угулчу. Үммөтүнүн күнөөсүн ойлонгондо Аллаху тааладан коркконунан жана Курани каримди тыңдаганда жана кээде намаз окуганда ыйлачу.

Пайгамбарыбыздын мубарек манжалары ири жана мубарек олдоруу эттүү эле. Мубарек алаканы кең болчу. Денесинин жыты өтө жагымдуу эле. Мубарек денеси ары жумшак, ары күчтүү эле. Анас бин Малик айтат: «Расулуллахка он жыл кызмат кылдым. Мубарек колдору жибектен жумшак болчу. Мубарек денеси мускустан да, гулдөн да жыпар жыттуу эле. Мубарек колу, буту, манжалары узун эле. Мубарек буттарынын манжалары ири, асты өтө бийик эмес жана жумшак эле. Мубарек курсагы кең жана төшү менен бир деңгээлде эле. Кең далылуу, кең төштүү болчу. Пайгамбарыбыздын жүрөгү назаргахи илахи (Аллахтын назар сала турган жери) эле.

Бою узун да, кыска да эмес, орто бойлуу эле. Жанына узун бойлуу адам келсе, андан узун болуп көрүнчү. Отурганда ыйык ийини башкалардын ийининен бийик көрүнчү. Ыйык чач-сакалы жаратылышынан бираз тармал болчу, аларды боёчу эмес. Кайтыш болгон кезде чачы жана сакалынын агы жыйырмадан аз эле. Мурут коюп жүрчү. Мурутунун узундугу каштарындай эле. Кол астында жеке чачтарачы бар болчу. Мухаммед алейхиссалам мисвак менен тарагын жанынан таштачу эмес. Мубрек чачы менен сакалын тараган кезде күзгүгө каранчу. Расулуллах алейхиссалам алдын гана карап ылдам басчу. Анын бир жерден өткөнү анын жыпар жытынан белгилүү болчу. Расулуллах алейхиссалам «араб» болчу. Кызыл менен ак аралашкан түстүү, сулуу, нурдуу, сүйкүмдүү

болчу. Пайгамбарыбызды кара деген адам капыр болот. “Араб” сөзү сөздүктө “сулуу” дегенди билдирет. Мисалы, «лисан-и араб» - «сулуу сөз» деген сөз. Терминдик мааниси, б.а., география тили менен араб деген сөз – Арабстанда туулуп-өскөн, ошол жердин абасы менен, суусу менен, азыгы менен чоңоюп өскөн жана ошолордун тегинен чыккан адам дегенди билдирет. Анатолиялыктардын Түрк, Болгариялыктардын болгар, Германиядагылардын немис деп аталгандыгы тууралуу Расулуллах алейхиссалам дагы Арабстанда туулгандыктан араб болуп эсептелет. Араптар ку жуумал, буудай түстүү болот. Асыресе Пайгамбарыбыздын теги ак жуумал жана сулуу жүздүү болушкан. Чоң аталарынан болгон Ибрахим алейхиссалам да ак жуумал болгон. Ал Басралык Тарух деген ак жуумал бир момундун уулу болчу. Капыр болгон Азер Ибрахим алейхиссаламдын атасы эмес, атасынын тууганы жана өгөй атасы болгон.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын атасы Абдуллахтын сулуулугу Мысырга чейин таралып, маңдайындагы нурга байланыштуу эки жүзгө жакын кыз ага турмушка чыгуу үчүн Меккеге келишкен. Бирок, Мухаммед алейхиссаламдын нуру Хазрети Аминага насип болду.

Агасы Аббас менен Аббастын уулу Абдуллах ак жуумал болгон. Пайгамбарыбыздын кыяматка чейинки үй-бүлөсү көркөм жана ак жуумал болот.

Расулуллахтын сахабалары да ак жуумал, сулуу болушкан. Осман радыйаллаху анх саргыч өңдүү болгон. Пайгамбарыбыздын грек императору Гераклиуска жиберген адамы Дыхйа-и Калби өтө сулуу адам болгон. Ал көчөдөн өтсө грек кыздары аны көрүү үчүн көчөгө чыгышчу. Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбызга көбүнесе Дыхйанын (радыйаллаху анх) келбетинде келчү.

Мысыр, Шам, Африка, Сицилия жана Испаниянын жергиликтүү тургундары араб эмес. Араптар Исламды таратуу үчүн Арабстандан чыгып, ошол жерлерге чейин баргандыктан азыркы кезде араптар ал жерлерде да бар. Ошону менен катар Анатолияда, Индустанда жана башка мамлекеттерде дагы бар. Бирок, бул элдердин эч кайсынысынын жергиликтүү тургундарын арап деп атоо туура эмес.

Мысырдыктардын өңү кара-тору келишет. Хабашстандыктардын өңү кара болот. Алар хабаш (эфиоп) деп

аталат. Зенгибар тургундары негр деп аталат. Алар да кара. Пайгамбарыбыздын туугандарын, неберелерин жакшы көрүү жана урматоо – ибадат болуп саналат. Аларды бардык мусулмандар жакшы көрүшөт. Анатолияга (Түркияга) конокко келген кара түстүү адамдар, эфиопиялыктар менен негрлер укматка ээ болуш үчүн өздөрүн араппыз деп таанытышчу. Анатолиянын ак көңүл мусулмандары алардын сөздөрүнө ишенишип аларды жакшы көрүп, урматташкан. Анкени, бул сүйүүдө кара-ак деп бөлүнүү жок эле. Кара түстүү мусулман ак түстүү капырдан канча эсе жогору, кадырлуу болот. Адамдын кара болуусу анын ыйманынын абыроюн түшүрбөйт. Билал Хабаши хазреттери менен Расулуллах өтө жакшы көргөн Хазрети Усама кара болчу. Жамандыктары жана жийиркенерлик иштери менен таанылган Абу Лахаб менен Абу Жахл деген капырлар ак түстүү болушкан. Аллаху таала адамдын түр-түсүнө эмес ыйманынын күчтүүлүгүнө, такыбаалыгына карайт. Бирок, каралардын өздөрүн арап деп таанытуулары Ислам душмандарынын, яхудилердин пайдасына жарады. Бир жагынан кара адамдарды төмөн жана жийиркеничтүү кылып таанытышты. Аларды кул катары колдонушту. Бир жагынан кара мышыктарды, иттерди «Арап, арап» деп чакырып, гезит-журналдарга жарыяланган кара сүрөт же карикатураларды арап деп аташып, жаштарга арапты кара деп таанытууга, ушундайча, мусулман балдарын Пайгамбарыбыздан алыстатууга тымызын аракет кылышты.

Көркөм мүнөздүн бардыгы Мухаммед алейхиссаламда жыйналган эле. Бул жогору ахлак ага Аллаху таала тарабынан берилген болуп, эмгектин аркасынан кол жеткизиле турган касиеттер эмес эле. Ал эч качан

бир мусулмандын атын атап каргачу эмес, ыйык колу менен эч кимди урчу эмес. Өз напси үчүн эч кимден өч алууга тырышчу эмес. Бир гана Аллах үчүн, Аллах жолунда өч алчу. Туугандары, сахабалары, кызматчылары менен өтө карапайымдуулук менен карым-катнаш кылчу. Үй жумуштарында өтө жумшак жана жарык маанайлуу эле. Ооруп калгандардын жагдайын сурап, жаназаларына катышчу. Сахабаларына жардам

берип, балдарды көтөрүп ойночу. Руху периштелер ааламында болчу.

Мухаммед алейхиссаламды кокустан көрүп калган адамды коркуу басчу. Ал эми өзү жылуу жүздүү болбогондо,

пайгамбардык сүрү себебинен анын жанына эч ким отуруп, сөзүн тыңдоого батына алмак эмес. Бирок, өзү болсо катаал мүнөздүү эмес болчу жана уяттуулугу ушунчалык көп болгондуктан маңдайында маектешип турган адамдын бетине тик карачу эмес. Ал адамзаттын эң жоомарты эле. Бирөө бир нерсе сураса эч качан жок деген эмес. Суралган нерсе бар болсо берчү, жок болсо жооп берчү эмес. Жакшылыктары ушунчалык эле, Грек императору, Иран Падышалары эч бири анын кылган жакшылыгын жасай алмак эмес. Бирок, өзү кыйынчылык менен өмүр сүрүүнү каалачу, жеп-ичүү тууралуу ойлочу эмес. «Тамак-аш алып келгиле жейли» же «Мындай тамак бышыргыла» деген эмес. Тамак алып келсе жечү, кандай тамак берилсе аны кабылдачу. Кээде айлар бою аз жеп, ач жүрүүнү жактырчу. Кээде көп жечү. Тамактан кийин суу иччү эмес. Сууну отурганда иччү. Башкалар менен бирге отуруп тамак жеген кезде колун тамакка эң акыркы болуп узатчу. Бардык адамдардын белегин кабылдачу. Белек алып келген адамга артыгы менен ага да белек берчү.

Ар түрдүү кийимдерди кийүү адаты болчу. Чет элден адам келсе кооздонуп, баалуу кийимдерди кийип, көркөм жүзүн көрсөтү. Агат ташынан күмүш шакек тагынчу жана мөөр катары колдончу. Шакегинин бетинде «Мухаммадун расулуллах» деген жазуу бар болчу.Төшөгү териден тигилген, ичине курма багынын бууласы салынган эле. Кээде ушул төшөгүнө, кээде жерге төшөлгөн териге, кээде камыш төшөгүнүн үстүнө, кээде кургак топуракка жатчу. Мубарек алаканынын оң жагын астына коюп, оң жагына карап жатчу. Зекет малын алчу эмес, чийки пияз жана сарымсак сыктуу нерселерди жечү эмес жана ыр-өлөң айтчу же ырдачу эмес.

Пайгамбарыбыз алейхиссаладын мубарек көзү уктаса да жүрөгү уктачу эмес. Ачка жатып, ток ойгончу. Эч качан эстечү эмес. Мубарек денеси нурдуу болчу, көлөкөсү жерге түшчү эмес. Кийимине чымын кончу эмес, чиркей жана башка жандыктар аны чакчу эмес. Аллаху таала тарабынан Расул (элчи) экендиги билдирилгенден кийин шайтандар көккө чыгып, көктөн кабар алалбай турган, төлгөчүлөр кайыптан кабар алабай турган болушту. Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи ва саллам биз билбеген бир өмүр менен азыр өмүр сүрүүдө. Денеси эч качан чирибейт. Кабырында бир периште турат, үммөтүнүн айткан салаваттарын ага кабарлап турат. Минбары менен кабырынан арасы Равда-и мутаххара деп

аталат. Бул жер Жаннат бакчаларынын бир бакчасы. Кабырын зыярат кылуу ибадаттардын эң кадырлуусу болуп саналат.

Пайгамбарыбыздын сулуулугун улуу сахабалар мындай баяндашат:

Абу Хурайра хазреттери: «Расулуллахтан ашкан сулуу адам көрбөдүм, жүзү күндөй жаркырап турчу. Күлгөн кезинде тиштери дубалга шоола чаччу», - деген.

Ибни Абу Хала: «Пайгамбарыбыздын мубарек жүзү айдын он төртү сыяктуу жаркырачу», - деди.

Хазрети Али: «Аны кокустан көргөн адам анын айбаттуулугунан тайсалдачу. Аны мегег сүлөшүп, тааныган адам дароо жүрөгү жылып, аны жакшы көрө баштачу», - деди.

Жабир бин Самура: «Расулуллах мубарек колу менен бетимди сыйпады. Колунан атыр жыт сатуучулардын сумкасынан колун жаңыдан чыгарган кезиндеги жытты сездим. Расулуллах бирөө менен кол алышып амандашкан болсо ал адамдын колунан ошол күнү ошол жыпар жыт кетпей турчу», - деди.

Хазрети Айша: «Расулуллах бир баланын башын сыласа башка балдардын ичинде ошол бала жыпар жыты менен өзгөчөлөнүп турчу», - дейт.

Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам бир күнү үйүндө уктап жаткан эле. Анас бин Маликтин апасы Үммү Сулейм келди. Расулуллах алейхиссалмдын уктап жатканында мубарек жүзүнөн тер тамчылары көрүнүп турду. Үммү Сулейм Пайгамбарыбыздын тер тамчыларын жыйнай баштады. Ойгонуп, себебин сураганда Пайгамбарыбыздын сүт таежеси болгон Үммү Сулейм: «Аны үйдө атыр сууларыбызга кошобуз. Сиздин териңиз – эң жагымдуу жыпар жыт», - деди.

Пайгамбарыбыз өтө асемдүү сүйлөчү. СӨзүн эмнеден баштап, эмне менен аяктоону жакшы билчү. Сөздөр анык, ачык, айкын жана чечендик сыпаты болор эле. Анын сөздөрүнөн маанинин тууралыгы ар качан байкалып турчу, түшүндүрө билүү жөндөмдүүлүгү жогору болгондуктан сүйлөгөндө чарчачу эмес.

## Пайгамбарыбыздын сулуулугу

Улама-и расихин деп аталган, захир жана батын илимдеринде адис жана Пайгамбарыбыздын мурасчылары болгон улуу Ислам алымдары аны бардык сулуулугу менен көрүп, ашык болушкан. Алардын башында Абу Бакр Сыддык (радыйаллаху анх) келет. Ал Расулуллахтагы пайгамбардык нурун көрүп, анын артыкчылыгын, көркөмдүгүн жана үстөмдүгүн түшүнүп, ашык болгону ушунчалык, бул маселеде ага эч ким жете албаган. Хазрети Абу Бакр ардайым, ар караган нерсесинен Расулуллахты көрөр эле. Бир жолу бул жагдайын: "Йа Расулуллах! Кайда карасам да сизди көрөмүн", - деп билдирген. Бир жолу да "Бардык жакшылыктарымды сиздин бир катаңызга алмаша алсам го", – деген. Расулуллах алейхиссаламдын сулуулугуна күбө болуп, аны сүрөттөгөндөрдүн бири Хазрети Айша энебиз болгон. Хазрети Айша аалым, мужтахид, акылдуу, зээндүү, адептүү болгон. Өтө чечен жана так сүйлөчү эле. Курани каримдин маанилерин, халал менен арамды, араб ырлары менен эсеп илимин өтө жакшы билген. Расулуллахты мактоочу ырлары бар. Бул эки ырды Хазрети Айша энебиз айткан:

*"Ва лав самиу фи*
Мысра авсафе хаддихи
Лама базалу фи савми
Юсуфа мин накдин.
Лавима Залиха лав
Раайна жабинаху,
Ла асарна билкатил
Кулуби алал айди".

Котормосу:

"Эгер Мысырдагылар анын (пайгамбарыбыздын) жүзүнүн сулуулугун угушканда (сулуулугу аңыз-дастанга айланган) Юсуф алейхиссаламга эч акча беришмек эмес эле. Башкача айтканда, бардык мал мүлкүн анын жүзүн көрүш үчүн жыйнашмак эле. Залиханы "Юсуф алейхиссаламга ашык болгон" деп жамандаган аялдар Расулуллахтын нурдуу жүзүн көрүшкөндө колдорун эмес жүрөктөрүн кесип, анын оорусун сезишмек да эмес".

Хазрети Айша анабыз мындай дейт: "Бир күнү Расулуллах бут кийиминин боосун чыгарып жаткан эле. Мен жип ийирип отурган элем. Мубарек жүзүн карадым. Жаркыраган маңдайынан

тер тамчылап турган эле. Тердин ар тамчысы айланага нур чачып, көздөрүмдү чагылдырды. Таңыркап туруп калдым. Ал мага карап: **“Эмнеге таңыркап турасың, сага эмне болду?”** – деди. “Йа Расулаллах! Мубарек жүзүңүздөгү жаркыраган нурга жана мубарек маңдайыңыздагы тер тамчыларынын төккөн шооласын карап, эсимен танып турамын”, – дедим. Ал туруп алдыма келди. Көздөрүмдүн арасынан өөп: **“Йа Айша! Аллаху таала сага жакшылыктарды насип кылсын! Мени кубанткандай сени кубанта албадым”,** –деди. Башкача айтканда сенин мени кубантууң, менин сени кубантканыман көп деди. Хазрети Айшанын мубарек көздөрүнүн арасынан өбүүсү Расулуллахты жакшы көрүп, анын сулуулугун сүйүү менен жана жамалын түшүнүү менен көргөндүгүнөн. Ошол себептен бул кылган аракети макулданып, макталган.

Расулуллах алейхиссаламдын мубарек денесиндеги жашыруун асемдикти көрсөтө турчу сулуулуктары башка эч кимде кездешпейт. Имам Куртуби: “Расулуллахтын сулуулугу айланасындагыларга толук көрүнгөн эмес. Эгер чыныгы сулуулугу көрүнгөндө сахабалар ага кароого чыдай алышмак эмес. Эгер чын сулуулугун көрсөтсө, эчким карап турууга чыдамак эмес эле”, - дейт.

Юсуф алейхиссалам адамдарга ачык сулуулугу менен, ал эми Пайгамбарыбыз жашыруун сулуулугу менен көрүнгөн. Юсуф алейхиссаламдын дидары көрүнгөндө колдор кесилди. Пайгамбарыбыздын кемелдиги менен поптордун белдиктери кесилди, буттар кыйратылды, куфурлук булуттары ыдыратылды.

Сахабалар (радыйаллаху анхум) Пайгамбарыбыздан: “Йа Расулуллах! Сиз сулуусузбу, же Юсуф алейхиссалам сулуубу?” – деп сурашты. Пайгамбарыбыз: **“Тууганым Юсуф менден сулуу, мен андан сүйкүмдүүмүн. Анын көрүнгөн сулуулугу менин көрүнгөн сулуулугуман көп”,-** деди.

Пайгамбарыбыз бир хадис шарифинде: **“Аллаху тааланын жиберген бардык пайгамбары жылуу жүздүү, асем үндүү болгон. Силердин пайгамбарларыңар алардын эң жылуу жүздүүсү жана асем үндүүсү”,** – деди.

Расулуллах алейхиссаламдын Курани каримде аталган ысымдарынын бири – Курани каримдин жүрөгү болуп саналган Ясин сүрөсүндөгү “Ясин” сөзү. Уламаи расихин аалымдарынан

болгон Сейийд Абдулхаким Арваси: “Ясин, “Эй менин махабат дарыямдын сүзүүчүсү болгон сүйүктүүм” деген маанини берет” – деген. Бул дарыянын атын уккандар, алыстан көргөндөр, жакын баргандар, ичине түшүп насип кылынгандай терең сүзгөндөрдүн бардыгы өмүрлөрүнүн бардык убактында Расулуллахка деген ашыктык сезимине бөлөнүп көз жаштарын төгүп отуруп, таасирдүү сөздөр менен ушул сезимдерин жеткизген. Ошолордун ичиндеги эң жогорусу жана атактууларынын бири жана ушул махабат дарыясында чоң үлүшү бар адам – Мавлана Халид Багдади хазреттери болуп саналат. Ал Расулуллахка деген махабат менен ашыктык сезимин ырга кошуп ырдаган.

Пайгамбарыбызды мактоочу бөлөк-бөлөк жазылган ырлар менен мактоолорго кошо Ал тууралу көптөгөн чыгармалар жазылган. Аларды жазгандардын ичинде атагы менен эмгектери бүткүл аалам менен кылымдарды каптагандарынын өзү пайгамбарыбызды мактоодо алсыз экендиктерин айткан. Аны көрүп сулуулугуна ашык болгондор тил байлыктарынын жеткенинче сүрөттөөгө аракет кылышкан, бирок бардыгы бир ооздон ал сулуулукту сүрөттөөгө адам баласынын күчү жетпей турганын айткан. Ислам аалымдарынын китептеринде ошол ашыктардын жүздөгөн баяндоолору берилген. Аларды окугандар Аллаху тааланын сүйүктүү пайгамбарын акыл жетпей тургандай даражада жана адам карап тойо албай тургандай сулуулукта жаратканын ошол учурда гана түшүнөт. Көрбөсө да ага көңүлдөрү байланат. Хабибуллахка ашык болгондор ар деминде ичине кирген абанын сериндигинде Ага болгон сүйүүнүн даамын сезишет. Айга ар караган сайын анын көздөрүнөн келген шооланын чагылуусун издеп лаззат алат.

Анас бин Маликтен риваят кылынган бир хадис шарифте: **“Силердин бириңер мени өзүнөн, балдарынан, атасынан жана бардык жаратылган нерседен да артык сүймөйүнчө толук ыйман келтирген болуп саналбайт”, -** делинген.

Бир күнү Хазрети Омар Пайгамбарыбызга: “Йа Расулаллах! Аллаху таалага ант кылам, мен үчүн жанымдан башка бардык нерседен артыксыз”, - деди. Пайгамбарыбыз: **“Силердин бирөөң мени жанынан артык көрмөйүнчө иман эткен болуп саналбайт”,** - деди. Ошондон баштап Хазрети Омар: “Йа Расулаллах! Сизге Курани каримди жиберген Аллаху таалага ант кылам, сиз мен үчүн

жанымдан да артыксыз", - дегенинде **"Эй, Омар! Эми** (толук) болду", - деген.

Бир адам пайгамбарыбызга барып: "Эй Аллаху тааланын Расулу! Кыямат качан болот?", - деди. Пайгамбарыбыз: "Кыямат үчүн эмне дайындадың?" – деп сурады. Ал адам: "Көп намаз окуп, орозо кармап, садака берип кыяматка дайындала албадым. Бирок, мен Аллаху тааланы жана анын Расулун жакшы көрөмүн", - деди. Анда ага Пайгамбарыбыз: **"Адам сүйгөнү менен бирге болот", -** деди.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин андан айрылганына чыдай албаган Билал Хабеши (радыйаллаху анх) Мадинада жүрө албай Шам калаасына кеткен эле. Ошол жерде бираз убакыт калгандан кийин бир түнү түшүндө Пайгамбарыбыздын ага: **"Мени зыярат кылбайсыңбы, йа Билал?"** – дегенин көрүп, ойгонгондон кийин дароо Мадинага карай шашты. Мадина-и мунавварага келгенде эч кайда бурулбастан түптүз Пайгамбарыбыздын кабри шарифине бет алды. Чоң урмат жана таазим менен кабырдын алдына келген Билал Хабаши (радыйаллаху анх) Расулуллах менен өткөзгөн ошол бактылуу күндөрүн эске алып сагыныч көз жаштарын төктү. Кабыр башында узун убакыт ыйлап отурду. Расулуллахтын неберелери Хазрети Хасан менен Хазрети Хусейндин өтүнүчтөрүн кайтара албай бир күнү таң намазы үчүн азан окуй баштады. Пайгамбарыбыз доорунда күндө беш ирет Мадина асманын жаңыртып турган тааныш добуш бүткүл Мадинарлыктарды толкундандырып, үйлөрүнөн көчөгө тартып чыккан эле. Нурдуу Мадина калкы сүйүктүү Пайгамбарыбыз Расулуллах заманын эске салган Билал Хабашинин (радыйаллаху анх) окуган азанынын таасиринен ыйлашты. Хазрети Билал Хабаши да өзүн кармай албай ыйлагандыктан азанды араң бүтүрө алды.

Расулуллахты сүйүү бардык мусулмандар үчүн фарзи-айн болуп саналат. Ага деген махабат бир көңүлгө орносо Ислам менен өмүр сүрүү, ыйман менен Исламдын лаззатына, тойбой турган рахатына эрүү өтө оңой болот. Бул махабат эки дүйнөнүн Мырзысына толук моюн сунууга себеп болот. Бул махабат аркылуу Аллаху тааланын сүйүктүү Пайгамбарына берген чексиз жана айтып түшүндүрүү мүмкүн болбогон ниматтарга жана берекеге кол жеткизүү болот. Улуу-кичүү бардык мусулманды тикелей Расулуллахтын сүйүүсүнө алып бара турган Ахли сүннөт алымдары менен алардын китептери ушул берекенин далили болуп саналат.

Расулуллахтын мубарек ысымын айткан же уккан мусулмандын Расулуллахтын сухбатында отургандай үнсүз, адеп менен көңүл жана дене менен урмат кылып отуруу важип болот.

Пайгамбарыбыздын сөздөрүндө жана иштеринде кездешкен бир нерсени анын атагын көтөрө тургандай бир нерсе менен мактоо ага деген таазим менен урматты билдирет. Адамдар арасында төмөн даражада колдонулган сөздөрдү Пайгамбарыбызды сыпаттоодо колдонбоо да ага деген таазим болуп саналат.

Мисалы, пайгамбарды кедей деп айтууга болбойт. Чабан дегенге болбойт. “Расулуллах тигил нерсени жакшы көрөр эле” деп айтылган кезде “А мен болсо аны жактырбаймын” деп айтпаш да ага деген урмат болуп саналат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи ва салламдын: “Мен жөлөнүп отуруп тамак жебейм”, – деген сөзүнө карата “А мен болсо жөлөнүп жейм” дегенден кийин тескериленип бир нерсеге жөлөнүп отуруп же жанбаштап тамак жеген дурус болбойт. Буларга маани берүү да Расулуллахка деген урмат болуп саналат. Буларды менсинбегендигин көрсөтүү максаты менен атайын урматсыздык кылуу куфурлукка жол ачат.

Курани каримдин жана хадис китептеринин үстүнө башка туш келген китеп же башка бир зат койбоо да Аллаху таала менен Расулуна таазим болуп саналат. Алардын үстүндөгү чаңды сүртүү, Аллаху тааланын ысымы же Расулуллахтын ысымы жазылган баракты жерге таштабоо да Аллаху таала менен Расулуна деген урматты билдирет.

Мындай кагаздарды жыртууга болбойт. Ислам тамгалары менен жазылган кагаздарга да көп урмат көрсөтүү керек. Эгер ичинде Аллаху тааланын ысымы менен аяттары бар китептер менен барактар эскирип жыртылса, аларды таза кездемеге ороп, топуракка көмүү кажет же суу менен жууп, бетиндеги жазууларды өчүрүү керек же жагуу керек. Жагыла турган болсо, күлүн топуракка көмүү керек. Жагуу жазууну жууп кетиргенден жакшырак. Анткени, жууганда колдонула турган суу тебеленди болушу мүмкүн.

Расулуллахтын хареми (гареми, ордосу) болгон Мадина-и мунаввара шаарына таазим менен урмат көрсөтүү ал жерде тыйым салынган нерселерден (же күнөө кылуудан) тыйылуу жана Мадина-и Мунаввара калкына сый-урмат көрсөтүү Расулуллахка деген урмат болуп эсептелет.

## АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ
### Көркөм мүнөзү

Аллаху таала сүйүкүү пайгамдарына саллаллаху алейхи ва саллам берген жакшылыктары менен ихсандарын айткан кезде, аны эң жакшы, эң көркөм мүнөздөр менен коолдогонун айтып: **“Сен жакшы мүнөздүү болуп жаратылдың”, -** деген. Хазрети Икрима мындай деди: “Абдуллах ибн Аббастан уктум. Бул аяти каримадагы **“хулукы азим”**, б.а., жакшы мүнөздөр Курани каримде билдирген мүнөздөрү болуп саналат. Аяти каримада: **“Сен хулукы азим боюнча жаратылдым”, -** деп айтылган. (Калам сүрөсү, 4) Хулуки азим – Аллаху таала менен сырдаш болуу, ал эми адамдар менен жакшы мүнөздүү болуу дегенди билдирет. Көптөгөн адамдын ислам динине кирүүлөрүнө Расулуллахтын көркөм мүнөзү себеп болгон.

Сөздөрү жагымдуу, таттуу болгон, көңүлдөрдү ээлеп алып, рухтарды багындырчу. Акылдуулугу ошончолук, Арабстанда орой, катаал адамдар арасында туулуп, өтө жакшы башкарып, алардын көрсөткөн жамандыктарына сабыр кылып, аларды жумшартып, багындырды. Көпчүлүгү диндерин таштап, мусулман болду жана ислам жолунда өз аталарына, өз балдарына каршы согушту. Анын жолунда мал-мүлктөрүн, мекенин курман кылып, кандарын төктү. Негизинде алар мындай нерселерге үйрөнүшкөн эмес эле. Эч кандай аракетинде, эч кандай ишинде, эч кандай сөзүндө, эч качан, эч кандай жаман нерсе, эч кандай кемчилик байкалбаган. Өзүнө катыштуу маселеде эч кимге таарынбайт эле, бирок, дин душмандарына, динге тил тийгизгендерге, колу менен зыян бергендерге каршы катуу болгон.

Мухаммед алейхиссаламдын миңдеген мужизалары көрүлгөн, муну дос да душман да айткан. Бул мужизалардын эң баалуусу – адептүү жана көркөм мүнөздүү болуусу эле. Абу Саид Худри хазреттери мындай дейт: “Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам малга чөп берчү. Төөнү байлачу. Үйүн шыпырчу. Койду саачу. Бут кийиминин жыртылган жерин өзү тикчү, кийимин да өзү жамачу. Кызматчылар менен бирге отуруп тамактанчу. Кызматчысы тегирмен тартып, чарчаган кезде ага жардам берчү. Базардан керектүү заттарын алып, баштыкка салып, үйүнө алып

келчү. Кедей-бай, чоң-кичине туш келген адам менен кездешип калган кезде аларга биринчи болуп салам берчү. Алар менен биринчи саламдашуу үчүн мубарек колун биринчи болуп сунчу. Кулга, беделдүү адамга, мырзага, кара адамга, ак адамга, баарына тең карачу. Ким чакырса да чакырылган жерге барчу. Алдына койгон нерсени аз болсо да төмөн саначу эмес. Кечтен азанга, азандан кечке тамак алып койчу эмес. Өтө жакшы мүнөздүү эле. Жакшылык жасаганды жакшы көрчү, бардык адамдар менен жакшы мамиле кылчу эле. Жылуу жүздүү, жылуу сөздүү болчу, сүйлөп жатканда күлчү эмес. Муңдуу сыяктуу болуп көрүнчү. Бирок, кабагы карышкан эмес эле. Кичипейил, карапайым болчу. Айбаттуу болчу, адамда урмет менен коркунуч уялатчу. Бирок, орой эмес эле. Назик жана жоомарт эле. Эч нерсени ысрап кылчу эмес, орунсуз жерге эч нерсе берчү эмес, бардык адамга мээрим менен карачу эле. Мубарек башын алдына карай ийип басчу эле. Эч кимден эч нерсе күтчү эмес, үмүт кылчу эмес. Бактылуу, тынч өмүр сүргүсү келген адам ал сыяктуу болуусу керек".

Анас бин Малик мындай дейт: "Расулуллахка он жыл кызмат кылдым, бир да жолу "уф" деген эмес. "Муну эмнеге ушундай жасадың, муну эмнеге жасаган жоксун", - деген эмес."

Абу Хурайра: "Бир согушта капырлардын жок болуулары үчүн дуба кылуусун сурадык. **"Мен лаанат үчүн, адамдардын азап чегүүлөрү үчүн жиберилген жокмун. Мен бардык адамга жакшылык жасоо жана адамдардын бакытка жетүүлөрү үчүн жиберилдим"**,- деди. Аллаху таала "Анбия" сүрөсүнүн 107-чи аятында: **"Сени ааламдарга ырайымдуулук, жакшылык үчүн жибердик", -** деген.

Абу Саид Худри мындай дейт: "Расулуллахтын уяттуулугу намыстуу мусулман кыздарынын уятынан да көп болчу".

Анас бин Малик мындай дейт: "Расулуллах бирөө менен саламдашкан кезде ал адам колун тартмайынча мубарек колун андан мурун тартчу эмес. Ал адам бетин терс бурмайынча мубарек жүзүн андан терс бурчу эмес. Бирөөнүн жанында отурган кезде тизелеп отурчу, ага урмет көрсөтүү үчүн буттарын созуп отурчу эмес".

Жабир бин Сумура мындай дейт: "Расулуллах аз сүйлөчү. Керек кезде же бирөө бир нерсе сураганда гана сүйлөчү. Мындан ар бир мусулман пайдасыз, бош сөздөрдү айтпоосу керек экендиги

түшүнүлдү. Сүйлөгөндө анык, түшүнүүгө оңой, жеңил жана орду менен сүйлөчү.”

Анас бин Малик мындай дейт: “Расулуллах ооруган адамдын көңүлүн сураганы барчу эле. Жаназанын артынан басчу. Чакырылган жерге барчу. Эшекке да минчү. Расулуллах багымдат намазынан чыккан кезде Мадинанын балдары менен жумушчулары суу толгон идиштерин ага алып барып, андан мубарек манжаларын сууга салууну сураныщчу, кышта суу муздак болсо да алардын көңүлүн кайтарбай, колун салчу”. (Мадиналыктар анын мубарек колу тийген сууну ичип берекеттенишчү.)

Дагы да Анас бин Малик хазреттери айтат: “Бир кичинекей кыз Расулуллахтын колунан кармап, бир ишке алып барса, аны менен артынан барып ишин бүтүрүп берчү”.

Жабир хазреттери мындай дейт: “Расулуллах алейхиссаламдан бир нерсе суралганда “жок” дегенин уккан жокмун”.

Пайгамбарыбыз уяттуулук жагынан бардык жаратылгандардан жогору эле. дабаардык жаратылгандардын жогору болчу эле. Ылайыксыз, орунсуз нерселерди карачу эмес. Эч кимди ал адам жактырбаган сөз менен чакырчу эмес.

Хазрети Айша эмебиз  айтат: “Расулуллахка бирөөнүн бир жактырбаган иши тууралуу айтылганда ал адамдын атын айтпастан жалпы мааниде, **“Адамдар эмнеге андай кылышат”, -** дечү. Ушунтип ал адамдын атын атабай андай иштерден алыстатчу”.

Анас бин Малик айтып берген: “Бир күнү пайгамбарыбыздын алдына бетине сары бир нерсе сүртүлгөн бир адам келди. Ага эч нерсе айткан жок. Аны таарынта турчу эч нерсе айткан жок. Ал чыккандан кийин **“Бетиндегини сүртүп алуусун айтсаңар болмок”, -** деди.”

Расулуллах алейхиссалам  урууларды бирлештирүүчү эле. Аларды бири-бирине жек көрдүртчү эмес. Ар уруунун чоңуна сый-сыйапат көрсөтүп, аны төргө отургузчу.

Эч кимди өзүнүн мубарек дидарынан куру кылчу эмес. Сахабаларын издеп, келбегендерди сурап отурчу. Жанында отургандарга насыят айтып, алардын насибин берчү.

Кыймыл аракетинен бирин башкасынан артык көрөт деген ой эчкимде пайда болчу эмес. Жанына бир нерсени даттанып келген адамга чыдап, сабыр менен укчу.

Келген адам өзү кетип калмайынча аны таштап кетчү эмес. Көркөм мүнөзү менен ахлагын бардык адамга бирдей сунчу. Анын

алдында акы жана адилеттик жагынан бардык адам тең эле. Эч кимдин эч кимден артыкчылыгы, айырмасы жок эле.

Хазрети Айша энебиз айтат: "Расулуллах алейхиссалам сыяктуу көркөм мүнөзгө ээ болгон адамды көргөн жокмун. Сахабаларынын же ахли байтинен бири аны чакырса "Лаббайк" (кулагым сизде, угуп турамын) деп турчу.

Пайгамбарыбыз сахабаларын эң жакшы аттар менен чакырчу, эч кимдин сөзүн бөлчү эмес. Сүйлөшүп отурган адам сөзүн аяктабастан же кетүү үчүн турбастан анын сөзүн бөлчү эмес.

Анын жакшы мамилеси, шапааты, мээримдүлүгү тууралуу Аллаху таала "Тообо" сүрөсүнүн, 128-чи аятында: **"Силердин кыйналганыңар аны таарынтат жана кайгыртат.** (Ал) Силерди кыя албайт, момундарга өтө мээримдүү, аларга көп жакшылык тилейт", - деген.

Жана "Анбия" сүрөсүнүн 107-чи аятында: "(Эй хабибим!) Сени ааламдарга бир гана ырайымдуулук үчүн жибердик", - деген. Пайгамбарыбыз үммөтүнө катыштуу көп нерселерди кыйын болот деп жеңилдеткен. **"Эгер үммөтүмө кыйынчылык кылбаганымда ар даарат алганда мисвак колдонууну буйрук кылмакмын", -** деген.

Сөзүндө туруу маселесинде да адамдар арасында Пайгамбарыбыздан ашкан адам жок.

Абдуллах бин Абил-Хамса айтып берген: "Пайгамбарыбыз менен ага али пайгамбарлыгы билдириле электе соода жасаган элек. Өз эсебинде бир калдык калган эле. Ага бир убаккыта баланча жерде кездешүүгө сөз берип, кийин унутуп кетиптирмин. Үч күндөн кийин берген сөзүм эсиме түшүп, ошол жерге жүгүрдүм. Анын үч күндөн бери ошол жерде күтүп турганын көрүп, таң калдым. Мага **"Жигит! Мени чарчаттың. Мен сени ушу жерде үч күндөн бери күтүп турамын"**,- деди.

Пайгамбарыбыздын саллаллаху алейхи ва саллам кичи пейилдик касиети эч кимде, жада калса, эч бир пайгамбарда (алейхимуссалам) болбой тургандай даражада жана теңдешсиз эле.

Текебердик сезим анда эч качан болгон эмес. Пайгамбарыбызга "кожойун (чексиз укуктуу) пайгамбар" же "кул пайгамбар" болууну тандоого эркиндик бергенде кул пайгамбар болууну тандаган.

Ушундан кийин Исрафил алейхиссалам пайгамбарыбызга "Күмөнсүз, Аллаху таала кичипейилдүүлүк көрсөткөн ошол

касиетти да сизге берген. Анткени, кыяматта сиз Адам урпагынын эң улуусусуз. Кабырдан турган алгачкы адам - сизсиз. Алгачкы болуп шапаат кылган да - сизсиз", - деди.

Пайгамбарыбыз Хазрети Айша энебизге мындай деди: **"Мага Мекkенин ташынын, топурагынын алтын болушу сунушталды. Жок, йа Раббим дедим. Бир күн ач, бир күн ток болоюн. Ач калган күнү сага жалбарып дуба кыламын. Ток болгон күнү сага хамду санаа кыламын".**

Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбызга келип, "Аллаху тааланын сизге саламы бар. "Кааласа бул тоолорду ага алтын кылайын. Кайда барса да ошол алтын тоолору аны менен бирге болот", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Эй, Жабраил! Дүйнө – үйү жоктун үйү. Жана** (ал) – мүлкү жоктун мүлкү. Аларды акылсыз адам гана жыйнайт", - деди. Андан кийин Жабраил алейхиссалам: "Йа Мухаммед (алейхиссалам)! Аллаху таала сизди сөзүнө туруктуу, күчтүү кылган", - деди.

Хазрети Айша энебиз: "Бир ай үйүбүздө тамак бышыруу үчүн от жакпаган күндөр болду. Бир гана курма менен суу болгон", - деген.

Ибни Аббас хазреттери: "Расулуллах менен ахли байти бир нече түн кечки тамак ичпестен жатар эле. Кечке жечү эч нерсе таппайт элек", - деген.

Хазрети Айша энебиз айтат: "Расулуллах алейхиссаламдын мубарек карды тамакка эч канчан тойгон эмес. Бул тууралуу эч кимге даттанган эмес. Муктаждык ал үчүн байлыктан артык болгон. Түнү бою ачкалыктан кыйналса да бул анын күндүзгү орозосуна кедерги болчу эмес.

Ал кааласа, Раббисинен жер бетинин бардык казыналарын, тамактары менен рахат өмүр сүрөр эле. Сөз беремин, анын бул абалын көргөндө жаным сыздап ыйлайт элем. Колу менен мубарек ичин сылап, "Жаным сизге курман болсун, сизге кыйындык алып келген бул дүнүйөдө бир аз нерсе алсаңыз болбойбу?" – деп айтар элем. Ал: **"Эй, Айша! Мен дүйүнөнү эмне кылам? Улул азмндан болгон пайгамбар досторум мындан да оор азаптарга чыдады. Бирок, ошол абалдары менен өмүр сүрүүлөрүн уланткан. Раббилерине жетишти. Ошол себептен Раббилери алардын Өзүнө кайтууну керемет** түрдө жүзгө ашырды, соопторун арттырды. Мен ырахат өмүр сүрүүдөн тартынамын. Анткени, андай өмүр мени алардан артка калтырат.

Мен үчүн эң жакшы жана эң сонун нерсе – жакындарыма, досторума жолугуу жана алардын катарына кошулуу”, - деди. Расулуллах ушу сөзүнөн бир айдан кийин кайтыш болду.”

Пайгамбарыбыздын жоомартыгы да ооздон оозго аңыз-дастанга айланган. Бул жагынан да эч ким аны менен тең келе албайт.

Ибни Аббас мындай дейт: “Расулуллах алейхиссалам жакшылык жасоо жагынан адамдардын ичиндеги эң жоомарты болгон. Рамазан айында жана Жабраил алейхиссалам менен кездешкен кезде чоң жоомарттык кылган”, - деген.

Анас бин Малик айтат: “Расулуллах менен бирге келе жаттым эле. Үстүндө Йемендик чапан (Бүрди Нажрани) бар болгон. Артынан бир адам келип, жакасынан ошончолук катуу таркандыктан чапанынын жакасы мубарек мойнун тытып, из калтырды. Расулуллах бул адамга акырын гана жылмайып, ага бир нерсе берилүүсүн буюрду”.

Расулуллахтын бир кары аял кошунасы бар эле. Ал кызын Расулуллахка жиберип: “Намаз окуганга кийген кийимим жок. Мага намазда жамынуучуга бир кийим жибериңиз”,- деп суранат. Расулуллах алейхиссаламдын дал ошол убакытта ашыкча кийим жок эле. Үстүндөгү “антарини” (узун көйнөк) чечип, ошол аялга жиберет. Намаз убакыты келген кезде кийимсиз болгондуктан мечитке бара алган жок. Сахабалар муну угуп: “Расулуллах ошончолук жоомарт, кийимсиз калып мечитке келе албай отурат. Биз да бардык нерсебизди кедейлерге тараталы”,- дешти. Аллаху таала “Исра” сүрөсүнүн 29-чу аятын жиберди. Алгач хабибине: **“Сараңдык кылба, эч нерсе бербей койбо”, -** деп, андан кийин: **“Кыйынчылыкка түшө турганчалык жана намазды өткөрүп жибере турганчалык, капалана турганчалык деңгээлде бардык нерсеңди таратпа! Садакада орто жолду карман”, -** деп буюрду.

Ошол күнү намаздан кийин Хазрети Али Расулуллахтын жанына келип, “Йа Расулаллах! Бүгүн бала-чакам үчүн сегиз дирхам күмүш карыз алган эле. Анын жарымын сизге берейин. Өзүңүзгө антари (кийим) алыңыз”,- деди. Расулуллалах базарга барып, эки дирхамга бир антари сатып алды. Калган эки дирхамга азык-түлүк алууга бара жатканда бир сокур адамдын отурганын көрдү. Ал: “Аллах ыразычылыгы үчүн жана Жаннат кийимине

кол жеткизүү үчүн ким мага көйнөк берет?" деп отурду. Алган кийимин ошого берди. Сокур адам кийимди колуна алган кезде жыпар жытты сезди. Мунун Расулуллах алейхиссаламдын мубарек колунан келгенин түшүндү. Анткени, Расулуллахтын бир жолу кийген нерсеси эскирип, сөгүлсө да жыпар жыт жыттанып турчу. Сокур адам: "Йа Раббим! Ушу көйнөктүн урметына менин көздөрүмдү ача көр", - деп дуба кылды. Ошол замат эки көзү ачылды. Расулуллах ал жерден кетти. Бир дирхамга бир кийим сатып алды. Калган бир дирхамга азык-түлүк алууга бара жатканда бир кызматчы кыздын ыйлап турганын көрүп, **"Кызым эмнеге ыйлап жатасын?"**- деп сурады. Ал: "Бир яхудинин кызматчысымын. Кожоюнум мага бир дирхам берип, жарты дирхамга чыны, жарты дирхамга май сатып алууга жиберген. Ошолорду алып бара жаткан элем. Колуман түшүп, чыны сынды, май да кетти. Эмне кыларымды билбей жатам", - деди. Расулуллах акыркы дирхамын кызга берип: **"Ушуга чыны менен май ал"**, - деди. Кыз: "Үйгө кеч барганым үчүн яхуди мени урат деп корком", - деди. Пайгамбарыбыз: **"Коркпо, сен менен бирге барып, сага тийбесин деп сураймын"**, - деди. Яхудинин үйүнө барып, эшигин какты. Яхуди эшикти ачып, Расулуллахты көрүп таң калды. Расулуллах яхудиге болгон жагдайды айтып, кызга ачууланбоосун сурады. Яхуди Расулуллахтын бутуна жыгылып: "Миңдеген адамдын баш таажысы болгон, миңдеген арстан буйругун орундоо үчүн күтүп турган эй улуу Пайгамбар! Бир кызматчы кыз үчүн мен сыяктуу бир байкуштун үйүнүн эшигин кадырланттыңыз. Йа Расулаллах! Бул кызды сиздин урматыңызга азат кылдым. Мага ыйманды, Исламды үйрөтүңүз. Сиздин алдыңызда мусулман болоюн", - деди. Расулуллах алейхиссалам ага мусулмандыкты үйрөттү. Ал мусулман болду. Үйүнө кирди. Бала-чакасына болгон окуяны айтты. Бардыгы мусулман болду. Мунун баары Расулуллахтын көркөм мүнөзүнүн берекеси менен ишке ашты.

Расулуллахтын жакшы касиеттери өтө көп. Ар бир мусульмандын аларды үйрөнүп, андан үлгү алуу керек. Ушундайча, дүйнөдө жана жана акыретте балекеттерден, кыйынчылыктардан кутылу, пайгамбарыбыздын шапаатына жармашуу насип болот.

Анын көркөм мүнөздөрүнүн кээ бирлери булар:

**1-** Расулуллахтын илими-ирфаны, түшүнүгү, акылы, зейини, жоомарттыгы, карапайымдыгы, мээрими, сабыры, кайраты,

камкорлугу, чынчылдыгы, ишенимдүүлүгү, эрдиги, улуулугу, чечендиги, салмактуулугу, намыстуулугу, кемелдиги, ынсабы, уяттуулугу, такыбаалыгы бардык пайгамбарлардан артык болгон. Досунан, душманынан көргөн зыяндарын, азаптарын кечирчү. Эч кайсынысына жамандык менен жооп кайтарчу эмес. Ухуд согушунда капырлар анын ыйык жаагын канатып, мубарек тишин сындырган кезде муну кылгандар үчүн **“Йа Раббим! Аларды кечир. Жахилдиктерине багыштап кечир”** деген.

**2-** Өзүн эч кимден жогору кармачу эмес. Бир сапарда кой этинен шишкебек жасайлы деген кезде бири: “Мен соёюн”,- деди. Дагы бири: “Мен терисин сыйырайын”,- деди. Жана да бирөө: “Мен бышырайын”,- деди. Расулуллах: **“Мен отун жынаймын”, -** дегенде сахабалар: “Йа Расулаллах! Сиз демалыңыз, биз жыйнайбыз”,- дешти. **“Ооба, силердин бардык нерсени жасаныңарды билемин. Бирок, жумуш иштеп жаткандардан бөлүнүп отура албайм. Аллаху таала досторунан бөлүнүп отургандарды сүйбөйт”, -** деп, отун жыйноого кетти.

**3-** Сахабалар отурган жерге келген кезде төр жакка өтчү эмес. Кайсы жер бош болсо, ошол жерге отурчу эле. Колуна таягын алып бир күнү көчөгө чыкканда аны көргөндөр ордунан турду. **“Өзгөлөрдүн бир-бирине урмат көрсөткөнү сыяктуу, мен үчүн ордуңардан турбагыла! Мен да силер сыяктуу бир адаммын. Бардык адам сыяктуу ичип-жейм. Чарчаганда отурамын”**, - деди.

**4-** Көбүнчө тизелеп отурчу. Тизелерин көтөрүп эки колун кошуп отурган кездери да болгон. Тамак ичүүдө, кийингенде жана бардык нерседе кызматчыларын өзүнөн бөлчү эмес. Аларга жумуштарында жардам берчү. Эч качан бирөөнү уруп, жаман сөз айтканы көрүнгөн эмес. Ага ар убакыт кызмат жасаган Анас бин Малик: “Расулуллахка он жыл кызмат кылдым. Бирок, Ал кишинин жасаган кызматы менин ага жасаган кызматымдан артык болот. Мага таарынганын, катуу сүйлөгөнүн эч качан көргөн эмесмин”, - деген.

**5-** Багымдат намазын окуп болгондон кийин бурулуп жамаатка карап: **“Ооруп калган тууганыбыз барбы? Барып көңүлүн сурайлы”, -** дечү. Оору адам жок болсо: **“Жаназа чыгарган үй барбы, барып жардам берели”, -** дечү. Кайтыш болгон адам бар болсо аны жууга, кепендөөгө жардам берип,

жаназасын окуп, кабырга жерге берүүгө чейин барчу эле. Кайтыш болгон адам жок болсо: **“Түш көргөн адам бар болсо айтсын, угалы, жоруйлу”, -** дечү.

**6-** Конкторуна, сахабаларына кызмат кылып: **“Бир коомдун эң жогорусу – ошол коомго кызмат кылганы”, -** дечү.

**7-** Эч качан каркылдап күлгөнү көрүнгөн эмес. Жай күлүмсүрөчү. Кээде күлгөн кезде мубарек алдынкы тиштери көрүнчү.

**8-** Орунсуз, пайдасыз сөздөрдү сүйлөчү эмес. Керектүү кезде кыска, пайдалуу, мааниси ачык сөздөрдү айтчу. Түшүнүктүү болуу үчүн кээде бир сөзүн үч жолу кайталап айтчу.

**9-** Айбаттуулугунан эч ким анын жүзүн карай алчу эмес. Бирөө келип мубарек жүзүн караган кезде, толкунданганынан өзүн тер басчу. Ошондо пайгамбарыбыз: **“Кысылба! Мен падыша эмесмин, заалым эмесмин. Эт шорпосу менен күн көргөн карапайым бир аялдын уулумун”, -** дечү. Ушундан кийин ал адамдын коркунучу басылып, дартын айтчу.

**10- “Ичиңерде Аллаху тааланы жакшы тааныган жана андан эң көп корккон - менмин”, “Меним көргөнүмдү көрсөңөр аз күлүп, көп ыйламаксыңар”, -** дечү. Асмандан булут көрсө: **“Йа Раббим! Бул булут менен бизге азап жибербе”**, шамал турса: **“Йа Раббим! Бизге кайырлуу шамал жибер”**, асман күркүрөгөндө: **“Йа Раббим! Бизге таарынып, өлтүрбө. Азабыңды жибербе. Кечире көр”, -** деп дуба кылчу. Намазда турганда көкүрөгүнөн ыйлаган адамдын үнү сыяктуу бир үн чыкчу. Курани карим окуганда да ошондой болчу.

**11-** Жүрөгүнүн кубаты, баатырлыгы адамды таң калдырчу. Хунайн согушунда мусулмандар таралып, үч-төрт эле адам менен калган эле. Бир нече жолу капырлардын чабуулуна жалгыз каршы чыкчу жана чегинбеди.

**12-** Өтө жоомар эле. Жүздөгөн төө менен койду таратып, өзүнө эч нерсе калтырчу эмес. Канчалык катуу жүрөктүү капырлар анын бул үстөмдүктөрүн көрүп, ыйман келтиришкен.

**13-** Аялдарына жана бир нече кызматчысына кээде бир жылдык арпа менен курма бөлүп коюп, ал жердеги кедейлерге да садака берчү.

**14-** Койдун этин, эттин шорпосун, ашкабакты, таттууларды, балды, курманы, сүттү, каймакты, дарбызды, коонду, жүзүм менен бадыранды жакшы көрчү.

**15-** Сууну акырын, бисмиллах менен баштап, үч жутум менен иччү. Аягында "алхамдулиллах" деп, дуба кылчу.

**16-** Кийүү жаиз болгон нерселерден тапканынын бардыгын кийе берчү. Калың кебезден ихрам сыяктуу тигилбеген нерселерди жамынып, жапкыч оронуп, көйнөк менен чапан да кийчү. Булар кебезден, жүндөн же кылдан токулчу. Көбүнчө ак кийчү, кээде жашыл түсүн да кийчү. Тигилген кийим кийген кездери да болгон. Жума жана Айт күндөрү жана чет мамлекеттерден элчилер келгенде жана согуш маалында баалуу көйнөктөрдү, жашыл, кызыл, кара кийимдерди да кийчү. Колун билектерине чейин, мубарек бутун балтырынын жарымына чейин жабчу.

**17-** Арабстандагы адат боюнча чачын кулагынын жартысына чейин өстүрчү, артын кесип кыскартчу. Чачына атайын дайындалган жыпар жыттуу май сүрчү.

**18-** Колуна, башына, бетине жыпар жыттарды сепчү.

**19-** Төшөгү ичи курма буласына толтурулган териден жасалган болчу. Жүн толтурулган бир төшөк алып келингенде аны кабылдабай: **"Йа, Айша! Аллаху таалага сөз берем, эгер кааласам Аллахуу таала мени бардык жерде алтын менен күмүшкө** бөлөйт эле", - деген. Кээде (камыштан токулган) төшөнүч, тактай, жүндөн токулган кийиз же кургак топурак үстүнө жатчу.

**20-** Ар түн сайын көзүнө үч жолу сурма сүрчү.

**21-** Үйүндө күзгү, тарак, сурма идиши, мисвак, кайчы, ийне, жип ар дайым болчу. Жолго чыкканда аларды да ала жүрчү.

**22-** Куптандан кийин түндүн ортосуна чейин уктап, андан кийин туруп багымдат намазына чейин ибадат кылчу. Оң жагына карап жатып, оң колун жаагынын астына коюп, кээбир сүрөлөрдү окуп жатчу.

**23-** Тафаул кылчу. Б.а., биринчи көргөн көргөн нерсесин, кокустан көргөн нерсесин жакшылыкка жоручу. Эч нерсени жамандыкка жоручу эмес.

**24-** Кайгылуу убаккытарда сакалын кармап, ойлончу.

**25-** Таарынган кезде дароо намаз окучу. Намаздын лаззатары менен кайгыдан арылчу.

Пайгамбарыбыз Аллаху тааладан катуу коркуп, Ага ушунчалык көп ибадат кылган, анын бул абалына эч ким чыдай алмак эмес. Мубарек буттары шишигенче намаз окучу. "Йа

Расулаллах! Сиздин өткөн-кеткен бардык күнөлөрүңүз кечирилсе да эмнеге өзүңүздү ушунчалык кыйнайсыз?" – дегендерге: **"Мен Аллаху тааланын эң көп шүгүр эткен кулу болбоюнбу?" -** деп жооп берчү.

## Фазилаты (Үстөмдүктөрү)

Мухаммед алейхиссаламдын үстөмдүктөрүн билдирген жүздөгөн китептер бар. Фазилат – үстөмдүк деген. Алардын бир канчасы төмөндө көрсөтүлгөн:

**1-** Жаратылгандардын (макулуктардын) ичинде эң биринчи болуп Мухаммед алейхиссаламдын нуру менен руху жаратылган.

**2-** Аллаху таала анын ысмын Аршка, Жаннаттарга жана жети кабат көккө жазган.

**3-** Индияда өсүп чыккан бир гүлдүн жалбырагында «Лаа илаха иллаллах, Мухаммедур-расулуллах» - деп жазылган.

**4-** Басра калаасына жакын жерден агып өткөн дайрадан кармалган балыктын оң капталында «Аллах», сол капталында «Мухаммед» деп жазылганы байкалган.

**5-** Мухаммед алейхиссаламдын ысымын айтуудан башка милдети болбогон periштелер бар.

**6-** Аллаху таала периштелерге Хазрети Адамга сажда кылгыла деп буюруусунун себеби – анын маңдайында Мухаммед алейхиссаламдын нуру болгондуктан эле.

**7-** Аллаху таала бардык пайгамбарларга Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгын өз үммөттөрүнө сүйүнчүлөп, эгер аны менен замандаш болуп кала турган болушса, ага ишенүүлөрүн буйрук кылган.

**8-** Хазрети Пайгамбарыбыз бул дүйнөгө келе турчу кезинде чоң белгилер байкалган. Алар тууралуу тарых жана мавлид китептеринде жазылган.

**9-** Дүнүйөгө келгенинде киндиги кесилген, сүннөттөлгөн болуп көрүндү.

**10-** Дүнүйөгө келгенден баштап эми шайтандар көккө чыга албай турган, периштелерден кабар уурдай албай турган болушкан.

**11-** Дүнүйөгө келген кезинде жер бетиндеги бардык буттар, айкелдер кулады.

**12-** Бешигин периштелер терметчү.

**13-** Бешикте жатып асмандагы Ай менен сүйлөшчү. Ай анын мубарек манжасы менен белги берген жагына карай ийилчү.

**14-** Бешикте жатып сүйлөй баштаган.

**15-** Бала кезинде ачык асман алдында жүргөн учурда төбөсүндө бир булут ага көлөкө түшүрүп жүрчү. Бул абал пайгамбарлыгы башталганга чейин уланды.

**16-** Бардык пайгамбарлардын оң колунун үстүндө пайгамбарлык мөөрү болгон. Ал эми Мухаммед алейхиссаламдын мөөрү болсо эки далысынын ортосунда жүрөгүнүн үстүндө болгон.

**17-** Алдындагыны көргөнү сыяктуу аркасындагыларды да көрчү.

**18-** Жарыкта кандай көрсө караңгыда да ошондой көрчү.

**19-** Түкүрүгү ачуу сууларды таттуу кылды. Ооруларга шифаа болду. Бөбөктөргө сүт сыяктуу азык болду.

**20-** Көзү уктаса да, жүрөгү дайыма ойгоо эле. Пайгамбарлардын баары ушундай болгон.

**21-** Өмүр бою эч эстеген эмес. (Бардык пайгамбарлар дагы ушундай болгон)

**22-** Мубарек денесинен жыпар жыт аңкып турган. Бир кедей адам кызын турмушка узатаарды андан жардам сураган эле. Дал ошол убакта берүүгө эч нерсеси жок эле. Кичине чыны идишке тер тамчыларын жыйнап берди. Ал кызы аны бети- башына сүрткөн кезде үйү жыпар жыттанчу. Ошондон кийин анын үйү «жыпар жыттуу үй» - деп аталып калган.

**23-** Орто бойлуу болсо да, бою узун адамдардын жанында алардан бийик болуп көрүнөөр эле.

**24-** Күн менен айдын жарыгында жүргөндө көлөкөсү жерге түшчү эмес.

**25-** Денеси менен кийимине чымын-чиркей жана башка жандыктар кончу эмес.

**26-** Кийимдерин канча кийсе да кирдечү эмес.

**27-** Баскан кезде аркасынан периштелер ээрчип жүрөр эле. Ошондуктан сахабаларды алдына чыгарып, «Аркамды периштелерге картыргыла», - дечү.

**28-** Таштын үстүнөн баскан кезде бутунун изи түшчү. Ал эми кумдун үстүндө жүргөндө изи түшчү эмес. Даарат сындырган кезде жер жарылып, даараты ошого түшчү. (Пайгамбарлардын баары ушундай эле.)

**29-** Адамдар менен периштелердин ичинде эң көп илим ага берилди. Умми болсо да, эч кимден эч нерсе үйрөнбөсө да Аллаху таала ага бардык нерсени билдирген. Адам алейхиссаламга бардык нерсенин ысымы билдирилгендей Мухаммед алейхиссаламга бардык нерсенин ысымы жана илими да билдирилген.

**30-** Ага үммөтүнүн ысымдары, жыныстары жана араларында боло турган бардык нерселер билдирилди.

**31-** Акылы бардык адамдардын акылынан да көп.

**32-** Адамдарда болуусу мүмкүн болгон бардык жакшы касиеттер ага берилген. Улуу акын Омар Ибн Фаридге «Расулуллахты эмнеге мактабадың?» делгенде «Аны мактоого күчүм жетпей тургандыгын түшүндүм. Аны мактай турчу сөз таба албадым», - деген.

**33-** Шахадат калимасында, азанда, каматта, намаздагы ташаххудда, көптөгөн дубаларда, кээ бир ибадаттар менен хутбаларда, насыят айтууда, кыйын кездерде, кабырда, махшарда, Бейиште жана бардык жаратылыштын тилинде Аллаху таала анын ысымын өз ысымы менен бирге катар койгон.

**34-** Эң чоң үстөмдүгү – анын Хабибуллах болуусу. Аллаху таала аны Өзүнүн сүйүктүү досу кылган. Аны бардык адамдан, бардык периштеден артык жакшы көргөн, «Ибрахимди халил кылсам, сени өзүмө хабиб кылдым», - деген.

**35- «Сага ыраазы болгонуңча (жетет дегенге чейин) бардык тилегиңди беремин.»** («Духа» сүрөсү, 5-аят), Аллаху тааланын пайгамбарына бардык илимдерди, бардык үстөмдүктөрдү, ислам өкүмдөрүн, душмандарына каршы көмөк жана жеңиш, үммөтүнө жеңиштер жана кыяматка чейин ар түрдүү шапаат ихсан кыла тургандыгын убада кылат. Ушул аяти карима келген кезде Жабраил алейхиссаламга карап: «Үммөтүмдүн биринин Тозокто калуусуна ыраазы болбоймун», - деген.

**36-** Аллаху таала Курани каримде ар пайгамбарды өз ысымы менен, ал эми Мухаммед алейхиссаламды «Эй, Расулум! Эй, Пайгамбарым» деп атаган.

**37-** Өтө анык, түшүнүктүү түрдө арап тилинин бардык диалектисинде сүйлөй берчү. Ар түрдүү жерлерден келгендерге алардын тили менен жооп берчү. Уккандар таң калышчу**. «Аллаху таала мени өтө жакшы жетилдирди»,** - дечү.

**38-** Аз сөз менен көп нерсени түшүндүрчү. Жүз миңден ашуун хадиси шарифи анын «жавами-ул калим» экенин көрсөтөт. Кээ бир

аалымдар мындай дейт: «Мухаммед алейхиссалам Ислам дининин төрт негизин төрт хадис менен көрсөткөн. «Аракеттер ниетке карай бааланат» жана «Халал да билдирилди, харам да билдирилд», **«Доочунун күбөкөр көрсөтүүсү жана айыпталуучунун ант кылуусу керек»** жана «Бир адам өзү үчүн каалаган нерсесин дин тууганы үчүн да каалмайынча ыйманы толук болбойт». Бул төрт хадиси шарифтин биринчиси ибадат, экинчиси иш-аракет, үчүнчүсү адилет иштери менен саясат, төртүнчүсү адеп менен ахлак илимдеринин негизи болуп саналат».

**39-** Мухаммед алейхиссалам масун (корголгон) жана масум (күнөөсүз) болчу. Билип жана билбей, чоң жана кичине, кырк жашынан мурда жана андан кийин эч кандай күнөө кылган эмес. Эч кандай жаман аракети байкалган эмес.

**40-** Мусулмандарга намазда отурганда «Ассалааму алейка аййухан-набиййу ва рахматуллахи» - деп окуп, Мухаммед алейхиссаламга салам берүү буйрук кылынды. Намазда башка пайгамбарларга жана периштелерге салам берүүгө болбойт.

**41-** Аллаху таала ага: «Сен болбогондо эч нерсени жаратпас элем», - деген.

**42-** Башка пайгамбарлар капырлардын жалааларына өздөрү жооп беришкен. Ал эми Мухаммед алейхиссаламга жабылган жалааларга Аллаху таала өзү жооп берип, аны коргогон.

**43-** Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүнүн саны башка пайгамбарлардын бардыгынын үммөтүн кошкондогудан да көп. Алардан үстөм жана абыройлуу. Жаннатка бара тургандардын үчтөн экиси ушул үммөттөн боло тургандыгы хадиси шарифте билдирилген.

**44-** Расулуллахка берилчү сооптор башка пайгамбарларга берилчү сооптордон канчалаган эсе көп.

**45-** Аны атын атап чакыруу, анын жанында бийик үн менен сүйлөө, алыстан ага кыркырып сүйлөө, жолдо алдына өтүп алуу харам кылынган. Башка пайгамбарлардын үммөттөрү аларды ысымы менен чакырышчу.

**46-** Жабраил алейхиссаламды периште кейпинде эки жолу көргөн. Башка эч кайсы пайгамбар аны периште келбетинде көргөн эмес.

Ага Жабраил алейхиссалам жыйырма төрт миң жолу келген. Башка пайгамбарлардан эң көп Муса алейхиссааламга келген. Ага төрт жүз жолу келген.

**47-** Аллаху таалага Мухаммед алейхиссаламдын аты менен ант берүүгө болот, башка пайгамбарлар менен периштелердин аты менен берүүгө болбойт.

**48-** Мухаммед алейхиссаламдан кийин анын жубайлары менен башкалардын никелешүүсү харам кылынган, бул жагынан алардын момундардын энелери экендиги айтылган.

**49-** Кан менен нике жагынан болгон туугандыктын кыяматта пайдасы жок. Расулуллахтын туугандары мындан сырткары.

**50-** Расулуллахтын ысымын алуу дүнүйө менен акыретте пайдалуу. Анын ысымы коюлган чыныгы мусулмандар Тозокко киришпейт.

**51-** Анын бардык сөзү, бардык иши туура. Бардык өкүмү Аллаху таала тарабынан тастыкталат.

**52-** Аны сүйүү бардык адамга фарз. «Аллаху тааланы сүйгөн адам мени сүйөт», - деген. Аны жакшы көрүүнүн белгиси: анын динине, жолуна, сүннөтүнө баш ийүү. Курани каримде: «Мага баш ийсеңер Аллаху таала силерди сүйөт», - деп буюрулду.

**53-** Анын ахли байтин (туугандарын) жакшы көрүү важиб болуп саналат. «Ахли байтиме душмандык кылган адам - мунафык», - деген. Айли байт – зекет алуусу харам болгон туугандары. Алар аялдары жана атасы Хашимдин тегинен чыккан момундар, Алинин, Укайлдын, Жафар Таййардын жана Аббастын (радыйаллаху анхум) тегинен чыккандар.

**54-** Сахабалардын баарын сүйүү - важиб. Расулуллах: «Менден кийин сахабаларыма душмандык кылбагыла! Аларды жакшы көрүү – мени жакшы көрүү. Аларга душман болуу – мага душман болуу. Аларды таарынткан адам мени таарынткан болуп саналат. Ал эми мени таарынткан адам Аллаху тааланы таарынтат. Аллаху таала өзүн таарынткан адамды азаптайт», - деген.

**55-** Аллаху таала Мухаммед алейхиссаламга көктө эки жана жерде эки жардамчы жараткан. Алар – Жабраил, Микаил, Абу Бакр жана Омар (радыйаллаху таала анхум ажмаин.

**56-** Аял-эркек, улуу жашта кайтыш болгон бардык адамдан кабырында Мухаммед алейхиссалам тууралуу суралат. «Раббиң ким?» деп суралганы сыяктуу «Пайгамбарың ким?» деп да суралат.

**57-** Мухаммед алейхиссаламдын хадиси шарифтерин окуу – ибадат. Окуган адамга сооп берилет.

**58-** Анын мубарек рухун алуу үчүн Азраил алейхиссалам ада келбетинде келип, ичке кирүүгө уруксат сурады.

**59-** Кабырынын ичиндеги топурак бардык жерден жана Каабадан жана Жаннаттардан да артык.

**60-** Ал кабырды биз билбеген өмүрдө тирүү. Кабырда Курани карим, намаз окуйт. Бардык пайгамбарлар да ушундай.

**61-** Ааламдын бардык жеринде Расулуллахка салават окуган мусулмандардын саалмдарын уккан периштелер кабырына барып кабарлашат. Кабырын күнүнө миңдеген периште зыярат кылат.

**62-** Үммөтүнүн амалдары менен ибадаттары күн сайын таң эрте жана кеч ага көрсөтүлөт, аларды кылган адамдарды да көрөт. Күнөө кылгандардын кечирилүүсү үчүн дуба кылат.

**63-** Кабырын зыярат кылуу аялдарга да мустахаб. Ал эми башка кабырларды бир гана башка адамдар аз кезде жана мусулманга жараша турган кийим менен зыярат кылууларына болот.

**64-** Тирүү кезиндеги сыяктуу кайтыш болгондон кийин да дүнүйөнүн бардык жеринде ар дайым аны тавассул (себепчи, арачы) кылган, б.а., анын урматы үчүн тилек тилегендердин дубасын Аллаху таала кабыл кылат.

**65-** Кыямат күнү кабырынан эң биринчи болуп Расулуллах турат. Үстүндө Бейиштин кийими болот. Буракка минип махшар майданына барат. Колунда «Лива-ул-хамд» деген байрак болот. Пайгамбарлар менен бардык адамдар ушул байрактын астында турушат. Баары миң жыл күтүүдөн абдан чарчашат. Адамдар кезек менен Адам, Нух, Ибрахим, Муса жана Иса пайгамбарларга (алейхимуссалам барып, эсепке тартуунун башталуусу үчүн шапаат кылууларын тилешет. Алардын эч бири кечирим сурап, Аллаху тааладан уялып, корккондуктарын айтышат, шапаат кылуудан тартынышат. Кийин Расулуллахка барып жалынган кездеринде ал сажда кылып, дуба кылат жана шапааты кабыл болот. Алгач анын үммөтүнүн эсеби каралат, эң биринчи болуп Сырат көпүрөсүнөн ошолор өтөт, эң биринчи болуп Жаннатка ошолор киришет. Барган жерлеринин бардыгын нурландырышат. Хазрети Фатима Сыраткөпүрөсүнөн өтүп бара жатканда «Бардыгы көздөрүн жумсун! Мухаммед алейхиссаламдын кызы келе жатат», - делет.

**66-** Алты жерде шапаат кылат. Биринчиси, «Макам**-ы М**ахмуд» деп аталган шапааты менен бардык адамдарды махшарда күтүп туруу азабынан куткарат. Экинчиси шапааты көп адамды Жаннатка киргизет. Үчүнчүсү азапка тартылууга тийиш адамдарды азаптан куткарат. Төртүнчүсү күнөөсү көп болгон момундарды

Жаханнамдан чыгарат. Бешинчиси сообу менен күнөөсү тең болуп, Араф деп аталган жерде күтүп тургандардын Жаннатка барууларына шапаат кылат. Алтынчысы Жаннатагылардын даражаларынын көтөрүлүүсүнө шапаат кылат.

**67-** Расулаллахтын Жаннаттагы макамы Васила деп аталат. Бул жер Жаннаттын эң жогорку даражасы. Жаннаттагы бардык адамга бир-бирден талы созулган Сидратул мунтаха багынын тамыры ошол жерде. Жаннаттагыларга нимттар ушул бутактардан келет.

## Истигфары

**Пайгамбарыбыз алейхиссалам жаратылгандардын эң үстөмү болуу менен бирге Аллаху тааланы эң жакшы тааныган жана Андан эң жакшы коркчу. Хак таала аны күнөө кылуудан сактаса да ал ар дайым токтоосуз ибадат кылып, Аллаху таалага дуба кылып, истигфар айтчу. Түндүн алгачкы убактында (куптандан кийин) уктап, акыркы убактында ибадат кылчу.**

Ибн Аббас (радыйаллаху анх) айтат: «Бир түнү момундардын энеси Хазрети Маймунанын (радыйаллаху анха) үйүндө конокто болдум. Расулуллах түндүн ортосуна чейин же бираз мурда же кийинки убакытка чейин уктады. Кийин ойгонуп отурду, колу менен бетин сыйпап уйкусун ачты. Туруп, асылып турган суу кумганын алып, даарат алды. «Али Имран» сүрөсүнүн соңку он аятын окуп, намазга турду. Мен да туруп, Расулуллах сыяктуу даарат алып, анын жанына барып намазга турдум. Расулуллах эки рекет намаз окуду. Кийин дагы эки рекет окуду. Андан кийин дагы эки рекет окуду. Кийин витир намазына турду. Андан кийин багымдат намазынын азаны чакырылганына чейин жатты. Кийин туруп, эки рекет намаз окуду да мечитке барып, багымдат намазынын фарзын окуду.»

**Хазрети Айша (радыйаллаху анха) энебиз айтат: «Расулуллах алейхиссалам бир түнү уйкуга жаткан болчу. Ойгонуп: «Йа, Айша! Уруксат берсең бул түнү Раббиме ибадат кылайын», - деди. Кийин турду. Курани карим окуп, ыйлады. Жада калса, аккан көз жашынан эки көзү суу болуп кетти. Ал окуусун уланта берди, окуган сайын мубарек көз жашы денесинин бардыгын суулады. Бул абал таңга чейин уланды.**

**Таң эрте Билал Хабеши (радыйаллаху анх) келип, жагдайды көрүп: «Ата-энем сизге курман болсун, йа, Расулаллах! Аллаху таала сиздин өткөн жана болочоктогу каталарыңызды кечирбедиби?» - дегенинде Расулуллах: «Эй, Билал! Мен шүгүр кылуучу кул болбоюнбу, Аллаху таала бул түнү: «Көктөр менен жердин жаратылуусунда түн менен күндүздүн бири-биринен кийин келүүсүндө акыл ээлери үчүн арийге көптөгөн белгилер, ишаралар бар», - деген. («Али Имран» сүрөсү, 189) аяти каримасын түшүрдү», - деди.**

«**Муслимде» билдирилген хадиси шарифте болсо: «Жүрөгүмө ошондой нерселер келет, ар күнү жана түнү булардан Аллаху таалага ирет истигфар кыламын» жана «Жүрөгүмдө (илахий нурдун келүүсүнө кедерги боло турган) парда пайда болот. Ошондуктан, күнүгө 70 жолу истигфар кыламын» жана «Аллаху таалага күнүнө 100 жолу истигфар айтамын», - деген.**

Пайгамбарыбыздын алейхиссалам Аллаху таaладан корко тургандыгы ошончолук, каркылдап күлгөнү көрүлбөгөн.

Имам Тирмизинин Абу Зардан (радыйаллаху анх) алган хадиси шарифинде: **«Күмөнсүз, силер көрбөгөндөрдү мен көрөмүн. Укпагандарыңарды угамын. Көктө периштелер сажда кылбай турган төрт жагы тең бош орун жок. Валлахи, менин билгенимди билсеңер аз күлүп, көп ыйламаксыңар. Жолго түшүп, болгон үнүңөр менен Аллаху таалага жалбармаксыңар», - делинген.**

Абу Хурайранын (радыйаллаху анх) риваят кылган хадиси шарифинде Расулуллах: **«Эч кимди амалы Жаннатка алып барбайт», - деген. «Сизди дабы йа Расулаллах?» - деп суралганда: «Ооба, мени да амалым Жаннатка алып барбайт. Бир гана Аллаху тааланын мээрими менен ырайымдуулугу мени жабат», - деген.**

Ибн Омар (радыйаллаху анх) айтат: «Расулуллах менен бирге жыйналып отурганыбызда: **«Йа, Раббим! Мени кечир жана тообомду кабыл кыл. Сен тооболорду кабыл кылуучусуң жана ырайымдуусуң», - деп жүз жолу санап отурчубуз.»**

Анас бин Малик (радыйаллаху анх) Расулуллах (**саллаллаху алейхи ва саллам) дайыма «Аллахумма йа мукаллиб-эл-кулуб, саббит калби ала диник» деп айтып жүрчү»**, - дейт.

**Тирмизинин Абу Саид-ил Худриден (радыйаллаху анх) жеткирген хадиси шарифинде Пайгамбарыбыз алейхиссалам**

**мындай деген: «Төшөккө жаткан кезинде үч жолу «Астагфируллах-эл азыйм аллази ла илаха илла хуал-хаййул-каййум ва атубу илайх» деп айткан адамдын күнөөлөрү деңиздин көбүгүндөй же Тамим аймагынын кумундай же бак жалбырактарынын санындай же дүнүйөнүн күндөрүндөй көп болсо да Аллаху таала анын күнөөлөрүн кечирет».**

**Бухари менен Муслим хазреттеринин накыл кылгандары боюнча Расулуллах мындай истигфар айтчу: «Аллахуммагфирли хатиати ва жахли, ва исрафи фи амри ва ма анта аламу бихи минни».**

(Аллахым! Сен билген жана менин билип же билбей, чектен чыккан каталарымды кечир).

**«Аллахуммагфирли хазли ва жидди ва хатаи ва амди ва куллу залика инди. Аллахуммагфирли ва каддамту вама аххарту вама асрарту вама аланту вама анта аламу минни антал мукаддаму ва антал муаххару ва анта ала кулли шайин кадир».**

(Аллахым! Тамалап, чынд**ап, унутуп жана билип жасоом мүмкүн болгон бардык кемчиликтеримди кечир. Аллахым! Мурун жана кийин, жашыруун жана ачык кылган, Сен билген бардык кемчиликтеримди кечир. Эң оболку менен эң соңку болгон – Сенсиң. Бардык нерсеге күчү жеткен - Сенсиң)**.

## Шапааты

Пайгамбарыбыз алейхиссалам кыямат күнү үммөтүнө шапаат кылат, аларды кыйындык менен кайгыдан куткарат. Бир хадиси шарифте: **"Мага үммөтүмдүн жарымын Жаннатка кирүү менен шапааттын экөөнүн бирин тандоого уруксат берилди. Мен шапаатты тандадым. Анткени, ал кеңирээк. Аны бир гана динди кармангандар үчүн деп ойлобогула, ал ошол менен катар ката жазаган күнөлөр үчүн да..."** деди.

Абу Хурайрынын (радыйаллаху анх) жеткизген хадиси шарифинде Пайгамбарыбыз: **"Шапаатым, жүрөгү тилин тастыктагандай түрдө, ихлас менен "Ла илаха иллаллах" деп шапаат келмесин айткан адамга болот", -** деген.

Кээ бир хадиси шарифтерде да мындай айтылган:

**"Үммөтүмдүн ичинде ахли байтимди жакшы көргөндөргө шапаат кыламын".**

**“Үммөтүмдүн чоң күнөө кылгандарына шапаат кыламын”.**

**“Сахабаларыма тил тийгизгендерден башка бардык мусулмандарга шапаат кыла аламын”.**

**“Үммөтүмдөн өз напсине зулумдук жасагандарга, напсилерине алдангандарга шапаат кыламын”.**

**“Кыямат күнү эң биринчи мен шапаат кыламын”.**

**“Шапаатыма ишенбеген адам ага жабыша албайт”.**

Кыямат күнү суурду үйлөөнүн коркунучунан адамдар үйүлүп, көздөрүн кайда кароолорун билбей дабдырайт. Момундар менен капырлар махшар аянтына жөнөлүшөт. Бул кыямат күндүн катаалдыгын арттырган азап болуп саналат.

Бул кезде Арштты сегиз периште көтөрүп келет. Бир периште бир аттаганда жыйырма миң жылдык дүнүйөнүн жолун жүрөт.

Периштелер менен булуттар Арш-аъла орногонго чейин адам акылы жетпеген түрдө тасбих айтат. Ушундайча, Арш-аъла Аллаху тааланын ошол үчүн жараткан “ак жер”-ге орношот. Бул кезде Аллаху тааланын эч ким чыдап тура албаган азабынан баштар төмөн ийилет. Бардык адамдар кыйналып шапаат издешет.

Пайгамбарлар менен даанышмандарды коркунуч бийлейт. Олуялар менен шейиттер Аллаху тааланын адам чыдагыс азабынан кыйкырышат. Алар ушундай абалда турганда күндүн шооласынан да өткөн шоола аларды ороп алат. Ансыз да күндүн ысыктыгына чыдай албай тургандар андан жаман кыйналат. Миң жыл ушундай турат. Аллаху таала тарабынан аларга эч нерсе айтылбайт.

Ушу убакытка адамдар алгачкы пайгамбар болгон Адам алейхиссаламга барышат, “Йа Адам алейхиссалам! Сиз кадырлуу жана абройлуу пайгамбарсыз. Аллаху таала сизди жаратып, периштелерди сизге сажда кылдырды. Сизге өз рухунан үйлөдү. Эсепти баштоо үчүн шапаат кылыңыз, Аллаху тааланын кандай өкүмү болсо да ыраазыбыз. Жана кайда барууну буйрук кылса ошол жакка баралык. Бардык нерсенин ээси жана кожоюну болгон Аллаху таала макулуктарына каалаганын кылсын”, - деп жалынышат.

Адам алейхиссалам мындай дейт: “Мен Аллаху таала тыюу салган бактын жемишин жедим. Ошондуктан, Аллаху тааладан уяламын. Бирок, силер Нух алейхиссаламга баргыла”. Ушунтип миң жыл кэңешип турушат.

Андан кийин Нух алейхиссаламга барып: “Чыдай алгыс абалдабыз. Биздин өкүмүбүздүн батыраак чыгуусу үчүн шапаат кылыңыз. Бул махшар азабынан кутулалы”, - деп жалынышат. Нух алейхиссалам аларга: “Мен Аллаху таалага дуба кылдым. Жер бетинде канча адам бар болсо, ошолордун бардыгы дубамдын себебинен суугa чөктү. Ошондуктан, Аллаху тааладан уяламын. Бирок, силер Халиллуллах болгон Ибрахим алейхиссаламга баргыла. Аллаху таала “Хаж” сүрөсүнүн акыркы аятында: **“Ибрахим** (алейхиссалам) силер дүйнөгө келелектен мурун силерге мусулман деген атты койду”, - деген. Мүмкүн, силерге ал шапаат кылат”- деди.

Дагы да өз арасында миң жыл акылдашат. Андан кийин Ибрахим алейхиссаламга барышат. “Эй, мусулмандардын атасы! Сиз Аллаху тааланын өзүнө халил кылган адамысыз. Бизге шапаат кылыңыз. Аллаху таала жаратылгандарга өкүмүн берсин”, - дешет. Ибрахим алейхиссалам аларга: “Мен дүйнөдө үч жолу кинайа сөз айттым. Аларды айтып, дин жолунда күрөштүм. Эми Аллаху тааладан бул түрдө шапаат кылууга уруксат сурагандан уяламын. Силер Муса алейхиссаламга баргыла. Анткени, Аллаху таала аны менен сүйлөштү жана ага руханий жакындык көрсөттү. Ал силер үчүн шапаат кылат”, - деп айтат.

Ушу маселе боюнча дагы миң жыл кеңешишет. Бирок, ошол убакытта абалдары андан да кыйын болот. Махшар жери өтө тараят. Андан кийин Муса алейхиссаламга барып: “Йа, Ибни Имран! Сиз Аллаху тааланын өзү менен сүйлөшкөн, Тоорат түшүрүлгөн пайгамбарсыз. Эсептин башталуусу үчүн бизге шапаат кылыңыз. Анткени, бул жерде турганыбызга көп болду. Бул жердеги сыгылыштан бут-буттун үстүнө чыкты”, - дешти.

Муса алейхиссалам аларга: “Мен Аллаху тааладан Фараон элине алар унутпаган жаза берүүнү жылдар бою тиледим. Кийин келгендерге үлгү болууларын сурадым. Эми шапаат кылууга уяламын. Бирок, Хак таала - ырайым, мээрим ээси. Силер Иса алейхиссаламга баргыла. Анткени, мыкты билим жагынан расулдардын эң сахихи, марифат менен такыбаалык жагынан эң күчтүүсү жана даанышмандык жагынан эң жогоркусу - ал. Силерге ал шапаат кылат”, - деди.

Иса алейхиссалам: “Менин коомум мени жана энемди Аллахтан башка илах деп кабылдады. Бул абалда мен кантип шапаат

кыламын. Алар мага да сыйынышат, мени уул, Аллаху тааланы ата дешти. Бирок, силер бирөөнүн идиши болуп, ичинде нафакасы болбогонун жана ооздун мөөрлүү эмес экенин көрдүңөрбү? Пайгамбарлардын эң жогоркусу жана акыркысы Мухаммедге саллаллаху алейхи ва саллам баргыла. Анткени, ал дааватын менен шапаатын үммөтү үчүн дайындады. Анткени, коому ага көп жолу азап көрсөттү. Мубарек маңдайын жарды, мубарек тишин сындырды. Аны жинди деп айыпташты. Бирок, ал улуу пайгамбар алардын абройлууларынын эң абройлуусу, кадырлууларынын эң кадырлуусу эле. Алардын көрсөткөн ырайымсыз азаптарына Юсуф алейхиссаламдын туугандарына айткан **"Эми силердин айыбыңарды ашкерелөө жок. Архамуррахимин болгон Хак таала силерди кечирди"** деген аят менен жооп берген", - деди. Иса алейхиссалам пайгамбарыбыздын саллаллаху алейхи ва саллам үстөмдүктөрүн айткан кезде, адамдардын бардыгынын ага батыраак жеткиси келген.

Дароо Мухаммед алейхиссаламдын минбарына барышат. Ага: "Сиз хабибуллахсыз. Хабиб – арачылардын ичинде Аллахка эң жакыны. Бизге шапаат кылыңыз! Анткени, пайгамбарлардын алгачкысы болгон Адам алейхиссаламга бардык. Бизди Нух алейхиссаламга жиберди. Нух алейхиссаламга бардык. Ал Ибрахим алейхиссаламга жиберди. Ибрахим алейхиссалам Муса алейхиссаламга жиберди. Муса алейхиссаламга бардык. Ал Иса алейхиссаламга, ал бизди сизге жиберди. Йа Расулаллах саллалаху алейхи ва саллам! Сизден кийин барчу жер жок", - дешти.

Расулуллах алейхиссалам: **"Аллаху таала уруксат берип, ыраазы болсо шапаат кыламын",** - деди.

Сурадикат-и жалалга, б.а., жалал пардасына барды. Аллаху тааладан шапаат кылууга уруксат сурайт. Ага уруксат берилет. Пардалар алынат. Арш-аълага киришет. Сажда кылашат. Миң жыл саждада болушат.  Ошондон кийин Хак таалага ошончолук мактоолорду айтышат, аалам жаратылгандан бери мындай мактоолорду эч ким айткан эмес. Кээ бир арифтер Аллаху таала ааламдарды жараткан кезде алардын ушундай мактоолор айтууну буюганын билдирген.

Махшарда адамдардын абалдары бара-бара кыйындай берет. Машакаттары менен кыйынчылыктары арта түшөт. Адамдардын ар бири дүйнөдө сактаган мал-мүлктөрүн моюндарына жүктөп

алат. Төөнүн зекетин бербеген адамдын монуна төө жүктөлөт. Кыйкырып, ооруганы ошончолук чоң тоолордой болот. Уй, кой зекетин бербегендер да ошондой болушат. Алардын кыйкырган үндөрү асмандын күркүрөгөнүнө окшойт.

Эгер зекетин, б.а., үшүрүн бербегендердин мойнуна ошончолук эгин жүктөлөт. Эгиндин кандай түрүнөн бербеген болсо, ошол түрдө эгин жүктөлөт. Оор салмактын астында "ва вайла, ва сабура" деп кыйкырат (вайл – азап сөзү. Адам азапка чыдабаган кезде ушундай кыйкырат. Сабур сөзү куруган убакытта колдонулду).

Алтын, күмүш жана (кагаз) акча жана башка соода мүлктөрүнүн зекетин бербегендерге коркунучтуу жылан жиберилет. Алар кыйкырып: "Бул эмне?" - деп сурашканда периштелер: "Бул дүйнөдө зекетин бербеген мүлктөрүңөр", - деп жооп беришет. Мына, бул коркунучтуу абал "Али Имран" сүрөсүнүн 180-чи аятында: **"Дүйнөдө аягандары кыямат күнү моюндарына тагылат", -** деп билдирилген.

Дагы бир топ адамдын аврат жерлери жаракат болуп, ириң агат. Алардан чыккан жаман жыт айланасындагылардын тынын алат. Булар – зинакорлук жасагандар жана харам иш кылгандар.

Дагы бир топ адамдар бак бутактарына илинип турушат. Алар дүйнөдө ливата (гомосексуализм) жасагандар.

Бир топ адамдардын тилдери ооздорунан чыгып, көкүрөгүнө жетип өтө начар абалда болот. Адамдар аларды көргөнү келбейт. Алар – калпты айтып, жалаа жапкандар.

Дагы бир топ адамдардын курсагы тоодой болуп чоңоюп кетет. Булар дүйнөдө зарылсыз жана мамилесиз пайызга акча менен зат алгандар жана бергендер. Ушу сыяктуу харам иш кылгандардын күнөөлөрү өтө жаман түрдө ачылат.

Аллаху таала: **"Йа Мухаммед, башыңды саждадан көтөр! Айт, угулат. Шапаат кыл, кабыл болот", -** деп буюрду. Расулуллах алейхиссалам: **"Йа Раббим! Кулдарынын арасынан жаман менен жакшыларды ажырат. Убакыттары көпкө созулду. Ар кайсы күнөөлөрү менен Арасат жеринде маскара болду", -** деди.

**"Ооба, йа Мухаммед!"** деген добуш келди. Хак таала Жаннатка буйрук берет, ар түр зыйнаты менен зыйнаттанат. Арасат майданына алып келет. Ал ушунчалык жыпар жыттангандыктан беш жүз жылдык жолдо сезилет. Мындан көңүлдөр ырахаттанат.

Рухтар тирилет. (Бирок, капырлар, муртаддар жана мусулмандарды кемсинткендер, жаштарды алдап, ыймандарынан тайдыргандар) жана жаман иш-аракет жасагандар Жаннаттын жытын сезишпейт.

Махшарда Хак таала Бейиш менен Тозокту алып келүүнү буйрук кылат. Ошол кезде Тозоктун коркунучтуу үнү чыгып, күркүрөп, от чачып, андан бүт асманды карайткан түтүн чыгат. Күрүлдөгөн добуш менен ысыктыгы адам чыдай алгыс болот. Адамдардын бардыгы буттары басып тура албай, тизелеп отура калышат.

Жада калса, пайгамбарлар менен расулдар да өздөрүн кармай алышпайт. Хазрети Ибрахим, хазрети Муса, хазрети Иса Арш-аълага асылышат. Ибрахим алейхиссалам өзү курман кылган Исмаил алейхиссаламды унутат. Муса алейхиссалам тууганы Харун алейхиссаламды, Иса алейхиссалам энеси Хазрети Мариямды унутат. Бардыгы: "Йа Раббим! Бүгүн напсимден (өзүмдөн) башка башка эч нерсени каалабаймын", - дешет.

Мухаммед алейхиссалам болсо: **"Үммөтүмө саламаттык бер, куткара көр, йа Раббим!"**- дейт. Ал жерде буга эч ким чыдап тура албайт. Анткени, Аллаху таала бул тууралуу "Жасиа" сүрөсүнүн 28-чи аяти каримасында: **"Бардык үммөтүң Хак тааланын коркунучунан тизелеп отурганын көрөсүң. Ар кими дүнүйөдө кылган иштеринин китебине** (эсебине) чакырылат", - деп буюрган.

Аллаху таала Мүлк сүрөсүнүн сегизинчи аятында: **"Ачуу менен катаалдыгынан Нар** (от) экиге бөлүнгөндөй болот", - деген.

Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи ва саллам чыгып, Тозокту токтотот. **"Кор болуп, залил болуп атка кайт! Сага түшкөндөр топ-топ болуп келгенге чейин", -** дейт.

Жаханнам: "Йа Мухаммед! Мага уруксат бер. Анткени, сен мага харамсың", - дейт. Арштан бир үн: "Эй Жаханнам! Мухаммед алейхиссаламдын сөзүн ук. Ага багын", - дейт. Ошондон кийин Расулуллах Жаханнамды тартып, Арш-аъланын сол жагындагы бир жерине орноштурат. Махшардагылар Пайгамбарыбыздын ушу кайрымдуу аракети менен шапаатын бири-бирине сүйүнчү кылып кабарлашат. Коркунучтары бир аз басылат. "Анбия" сүрөсүндөгү 107-чи аяттын **"Сени ааламдарга ырайымдуулук иретинде жибердик"** деген мааниси ушу жерде ачыкка чыгат.

Жыйынтыктап айтканда, Расулуллах алейхиссалам алты жерде шапаат кылат. Биринчиси, Макамы Махмуд деген шапааты менен баардык адамды махшарда күтүп туруу азабынан куткарат. Экинчиси, көп адамды Жаннатка киргизет. Үчүнчүсү, азап тартуулары керек болгон адамдарды азаптан куткарат. Төртүнчүсү, күнөөсү коп болгон мусулмандарды Жаханнамдан чыгарат. Бешинчиси, сообу менен күнөөсү тең болуп, Араф деген жерде күтүп тургандарды Жаннатка киргизет. Алтынчысы, Жаннатагылардын даражаларынын көтөрүлүүсү үчүн шапаат кылат.

## МУЖИЗАЛАРЫ

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын хак пайгамбар экенин көрсөтө турган күбөкөрлөр өтө көп. Аллаху таала: «Сен болбогондо ааламдарды жаратпас элем», - деген. Бардык болмуштар Аллаху тааланын бар экенин, бир экенин көрсөтүү менен катар Мухаммед алейхиссаламдын хак пайгамбар экенин жана анын үстөмдүгүн көрсөтүүдө. Үммөтүнүн олуяларында пайда боло турчу кереметтердин бардыгы анын мужизалары болуп саналат. Анткени, кереметтер ага баш ийе тургандарда, анын жолу менен жүргөн адамдарда болот. Жада калса, бардык пайгамбарлар анын үммөтүнөн болууну каалагандыктан, бардыгы анын нурунан жаратылгандыктан алардын мужизалары да Мухаммед алейхиссаламдын мужизалары болуп саналат.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын мужизалары заманга байланыштуу үчкө бөлүнгөн: Биринчиси, мубарек руху жаратылгандан баштап пайгамбарлыгы билдирилгенге (бисетке) чейинкилер. Экинчиси – бисеттен баштап кайтыш болгонго чейинки мезгилдегилер. Үчүнчүсү – кайтыш болгондон баштап кыяматка чейин болгон жана боло турган нерселер. Булардан биринчилери ирхас деп аталат. Мунун ар кайсынысы көрүп жеп көрбөй акыл менен түшүнүлө турган мужизалар болуп экиге бөлүнөт. Бул мужизалардын санынын көптүгү ошончолук, эсебин билүү мүмкүн эмес. Экинчи бөлүмдөгү мужизалардын саны үч миңдей болгону билдирилген. Булардан машхур болгондорунун бир нечеси төмөндө билдирилди.

**1-** Мухаммед алейхиссаламдын мужизаларынын эң чоңу – Курани карим. Азыркыга чейин келген акындар менен адабиятчылар Курани каримдин жүйөөсүндө жана маанисинде таң калышкан. Анын бир дагы аятына окшой турган нерсе жаза албаган. Чечендик өзгөчөлүгү, жазылуу усулу адам сөзүнө окшобойт. Б.а., бир сөзү алынып ташталса же бир сөзү кошулса маанисиндеги асемдик бузулат. Биз сөзүнүн ордуна койууга башка сөз издегендер андай сөздү табышпаган. Тартиби арап акындарынын ырларына окшобойт. Өткөн жана келечекте боло турган көптөгөн нерселер тууралуу кабар берет. Аны окугандар менен тыңдагандар чарчашса тажашпайт. Аны окуп тыңдаган кезде адамдын дарттарын кетире тургандыгы көптөгөн тажрыйбалар менен аныкталган. Тыңдаган кезде жүрөктөрүндө коркунуч сезими пайда болуп, ушундан кайтыш болуп кеткендер да кездешкен. Канчалаган Ислам душмандары Курани каримди тыңдоо аркылуу жүрөктөрү жумшарып, ыйман келтиришкен.

**2-** Бир күнү Пайгамбарыбыздын агасы Аббастын үйүнө барып, Аббас менен анын балдарын жанына отургузду. Алардын үстүн жамынгычы менен жаап: «Йа, Раббим! Бул агам менен ахли байтимди жапканым сыяктуу Сен да аларды Жаханнам отунан корго», - деди. Дубалдан үч жолу «амин» деген үн угулду.

**3-** Бир күнү колуна бут кармап турган бир адамдан: «Мына бул бут мага сүйлөсө ыйман келтиресиңби?» - деп сурады. Ал адам: «Мен бул бутка элүү жылдан бери ибадат кылып келем. Эч качан мага сүйлөгөнүн көрбөдүм. Сага кандай сүйлөйт?», - деди. Мухаммед алейхиссалам: «Эй, бут! Мен киммин?» деген кезде: «Сен Аллахтын пайгамбарысың» деген үн угулду. Буттун ээси дароо ыйман келтирди.

**4-** Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам бир талаада кетип бара жатканда үч жолу «Йа, Расулаллах» деген үндү укту. Үн чыккан жерди караса байланып турган кийикти көрдү. Анын жанында бир адам уктап жаткан экен. Кийиктен эмне каалап жаткандыгын сураганда: «Мына бул аңчы мени кармап алды. Каршыдагы тоодо эки бала элигим бар. Мени бошотсоңуз барып аларды эмизип келейин», - деди. Расулуллах: «Сөзүңө туруп кайтып келесиңби?» - деди. «Аллах үчүн сөз беремин, келбесем Аллаху таала мени азаптасын», - деди кийик. Расулуллах кийикти бошотту. Кийин бираздан кийин кайтып келди. Расулуллах

аны байлады. Уктап жаткан адам ойгонуп: «Йа Расулаллах, бир буйругуңуз барбы?» - деди. «Мына бул кийикти бошот», - деди Расулуллах. Адам кийикти бошотту. Кийик: «Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва аннака Расулуллах», - деп кетип калды.

**5-** Тирмизи менен Насаи хазреттеринин «Сүнен» аттуу китептеринде мындай делинген: «Эки көзү тең көрүнбөгөн сокур адам келип, Йа Расулаллах, Аллаху таалага дуба кылыңыз! Көзүм ачылсын», - деди. Расулуллах ал адамга жакшылп даарат алууну, кийин «Йа Раббим, сага жалбарамын. Сүйүктүү пайгамбарың Мухаммед алейхиссаламды арачы кылып сенден тилеймин. Эң катуу сүйгөн пайгамбарым – Мухаммед алейхиссалм! Сизди василе (арачы) кылып Раббиме жалбарамын. Тилегимди сиздин урматыңыз үчүн кабылдоосун сураймын. Йа, Раббим! Ушул улуу пайгамбардын шапаатын тийгизе көр. Анын урматына дубамды кабыл кыл» деген дубаны окуп айтты. Ал адам даарат алып, дубаны окуган кезде көздөрү ачылды. Бул дубаны мусулмандар дайыма окушуп, тилектерине жетип келишкен.

**6-** Бир аял белеке катары Расулуллах алейхиссаламга бир идиш бал жиберди. Расулуллах балды кабыл кылып, бош идишти кайтарды. Аллаху тааланын кудурети менен идиш балга толгон абалда кайтып келди. Аял келип: «Йа, Расулаллах! Эмне күмөн бар?» - деп сурады. «Сенин белегиңди кабылдады. Сага кайтып келген бал Аллаху тааланын сенин белегиңе берген берекеси», - деди. Аял кубанып балды үйүнө алып барды. Бала-чакасы менен ал балды айлр бою жеди. Эч азайбады. Бир күнү жаңылышып, балды башка идишке салып койду. Ошол идиштен жеп бүтүрүштү. Бул жагдай Пайгамбарыбызга айтылганда: «Жиберилген идиште тура бергенде дүнүйө токтогонго жешмек, эч азаймак эмес», - деди.

**7-** Үммөтүнөн көп адамдын деңиз аркылуу согушка бара тургандыгын жана Умму Хирам (радыйаллаху анх) деген сахаба аялдын ошол согушта боло тургандыгын кабарлаган. Хазрети Османдын халифалык кезинде мусулмандар кемелер менен Кипр аралына барып согушту. Ал аял дагы барды. Ошол жерде шейит болду.

**8-** Хазрети Муавияга**: «Бир күнү үммөтүмө башчы боло турган болсоң жакшылык кылгандарга сыяпат көрсөт! Жамандык кылгандарды кечир!»** - деди. Муавия Осман (радыйаллаху анх) кезинде Шамда жыйырма жыл бийлөөчү, кийин жыйырма жыл халифа болду.

**9-** Абдуллах ибни Аббастын энесин карап: «Сенин бир уулуң болот. Туулган кезде мага алып кел», - деди. Баланы алып келген кезде кулагына азан менен коомат окуп, мубарек оозунун суусунан баланын оозуна сүрдү. Атын Абдуллах деп коюп, энесине берди. «Халифалардын атасын ал, алып бар», - деди. Баланын атасы Хазрети Аббас муну угуп, себебин сураганда: «Ооба, ошондой дедим. Бул бала халифалардын атасы. Алардын ичинде Саффах, Махди жана Иса алейхиссалам менен бирге намаз окуган бир адам болот», - деди. Аббаси мамлекетин көптөгөн халифалар башкарды. Алардын бардыгы Абдуллах бин Аббастын тегинен болду.

**10-** Агасынын баласы Абдуллах бин Аббастын маңдайына мубарек колун коюп: «Йа Раббим! Муну динде терең аалым кыл, хикмат ээси кыл! Курани карим илимдерин ага ихсан кыл!» - деди. Ушундан кийин Хазрети Абдуллах бин Аббас бардык илимде, асыресе тафсир, хадис жана фыкых илимдеринде өз доорунун аалымы болду. Сахабалар менен табииндер бардык нерсени ошондон үйрөнүшчү. «Таржуман-ул-Куран», «Бахрул-илм» жана «Реис-ул-муфассирин» деген аттар менен таанымал болду. Ислам мамлекеттери анын шакирттерине толду.

**11-** Кызматчыларынан болгон Анас бин Маликке «Йа, Раббим! Мунун мал-мүлкү менен балдарын көп, өмүрүн узун кыл. Күнөөлөрүн кечир» деп дуба кылды. Убакыт өткөн сайын мал-мүлкү көбөйө берди. Бакчалары жыл сайын жемиш берди. Көп баласы болду. 110 жыл өмүр сүрдү. Өмүрүнүн соңунда «Йа Раббим! Хабибиңдин мен үчүн кылган дубаларынын үчөөсүн кабыл кылдың, ихсан кылдың. Төртүнчүсү эмне болду?» - дегенде «Төртүнчүсү да кабыл болду, кайгырба» деген үндү укту.

**12-** Хижраттын үчүнчү жылы Расулуллах алейхиссалам Каттан согушунда бир талдын түбүндө жалгыз өзү жатканда Дасур деген бир күчтүү алп капыр кылыч менен келип: «Сени менден ким куткарат», - деди. Расулуллах: «Аллаху таала куткарат», - дегенде Жабраил алейхиссалам адам кейпинде келип, капырды төшкө чапты. Ал кулап, кылычы колунан түшүп калды. Расулуллах кылычты колуна алып: «Сени менден ким куткарат», - деди. «Мени куткара турчу сенден ашкан кайырлуу адам жок», - деп жалбарынды. Аны кечирип, бошотуп жиберди. Ал ыйман келтирип, башка көптөгөн адамдардын ыйманга келүүсүнө себепчи болду.

**13-** Расулуллах алейхиссалам бир күнү даарат алып, масысынын бирин кийип, экинчисине колун созгон кезде биш куш келип

масысын алып асманга көтөрүлүп силкиди. Ичинен бир жылан түштү. Кийин куш масыны жерге таштады. Ушул күндөн баштап бут кийин кийимди кийээр кезде алгач силкүү сүннөт болду.

**14-** Хазрети Анас айтат: «Расулуллахтын мубарек жүзүн сүртүп жүрчү жүз аарчысы бар болчу. Ошону менен жүзүн сүртүп, кирдеген кезде отко таштачу. Кири күйүп, жүз аарчы күйчү эмес. Таптаза болуп чыкчу».

**15-** Ухуд согушунда Абу Катаданын (радыйаллаху анх) бир көзү агып түштү. Агып түшкөн көзүн Расулуллахка алып барды. Расулуллах алып келген көздү мубарек колу менен ордуна коюп: «Йа Раббим! Көзүн жакшы кыла көр», - деди. Бул көзү экинчисинен да жакшы көөө турган болду. Абу Катаданын (радыйаллаху анх) неберелеринин бири халифа Омар бин Абдулазиздин (радыйаллаху анх) жанына барат. Андан: «Сен кимсиң?» - деп сурайт. Ал бир ыр окуп, Расулуллах мубарек колу менен көзүн салып берген адамдын небереси экенин билдирет. Халифа бул ырды уккандан кийин ага илтипат көрсөттү.

**16-** Расулуллах алейхиссалам бир күнү Хазрети Фатиманын үйүнө учурап, ал-ахвалдарын сурады. Хазрети Фатима: «Атакем! Үч күндөн бери балдарым менен эч нерсе жебедик. Ачтыкка сабыр кылуудабыз. Меники маанилүү эмес. Бирок, Хасан менен Хусейндин абалына кыйналамын», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Эй Фатима! Жаным кызым! Сен үч күндөн бери ачсың. Мен болсо төрт күндөн бери ачмын», - деди. Неберелери Хазрети Хасан менен Хусейндин ачка экендиктерине катуу кайгырды.

Хазрети Али эмгектенип, табыш таап мубарек балдарына жей турчу нерселерди алып келүү үчүн жолго чыкты. Мадинадан чыккан кезде бир кудуктун башына төөлөрүн сугарууга келген бир айылдык адамды көрөт. Анын жанына барып: «Эй арап! Акыга төөлөрүңдү сугарткың келеби?» - деп сурады. Тиги киши: «Ооба, мен да ошондой адам издеп жүргөн элем. Кааласаң кел, төөлөрүмдү сугар. Тарткан ар челегиңе үч хурма беремин», - деди. Хазрети Али макулдашып, суу тарта баштады. Тогуз челек тарткандан кийин челектин жиби үзүлүп, челек кудукка түшүп кетти. Муну көргөн тиги адам ордунан учуп туруп, Хазрети Алини бетке чапты.

Кийин тарткан сегиз челек суусу үчүн жыйырма төрт хурма берди. Бул абалга өтө капа болгон Хазрети Али колун кудукка

созуп, челекти алды да кудуктун жанына коюп, ал жерден кетип калды. Колу ушунчалык терең кудуктун түбүнө кандайча жетти?... Же бул адам келе тургандыгы билдирилген диндин өкүлү бекен? Ушундай ойлорго баткан айылдык адам «Анын пайгамбары – хак пайгамбар. Ишендим», - деди.

Мындан мурда кылган чоң кылмышына өкүнүп, «Мындай адамга көтөрүлө турчу кол кесилип, сөөгү сындырылуусу керек», - деп колун кылычы менен чаап таштады. Колу катуу ооруганы менен көңүлү жай алган эле. Кесилген колун экинчи колуна алып Наби мечитине барды. Сахабалардан пайгамбардын кайда экендигин сурады. Кызынын үйүнө кеткенин билди. Хазрети Фатиманын үйүн сурап, ошол тарапка бет алды.

Ал кезде Пайгамбарыбыз неберелери Хазрети Хасан менен Хусейнди мубарек тизесине отургузуп, алып келинген хурмаларды жегизип отурган эле.

Айылдык адам кылган кылмышынын каталыгын ойлогон кезде жин тийип кеткен сыяктуу көз жашын төгө баштаган эле.

Ошентип, Хазрети Фатиманын үйүнө келип, эшигин какты. Ичинен ааламдардын мырзасы жүзүнөн нур чачып күндөй болуп сыртка чыкты. Айылдык адам Расулуллахты көрөр замат: «Ишендим, сиз Аллаху тааланын Расулусуз. Кылган ишиме өкүнөмүн, мени кечириңиз, йа Расулаллах», - деп жалынды.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: «Колуңду эмнеге кестиң», - деп сураганда: «Сизге ишенген мубарек жүздү урган бул кол менен жүрүүдөн уялганыман... Жаным сизге курман болсун йа Расулаллах», - деди.

Мээримдүүлүк дарыясы болгон сүйүктүү Пайгамбарыбыз ал адамдан кесилген колду алып: «Бисмиллахиррахманиррахим» деп, кан шоргологон билеги менен бириктирди. Кол Аллаху тааланын уруксаты менен Пайгамбарыбыздын мужизасы катары мурунку калыбына келди. Аллаху тааланын бардык нерсеге күчү жетет.

# АХЛИ БАЙТ
## Мубарек жубайлары

Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам Хазрети Хадича энебиз кайтыш болгондон кийин экинчи жолу элүү беш жашында Хазрети Абу Бакрдын кызы Хазрети Айша энебизге үйлөндү. Аллаху тааланын буйругу менен никеге турган болчу. Хазрети Айша энебиз менен соңку сегиз жыл өмүрүн бирге өткөрдү.

Калган аялдарына диний, саясый себептер менен же мээримдүүлүк кылуу, жакшылык жасоо ниети менен үйлөнгөн. Алардын бардыгы жесир калып, көпчүлүгү улгайган жашта болгон. Мисалы, Меккедеги капырлардын мусулмандарга көрсөткөн азаптары адам чыдагыс абалга жеткен кезде сахабалардын бир бөлүгү Хабашстанга хижрат кылган эле. Хабаш падышасы Нажаши христиан болчу. Мусулмандардан ар түрдүү суроолорду сурап, алган толук кандуу кемел жоопторуна таң калып, ыйман келтирген. Мусулмандарга көптөгөн жакшылыктарды кылды. Ыйманы алсыз болгон Убайдуллах бин Жахш кедейликтен кутулуу үчүн попторго алданып, муртад болгон, динин дүнүйөгө алмаштырып жиберген эле. Расулуллахтын эжесинин баласы болгон ал малун аялы Умми Хабибаны да (радыйаллаху анха) динден чыгып, бай болууга кыйнады. Бирок, аялы кедейлик менен өлүмгө ыраазы экенин, бирок, Мухаммед алейхиссаламдын дининен чыкпай тургандыгын айткандыктан аны менен ажырашып кетти. Кедейчиликтен кыйналып өлгөнүн күтүп отурган эле. Бирок, аз убакыттан кийин өзү өлдү. Умми Хабиба (радыйаллаху анха) Меккедеги Курайштын ошол кездеги баш кол башчысы Абу Суфйандын кызы болчу. Расулуллах алейхиссалам ал кездерде Курайш аскери менен катуу кагылыш ичинде эле. Абу Суфйан Ислам динин жоюш үчүн болгон күчүн жумшап күрөшүп жаткан эле.

Расулуллах Умми Хабибанын ыйманынын күчтүүлүгүн жана башына түшкөн оор кайгысын укту. Нажашиге: «Ошол жердеги Умми Хабибага үйлөнүмүн. Никемди кый. Кийин аны бул жакка жибер», - деп кат жазды. Нажаши андан мурда мусулман болгон эле. Катта жазылгандарга урмат көрсөтүп, ошол жердеги мусулмандарды сарайына чакырып, дасторконун жайды. Хижраттын жетинчи жылы нике кыйылып, сыйлыктар берилди.

Ушундайча Умми Хабиба (радыйаллаху анха) ыйманынын сыйына жетти, бай болуп, ырахат өмүр сүрдү. Анын аркасы менен башка мусулмандар дагы ырахаттыкка жетишти. Жаннатта аялдар күйөөлөрүнүн жанында боло тургандыктан ага Бейиштин эң бийик даражасы сүйүнчүлөндү, дүнүйөнүн бардык лаззаттары менен ниматтары бул сүйүнчүнүн жанында кичине болуп калды. Бул нике Абу Суфйандын алдыда мусулман болуу кадырына жетүүсүнө себеп боло тургандай кылып даярдалган эле. Ушундан көрүнүп тургандай бул нике Расулуллахтын акылынын, зээнинин, хикматынын, жакшылыгынын жана мээримдүүлүгүнүн деңгээлин көрсөтөт.

Экинчи мисал: Хазрети Омардын кызы Хазрети Хафса (радыйаллаху анха) жесир калган эле. Хижраттын үчүнчү жылы Хазрети Омар Хазрети Абу Бакрдан жана Хазрети Османдан «Кызымды аласыңбы?» деп сураганында алар ойлоно тургандыктарын айтышкан эле. Бир күнү Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) ошол үчөө жана башкалардын жанында турганда: «Йа Омар! Сен бир нерсеге капалуу сыяктуусуң. Себеби эмне?» - деп сурады. Чыны идиштеги сыянын түсү оңой көрүнгөн сыяктуу Расулуллах алйхиссалам да бардык адамдын оюн бир караганда түшүнчү. Керек деп эсептесе сурачу. Ага, негизи эле бардык адамдарга чындыкты айтуубуз парз болгондуктан Хазрети Омар: «Йа Расулаллах! Кызымды Абу Бакрга жана Османга сунуштагам, алар албады», - деди. Расулуллах эң жакшы көргөн бул үч сахабасынын капа болууларын каалабай аларды кубантуу үчүн: «Йа, Омар! Кызыңды Абу Бакрдан жана Османдан да кайырлуу адамга бергиң келеби?» - деп сурады. Хазрети Омар аң-таң болуп калды. Анткени, Хазрети Абу Бакр менен Хазрети Османдан артык болчу адамдын жок экенин билчү. «Ооба, йа Расулаллах», - деди. Расусуллах алейхиссалам: «Йа Омар, кызыңды мага бер», - деди. Ушундайча Хазрети Хафса (рдыйаллаху анха) Хазрети Абу Бакрдын жана Хазрети Османдын жана бардык момундардын энеси болду жана булар ага кызмат кылышты. Хазрети Абу Бакр, Хазрети Омар жана Хазрети Осман бири-бирине жакындай түшүштү.

Үчүнчү мисал: Хижраттын бешинчи же алтынчы жылында Мусталак тайпасынан алынган жүздөгөн туткундун арасында болгон Жувайрия (радыйаллаху анха) деген кыз ошол тайпанын

башчысы болгон Харистин кызы болчу. Расулуллах аны сатып алып, азат кылып, өзү менен никесин кыйдырганда сахабалардын (алейхимуррыдван) бардыгы: «Биз Расулуллах алейхиссаламдын үй-бүлөсүнүн, энебиздин туугандарын күң катары, кызматчы катары колдонуудан уялабыз», - деп бардыгы туткундарын азат кылышты. Бул нике жүздөгөн туткундун азат кылынуусуна себеп болду. Хазрети Жувайрия (радыйаллаху анха) бул окуяны ар дайым айтып, мактанып отурчу. Хазрети Айша (радыйаллаху анха): «Жувайриядан ашкан кайырлуу, берекелүү аял көрбөдүм», - дечү.

## **Хазрети Хатижа-тул-Кубра** (радыйаллаху анха)

Ал – Хувайлид бин Асад бин Абдил Узза бин Кусайдын кызы. Расулуллахтын алгачкы жубайы. Өтө бай, илимдүү жана өтө акылдуу эле. Бүт мал-мүлкүн Расулуллахка арнаган. 24 жыл жакшы кызмат кылды. Хижраттан үч жыл мурда 65 жашында Меккеде көз жумган. Эң алгачкы ыйман келтирген аял. Расулуллахтын бардык кыздарынын жана эки уулунун энеси.

Айша (радыйаллаху анха) айтат: "Пайгамбарды башка жубайларынан Хатижаны кызганганым сыяктуу кызганып көргөн эмесмин. Аны өзүм көргөн жокмун. Бирок, Пайгамбар ал тууралуу көп айтчу. Көбүнчө, кой сойгондо анын этинен Хатижанын жакындарына берип жиберчү. Хатижанын атын айта баштаса: "Дүйнөдө андан башка аял жокпу?" – дечү элем. Расулуллах болсо анын маанилүү иштерин атап: **"Ал менин балдарымдын энеси",** - деп жооп берчү".

## **Хазрети Айша** (радыйаллаху анха)

Расулуллахтын жубайы. Абу Бакр Сыддыктын кызы. Өтө акылдуу, зейиндүү, илимдүү, адептүү, тартиптүү аял эле. Адабият билими өтө күчтүү эле. Эсте сактап калуу жөндөмдүүлүгү күчтүү болгондуктан сахабалар көп нерсени андан сурап үйрөнүшчү. Аят аркылуу макталган. Ижтихады Хазрети Алиден башка болгондуктан Жамал окуясында Хазрети Али менен күрөшкөн сахабалардын катарында болгон. Хазрети Али шейит болгондо өтө катуу кайгырган. Шииттер аны Алини көрө алчу эмес деп

айыптап жалаа жабышат. Ал эми: **“Алини жакшы көрүү - ыймандуулуктун белгиси”,** - деген хадиси шарифти Хазрети Айшанын өзү риваят кылган. Ошентип, аны сүйүүнү жана бардык адамдардын аны сүйүүсү керек экендигин билдирген. Хижраттан 8 жыл мурда туулуп, хижраттын 57-жылы Мадинада кайтыш болгон. Айша (радыйаллаху анха) айтат: “Сахабалар Пайгамбарыбызга белектерин менин үйүмдө болгон кезинде алып келишчү. Ушундайча Расулуллахтын көңүлүн алууну каалашчу”. “Расулуллахтын жубайлары эки топко бөлүнүшчү. Биринчи топто мен, Хафса, Сафия жана Савда болчубуз. Экинчи топто Умму Салама жана калган жубайлары эле. Экинчи топтогу аялдар Умму Саламаны Расулуллахка жиберип, Пайгамбарыбыз сахабаларына “Белек бергиси келген адам Мен кайсыл үйүмдө болсом, ошол жерге алып келсин”, - деп айтсынчы дейт. Умму Салама ушуну айтканда **“Мени таарынтпагыла. Мага периште вахийди бир гана Айшанын үйүндө болгон убагымда алып келет”,** - дейт. Умму Салама: “Эй, Расулуллах! Сизди таарынтып коюудан Аллах сактасын. Тообо кылдым”, - дейт. Ал аялдар кийин Хазрети Фатиманы да ошол өтүнүч менен жиберишет. Ошол учурда: **“Эй, кызым! Менин жакшы көргөнүмдү (Айишаны) сен да жакшы көрбөйсүңбү?”-** деп айтат. Фатима (радыйаллаху анха): “Ооба”, - деп жооп берет. Пайгамбарыбыз: **“Андай болсо аны жакшы көр”,** - деп айтты”.

**Савда бинти  Зема:** Савда бинти Зам’а – Расулуллахтын жубайы. Күйөөсү менен бирге ыйманга келип, Хабашистанга көчүп барышкан эле. Меккеге кайтып келишкенде күйөөсү кайтыш болот. Расулуллах алгач Айшаны анан Савданы никесине алган. Хазрети Умардын халифалыгы кезинде дүйнөдөн кайткан.

**Зейнеп бинти Хузайма:** Ал көп ибадат кылып, көп садага берчү. Мурун Абдуллах бин Жахштын аялы болгон. Абдуллах – Расулуллахтын тай эжеси Умайманын баласы болуп, Ухуд согушунда шейит болгон. Зейнеп Расулуллах менен никелешүү бактысына ээ болгондон кийин сегиз ай өтүп кайтыш болгон.

**Умму Салама:** Чыныгы аты Хинд эле. Күйөөсү Абу Салама экөө Хабашистанга алгачкылардан болуп хижрат кылган. Абу

Салама – Расулуллахтын тай эжеси Барранын уулу Убайдуллах бин Жахштын бир тууганы эле. Ал Мадинада Ухуд согушунда алган жаракатынан кайтыш болгон. Умму Салама Абу Бакр менен Умардын никелешүү талаптарын кабыл албайт.

Расулуллах менен никелешүү бакытына ээ болот. Х.59 (м.678) жылы Мадинада 84 жашында кайтыш болгон. Пайгамбарыбыздын жубайларынын арасында эң акыркы кайтыш болгон энебиз ушул киши эле.

**Зейнеп бинти Жахш:** Ал – Расулуллахтын тай эжеси болгон Умайманын кызы, Абдуллах бин Жахштын карындашы эле. Атасынын аты – Бурра. Исламды кабылдабагандыктан "Жахш" деп аталды. Зейнеп алгачкы ыйман келтиргендердин бири. Расулуллах алгач аны баласы сыяктуу болгон Зейд бин Хариса менен никелейт. Зейд Зейнептин укугун орундай албай турган болгондуктан экөө хижраттын 3-жылы ажырашат. Кийин Расулуллахтын өзү аны никесине алууну каалайт. Зейнеп аны укканда кубанганынан эки рекет намаз окуду. "Эй, Раббим! Сенин Расулуң мени каалайт. Эгер аны мени менен никесин жазсаң, мени ага Сен бер", - деп дуба кылат. Дубасы кабыл болуп, "Азхаб" сүрөсүнүн: **"Зейд аны менен ажырашкандан кийин биз аны сага жубай кылдык",** - деген 37-аяты түштү. Зейнептин никеси Аллах тарабынан кыйылгандыктан Расулуллах нике жөрөлгөсүн кылган жок. Хазрети Зейнеп (радыйаллаху анха) ошол тууралуу ар дайым сыймыктанып, *"Ар бир кызды атасы никелейт. Ал эми мени болсо Раббим Өзү никеледи",* - деп айтчу эле. Ал кезде 38 жашта эле. Хижраттын 20-жылы 53 жашында кайтыш болгон. Кайрымдуулук иштерин, садага берүүнү жакшы көрчү. Кол өнөрчүлүктө кыйын эле. Жасаган нерселери жана колуна түшкөн нерселерин баарын туугандарына жана кедейлерге таратчу. Халифа Омар (радыйаллаху анх) Пайгамбарыбыздын жубайларынын ар бирине он эки миң дирхамдан берчү эле. Ал болсо буларды алар замат баарын садага кылып берчү. Расулуллахтын өзүнөн кийин алгач кайтыш болгон жубайы болчу. Хазрети Айша Зейнеп энебизди көп мактаган. **"Жубайларымдын арасында мага эң алгач жете турганы колу ачык** (жоомарт) **болгон жубайым",** - деген хадиси шариф аны биринчи болуп кайтыш боло тургандыгынан кабар берген. Анткени, эң көп садага берген жубайы ошол болчу.

Француз акыны Вольтер Расулуллахтын (алейхиссалам) Хазрети Зейнеп энебиз менен болгон никелешүүсүн чындыкка терс сүрөттөп, жалааларга толгон музыкалык пъеса жазган. Чыгармачыга, адабиятчыга жарашпаган ошол ишке ашпай турган чыгармасы Вольтерди өз убагында “динден безген” деп айыптаган папага жагып, ал ага мактоо кат жазат. Мусулмандардын халифасы султан экинчи Абдулхамид Хан бул пъесанын сахнага коюла тургандыгын угуп, Франция жана Англия өкмөттөрүнө шарт коюу (ультиматум) аркылуу коюлуусуна тоскоол болот. Ошентип, ал бүткүл адамзатты адам уяла турган намыссыздыктан куткарган.

**Хазрети Сафийа:** Ал- Хайбар яхудилеринин башчысы Хуай ибни Ахтабдын кызы. Хайбардагы бир яхуди менен кудалашып коюлган эле. Кийин өтө бай адам Кенан бин Хакикке турмушка чыгат. Хижраттын 7-жылы Хайбар шаары согуштун натыйжасында мусулмандардын колуна өткөндө Сафийа да туткунга түшөт. Пайгамбарыбыздын ырайымы менен туткундан бошотулат. Ыйман келтирип, Расулуллах менен никеленет. Хижраттын 50 (м.670) жылы Мадинада кайтыш болот.

**Хазрети Маймуне:** Чыныгы аты – Бирра, Пайгамбарыбыз аны Маймуне деп атады. Хайбар шаары алынгандан кийин Меккеге умрага барган кезде Маймуненин күйөөсү кайтыш болот. Ага Расулуллах менен никелешүү мартабасы насип болду. 53 жылы (м.673) Меккеде ооруп калат. “Мени Меккеден чыгаргыла! Анткени, Расулуллах мени Меккенин сыртында дүйнөдөн кайтаарымды айткан”, - дейт. Шаардан чыгарылгандан кийин, Расулуллах менен никеси кыйылган жерде кайтыш болгон.

Хазрети Марийа**: Пайгамбарыбыздын алейхиссалам жариясы болгон. Ыйман келтирип, Пайгамбарыбыз менен никеси кыйылды. Марийа (радыйаллаху анха) Мысырдагы Александриянын бийлөөчүсү Мукавкыстан белек катары жиберилгендиктен анын теги жана туулган жылы так белгилүү эмес. Расулуллахтын Хазрети Марийадан Ибрахим деген уулу болгон. Хазрети Марийа өтө салмактуу, тынч жана өзү менен өзү жүргөн адам эле. Хазрети Омардын халифалыгынын акыркы жылдарында 637 (х.16) жылы кайтыш болгон. Баки мазарлыгында жерге берилген.**

**Хазрети Райхана**: **Пайгамбарыбыздын күңү болуп жүрүп мусулмандыкты кабылдаган. Мадинадагы яхудилердин Бани Курайза тайпасынан чыккан. Толук ысымы – Райхана бинти Шамъун ибни Йазид же Райхана бинти Зейд ибни Амр ибни Ханифа бин Шамъун бин Йезид. Туулган жылы так белгилүү эмес. Пайгамбарыбыздан мурда 631 (х.10) жылы Мадинада кайтыш болду. Баки мазарлыгына жерге берилген.**

**Хадиси шарифте: «Бардык аялдарыман менен үйлөнүүм жана кыздарымды турмушка берүүмдүн баары Жабраилдин** (алейхиссалам) **Аллаху тааладан алып келген уруксаты менен жүзөгө ашты», -** делинген.

Расулуллах алейхиссаламдын көп айым менен баш кошуусунун эң маанилүү себептеринин бири – Ислам динин таратуу үчүн болчу. Хижаб аяты келүүдөн мурун, б.а., аялдардын жабык жүрүүсү буюрулуудан мурда аялдар да Расулуллахка барып, билбегендерин сурап билишчү. Расулуллах бирөөнүн үйүнө барса аялдар да келип отуруп, тыңдашчу жана пайдаланышчу. Хижаб аяты келип, аялдардын чоочун эркектер менен бир жерде отуруусуна, сүйлөшүүсүнө тыюу салынгандан кийин бөтөн аялдарды кабылдабады. Алардын билбеген нерселерин жубайы Хазрети Айшадан сурап билүүлөрүн буюрду. Келип сураган адамдардын көптүгүнөн аларга жооп берүүгө Хазрети Айша үлгүрө алчу эмес. Ушундай маанилүү кызматты жеңилдетүү жана Айша энебиздин (радыйаллаху анха) ишин оңойлотуу үчүн жубайларын никеледи. Аялдарга тийиштүү жүздөгөн назик маселелерди мусулман аялдарга өзүнүн мубарек аялдары аркылуу билдирди. Жубайы бирөө гана болгондо бардык аялдардын андан сурап билүүлөрү кыйын, жада калса, мүмкүн эмес болмок. Аллаху тааланын динин толук түрдө жарыялап, таратуу үчүн көп аялга үйлөнүү жүгүн мойнуна алды.

## Балдары

Пайгамбарыбыздын үч уулу, төрт кызы, бардыгы жети перзенти болгон. Хазрети Фатимадан башкасынын бардыгы Расулуллахтан мурда кайтыш болушкан. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын теги Хазрети Фатима энебиз менен уланган. Неберелери Хазрети Хусейндин урпагы «сеййид», Хазрети Хасандын урпагы «шериф» деп аталат. Сеййиддер менен шерифтерге көрсөтүлгөн урмат – Пайгамбарыбызга урмат болуп саналат. Аларды жакшы көрүү соңку демде ыйман менен кетүүгө себеп болот.

**Касым** (радыйаллаху анх)**: Расулуллахтын үч уулунун улуусу. Ошондуктан Расулуллах Абул Касым деп аталды. Пайгамбарлыгынан мурун Меккеде дүнүйөгө келген. Энеси – Хадича (радыйаллаху анха)**. Он жети айлык кезинде көз жумган.

**Зейнеп (радыйаллаху анха)**: **Расулуллахтын кыздарынын улуусу. Пайгамбарыбыз отуз жаштагы кезинде дүнүйөгө келди. Пайгамбарлыктан мурда энеси Хадичанын небере иниси Абу Ас бин Раби менен турмуш курду. Абул Ас алгач ыйман келтирбеди. Бадир согушунда туткунга түшүп, аялын Мадинага жиберүү шарты менен бошотулду. Өз тууганы менен бирге жиберсе да капырлар Зейнепти (радыйаллаху анха) жолдо артка кайтарышты. Расулуллах алейхиссалам Зейд бин Харисаны (радыйаллаху анх) Меккеге жиберип, Зейнепти (радыйаллаху анха) түнү Мадинага качырып жиберди. Абул Ас Худайбийа согушунан кийин ыйман келтирди. Зейнеп (радыйыллаху анха) ага кайрадан берилди. Хижраттын сегизинчи жылы отуз бир жашта кайтыш болду. Баласы Али Мекке алынган кезде Расулуллахтын төөсүнө учкашып алган эле. Зейнептин (радыйаллаху анха) кызы Уммаманы Хазрети Али өзүнө никеледи.**

**Рукаййа** (радыйаллаху анха)**:** Расулаллахтын экинчи кызы. Ал Пайгамбарыбыз отуз үч жаш курагында дүнүйөгө келген. Өтө сулуу болчу. Абу Лахабдын баласы Утба менен никеленди. «Таббат» сүрөсү келген соң Утба тойдон мурда ажырашты. Вахий келип, Хазрети Осман менен никеси кыйылды. Экөө бирге эки

жолу Хабашстанга хижрат кылды. Жыйырма эки жашта Бадр согушунан мурда ооруп калды. Хазрети Османга Бадрга барбай аялына кызмат кылуу буюрулду. Бадр согушунун сүйүнчү кабары Мадинага жеткен күнү жерге берилди.

**Умму Гүлсүм** (радыйаллаху анха)**: Расулуллахтын** үчүнчү кызы. Абу Лахабдын экинчи уулу Утайбага никеси кыйылса да «Таббат» сүрөсү түшүрүлгөн соң тойлору боло электе ажырашты. Утайба Расулуллахка жаман сөздөрдү айтты. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам): «Йа Раббим! Ага жырткычтарыңдын бирин жибер», - деп баддуба кылды. Шамга бара жаткан жолунда Утайбаны арстан жарып өлтүрдү. Рукаййа (радыйаллаху анха) кайтыш болгондон кийин вахий келип, Умму Гүлсүм (радыйаллаху анха) Хазрети Осман менен никеленди. Хижраттын тогузунчу жылы кайтыш болду. Жаназа намазын Расулуллах окуп, жерге берген кезде кабырынын жанында туруп мубарек көзүнөн жаш акты.

**Фатима** (радыйаллаху анха): Расулуллахтын төртүнчү кызы, Хазрети Алинин жубайы жана Хазрети Омардын кайненеси. Никеси кыйылганда он беш жашта болчу. Махры төрт жүз мыскал күмүш болгондугу тууралуу «Мавахиб-и ладуниййа» аттуу китепте Севик согушунда жазылган. Бул 57, 14 мыскал алтын өлчөмүндө дегенди билдирет. Али (радыйаллаху анх) жыйырма бир жашта болчу. Алар Ахли Байт деп аталды. Ак жуумал, өтө сулуу болчу. Хасан, Хусейн жана Мухсин деген үч баласы, Умму Гүлсүм жана Зейнеп деген эки кызы болгон. Расулуллахтын урпагы Фатимадан (радыйаллаху анха) тарады. Зейнеп Абдуллах бин Жафар Таййар менен никелешип, алардын Али жана Умму Гүлсүм деген балдары болду. Алар шариф-и Жафари деп аталышат.

**Абдуллах** (радыйаллаху анх)**:** Расулуллахтын Хадича энебизден туулган акыркы уулу. Расулуллахка пайгамбарлык келгенден кийин туулуп, али эмчектеги кезинде көз жумган. Тайиб жана Тахир деп да аталган. Абдуллах көз жумганда Ас бин Ваил «Мухаммед абтар болду», б.а., теги кесилди деди. Аллаху таала Аска «Инна атайна» сүрөсү аркылуу жооп берди.

**Ибрахим** (радыйаллаху анх)**: Расулуллахтын уул**

**балдарынын үчүнчүсү жана бардык балдарынын эң кенжеси. Гераклиус Мысыр бийлөөчүсү болгон Мукавкыс белек кылып жиберген Хазрети Марийадан туулган бала. Хижраттын сегизинчи жылы дүнүйөгө келип, бир жарым жашында көз жумду. Ал ооруп жатканда Расулуллах аны кучагына алып, мубарек көздөрүнөн жаш акчу. Кайтыш болгонунда күн тутулду дешти**. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) муну укканда: **«Ай менен күн Аллаху тааланын бар жана бир экендигин көрсөткөн эки макулугу. Бирөөнүн өлүүсүнө, тирүүлүгүнө байланыштуу тутулбайт. Аларды көргөндө Аллаху тааланы ойлогула»**, - деген. Ибрахим кайтыш болгондо: «Йа Ибрахим! Өлүмүңө катуу кайгырдык. Көзүбүз ыйлап, жүрөгүбүз сыздады. Бирок, Раббибизди ачууланта турчу эч нерсе айта албайбыз», - деди.

## Ахли байты

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын бардык үй-бүлө мүчөлөрү «ахли байт» деп аталат. Мубарек жубайлары, кызы Хазрети Фатима менен күйөөсү Хазрети Али жана алардын мубарек балдары Хасан менен Хусейн (радыйаллаху анхума) жана алардын да балдарынын бардыгы, ошондой эле, Пайгамбарыбыздын таза урпагына таандык болгон Хашим уулдары ахли байт болуп саналышат.

Аллаху таала Курани каримде ахли байт тууралуу мындай дейт: **«Аллах силерден бардык кемчилик менен кирлерди кетиргиси келет жана силерди толук таза кылып тазалагысы келет»** («Ахзаб» сүрөсү, 33).

Сахабалар: «Йа, Расулаллах! Ахли байт кимдер?» - деп сураштты. Ошол кезде Имам Али келди. Расулуллах аны чапанынын астына алды. Кезек менен Фатима-туз-захра, Имам Хасан жана Имам Хусейн келди. Булардын ар бирин жанына алып**: «Мына, булар – менин ахли байтым», -** деди. Бул адамдар Ал-и Аба жана Ал-и Расул деп да аталат.

Пайгамбарыбыздын Ахли байтын сүйүү акыретке ыйман менен кетүүгө, акыркы демде саламатка ээ жетүүгө себеп болот. Ахли байтты жакшы көрүү – бардык момунга фарз. Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) бир хадиси шарифинде: «Ахли байтым Нух алейхиссаламдын кемеси сыяктуу. Аларга баш ийгендер амандыкка жетишет. Калгандары куруйт», - деген.

Ахли байти набавинин артыкчылыгы менен кемелдиги өтө көп. Санап бүтүү мүмкүн эмес. Аларды айтып жеткизүүгө, мактоого адамдын күчү жетпейт. Алардын мааниси менен улуулугу бир гана аяттар менен түшүнүлөт.

Имам Шафии хазреттери: «Эй, ахли байти Расул! Силерди жакшы көрүүнү Аллаху таала Курани каримде буюрууда. Намаздарында силерге дуба кылбагандардын намаздарынын кабыл болбоосу силердин кадырыңар менен даражаңарды көрсөтөт. Даражаңардын улуулугу ошончолук, силерге Аллаху таала Курани каримде салам айтууда», - деп, муну эң сонун түрдө билдирген.

Хазрети Анас мындай дейт: «Расулуллахтан: «Ахли байтиңизден эң көп кимди жакшы көрөсүз?» - деп суралганда «Хасан менен Хусейнди», - деп жооп берди».

Хазрети Абу Хурайра айтат**: «Расулуллахтын жанында элем. Хасан** (радыйаллаху анх) келди. «Йа, Раббим! Муну жакшы көрөмүн. Сен да аны жакшы көр жана муну жакшы көргөндөрдү да жакшы көр», - деди. Дагы бир жолу: «Хасан менен Хусейн дүнүйөдөгү менин жыпар жыттарым», - деди»

Пайгамбарыбыз алейхиссалам дагы мындай дейт:

«Өзүмөн кийин силерге эки нерсе калтырамын. Буларга жабышсаңар жолдон чыкпайсыңар. Биринчиси экинчисинен чоң. Биринчиси Аллаху тааланын китеби болгон Курани карим, көктөн жерге чейин созулган бекем жип. Экинчиси – Ахли байтым. Булардын экөө бири-биринен ажырайбайт. Буларга баш ийбегендер менин жолуман ажырайт.»

Хазрети Хасан менен Хазрети Хусейн ооруп калышкан эле. Пайгамбарыбыз Хазрети Али менен Хазрети Фатимага: «Бул сүйүктүүлөрүңөр үчүн бир назир атагыла», - деди. Хазрети Али менен Хазрети Фатима энебиз жана Фыдда деген күңдөрү үч күндөн орозо кармоону атады. Хасан менен Хусейн хазреттери оорууларына шифаа табышты. Бирок, үйлөрүндө жей турчу эч нерсе жок эле. Хазрети Али бир яхудиден карызга арпа алды. Үчөө тең убада кылган орозолорун кармоого ниеттеништи. Арпанын бир бөлүгүн Хазрети Фатима үгүтүп, беш нан бышырды. Өздөрү беш киши болчу. Ооз ачар маал болгон эле. Ар биринин алдына бир бирден нан коюп, ооз ачууга отурушту. Бир кедей келип: «Йа ахли байти Расулуллах! Мискин, кедей мусулмандардын биримин. Мага жей турчу нерсе бергиле. Аллаху таала силерге Бейиштин

сыйын берсин», - деди. Алар колдорундагы нанды ага садака кылып беришип, өздөрү суу менен ооздорун ачышты. Эртеси дагы орозо кармашты. Кызматчы дагы бираз арпа үгүтүп, дагы беш нан бышырды. Ооз ачар маалды нандарын алдыларына алып, ооздорун ачайын деп жатышканда бир жетим келди. Бешөө тең нандарын ошол жетимге берип, аны кубантып, өздөрү ооздорун суу менен ачып уйкуга жатышты. Эртеси дагы орозо кармашты. Калган арпаны да үгүтүп беш нан бышырды. Ооз ачар кезде бир туткун келип: «Үч күндөн бери ачмын. Мени заалымдар байлап, тамак беришпеди. Аллаху таала үчүн мага жардам бергиле», - деди. Бешөө тең нандарын ошого беришип, дагы да суу менен ооздорун ачышты. Ушундан кийин бир аят келип: «Алар атагандарын орундашты. Узак жана үзгүлтүксүз кыямат күнүнөн корккондуктан катуу каалап турган тамактарын да мискин, жетим, туткундарга берди. Аларга биз буларды Аллаху тааланын ыраазылыгы үчүн жегиздик. Силерден кайтарым иретинде бир рахмат дагы, эч нерсе күтпөдүк, эч нерсе тилебейбиз дагы, деди. Ошондуктан Хак таала аларга шарабы тахур ичирди...» («Инсан» сүрөсү, 7-9, 21)

Абу Хурайра (радыйаллаху анх) айтат: «Пайгамбарыбыз: «Силердин жакшыңар – менден кийин айли байтыма жакшылык кыла турганыңар», - деген».

Хазрети Али айтат: «Пайгамбарыбыз: «Ахли абйтыма жакшылык кылгандарга кыямат күнү шапаат кыламын». «Сырат көпүрөсүнөн буттары тайбай өтө тургандар – ахли байтымды жана сахабаларымды жакшы көргөндөр», - деген».

Имам Раббани хазреттери билдирген бир хадифи шарифинде: «Алини жакшы көргөн адам мени жакшы көргөн, ага душмандык кылган адам чынында мага душмандык кылган болот. Аны таарынткан мени таарынтат. Мени таарынткан Аллаху тааланы таарынткан болот», - делинген.

Расулуллах алейхиссалам мындай деп буюрду: «Аллаху таала мага төрт адамды жакшы көр деп буюрду. Аларды өзүнүн да жакшы көргөндүгүн билдирди». «Алар ким? Аттарын айтасызбы?» - деп суралган кезде: «Али ошолордон, Али ошолордон, Али ошолордон, Абу Зарр, Микдад жана Салман», - деп жооп берди.

«Үй-бүлөм тууралуу мени таарынткандарга оор азап бар».

Бир хадиси шарифте да**: «Фатима – менин бир бөлүгүм. Аны таарынткан адам мени таарынтат»,** - деген. Хазрети Абу

Хурайра айтат: «Пайгамбарыбыз Хазрети Алиге: «Фатима мага сенден да сүйкүмдүү. Сен мага андан да азизсиң (кадырлуусуң)», - деди.

Дагы бир хадиси шарифте мындай делинген:

«Силерге Ислам динин алып келгендигим үчүн силерден эч нерсе талап кылбаймын. Бир гана мага жакын болгон ахли байтымды жакшы көрүүңөрдү каалаймын».

Ислам аалымдары ахли абйтты жакшы көрүүнү акыретке ыйман менен кетүүнүн шарты деп санашкан. Аларда Расулуллахтын кичине бөлчөктөрү бар. Ахли байтты кадырлоо, урматтоо – ар мусулмандын милдети.

Улуу Ислам аалымы Имам Раббани (рахметуллахи алейх) айтат: «Атам захир батын илимдеринде, б.а., фыкых жана көңүл илимдеринде чоң аалым болгон. Ар дайым ахли байтты жакшы көрүүнү насыят кылчу. Бул сүйүү адамдын акыретке ыйман менен кетүүсүнө көп жардамдашат», - дечү. Ал кайтыш болордо жанында болдум. Соңку маалында анын эсине анын насыятын түшүрүп, бул сүйүүнүн кандай таасир кылгандыгын сурадым. Кыйналып жатса да: «Ахли байттын сүйүүсүнүн дарыясында сүзүп жүрөм», - деди. Дароо Аллаху таалага шүгүр кылып, мактоо айттым. Ахли байтка болгон сүйүү ахли сүннөттүн казынасы болуп саналат. Акырет табыштарын ушул казына алып келет.»

Расулуллахтын ахли байты үчкө бөлүнөт: Несеб, теги аркылуу тууган болгондор. Ага эжелери кирет. Экинчи – таза жубайлары. Үчүнчүсү – жубайларынын чачын тароо, тамактарын бышыруу, бөлмөсүн жыйноо, кир жуу жана ошол сыяктуу үй чарбачылыгы менен алектенген кызматчы аялдар. Сырттагы иштерди аткарган, мечитте азан окуган Билал, Салман, Сухайб (радыйаллаху анхум) да Анын үйүнөн ичип-жечү.

Хазрети Фатима менен кыяматка чейинки балдары – ахли байт болуп саналат. Аларды күнөөкөр болсо да жакшы көрүү керек. Аларды жакшы көрүү, аларга көңүл менен, дене жана мал-мүлк менен көмөктөшүү, аларды урматтап кадырлоо ыйман менен жан тапшырууга себеп болот. (Сириянын Хама калаасында сейиддер үчүн сот мекемеси бар болчу. Бул мубарек үй-бүлөдөн туулган балдар эки күбөкөр аркылуу казынын алдында тиркөөгө алынчу. Бул иш англистердин берилген досу Мустафа Рашид Паша тарабынан токтотулган).

## Расулуллахтын сахабалары

Пайгамбарыбыздын достору, аял же эркек, бала же эр жеткен мусулман Расулуллахты бир гана жолу көргөн болсо алар «сахиб» же «сахаби» деп аталат. Көптүк түрү «асхаб» же «сахаба» же «сахб» деп аталат. Пайгамбарыбызды мусулман болуудан мурда көрүп, Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин ыйманга келген же мусулман болуп, кийин муртад болгон (динден чыккан) адам сахаби олуп эсептелбейт. Сахаби болгондон кийин муртад болуп, Расулуллах кайтыш болгондон кийин кайрадан ыйман келтирген адам сахаби болот. Пайгамбарыбыз алейхиссалам жиндердин да пайгамбары болгондуктан жин сахабалар да болот. Асхабы кирам диний өкүмдөр маселесинде эң урматтуу, абыройлуу адамдар болуп саналат. Анткени, алар Курани каримди Пайгамбарыбыздан үйрөнүп, өзөрүөн кийинкилерге үйрөтүп түшүндүрүшкөн. Пайгамбарыбыздын кылган жана айткандары тууралуу маалыматтар алардын өз көздөрү менен көрүп, угуп жеткирген нерселерине таянат.

Маны ушулардын толук түрдө жеткирген өкүмдөрү хадиси шарифтердин негизин калаган. Исламда ижма-и уммат, б.а., аалымдардын сөз бирлиги бир гана сахабалардын доорунда гана толук түрдө жүзөгө ашкан. Ошондой эле сахабалардын бардыгы динде сөзү далил боло ала турчу, мужтахид аалымдар болуп саналат. Бардыгы кийинки келген мужтахиддерден жогору болуп саналат.

Ахли сүннөт аалымдары сахабалардын даражаларына карай аларды үчкө бөлгөн:

**1-** Мухажирлер: Мекке шаары алынуудан мурда Меккеден же башка жерлерден мекендерин, жакындарын таштап, Мадина калаасына хижрат кылгандар. Алар Расулуллахтын жанына ыйман менен келген же келгенден кийин ыйман келтиришкен. Хазрети Амр бин Ас ошолордун бири.

**2-** Ансар: Мадина шаарындагы же ушул шаарга жакын жерлердеги Авс, Хазраж деген эки арап тайпасынын мусулмандары ансар деп аталат. Анткени, алар Пайгамбарыбызга жана Меккелик мусулмандарга ар түрдүү көмөк бере тургандыктарын убада кылышкан жа убадаларын орундашкан.

**3-** Башка сахабалар: Мекке шаары алынган кезде жана андан кийин Меккеде же башка жерлерде ыйман келтиргендер. Алар мухажир же ансар деп аталышпайт, сахаба деп гана аталышат.

Сахабалардын эң жогору даражалуулары – Расулуллахтын төрт халифасы. Алардын бири-биринен үстөмдүктөрү халифа болуу кезеги менен мындай: Хазрети Абу Бакр, Хазрети Омар, Хазрети Осман жана Хазрети Али (радыйаллаху анхум). Алардан кийинкилери Ашара-и мубашшарадан, б.а., Жаннат менен сүйүнчүлөнгөн он адамдан, калган алтоо (Талха, Зубейр бин Аввам, Абдуррахман бин Авф, Саад бин Аби Ваккас, Саид бин Зейд, Абу Убайда бин Жаррах (радыйаллаху анхум) жана Хазрети Хасан менен Хазрети Хусейн.)

Төрт халифа жана ашара-и мубашшарадан кийин эң жогорулары биринчи мусулман болгон кырк адам. Алардан кийинкилер – Бадр согушуна катышкан 313 сахаба. Алардан кийин Ухуд согушунда болгон 700 баатыр. Алардан кийинкилер – хижраттын алтынчы жылы бак алдында Расулуллахка: «Өлүм бар, бирок, кайтуу жок», - деп сөз берген 1400 адам. Бул келишим «Биат-и Ридван» деп аталат.

Сахабалардын саны: Мекке алынганда он миң, Табук согушунда жетимиш миң, Вада ажылыгында токсон миң жана Расулуллах кайтыш болгон кезде жет бетинде жүз жыйырма төрт миңден ашык сахаба болгон. Бул маселе тууралуу башк риваяттар да бар.

Сахабалардын акыркы кайтыш болгондору мына булар: Абдуллах бин Авфа (радыйаллаху анх), ал 705 (х.86) – жылы Куфада кайтыш болду. Абдуллах бин Йеср (радыйаллаху анх), ал 706 (**х.88) – жылы Шамда, Сехл бин Саад (радыйаллаху анх) 709 (х.91) – жылы 100 жашында Мадинада, Анас бин Малик (радыйаллаху анх)** 711 (**х.100**) **– жылы Меккеде кайтыш болгон.**

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин төрт халифа доорунда да сахабалар Ислам динин таратуу, жихад кылуу маселесинде сөздөрүндө турушту. Баары биригип жерлерин, мекендерин таштап, Арабстандан чыгып туш тарапка тарашты. Кеткендердин көпчүлүгү кайра кайтпай, барган жерлеринде өмүрлөрүнүн акырына чейин жихад кылышты жана Ислам динин жайышты. Ушундайча аз убакыттын ичинде көптөгөн мамлекет алынды. Алынган жерлерде Ислам тез тарады. Сахабалардын

бардыгы адилеттүү болушкан. Исламды таратууда бардыгы орток болушкан. Курани каримди ошолор жыйнады. Хадиси шарифтерди Пайгамбарыбыздан ошолор жеткирди.

(Сахабалардын Ислам динине кылган кызматтарын, үлгү болорлук өмүрлөрүн, артыкчылыктарын, баарынын ысымдарын көрсөткөн көптөгөн китептер жазылып, басылып чыгарылган.)

Пайгамбарлардан жана жогору периштелерден кийин бардык жаратылган нерселердин эң үстөмү – сахабалар. Алардын ар кайсынысынын ысымын айтканда урмат менен айтуу керек.

Сахабалардын ар бири ушул үммөттүн бардыгынан үстөм. Мухаммед алейхиссаалмдын пайгамбар экенине ишенген бардык адам, б.а., ар бир мусулман кайсы урпактан чыкса да Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү деп аталат.

Сахабалардын үстөмдүгү менен артыкчылыгына катыштуу аяттарда мындай делинет:

«Силер – үммөттөрдүн кайырлуусусуңар» («Али Имран» сүрөсү, 110)

«Алгач мусулман болгондорго мухажирлер менен ансардын алдыңкы катарларына жана ошолордун жолундагыларга Аллаху таала ыраазы жана алар да Аллаху таалага ыраазы. Аллаху таала алар үчүн Жаннаттарды даярдады. Бул Жаннаттардын астынан өзөндөр агат. Алар Жаннатта түбөлүк калышат.» («Тообо» сүрөсү, 100)

«Мухаммед (алейхиссалам) – Аллаху тааланын пайгамбары. Жана анын жанында болгондордун (б.а., сахабалардын) бардыгы капырларга каршы катаал. Бирок, бири-бирине карата мээримдүү. Аларды көбүнчө руку менен саждада көрөсүң. Алар бүткүл адамзатка (дүнүйө менен акыретте) бардык жакшылыкты, үстөмдүктү Аллаху тааладан тилешет. Ридванды (б.а., Аллаху тааланын өздөрүн жактыруусун) да каалайт. Көп сажда кылгандары жүздөрүнөн белгилүү болот. Алардын абалдары, кадырлары ушундайча Тооратта (жана Инжилде) билдирилген. Инжилде да көрсөтүлгөнүндөй алар эгинге окшойт. Ипичке бир саптан өсүп чыгып, калыңдап көтөрүлгөнү сыяктуу алар аз жана алсыз болуп туруп аз убакыттын ичинде айланага тарашты. Туш-тарапты ыйман нуруна бөлөштү. Бардык адамдар көчөттүн жагдайын көрүшүп, аз убакытта кандай өсүп кетти деп таң калышканы сыяктуу, ал-атагы таралып, көргөндөр таңыркап, капырлар ачууланышты» («Фатих» сүрөсү, 29).

Сахабалар тууралуу кээ бир хадиси шарифтер:

«Сахабаларымды жамандабагыла. Сахабаларыман кийин келгендердин бири тоодой чоң алтын садага берсе да сахабамдын биринин бир арпа берип алган сообуна же анын жартысына да кол жеткире албайт.

Сахабаларым көктөгү жылдыздар сыяктуу. Кайсынысын ээрчисеңер да туура жолду табасыңр.

Сахабаларыма душмандык кылуудан сактангыла. Аллахтан корккула! Аларды жакшы көргөн адам мени жакшы көргөндүктөн жакшы көрөт. Аларга душмандык кылган адам мага душмандык кылган болот. Аларды таарынткан мени таарынткан болот. Мени таарынткан арийне Аллаху тааланы таарынтат.

Үммөтүмдүн эң жакшысы менин заманымда болгондор. Алардан кийинки эң жакшылары – алардан кийин келгендер. Ал эми алардан кийинки жакшысы – ошолордон кийин келгендер. Мени көргөн жана мени көргөн адамды көргөн мусулманды Тозоктун оту күйгүзбөйт».

Бул аяти каримамалар менен хадиси шарифтер сахабалардын үстөмдүгү менен артыкчылыгын айкын көрсөтүүдө.

## РАСУЛУЛЛАХТЫН КЭЭ БИР ЗАВАИД СҮННӨТТӨРҮ

### Мубарек сакалы мене чачтары

Пайгамбарыбыздын мубарек чачы тууралуу Хазрети Анас бин Маликтен (радыйаллаху анх) суралды:

- Расулуллах алейхиссаламдын мубарек чачы кандай эле?

Хазрети Анас мындай деп жооп берди:

- Эки түрдүн ортосунда эле. Өтө тармал да эмес, өтө түз да эмес болчу. Экөөнүн ортосунда орточо деңгээлде эле. Узундугу кулагы менен далысынын үстүнүн арасында болчу.

Ибн Аббас хазреттери: «Пайгамбарыбыз алейхиссалам мубарек чачын мындайынын үстүнө түшүрчү. Кийин экиге бөлө турган болду», - деген.

Аалымдар: «Чачты эки жакка бөлүү Пайгамбарыбыздын сүннөтү. Анткени, ал кийин ушинте турган болгон. Маңдайдын үстүнө түшүрүүгө да, эки жакка бөлүүгө да болот. Бирок, эки жакка бөлүү үстөмүрөөк», - дейт.

Хазрети Айша Сыддыка энебиз айтат: «Пайгамбарыбыздын чачы жуммадан жогору жана вафрадан төмөн болчу.»Жумма деп далыга чейин жеткен чачты айтат. Вафра деп кулак астына чейин түшкөн чачты айтат. Ошондо Хазрети Айшанын айтуусу боюнча Расулуллахтын чачынын узундугу кулагынан төмөн, бирок, далысына жетпеген болгон. Экөөнүн ортосунда болгон.

Кады Ияд хазреттери айтат: «Бул айтылгандарды корутундулаганда мындай болот: мубарек кулагы жагындагы чачы кулагынын жумшагына чейин түшчү. Арткы жактагы чачы далыларына жетчү.»

Мындай деп да айткан: «Кээ бир риваяттарда кулагына чейин түшкөн, кээ бир риваяттарда далысына чейин түшкөн дегендиктеринин себеби – бир кезде мындай эле, башка кезде мындай эле дегенди билдирет. Риваяттардын бардыгы дурус. Пайгамбарыбыз алейхиссалам мубарек чачын кээде өстүрүп, далысына чейин жетчү. Кээде кыркып, кулагынын жумшагына же кулагынын ортолоруна чейин жетчү».

Умму Хани айтат: «Пайгамбарыбыз бир кезде Меккеде бизге келген эле. Ал кезде төрт гадирасы бар болчу.»

«Гадира» чач бөлүгү дегенди билдирет. Б.а., мубарек чачын төрт бөлүк кылган эле дегенди билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, Пайгамбарыбыздын чачы менен сакалы өтө тармал да, өтө түз да эмес, толкундуу болгон. Мубарек чачы узун болгон. Алгач көкүл коюп, кийин экиге бөлө турган болгон. Мубарек чачын кээде өстүрчү, кээде кыркып кыскартчу.

Эркек адамдын чачтарын такыр кылып кыруулары же чачтарын өстүрүп, тарап, экиге бөлүүлөрү сүннөь. Жагдайга, адатка, убакытка карай аракет кылуу керек. Чачты ороо, өрүү макрух болот.

Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын мубарек сакалы тууралуу Хазрети Анас мындай деген: «Пайгамбарыбыздын мубарек сакалында агаргандары өтө сейрек эле. Мубарек чачы менен мубарек сакалындагы актардын саны 17 же 18-ден ашчу эмес».

Хазрети Абу Бакр Сыддык бир күнү:

- Чачыңызга ак түшүртүр, йа Расулаллах, - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз:

- Мени Худ, Вакиа, Мурсалат, Амма йатасаалуна жана Иза-ш-шамсу кувират (Наба жана Таквир) сүрөлөрү агартты, - деген.

Б.а., бул сүрөлөрдө Жаханнам менен Жаннат абалдары көп айтылган. Үммөтүмдүн жагдайынын кандай боло тургандыгын ойлоп, чачым менен сакалымды агарттым деген.

Амр бин Шуайб: «Расулуллах алейхиссалам сакалынан четинен жана узундугунан кыскартчу. Тирмизи билдирген хадиси шарифинде Пайгамбарыбыз: «Мурутун албаган, кыскартпаган адам бизден эмес», - деген», - дейт. Дагы бир хадиси шарифте: «Сакал койгула жана мурутту жакшылап кыскарткыла», - делинген.

Ибн Абдул-Хаким мындай дейт: «Мурутту жакшылап алуу керек жана сакалды албоо керек. Мурутту жакшылап кыскартуу деген баарын кырып алып таштоо деген сөз эмес.»

Имам Набави хазреттери: «Мурутту кыркканда эриндин чети көрүнө тургандай кылып кыркуу керек, түбүнөн алып таштабоо керек», - деген.

Аалымдар муруттун үстүн алып, эки учун чыгарып өстүрүү туура деп эсептешпеген. Ибн Омар мындай дейт:

«Расулуллахка мажусилер коому тууралуу айтылды. Ошондо пайгамбарыбыз: «Алар мурутарынын учун өстүрүшөт жана сакалдарын кырып таштайт. Андай болсо силер аларга тескерисин кылгыла», - деди».

Абу Умама: «Йа Расулаллах! Ахли китаб (китептүү капырлар) сакалдарын кыркат жана муруттарын өстүрөт», - дегенде Пайгамбарыбыз:

- Силер мурутуңардын учун кыркып, сакалыңарды өстүргүлө, - деп буюрду.

Аалымдардын билиргендери боюнча мурутту каштын узундугундай кылып кыскартуу сүннөт болуп эсептелет. Сакалды саамайдагысы менен кошуп бир тутам кылып өстүрүү жана андан артыгын кыркуу сүннөт.

Сакалды бир тутам өстүрүп, бир тутамдан артыгын кыркуу сүннөт. Бир тутамдан кыска кылып кыркуу сүннөткө туура келбейт. Сүннөттү орундаймын деп (бир тутамдан) кыска сакал коюу бидат болот. Харам болот. Сакал коюу заваид сүннөт болуп саналат. Амри маруф кылуу үчүн, нафака табуу үчүн, фитнанын чыгуусунун алдын алуу үчүн сакалды толугу менен алып таштоо жаиз болот жана зарыл болот. Булар сүннөттү таштоо үчүн үзүр (кечиримдүү себеп) болот, бирок, бидат кылуу үчүн үзүр болбойт.

***Сүннет-и заваид** – Пайгамбарыбыздын ибадат катары эмес, адат катары кылган нерселери. Заваид сүннөттөрдү таштоо макрух

эмес. Пайгамбрыбыз алейхиссаламдын кийинүү шекили, жакшы нерселерди кылууну оң жактан баштоо сыяктуу нерселер завaид сүннөткө кирет.

## Расулуллахтын жатуусу, уктоосу

Пайгамбарыбыз алейхиссалам төшөгүнө жаткан кезде оң тарабына жатып, оң колун оң жак бетинин астына койчу. Андан кийин:

**“Аллахым! Өзүмдү сага тапшырдым. Жүзүмдү сага бурдум. Ишимди сага тапшырдым. Аркамды сага сүйөдүм. Мен сенин азабыңан коркуп, рахматыңан үмүт күтөмүн. Сенин ырайымдуулугуңан башка жашынган жер жок, сенин азабыңан башка сактана турчу нерсе жок.**

Бир гана, сенин ырайымдуулугуңа сыйынабыз, сенин ырайымдуулугуң менен азаптан кутулабыз.

Мен сенин түшүргөн китебиңе жана жиберген пайгамбарыңа ишендим.

Эй Раббим! Бир жагымды сенин атың менен жерге койдум. Эгер рухумду кармап, алган болсоң, ага рахматың менен мамиле жаса.

Эгер аны бош жиберген болсоң, салих кулдарыңды коргогонуң сыяктуу аны да корго!

Аллахым! Мен сенин атың менен өлүп, сенин атың менен тирилем. Бизге ичирген-жедирген, бардык муктаждыктарыбызды өтөп, бизди коргогон Аллахка хамд болсун! Канча деген адамдар бар, алардын муктаждыктарын өтөй турчулары да, коргоочулары да жок. Аллахым! Кулдарыңды алдыңа жыйнаган күнү азабыңан мени сакта” деп дуба кылып, уйкудан туруп жатканда да: **“Бизди өлгөндөн кийин тирилткен, ал Аллахка хамд болсун. Кыямат күнү ага келебиз”, -** дечү.

Пайгамбарыбыз төшөгүнө жаткан кезде: **“Көктөр менен жердин Раббиси, бардык нерсенин Раббиси болгон, дан менен урукту жарып өндүргөн, Тооратты, Инжилди жана Куранды түшүргөн Аллахым! Мен, бардык жамандык ээсинин жамандыгынан сага сыйынамын! Анткени, аны айдарынан кармап турган сенсиң”.**

Аллахым! Эң алгачкы – сенсиң. Сенден мурун эч нерсе болбогон. Акыркы да – сенсиң. Сенден кийин келген эч нерсе жок. Захир – сенсиң. Сенден башка эч нерсе жок!” - деп дуба кылчу.

Уйкудан ойгонгон кезде: **“Башка илах жок, бир гана сен барсың. Сени тасбих жана танзих кыламын. Аллахым! Күнөөлөрүмдү жалгооңду жана ырайымыңды тилеймин.**

Аллахым! Илимимди арттыр. Мага туура жолду көрсөткөндөн кийин жүрөгүмдү тайдырба! Улуу даражаңдан мага бир ырайымдуулук ихсан кыл. Анткени, кечирими эң көп болгон сенсиң, сен!” - деп дуба кылганы болгон.

Бара бин Азиб айтат: “Пайгамбарыбыз мага айтты: **“Жаткан жериңе бара турган кезде намазга даарат алгандай даарат ал. Андан кийин оң жагыңа карап жат, анан** “Аллахым! Өзүмдү сага тапшырдым. Жүзүмдү сага бурдум. Ишимди сага тапшырдым. Аркамды сага сүйөдүм. Мен сенин азабыңан, мээримдүүлүгүңөн үмүт күтөмүн. Сенден, сенин рахматыңан башка коргогон жер жок, сенин азабыңан башка сактанган нерсе жок. Бир гана сенин ырайымдуулугуңа сыйынабыз, сенин гана ырайымдуулугуң менен азаптан кутулабыз. Мен сенин түшүргөн китебиңе жана жиберген пайгамбарыңа ишендим” де!”

Ошол түнү кайтыш болсоң Ислам боюнча кайтыш болосуң. Кимде-ким ушуну айтып, ошол түнү кайтыш болсо Ислам боюнча кайтыш болгон болуп саналат”, - деди.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Силерден бирөө түндө төшөгүнөн туруп, кайра келип жаткан кезде төшөгүн үч жолу силкисин. Анткени, өзүнөн кийин эмне болгонун, эмнелердин келип төшөктүн үстүнөн орун алганын билбейт.**

Төшөгүнө жатканда оңго карап жатсын. Оң жагы менен жаткан кезде “Аллахым! Сени тасбих жана танзих кылдым. Йа Раббим! Бир жагымды сенин атың менен төшөккө койдум. Сенин атың менен көтөрөмүн. Эгер рухумду кармап, алган болсоң ага ырайымдуулук жаса. Эгер кайра жиберген болсоң, салих кулдарыңды коргогонуңдай аны корго.”

Ойгонгон кезде дагы “Аллахка хамд болсун. Менин денеме саламаттык берди, рухумду мага кайра кайтарды жана зикир кылуу үчүн мага уруксат берди” десин”, - деген.

Пайгамбарыбыз көмкөрөсүнөн жаткан адам көрсө **“Мына, бул – Аллах эч жактырбаган жатыш”** дечү.

Шарид бин Сувайддин билдиргени боюнча Пайгамбарыбыз көмкөрөсүнөн жаткан адамды көрүп, аны бутунун учу менен түртүп: **“Бул – улуу Аллах эң жактырбаган уктоо”, -** деген.

Уктап жаткан адам асхабы суффадан Абдуллах бин Тахфа деген адам болчу. Ал: “Мен эртең менен мечитте көмкөрөмөн уктап жатканда бирөө мени буту менен түрттү.

- Бул ким? – деп сурады.
- Мен Абдуллах бин Тахфамын, - дедим. Карасам Пайгамбарыбыз экен.
- Бул жатыш – Аллахтын эң жактырбаган жатышы! - деп айтты”.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам дааратсыз жүрчү эмес. Расулуллахтын даараткaнага барып, даарат албаганы көрүлгөн эмес.

## Расулуллахтын отурушу

Ханзала бин Хызйам: “Пайгамбарыбызга барганда анын малдаш токунуп отурганын көрдүм”, - деген.

Жабир бин Самура пайгамбарыбыздын багымдат намазын окуган кезде күн чыкканга чейин намаз ордунда малдаш токунуп отурганын айтат.

Пайгамбарыбыздын бутун жыйналган адамдарга карай созуп отурганы эч качан көрүлгөн эмес.

Шарид бин Сувайд: “Пайгамбарыбыз алейхиссалам мага келген эле. Ал кезде мен сол колумду артыма койуп, колума тиренип отурган элем. Пайгамбарыбыз: **“Сен азапка учурагандардын отурушу**ндай отурасыңбы?” - деди. (Азапка учурагандар - яхудилер).

Каила бинти Махрама айтат: “Пайгамбарыбыз алейхиссаламды курфуса отурганын көрдүм. Анын ушундай хушу менен (ихлас менен, кемчиликсиз, башка нерсе ойлобой, берилип) отурганын көрдүм”.

(Курфуса – санды жерге коюп, тизени тик көтөрүп, курсака жабыштырып, колду буттун үстүндө байлап, айкаштырып отуруу).

Пайгамбарыбыз алейхиссалам тамак жеп отурган кезде карапайым түрдө отурчу. Ичке кирип жабынып алчу эмес, парданын артында отуруп да жечү эмес. Алдына табак менен дагы алып барылчу эмес. Пайгамбарыбыз алейхиссалам топурактын үстүнө отуруп, тамагын жерде дагы жечү. **“Мен кулдун отурганы сыяктуу отуруп, кулдун жгени сыяктуу жеймин. Мен бар**

**болгону бир кул**мун**. Сүннөтүмөн** терс айланган адам менден эмес”**,** - деген.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Меккенин жогору жагындагы бир жерге тиренип, тамак жеп турганда Жабраил алейхиссалам келип: “Йа Мухаммед! Демек, сиз падышалар сыяктуу жейсиз?” - дегенде Расулуллах алейхиссалам жерге отура калган.

Пайгамбарыбыз алейхиссаламга бир күнү Жабраил алейхиссалам менен бирге мурун эч келбеген бир периште келди. Периште Расулуллах алейхиссаламга: “Раббиңиз сизге салам айтты жана сизге султан-пайгамбар менен кул-пайгамбар арасында бирин тандоого эрк берди. “Кааласаң сен үчүн пайгамбар-султан, кааласаң пайгамбар-кул болуу бар”, - деп буюрду”, - деди.

Жабраил алейхиссалам: “Тавазу көрсөтүңүз” (тавазу – карапайымдык) деп белги берген кезде Расулуллах: **“Пайгамбар-кул болоюн**”**, -** деп жооп берген. Ушундан кийин Пайгамбарыбыз эчкачан туруп жана бир нерсеге тиренип, жазданып тамак жеген эмес.

## Расулуллахтын тамактануусу

Абу Жухайфа айтат: “Пайгамбарыбыз **“Мен бир н**ерсеге таянып отуруп тамак жебеймин”, - деди. Таянуунун үч түрү бар: Бир жагына таянуу, малдаш токунуу, бир колун таянып, экинчиси менен там жеш. Бул үчүнчүсү түрү туура эмес аракет деп саналат.

Пайгамбарыбыз тамакты үч манжа менен, сөөмөйү жана анын эки жанындагы манжалары менен.

Пайгамбарыбыз айтат:

**“Тамактын бере**кеси **т**амактан мурда даарат алууда, тамактан кийин дагы даарат алып, кол жууда”.

**“Кимде-ким колундагы эт, май жытын, идиш-аяктарын жу**убай уктоого жатып, башына бир нерсе келген болсо өзүнөн башканы күнөөлөбөсүн!”

Пайгамбарыбыздын Гарра деп аталган бир идиши бар болгон. Шашке убакытында Духа намазын окугандан кийин ичине тирид тамагы салынган ошо идиш алып келинип ортого коюлчу. (Тирид – майда-майда нан менен көп эт арлаштырылып жасалган тамактын аты).

Мусулмандар тирид салынган идиштин башына жыйналган кезде, Пайгамбарыбыздын эки тизесине чөгүп отурганын көргөн

бир бадави (чөлдөгү айыл адамы) “Бул кандай отуруш?”, - деди.

Пайгамбарыбыз: **“Күмөнсүз, Аллаху таала мени кичи пейилдүү кул кылды. Кана, четинен тамакты баштагыла! Төбөсүнөн, ортосунан ж**егенди таштагыла.

Тамактын берекеси төбөсүндө, ортосунда. Бирөөңөр тамак жээр кезде табактын орто жагынан жебесин. Чет айланасынан жесин. Анткени, береке анын орто жагынан түшөт”**, -** деген.

Омар бин Абу Салама айтат: “Мен Пайгамбарыбыздын тарбиясында болгон бала элем. Тамак жегенде колум табактын ичине аралап кетчү. Пайгамбарыбыз алейхиссалам мага: **“Эй бала! Бисмиллах айт! Оң колуң менен же! Алдыңан же”**, - деди. Ошондон кийин ушинтип жей баштадым.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам **“Бирөөндүн кызматчың тамагын дайындап алып келген кезде ал кызматчы тамактын ысыгына, түтүнүнө чыдаган. Аны да дасторконго бирге отургузсун, ал да жесин. Эгер тартынып, мы**ндай кылбаса же тамак аз болсо колуна бир-эки үзүм салсын”**, -** деген.

Пайгамбарыбыз эч кандай тамакты жаман деп санабаган, жииркенбеген.

Бир тамакты каалаexcursions жечү, каалабаса жечү эмес, бирок, эч нерсе айтчу эмес.

Эң кичине жакшылыкка да урмат көрсөтчү. Эч кандай жакшылыкка жактырбоочулук жасачу эмес.

Кандай нимат болбосун жактырса мактачу эмес, жактырбаса жамандачу эмес.

Тамак ортого коюлганда Пайгамбарыбыз:

**“Аллахумма барик лана фима рамактана вакина азабаннар. Бисмиллах”** деп дуба кылгандан кийин тамак жээнү баштачу.

Хазрети Айша энебиз айтат: “Расулуллах алейхиссалам: **“Силердин бириңер тамак жээр кезде “Бисмиллах” десин, улуу Аллахтын атын айтсын. Тамактан мурун муну айтууну унутса** “Тамактын башы менен акыры үчүн бисмиллах” десин”**, -** деп буюрду”.

Үмаййа бин Махшиддин билдиргени боюнча, бир адам бисмиллахты айтпай тамак жеп отурду, Пайгамбарыбыз ага карап турду. Тамактан бир үзүм калып, аны да оозуна салган кезде ошол адам **“Бисмиллахи авв**алихи ва ахирихи”,- деди. Пайгамбарыбыз

алейхиссалам күлдү. Андан кийин: **“Шайтан аны м**енен бирге тамак жеп отурган эле. Адам Аллаху тааланын атын айткан кезде шайтан курсагында эч нерсе калтырбай жегенинин баарын кусуп таштады”, - деди.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам даарат менен гусулда, бут кийимин кийүүдө жана тарануууда мүмкүн болушунча оң жактан баштаганды жакшы көрчү, бир нерсе алган кезде оң колу менен алчу, бир нерсе берчү кезде оң колу менен берчү жана баштачу нерсесинин бардыгын оң жактан баштачу.

**“Силердин бирөөң**өр бут кийимин кийе турчу кезде кийүүнү оң жактан баштасын. Бут кийимин чечкен кезде дагы чечүүнү сол жактан баштасын.

Бут кийим кийерде оң бут буттардын биринчиси, чечерде оң бут буттардын акыркысы болсун”**, -** деген.

Абдуллах бин Омардын билдирүүсү боюнча: Пайгамбарыбыз алейхиссалам **“Силердин бирөөң**өр тамак жээр кезде оң колу менен жесин. Бир нерсе ичкен кезде дагы оң колу менен ичсин. Анткени, шайтан сол колу менен жеп, сол колу менен ичет”**, -** деген.

Салама бин Аква атасынан угуп билдиргени боюнча: “Пайгамарыбыз алейхиссалам Ашжаъ уруусунан Буср бин Раийулир деген адамдын сол колу менен тамак жегенин көрүп, ага: **“Оң колуң менен же!” -** деп буюрду”.

Ошол адам: “Буга күчүм жетпейт, оң кол менен жей албаймын”, - деп алдады. Пайгамбарыбыз: **“Күчүң жетпей касын! Буга оң кол менен ж**ешке бир гана текеберлик менен мактанчаактыгы гана жол бербөөдө”, - деди. Ушундан кийин ал адам оң колун оозуна көтөрө албас болуп калды.

Пайгамбарыбыз: **“Азиз жана Жалил болгон Аллах, желген нерсени жеп же ичилген нерсени ичип, ушу**л үчүн Ага шүкүрчүлүк кылган кулунан сөзсүз ыраазы болот”**, -** деген.

Абу Саид-ул Худри айтат: Пайгамбарыбыз ичип-жегенде мындай дуба кылчу:

**“Аллахума лиллахиллази атамана ва сакана ва жаална Муслимин”** (Бизди ичип-жегизип жана мусулмандардан кылган Аллахка хамд болсун).

Абу Умамат-ул-бахилиинин билдиргени боюнча: Пайгамбарыбыз алейхиссалам тамагын жеп, дасторкон жыйналар кезде мындай дуба кылчу:

**“Алхамду лиллахи касиран та**йийибан мубаракан фихи кайра макфиин вала муваддаин вала мустагнан анху Раббана” (Хамд Аллахка таандык)”.

Эй Раббибиз! Биз сага өтө көп, бардык кемчиликтен пак, ичи берекеге толо, кайра кайтпаган, таралбаган хамд менен хамд кылабыз.

**“Ал**хамду лиллахиллази кафана ва арвана гайра макфиин вала макфурин” (Бизге жеткиликтүү көлөмдө жегизген, ичирген, бизди кайра кайтарбаган жана ачкөз кылбаган Аллахка хамд кылабыз).

Абу Хурайранын билдиргени боюнча Пайгамбарыбыз тамак жеп болгондон кийин колун жуучу.

Пайгамбарыбыз дүйнөгө жана дүйнөлүк нерселерге маани берчү эмес.

Абдуллах бин Масуд айтат: “Пайгамбарыбыз алейхиссалам бир камыштан өрүлгөн төшөнчүнүн үстүнө жатып уктап калганда капталына изи түшүп калган болчу. Ойгонгондо капталын ушаладым. “Ата-энем сизге курман болсун, йа Расулаллах! Бизге айтсаңыз, төшөнчүнүн үстүнө бир нерсе салар элек”, - дедим. “Сизге бир жумшак төшөк дайындасак”, - дедик. Пайгамбарыбыз: **“Дүйнөгө т**аандык нерселер мага эмен үчүн керек? Менин дүйнөмө байланышым бир бактын астында бираз көлөкөлөп, аны таштап жолун уланткан адамдын абалына окшойт”, - деди.

Абу Умамет-ул-бахилинин билдиргени боюнча Пайгамбарыбыз: **“Азиз жана жалал болгон Раббим мага Мекkенин жерин алтын кылууга сунуш жасады. “Жок, йа Раббим! Мен бир күн ток болоюн, бир күн ач болою**н. Ач болгон кезимде сага кулчулук жасап, сени зикир кылайын. Ток кезимде сага шүкүрчүлүк кылайын” дедим”**, -** деген.

Хазрети Айша энебиз айтат: “Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын Мадинага келгенден кайтыш болгонго чейин үйдөгүлөр үч түн катары менен буудай наны менен карындарын тойгузушкан эмес. Пайгамбарыбыз жана үйдөгүлөр көбүнчө арпа наны менен курма жечү жана булар да көп эмес эле.”

Расулуллах алейхиссалам кайтыш болоордон мурун соот көйнөгүн үйүндөгүлөрдүн тамагы үчүн Абу Шахма деген яхудиден алган бир “васк” же отуз “Са” өлчөлөрүндөгү арпага кепилге койгон.

Хазрети Айша энебиз: “Мухаммед алейхисалламды хак дин жана китеп менен пайгамбар кылып жиберген Аллахка ант

кылып айтамын: Улуу Аллахтын пайгамбар кылып жиберген кезден баштап рухун алган кезге чейин өзү элек көрбөгөн, элекке эленбеген ундан жасалган нан да жеген эмес", - деген. "Андай болсо арпаны кантип жечү элеңиздер?" - деп сураганда "Кебегин (Уф!) деп үйлөчүбүз! ".

Пайгамбарыбыз алейхиссалам кайтыш болгонго чейин өзү дагы, үйүндөгүлөр да эки күн катарынан арпа нанына курсактарын тойгузган эмес. Валлахи, Пайгамбарыбыздын үйүндө кырк түн күтчүбүз, чырак да, бир от да жагылчу эмес. Айлар өтчү, Мухаммед алейхиссаламдын үйлөрүнүн эч кайсысында от жанып, түтүн көрүлгөн эмес.

Эки ай өтүп кетчү. Мухаммед алейхиссаламдын үйдөгүлөрү үчүн нан бышырылчу эмес, казанда тамак бышырылчу эмес.

Биз Асвадейинге, б.а., курма менен сууга тойгон кезибизде Расулуллах алейхиссалам кайтыш болду. Пайгамбарыбыздын курсагына бир күндө эки түрлүү даам кирген эмес, курмага тойгон кезинде нанга тойчу эмес, нанга тойгон кезде дагы кумага тойчу эмес. Мына, мени ыйлаткан да ушу", - деген.

Анас бин Малик: "Пайгамбарыбыз Аллаху таалага жеткенге чейин Хыванын үстүндө бир нерсе жегенин да, таза буудай унунан калама нан, козу этинен шишкебек көргөнүн да билбейм!" - деген.

(Хыван – тамак койгон стол сыяктуу нерсе.)

Абу Хурайра хазреттери Пайгамбарыбыздын "Аллахым! Мухаммеддин үй калкын өлбөгөндөй камсыз кыл! Мухаммеддин үй-ичинин ырыскысын өлбөгөндөй кыл" деп дуба кылганын билдирген.

Расулуллах алейхиссалам жеген нерсесин дасторкондо жечү.

Расулуллах алейхиссалам эч качан "тигини бышыргыла, муну бышыргыла" дечү эмес. Эмне бар болсо ошону жечү. Хазрети Айша энебиз айтат: «Пайгамбарыбыз алейхиссалам жаныма келип **"Жечүү нерсе барбы?"** деп сурачу. "Жок" десем, **"Андай болсо мен орозомун"** дечү».

Пайгамбарыбыз алейхиссалам бир күнү бизге келген эле. "Йа Расулаллах! Бизге бир белек келди", - дедим. **"Ал эмне?"** - деп сурады. "Хайс", - дедим. **"Бирок, мен орозо болуп турам"**, - деди. (Хайс – курма, май арлаштырып жасалган тамак)

Пайгамбарыбыз халва менен балды, нан, курма, жашылча туурандыларын жакшы көрчү. Ага сүт алып келген кезде: **"Сүттө эки береке бар", -** дечү.

Абдуллах бин Аббас айтат: “Халид бин Валид экөөбүз Пайгамбарыбыз алейхиссалам менен бирге таежем Маймуна бинти Харистин үйүнө бардык. Умма Хуфайд Пайгамбарыбызга уй майы менен сүт белек кылды. Эжем: “Белек кылынган сүттөн берейинби?” - деп сурады. Пайгамбарыбыз: **“Жарайт”**, - деди. Эжем барып, бир идиш менен сүт алып келди. Пайгамбарыбыз алып ичти. Мен пайгамбардын оң жагында элем. Халид бин Уалид сол жагында эле. Расулуллах сүттөн артканын мага берип: **“Сен ич. Кааласаң Халидке бер”**, - деди. “Мен сизден артканын ичүүдө эч качан, эч кимди өзүмдөн артык көрбөймүн”, - дедим. Андан кийин Пайгамбарыбыз: **“Аллах бир тамак жегенди** насип кылган адам “Аллахумма барик лена фихи ва атамна хайран минху – Аллахым! Сен бул тамакта бизге береке ихсан кыл. Бизге андан кайырлуусун да жегиз” десин.

Аллах сүт ичкизген адам да “Аллахумма барик лана фихи ва зидна минху – Аллахым! Сен бул сүт менен бизге береке бер” десин. Анткени, тамак менен суунун ордун сүттөн башка эчтеке баса албайт”**, -** деген.

Мадиналык мусулмандар курмаларынын алгачкы бышкандарын жыйнап аны Пайгамбарыбызга алып келчү. Пайгамбарыбыз ал курманы колуна алып, береке дубасын окугандан кийин балдардын эң кичинекейлерин чакырып, ошолорго берчү. **“Бир үйдө курма болбосо ал үйдүн адамдары ач”, -** дечү.

Анас бин Маликтин билдиргени боюнча Пайгамбарыбыз алейхиссалам ашкабак тамактарын жакшы көрчү. Ичине ашкабак кошулган тамак алып келгенде ашкабагы алынып Пайгамбарыбыздын алдына коюлчу. Пайгамбарыбыз койдун этинин эң даамдуу эти арка эти экенин айтчу.

Умму Аййубдан “Расулуллах алейхиссалам сиздин үйүңүздө жети ай турду. Ал кандай тамакты жакшы көрчү эле?” деп суралды. Умма Аййуб: “Анын өзү үчүн белгилүү бир тамакты бышырууну сураганын, же жактырбаган тамагын жамандаганын көргөн жокмун. Ага хариса, кешкек жасап, ага жакканын көрдүк дагы, бул тамакты беш күндө, алты күндө, он күндө бир даярдачубуз”, - деди.

Абу Мусал-Ашаридин “Пайгамбарыбыздын тоок этин жегенин көрдүм” дегени билдирилген.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам тамактын түбүндө калганын жегенди жактырчу. **“Кимде-ким табакта, идиште тамак жегенден кийин аны тазалап койсо, ал ошол адам үчүн истигфар кылат”, -** деген.

Пайгамбарыбыз жашыл курма менен бирге коон, бадыраң жечү. **“Мунун ысыктыгын анын сууктугу менен, анын сууктугун мунун ысыктыгы менен алмаштырабыз”, -** дечү.

Пайгамбарыбыздын мындай дегендиги дагы билдирилген: **“Эй Абу Зар! Эт бышырган кезде суусун көбөйт дагы кошуналарыңды дагы эскер, андан кошуналарыңа дагы бөлүп бер”.**

**“Кошунасы ач от**уруп, өз карынын тойдурган адам камил мусулман эмес”.

**“Аллахка иба**адат кылгыла. Тамак бергиле. Саламдашууну жайгыла, Жаннатарга барасыңар”.

**“Бир адамдын тамагы эки адамга жетет. Үч адамдын тамагы төрт адамга жетет. Төрт адамдын тамагы сегиз адамга жетет”.**

Асма бинти Аби Бакр бышкан тамак кайнап бүткөнчө жана буусу кеткенге чейин жабык туруунa кеңеш берчү жана Пайгамбарыбыздын **“Анын берекеси ушунда”** дегенин уккам дечү.

Расулуллах Мекке алынган кезде агасы Абу Талибдин кызы Хазрети Уммуханинин үйүнө барган болчу. Андан **“Ж**ей турчу бир нерсеңиз барбы?” - деп сурады. Хазрети Уммухани: “Жок, бир гана катыган нан ушактары менен сирке суу бар. Бирок, аларды сизге берүүгө уялдым”, - деди. Пайгамбарыбыз: **“Аларды алып кел. Суунун ичине** ушала**. Туз да ала кел”**, - деди. Сирке суунун ошонун үстүнө куюп жегенден кийин Аллахка шүкүрчүлүк кылыды.

**“Эй Уммухани! Сирке суусу кандай жакшы кошмо!** Сирке суусу бар үй кошмодон куру деп саналбайт”, - деди.

“Суулардын кайсынысы даамдуу” деп суралган кезде Расулуллах: **“Таза, салкын суу”, -** деген.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Буют-ус-сукиядан алып келген булак суусунан иччү. Буют-ус-сукиядагы булак Мадинадан эки күндүк жерде болчу.

Пайгамбарыбыз: **“Силердин бириң бир нерсе жеген кезде оң колу менен жесин. Бир нерсе ичкенде дагы оң колу менен ичсин.**

**Анткени, шайтан сол колу менен жеп, сол колу менен ичет", -** деген.

**"Силердин бириң бир нерсе ичкен кезде идиштин ичине үйлөбөсүн", -** деген. Желген жана ичилген нерселердин ичине үйлөөгө тыюу салган сыяктуу алтын, күмүш идиштер менен ичип жегенди дагы тыюу салган.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам суу ичкенде бир кесе сууну эки-үч жолу дем алып иччү жана **"Бул пай**далуу жана суусунду тез кандырат"**, -** дечү.

**"Силерин бириң бир нерсе ичкенде** тынымсыз бир дем менен ичпесин".

**"Төөлөр сыяктуу бир дем менен ичпегиле. Эки же үч жолу дем алып ичкиле. Андан кийин, ичкен кезде "Бисмиллах" жана ооз**уңарды идиштен алган кезде "Алхамдулиллах" дегиле"**, -** деген.

Навфал бин Муавия: "Пайгамбарыбыз алейхиссалам бир нерсе ичкенде үч жолу дем алчу. Биринчисинде бисмиллах деп Аллаху тааланын атын айтчу, акырында алхамдулиллах деп шүкүрчүлүк кылчу", - деди.

Хазрети Айшанын билдиргени боюнча: Пайгамбарыбыз өзүнө арнап таң эрте кесеге куюлган жүзүм ширесин кечке иччү. Кечке куйулган жүзүм ширесин таң эрте иччү.

Тамактан мурун жана тамактан кийин кол жуу жана оң кол менен жеш жана оң кол менен ичүү Расулуллахтын адаты болчу. Тамактан мурун кол жууганда алгач жаштар, тамактан кийин алгач каарылар жуучу.

Табактын четинен жеш, өз алдынан жеш, сол тизесин жерге койуп оң тизесин көтөрүп отуруу – Расулуллахтын сүннөтү. Өтө ысык нерсени жебөө керек жана жыттабоо керек. Тамак жеп отурганда эч сүйлөбөөнү Пайгамбарыбыз ылайык көрчү эмес. Ал отко табынгандардын адабы болчу. Жакшы нерселерди айтуу керек. Туз менен баштап, туз менен бүтүрүү Расулуллахтын сүннөтү жана шипаалуу иш.

Жеп-ичүү илимин үйрөнүү ибадат илимин үйрөөнүдөн мурун турат. Исламда алгач чыккан бидаттардын бири – тойгончо жеш. Күндө эт жеш жүрөккө оорлук түшүрөт. Аны периштелер жакшы көрбөйт. Этти аз жеш болсо ахлакты бузат. Дасторкондун, б.а. жайылган нерсенин үстүндө жеп жана муну жерге жайганы

жакшы. Дасторкон териден жасалчу. Жашылчаларды таммакка кошуп жеген өтө жакшы. Жашылча тамагы жок дасторкон акылсыз карыяга окшоштурулган.

Имам Жафар Садык: “Малы менен баласы көп болуусун каалаган адам жашылча тамакты көп жесин”, - деген. Алгач дасторконго отуруу керек, тамакты андан кийин алып келүү керек. Пайгамбарыбыз: “Мен кулмун. Кулдар сыяктуу жерге отуруп жеймин”, - деген.

Ачка болбостон жебеш керек, көп жебөө жана дасторкондон тойбой туруп кетүү керек, таң калтырчу нерсе болбосо күлбөө керек. Пайгамбарыбыз **“Жакшылыктардын башы – ачтык. Жамандыктардын башы - токтук”, -** деген. Канчалык ач болсо тамактын даамы ошончолук көп болот. Токтук адамды унутчаак кылат. Көңүлдү көр кылат, алкогольдуу ичимдиктер сыяктуу канды бузат. Ачтык акылды тазалайт, жүрөктү нурлантат.

Кара ниет, жаман адамдар менен бирге отуруп жеп-ичпөө керек. Кайнап бышкан тамактардын бетин жаап суутуу керек. Пайгамбарыбыз: **“Оң кол менен жеп, оң кол менен ичкиле”, -** деген. Пайгамбарыбыз нанды оң кол менен алып, дарбызды сол кол менен жечү. Нанды бир кол менен эмес, эки кол менен бөлүү керек.

Оозго сала турчу тамак үзүмү кичине болуу керек жана жакшылып чайноо керек. Оңду-солду, асманды карабай алдындагы тамакты кароо керек. Оозду чоң ачпоо керек. Дасторкондо колу-башын үстүнө сүртпөө керек. Жөтөлүп, чүчкүрчү кезде солго же атка кароо керек.

Чакырылбаган дастарконго отурбоо керек. Курсагы тойгондон кийин аны күнөө кылууга колдонбоо үчүн дуба кылуу керек. Мунун кыяматтагы эсебин ойлоо керек. Ибадат жасоого күч жыйноо ниети менен жеш керек. Курсак катуу ач болсо да жай жеш керек. Алгач чоңдор баштоо керек. “Ал, же” деп үчтөн көп айтып адамды кыйнобоо керек. Бирге жеген кезде коноктору тойбостон мурун тамактан колун тартпоо керек.

Расулуллах аз жеп, көп жебөө маселесине көп токтоду.

“Адамдын жүрөгү айдоодогу эгин сыяктуу. Тамак жамгыр сыяктуу. Ашыкча суу эгинди чириткени сыяктуу ашыкча тамак да жүрөктү өлтүрөт. **“Көп жегенди, көп ичкенди Аллаху таала жактырбайт”, -** дечү.

Расулуллах ашказандын үчтө бирин тамакка, үчтө бирин суусундарга бөлүүнү кеңеш берди. Үчтө биринин абанын

үлүшүндө, б.а., бош болуу эң төмөнкү даража болуп табылат. Эң жакшы даража аз жеш жана аз уктоо. Көп жеш – оорунун башы, аз жеш – ден-соолуктун башы. Бир адамдын тамагы эки адамга жетет. Конок үй ээсинен туз менен нандан башка эч нерсе күтпөөсү керек. Үй ээси конокко нан сунуп, колуна суу куюшу керек.

Халифа Харунуррашид коногунун колуна кумган менен өзү суу куйчу. Конокко анын жакшы көргөн нерсесин сунуу керек. Таза жерге түшүрүп алганын алып ага берүү керек. Жиийиркенсе мышыкка же башка жаныбарга берүү керек. Ушундайча үйдүн берекеси артат. Бул береке неберелерине чейин жетет. Жерге түшкөндөр жыйналбаган болсо шайтан жейт. Идиште түбүндө калган тамакты жыйнап, сүртүп жалоо сүннөт болот. Компот, айран сыяктуу нерселердин калдыктарына суу куюп, чайкап ичүү дагы чоң сооп. Табакта, кеседе ичилген нерсенин артканын калтырууга болот. Расулуллах момундан калган нерсени жегенди жактырчу.

Тамактан кийин тишти мисвак менен жана тиш тазалагыч менен тазалоо – Расулуллахтын сүннөтү. Тазалык болуп саналат. Тазалык ыйманды күчтөндүрөт. Тамактан кийин үй ээсине береке, рахмат менен магфират тилеп дуба кылынат. Андан кийин кетүүгө уруксат суралат. Чыгып бара жатканда үй ээлерин конокко чакырууну унутпоо керек.

Тамак жеп отурганда коркунучтуу, жийиркеничтүү нерселерди айтпоо керек. Өлүм, оору тууралуу айтпоо керек. Дасторконго келген тамактарга карабоо керек. Бир үзүмдү жеп жутпай туруп, экинчисин албоо керек. Тамак жеп отурганда бир нерсе үчүн, жада калса намаз үчүн дагы дасторкондон турбоо керек. Намазды андан мурун окуу керек.

Эгер дайын болгон тамактар сууй тургандай же болбосо бузула тургудай болсо жана намаз убакыты тамактан кийин окууга ыңгайлуу болсо, тамакты намаздан мурун жеш керек. Дасторкондон тамак алынгандан кийин туруу керек. Жол үстүндө, тике туруп, басып бара жатып жебөө керек.

Оозунан, колунан эттин, тамактын жыты чыгып турганда жатпоо керек. Балдардын да колун жуу керек. Тоюп жатпоо керек. Азык-түлүктү дүкөндөн өлчөп алуу керек. Эсепсиз көп албоо керек, ысырап болот. Тамактын идиштеринин бети жабык туруу керек. Өзөндөн, көлмөдөн эңкейип оозу менен суу ичпөө керек. Кумган-

кумуранын оозунан да ичпөө керек. Кесенин сынык четинен дагы ичпөө керек.

Жайда салкын суусун ичүү керек. Расулуллах салкын шербет ичкенди жактырчу. Замзам сууну туруп ичүүгө болот. Жолоочу баардык сууну туруп иче алат деген. Ач карынга суу ичпөө керек. Сууну акырын, ууртап ичүү керек.

Расулуллах алейхиссалам бадырак (бышырылып кургатылган буудай) тамагын жакшы көрчү. Аны жасоону Пайгамбарыбызга Жабраил алейхиссалам үйрөттү. Ал адамга күч берет. Бардык пайгамбарлар арпа нанын жеген. Расулуллах ашкабактан жасалган даамдуу тамакты, мержимек шорпосун, аң жана кой этин жакшы көрчү. Койдун бут, көкүрөк жана далы жагын жакшы көрчү. Улактын далы этин жактырчу. Улак этинин сиңүүсү оңой. Бардык адамга жегенге болот.

Эркек малдын эти ургаачы малдан жана кара түстүү малдын эти ак түстүү малдын этинен оңой сиңет. Оңой сиңирүү жана лаззаты жагынан эттин эң жакшысы - кой эти, коендун эти дагы халал, Пайгамбарыбыз жеген. Коен эти заара чыгарат, артыгы уйкуну качырат. Куш, балапан эти бардык адамга жакшы. Үй куштарынын ичиндеги эң жакшысы - тооктун эти.

Пайгамбарыбыз: **“Сирке суусу кандай жакшы тамак”,** **-** деген. Сирке суусу - эң пайдалуу тамак. Курма да тамак. Б.а., нан менен желет. Жүзүм тамак дагы жемиш дагы болуп саналат. Жүзүмдү нан менен жеш сүннөт. Курманын өзүн гана жеш сүннөт.

Мейиз, жаңгак, бадам жеш сүннөт. Балда шипаа бар. Жетимиш пайгамбар балга береке тилеп, дуба кылган. Расулуллах алейхиссалам курманы өтө жакшы көрчү. Курмага коон, дарбыз кошуп жечү. Коон, дарбыз бөйрөктү тазалайт, баш ооруну кетирет. Ашказан-ичеги курттарын түшүрөт. Көзгө кубат берет. Расулуллах муздак шербеттерди жакшы көрчү. Күрүч пало жеген кезде салават окуу керек.

Пайгамбарыбыз буурчакты (бобовый) кабыгы менен жешти мактады. Хаббатуссавда, б.а., содана дарттарга даба болот деди. Жаңгакты быштак менен жеш шифаа болот. Бул экөөнө эчнерсе кошпой өзүн жеш зыян болот. Бир нерсеге кошуп жеш керек. Жүзүмдүн данеги зыян. Пайгамбарыбыз жүзүм салкымын сол колуна алып, оң колу менен үзүп жечү. Айва жүрөктүн оорлугун кетирет. Ар бир коон, дарбыз, анарда бир тамчы жаннатын

суусу бар. Бир анарды жалгыз жеш керек. Бир тамчысы да бош кетпөөсү керек. Анар жүрөк согушуна пайдалуу. Ашказанды күчтөндүрөт. Сыгып ичилсе өтө пайдалуу, ич катыганды кетирет. Инжир жүрөккө ырахаттык берет. Сайгылашууну, тамак сиңирүү оргaндарынын ооруларын кетирет.

Жашыл бадыраңды туз менен жеш, жаңгакты курма жана бал менен жеш – Расулуллахтын сүннөтү. Пайгамбарыбыз баклажанды мактаган жана зайтун майын кошуп бышыргыла деген. Кара отту да мактаган. Сельдерей унутчаактыкты кетирет. Заараны айдайт. Кан жана сүт болот. Боорду тазалайт. Артишок өсүмдүгү өттүн ташын ээритет, канда тьазалайт, тамырлардын катуулугуна пайдалуу. Тердин жытын дагы кетирет.

Бир элге барган адамдын алгач бираз пияз жегени ден-соолукка жакшы. Пияз дененин микропторго каршы туруу күчүн арттырат. Пияздан кийин сельдерей жесе жаман жытты кетирет. Андыз да жыт кетирет деп айтылган. Расулуллахтын акыркы жеген тамагында пияз бар болчу. **"Пияз менен сарымсакты бышырып жегиле", -** деген. Булардын жытынан периштелер тынчсызданат. Туруп заараны айдайт. Тамак сиңирүүнү.

## Расулуллахтын үй ичиндеги жана сырттагы абалдары

Пайгамбарыбыздын небереси Хазрети Хусейн мындай дейт: «Мен атамдан Расулуллахтын үй ичиндеги иштери жөнүндө сурадым. Атам мага буларды айтты:

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) үйүнө кирген учурдан баштап, убактысын үчкө бөлө турган. Биринчисин Аллаху таалага ибадат кылуу үчүн, экинчисин үйдөгүлөргө, үчүнчүсүн өзүнүн жеке иштерине бөлгөн. Өзү үчүн бөлгөн убактысында да эл менен алек болоор эле. Ал учурда анын алдына алдыңкы сахабалар келээр эле. Элге диний маселелерди алар аркылуу да жеткирип, элдин суроо- талабын эч качан жоопсуз калтырчу эмес.

Расулуллах үммөтү үчүн бөлгөн убактысында алардын көйгөйлөрү менен алек болуп, ар кандай суроолоруна жооп берген соң: «Бул сөздөрдү ушул жерде отургандар, укпагандарга жеткизсин! Мага өзү келип суроо-талабын угуза албаган адамдын суроо-талабын мага силер жеткизгиле! Муктаждыгын айта албаган адамдын муктаждыгын мага жеткизген адамдын

бутун Аллаху таала **к**ыямат күнү сырат көпүрөсүнөн тайгызбай бекем кылат»**,** - дечү.

Ал дайыма үммөтүнүн көйгөйлөрү, суроо-талаптары жана муктаждыктары менен алек болгон. Пайгамбарыбызга кандайдыр бир суроо-талабы менен барган адам алган жообуна толук кандуу түрдө канааттанып чыга турган».

Андан соң Хазрети Хусейн атасынан Расулуллахтын үйдөн сыртка чыккан кезде эмнелер менен алек болгондугун сураган. Атасы Хазрети Али (радыйаллаху анх) ага минтип жооп берген:

«Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) сыртта жүргөн кезде жөнү жок маанисиз сөздөрдү сүйлөчү эмес. Ал мусулмандарга пайдалуу боло турган, алардын ортолорундагы ынтымакты, биримдикти бекемдей турган сөздөрдү сүйлөөр эле.

Сырттан келген уруу башчыларын, конокторду жылуу тосуп алып, жылуу узатаар эле. Исламды кабыл алган ал уруулардын башчыларын өздөрүнө башчы кылып дайындай турган. Элди жаман адаттардан алыс болууга, жакшылыкка чакыраар эле. Баарына жылуу маанай тартуулап, баарынын көңүлүн көтөрө турган.

Мубарек сахабаларынан бирөөсүн көрбөй калса, аны сураштырып ал-ахывалын биле турган. Жакшылыкты мактап, жамандыкты жерий турган. Анын ар бир иши орундуу эле. Мусулмандыктан адашпоолору үчүн ар качан эскертип турчу. Ар бир жагдайы белгилүү, ачык болчу.

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) ибадаттарын калтырбай, Аллаху таала ыраазы боло тургандай деңгээлде аткарган. Ал эч кимдин акысын тебелеген эмес. Өзүндө кимдир бирөөнүн акысы болсо, аны толук бере турган. Анын жолун жолдогондор адамдардын эң ардактуулары болушкан.

Анын назарында сахабаларынын эң ардактуусу муктаж адамдарга көңүлүн оорутпай жардам берген адам болгон. Ал Аллахтын ысмын эскермейинче отурчу да, турчу да эмес.

Мечитке же башка бир жерге чогулганда өзү үчүн белгилүү бир жерди белгилечү эмес. Буга тыюу салган. Кай жерде болбосун, чогулуп олтурган жамааттын жанына барып, четинен кай жер бош болсо ошол жерге отурган. Төргө өтчү эмес. Мубарек сахабаларына да ушундай болуу керектигин айткан.

Өзү менен бирге олтургандардын баарына өзгөчө көңүл бурган. Аны менен бирге олтургандардын ар бири Расулуллахтын алдында

өзүнөн ардактуу адам жоктой сезишчү. Хазрети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) арыз-муңу менен келген адамдын муктаждыгын камсыз кылууга колунан келишинче аракет кылган. Эгер анын муктаждыгын камсыз кылуу үчүн колунда эч нерсе жок болсо, айласыздан анын көңүлүн жубата турган жылуу сөздөрүн, насаатын айтып узаткан. Анын адамдык асыл сапатына эч бир адам теңдеше алган эмес.

Мубарек сахабаларына абдан күйүмдүү ата сыяктуу болгон. Акы-укук маселесинде анын алдында баары бирдей болгон. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) сухбаты илим, ыйман, адеп жана сүйүүнүн сухбаты болгон. Анын сухбатында сахабалар үндөрүн эч качан бийик көтөргөн эмес. Ал жерде эч ким айыпталчу да, бирөөнүн кемчилиги ачыкка чыгарылчу да эмес. Сухбаттагылардын баары бири-бирин Аллах үчүн жакшы көрүп, урматтап сыйлай турган. Алардын түшүнүгүндө эң жогору мартабалуу адам - эң такыбаалуусу болуп эсептелген. Баары тең абдан кичи пейил жана адамгерчиликтүү болушкан.

Алар өздөрүнөн улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттай турган. Муктаж адамдарга жардам берип, чоочундарга жылуу мамиле жасап, аларды капырлардын кысымынан коргошкон.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) адамдарга дайыма жылмайуу менен мамиле жасап, абдан кеңпейил, кечиримдүү жана айкөл болгон.

Эч ким менен талашып-тартышчу эмес. Эч качан кыйкырып, өйдө-төмөн жаман сөздөрдү сүйлөчү да, эч кимди айыптап көңүлүн түшүрчү да эмес. Ал абдан берешен болгон. Бирөөнүн айыбын көрсө аны эл алдында уяткарчу эмес. Үмүт менен келген адамды үмүтсүз кайтарчу эмес.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) үч нерседен алыс турган:

-Адамдар менен талашып-тартышуудан,

-Көп сүйлөөдөн,

- Жөнү жок, пайдасыз нерселер менен алек болуудан.

Ал адамдардын үч нерсесине көз жумган:

-Эч кимди кемчилигин бетине айтып уяткарчу да, же аркасынан айыптачу да эмес.

-Эч кимдин кемчилик-айыбын ачып издештирчү эмес.

-Эч кимге өзүнө соoптуу болбогон иштер жөнүндө айтчу эмес.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) сүйлөп жаткан кезде мубарек сахабалар төбөлөрүнө куш конуп алгандай, кулак-мурун кескендей тынч кулак салып угушкан. Сөзүн бүтүргөн соң суроолору болсо, сурап жообун алышкан. Алар анын жанында эч качан талашып-тартышчу эмес. Ошондой эле анын жанында бирөөсү сүйлөп жаткан кезде экинчиси сүйлөчү эмес.

Саахабалар бир нерсеге күлүшсө, Аллахтын Элчиси да алар менен чогуу күлүп, бир нерсеге таң калса, ал да алар менен чогуу таң калган.

Пайгамбарыбыз мубарек сахабаларынын баарына бирдей мамиле жасаган. Чөлдөн келген кээ бир адамдардын өйдө-төмөн орой сөздөрүн көтөрүп, аларга жылуу мамиле жасаган. Бул асыл сапаты менен да мубарек сахабаларына үлгү болгон.

Ал: *«Муктаж адам жардам сураган кезде*, *анын муктаждыгын камсыздап*

*жардам бергиле!»* - деген.

Чындыкка жанашпаган алкышты эч качан колдогон эмес. Чындык тепселмейинче эч кимдин сөзүн бөлчү эмес. Кимдир бирөө чындыкка дал келбеген туура эмес сөз сүйлөсө, же ал сөздү оңдоп, же ал жерден туруп кеткен. Расулуллахтын үн чыгарбашынын төрт себеби болгон: жумшактыгы, кылдаттыгы, жактыргандыгы жана терең ойго баткандыгы. Ал адамдардын кайсыдыр бир ишин көргөн соң аны жактырганы жүзүнөн белгилүү болгон. Ал эми эки дүйнөлүк маселелерде терең ойго батып жүргөн. Ал ар дайым жумшак жана сабырдуу болгон. Дүйнө иштерине тиешелүү маселелерден улам эч ачууланган эмес. Ал эми кылдаттыгы мынабул төрт учурда байкалган:

- Эң жакшы нерсени жактай турган,
- Жаман нерселерди жактырбагандыгы да жүзүнөн байкалган,
- Пикирин үммөтү үчүн пайдалуу боло турган болсо, билдирген,
- Шапаат кылуу укугун үммөтүнүн эки дүйнөлүк бактысы үчүн кыямат күнү колдонууга калтырган.

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) эч кимге «жок!» - деп жооп берген эмес. Андан жакшы бир нерсе кылууга жардам суралган кезде «макул» - деп жооп берген. Ал эми ага жакпаган бир нерсеге үн чыгарчу эмес. Бул анын ошол ишти жактырбаганын билдирген.

Ал бүткүл адамзаттын эки дүйнөлүк бактысы үчүн жан үрөгөн. Согуштардын биринде капырлардын жок болушу үчүн дуба кылышын суранган сахабаларына Ал:

*«Мен наалат айтып, адамдардын азап тартышы үчүн жиберилген эмесмин.* *Мен бардык*

*адамдарга жакшылык кылуу үчүн, бүткүл адамзатынын бакытка жетиши үчүн жөнөтүлгөм»*, - деп жооп берген.

Анбия сүрөсүнүн 107-аятында Аллаху таала: **«Биз сени бүткүл ааламга ырайымдуу, жакшылык үчүн жибердик»,** - деген. Ошондуктан ал бардык адамдардын жакшылыгы үчүн алек болду.

Хинд бин Абу Хала Хазрети Пайгамбарыбыздын басканы жөнүндө мындай деген:

«Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) бутун жандуу көтөрүп, эки жагына ообой, кадамдарын кенен таштап, алды жагын көздөй бир аз ийилип, өзүн токтоо кармап, кыйналбай баса турган. Бир жерди карай турган болсо, бүт тулку-бою менен бурулуп карачу. Эки жагын дайынсыз карай берчү эмес. Ал асманга караганда жерди көп карай турган. Жерди караганда да көзүнүн учу менен карачу. Мубарек сахабалары менен сапарга чыкканда алардын аркасында жүрчү. Бирөө менен жолуккан кезде биринчи салам бере турган».

Ал эми Хазрети Абу Хурайра: «Ылдам басуу боюнча Расулаллахтан өткөн адамды көргөн эмесмин. Ал басып бараткан кезде жер бети анын бутунун алдында тегеренип бараткандай элес калтыраар эле! Биз ага жетүү үчүн өзүбүздү кыйнап басаар элек. Аллахтын Элчиси эч кыйналбастан ылдам басчу», - деген.

Расулаллахтын жанында он жыл кызмат кылган Хазрети Анас бин Малик болсо: «Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бирөө менен жолуккан кезде кол алышып учураша турган. Маңдайындагы адам колун тартып алмайынча Пайгамбарыбыз колун тартчу эмес. Ал адам жүзүн бурмайынча, Пайгамбарыбыз да андан жүзүн бурчу эмес», - деген.

Хазрети Анас бин Малик дагы бир эскерүүсүндө мындай деген: «Хазрети Пайгамбарыбызга кайрылып:

-Йа, Расулаллах! Бирибирибизге эңкейип жүгүнсөк болобу? – деп сурадык.

Ал: «Жок», – деп жооп берди. Андан соң: «Силер кол алышып учурашкыла!» – дедү».

Хазрети Бараа бин Азиб Хазрети Пайгамбарыбыздын мындай дегенин айткан: *«Эки мусулман жолугуп, саламдашып кол алышса, экөө өз жолдоруна түшкөнгө чейин алардын күнөөлөрү кечирилет»*.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) көпчүлүк учурда унчукпай терең ойго батып жүргөн. Жөнү жок сөздөрдү сүйлөчү эмес. Сөздү баштап жатканда да, сөзүнүн аягында да Аллаху таалага шүгүрчүлүк кылып эскере турган.

Айта турган сөзүн кыска-нуска жеткирген. Ар бир сөзү маанилүү болгон. Ал ар бир сөздү өз ордунда сүйлөгөн. Ашыкча да, кем да сүйлөчү эмес.

Ал эч кимдин көңүлүн оорутчу да, эч кимди төмөн көрчү да эмес. Ийненин көзүнчөлүк жакшылыкка да адамча мамиле жасаган. Эч бир жакшылыкты жериген эмес.

Ал дүйнө иштери үчүн эч качан ачууланган эмес. Бирок, кимдир бирөөнүн акысы тепселе турган болсо, анын алдында эч ким туруштук бере алчу эмес. Ал эми жеке өзүнө карата жасалган кыянатчылыктарга ачууланган же алардан өч алган да эмес.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бир нерсеге манжасы менен эмес, колу менен ишарат берген. Аябай таң калган кезде колун тескери айланткан, б.а., алаканы асманга карай ачык болсо төмөн караткан же төмөн карай ачык турча өйдө караткан. Сүйлөп жаткан кезде оң алаканын сол колунун баш бармагына урган учурлары да болгон. Ачууланган кезде дароо ачуусун басып, ачууланганын эч кимге билгизбегенге аракет кылган.

Кубанган, ырахаттанган кезде көздөрүн жумчу. Ал өтө күлкүлүү окуяларга да жылмайып гана күлгөн. Жылмайган кезде аппак тиштери ак берметтей жаркып турган.

Мубарек сахабалардан Хазрети Абу Саид ал-Худри мындай деген: «Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) мал-жандыктарына өзү чөп салып, аларды өзү сугарып байлаар эле. Үйүн шыпырып, койлорун саар эле. Жыртылып калган бут кийимин, кийим-кечелерин өзү тигип жамай турган. Кол алдындагы кызматчысы менен бирге тамактанаар эле. Кызматчысы жаргылчак тартып жатып чарчаган кезде ага жардам берээр эле. Базардан үйгө керектүү буюм-тайым, азык-түлүктөрдү сатып алып, үйүнө өзү көтөрүп келээр эле. Кедей-бай, жаш-кары баарына биринчи салам берчү. Кол алышып учурашаарда маңдайындагы адамга колун биринчи суна турган. Ал адамдарды «кул-кожоюн,

ак-кара» деп эч качан бөлчү эмес. Ким болбосун, чакырган жерден калчу эмес. Алдына коюлган нерсе аз болсо да, аны төмөн көрчү эмес. Бардык адамдар менен жакшы мамиледе болчу. Жылуу жүздүү, таттуу тилдүү эле. Сүйлөп жатканда күлчү эмес. Бирок, кабак-кашы бүркөк да эмес эле. Кичи пейил эле. Айбаттуу эле, урмат жана коркуу пайда кылчу. Бирок, орой эмес эле. Назик эле. Жоомарт эле. Бирок, ысрап кылчу эмес жана пайдасыз жерге бир нерсе берчү эмес. Ар кимге боор ооручу. Эм кимден бир нерсе күтчү эмес. Саадат, бакыт каалаган адам Ал сыяктуу болуусу керек.

Ар бир мусулман Расулуллахтын бул абалдарын өзүнө өрнөк кылып алуусу керек. Аллаху тааланын ахлагы менен ахлактануу ар бир мусулманга зарыл. Себеби, Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: «Аллаху тааланын ахлагы менен ахлактангыла!» - деп буюрду.

Мисалы, Аллаху тааланын сыпаттарынын бири «Саттар». Б.а., күнөөлөрдү жашыруучу, жабуучу. Мусулман адам дагы дин бир тууганынын айып-кемчилигин жашыруусу керек. Аллаху таала кулдарынын күнөөлөрүн кечирүүчү. Мусуммандар дагы бири-биринин кемчиликтерин кечирүүлөрү керек. Аллаху таала карим, рахим. Б.а., лутуфу, ихсаны мол жана мээрими көп. Мусулман адам жоомарт жана мээримдүү болуусу керек. Бардык көркөм ахлактар дагы ушундай.

Расул алейхиссаламдын көркөм мүнөздөрү абдан көп. Ар бир мусулман адамдын буларды үйрөнүүсү жана булар сыяктуу ахлактануусу керек. Ушундайча дүнүйөдө жана акыретте жамакдыктардан, кыйынчылыктардан кутулуу жана Ал эки дүнүйө Мырзасынын шапаатына жетүү насип болот.

## Пайгамбарыбыздын кийген кийимдери

Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) «хибарадан» тигилген бир кийими болгон. Хибара – пахта жибинен токулган кездеме. Пайгамбарыбыз ушул кийимин кийгенди абдан жакшы көргөн.

Мындан сырткары Пайгамбарыбыздын Омандан алып келген эки «изары» болгон. «Изар» белден баштап тизенин ылдый жагына чейин жаап турган кездеме. Хазрети Пайгамбарыбыздын жүндөн токулган дагы бир изарга окшогон кездемеси болгон. Мунусу менен көчөгө да чыккан учурлары кездешкен.

Абу Бурда мындай деген: «Хазрети Айшанын үйүнө зыяратка барганыбызда бизге «мулаббада» делген кийим менен Йеменде жасалган калың бир изарды көрсөтүп, ант кылып: «Расулаллахтын (саллаллаху алейхи васаллам) жаны мына ушул кийимдердин ичинен алынды!» - деди».

Пайгамбарыбыз кышында да түнүчүндө намазга турганда катуу да, жумшак да эмес жүндөн жасалган кийимин жамынып алчу.

Ал мубарек сахабаларына белдерине байлап алган изарларын балтырдан ылдый коё берүүгө болоорун айткан. Ал эми изар менен томукту кошо жабууга уруксат берген эмес. Бой көтөрүп, элге мактануу үчүн изарларын жерге сүйрөп баскан эркектерге кыямат күнү Аллаху таала ырайым кылбай турганын айткан. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Жабир бин Сулаймга: *«Изарыңды балтырыңдын жарымына чейин көтөр! Буга күчүң жетпесе*, *томуктарыңа чейин түшүр! Жерге тийе тургандай кылып изарыңды коё берүүдөн сактан*! *Анткени*, *бул текеберликтин белгиси. Аллаху таала бой көтөргөндөрдү жакшы көрбөйт»*, - деп буюрган.

Хазрети Абдуллах бин Омар да Хазрети Пайгамбарыбыздын ушул сөзүнөн кийин изарын балтырына чейин жеткирип, анын көйнөк жана рида кийчү (рида – үстүнө жамына турчу кездеме, желбегей)

Пайгамбарыбыздын чет элден келгендердин алдыларына кийип чыга турчу Хадрами желбегейинин узундугу төрт аршын, эни эки аршын, бир карыш, куну болсо бир динар болчу. Жашыл түстүү болчу.

Бул желбегей Хазрети Пайгамбарыбыз көз жумган соң халифалар доорунда түйүлүп, төрт бурчтуу кездеменин ичинде сакталып турчу. Халифалар аны Айт майрамдарында кийишчү.

Пайгамбарыбыздын Сухарда тигилген эки кийими бар эле. Сухар – Омандын бир айылы. Пайгамбарыбыздын сухарча тигилген бир көйнөгү дагы болгон. Сухар айылында тигилген көйнөк «Сухари» деп аталат. Пайгамбарыбыздын эң жакшы көргөн кийими камис (көйнөк) болчу. Камис – таза пахта жибинен тигилген көйнөк. Пайгамбарыбыздын көйнөгүнүн жеңинин узундугу билекке чейин болчу. Хабашстан падышасы Нажашинин Пайгамбарыбызга жиберген белектеринин арасында көйнөк да бар болчу.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын мындан сырткары аппак кийими да болгон. Ал: *«Ак түстүү кийимдериңерди кийгиле***!** *Тирүүңөр ак кийинсин***!** *Маркумдарды да ак кепинге орогула! Анткени***,** *ал – кийимдердин кайырлуусу жана жакшысы»,* - деген.

Пайгамбарыбыз жашыл түстүү кийим да кийген. Мубарек сахабалардан Хазрети Абу Римса Пайгамбарыбызды асты-үстүнө жашыл кийим кийип жүргөнүн көргөн.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) кызгылт түстөгү кийим да кие турган. Хазрети Бараа бин Азиб мындай деген: «Кызгылт түстөгү «хулла» кийген, чачы кулагынын жумшагына чейин өскөндөрдүн арасынан Расулаллахтан өткөн сулуу адамды көргөн эмесмин!». Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Жума жана Айт күндөрү кийген кызыл чапаны да болгон. Мындан сырткары Йеменден келген дагы бир чапаны бар эле. Бул чапанын сапарга чыккан кезде кийген.

Пайгамбарыбыз Иран шахтары кийген «тайласан» - делген кымбат баалуу кездемеден жасалган, жакасы, жеңдери, алдыңкы жана арткы жээктери атлас менен көктөлгөн чепкенин согуштарга кийип барган.

Хазрети Айша (радыйаллаху анха) бул чепкенди көз жумганга чейин сактаган. Андан соң ал Хазрети Асма бинти Абу Бакрдын колуна өткөн. Пайгамбарыбыз кийген бул чепкен сууга чыланып, андан калган суу менен оорулуулар жуунуп шыпаа тапкан.

Думатул-жандал тайпасынын башчысы Укайдыр көз жумган бир тууганы Хасандын атластан кооздолуп жасалган чепкенин Пайгамбарыбызга жөнөткөн эле. Бир күнү Пайгамбарыбыз ошол чепкенди кийип алып минбарга чыгып, бирок, мубарек сахабаларына эч нерсе дебей минбардан жерге түшөт. Мубарек сахабалар ал чепкендин кооздугуна абдан таң калып, кармагылап көрүшөт. Пайгамбарыбыз:

*«Силер ушул чепкендин кооздугуна таң калып жатасыңарбы***?** *Бул силерге абдан жактыбы?» -* деп сурайт. Алар: «Биз мындан да жакшы, кооз кийим көрбөдүк», – дешти.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Бар болуум кудуреттүү колунда болгон Аллахка ант кыламын, Сад бин Муаздын Жаннаттагы *жүз аарчысы силер көргөн чепкенден алда канча кооз жана жагымдуу***!**» – деген.

Пайгамбарыбыз белекке келген атлас чапаны менен намазга турду. Намаздан соң аны жактырбагандай түр менен дароо чечип: «Бул такыбааларга жарашпайт!» - деди. Аны Хазрети Омарга жөнөттү. “Йа, Расулаллах! Аны чечүүгө эмне үчүн ашыктыңыз» деп сурагандарга: «Жабраил мага муну кийүүгө тыюу салды», - деди. Хазрети Омар ыйлап келип: «Йа, Расулаллах! Сиз кийгиңиз келбеген нерсени мага бердиңиз. Аны эмне кылабыз?» - деди. Пайгамбарыбыз: «Мен аны сага кийсин деп бербедим. Сатсын деп гана жибердим», - деди. Хазрети Омар аны эки миң дирхамга сатты.

Византия өкүмдары да Пайгамбарыбызга атластан жасалган, оймолору алтын жалатылган жип менен кооздолгон, жеңи узун чепкен белекке берип жиберген эле. Пайгамбарыбыз аны мубарек сахабаларынын алдына кийип чыккан кезде алар:

-Йа, Расулаллах! Бул чепкен сизге асмандан түшүрүлдүбү? – деп сурашкан. Пайгамбарыбыз: «Силерге абдан жактыбы? Бар болуум кудуретинде болгон Аллахка ант кыламын, Сад бин Муаздын жаннаттагы жүз аарчыларынан биринин өзү мындан кайырлуу, сулуу», - деген.

Кийин ал кийимди Хазрети Жафар бин Абу Талибге жиберди. Хазрети Жафар аны кийгенде Пайгамбарыбыз: «Мен аны сага кийсин деп жиберген эмес элем», - деди. Хазрети Жафар: «Аны кийбегенде эмне кылам?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Нажашиге жибер», - деди.

Пайгамбарыбызга дагы бир күнү «сиера» делген жибек кездемеден жасалган асты-үстүнө даярдалган бир кийим белекке келген эле. Пайгамбарыбыз бул кийимди Хазрети Алиге жөнөтөт. Хазрети Алинин кийип алып көчөгө чыкканын көрүп: «*Мен аны сага кийүү үчүн жөнөткөн жокмун. Жоолук үчүн аялдарга бөлүштүр деп жибердим»*, – деди.

Хазрети Али дароо аны бөлүп, Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсүндөгү аялдарга бөлүштүрүп берет.

Хабаштандын падышасы Нажаши Асхама Пайгамбарыбызга бир чапан сымал калың кийим да берип жиберген.

Пайгамбарыбыз жүндөн жасалган кара кийим да кийген.

Жубайы Хазрети Айша (радыйаллаху анха) мына бул окуяны айтып калтырган: «Расулуллахка (саллаллаху алейхи васаллам) кара жүндөн кийим жасалган эле. Күндөрдүн биринде

аны сыртка кийип чыкты. Андан аябай тердегендиктен жүндүн жыты чыгыптыр. Аны үйгө келген соң дароо чечип салды. Анткени, ал жанга жагымдуу жыпар жыттарды жакшы көрчү».

Хазрети Омар бир күнү мечиттин жанында сатылып жаткан «сиера, истабрак» делген жибектен асты-үстү менен жасалган бир кийимди көрүп абдан жактырып, аны Пайгамбарыбызга алып келип: «Йа, Расулаллах! Муну сатып албайсызбы?! Жума, Айт күндөрү же сырттан коноктор келген учурда кийерсиз», – дейт. Пайгамбарыбыз: «*Бул - акыреттен насиби жоктордун кийими! Муну акыреттен насиби жоктор гана кийет”* – деди. Кийин өзүндөгү бир атлас чапанды Хазрети Омарга жиберди. Хазрети Омар аны алып Пайгамбарыбызга келди. «Йа, Расулаллах! Сиздин «Бул бир гана акыреттен насиби жоктордун кийими. Аны акыреттен насиби жоктор гана кийишет» дегениңизди уктум. Аны мага жиберипсиз», - деди. Пайгамбарыбыз: «Сен аны сатып муктаждыктарыңа жумшаарсың, аны пайдаланаарсың деп жибердим. Кийүүң үчүн жибербедим», - деди.

Пайгамбарыбыз: «Атак менен мактануу үчүн кийим кийген адамга Аллах ал кийимин чечкенге чейин карабайт».

«Кыямат күнү ага зыллат (кор боло турчу) кийимин кийгизет», - деген.

Бүрда – Йемендик чыбыктуу, сызыктуу кездеме болуп, Ихрам сыяктуу денеге оролот. Калың жүн кездеме менен чапан да бүрда деп аталат. Сахл бин Саад айтат: «Расулуллахка бир аял өзү токуган бүрдасын алып келди. «Йа Расулаллах! Мына муну өз колум менен токудум. Сизге алып келдим», - деди. Расулуллах керек болгондуктан аны кабылдады.

Ушул бүрданы оронуп жанеыбызга келди. Жамааттан бирөө ага колун тийгизип:

- Йа, Расулаллах! Бул бүрдадай бүрда жок! Муну мага бериңизчи, – деди. Расулуллах: «Макул», - деди. Бир топко олтурган соң үйүнө кетти. Үстүндөгү бүрданы сураган кишиге берип жиберди. Жамааттагылар ага:

- Мунуң эч туура болбоду! Расулуллах өзү муктаж болуп турган кийимин кантип сурадың? Расулуллахтын эч кимдин колун бош кайтарбагандыгын билесиң, – деп аны айыпташты. Ал адам: «Валлахи мен аны кийүү үчүн сурабадым. Өлгөндө кепеним болсун деп сурадым», - деди.

Чынында эле ал өлгөндө ошол бүрданы кепен кылды.

## Каб бин Зухайрга берген чепкени

Расулуллах (саллаллаху алейхи васаллам) Табукка барганда «Айла» элине коопсуздугу боюнча буйрук жазып, аны менен кошо буйруктун белгиси катары бир бурда (чепкен) берген эле.

Абул-Аббас Абдуллах бин Мухаммед ошол бурданы алардан үч жүз динарга сатып алган. Аббас уулдары бул чепкенди урпактан урпакка өткөрүп мурас катары сакташкан.

Халифалар Айт күндөрү үстүлөрүнө ошол чепкенди кийип, Пайгамбарыбыздын таягын колуна алып сыртка чыккан кезде жүрөктөр опкоолжуп, көздөн жаштар тегеренe турган.

Атактуу араб акындарынан Кааб бин Зухайр кечирим тилеп, мусулман болуу үчүн Пайгамбарыбыздын алдына келип: «Шеккүмөнсүз, Аллахтын Элчиси туура жолго жарыгын чачкан Нур. Ал жамандыктын мизин кайтаруу үчүн келген Аллахтын өткүр кылычы!» деген маанидеги ыр саптарын окуйт. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ошол жерден үстүндөгү бурдасын чечип, Каабга жабат.

Хазрети Муавия халифалыгы учурунда Кааб бин Зухайрга: «Расулаллахтын чепкенин бизге сат!» - деп кызматчысынан он миң дирхам кошо берип жиберген.

Хазрети Кааб бин Зухайр: «Мен Расулаллахтын чепкенин эч кимге бере албайм!» - деп жооп кайтарган. Хазрети Кааб көз жумган соң халифа Хазрети Муавия аны Каабдын балдарынан жыйырма миң дирхамга сатып алган.

Ошентип, Пайгамбарыбыздын Кааб бин Зухайрга берген чепкени халифадан халифага өтүп олтурган. Ал эми Амави (Омаяддар) мамлекети кулаган соң эң биринчи Аббаси мамлекетинин халифасы Абул-Аббас Саффах бин Абдуллах бин Мухаммед ошол чепкенди үч жүз динарга сатып алган.

Халифалар аны Айт-майрам күндөрү кийип чыгышкан. Халифа Муктадир өлтүрүлгөн кезде ал канга боёлуп кирдеп калган. Аббасилер Мысырга качкан кезде Пайгамбарыбыздын чепкенин кошо ала келишкен. Явуз Султан Салим Мысырды алып халифа болгон соң Мысырдагы «Куттуу аманаттар» делген Пайгамбарыбызга тиешелүү буюм-тайымдардын баарын Стамбулга көчүрүп барган. Алардын арасында сүйүктүү

Пайгамбарыбыздын ошол чепкени да болгон. Бул куттуу чепкен азыркы учурда да Стамбул шаарындагы Топкапы сарайынын «хыркатус саадат» деген бөлүмүндө сакталуу. Анын узундугу 1,24 см болуп, кара жүндөн жасалган кездемеден тигилген. Чепкендин кээ бир жерлери убакыттын өтүшү менен үбөлөнүп калган. Ал үстүнөн ачылма алтын кутунун ичинде сакталуу. Буга чейин Султан III Мурад Хан тарабынан изумруддар менен абдан коодолуп жасалган алтын кутуда сакталган.

Пайгамбарыбыздын «зафаран» - деген чөптүн боёгу менен боёлгон жамынчысы болгон. Бул жамынчысын жубайларынын үйлөрүндө жамына турган.

Пайгамбарыбыз ооруп төшөккө жатып калганга чейин «хамиса» аттуу кездеменин үстүндө намаз окуган. Хазрети Айша энебиз мынабул окуяны эскерген: «Бир күнү Расулуллах хамисанын үстүндө намаз окуп жатып көзү анын оймолоруна илинип кетип, эки жакка салам берген соң: *«Бул хамисаны Абу Жахмга алып баргыла! Анткени, бул бир аз мурун мени намазымдан алаксытты. Мага Адий бин Каабдардан Абу Жахм бин Хузайфа бин Ганимдин «анбижаниясын» алып келгиле!»* - деди.

Абу Жахм: - Йа, Расулаллах! Муну мага эмне үчүн жөнөттүңүз? – деп сурады. Пайгамбарыбыз: *«Көзүм намаз учурунда анын оймолоруна илинип кетти»,* – деп жооп берди. Бул хамисаны Пайгамбарыбызга Абу Жахм белекке берген эле».

Хайбардагы олжолор бөлүштүрүлүп жаткан кезде Пайгамбарыбыздын үлүшүнө дагы бир хамиса тийген. Бирок, бул эскирип калган хамиса болгон. Пайгамбарыбыз ошол хамисаны да жайып алып намаз окуган. Өмүрүнүн акыркы күндөрү оорусу күчөгөн сайын ушул хамиса менен жүзүн жаап алчу болгон. Эгерде андан кыйналып кетсе, аны кайра алып салган.

Мадина шаары нымдуу жерде орун алгандыгы үчүн Пайгамбарыбыз көз жумган соң ошол хамиса анын кабырынын алдына жайылган.

Бани Дар уруусунан Хани бин Хабиб хижраттын тогузунчу жылы Мадинага келип, Пайгамбарыбызга алтын жалатылган жип менен коодолуп жасалган кийим белек кылган эле. Пайгамбарыбыз аны агасы Хазрети Аббаска берген. Хазрети Аббастын “Муну эмне кылайын?» деген суроосуна: «*Алтынын чыгарып жубайыңа кооздук* (*сөйкө*-шакек) *жасат* **же** *сатып үй*-**б***үлөңө сарпта!*

*Атласын да сат!»* – деп жооп берген. Хазрети Аббас Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын айтуусу менен аны бир яхудиге сегиз миң дирхамга сатып жиберген.

Хазрети Анас бин Малик (радыйаллаху анху) мындай деген: *«Король Зиязан отуз үч картаң ургаачы төөгө сатып алган «хулланы» (асты-үстү кийим) Пайгамбарыбызга белек кылган, Расулуллах аны кабылдаган»*

Исхак бин Абдуллах бин Харис: *«Расулуллах алейхиссалам жыйырма тогуз чакты жаш төө берип сатып алынган бир хулланы Зиязанга белек кылды», - деген.*

*Хулла деп Йемен кездемесинен же башка кездемеден асты-үстү бар, эки жуп кийимди аташат. Жалгыз кийим хулла деп эсептелбейт.*

## Нажаши жиберген алтын шакек

Хабаш бийлөөчүсү Асхаманын Пайгамбарыбызга жиберген белектеринин ичинде көзү хабаш ташынан жасалган алтын шакек да бар болгон. Пайгамбарыбыз Абул-Астын кызынын кызы Умаманы чакырып: «Эй кызым! Мына муну сен так!» - деди.

Эркектерге күмүш шакек гана тагынууга болоорун, ал эми алтын, темир жана жезден жасалган шакек тагынууга тыюу салынганын Пайгамбарыбыз өзү айткан. Өзү да күмүш шакектен башка шакек тагынган эмес.

Пайгамбарыбыз шакегин адатта оң колуна тагына турган. Сахабалардан сол колуна да тагынганын көргөндөр болгон. Сол колго да тагынуу жаиз. Чыпалакка же анын жанындагы аты жок манжага тагылат. Айт күндөрү тагынуу мустахаб (жакшы) иштердин катарынан орун алат. Ал эми шакекти элге көрүнүү үчүн, мактануу үчүн тагынуу арам болуп эсептелет.

Күндөрдүн биринде Нуман бин Башир колуна алтын шакек тагынып алып Пайгамбарыбыздын алдына келет. Пайгамбарыбыз ага: «Бейишке кирбей туруп**,** эмне үчүн бейиштин коздугун тагындың**?** – дейт. Ал анан темир шакек тагына баштады. Муну көргөн Пайгамбарыбыз: «Эмнеге Жаханнамдын буюмун тагынып жүрөсүң?» - деди. Нуман бин Башир темир шакекти чечип коло шакек такты. Муну көргөн Расулуллах: «Эмнеге сенден буттун жытын сезип турам?» - деди. «Кандай шакек тагайын, йа

Расулаллах?» - деп сурады. «Күмүш шакек тагууңа болот. Салмагы бир мыскалдан (4,8 гр) ашпасын жана оң колуңа так», - деди.

Амр бин Шуайб айтат: «Расулуллах алтын жана темир шакектерди тактырчу эмес. Ал эми күмүш шакектерди тагынууга уруксат берчү».

Пайгамбарыбыз Ажам шахына, Византия цезарына, Хабаш нажашисине кат жаздыраарда мубарек сахабалар:

-Йа, Расулаллах! Алар катты мөөрү болбосо окушпайт! – дешкен. Пайгамбарыбыз мубарек сахабаларынын сунушу менен өзүнө күмүштөн шакек жасатып, үстүнө: «Мухаммедур Расулуллах» деп жаздырды. Мөөр шакектеги ар жазуу төмөндөн жогору карай:

«Мухаммед» бир катар,

«Расул» бир катар,

«Аллах» бир катар, бардыгы үч катар болуп жазылды.

Пайгамбарыбыздын күмүш шакегинде таш хабаш ташы болчу.

Бул күмүш шакектин көзүнүн да күмүш болгондугу риваят кылынат.

Амр бин Саид Пайгамбарыбыздын жанына келген эле. Пайгамбарыбыз анын колундагы шакекти көрүп: «Бул колуңдагы шакек эмне**?**» – деп сурады. Амр бин Саид: «Йа Расулаллах, бул бир халка! Муну мен жасадым», - деди. Пайгамбарыбыз: «Накышы (ойуусу**) кандай?»** - деп сурады. Амр бин Саид: «Мухаммедур Расулуллах», - деди. Пайгамбарыбыз: «Кана, көрөйүн», - деди. Расулуллах ал шакекти алып Жеке мөөрү катары колдонду жана башка адамдардын шакектерине «Мухаммедур Расулуллах» деп жазууларына тыйуу салды.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондо манжасында ушул мөөр шакек болгон. Пайгамбарыбыз мөөр-шакегин сол колунун чыпалагына таккан. Аны оң колуна тагынган учурлары да болгон.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) шакегинин бетин элге көрсөтпөй алакан жагына айлантып ала турган. Ажатканага кирээрде шакегин чечип койгон.

Пайгамбарыбыздын бул шакегин көз жумган соң Хазрети Абу Бакр, андан соң Хазрети Омар, Хазрети Омардан кийин Хазрети Осман халифа болуп турган кездеринде тагынышкан.

Хазрети Осман халифалыгы учурунда күндөрдүн биринде Арис кудугунун жанында ошол мөөр шакекти манжасынан

чыгарып, колунда кармап олтуруп кудукка түшүрүп жиберген. Кудуктагы суунун баары чыгарылып, үч күн бою изделген. Бирок, ал шакек ошол бойдон табылбай жок болуп кеткен. Шакектин үстүнө жазуу жазуу Пайгамбарыбыздан кийин да уланды. Хазрети Абу Бакрдын шакегинде «Нимал-кадир Аллах» (Аллахтын күчү бүт нерсеге эң сонун жетет), Хазрети Омардыкында «Кафаа бил-мавт ваа-изан йа Омар» (Насаат катары өлүм жетиштүү), Хазрети Османдын шакегинде «Ла-насбиранна» (Албетте сабыр кылабыз), Хазрети Алинин шакегинде «ал-Мулку лиллах» (Бардык мүлк Аллахка гана таандык), ал эми Хазрети Хасандын шакегинде «ал-Иззату лиллах» (улуулук Аллахка гана таандык), Хазрети Муавиянын шакегинде «Раббигфир-лии» (Раббим кечире көр), Ибни Абу Лайланыкында «ад-Дунйа гарурун» (дүнүйө алдамчы), Имам Азам Абу Ханифанын шакегинде болсо «Кул-ил хайру ва илла фаскут» (Же жакшы сөз сүйлө, же сүйлөбө), Имам Абу Юсуфтун шакегинде «Ман амила би ра-йихи надима» (өз оюу менен аракет кылган адам өкүнөт), Имам Мухаммеддин шакегинде «Ман сабера зафера» (Сабыр кылган жеңишке жетет), Имам Шаафинин шакегинде «ал-баракату фил-канаа-а» (Береке канаатта) деп жазылган эле. Алар шакектерин мөөр катары колдонушчу.

## Пайгамбарыбыздын төшөгү

Пайгамбарыбыздын төшөгү сырты териден жасалып, ичи курма буласына толтурулган болчу. Өзү да, жубайы да ошого жатчу. Башына койгон жаздыктын да сырты териден жасалып, ичи курма буласы менен толтурулган болчу.

Хазрети Айша энебиз айтат: "Жаныма Ансар коомунан бир аял келди. Расулуллахтын төшөгүн көрүп, кийин ичине жүн салынган төшөк жиберди. Расулуллах жаныма келип: **"Бул эмне?"**- деп сурады. "Йа Расуллалах! Ансардан баланча деген аял келген эле. Төшөгүңүздү көрүп, ушуну сизге жибериптир", - дедим. **"Муну дароо ага кайтарып бер", -** деп буюрду.

Бирок, мен аны кайтарып берген жокмун. Ал төшөктүн үйдө турушун кааладым. Расулуллах алейхиссалам сөзүн үч жолу кайталады. Андан кийин: **"Валлахи, эй Айша! Кааласам Аллах алтын менен күмүш тоолорун менин жанымда жүргүзөр эле"**, - деди. Пайгамбарыбыз алейхиссаламдын көпчүгү да калын жүндөн жасалган болчу.

Бир түнү жаныма келген кезде ошо көрпөчөсүн эки бүктөп салган элем. Ошонун үстүндө уктады. Андан кийин: **“Эй, Айша! Бул түнкү төшөгүм эмне үчүн мурункудай эмес”,** - деп сурады. “Йа Расулаллах! Аны кабаттап салдым”, - дедим. **“Сен аны мурункудай кылып сал”**, - деди.

Дагы да хазрети Айша айтат: “Курайыштыктар үчүн Меккеде бийик төшөк үстүндө жаткандан артык нерсе жок эле. Расулуллах Мадинага келип, Абу Аййубдун үйүнө түшкөн кезде ага: **“Эй Абу Аййуб! Силерде бир бийик төшөк жокпу?”** - деп сурады. Абу Аййуб ага: “Жок, валлахи”, - деди. Ансардан Саад бин Зурара муну угуп, Расулуллахка тирегичтери жыгачтан жасалган, бети талынан токулган, өрмө менен катталган төшөк жиберди.

Расулуллах өз үйүнө көчкөнгө чейин ошого жатып жүрдү. Кайтыш болгонго чейин ошонун үстүндө уктап жүрдү.

Расулуллах алейхиссалам кайтыш болгондо жуулуп кепенделгенден кийин ушу төшөктүн үстүнө жаткызылып жаназа намазы окулган болчу. Калк өлүүлөрүн тосууга ошону бизден сурап алчу. Абу Бакр менен Омардын да жаназалары ошо менен алып барылды.”

Хазрети Айша айтат: “Расулуллахтын бир өрүлгөн төшөнчөсү бар болчу, түндө ошонун үстүндө намаз окуп, күндүз төшөп калк менен бирге отурчу”.

## Расулуллахтын аса таягы

Пайгамбарыбыз Жума күндөрү хутба окуганда таякка же саадакка, жолчулукта саадакка таянчу.

Пайгамбарыбыз таякка таянынуунун пайгамбарга таандык ахлактан экенин айтып, өзү таякка таянып, таякка таянууга кеңеш берчү.

Муавиа бин Аби Суфйанын халифалыгы кезинде Расулуллахтын аса таягы Садул Каразиде болгон.

Муавиа бин Аби Суфйан хижреттин элүүнчү жылы ажылыкка барат. Пайгамбарыбыздын мечитиндеги минбарды кулатып, Шамга алып кеткиси келет.

Садул Каразидеги аса таякты суратат. Жабир бин Абдуллах менен Абу Хурайра барып ага: “Эй момундардын эмири! Расулуллахтын миннбарынын койулган жерден алынуусу дагы, аса

таяктын Шамга алып барылуусу дагы туура эмес”,- деди. Ошондон кийин хазрети Муавиа аларды таштап, кечирим сурады.

Абдуллах бин Үнайсты пайгамбарыбыз мечиттен үйүнө алып барып ага бир аса таяк берип: **“Бул таякты өзүңдө сакта, эй Абдуллах бин Унайс”**, - деди.

Абдуллах бин Унайс ошол таяк менен калктын алдына барган кезде, адамдар андан: “Бул кандай таяк?”- деп сурашты. Ал: “Муну мага Расулуллах алейхиссалам берди жана өзүмдө сактоону буйруду”,- деди. Абдуллах бин Унайска: “Расулуллахтын жанына барсаң муну сага эмне үчүн бергенин сура”,- деди.

Абдуллах бин Унайс пайгамбарыбызга барып: “Йа Расулуллах! Бул таякты мага эмне үчүн бердиңиз?”- деп сурады. Пайгамбарыбыз: **“Бул кыямат күнү арабызда бир белги болот. Ошол кезде жанната адамдардын таякка таянгандары өтө аз болот. Сен буга Жаннатта таянасың”**,- деди.

Абдуллах бин Унайс аны кылычы менен бирге кармап, жанынан таштачу эмес. Өлөр алдында ал таякты денеси менен кепининин арасына салууну осуят кылды. Осуяты орундалды.

## Пайгамбарыбыздын алып жүргөн жети нерсеси

Пайгамбарыбыздын алейхиссалам бир аршын узундукта же андан да узун бир михжани бар болчу. “Михжан” деп учу ийилген таякты айтат. Пайгамбарыбыз Хажарул асвадды алыстан ошо менен ишарат кылып көрсөтчү.

Пайгамбарыбыз төөгө минген кезде аны алдына асып алчу. Пайгамбарыбыздын “Уржун” деп аталган бир мыхсаррасы (асасы) да бар болчу. Пайгамбарыбыз Бакиулгаркадга барганда аны алып жүрчү, ошого таянып отурчу, колунда айлантып жүрчү. Пайгамбарыбыздын ошо мыхсарраны кармап туруп хутба айткан кездери да болгон.

Пайгамбарыбыздын тоо жыгачынан жасалган Мамшук деп аталган чыбыгы да бар эле.

Хазрети Осман Пайгамбарыбыздын чыбыгын алып, минбарда хутба айткан кезде Жахжах бин Саид же Жахжах бин Кайс Хазрети Османдын колунан чыбыгын алып, тизеси менен бүгүп, сындырды. Калк Жахжахка кыйкырышты. Хазрети Осман минбардан түшүп, үйүнө кетти.

Ушундан кийин Аллах Жахжахтын колуна же тизесине котур оорусун жиберди. Жахжах Хазрети Осман шахид болгондон кийин бир жылга жетпей котурдан өлдү.

Пайгамбарыбыз өзү менен бирге тарак, күзгү, мисвак, гүл майы, сурма жана кайчы алып жүрчү, аларды сапарда, кооптуу жерлерде да дайыма алып жүрдү.

Хазрети Айша: Согуштарга Расулуллахтын гүл майын, тарагын, күзгүсүн, эки кайчысын, сурма салгычын жана мисвагын даярдачумун“, - деген.

Ошондой эле Хазрети Айша: “Сапарда жана кооптуу жагдайда Расулуллах жети нерсени: 1. Гүл майы чынысы, 2. тарагы, 3. күзгүсү, 4. сурма салгыч, 5. мисвагы, 6. эки кайчысы, 7. Чач бөлгөн сөөгүн жанынан таштачу эмес”, - деген.

Пайгамбарыбыз күнүнө сакалын эки жолу тарачу.

Анас бин Малик: “Расуллалах кою-кою чачына гүл майын сүрчү, сакалын суу менен тарачу”, - деди.

## Тартипке, иреттүүлүкө чоң маани берчү

Пайгамбарыбыз тазалыкка, тартипке чоң маани берчү. **“Кимдин чачы бар болсо, ага жакшы карасын”, -** дечү. Пайгамбарыбыз мечитте отурган кезде чачы ирэээттелбеген бирөө ичке кирди. Пайгамбарыбыз: **“Бул адамдын чачын жаткызчу гүл майы да жокпу?”, -** деп, аны дароо сыртка чыгарып, чач-сакалын иреттөөнү колу менен ымдады. Ал адам чачын жаткызып, кайра келгенде пайгамбарыбыз: **“Силердин бүрөөңөрдүн ушундай келгени жакшыбы же чачы-сакалы шайтан сыяктуу шалбырап келгени жакшыбы?”, -** деди.

Пайгамбарыбыз сакалынын четин жана узундугунан бир аз кыскартчу (кырдырчу). Жума намазына чыгаарда мурутун кыскартып, тырмагы өссө алчу. Мусулмандарга да кыскартууну буйрук кылчу.

Пайгамбарыбыз күзгүгө караган сайын Аллахка шүгүрчүлүк кылып, **“Аллахым! Келбетимди сулуу кылып жаратканың сыяктуу кулк-мүнөзүмдү дагы көркөм кыл”, -** деп дуба кылчу.

Пайгамбарыбыз ар кеч сайын уктабастан мурун көзүнө үч жолу сурма сүрчү. Сурманы оң көзүнө үч жолу, сол көзүнө үч жолу сүрчү. **“Сурма сүргүлө. Анткени, ал көздү нурландырат, кирпикти өстүрөт”,** - дечү.

Ислам аалымдары ар адамдын сурманы эмдөө үчүн сүрүүгө болоорун, кооздук үчүн сүрүүгө болбой турганын айтышкан. Жамал (көркөмдүк) жана зинат (кооздук) сөздөрүн бири-бири менен чаташтырбоо керек. Жамал – көрксүздүктү кетирүү, токтоо болуу жана шүкүрчүлүк кылуу үчүн ниматты көрсөтүү дегенди билдирет. Көрсөтүү үчүн, мактануу үчүн ниматты көрсөтүү жамал болбойт, текеберлик болот.

Расулуллах мисвак колдонууга катуу маани берчү. Аны ар дайым жанында алып жүрчү. Пайгамбарыбыз: **“Эрак багынын чыбыгын мисвак кылгыла”, -** деп буюрчу. Мисвак оозго жакшы жыт берет. Расулуллах: **“Ал менин жана менден мурунку пайгамбарлардын мисвагы”, -** деген.

Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Эгер үммөтүмө кыйындык келтирбесем ар намаз үчүн мисвак колдонууну аларга буйрук кылмакмын”, -** деген.

**“Мисвак колдонууңарды абдан кеңеш кыламын”.**

**“Мисвак – ооздун тазалыгы жана Раббимдин ыраазылыгы”, -**деген.

Пайгамбарыбыздын үйгө киргенде алгачкы иши – тишин мисвактоо болчу.

Пайгамбарыбыз мисваксыз уктабоочу, ойгонгон кезде алгач кылган иши – тишин мисвактоо болчу. Пайгамбарыбыз түндө тахажжуд намазына турган кезде дагы тишин мисвактачу.

Хазрети Айша: “Пайгамбарыбыз алейхиссалам ойгонгон кезде дааратган мурун мисвак колдонбогон кези болгон эмес”, - деген.

## Пайгамбарыбыздын кылычтары

Пайгамбарыбыздын тогуз кылычы бар болчу: Атасынан калган, Масур деп аталган кылычты Пайгамбарыбыз Мадинага хижрат кезинде алып жүргөн.

Абд деп аталган кылыч: Бул кылычты Пайгамбарыбызга Саад бин Убада белек кылган. Пайгамбарыбыз бул кылычты Бадр согушуна алып барган.

Зулфикар: Курайш мүшриктеринен Мунаббих бин Хажжаждын же Ас бин Мунаббихтин кылычы, Бадр согушунда олжо иретинде алынган. Сыртында бир нече кертилген жерлери болгондуктан Зулфикар деп аталган. Сабынын башы, боонун курчоолору жана чынжырлары күмүштөн болгон.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин Хазрети Аббас, Хазрети Абу Бакрга сураныч билдирип, Зулфикарды Хазрети Алиден алгысы келгенде Хазрети Абу Бакр: “Мен бул кылычты ар дайым анын колунан көрдүм. Аны тартып алууну туура деп санабайбым”, - деди. Хазрети Аббас аны Хазрети Алиде калтырды.

Расулуллахтын найзалары булар: Пайгамбарыбыз Бани Кайнука яхудилеринен үч найза олжо алган болчу.

Расулуллахтын найзаларынын бири Мусви, экинчиси Мусна деп аталчу. Ошону менен катар Пайгамбарыбыздын Байза деп аталган чоң харбеси жана Аназа деп аталган найзадан кичирээк бир харбеси бар болчу. (Харбе – найзадан кичирээек куралдын аты) Наба деп да аталган бул харбени Хабаш бийлөөчүсү Зубайр бин Аввамга берген болчу. Пайгамбарыбыз Хайбер согушунан кайтып келе жатканда аны Зубайр бин Аввамдан алды.

Хабаш бийлөөчүсү Асхама Пайгамбарыбызга үч найза жиберген. Пайгамбарыбыз алардын бирин өзүнө алып, экинчисин Хазрети Алиге, үчүнчүсүн Хазрети Омарга берген.

Билал Хабаши Пайгамбарыбыздын найзасын Орозо Айт менен Курман Айтта намаз окулган жерге дайыма алып барып, Расулуллахтын алдына кадап койчу.

Пайгамбарыбыз Айт намазын ошого бет буруп окутчу.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин Билал Хабаши ошол найзаны айттарда Хазрети Абу Бакрдын алдында кармап жүрүп, намаз окуй турчу жердин алдына кадачу.

Хазрети Абу Бакрдан кийин Хазрети Омар, андан кийин Хазрети Осман доорунда бул милдетти азанчы Садул Караз дал ушундай кайталады. Мадина бийлөөчүлөрүнүн кезинде дагы ушундай уланды.

## Пайгамбарыбыздын жаалары, калкандары

Пайгамбарыбыздын алты жаасы болгон. Алардын ичиндеги Равха, Байза, Шафра деп аталган үчөө Бани Кайнука яхудилеринен олжо болуп түшкөн болчу. Сафра жаасы Наб багынан жасалган болчу. Катум деген жаа да Наб багынан жасалган жана Ухуд согушунда сынган, кынык түрүндө Катада бин Нуман алган. Ошону менен катар Садад, Завра деген жаалары да болгон.

Пайгамбарыбыздын үч калканы бар болгон. Залук – үстү жагында кочкордун башы тартылган калкан. Бул калкан Пайгамбарыбызга белеке тартууланган. Бирок, Пайгамбарыбыз калканда сүрөт болгондуктан анча жактырган эмес. Таң чыкканда Аллаху таала ал сүрөттү калканынан өчүргөн эле.

Пайгамбарыбыздын жети соот кийими болгон.

Затулфудул деп аталган соот кийимин Саад бин Убада Пайгамбарыбызга Бадр согушуна чыгаарда белек кылган. Сагдийа, Фыдда деген соот кийимдер Пайгамбарыбыз Бани Кайнука яхудилеринен олжого алган куралдардын арасында болгон.

Пайгамбарыбыз Ухуд согушунда Фудул менен Фыдданы кабаттап кийген.

Пайгамбарыбыздын соот кийиминин астында жана аркасында күмүш эки чынжыр болгон. Сагдийа деп аталган соот кийим Давуд алейхиссаламдын Жалут менен согушканда кийген тарыхый мааниге ээ соот болчу.

Пайгамбарыбыз кайтыш болгон кезде соот кийимдеринин бири Бани Зафарлерден Абушшахм деген яхудиден отуз са арпага кепилге калтырылган болчу. Ал соот Затулфудул болчу.

Калган соот кийимдери болсо Затулуишан, Затулхаваши, Бадраа. Хырнык деп аталат.

Пайгамбарыбыздын туулгаларынын биринчиси Мувашшах деп аталат. Ал Бани Кайнука яхудилеринен олжо болуп түшкөн эле.

Зуссубуг же Зуссусуб же Машбуг деп аталган туулгалар, Пайгамбарыбыздын Ухуд согушунда кийген туулгасы сынып, эки чыгыры бетине баткан болчу. Пайгамбарыбыз Меккени алган кезде дагы башында туулгасы болгон.

## Расулуллахтын туулары менен желектери

Пайгамбарыбыздын желеги кара, туусу ак түстө эле. Мухаммед бин Касымдын азат кылган кулу Юнус бин Убайд: "Мухаммед бин Касым Расулуллах алейхиссаламдын желегин суроо үчүн мени Бара бин Азибке жиберди", - деген.

Бара бин Азиб кара жана төрт бурчтуу ак-кара сызыкты жүн кездемеден болгонун билдирген.

Бул желек Хазрети Айшаныкы, үстү төө артпасы сыяктуу, саймалары жүндөн токулган, кара түстүү эле. Укаб деп аталчу.

Пайгамбарыбыздын желеги Хазрети Алиде болчу. Пайгамбарыбыз Хайбар согушунда: **"Желекти ушундай бир эр адамга беремин, ал Аллах менен Расулун жакшы көрөт. Аллах менен Расулу да аны жакшы көрөт", -** деген жана Хазрети Алини чакырып желегин берет.

Аллаху таала Хайбар жеңишин Хазрети Алиге насип кылган. Пайгамбарыбыздын туусунда **"Ла илаха иллаллах Мухаммадур расулуллах"** деген жазуу бар болчу.

Расулуллах Харрар сапарында Саад бин Аби Ваккаска ак түстүү туу байлаган эле.

Хазрети Алини Йеменге жиберип жатып, найзанын учуна сэлде байлап: **"Туу ушундай болот!" -** деп буюрган. Тууну бир гана аскер кол башчысы кармачу жана өзү менен алып жүрчү. Абва, Ваддан согуштарында Расулуллахтын ак туусун Хазрети Хамза, Буат согушунда Саад бин Аби Ваккас, Курз бин Жабир ул Фихрдин көз салуусунда Хазрети Али, Зулусайра согушунда Хазрети Хамза алып жүргөн.

Расулуллах Бадр согушуна чыгып жатканда ак тууну Мусаб бин Умайрга берген, Хазрети Али Расулуллахтын алдында жүрүп, кара тууну (Укабды) алып жүргөн болчу.

Пайгамбарыбыздын ак туусун Бани Кайнука согушунда Хазрети Хамза, Каркаратулкудр, Ухуд, Бадрулмавид согуштарында Хазрети Али, Хандак согушунда Зейд бин Хариса алып жүргөн.

Расулуллах алейхиссалам Меккени дагы ак туу менен барып басып алган.

Табук жүрүшүндө эң чоң туусун Хазрети Абу Бакрга жана эң чоң желегин Зубайр бин Аввамга карматып жүргөн.

## Пайгамбарыбыздын минген аттары

Пайгамбарыбыздын Мадинада Бани Фазаралардан бир айылдык адамдан он укйа (1283 граммдык мурунку замандагы өлчөм бирлиги) күмүшкө сатып алган, чөл калкы Дарис деп, Пайгамбарыбыздын өзү Сакб деп атаган алгачкы аты болду. Ухуд согушунда ошого минген.

Сакбдын эрининде ак тагы бар болчу. Алдынкы оң бутунан башка буттары тизеге чейин ак түстү эле. Сакб жакшы жүргөн, жорго болгон. Жургөндө суудай акчу. Пайгамбарыбыз Мүртажиз деген атын Бани Муррелерден бир айылдык адамдан сатып алган. Муртажиз өтө көрктүү ат эле жана ал ыр айткандай кишенечү.

Лизаз деген жылкысын Пайгамбарыбызга Александрия падышасы Мукавкыс белек кылган. Лизаз ылдам чуркаган ат болгон. Заиб деген атты пайгамбырыбызга Фаруа бин Умайр-ул-Жузами белек кылган. Зариб өтө күчтүү жана мыкты ат болгон.

Лахифти (же Лухайф) Пайгамбарыбызга Рабиа бин Абу Бараул-Калби белек кылган. Лахифтин куйругу жерге тийгендей узун болгон. Ясуб – Пайгамбарыбыздын аттарынын ичиндеги эң жакшы аты болгон. Муравих – ат чабууга чапкан ат болгон, Убайд бин Ясир аны Пайгамбарыбызга Табукта белекке тарткан. Муравих чапканда желдей жүрчү.

Мирвах – хижраттын онунчу жылы Мадинага келген Бани Раха өкүлдөрү Пайгамбарыбызга белек кылышкан ат. Аны Пайгамбарыбыздын алдында жүргүзгөн кезде Пайгамбарыбызга абдан жаккан болчу.

Вард деген атты Пайгамбарыбызга Тамими Дари белек кылган. Варддын түсү тору болчу. Пайгамбарыбыз аны Хазрети Омарга белек кылып берген. Хазрети Омар Вардга минип, Аллах жолунда согушту.

Пайгамбарыбыз үч атын ат жарышына чыгарчу. Зарибдин чабарманы Сахл бин Саад, Лизаздын чабарманы Абу Усейд Саиди болчу. Лизаз эң алдында, андан кийин Зариб, анын артынан Сакб жүрчү.

Расулуллахтын эшеги менен качыры да болгон. Александрия падышасы Мукавкыс Пайгамбарыбызга бир боз качыр менен эшек белек кылган. Качыр Дулдул, эшек Яфур же Уфайр деп аталган. Исламда алгач кездешкен ак качыр Дулдул болгон. Пайгамбарыбыз

Хайбер согушунда ошо ак качырды, Хунайн согушунда башка боз качырды минген. Пайгамбарыбыз качырын тебинип Хавазиндерге чабуул жасамакчы болгондо Хазрети Аббас тизгинден, Абу Суфйан бин Харис болсо үзөңгүсүнөн кармап, Пайгамбарыбыздын жоонун арасына кирүүсүнө тоскоол болууга тырышкан. Хайбар согушунда Яфурдун үстүнө ээр токулуп, башына курма талчасынан нокто салынып, Пайгамбарыбыздын ага да мингендиги айтылат.

Пайгамбарыбыз вада ажылыгынан кайтып келгенде Яфур өлүп, Дулдул пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин Хазрети Алиге калган. Дулдулга Хазрети Али шейит болгонго чейин минди, андан кийин Харети Хасан, андан кийин Хазрети Хусейн, андан кийин Хазрети Мухаммед бин Ханафийе минген. Дулдул Хазрети Муавия кезине чейин өмүр сүрөт.

## Расулуллахтын төөлөрү

Кусва: Пайгамбарыбыздын Жара жана Адба деп дагы аталган бул төөсү Бани Кушайр Кааб бин Рабиа бин Амирлердин же Хурайш бин Кабтардын жаныбарларынан болгон, Хазрети Абу Бакр аны төрт жүз дирхамга сатып алып, ошол баага Расулуллахка өткөзгөн. Хазрети Абу Бакрдын аны Пайгамбарыбызга белек катары бергендиги тууралуу да айтылат.

Пайгамбарыбыз Мадинага Кусва менен хижрат кылган. Худайбийа умрасына да ошону менен барды. Меккени да ошону менен барып алды. Пайгамбарыбыз Кусваны жарышка салчу, эч кандай төө андан аша алчу эмес. Дегени менен, бир айыл адамы эки жашар төөсү менен жарышка катышып, андан озуп кетет.

Пайгамбарыбыз Вада ажылыгында Арафат хутбасын Кусванын үстүндө отуруп айткан. Кусва Хазрети Абу Бакрдын халифалыгы кезинде Баки мазаратына бош жеберилди. Ошол жерде жайылып жүрүп өзү өлүп калган.

Абу Жахлден олжо катары алынган төө:

Пайгамбарыбыз Бадрда Абу Жахлдин атактуу төөсүн баш колбашчысы акысы катарында алган болчу. Худайбийа умрасына чейин ошо төө менен дагы согушка чыкчу. Ал төөгө умра үчүн курмандык белгисин салды. Мушриктер жүз төө берип, аны алгылары келген. Пайгамбарыбыз **“Эгер курбандык мал деп белгилебегенибизде тилектериңерди орундамак элем”**, - деди.

Саан төөлөр:

Пайгамбарыбыздын Зулжард жана Жамма деген жайыттарында жайылган Ханна, Самра, Урайс, Садийа, Багум, Йасира, Дабба деген жети төөсү болгон. Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү ошолордун күндө кечке саалынган эки идиш сүтү менен күн өткөрчү. Бирок, Пайгамбарыбыз кайтыш болгон кезде алардын эч кайсысы калган эмес эле.

## Пайгамбарыбыздын ыйык үйү

Пайгамбарыбыз Мадинада мечитин салдырган кезде мечиттин жанына кирпичтен эки бөлмө салдырган, анын үстүнө курма жыгачы жана бутактары менен жаптырган.

Хазрети Айшанын бөлмөсүнүн эшиги мечитке барган жолго карачу. Хазрети Савда үчүн салынган бөлмөнүн эшиги мечиттин үчүнчү эшиги болгон Ал-и Осман эшигине карачу.

Пайгамбарыбыз башка аялдарды алгандан кийин бөлмөлөрдүн саны артты жана алар Хазрети Айшанын бөлмөсү менен кыбыла арасында, б.а, мечиттин чыгыш тарабында салынды. Бөлмөлөрдүн бир бөлүгү кирпичтен, бир бөлүгү таштан салынды.

Кээ бирлери курма бутактарынан (Багдат тибинде) жасалып, ылай менен сыланган жана төбөсү курма бутактары менен жабылды.

Хасан бин Абулхасан айтат: “Мен эр жеткен кезимде Расулуллахтын үйүнө кирип, колумду созгондо колум төбөсүнө жеткен болчу. Расулуллахтын бөлмөсүнүн бастырмасы соор багы же арча багынын үстүнө өрүлгөн кыл токумадан турчу“.

Имам Бухаринин билдиргени боюнча: “Расулуллахтын үйүнүн эшиги халкасыз болуп, эшикти каккан адам саадактын учу менен какчу”.

Мухаммед бин Хилал менен Атаул-Хорасани да Пайгамбарыбыздын жубайларынын бөлмөлөрүн көргөн, алардын курма бутактарынан жасалганын жана эшик катары кара кылдан пардалары болгонун айткан.

Давуд бин Кайстын көрүп айтуусу боюнча бөлмөлөрдүн эшиктен-эшикке чейин ар биринин туурасы 6-7 зира (бир зира 48 см) көлөмүндө, ичтен терендиги он зира болчу.

Хазрети Савда бөлмөсүн Хазрети Айшага осуят кылган. Хазрети Сафийанын бөлмөсүн кайтыш болгонго чейин туруу

шарты менен валилери (өкүлү болгондору) жүз сексен же эки жүз миң дирхамга Муавия бин Абу Суфйанга саткан.

Халифа Абдулмаликтин Пайгамбарыбыздын жубайларына таандык бөлмөлөрүнүн мүлк кылынып мечитке кошулуу тууралуу буйругу Мадинада окулган күнү адамдар көз жаштарын төгүп, Мадиналыктар пайгамбарыбыз кайтыш болгон күндөгүдөй көз жаштарын төгүшкөн эле.

Саид бин Мусаййад да: "Валлахи, алардын ошол калыбында калууларын катуу каалар элем. Мадина калкынын жаштары жана Мадинага сырттан келгендер Расулуллахтын кандай нерселер менен күн өткөргөндүгүн көрүп, адамдар мал-мүлктөрүн көбөйтүүгө жана ошолорго мактанууга кызыгышмак эмес эле", - деп бул жолдогу капасын билирген.

## Расулуллахтын вакфка (фондго) салган мүлктөрү

Исламдагы алгачкы вакф Ухудда шейит болгон яхуди аалымы, абдан бай адам болгон Мухайрыктын Пайгамбарыбызга тапшырылуусун осуят кылган, Пайгамбарыбыз кабылдап, вакфка салган 1- Мисаб, 2- Сафийа, 3- Далал, 4- Хусна, 4- Бурка, 5- Аваф, 7- Машраба деген жети бакча болуп саналат.

Пайгамбарыбыздын Мадинадагы фонддору жалпы Мухайрыктын буюмдарынан курулат. Ибн Хумайд айтат: "Халифа Омар бин Абдулазиз Мухайрыктын вакфка салган курма боолорунан курманын алып келүүсүн сураган эле. Бир табак курма алып келинди".

Омар бин Абдулазиз: "Абу Бакр бин Хазм мага мындай деп жазды: Бул курма Расулуллахтын кезинен калган курма багынан жана Расулуллах андан жечү", - деди дегенде: "Эй момундардын амири! Муну биздин арабызда үлүштө", - дедим. Үлүштөдү. Ар бирибизге тогуздан тийди.

Омар бин Абдулазиз: "Мен Мадина башчысы катарында курма багына барганда курмасынан жедим. Андай даамдуу курма жеген эмесмин", - деди.

Амр бин Мухажир айтат: "Расулуллахтын буюмдары Омар бин Абдулазиздин жанындагы бир бөлмөдө турчу, өзү күндө барып көрүп турчу. Курайштыктардан келип жыйналгандарды да

ошол бөлмөгө коюп, аларга карап: "Мына, Аллахтын силерди өзү аркылуу кадырлуу кылган адамдын мурасы", - дечү. Алар:

1. Бир даана курма жалбырагынан өрүлгөн төшөк,
2. Бир даана бети териден жасалган, ичи курма булалары менен толтурулган жаздык.
3. Бир даана чоңураак кыш табак.
4. Бир даана суу кесеси.
5. Бир даана кийим.
6. Бир даана кол тегирмен.
7. Бир даана жебе сооту.
8. Бир даана көрпө.

Бул көрпөгө Расулуллахтын башынын мубарек тери сиңген, андан керемет жыпар жыт чыкчу.

Омар бин Абдулазиз ооруган кезде ошонун суусу менен жуунуп, шифаа тапчу. Омар бин Абдулазиз Мадиналык табиин аалымы, имам, факих, мужтахид жана сүннөттү жакшы билген адам болгон. Энеси – Умму Асым бинти Асым бин Омар бин Хаттаб эле. Ал адилеттик менен такыбалыкта үлгү адам болгон.

Имам Шафии: "Хулафа-и рашидин бешөө: 1) Абу Бакр, 2) Омар, 3) Осман, 4) Али, 5) Омар бин Абдулазиз" (радыйаллаху анхум) дечү. Омар бин Абдулазиз адилеттикте Хазрети Омардын, такыбаалыкта Хасан-ул Басринин, илимде Имам Зухринин жолун карманган.

# ИСЛАМ ДИНИ

Ислам - Аллаху таланын Жабраил деп аталган периштеси аркылуу сүйүктүү пайгамбары Мухаммед алейхиссаламга жиберген, адамдарга дүнүйө жана акыретте ыракат жана бактылуу болууларын камсыз кылган эрежелер. Бардык жогору даражалар, пайдалуу нерселер Исламияттын ичинде. Эски диндердеги көрүнгөн-көрүнбөгөн бардык жакшылыктарды Исламият өз ичине жыйнаган. Бардык бактылуулуктар, ийгиликтер Исламда. Ал - жаңылбаган, адашпаган акылдар тарабынан кабыл кылына турган негиздер менен ахлактардан турат.

Жаратылышында кемчилик болбогон адамдар андан баш тартпайт, жек көрбөйт. Ислам дининин ичинде эч кандай зыян, сыртында болсо эч кандай пайда жок жана болушу да мүмкүн эмес. Исламияттын сыртында кандайдыр бир пайда издөө, закымдан суу күткөн сыяктуу. Исламият мамлекеттерди өнүктүрүүнү, адамдардын руханий, дене жана пикир жагынан эркин жашоолорун камсыз кылууга чакырат. Аллаху тааланын буйруктарына урмат көрсөтүүнү жана бардык жандууларга мээримдүү болууну талап кылат.

Исламият – дыйканчылыкты, соода-сатык жана искусствону сөзсүз түрдө буйрук кылат. Илимге, техникага, индустрияга чоң маани берет. Адамдардын бири-бири менен жардамдашуусун, бири-бирине кызмат кылуусун каалайт. Өз кол астындагы адамдардын, балдардын, у-бүлөнүн жана элдин акыларын жана башкаруу жолдорун үйрөтүүдө; өмүр сүрүп жаткан адамдардын, өткөн адамдардын, дүнүйөгө эми келе турган жандардын акылары менен жоопкерчиликтерин белгилөөдө. Ал - саадат-и дарайнды (дүнүйө менен акырет бактылуулугун) өз ичине жыйнаган.

Исламият адамдардын руханий жана материалдык жетиштүүлүк деңгелин эң толук түрдө камсыз кылуучу принциптерди алып келген. Адамдардын укуктары менен милдеттерин кең көлөмдө тартиптеген. Кыска кылып айтканда, Ислам дининин ыйман, ибадат, мунакахат (нике, үй-бүлө), муамалат (карым-катнаш), укубат (жаза) негиздери бар.

# Ыйман

Ыйман - Расул-и акрам саллаллаху алейхи васаллам хазиреттеринин Аллаху тааланын пайгамбары экендигине жана Анын тарабынан тандалган, кабар берүүчү наби экендигин туура билип, ишенип айтуу, Анын Аллаху таала тарабынын кыска билдиргендерине кыска, толук билдиргендерине толук ишенүү жана колдон келишинче калима-и шахадатты тили менен да айтуу. Бакубат ыйман мындай болот: оттун күйгүзө тургандыгына, жыландын чагып өлтүрө тургандыгына кандайча шексиз ишенген сыяктуу, Аллаху тааланы жана сыпаттарын улуу деп билип, Анын ыраазычылыгына жана дидарына умтулуп, азабынан качуу жана ыйманды мрамордун бетине жазылган жазуу сыяктуу көңүлгө бекем орноштуруу.

Шексиз-күмөнсүз ишенүүбүз керек болгон ыймандын алты бар: Биринчиси – Аллаху тааланын важиб-ул-вужуд, чыныгы мабуд жана бардык нерселердин жаратуучусу экендигине ишенүү. Дүнүйө жана акырет ааламында болгон бардык нерсени материясыз, замансыз жана теңдешсиз жоктон бар кылган бир гана Аллаху таала деп ишенүү. Бардык жогору даражалар, бардык кемел сыпаттар Ага гана таандык. Анда эч кандай кемчилик, эч кандай жаман сыпат жок. Каалагынан жасай алат. Жасагандары өзүнө же башкасына пайдалуу болуу үчүн эмес. Кандайдыр бир пайда көрүү үчүн жасабайт. Ошону менен катар бардык иштеринде дааналыктар, пайдалар, лутуфтар, ихсандар бар.

Кулдарына жакшы нерсени, пайдалуу нерсени берүүгө, кээ бирине сооп жазып, кээ бирин азаптоого мажбур эмес. Өзүнө каршы чыккандардын бардыгын Бейишке жиберсе, бул Анын жоомарттыгына жарашат. Моюнсунуп, ибадат кылгандардын бардыгын Тозокко жиберсе адилетине каршы болбойт. Бирок, мусулмандарды, ибадат кылгандарды Бейишке жибере турганын, аларга чексиз нематтар, жакшылыктар бере турганын, ал эми капырларга Тозокто чексиз азап бере турганын убада кылган. Ал берген сөзүнөн кайтпайт. Бардык жандуулар ыйман келтирип, кулчулук кылса да Ага эч кандай пайдасы тийбейт. Бүткүл аалам капыр болуп, жолдон тайып, каршы чыкса да Ага эч кандай зыяны жок. Ширктен, куфурдан башка кандайдыр бир күнөө кылып, тобо

кылбай өлгөн адамды кааласа кечирет. Кааласа кичине эле бир күнөө үчүн дагы азап берет. Капыр жана муртад болуп өлгөндөрдү эч качан кечирбей турганын, аларга чексиз азап бере турганын билдирген.

Мусулман жана ахли кыбыла (Каабаны кыбыла деп билген адам) болуп бирок, ишеними Ахли сүннөт ишенимине туура келбеген жана тобо кылбай өлгөн адамдар Тозокко ташталып азап көрсө да, мындай бидатчылар Тозокто түбөлүк калбайт.

Аллаху тааланы дүнүйөдө көз менен көрүү жаиз. Бирок, Эч ким көргөн эмес. Кыямат күнү махшар аянтында капырларга жана күнөөсү көп болгон мусулмандарга азабы жана ачуусу менен, салих мусулмандарга жакшылыгы жана көркөмдүгү менен көрүнөт. Мусулмандар Аллахты Бейиште жамал сыпаты менен көрүшөт. Капырлар мындан куру калышат. Жындардын да куру кала тургандыктары тууралуу кабар бар.

Аллаху таала үчүн күндүз-түн жана убакыт деген маселе жок. Аллаху таалада эчкандай мааниде эч кандай өзгөрүш болбой тургандыктан мурда мындай болгон, келечекте мындай болот деп айтууга болбойт. Аллаху таала эч бир нерсенин сүрөтүнө кирбейт. Эч бир нерсе менен бирикпейт. Аллаху тааланын карама-каршысы, окшошу, шериги, жардамчысы, коргоочусу жок. Энеси, атасы, баласы, жубайы жок. Бардык адамдарга алардын жүрөк тамырынан да жакыныраак. Бирок, Анын хазыр болуусу, бардык ааламдарды курчап туруусу, бирге жана жакын болуусу биз ойлогондой эмес. Анын жакындыгын аалымдардын илими жана зээни, олуялардын кашф жана мушахадасы аркылуу түшүнүүгө болбойт. Мунун сырын адамдын акылы түшүнө албайт. Аллаху таала заты менен сыпаттарында бир, эч биринде өзгөрүш, башка нерсеге айлануу деген сыяктуу нерселер болбойт.

Аллаху тааланын ысымдары чексиз. Миң бир ысымы бар деп айтылат. Б.а., ысымдарынан миң бирин адамдарга билдирген. Мухаммед алейхиссаламдын done динин де алардын токсон тогузу билдирилген. Алар “асма-и хусна” деп аталат.

Ыймандын алты негизинин экинчиси – периштелерге ишенүү. Периштелер – дене, материя болуп саналат. Жеңил, назик, газдан да жеңил. Нурдан жаратылган, тирүү, акылдуу. Адамдардагы жамандыктар периштелерде жок. Алар бардык нерсенин сүрөтүнө кире алышат. Газдар суюктукка жана катуу затка айлана алганы,

катуу затка айланганда бир формага кире алганы сыяктуу периштелер да сонун формаларга кире алышат. Периштелер улуу адамдардын денелеринен чыккан рухтар эмес. Христиандар периштелерди ошондой рухтар деп ойлошот. Энергия, кубат сыяктуу материясыз да эмес. Байыркы философтордун айрымдары ушундай пикирди карманышкан.

Периште (малак) - элчи, кабар берүүчү же кубат дегенди билдирет. Көпчүлүк түрү "малаика" деп айтылат. Периштелер бардык жандуулардан мурда жаратылган. Ошондуктан китептерге ыйман келтирүүдөн мурун периштелерге ыйман келтирүү керектиги билдирилди. Китептерге ишенүү пайгамбарларга ишенүүдөн мурун келет. Курани каримде да ишенүү керек болгон нерселердин ысымдары ушул тартип менен билдирилген.

Периштелерге мындайча ыйман келтирилет: Периштелер – Аллаху тааланын кулдары. Аллахтын шериги эмес. Периштелер Аллахтын кыздары эмес. Капырлар менен мушриктер ушундай деп ишенген. Аллаху таала периштелердин баарынан ыраазы. Алар Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунушат. Күнө кылышпайт. Аллахтын буйруктарына каршы чыгышпайт. Эркек жана ургаачы болуп бөлүнүшпөйт. Үйлөнүшпөйт. Балдары болбойт. Өмүр сүрүшөт (б.а., тирүү). Аллаху таала адамдары жарата тургагын айткан кезде: "Йа, Рабби! Жер бетинде бүлүк, тартипсиздик орнотуучу жана кан төгүүчү маклуктарды жаратасыңбы?" – деген сыяктуу периштелердин залла деген суроолору алардын масум, күнөөсүз болууларына зыян тийгизбейт.

Жаратылгандардын ичинде эң көбү бул – периштелер. Алардын санын Аллаху тааладан башка эч ким билбейт. Көктөрдө периштелер ибадат кылбаган жер жок. Көктөрдүн бардык жери руку менен саждадагы периштелер менен толо. Көктөрдө, жерде, өсүмдүктөрдө, жылдыздарда, жандуу-жансыздарда, жамгыр тамчыларында, дарактардын жалбырактарында, ар бир молекулада, ар бир атомдо, ар бир реакцияда, ар бир иш-аракетте, бардык нерселерде периштелер аткаруучу милдеттер бар. Бүт жерде алар Аллаху тааланын буйруктарын орундашат. Алар Аллаху таала менен жараткандарынын ортосунда арачы болуп саналат. Айрымдары башка периштелердин башчысы болушу мүмкүн. Айрымдары адамдардын пайгамбарларына кабар алып келет. Айрым адамдардын көңүлүнө жакшы ой салат, андай ой "илхам"

деп аталат. Айрымдарынын адамдардан, башка жаратылган маклуктардан кабары жок, Алар Аллаху тааланын дидарынын алдында эстеринен айрылган. Ар биринин белгилүү бир орду бар. Ошол орундарынан кетишпейт. Бейиш периштелери Бейиште. Алардын улусунун аты – Рыдван. Тозок периштелери Забани деп аталат. Алар өздөрүнө буюрулган милдетти Тозокто аткарышат. Деңиздин балыкка зыяны болбогондой, Тозоктун оту аларга зыян тийгизбейт. Тозок забанилеринин улуусу он тогуз даана. Эң чоңунун аты Малик.

Ар бир адамдын жакшылыгы менен жамандыгын, бардык иштерин жазуучу, экөө түндө, экөө күндүзү келүүчү төрт периште Кираман катибин же Хафаза периштелери деп аталат. Хафаза периштелеринин булардан башка экени туралуу да билдирилген. Оң жактагы периште сол жактагы периштенин башчысы жана жакшы иштерди жазат. Сол жактагы периште жамандыктарды жазат.

Кабырда капырлар менен күнөөкөр мусулмандарды азаптоочу периштелер жана сурак суроочу периштелер бар. Сурак суроочу периштелер “Мункар жана Накир” деп аталат. Мусулмандардан сурай тургандар “Мубашшир жана Башир” деп аталат.

Периштелер бири-биринен жогору болот. Эң жогорулары төртөө. Алардын биринчиси – Жабраил алейхиссалам. Анын милдети – пайгамбарларга вахи алып келүү, буйрук менен тыюуларды билдирүү. Экинчиси – “Сур” деген кернейди үйлөй турган Исрафил алейхиссалам. Сурду эки ирет үйлөйт. Биринчи үйлөгөндө Аллаху тааладан башка жандуу нерселердин бардыгы өлөт. Экинчи жолу үйлөгөндө бардыгы кайта тирилет. Үчүнчүсү - Микаил алейхиссалам. Анын милдети – арзанчылык, кымбатчылык, жут, молчулук, бардык нерселерди кыймылга келтирүү. Төртүнчүсү – Азраил алейхиссалам. Адамдардын рухун алуучу периште ушул периште. Ушул төрт periштеден кийин туруучу периштелер төрт топко бөлүнөт. Хамала-и Арш деп аталган периштелер төртөө. Кыяматта сегиз болот. Илахи хузурда (Аллахтын алдында) болгон периштелер Мукаррабин деп аталат. Азап периштелеринин чоңдору Карубиян деп аталат. Ырайым периштелери Руханиян деп аталат. Булардын бардыгы периштелердин жогорулары болуп саналат. Мусулмандардын салихтери менен олуялары периштелерден абзел жана жогору болушат. Периштелер күнөөкөр

жана фасык мусулмандардан абзел болуп саналат. Ыймандын алты негизинин үчүнчүсү - Аллаху таала жиберген китептерине ишенүү. Аллаху таала бул китептерди периштелер аркылуу кээ бир пайгамбарлардын кулагына айтып, кээ бирине жазуу түрүндө жеткирсе, кээ бирин периштесиз угузуу жолу менен түшүргөн. Бул китептердин бардыгы Аллаху тааланын сөзү. Абадий (түбөлүк, соңу жок) жана азалий (башталышы жок) болгон сөздөр болуп, макулук эмес. Алар периштелердин же болбосо пайгамбарлардын сөздөрү эмес. Аллаху таала түшүргөн китептердин бардыгы хак жана туура.

Курани карим бардык китептерди насх кылган, алардын өкүмдөрүн жойгон. Курани каримде кыяматка чейин эч канчан ката, унутулуу, көбөйүү жана кемчилик деген сыяктуу нерселер болбойт. Курани каримде мурдагы жана келечектеги бардык илимдер бар. Ошондуктан ал бардык китептерден жогорусу жана эң баалуусу. Расулуллах алейхиссаламдын эң чоң мужизасы – Курани карим болуп саналат. Бардык адамдар менен жиндер жыйналып, Курани каримдин эң кыска сүрөсү сыяктуу бир сөз айтууга аракет кылса, андай сөздү эч качан айта албайт.

Самави (асмандан түшүрүлгөн) китептердин бизге билдирилгендеринин саны жүз төрт. Мындан он сухуф адам алейхиссаламга, эллүү сухуф Шис (Шит) алейхиссаламга, отуз сухуф Идрис алейхиссаламга, он сухуф Ибрахим алейхиссаламга түшүрүлгөндүгү белгилүү. Тоорат Муса алейхиссаламга, Забур Давут алейхиссаламга, Инжил Иса алейхиссаламга жана Курани карим Мухаммед алейхиссаламга түшүрүлгөн.

Ишенүү керек болгон шарттардын төртүнчүсү - Аллаху тааланын пайгамбарларына ишенүү. Аллаху таала пайгамбарларды адамдарга туура жолду көрсөтүү үчүн жиберген. Жаратылышы, мүнөзү, илими жана акылы жагынан пайгамбарлар замандаштарынын эң улуусу, жогорусу, кадырлуусу болушкан. Алардын эч кандай жаман кулк-мүнөзү, жаман кылыктары болгон эмес. Пайгамбарларда "исмат" деген сыпат болот. Алар пайгамбар болуудан мурда да, кийин да эч кандай күнөө кылышкан эмес. Пайгамбарларда пайгамбар экендиктери билдирилгенден кийин дүлөйлүк, сокурдук сыяктуу кемчиликтер болбойт. Ар бир пайгамбарда төмөндөгү жети сыпат бар экенине ынануу керек: Аманат (аманатка кыянат кылбоо), сыдк (чынчыл), таблиг

(билдирүүчү), адилдик (адилеттүү), исмат (күнөөсүз), фатанат (акылдуулук), амнул-азл (пайгамбарлыктан чыкпайт).

Жаңы дин алып келген пайгамбарлар “Расул” деп аталат, адамдарга өзүнөн мурда келген динди насыйхат кылган пайгамбарлар “Наби” деп аталат. Аллахтын динине чакыруу ишинде Расул менен набинин аткара турган кызматтарында айырмачылык жок. Пайгамбарларга ишенүү – алардын бири-биринен ажыратпай, баарын тең алардын баарын садык, чынчыл экенине ишенүү дегенди билдирет. Алардын бирине гана ынанбаган адам алардын эч бирине ынанбаган болот.

Пайгамбардык касиетине көп эмгектенүү, көп ибадат кылуу, ачка калуу же азап тартуу аркылуу кол жеткизүү мүмкүн эмес. Жалгыз гана Аллаху тааланын тандоосу жана каалоосу менен болот. Адамдардын дүйнөдөгү жана акыреттеги иштери пайдалуу болушу үчүн жана зыяндуу иштерден сактанып, туура жолдо жүрүп, ырахатка жетүүлөрү үчүн пайгамбарлар аркылуу диндер жиберилди. Пайгамбарлар Аллахтын жолунда өзүнө душманчылык кылган заалым адамдардын келтирген зыяндарына, күлкү-мазактоолоруна карабастан, Аллахтын ынануу жана амал кылуу үчүн жиберген буйруктарын үгүттөөдө душмандарынан корккон эмес. Аллаху таала пайгамбарлардын чынчыл экенин көрсөтүү үчүн аларды мужизалар менен колдогон. Бул мужизаларга эч ким каршы чыга алган эмес. Бир пайгамбарга моюн сунуп, ага ишенген адам ошол пайгамбардын үммөтү деп аталат. Кыямат күнү пайгамбарларга өз үммөттөрүнөн күнөөсү көп болгондорго шафаат кылууга уруксат берилет жана шафааттары кабыл болот. Үммөттөрүнөн аалым, салих, олуя болгондорго да шафаат кылууга Аллаху таала уруксат берет жана алардын шафаатын аллаху таала кабыл кылат. Пайгамбарлар алейхимуссалавату ват-таслимат кабырларында биз билбейт урган түрдө жашоодо. Кутту денелери топуракта чирибейт. Ошондуктан дагы хадиси шарифте: “Пайгамбарлар кабырында намаз окушат,” – деп билдирилген.

Пайгамбарлардын көздөрү уйкуда болгону менен алардын көңүл көздөрү ачык болот. Пайгамбардык милдетин орундоодо жана пайгамбардык артыкчылыктары жагынан бардык пайгамбарлар бирдей. Жогоруда көрсөтүлгөн жети сыпат баарында бар. Пайгамбар пайгамбардык милдетинен чыгарылбайт, бошотулбайт. Олуялар олуялыгын жоготушу мүмкүн. Пайгамбарлар алейхимуссалавату

ват-таслимат адамдардын арасынан тандалат. Жиндерден, периштелерден жана аялдардан адамдарга пайгамбар болбойт. Жин менен периштелер пайгамбарлардын даражасына чейин көтөрүлө албайт. Пайгамбарлардын бири-биринен өзгөчөлөнүп турган жактары бар. Мисалы, үммөттөрүнүн көптүгү, элинин көптүгү, илиминин кеңири жайылгандыгы, мужизаларынын көп жана үзгүлтүксүз болушу сыяктуу өзгөчөлүктөр жагынан эң жогору турган Мухаммед алейхиссалам болуп эсептелет. Улул-азм деп аталган пайгамбарлар калган пайгамбарлардан жогору жана расулдар да набилерден жогору болот.

Пайгамбарлардын анык саны белгилүү эмес. Алардын 124 миңден көп экендиги айтылат. Алардын ичинен 313 же 315и Расул. Алардын баарынын жогору болгон алтоо Улул-азм пайгамбарлар де аталышат. Улул-азм пайгамбарлар: Адам, Нух, Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммед (алейхимуссалату вассалам).

Ибрахим алейхиссалам - халилуллах, б.а., Аллахтын адал досу. Анын жүрөгүндө Аллаху таалага болгон махабаттан башка эч нерсе жок эле. Муса алейхиссалам - калимуллах, анткени, ал Аллаху таала менен сүйлөшкөн. Иса алейхиссалам – рухуллах жана калиматуллах, анткени, анын атасы болгон эмес. Бир гана “бол” деген Аллаху тааланын буйругу менен энесинен дүйнөгө келген. Мындан башка Аллаху тааланын дааналыкка толо сөздөрүн угузуп, аларды адамдарга жеткизген.

Бардык жаратылыштардын жаратылуу себеби болгон жана адамзаттын эң жогорусу, эң урматтуусу, эң жакшысы болгон Мухаммед алейхиссалам – хабибуллах болуп саналат. Анын Хабибуллах экенин жана жогору даражасын көрсөтүүчү нерселер өтө көп. Ошондуктан дагы ага “жеңилди”, “кыйрады” деген сөздөр колдонулбайт. Мухаммед алейхиссалам Кыяматта эң биринчи кабырдан турат (тирилет). Бейишке баарынан мурда кирет. Көркөм мүнөзүн, ахлагын айтып же санап бүтүрүү мүмкүн эмес.

Кыямат күнү бардык пайгамбарлар анын туусунун көлөкөсүнүн астында болот. Аллаху таала ар бир пайгамбарга “Жараткандарымын ичинде жакшы көрүп, тандаган, хабибим Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбар боло турган доорго жетсеңер, ага ыйман келтирип, жардам бергиле!” деп буюрду. Бардык пайгамбарлар дагы үммөттөрүнө ушуну осуят кылып, буюрду. Мухаммед алейхиссалам Хатам-ул анбийа, б.а., андан кийин эч кандай пайгамбар келбейт.

Ыйман келтирилүүсү зарыл болгон алты шарттын бешинчиси - акырет күнүнө ишенүү. Акырет адамдын өлгөн күнүнөн башталат. Кыяматтын аягына чейин уланат. Кыяматтын качан боло тургандыгы тууралуу бизге билдирилген эмес. Анын башталыш убактысын эч ким биле албайт. Бирок, Пайгамбарыбыз (алейхиссалам) бир нече белгилерин билдирген. "Хазрети Махди келет, Иса (алейхиссалам) асмандан Шамга түшөт. Дажжал чыгат. Йажуж – Мажуж деп аталган коом бардык нерсени талкалайт. Күн батыштан чыгат. Чоң жер титирөөлөр болот. Дин илимдери унутулат. Фасыктык, жамандык көбөйөт. Динсиз, адамгерчиликтен узак, ар-намыссыз адамдар бийликке келет. Аллаху тааланын буйруктарын аткарууга тыюу салынат. Бардык жерде харам иштер жасалат. Йеменден бир от чыгат. Асман жана тоолор майдаланып талкаланат. Күн менен ай карайат. Деңиздер бири-бирине аралашып, кайнап, суусу тартылат".

Күнөө кылган мусулман "фасык" деп аталат. Ислам динине ишенбеген жана диндин буйруктарына маани бербеген адам "капыр" деп аталат. Фасыктар менен капырлардын бардыгы кабырда азапка дуушар кылынат. Буга ишенүү керек. Өлгөн адам кабырга коюлгандан кийин биз билбеген түрдө тирилип, амалдарына жараша ырахатын көрөт же азап тартат. Мункер жана Накир деп аталган эки периштенин коркунучтуу адам кейпинде мазарга келип сурак сурай тургандыгы тууралуу хадистерде ачык айкын билдирилген. Кээ бир аалымдардын айтуусу боюнча кабыр сурактары кээ бир ишеним маселелеринен суралат, кээ бирлеринин айтуусу боюнча бир канча акаид маселесинен (ыйман маселесинен) суралат. Ошондуктан,балдарыбызга: "Раббиң ким? Диниң эмне? Кимдин үммөтүсүң? Китебиң эмне? Кыбылаң кайда? Ишеним жана амалда мазхабың кайсы?" – деген сурактардын жоопторун үйрөтүүбүз кажет. Ошол суроолорго дүйнөдө ахли сүннөт жолунда болбогондордун жооп бере албай тургандыгы "Тазкира-и Куртуби" китебинде жазылган. Жооп бергендердин кабыры кеңейип, ага Бейиштен бир терезе ачылып, Бейиштеги жерлери көрсөтүлөт. Периштелер ага жакшылык кылышат, кубанычтуу кабарлар айтышат. Туура жооп бере албай турган болсо, темир токмоктор менен урушат. Үнүн адамдардан жана жиндерден башка бардыгы угат. Кабыры тарайып, денесин кысат. Тозоктон бир терезе ачылып, Тозоктогу бара турган жерин көрүп, Сурак күнүнө чейин азап тартат.

Өлгөндөн кийин кайрадан тирилүүгө ишенүү – шарт. Эт менен сөөк чирип, топурак, газга айлангандан кийин, кайрадан жыйналып, рух денеге кирип, мазардан турат. Ошондуктан, бул убакыт "Кыямат күнү" деп аталат.

Жаратылган жандуулардын бардыгы машхарда жыйналат. Ар бир адамдын амал дептери учуп ээсине келет. Аларды Аллаху таала жүзөгө ашырат. Ушулардын боло тургандыгы тууралуу Аллаху тааланын Расулу кабар берген. Анын айткандары туура. Алардын баары милдеттүү түрдө жүзөгө ашат.

Жакшы адамдардын амал дептерлери оң жагынан, жаман адамдардын амал дептерлери аркасынан же сол жагынан берилет. Жакшы, жаман, чоң, кичине, ачык, жашыруун кылынган бардык амалдар дептерге жазылган болот. Кираман катибин периштелери билбей турган иштер адам мүчөлөрүнүн билдирүүсү жана Аллаху тааланын билдирүүсү менен белгилүү болуп, бардык нерседен суракка тартылат. Махшарда Аллаху тааланын каалаган жашыруун нерсеси ачыкка чыгат. Периштелерден: "Асманда, жерде эмне кылдыңар?" - деп, пайгамбарлардан: "Аллаху тааланын буйруктарын анын пенделерине кандай жеткирдиңер?" - деп, адамдардан: "Пайгамбарларга кандай моюн сундуңар, милдеттериңерди кандай орундадыңар?" - деп суралат. Махшарда ыймандуу болуп,жакшылык кылган адамдар сый-урматка бөлөнүп, жамандык кылган адамдар оор азапка учурашат.

Аллаху таала каалаган ыймандуулардын күнөөлөрүн кечирүүсү мүмкүн. Аллахка шерик кошуу жана куфурдан башка бардык күнөөлөрдү кааласа кечирет. Кааласа кичинекей күнөөлөрдөн улам да азап берет. Мушрик жана капырларды эч качан кечирбей турганын билдирген. Китептүү, китепсиз капырлар, б.а., Мухаммед алейхиссаламдын бүткүл адамзаттын Пайгамбары экендигине ишенбеген, ал билдирген өкүмдөрдүн бирөөсүн болсо да жактырбаган адамдар ошол абалдары менен өлө турган болсо, сөзсүз түрдө Тозокто түбөлүк азап чегет.

Кыямат күнүндө амалдарды өлчөй турган, биз билбеген өлчөө куралы – "Мийзан" (тараза) бар. Жер да, асман да бир тарабына бата тургандай өтө чоң болот. Сооп жагы жарык, Арштын оң жагында, Бейиш тарабында. Күнөө жагы караңгы, Арштын сол жагында, Тозок тарабында. Дүйнөдө жасалган иштер, айтылган сөздөр, ой-пикир, көз караштар ошол жерде көз менен көрүлө тургандай абалга

келтирилет. Сооптуу иштер жарык, ал эми күнөөлөр караңгы, жийиркеничтүү түс алып, таразага тартылат. Бул тараза дүйнөдөгү таразага окшобойт. Оор жагы жогору көтөрүлөт. Жеңил жагы төмөн түшөт деп айтылган. Ахли сүннөттүн кээ бир аалымдары бир нече тараза болот деп айтышкан.

Сырат көпүрөсү болот. Сырат көпүрөсү Аллаху тааланын буйругу менен Тозоктун үстүнө курулат. Адамдардын бардыгына ошол көпүрөдөн өтүү буюрулат. Ошол күндө бардык пайгамбарлар: “Эй, Раббим, амандык бер!” - деп жалбарышат. Бейишке бара тургандар көпүрөдөн оңой өтүшөт. Алардын кээ бири чагылгандай, кээ бири желдей ылдам жана кээ бири чапкан аттай тез өтөт. Сырат көпүрөсү кылдан ичке, кылычтан өткүр. Бул дүйнөдө Исламды кармануу да ушуга окшош. Исламды толук кармануууга аракет кылуу – Сырат көпүрөсүнөн өтүү сыякту. Бул жерде напси менен күрөшүп, анын азгыруусуна берилбей, ошол кыйынчылыктарга сабыр кылгандар сыраттан оңой жана жеңил өтүшөт. Ислам динин туура карманбай, напсине баш ийгендер Сыраттан кыйынчылыктар менен өтүшөт. Ошондуктан, Аллаху таала Исламдын билдирген туура жолун “сырат-и мустаким” деп атаган. Аталыштардын бири-бирине окшоштугу Ислам жолун кармануу Сырат көпүрөсүнөн өтүү сыяктуу экендигин көрсөтөт. Тозокко бара тургандар Сыраттан өтө албай, Тозокко түшүшөт.

Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа саллаллаху алейхи васалламга таандык “хаузи кавсар” (кавсар көлү) бар. Чоңдугу бир айлык жолдой. Суусу сүттөй аппак, даамы керемет. Тегерегиндеги чынылардын саны жылдыздардын санынан көп болот. Андан бир жолу ичкен адам Тозокто болсо да кайра суусабайт.

Махшар күнүндө шапааттын боло тургандыгы чындык. Тообо кылбай кайтыш болгон мусулмандардын чоң-кичине күнөөлөрүнүн кечирилүүсү үчүн пайгамбарлар, олуялар, такыбаалуу кишилер, периштелер, Курани карим, Аллаху таала тарабындан уруксат берилген башка кулдары да шапаат кылышат жана шапааттары кабыл кылынат.

Бейиш жана Тозок азыр да бар. Бейиш жети кат асмандын үстүндө. Тозок болсо бардык болмуштун астында. Сегиз Бейиш, жети Тозок бар. Бейиш жерден, күн жана асмандан да чоң. Ал эми Тозок күндөн да чоң.

Ишенүүгө тийиштүү алты нерсенин алтынчысы - тагдырга, жамандык менен жакшылыктын Аллаху тааладан экендигине

ишенүү. Адамдарга келе турган жакшылык жана жамандык, пайда жана зыяндын баары Жараткандын жазуусу менен жүзөгө ашат. Аллаху тааланын бир нерсенин болуусун эзелтеден каалоосу “тагдыр” деп аталат. Каза – тагдырдын, б.а., “бар болсун” деп каалаган нерсенин бар болуусу. “Каза” жана “тагдыр” сөздөрү бири-биринин ордуна колдолуна берет.

Бардык жандуулардын, өсүмдүктөрдүн, жансыз нерселердин, катуу, суюк, газ түрүндө бардык нерсенин, асмандагы объекттердин, молекуланын, атомдордун, электрондордун, электромагниттик толкундардын козголуусу, химиялык жана физикалык кубулуштар, ядро реакциялары, энергиялык алмашуулар, физикалык кыймылдар, пенделердин жакшы жана жаман иштери, дүйнө жана акыретте жасаган иштеринен жоопко тартылуу – бардыгы Аллаху тааланын илиминде эзелтеден бар эле. Аллах эзелтеден чексиз акырына чейин бар боло турган заттарды, алардын сыпаттарын, кыймыл-аракеттерди, кубулуштарды эзелдеги илимине ылайык жаратууда. Адамдардын жакшы-жаман, эрктүү-эрксиз бардык иштерин, мусулман болууларын, капыр болууларын Аллаху таала жаратат. Жаратуучу, бар кылуучу тек гана Ал. Себептердин таасири менен жүзөгө аша турган бардык тиричилик Анын жаратуусу менен болот. Бардык нерсени бир себеп менен жаратат.

Мисалы, от күйгүзөт. Бирок, күйгүзгөн Аллаху таала. Оттун күйгүзүү менен эч кандай тийешеси жок. Ал эми, Аллаху тааланын адаты (белгилеген мыйзамы) боюнча бир нерсеге от тиймейинче күйгүзүүнү жүзөгө ашырбайт. От тутануу температурасына чейин ысытуудан башка эч нерсе кылбайт. Органикалык заттардын курамындагы көмүртекти, суутекти, кислородду бириктирип, электрондорду алмаштыра турган от эмес. Акыйкатты көрүүгө кудурети жана илими жетпегендер буларды от аткарат деп ойлойт. Күйгүзүүчү, күйүү реакциясын жүзөгө ашыруучу от эмес. Кислород да эмес. Ысыктык да эмес, электрондордун аралашуусу да эмес. Күйгүзгөн - бир гана Аллаху таала. Ал булардын бардыгын күйүүнүн себептери кылып жараткан. Илими жок адам “от күйгүзөт” деп эсептейт. Илим илгерилеген сайын себеп деп эсептелген нерселердин аркы жагында башка канча деген себептердин бар экендиги аныкталууда, илимдердин сырын билген, акыйкатты толук көргөн пайгамбарлар жана алардын жолундагы илим дарыясынан ичип канган Ислам аалымдары азыркы кезде

көпчүлүктүн күйгүзүүчү, бар кылуучу же болбосо жаратуучу деп ойлогон нерселердин алсыз, бир фактор, себептер экенин; чыныгы Жаратуучунун Аллаху таала экенин айтышууда. Күйгүзө турган – Аллаху таала. Ал отсуз деле күйгүзө алат. От менен күйгүзүү – адаты. Күйүүсүн каалабаса, от ичинде да күйбөйт. Ибрахим алейхиссаламды от ичинде да күйгүзгөн жок. Аны өтө жакшы көргөндүктөн адатын бузду. Аллаху таала кааласа, бардык нерсени себепсиз, адатсыз да жаратмак.Отсуз күйгүзөр эле, тамаксыз тойгузар эле. Ал эми, пенделерине жакшылык кылып, бардык нерсени бир себеп менен байланыштырды. Белгилүү бир нерселерди белгилүү бир куралдар менен эрежелер менен жаратууну каалады. Иштерди, жумуштарды себептер менен ороду. Ушинтип кудуретин себептердин артына жашырды. Анын бир нерсени жаратуусун каалаган адам ошол нерсенин себебине жармашып, тилегине жетет. Мисалы, чыракты жаккысы келген адам ширенкени колдонот. Зайтун майын алгысы келген адам сыгуу куралын колдонот. Башы ооруган адам даары ичет, Бейишке кирүүнү каалаган адам Исламга моюн сунат, өзүн пистолет менен аткан, уу ичкен адам өлөт, тердеп туруп суу ичкен адам ооруйт, күнөөгө батып куфур кылып ыйманынан айрылган адам Тозокко кетет. Ким кандай себепке жармашса, ошол себеп аркылуу натыйжага ээ болот. Мусулман аалымдарынын китептерин окуган адам Исламды үйрөнүп, сүйүп, мусулманчылыкты кабыл кылат. Динсиздердин арасында чоңойгон, алардын сөздөрүн тыңдаган адам динден алыс болот. Динде сабатсыздардын көпчүлүгү ыймансыз болот. Адам кайсыл багыттын унаасына түшсө, ошол багытка карай кетет.

Аллаху таала өз иштерин эрежелер менен, себептер менен жаратпаганда, эч ким эч кимге муктаж болмок эмес. Ар ким керек болгон нерсесин Аллахтан сурап, эч бир чара көрмөк эмес. Андай кезде адамдар арасында башчы, кызматкер, жумушчу, өнөрпоз, шакирт, устаз сыяктуу адамдар арасындагы мамилелер жоюлуп, дүйнө жана акыреттин тартиби бузулмак. Сулуу менен көрксүз, жакшы менен жаман, күнөөсүз менен күнөөкөр арасында айырмачылык калмак эле.

Ислам мусулмандардан Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) ишенгени жана көрсөткөнү сыяктуу ыйман келтирүүнү каалайт. Пайгамбарыбыз бир гана ыйманды билдирген. Сахабалардын бардыгы Анын билдиргенине ылайык ишенген,

ишенимде айырмачылыктары болгон эмес. Пайгамбарыбыз алейхиссалам кайтыш болгондон кийин адамдар Ислам динин сахабалардан угуп, сурап үйрөнүштү. Бардыгы бирдей ыйманды үйрөттү. Алардын Пайгамбарыбыздан жеткизген бул ыйманы ахли сүннөт акыйдасы деп аталды. Сахабалар радыяллаху анхум бул ыйман илимдерине өз ойлорун, философтордун сөздөрүн, жеке каалоолорун, саясий көз караштарын жана ушул сыяктуу башка нерселерди аралаштырган эмес.

Сахабалар бардык нерседе кемел даражада болгон Аллаху тааланын кемчиликтен узак көрүү, Анын билдиргендерине каршы чыкпай кабыл кылып ишенүү, муташабих (мааниси ачык болбогон) аяттардын тавилине берилбөө... сыяктуу касиеттери менен ыймандарын Пайгамбарыбыздан үйрөнгөндөй сакташкан. Исламдагы ыйман негиздерин сураган адамдарга таза, анык жана негизги калыбында үйрөтүп, насаат кылышкан.

Сахабалардын Расулуллахтан жеткизген бул насаатты ошол калыбында, эч нерсе кошпой жана алып салбай кабылдап, ишенген, алардын жолунда болгондор ахли сүннөт вал жамаат тобу, ал эми туура жана акыйкат Ислам жолунан тайгандар бидат топтор (адашкан, бузулган топтор) деп аталат.

Сахабалардын бардыгы мужтахид болгон. Алар диний билимдерди түздөн-түз Расулуллахтан алышкан. Аны түздөн-түз көрүүнүн, сухбатына катышуунун аркасынан пайда болгон руханий кемелдикке, жогору даражаларга жетишти. Нипсилери мутмаинна (тарбияланган) болуп, ар бири ыкылас, адеп жана илимде сахабалардан болбогон аалым жана олуялар жете албаган даражаларга жетишти. Ар биринин туура жолдун жылдыздары экендиги хадиси шарифтерде билдирилди. Баарынын ыйманы, акыйдасы бир болгон. Алар аяттарда жана хадистерде билдирилбеген маселелер боюнча ижтихад кылып, өкүмдөр чыгарышты. Ар бири амалда жеке мазхаб ээси болушкан. Көбүнүн ижтихаддарынан чыгарган өкүмдөрү бири-бирине окшочу. Ижтихаддары жыйналып, китепке жазылбагандыктан мазхабдары убакыт өтүп унутулуп кеткен. Ошондуктан дагы азыркы убакытта сахабалардын туш келген бирөөсүнүн мазхабына багынуу мүмкүн эмес.

Исламды сахабалардан үйрөнгөн табиин (экинчи урпак) жана табииндерден үйрөнгөн таба-и табиндерден (үчүнчү урпак) дагы

диний илимдерде көтөрүлүп, мутлак мужтахиддик даражасына жеткен улуу имамдар жетилип чыккан. Булар дагы амалда мазхаб ээлери болушкан. Ар биринин ижтихаддарынан пайда болгон өкүмдөр ошол аалымдын мазхабы деп аталган. Бул аалымдардын да көпчүлүгүнүн мазхабы китепке жазылбагандыктан унутулду. Бир гана төрт имамдын ижтихаддары шакирттери тарабынан китептерге жазылып, сакталып калды жана мусулмандардын арасында жайылды. Жер бетиндеги бардык мусулмандарга туура жолду көрсөтүүчү жана Ислам динин өзгөрүүдөн, бузулуудан сактап калган ошол төрт имамдын биринчиси Имам Азам Абу Ханифа, экинчиси Имам Малик бин Анас, үчүнчүсү Имам Мухаммед бин Идрис Шафии, төртүнчүсү Ахмед бин Ханбал (рахматуллахи таала алейхис ажмаин).

Ахли сүннөт акыйдасында болгон ошол төрт имамдан Имам Азамдын жолу Ханафи мазхабы, Имам Маликтин жолу Малики мазхабы, Имам Шафиинин жолу Шафии мазхабы, Имам Ахмед бин Ханбалдын жолу Ханбали мазхабы деп аталган. Азыркы тапта бир мусулмандын Аллаху тааланын ыраазычылыгына ылайык иш жана ибадат кыла алуусу жалгыз ушул төрт мазхабдын бирине багынуу аркылуу гана жүзөгө ашат.

## Ибадаттар

Биринчиси – шарттарына жана фарздарына ылайык күндө беш ирет, убагы киргенде намаз окуу. Намаздарды фарздарына, важибдерине жана сүннөттөрүнө амал кылып, көңүлдү Аллахга берип, убактысын чыгарып албай окуу керек. Курани каримде намаз “Салат” деп аталган. Салат сөзү сөздүктө адамдын дуба кылуусу, периштелердин истигфар кылуусу, Аллаху тааланын мээримдүүлүк, ырайымдуулук кылуусу дегенди билдирет. Исламда салат дегени – илмихал китептеринде көрсөтүлгөндөй, белгилүү кыймыл-аракеттерди жасоо жана белгилүү нерселерди окуу дегенди билдирет. Намаз окуу ифтитах такбири менен башталат. Атап айтканда, эркек кишилер колдорун кулактарына көтөрүп, киндик астына түшүрүп жатканда “Аллаху акбар” деп айтат. Акыркы отурурушта башты оң жана солго буруп, салам берүү менен аякталат.

Экинчиси – мал-мүлкүнүн зекетин берүү. Зекеттин мааниси тазалык, мактоо жана жакшы, сонун абалга жетүү дегенди билдирет. Исламда зекет деген сөз – өзүнө кажет болгон нерселерден артып калган жана нисаб деген белгилүү бир өлчөмдө зекет мүлкү бар болгон адамдын мүлкүнүн белгилүү бир бөлүгүн Курани каримде сыпаттары көрсөтүлгөн мусулмандарга берүү дегенди билдирет. Зекет сегиз түрлүү адамга берилет. Төрт мазхабда дагы төрт түрлүү зекет мүлкү бар. Алтын жана күмүштүн зекети, соода мүлкүнүн зекети, жылдын жарымынан көбүндө жайытта болгон төрт буттуу малдардын зекети жана жерде өскөн нерсенин зекети. Бул төртүнчү зекет “ушур” деп аталат. Жерден түшүм алынган замат ушур берилет. Калган үч зекет нисаб өлчөмүнө жеткенден кийин бир жыл өтүп берилет.

Үчүнчүсү – рамазан айында күн сайын орозо кармоо. Орозо кармоо “савм” деп аталат. Савм сөздүктө бир нерсени бир нерседен коргоо дегенди билдирет. Исламда шарттарын орундап, рамазан айында күн сайын үч нерседен оозун коргоо дегенди билдирет. Бул үч нерсе – жеш, ичүү жана жыныстык жакындык. Рамазан айы көктө хилалды (жаңы айды) көрүү менен башталат. Календар менен алдын ала эсептөө аркылуу Башталбайт.

Төртүнчүсү – алы жеткен адамдын өмүрүндө бир жолу ажыга баруусу. Жол коопсуз жана дени сак болуп, Мекке-и мукаррама шаарына барып келгенге чейин артында калган балдарынын күн көрүшү үчүн жете турган мүлкүнөн артып калган акча менен ошол жерге барып келе алган адамдын өмүрүндө бир жолу ихрам менен Кааба Муаззаманы таваф кылуусу жана Арафат аянтында турушу – фарз болуп саналат.

Бешинчиси – Аллаху тааланын динин таратууга аракет кылуу, б.а., жихад кылуу. Жихадга даярдануу – ибадат.

Мунакахат: Үйлөнүү, ажырашуу, нафака... сыяктуу бөлүмдөрү бар.

Муамалат: Соода=сатык, жалдоо, чарбачылык, пайыз, мурас.... сыяктуу бөлүмдөрдөн турат.

Укубат: Жазалар. Бешке бөлүнөт. Кысас, уурулук, зина, кафз, мутад болуунун жазалары.

## Ахлак

Ислам дини жакшы мүнөздүү, жакшы ахлактуу болууну, напсини жаман кылыктардан тазалоону, көркөм мүнөздүү болууну, ар тараптан ар-намыстуу болууну буйрук кылат. Бул илимдер менен жолдорду үйрөтүүчү илим тасаввуф деп аталат.

Ден-соолукка тийиштүү илимди медицина илими үйрөтө турган болсо, жүрөктүн, рухтун жанам мүнөздөрдөн арылуусун тасаввуф илими үйрөтөт. Жүрөк (көңүл) ооруларын белгилери болуп эсептелген жаман иштерден алыс кылып, Аллах ыраазычылыгы үчүн жакшы иштер менен ибадаттар кылууну камсыз кылат.

Ислам дини алгач илим үйрөнүүнү, анан үйрөнгөндөрүнө ылайык амал менен ибадаттын жасалуусун жана булардын баарын Аллах ыраазычылыгы үчүн жасоо керектигин, кыскача илим, амал жана ыкыласты буйрук кылат. Адамдын руханий көтөрүлүүсү, дүнүйө жана акырет бактылуулугуна жетүүсү бир учактын учушуна окшотулса, ыйман менен ибадат анын денеси, жана мотору сыяктуу болот. Тасаввуф жолунда илгерилөө дагы мунун энергия булагы, б.а., бензини. Максатка жетүү үчүн учак керек болот. Тактап айтканда ыйман менен ибадатка кол жеткизилет. Кыймылдай баштоо үчүн б.а., учуу үчүн дагы кубат б.а., тасаввуф жолунда илгерилөө керек.

Тасаввуфтун эки максаты бар. Биринчиси – ыймандын жүрөктө орун алуусу жана күмөндүү нерселердин таасирине берилбөөгө жетүү. Акыл менен, далилдер менен күчөтүлгөн ыйман мындай мыкты болбойт. Аллаху таала Курани каримде “Раад” сүрөсүнүн 28-чи аятында мындай деген: “Жүрөктөргө ыймандын сиңүүсү, орун алуусу бир гана зикир аркылуу болот.” Зикир ар бир иште жана арбир кыймыл аракетте Аллаху тааланы эске алуу дегенди билдирет.

Тасаввуфтун экинчи максаты – фикх илимдери менен билдирилген ибадаттарды чын жүрөктөн каалап аткарууга жана напси аммарадан (тарбияланбаган напсиден) пайда болгон жалкоолуктарды, кыйынчылыктарды кетирүүгө кол жеткизүү. Ибадаттарды оңой, чын жүрөктөн аткаруу жана күнөө иштерден жийиркенип, алыс болуу бир гана тасаввуф илимин үйрөнүп, ушул жолдо илгерилөө аркылуу жүзөгө ашат. Тасаввуфтун максаты

ар ким биле бербеген нерселерди көрүү, кайыптан кабар берүү, нурлар, рухтар жана таң калаарлык түштөрдү көрүү эмес. Тасаввуф аркылуу кол жеткизиле турган марифаттарга, илимге жана халдарга жетүү үчүн алгач ыйманды түзөтүү, Исламдын буйруктары менен тыюуларын үйрөнүп, ушуларга ылайык амал, ибадат кылуу керек. Ансыз деле, бул үчөөнү аткармайынча жүрөктүн тазалануусу, жаман мүнөздөрдөн арылуусу, напсинин тарбиялануусу мүмкүн эмес.

## Мухаммед алейхиссаламга баш ийүү

Мухаммед алейхиссаламга моюн сунуу – анын жүргөн жолу менен жүрүү деген сөз. Анын жолу – Курани карим көрсөткөн жол болуп саналат. Бул жол Ислам дини деп аталат. Ага баш ийүү үчүн алгач ыйман келтирүү керек, мусулмандыкты жакшылап үйрөнүү керек. Кийин парздарды орундап, харамдардан сактануу керек. Андан кийин сүннөттөрдү орундап, макрухтардан сактануу керек. Ушулардан кийин мубах нерселерден да ага баш ийүүгө аракет кылуу керек.

Ыйман келтирүү - бул сүйүктүү Пайгамбарыбызды ээрчип, түбөлүк бакыттын босогосун аттап ичкери кирүү деген сөз. Аллаху таала аны бүткүл адамзатын түбөлүк бакытка чакыруу үчүн жиберген жана «Саба» сүрөсүнүн 28-аяти каримасында: **«(Эй, сүйүктүү Пайгамбарым!) Сени дүнүйөгө бардык адамдарга түбөлүк бакытты сүйүнчүлөө жана ошол бакыт жолун көрсөтүү үчүн жиберемин», -** деген.

Мисалы, ага баш ийген бир адамдын күндүз бир мезгил уктоосу ага баш ийбей бир нече түндү ибадат менен өткөрүүдөн канчалаган эсе кадырлуу болот. Анткени, «кайлула» кылуу, б.а., түштөн мурда бираз жатуу – Расулуллахтын адаты болчу. Мисалы, анын дини буюргандыктан Айт күнү орозо кармабоо жана жеп-ичүү динге моюн сунбай жылдар бою кармалган оррзолордон кадырлуу. Анын дининин буйругу менен кедейге берилген зекет – өз каалоосу менен тоодой алтын садага берүүдөн артык.

Бир күнү Хазрети Омар (радыйаллаху анх) багымдар намазын жамаат менен окугандан кийин жамаатты карап, жамааттан бир кишини көзгө учурата албагандан кийин ал адамдын кайда

экендигин сурады. Сахабалар: «Ал түнү бою таңга чейин ибадат кылат. Эми уктап калган чыгар», - дешти. «Аттиң, түнү бою уктап, багымдат намазын жамаат менен окуганы жакшыраак болор эле», - деди.

Исламга баш ийбестен кыйынчылык тартып, напсилери менен күрөшкөн адамдар напсилери кордошсо да Исламга шай кылбагандыктан анын кадыры жок. Жгер бул иштерине акы алтын болгондо дүнүйөдө бир канча табыштан башка нерсеге кол жеткизе алышпайт. Болбосо бул бир нече табыштын бедели болгонундай дүнүйөнүн өзүнүн куну менен бедели жок. Булар мисалы жөнөкөй жумуш кылган жумушчуларга окшойт, бардык адамдардан көп иш кылышат жана чарчашат, бирок, айлыктары кылган жумуштарына татыбайт, өтө аз. Исламга багынгандар болсо асыл таштар менен баалуу алмаздан менен алектенген зергерлер сыяктуу. Алардын жумушу аз, табышы көп. Кээде бир сааттык жумуштары жүз миңдеген жылдын табышын курайтт. Мунун себеби мында: Исламга шай кылынган амалды Аллаху таала кабыл кылат, ыраазы болот, өтө жактырат.

Муну китебинин бир нече жеринде билдирген. Мисалы, «Имран» сүрөсүнүн 31-чи аятында: «Эй сүйүктүү Пайгамбарым! Аларга айт, эгер Аллаху тааланы жакшы көрсөңөр жана Аллаху тааланын да силерди жакшы көрүүсүн кааласаңар мага баш ийгиле. Аллаху таала мага баш ийгендерди жакшы көрөт», - делинген.

Мухаммед алейхиссаламга баш ийүү – Исламдын өкүмдөрүн жактырып, кубана-кубана орундоо жана анын буйруктарын жана Исламдын кадырлаган баалуу нерселерин, аалымдарын, салихтерин жогору деп билип, урматтоо жана анын динин таратууга аракет кылуу деген сөз. Динине баш ийгиси келбегендерди, жактырбагандарды, маани бербегендерди төмөн саноо деген сөз.

Исламга ылайык болбогон нерселердин эч бирин Аллаху таала жактырбайт. Жактырылбаган нерсеге сооп берилеби? Тескерисинче, жазага себеп болот.

Эки дүнүйөнүн бактысына жетүү – бир гана эки дүйнөнүн мырзасы болгон Мухаммед алейхиссаламга баш ийүүгө байланыштуу. Ага баш ийүү үчүн ыйман келтирүү жана Илам өкүмдөрүн үйрөнүп, туура орундоо керек.

Акыретте Тозоктон кутулуу бир гана Мухаммед алейхиссаламга баш ийгендерге насип болот. Дүнүйөдө кылынган

бардык жакшылыктар, бардык ачылыштар, бардык абал менен илимдер Расулуллахтын (саллаллаху алейхи ва саллам) жолунда болуу шарты менен гана акыретте пайдасы тийет. Аллаху тааланын пайгамбарына баш ийбегендердин кылган бардык жакшылыктары дүнүйөдө калат жана акыретинин кыйроосуна себеп болот. Б.а., жакшылык сыяктуу көрүнгөн алдамчы закымдан башка нерсе болбойт.

Мухаммед алейхиссаламга толук жана кемчиликсиз баш ийүү үчүн аны толук жана кемчиликсиз жакшы көрүү керек. Толук жана жетилген сүйүүнүн белгиси – анын душмандарынан оолак болуу жана аны жактырбагандарды жакшы көрбөө. Ашыктар сүйүктүүлөрү үчүн эсин жоготуп, буйруктарынан бир кадам да чыгышпайт. Башка багыттагылар менен бир жерде боло албайт. Эки карама-каршы нерсенин сүйүүсү бир жүрөктө боло албайт.

Бул дүнүйөнүн жакшылыктары өткүнчү жана алдамчы. Бүгүн колдо бар нерсе эртең башкалардын колунда болот. Акыретте колго келе тургандар болсо чексиз жана ал табылгалар ушул дүйнөдө жыйналат. Бир нече күндүк өмүрдү эгер дүнүйө менен акыреттин эң кадырлуу адамы болгон Мухаммед алейхиссаламга баш ийүү менен өткөрсөк түбөлүк бакыт жана кутулуудан үмүт күтүлөт. Ага баш иймейинче кылынган бардык жакшылык, кайрымдуулук ушул дүнүйөдө калат, акыретте эч нерсе колго тийбейт.

Ага баш ийүүнүн кымындай бөлүгү бардык дүнүйө ниматтары менен акырет бакыттарынан канчалаган эсе артык. Адамзаттын өзгөчөлүгү менен абырою ага баш ийүүсүндө. Расулуллахка баш ийүү үчүн мусулмандардын ахли сүннөттүн төрт мазхабынын биринде болуулары негизги шарт. Пайгамбарыбызга ыйман келтирип, алып келген нерселерин тастыктоо, аны жакшы көрүп моюн сунуу, насыяттарын кабыл кылуу, ага урмат көрсөтүү парз болуп эсептелет. Бул маселе боюнча Аллаху таала: «Андай болсо Аллаху таалага жана анын умми набиси болгон Расулуна ыйман келтиргиле, ага баш ийгиле, ошондо туура жолду тапкан болосуңар»**.** («Араф» сүрөсү, 158).

**«Ким Аллаху таалага жана Анын пайгамбарына ыйман келтирбесе, акыйкатында** (билсин), **биз ал капырлар үчүн катуу от даярдадык», -** деп буюрган.

Расулуллах алейхиссалам да мындай деген: ***«Аллаху тааладан башка илах жок экенине күбөлүк кылып, мага жана менин алып***

***келгендериме ыйман келтиргенге чейин адамдар менен*** (капырлар менен) ***согушуу мага буюрулду. Алар буларды кылган кезде мусулмандык акысынын жазасы*** (тышында)***, мал-мүлктөрү менен жандарын менден куткарат.*** (Ичтериндеги жашыруун жагдайлардын) ***эсебин Аллаху таала көрөт».***

***«Мага ким баш ийсе Аллаху таалага баш ийген болот. Ким мага каршы чыкса, Аллаху таалага каршы чыккан болот. Менин буйругума баш ийген адам мага баш ийип, ал эми буйругума каршы чыккан адам мага каршы чыккан болот».***

***«Мага моюн сунган жана мен алып келген нерселерге моюн сунган адамдын абалы менен мага каршы чыгып, мен алып келген нерселерди жокко чыгарган адамдын абалы мынабул адамга окшойт:*** (ал адам) ***бир адам үй салдырган,*** (адамдарга сыяпат катары) сонун, ар түрдүү тамактарды даярдаган, адамдарды тамакка чакырууга бирөөнү милдеттендирген. Тамакка чакырууну кабылдаган адам үйгө кирет жана даярдалган даамдардан каалаганынча жейт. Чакыруусун кабылдабаган адам болсо үйгө кире албайт жана даярдалган тамактардан жей албайт. Үй – (Расулуллахтын дааватын кабылдаган такыбаалар үчүн даярдалган) Жаннат. (Аллаху таалага жана Анын ниматтары менен толгон Жаннатка) чакырган адам – Мухаммед (алейхиссалам**). Ким Мухаммедге** (алейхиссалам) каршы чыкса Аллаху таалага каршы чыккан болуп саналат. Мухаммед (алейхиссалам), өзүн кабылдаган, тастыктаган момундар жана өзүн жокко чыгарган капырлар кылып адамдардын арасын ажыратуучу».

***«Менин сүннөтүмө жана менден кийин Хулафа-и рашидиндин*** (төрт халифанын) ***сүннөтүнө жабышкыла. Ага болгон күчүңөр менен жана дыкат жармашкыла.*** (Динде, Курани каримде, ижмаи умматта жана кыясы фукахада болбой) ***кийин чыгарылган нерселерден качкыла. Анткени,*** (динде) ***кийин чыгарылган нерсе – бидат болуп саналат. Ар бир бидат – адашуу болуп саналат.***

Анас бин Маликтин (радыйаллаху анх) Расулуллахка баш ийүү тууралуу жеткирген бир хадиси шарифинде Расулуллах (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай деп буюрган: «Ким менин сүннөтүмдү орундаса (аны менен амал кылуу аркылуу жайса), мени тааныткан болот (менин кадырымды арттырган, буйругумду орундаган болуп саналат). Мени ушундайча кубанткан адам Жаннатта мени менен бирге».

Пайгамбарыбыз Билал бин Хариске (радыйаллаху анх) мындай деген: «Бир адам Исламда суннати хасана (жакшы бир адат чыгарса) жасаса анын сообуна жана аны кылгандардын соопторуна жетет. Бир адам Исламда суннати сайиа (жаман бир адат) жолун ачса анын күнөөсү жана аны жасагандардын күнөөлөрү ага берилет».

Омар бин Абдулазиз (рахметуллахи алейх) мындай деген: «Расулуллах жакшы жол салды. Андан кийин халифалары жолдорду ачты. Расулуллахтын сүннөтү менен жана андан кийинки халифаларынын сүннөттөрү менен амал кылуу – Аллаху тааланын китебине ылайык амал кылуу болуп саналат. Аллаху таалага жана Пайгамбарыбызга баш ийүү – Аллаху тааланын динин күчтөндүрүү. Исламды бузууга жана өзгөртүүгө эч кимдин акысы жок. Сүннөткө каршы чыккан адамдардын сөздөрү менен амал кылуу жаиз эмес.

Пайгамбарыбыздын жана сахабаларынын сүннөттөрүнө баш ийгендер – туура жолду тапкандар. Булардан кимиси көмөк сураган болсо көмөккө жетти. Кимде ким сүннөткө каршы чыгып, анын менен амал кылбаса мусулмандар жүргөн жолдон башка жолго түшкөн болуп саналат. Аллаху таала ал адамга жаман иштерди жасатып, Жаханнамга таштайт. Жаханнам – эң жаман жер».

Пайгамбарыбыздын жана сахабаларынын сүннөттөрү менен жүргүсү келген адамдын алардын жолун тикеден тике өздөрүн көрүп үйрөнгөн Имам Азамга жана Имам Азамды көргөн калган үч мазхаб имамдарына (рахметуллахи таала алейхим ажмаин) баш ийүүсү керек.

Ахмед бин Ханбал (рахметуллахи алейх) айтат: «Бир күнү бир жыйында болгон элем. Алар чечинип сууга түшүштү. Мен: «Ким Аллаху таала жана акырет күнүнө ыйман келтирсе мончого (аврат жерлерин жаппай) кирбесин» деген хадиси шарифке баш ийип, чечинбедим. Ошол түнү түшүмдө бир адам: «Эй Ахмед! Сага сүйүнчү! Анткени, Аллаху таала сени Расулуллахтын сүннөтүнө баш ийгениң үчүн кечирди. Сени имам кылды. Адамдар сага баш ийишет», - деди. «Сиз кимсиз?» - деп сураганымда: «Жабраилмин», - деп жооп берди».

Адам ар бир ишинде Расулуллахка (саллаллаху алейхи ва саллам) баш ийбесе мусулман боло албайт. Аны өз жанынан артык жакшы көрбөсө ыйманы толук болбойт. Ал – бардык адамдардын жана жиндердин пайгамбары.

Ар кылымда өмүр сүргөн бардык элдердин ага баш ийүүлөрү – важиб. Ар мусулмандын анын динине жардамдашуусу, анын мүнөзүндөй мүнөзгө ээ болуусу, анын мубарек ысымын көп айтуусу, ысымын айтканда жана укканда урмат кылып салават айтуусу, мубарек дидарын көрүүгө ашык болуусу, алып келген Курани карим менен динин жакшы көрүп, урматтоосу керек.

# ХРОНОЛОГИЯ

571 Мухаммед алейхиссаламдын дүнүйөгө келүүсү (12-рабиул-аввал – 20-апрель 571).
Сүт энеси Халима ханымга берилүүсү.

**574** Сүт энеси тарабынан Меккеге алып келинип, энеси Амина ханымга тапшырылуусу.

575 **Энесинин кайтыш болуусу**
**Чоң атасы** Абдулмутталибге берилүүсү.

**577** **Чоң а**тасы Абдулмутталибдин кайтыш болуусу жана абасы Абу Талибге аманат кылынуусу**.**

578 **Абасы** Абу Талиб менен Сирияга сапары жана Бусрада динбашы Бахиранын анын соңку пайгамбар экендигин түшүнүүсү.

**583** **Абасы** Абу Талиб менен Сирияга сапары жана Бусрада динбашы Бахиранын анын соңку пайгамбар экендигин түшүнүүсү**.**

588 Абасы Зубайр менен Йеменге баруусу.

**595** Хазрети Хадичанын соода кербенин башкарып Шамга баруусу**.**

596 Хазрети Хадича менен үйлөнүүсү.

**606** Кааба**-и шарифтин оңдоо иштеринде Хажар-и Асвадды ордуна койуу.**

610 Хира үңкүрүндө алгачкы вахийдин келүүсү.h

**613** Үч жыл бою жашыруун түрдө динге чакыргандан кийин Сафа чокусуна чыгып ачык түрдө Исламга чакырууну баштоосу**.**

615 Мусулмандардын Хабашстанга хижрат кылуулары.

**616** Хазрети Хамзанын мусулман болуусу**.**
Хазрети Омардын мусулман болуусу.

**619** Хазрети Хадича менен Абу Талибдин кайтыш болуусу**.**

620 Миражга чыгуусу.
Биринчи Акаба анты.

**621** Экинчи Акаба анты**.**

622 **Меккеден Мадинага хижрат**.

**623** Бадр согушу жана жеңиши.
Кыбыланын Масжиди Аксадан Кааба-и Муаззамага алмаштырылуусу.
Мечиттин алдына кедейлерди баш калкалатуу үчүн «Суффанын» жасалуусу.
Хазрети Айша менен үйлөнүүсү.

**624** Кызы Хазрети Рукаййанын кайтыш болуусу**.**
Хазрети Фатима менен Хазрети Алинин үйлөнүүсү**.**

625 Ухуд согушу.
Хазрети Хамзанын шейит болуусу.
Хазрети Хасандын туулушу. (Рамазан айында)
Хазрети Хусейндин туулушу. (Шабан айында)
Хазрети Омардын кызы Хазрети Хафсага үйлөнүүсү.

**627** **Хандак согушу.**

628 Худайбийа келишими.
Падышалар менен бийлөөчүлөргө Исламга чакыруу каттарынын жиберилүүсү.
Хайбардын алынуусу.

**629** Мута согушу жана жеңиши**.**

630 Меккенин алынуусу.
Кызы Хазрети Зейнептин кайтыш болуусу.
Баласы Хазрети Ибрахимдин туулуусу.
Баласы Хазрети Ибрахимдин кайтыш болуусу.

**632** **Вада (коштошуу) хутбасы менен жүз миңден ашуун сахабаларына кайрылуусу.**
**Жаннат-ул Баки мазарын зыярат кылуусу.**
**Кайтыш болуусу. (8-июнь, Шейшемби)**

## Колдонулган адабияттар


- **Курани карим**
- **Тафсири Мазхари** – Санауллахи Панипути
- **Тафсири Куртуби** – Имам Куртуби
- **Тафсири Байдави** – Кады Байдави
- **Тафсири Кабир** – Фахруддин Рази
- **Тафсири Хасин** – Алауддин Багдади
- **Рухул Байан** – Исмаил Хаккы Бурсави
- **Сахих Бухари** – Имам Бухари
- **Сахих Муслим** – Имам Муслим
- **Сунани Тирмизи** – Имам Тирмизи
- **Муватта** – Имам Малик
- **Муснад** – Имам Ахмед бин Ханбал
- **Ал-Мужамуссагир** – Имам Табарани
- **Ал-Мусаннаф** – Имам Абдурраззак
- **Ал-Мусаннаф** – Имам инб Аби Шайба
- **Сиратун-Наби** – Ахмед бин Зайни Дахлан
- **Ас-Сийарул-Кабир** – Имам Мухаммед
- **Шархус-Сийарул-кабир** – Имам Сарахси
- **Шифаи Шариф** – Имам Тирмизи
- **Далаилун-Нубувва** – Мавлана Абдуррахман Жами
- **Меарижун-Нубувва котормосу** – Алтыпармак Мухаммед Эфенди
- **Кисаси Анбиа** – Ахмед Жавдат Паша
- **Мирати Каинат** – Нишанжызада Мухаммед Эфенди
- **Мавлиди Шариф (Василатун-нажат)** – Сулейман Челеби
- **Исбатул-Нубувва** – Имам Раббани
- **Мактубати Имам Раббани** – Имам Раббани
- **Мактубати Масумийа** – Мухаммед Масум Фаруки
- **Итикаднама** – Мавлана Халиди Багдади
- **Ихйа-у улумид-дин** – Имам Газали
- **Кимйа-и Саадат** – Имам Газали
- **Ат-Табакатул-Кубра** – Абдулваххаб Шарани
- **Тарихул-Ислам** – Имам Захаби